

# Жоомарт Бөкөнбаев

## Тандалган чыгармалар



2010
2017
С копр
Б 86

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН
2200 ЖЫЛДЫГЫНА

# *Жоомарт Бөкөнбаев*

## Тандалган чыгармалар

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43868

БИШКЕК
2003

ББК 84 Ки 7-5
Б–86

**Редакциялык коллегия:**

Жигитов С., *башкы редактору*
Аскаров Т.
Эралиев С.
Борбугулов М.
Султанов О.
Өмүрканов А.
Бөкөнбаев К.

Түзүүчүлөр: *С. Ишенов, О. Сооронов*

Б–86 **Бөкөнбаев Ж.**
**Тандалган чыгармалар** / Түз.: С. Ишенов, О. Сооронов. — Б.: Сүрөт-Басма-Салону, ЖЧК, 2003. — 544 б.

ISBN 9967-21-853-3

«Тандалган чыгармаларга» кирген ырлар,поэмалар автордун көзү тирүүсүндө жарык көргөн китептерине, кол жазмаларына салыштырылып такталды жана кийинки басылыштарында түшүп калган саптары кайрадан киргизилди. Автордун айрым котормолору, драмалык жана прозалык тексттери берилди. Жоомарттын күндөлүктөрү жана ага жазылган каттар, эскерүүлөр да бул китептен орун алды.

Китеп окурмандардын кеңири катмарына сунушталат.

Б 4702300200-03 ББК 84 Ки 7-5

ISBN 9967-21-853-3 © Сүрөт-Басма-Салону, ЖЧК, 2003

## ЖАЛЫН ЖҮРӨК АКЫН

Адабият — бул кылымдар катмарынан бүгүнкү күнгө келген рух дүйнөсү. Ал турмушту жана андагы түркүн түстүү көрүнүш-кубулуштарды жай адамдан башкача, поэтикалык көрүү жана кабыл алуу менен көркөм чагылдыруу аркылуу адамдардын ички ой-сезимин, жан дүйнөсүн аземдентип, толкундантып турчу, өзүнчө бир курсанттык жарык берип, шыктандыруучу күч. Бул жашоодогу баалуулукту, сулуулукту, дүйнөнүн кайталангыстыгын жана да тынымсыз өзгөрүлгүчтүгүн астейдил эскертип, адам баласынын ой-акыл деңгээлине, кыял-сезимине кошулчу кымбат азык. Ошондуктан, адабият кылымдар бою адам баласынын үзөңгү жолдошу, кеңешчиси болуп келген жана болуп кала бермекчи. Анда кылымдар менен кылымдардын, муундар менен муундардын түздөн-түз байланышы жатат. Адабияттын ушундай асыл касиети, улуу миссиясына шайкеш келген Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу күчтүү таланттарды улам кайталап берип отуруп, элдин кун жеткис руханий дөөлөтү катары, көркөм сөз касиети ар качан өз деңгээл-бийиктигинде, кебелбестен турмушуна мезгил өзү кам көрөт турбайбы.

Жоомарт акын чынында эле көркөм сөз өнөрүнүн жогорудагыдай абройлуу милдет-озуйпасын актап, өрт жүрөгү, ыйык абийири менен эл-жерге, доорго татыктуу ак кызмат өтөп кеткен нукура калемгер, чоң сүрөткер. Ал чү дегенден эле адабият асманына жарк этип чыгып, бул жарыктагы жашоо кереметин, дүйнө коодугун, мезгил үнүн, «Акын жаңы коомдун соавтору болуу керек» деп, өзү ураанын чакырган жаңы коомду куруу шаңын табийгый, күчтүү эмоциялык эргүү менен ырдап, даңазалап өттү. Муну менен бирге ал окурман калкынын жүрөгүнө өчпөс из, түгөнбөгөн жол салып кетти. Андыктан акын менен анын окурмандарынын сүйүүсү дайыма жаш жана жаңы бойдон, мезгил ашып жашай берери шексиз.

> Черткин күүнү, черткин күүнү, жүрөгүм,
> Талабыма талпындырган тирегим.
> Кайрат байлап, жалтак болбой, эл үчүн,
> От болсо да кечкин, сууну жирегин!
>
> *(«Жүрөк күү», 1929-ж.)*

Ооба, Жоомарт ошондой октору ла ташып аккан жазгы дайрадай, оргуштап бийик атылган фонтандай, ченемсиз агылтөгүл акын эле.

Акындыкты эч ким окуп үйрөнбөйт. Ал адам баласына табияттан тартууланчу көөнөрбөс, кунсуз белек экен. Муну менен бирге ал акынды түн уйкусунан бездирип, бүт эркин ээлеп, жанына жай таптырбай жан алакетке салчу азаптуу да, талаптуу да кесип! Бирок акын ал азапка муңбайт, оюндагыдай чыккан кур дегенде төрт сап ырынын кубаныч-сүрөөсү үчүн деле анын баарына кайыл. Ал эми Жоомарт Бөкөнбаевдин бардык жанрларды камтыган поэтикалык кенч-мүлкүндө окурман сезимине терең орноп, элдин руханий өсүшүнө кызмат кылчу, элге зарыл, аны менен бирге акындын өзүнө да нечен ирет чыгармачылык кубанычтын даамын таттырган жана акырында ага түбөлүк сүймөнчүлүк, сый-урмат апкелген ырлар канча!

Акындар жерге бүтөт дешет. Эгер ошол ырас болсо, анда Жоомарт анык туулган жердин кулуну. Анын кайсы ырын окусаң да жанга кымбат кыргыз жергесинин сүйкүм элеси көз алдыңа кооз картинадай тартыла калат. Жыйган жүктөй кат-кат тизилген сары аскалар, ак жибектей булайып, каалгып жай жылган булуттар, бирине-бири учкашкандай асман тиреген тоолор, алардын койнун аралап эркин аккан сергилең күмүш булактар, жайылган тукабадай жашыл тулаңдар же капчыгай жарып аркырап аккан дайралар, жайкалган эгин талаалары — мына Жоомарттын кыял-жоругун эргитип, табийгый шыгын арттырып, дем кошуп ырга салдырган кереметтер.

Калтардай түр кийинген көк ыраңы,
Буралган бетегеси, чөп тулаңы.
Самсаалап ар жылгадан ыргып чыгат,
Седептей чагылышкан миң булагы.

Оргуштап тең ортодон агат суусу,
Берметтей көбүк көлкүп, атып буусу.
Учкан куш, жайылган мал, жүргөн адам,
Шаттанат, жадырашат, чыгып чуусу.

*(«Арым», 1930-ж.).*

Ырчылар менен беттешкенде эле «айтышам» деп турчу, жүрөгүндө карасы жок Эшмамбет, «Акбакайдай» уккандын жүрөгүн элжиреткен күйгөн ыр-күүлөрдү урпактарга калтырган Коргоол, тоо булбулу аталган Токтогулдар бет чайыган Керметоонун шыңгыр доош булактары, алар жүргөн-өскөн Кетментөбөнүн кооз жайлоолору сыяктуу ажайып жерлер анан кантип Жоомартка да өз таасирин, өз боекторун кошпосун!

Жоомарт Бөкөнбаев 1910-жылы Кетментөбө өрөөнүндөгү Мазарсай деген айылда төрөлгөн. 1924-жылы балдар үйүнө келип, анда 1926-жылга чейин болгон. 1931-жылы педтехникумду бүтүрүп «Кызыл Кыргызстан» газетасында бөлүм башчы болуп иштейт. 1933—1935-жылдардын аралыгында Коммунисттик журналистика институтун Москвада бүтүргөндөн кийин, алгач «Ленинчил жаш» газетасынын редактору, анан «Советтик Кыргызстан» адабий-көркөм журналынын редактору болуп дайындалат.

1927-жылы Ош газетасында анын «Жер алган кедейлерге» деген алгачкы ыры жарык көргөн. Ыр, ошол кездеги кыргыз элинин турмушундагы даңктуу окуялардын бири – Жер-суу реформасына арналган болчу.

Жаңы турмуштун жарчысы катары акын мындай көрүнүштөрдү, алардын маанисин, идеяларын, жалпы элдик жигерди, эркин эмгек шаңын, өзүнүн акындык күчтүү сезимине айкалыштырып, жалындай куйуп патетикалык тондо сүрөттөп, даңазалап, тынымсыз күүгө салды. Ал замандын духун, күч-кубатын, мезгил жүгүн өзүндө ала жүргөн мээнеткеч акын болчу. Ошондуктан, анын күчтүү динамикалуу, өзүнүн мүнөзүндөй шар жана курч ырларынан мезгилдин деми, илеби, өң-түсү көзгө дапдаана көрүнүп, кулакка угулуп тургансыйт. Жоомарттын чыгармалары ошол кездин бүтүндөй турмушун, маданиятын көз алдыга тарткан өзүнчө бир доор сыяктуу болду. Акындын бул эрдигин чындыкты чагылдыруудагы поэтикалык ойлордун кыйырсыз талаасында чабыттаган чалгындоочу катары белгилесе да болор эле. Анткени, ой деген кенч эмеспи, аңтар, изде, олжосуз калбайсың. Поэзиянын табияты деле жаңы ой, жаңы образдарды ачууда.

Жоомарт — лирик акын. А лирика деген эмне? Адамдын ички сезим кубулушун ырга айлантуу, же акындын өзүнө гана тиешелүү «Мен» деген дүйнөсү, көңүл көлкүткөн сөз формасы, ички монологу. Лирика ичке, назик, жумшак жана өтө ийкемдүү поэзия жанрынын мөлтүр булагы. Кыргыз поэзиясы лирика менен айрыкча сүйкүмдүү жана уккулуктуу. Өмүр, өлүм, сүйүү, кызгануу, суктануу, жаратылыш көркү ж. б. — ушунун баарын лирика гана сезимге тийгизе айтып, адам жүрөгүнө жеткире алат.

Жалбыздын жыты буруксуп,
Жаныңа жыпар чачкандай,
Торгойлор тынбай таңшышат,
Токтогул күүсүн тарткандай.
Кыналат гүлгө көпөлөк,
Кыз менен жигит жаткандай.

*(«Жайдын кечи», 1939-ж.)*

Бул Жоомарттын курсанттык лирикасы. Ал өзүнүн жан терметкен суктандыргыч лирикасы менен да кыргыз поэзиясына зор салым кошту. Анын кыргыз жанрынын рухуна, кыргыз жаратылышына арналган, күчтүү эмоцияга чыйратылган, көңүлгө толумдуу ыр-поэмалары, драмалары бөтөнчө жагымдуу жана эстетикалык рахат тартуулайт. Аларды ар тараптан байкап карасаң: биринчиден, аңдагы ойлуулукка, экинчиден, сыдыргыга салгандай жатыктыгына жана философиялык мазмунуна, акырында көркөмдүк татымдуулугуна таң бересиң. Адабиятка талаптанып жүргөндө биз да Жоомарт менен Алыкулга көп тартылчубуз жана алардын көңүл көшүлткөн ырларынан поэзиянын керемет сырларын түшүнүүгө, өздөштүрүүгө аракеттенчүбүз.

Жоомарт Атажуртка жан-дили менен берилген чоң патриот акын болгон. Улуу Ата Мекендик согуш башталган күндөн тартып эле ал өрттөй алоолонгон ырларын жазып, бардык мекендештерди каардуу душманга каршы күрөшкө чакырган.

Дүйнө жүзүн өрт алып,
Кара жалын каптады.
Кыяндай жүрдү шыркырап,
Кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө,
Уяттан уят эмеспи,
Уулуңдун үйдө жатканы.

*(«Кош, Алатоо, уулуң кетти майданга», 1942-ж.)*

Анын «Саламы ушул Сайранын», «Балаңар жазат алыстан», «Антым», «Жүрөгүм менин кызыл туу», «Ажал менен Ар-намыс», «Шумкар ыры», «Акыркы саатта» ж. б. патриоттук сезимге толгон ырлары элге кеңири тарап, өз кезинде эл ичинде ооздон түшпөй окулуп да, ырдалып да жүргөн.

Акындын эске алына турган дагы бир олуттуу өзгөчөлүгү: кыргыз адабиятынын төл башы — улуу Токтогулду мынчалык бийик деңгээлге көтөргөндөрдүн бири да Жоомарт болгону эч кимге талашсыз. Токтогул жөнүндөгү бир эскерүүсүндө акын өзү минтип жазат: «Төрт жыл убагымды Токтогулдун ырларын жыйнап, аны басмага даярдап жана чыгарууга, анын жетимиш беш жылдыгына байланыштуу юбилейлик тоюна көрүлгөн камылгаларга жумшадым». Баса десең, чыгармачыл адам үчүн төрт жыл деген убакыт аз эмес да!

Акындын көзү өткөнүнө көп эле жылдар болду. Бирок мезгилдин өктөмдүгүнө анчалык моюн сунбай, кыргыз адабиятынын негиз салуучуларынан болгон асыл агабыз Жоомарттын ырлары жашап, иштеп жана күрөшүп да келе жатат. Өлбөстүктүн бир белгиси мына ушунда эмеспи.

*Сүйүнбай ЭРАЛИЕВ*

## ЭМГЕК

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек,
Түрдөнтүп албан-албан жердин бетин,
Килемди, бачайыны жапкан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шертин,
Берметти безелентип таккан эмгек.

Жалпыны жадыратып берген эмгек,
Жер сырын бир казанга терген эмгек,
Жаңыртып куу турмушту башка түргө,
Эскини энтелетип керген эмгек.
Шакылдап түмөндөгөн кайрат менен,
Душманын как жүрөккө челген эмгек.

Жемишти жер бетине сепкен эмгек,
Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек,
Балбылдап көк деңизде күлүмсүрөп
Кучактап күндүн нуру өпкөн эмгек.
Козголбой ичин сылап жөн жаткандын
Чубалтып ичегисин тепкен эмгек.

Мөрөйдү өз колуна алган эмгек,
Цементтеп кетер жолун салган эмгек
Жагылып, караңгыга жалынданып,
Балбылдап чырак болуп жанган эмгек.
Сайган бак, сепкен эгин жана башка
Көкөлөп эмгек менен өсүп өнмөк.

*1929-жыл.*

## ТОЛКУНГА МИНСЕМ
**(Жүрөккө)**

Таркады уусу жыландын,
Таралды түнү тумандын,
Тайраңдадым эркелеп,
Жаңынын сүйүп кыл алдын.
Шаңшып ырдап сайрадым,
Жаңылыкка кубандым...

Күүлөсөм булбул тилимди,
Көгөртөм эмгек гүлүмдү,
Кокойдон кетип кайгы чер,
Келе албасы билинди,
Эркин талаа жол менен
Эрке көңүл жүгүрдү.

*1931-жыл.*

## АЛГЫЛА АЛТЫН БИЛИМДИ

Эпке көнбөй калтаңдап,
Карандашты бек кармап,
Тайтаң-буйтаң буйталап,
Жазып жатат беш бармак.

Өйрүң-сөйрүң чиймелеп,
Өзү-өзүнө сүйлөнөт,
Окуу десе, ынтылып
Абам билим үйрөнөт.

Карс-карс күлүп каткырып,
Ачып көңүл шат кылып,
Окуу-билим жыргалын
Көкүрөккө жат кылып!

Сезимдер жандуу тирилди,
Жүрөктүн даты күбүлдү,
Эмгектин досу абамдар,
Алгыла алтын билимди!

*1931-ж.*

## МИНГЕНИМ УЧКУЛ БУУДАН АТ

Жайнаган жашыл мейкиндик,
Койнунда биз да желпиндик,
Мингеним учкул буудан ат,
Элирет кайнап эркиндик.

Өстүрүп шилеп талапты,
Жан жакка буруп каратты,
Зымыраган чоюн жол,
Сойлоп поезд баратты.

Терметип чексиз кыялды,
Тениме шаттык кыналды,
Ой кетти көккө сермелип,
Аралай учуп тumanды.

Көргөндө талбас бууданды,
Алыстап душман ууланды.
Ансайын коңул чарк уруп,
Жаш талант толкуп чыңдалды!

Бууданы жаңы замандын,
Аралап тоо-таш бара алдың.
Эмгектин жүгүн ташуулап,
Сары алтын сансыз мал алдың.

Барабыз жолду тууралап,
Машина толуп бууланат,
Мен келем майдан копушка
Мингеним — учкул буудан ат.

*1931-ж.*

## МЕН ӨЗГӨРӨМ

I

Мына бүгүн Тяншандан жөнөдүм,
Үйрөнүүгө Москванын өнөрүн.
Керметоолук боорлорум, аман бол,
Өзгөрөмүн,
Мен тентегиң өсөрмүн!
Өсүп,
        Өнүп,
                Өмүр туусу кылдды,
                        Өнөр менен
Кайра жасап келермин!
Казылбаган
Капастагы калың кен,
Калың кенден
Дагы казып берермин!
Ай, Тяншань!
Мен күнөлүү эмесмин,
Эрте келип,
Алдын албай өнөрдүн,
Эчен жылдай
Колтугуңан чыгарбай,
Карагаттай
Камын сыктың өмүрдүн...
Ойноп жүрүп
Тулпар кылып чыбыктан,

Ойрондогон,
Ошол мени
Куруткан!
Ойлоп табар
Инженердей болалбай,
Кур калыпмын
Билим деген ырыстан.

Дагын кайрат
Чымырканып көрөрмүн,
Дагын алдан
Далайларын билермин!
Бирок кайран
Кырчын күндөр алыстап,
Басыптырмын
Жарым жолун өмүрдүн.
Ай, түгөнгүр,
Он бешимде кез келип,
Түбүн казсам
Алтын өнөр билимдин!

II

Ой, Тяншань
Куттуктасаң,
Карасаң!
Өнөр билип
Өзгөрүүгө баратам,
Сенден алган
Көр турмуштун сабагын.
Жаркын билим,
Өнөр менен сабатам!
Болбосом да
Тоо аңтарар инженер,
Чебер болуп
Талантымды таратам!

Жайкы кайың
Бутагындай ийилген,
Жашыл макмал
Жарашыгын кийинген,
Солкулдаган
Жаш таланты ий кылып,
Өлсөм дагы
Чыгарбасмын чийинден.

Ленинизм
Күрөштөрүн үйрөнүп,
Шорголотуп
Бал сыгармын тилимден!..
Өзгөрөрмүн,
Мен жайдары
Өнөрмүн,
Өзгөрөрмүн
Өткүр курал билимден.

III

Бир кезекте
Тоо башында чоорчон,
Бутта чарык,
Калдыраган куур тон.
Улар менен
Бир ышкырып,
Бир жүрүп,
Күкүк менен
Бирге сайрап,
Бир күлүп.
Ушул таман
Ошол кезде сыздаган,
Кан зирилдеп
Тоо ташына тилдирип.
Ал чактагы
Туман турмуш кайгысын,
Алган жүрөк
Толтосуна сиңдирип.
Өзгөрөрмүн
Жаңы кыял,
Күч байлап,
Ал кайгыны
Билим менен бүлдүрүп.

«Оройсуң!» деп
Далай курбум айтканын,
Ачар кезим
Алтын акыл капкагын!
Мен өзгөрөм,
Акын курбум, өзгөрөм,
Сен да өзгөрүп,
Эскиликти таштагын!
Кантип угам
Кабактарым тырышпай,

Бай балдары
Мещандардын айтканын
Күбүр-шыбыр
Ууру мышык көздөнүп
Ал айтканы —
Ушактары башканын
Мен эркеси
Жаңы заман элимдин,
Мен жайдары,
Шайыр боло баштадым.
Толкун кыял
Балалыктын тентегин,
Сар талаанын
Кумдарына таштадым.

IV

Мен — большевик
Киргили жок,
Киргили жок туп-тунук,
Ошондуктан
Тап душмандар
Оптолушат умтулуп.
Колдо мөрөй,
Өмүрлүккө
Жибербесмин уттуруп!

Мен жайдары,
Пролетардын
«Балкасынан»*
Жаралган.
Мен өзгөрөм,
Тяншандай
Гигант куруп калаамдан.

V

Эсиңдедир,
Акын курбум,
Бизди «күчүк» дегени,
Дагы далай
«Аттар» коюп,
Дагын нелер дебеди.

---

* «Балка» — Аалы Токомбаевдин ылакап аты (псевдоними).

Ал ансайын
Бүр байлады
Жаңы заман тереги.
Ал терекке
Биз коnолу,
Кооз үндөр берели,
Күү чалабыз,
Бийлей-бийлей
Өзгөрөлү,
Өсүп,
Орчуп,
Өнөлү!

*1933 ж.*

## КЫЯЛЫМ БИР КҮН ЧЫН БОЛОР

Күн боюнча шарактаган
Шаар жаткан, тынчыган.
Он толгонуп кирпик какпай,
Ойлор калың курчаган.

Тоо суусундай атылат
Чар тарабын чапчылап,
Жаш жүрөгү неге жапат
Бир арманы барчылап?
Тер шорголоп ойго батат,
Ойдун жүгүн артынат.
Бир кезекте уйку басып
Келген кезде алсырап,
Керме тоонун келбеттери
Сүрөт болуп
Көз алдыма тартылат...
Коксоп жүргөн ээн тоонун
Көркөмдүгү артылат,
Келечектин келбеттери
Шаттандырат, мас кылат.
Шаан-шөкөт тоого толор,
Жарык күйүп шам чырак!
Өнөр үчүн көп зарыгып
Өксүп жүргөн баламын,
Көз көрбөгөн далайларды
Көксөп кыялданамын:
...Ээн жылга капчыгайга,
Катар шаар салармын.
Тоолук кыраан карчыгадай
Кайкып учуп барармын.

Көкмерен, Суусамырдын
Көп сууларын бурармын.
Днепрдей электрдин
Стансасын курармын,
Таң алдында сайрап жаткан
Күкүк, булбул улардын
Таң алдында таттуу үнүн
Талыкпастан угармын.
Тоскоол тоону түз кылармын,
Уурт-бетин жырармын.

«Түү, эски!» деп түкүрөрмүн,
Тоо жаңырта күлөрмүн.
Керме тоонун жылгасынан,
Трамвайга минермин.
Жапай жаткан заңгел тоонун
Жаактарын тилермин.

Көз жетпеген сары асканын
Күкүм кылып таштарын,
Айдай даңгыр жол кыларбыз,
Алатоонун асманын.
Тектир-тектир белестерден
Термелерсиң жаш кайың!
Тентек уул өнөр билер
Кубандырып жаш жарын,
Куудул куюн тарап турар
Кундуз кара чачтарын,
Келин-кыздар оюн кылар
Керме тоонун бактарын.

Тойпоңдогон кара балдар
Топтуу өнөргө малынар...
Жер-асманды кайра түзөр,
Чебер колдор табылар
Карындаштар эндик эмес,
Кайрат түрүн жагынар.
Какшып турган ээн жерге
Катар шаар салынар...
Салбыраган туурдугуң,
Шалдыраган керегең,
Аска, чыбыр ашуулардан
Артып жүргөн эл элең.
Ал керегең ак тамдардын
Айнегине алмашар,
Туурдугуң топон болор,

Тоо шамалы айдашар,
Торгой-булбул үндөрүндөй
Толгон күүлөр сайрашар.
Жердин бетин абат кылар
Жемиш бүтүп кап-катар,
Ал акындын кыялдары
«Чын чыкты» деп мактшашар.

*1935-ж.*

## ЭГЕРДЕ ЭЛИМ ТОЛКУСА

**(Чоң Чүй каналынын казылышына арналган)**

Эңилчек баскан, кум баскан,
Эзелден кайгы, муң баскан,
Толкунун көрбөй дайранын
Томсорун талаа тим жаткан —
Эгерде элим толкуса,
Эрме чөл бетин гүл баскан.
Камгактан башка чыкпаган,
Каргадан башка учпаган,
Какыр чөл майдан көк болсун
Кадимден жемиш бышпаган.
Күжүрмөн элим киришсе
Күч болобу жыкпаган!

Кайраты тоону силкинткен
Каптаган сел го эл деген.
Дайраны буруп байлайлы
Табигый күчкө көнбөгөн.
Жадырап жерим кубансын
Жайкалып эгин өнбөгөн.

Толкунда элим, толкунда
Томкоруп тоонун аскасын,
«Ыракмат кыргыз эли» деп
Сталин бизди мактасын.

Канчалык жумуш болсо да
Каржалбай туруп бүтүргөн,
Мөгдөгөн кургак мейкинге
Мөңгүнүн суусун ичирген,
Кара жер казып каңтарган
Кагылам, элим, күчүңдөн...

*1941-жыл.*

## САЛАМЫ УШУЛ САЙРАНЫН

Сүйүшүп жүрүп кезиккен,
Жүрөктүн сырын чечишкен,
Жанымдай көргөн жарымсың
Жанаша гүлдөй өсүшкөн.
Ордуңду бир күн жоготпой
Комбайн миндим тылдагы,
Жеңишин тилейт ишиңдин
Жергелүү журтуң мындагы.

Белиңди бекем бубарсың,
Беттешкен жоону кубарсың.
«Береним намыс алды» деп
Бейпилде элиң кубансын.

«Бали» деп дүйнө кубанып
Мактасын балдар силерди,
Фашисттик өтүк баспасын
Макмалдай гүлдүү шиберди.

Сагынып жүргөн жаш жарың
Саламы ушул Сайранын:
Көпкөлөң душман ичпесин
Көгүлтүр суусун дайранын.

*1941-ж.*

## КОШ, АЛАТОО, УУЛУҢ КЕТТИ МАЙДАНГА!

Дүйнөнүн жүзүн өрт алып
Кара жалын каптады.
Кыяндай жүрөт шаркырап
Кызыл кандын акканы.
Ушундай апаат күндөрдө
Уяттан уят эмеспи
Уулуңдун үйдө жатканы.

«Айланам, коркок болбо» деп
Айтканын эстейм энемин.
Ай чапчып суудай толкуган
Артымда калкым турганда,
Айыгышкан жоону жеңемин.
Барыктап багып өстүргөн
Балаңдын сына онөрүн.

Жеримдин бетин булгатпай
Желмогуз канын төгөмүн.

Кулжалар оттоп семирген
Кулпунган гүлү төрүмдүн,
Колоттон суун шаркырап
Комузу болгон көңүлдүн.
Асмандап эркин ылаачын
Ардагы болгон көлүмдүн.
Көркөмдүү жерим сактоого
Куралды колдон таштабай
Курманы болом элимдин!

Атылып тоодон секирген
Булагың эстеп жүрөрмүн.
Таң менен шаңшып ышкырган
Уларын эстеп жүрөрмүн.
Аскадан аркар көтөргөн
Кыраанын эстеп жүрөрмүн.
Чымчыктар сайрап отурган
Чынарын эстеп жүрөрмүн.

Суусунга балдай татыган
Сууларын кетпес көңүлдөн,
Көйнөгүм чечип, көполөк
Кууганым кетпес көңүлдөн,
Туткалуу кыргыз ак калпак
Тууганым кетпес көңүлдөн.

Эселек кезден торолтуп
Эсиңде жүрдүм, мен дедиң.
Энекем сенсиң, Алатоо,
Эмчегиң соруп эмгемин,
Жашымдан көөнүм шат болуп,
Жалтанбай жүрүп көнгөмүн.
Өлүмдөн жаман эмеспи
Өч албай кайра келгеним.

Байлоосу жакшы келишсе,
Байгеде ар ат чыга алат.
Элине бүлүк түшкөндө
Эр жигит шондо сыналат.
Кедери элдин кетпейби
Кек албай калса кубалап.
Кагылам журтум, ишенгин
Кара туткан балаңар



2*

Кармашкан жоосун жыга алат.
Аман кал, калкым, аман кал,
Айлыңда чардап жүргөмүн.
Аралап, терип чоңойгом
Адырдын жашыл гүлдөрүн.
Сел алса кетпес эсимден
Селкилер менен каткырып
Селкинчек тепкен күндөрүм.

Байлыгы суудай ташыган
Бактыга баткан жеримсиң.
Секетиң болуп жаш жаным
Сен үчүн каным төгүлсүн,
Балбылдап сары жылдыздай
Майданда уулуң көрүнсүн.
Курманы болсом мейличи,
Курдаштар сүрчү өмүрдү...

Жартыны бөлүп бир жешкен,
Жан, каныбыз бир дешкен,
Жарым менен коштошом.
Бакылаш курбу замандаш,
Баарың менен коштошом.
Дүйнөдөн каргап жоготкун
Душмандын жолун тоспосом!

Тепкедей чактан өстүргөн,
Тентектик кылсам кечирген
Агалар аман калгыла!
Кыянат ишке баспаган,
Кылчайып жоодон качпаган
Абалар менен калгыла!

Эрлерге сүтүн эмизген
Энелер аман калгыла!
Эмгектен жүзү албырган
Жеңелер аман калгыла!
Эркеси болгон адамдын,
Ээлери жыргал замандын
Мөмөлөр аман калгыла!

Сактоого кетип баратам,
Садагам, элим, жыргалым,
Салкындап суун ичемин
Сарымсак терген жылганын,
Турумтай куштай талпынып

Турмуштун көркүн ырдадым.
Угарсың элим шаңданып,
Уулуңдун жоону кырганын.

Айдаткан күлүк каламды
Алмаштым найза курчуна.
Кеткемин кандуу сапарга
Керегим тийип журтума,
Абалдан келген парк ушул
Азамат шундай кылчу да!
Кыйындык келсе чыдоого
Кызматың үчүн жаралган.
Элинин болуу курманы
Эр жигит парзы абалдан.
«Кайрылып жоодон качат» деп
Кам санай көрбө балаңдан.

Көгөрүп жаткан Ысыккөл
Көркүсүң жердин билгенге.
Жел менен ойноп турчу элең
Жээгиңди бойлоп жүргөндө,
Толкунуңдай болоюн,
Толгонуп жоого тийгенде.

Эрибей моңгу жаркырап,
Эзелден жаткан жерде өстүм,
Санаасыз көңүл кубанып
Сайрандап салкын жерде өстүм,
Кордукту салып душманга
Колумдан намыс бербесмин!

*1942-ж.*

## ТАПШЫРДЫ КАЛКЫМ, ТУУҢДУ

**(Боецтин айтканы)**

*Энский дивизияга Кыргыз өкмөтүнүн туусу тапшырылышына арнап.*

Айыгышкан жоону чабууга
Арнадың бактың уулду
«Таалайды корго, балам» деп
Тапшырдың, калкым, тууңду!

Асманда эркин бүркүттөй
Айбыкпас болуп багылган,
Арнап берген бул тууну

Артыкча сактайм жанымдан!
Кыргында байрак желпинер
Кыпкызыл нуру чачырап,
«Кыргыздын туусу жеңди» деп
Кыйлага даңкы жазылат!

Айланам, журтум, ыракмат
Ардактуу берген белегиң,
Жеримдин бетин тепсетпей
Желдетти жеңип келемин!

Жарданып калкы кубаттайт
Жаштары жоого баратса,
Кармайбыз тууну жаркылдап
Кадимки өткөн Манасча.

*1942-ж.*

## КЫЛЫГЫН ЭСТЕЙМ ЖАРЫМДЫН

Алыска сапар мен кетип,
Ардагым, калдың муңайып,
Көөнүмө салып кайгыны
Көзүңдөн жашың кылайып.
Багымда жыттуу гүл элең
Бактыга бүткөн ылайык.

Кан кечип кызыл кыргында
Калк үчүн талбай жүрөмүн,
Кар баскан калың токойдо
Канча жол жалгыз түнөдүм,
Санаадан кетпей жоругуң,
Сагынды сени жүрөгүм.

Айлуу түн, өзүң жанымда
Басканың кетпейт көңүлдөн,
Артылып колуң мойнума
Жатканың кетпейт көңүлдөн.
Бактылуу күлкү, оюнга
Батканым кетпейт көңүлдөн.

Жибектей назик созулган
Жигиттин көркү жар менен,
Айчылык кетсе көрүнбөй
Азапты чегет зар менен,
Жартысы сенсиң жүрөктүн

Жанаша бүткөн жан менен.
Капамды жазып каткырып
Күлгөнүңдү сагындым,
Күүгүмгө чейин гүл терген
Күндөрүмдү сагындым,
Кыргында — канда жүрсөм да,
Кылыгын эстейм жарымдын.

Кыска түндө татты уйкум
Кырк бөлүнөт сен десем,
Чабытка чыккан туйгундай
Чабуулга эртең мен кетем,
Канткенде карайм бетиңди
Касташкан жоону жеңбесем!

Алыстан салсам, үн жетпейт,
Айнегим, сени санадым,
Жанымда жүрөт сүрөтүң
Жалбарып көпкө карадым.
Дууласын калкым сайрандап
Душманды жеңип барамын!

*1943-ж.*

## ӨМҮР

Санап, санап эсептесем өмүрдү,
Өткөн өмүр балдан ширин көрүндү.
Жел жетпеген желмаяндай мал минип,
Жетип кууп, жеңер белем өлүмдү!

Күүгүм кирип, күн батканын койсочу,
Саат жылып баратканын койсочу,
Оюн, күлкү салтанатка жарашкан,
Өмүр шагы бүрүн какпас болсочу.

*1935-ж.*

## ЭРТЕҢ
**(31-декабрдын түнүндө)**

Эртең мына жыл жаңырат, өзгөрөт,
Кайран жаштык дагы бир жыл эскирет.
Жыйырма беш, жаштык кезим алыстап
Кайда кеттиң, таппай калдым темселеп?

Азыр, мына, жыйырма беш жаштамын,
Бүгүн түнү жыйырма алтыга басамын.
Эртең эрте тура калсам, өмүрдүн
Далайларын арт жагыма таштайым...

Ойло, жигит, өмүр соккон шамалбы
Аткан октой көрсөтпөгөн караанды?
Он сегизден өтпөс кылып өмүрдү,
Өнөр чиркин, табар белең амалды!..

*1935-ж.*

## ЭНЕМДИН МҮРЗӨСҮ

Эзелден ээн жаткан эски мүрзө,
Эзилип топурагы кеткен күнгө
«Айнегим, ардагым» деп эркелеткен
Апаке, баш көтөрчү, балаң келди!...

Үстүндө чым аралаш боз топурак...
Үшкүрдүм, көздөрүмдөн жаш тамчылап.
Жашымда көпөлөктү кууган жерим
Кайгымды бөлүшкөндөй карап турат.

*1938 ж.*

## ТУУЛГАН ЖЕРДИ КӨРГӨНДӨ

Ушул аска бешиги эле өмүрдүн,
Ушул дайра дабасы эле көңүлдүн.
Берки кайың, берки бутак, карагай
Эстен кетпес белгиси эле кегимдин.

Ойноп-күлбөй балалыкты кечирген,
Ойноп-күлбөй зар-кайгыда жетилген
Балаң келди. Аманбы, жер, баш көтөр
Балаң келди — кечээ күнкү жетимчең.

Амансыгбы, эркелетер сар аскам,
Муң айт ышып мен жетимге жарашкан.
Балаң келди, ырда катуу, үнгө сал,
Кулак алып жер-дүнүйө карашсын.

Сен эм еге томсоросуң, капчыгай
Эске алып, бир тереӊ сыр айтчудай?
Бир кезекте кучагыңда ыйладым,
Көздөн жашым тоголонду тамчыдай.

Эми, мына, ыйлабайын, күлөйүн,
Эркин турмуш, эркин өмүр сүрөйүн.
Эске салып муңайбачы, капчыгай,
Эстен чыккан шум замандын үрөйүн.

*1938-ж.*

## БИР КЕЗДЕ

Бир кезде мен да жүрдүм болуп туткун,
Зар каптап көкүрөктү, кайгы жуттум.
Каарынан кан канжарым, үнүм көктө
Кайраган уу канжарым залим кыштын.

Жаз мезгил кирген суудай каным ташты,
Көп ашып турмуш белин көрдүм запкы.
Конбосоң айтканыма башты чайкап,
Көрсөтөм жонумдагы түшкөн такты.

Ышкырды аяз чапчып, туман каптап,
Боздодум дат айталбай тишим шак-шак.
Чок түшкөн жүрөк жара, көзүм шоро,
Тунарткан айнек көздү мунарыктап.

Курчаган сары көздү мунарыктап,
Кубарып тоо башында күндөп-түндөп.
Салсам да тоо башында муңдуу дабыш,
Салбады душман кулак алда ким деп.

Шорголоп кызыл шүйшүн бутум тилик!
Балтайып ириңдеген тикен кирип:
Арытып капчыгайдын адыр-кырын,
Арыштап, алдастанып, болдум күлүк.

Зар чалып кылдым эрмек жалгыз комуз,
Комузга түгөй кылдым муңдуу добуш.
Жаңыртып сары асканы турган тынчып,
Жар салдым: «Зарга сен да жолдош болуш».

Бир кезде ушул башым түшкөн көлгө,
Кулачтап, кээде чулуп толкун көлдө,
Кучактап алып чыгып ошол көлдөн,
Жеткирди эр большевик сонун жерге.

## АККУУНУН УЧУШУ

Кыргыйек куштай зыпылдап,
Кыялым учуп жөнөчү!
Толкунду жиреп баратат
Тоо көлдүн сулуу кемеси.

Ак булут жокто көгөргөн
Асман да тең, көл да тең,
Ээлигип көңүл сүйүнөт
Эркелеп соккон жел менен.

Түнөрүп тоолор көрүнөт
Түркүгүндөй өлкөнүн,
Башынан мөңгү жаркырайт
Маңдайындай селкинин.

Төбөдөн нуру жаркырап
Сөөлөткө толгон чар тарап.
Кубандырып жаныңды
Куркулдап ак куу айланат.

Канаты күнгө чагылып
Учканын кара ак куунун,
Кадимки Чүрөк кептенип
Сызганын кара ак куунун.

Кызыктырат адамды
Ак алтындай жүндөрүң.
Кыргыздан баатыр издеген
Айчүрөк болуп жүрбөгүн?

Алыс сапар кыйноо жол
Басып келип жүрбөгүн?
Аламын десе бир душман
Качып келип жүрбөгүн?

Айланбай, ак куу, сырыңды айт,
Азапка башың урунбайт,

Чарчасаң көлгө коно бер,
Чачыкей сага жулунбайт.

Издеп келсең баатырды
Тандап таап аласың.
Куудурбастан шумкарын,
Кошо ээрчите барасың.

Самаган жерге жеткирер
Канаты бар кыргыздын,
Ак шумкардай эргиген
Адаты бар кыргыздын.

Калың жоосун кыйратар
Куралы бар кыргыздын,
Качырганын кайсаган
Тынары бар кыргыздын.

Өмүрүңдү жыргатар
Турагы бар кыргыздын,
Түбөлүккө өчпөгөн
Чырагы бар кыргыздын.

Кайрылгын, ак куу, кайрылгын,
Убара болбой кайта бар,
Кырк жөкөрүң кырк кызга
Менден салам айта бар.

Кыздарга барып кеп айткын,
Кызыктырып бек айткын,
Буурулга минбей баатырлар
Учуп келет деп айткын.

*1939-ж.*

## БҮРКҮТТҮН КАНАТЫ

Ак булут асманында ойноп турган,
Үн чыгып капчыгайда аккан суудан.
Жел жүрүп көңүлүңдү эркелеткен,
Жер ушул баатыр кыргыз мекен кылган.

Жашыл чөп — жарашыгы салкын жайдын,
Жайкалып, суу башына басып бардым.
Уюган ак мөңгүнүн этегинен,
Бүркүттүн бир канатын таап алдым.

Айланып учуп жүргөн эркин тоодо,
Эргиген эр берендин канаты го.
Асемдүү жаркыраган ачык күндө,
Акындын толкуй турган адаты го.

Ташыган дарыядай кыял чиркин,
Олтуруп ойго кеттим түркүн-түркүн.
Канатты оң колума кармап алып,
Кадимки Лермонтовчо сөзгө кирдим:

Сен канат, кайсы аскада туулгансың?
Кайсы тоо, кайсы адырды кыдыргансың?
Не себеп, эмнеликтен өзүң жалгыз,
Ажырап үйүрүңдөн жулунгансың?

Кыш күнү жемиңди издеп кыдырдыңбы?
Сермейм деп каардуу кырга урундуңбу?
Дүркүрөп бийик тоодон көчкү жүрсө,
Ошондо эпкинине жулундуңбу?

Болбосо карышкырды алдың беле?
Катуулап тырмагыңды салдың беле?
Чапчылап карышкырды жатканында
Илинип караганда калдың беле?

Кылкылдап тоо башынан батар күндө,
Чабытта кыраан бүркүт кезергенде,
Ачуулуу айбат менен илип алып,
Аркарды асмандатып көтөргөндө.

Канатты кайрат кылып сермегенде.
Кайрылып капчыгайды ордогондо.
Туйлаган төрт туяктын бири тийип,
Калкылдап түштүң беле учуп жерге?

Айт, канат, айтып берчи, сырың кандай?
Жүрчү элең көкөлөнүп мурун кандай?
Канаты кулаалынын эмессиңго,
Шыбактан чычкан аңдып жулунгандай.

Кармалып турганыңча башка колдо,
Аралап ак булутту жүрсөң боло,
Карарган калың жаан, шамал менен
Качырып карышкырды кирсең боло!

*1939-ж.*

## ӨҢҮМДӨ КӨРГӨН ТҮШ

Саймадай гүлгө жарашкан
Сайраган булбул үнү эле,
Акындын көөнүн толкуткан
Ай жарык, жылуу түн эле...

Элимдин болгон дарканы
Эрлерди өткөн эстедим,
Учуна чыкпай кыялдын
Үргүлөп уктап кеткемин...

Жылдыздай калкым жыбырап
Жыйналып жыйын куруптур,
Шарпылдап долу Ысык-Көл
Шамалсыз толкуп туруптур...

Көп үйлөр катар тигилген
Көк ала майдан шиберге,
Шыңкылдап кыздар отурат
Жибектен соккон килемде.

Атандар жатат чөгүлүү,
Алтындар жатат төгүлүү,
Асаба туулар кылкылдап
Адамдын толкуйт көңүлү...

Аңкыган жыты жыпардай
Айлана көркөм караса,
Кубантып жанды нур чачат
Күн менен чолпон жанаша...

Шааниге салып асманды
Шаңшыган бүркүт көрүнгөн,
Жаркырап, балкып ай чыгып
Жарыгы жерге төгүлгөн...

Сызылат тоодон жылтылдап
Сымаптай суусу булактын,
Комузду коштоп кубулжуйт
Коңур күүсү кыяктын...

Тамаша... сайран... салтанат...
Таң калып карап турамын.
«Кандай той, кандай жыйын?» деп
Кара чач кыздан сурадым.

Жоодурап турган сулуудан
Жоопту мындай угамын:
«Обочо турган карыя
Ошондон барып сурагын».

Ак боз ат минген бир киши
Агарган сакал карга окшойт,
Далысы шумкар мүрүндөй
Далайды көргөн жанга окшойт.

Маңдайы сары жылдыздай
Балбылдайт эки көздөрү,
Он миң-сан элди аратат
Оозунан чыккан сөздөрү...

Кабылан сындуу карашы
Кайратка бүткөн эр экен,
Агасы болгон журтунун
Акылга дыйкан эме экен...

Баш ийип, колун куушуруп
Барганда басып жанына,
Башкача назик үн менен
Баштады сөзүн карыя:

Келет деп сени күткөнмүн
Керемет жыйын сонуна,
Сүйлөй бер, кандай кебиң бар
Сүрдөнүп, уулум, корунба!..

Сагынып тосуп аламын,
Саламын сендей баламдын,
Таалайың тилеп картайган
Тааный жүр, Бакай абаңмын.

Карачы, калкым чогулду
Кайратка ташып эреркеп,
Кадырлап баккан балдарын
Казатка бүгүн жөнөтмөк.

Кара курч болот зулпукор
Кармагын, сага жасаттым,
Айтылуу кыргыз кулуну,
Ардагым, сага жасаттым.

Ай чапчып турган аргымак
Минет деп сага камдадым,

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43868

Айтылуу кыргыз кулуну
Киет деп сага камдадым.

Өрүшкө толгон калың эл
Өстүргөн сени топ ошол,
Өчөшкөн кара душманды
Өрттөөчү кызыл чок ошол!

Береги турган шаңданып
Бээжинди чапкан кол ошол,
Бейлинен танган душмандын
Бетине бүткөн шор ошол!

Айбанбоз минип алдыма
Айбыкпай колду баштадым,
Кылымдан, балам, көрбөгөм
Кыргыздын жоодон качканын.

Жалындай тийгин душманга
Жашынып үйдө жатпагын,
Батамды, уулум, берейин
Бабаңдын даңкын актагын!

Куралын таштап колунан
Кулдукка кыргыз көнбөгөн,
Кыяндай каптап келсе да
Кыргызды душман жеңбеген!

Эрлерди көрсөм деп ойлоп
Эзелден көксөп самадың,
Көрсөтүп баарын чыгайын
Көзүңдү жумбай карагын!

**Тээтиги**
Маралдай сулуу ат минип
Башкарып турган көп элди,
Башкача бүткөн көркүнө
Башкалар кайдан теңелди!

Айчылык жерден кыйкырса
Ажыдаар качкан үнүнөн,
Алдынан чыдап чыгалбай
Ак жолборс корккон сүрүнөн.

Туулуп, өсүп, жоо сайып
Туңдурган элин жыргалга,

Асманда ай, күн тутулат
Ачуусу келип турганда.

—Ак кула атын ойнотуп
Айбалта, найза өңөргөн,
Паанайын ачып кыргыздын
Бактысы үчүн төрөлгөн
Абакең Манас шер ошол!

**Тээтиги**
Саамайын артка ордуруп
Сарала минип көрүнгөн,
Каарданып кыйкырса
Кара таш тептең бөлүнгөн.

Таласка келип жердеген,
Кыргызды келип элдеген,
Кылычынан кан тамып
Кыргында намыс бербеген.

Канжарын жалаң байланып
Касташкан жоосун жалмаган,
Кармаша келген душманды
Кара койдой айдаган
Алтын айдар, чок белбоо
Алмамбет деген эр ошо!..

**Анагы**
Көк ала тулпар аты бар
Көк соот темир жамынган,
Кайраттанып үн салса,
Какшаалдын тоосу жаңырган.

Караанын жоонун көргөндө
Кабыландай чамынган,
Качырып найза салганда
Кара кан суудай агылган.

Чаалыгып күчү бошобой
Чалгындын жолун талашкан,
Кекенип жоого киргенде
Кем сайбаган Манастан
Арстаным Чубак эр ошол!

**Кечээ**
Көкөтөй кандын ашында
Көп болгон кызык укпаган,

Калмактын алпы Жолойго
Кармашып балбан чыкпаган.

Калкымдан намыс кетет деп
Кайгырган Манас кансырап,
Ачуусу келип кумсарып
Алдында атын камчылап.

Калдайып турган кыргызга
Кайрылып Манас сүйлөгөн,
«Баркымды күлдөй учурбай
Балбанга түшөр ким?» деген.

Картайып жашы калса да,
Калк үчүн түшкөн балбанга,
Кайышып Жолой жыгылган
Капшырып абаң чалганда.

Катаган деген эл менен,
Кара тоо башын жердеген,
Кыйлага даңкы угулуп
Кыргыздан намыс бербеген
Кырааным Кошой ал ошол!

**Тээтиги**
Кенжекедей жары бар,
Желмаяндай малы бар,
Алдындагы Чалкуйрук
Асмандап учат жаныбар.

Тогуз уул кенжеси,
Тоо бүркүттөй келбети,
Көйкапта жатып тартканын
Көрбөгөн адам пендеси.

Жети жыл жердин астында
Желмогуз менен алышкан,
Жыландар арбап жатса да
Жыгылган эмес намыстан
Эр Төштүк деген дөө ошол!

**Тээтиги**
Сүмбөсүндөй жарактын,
Сүйгүнчүгү Манастын,
Кундагындай жарактын
Кубанычы Манастын.

Кара калпак кийгени,
Кара тулпар мингени,
Кырк чоронун мыктысы
Кыраан куштай тийгени
Ардагым Сыргак ал ошол!

Кеңеши болгон Манастын.
Келбети болгон Таластын,
Акылы болгон Манастын,
Ардагы болгон Таластын.

Ак жоолуктун ичинен
Акылмандуу жан эле,
Келер ишти болжогон
Кереметн бар эле.

Атасынын төрүндө
Ак марал менен уктаган,
Узун чачтуу пендеден
Укмуштуу мындай чыкпаган.

Абакең Манас өлгөндө
Алыстан уста алдырган,
Айтылып элде калсын деп
Ак күмбөз өзү салдырган.

Уулу кыраан төрөлүп
Ууга бышкан жатыны,
Уламадай сөз тапкан
Ургаачынын асылы
Каныкей апаң тетиги!

Жазбай тартып атаны
Жалаң кылыч байлаган,
Кунун кууп Манастын
Коңурбай дөөнү жайлаган.

Ак шумкардай куш салган,
Айчүрөктөй кыз алган,
Семетей агаң келатат
Артында үлгү иш калган.

**Тээтиги**
Керилген тоону ашкандар,
Кештелүү калпак жаш балдар,
Канчоро менен Күлчоро
Калкыман чыккан арстандар...

Ак куунун үнү угулат
Асманды, балам, карачы,
Алтындай күнгө чагылган
Айчүрөк жеңең канаты.

**Анагы**
Ак бараң мылтык асынып
Ак зоодон тике секирген,
Куугунду көрүп зар ыйлап
Куу эчки каргап өкүнгөн.

Бел чечип үйдө жатпаган
Мээлесе жаздым атпаган,
Кайберен менен кармашып
Казасы жеткен аскадан
Кожожаш мерген ал болот!

Адырлуу тоону арытып
Асынган келте, жаш бараң,
Атасы өлгөн зоокадан
Аркы-терки аттаган
Молдожаш деген ал болот!

Туйгундай эркин желде өскөн,
Туулуп ойгут элде өскөн,
Алгыр куш салып жаа тартып
Арытып далай жер кеткен.

Эркекче кийим кийинип
Эркинче дуулап жыргаган,
Дарканы болуп журтунун
Тагдырга моюн сунбаган.

Берендер менен беттешип
Бел болгон элге көп жылы,
Качырган жоосун куткарбас
Какшаал тоонун тунжуру.

Жай күнү төккөн мөндүрдөй
Жаадырган огун жебенин,
Кагылам, салтын үйрөнгүн
Кабылан Жаңыл эжеңин!

Азапка башы чалынган
Аяйм деп кырчын Абылды,
Көк туйгун куштай эргиген
Көрдүңбү эжең Жаңылды!

**Тээтиги**
Кулундай сындуу аты бар
Кундуздай чачы кубулган,
Арстаны кыргыз кызынын
Атадан артык туулган.

**Кечээ**
Кеңколдун бою түзөңгө
Кериле айыл конгондо,
Дубандын баары чогулуп
Дуулаган чоң той болгондо.

«Байгеден байтал чыкпайт» деп
Басынтып Манас сүйлөгөн,
Кобүрүп суудай толкуду
Корбогон мындай дүйнөдөн.

Кылчайып найза сундуруп
Кызыкты эжең баштамак,
Арага Чубак түшпөсө
Арстанды сайып таштамак.
Айтылуу Сайкал ал ошол!

Уулдары түгүл кыргыздан
Ургаачы кыраан торолгон,
Садагам, балам, үлгү алгын
Зардалым Сайкал эжеңден!

Кадимден бери казатка
Качырып кирген элиң бар,
Уу болуп жоого чагылган
Ушундай укмуш тегиң бар,
Учуна чыгып душманды
Уйпалай турган эбиң бар!

Алдыңан чыккан жыланга
Ажалдын чогун кызганба,
Кара чаар жолборстой
Кайрылып тийгин душманга,
Айбыгып тизе бүкпөгүн
Артыңдан сүрөөр биз бар да!..

Абакең Манас баатырдын
Арбагы барат сен менен,
Зардалым кыргыз калкынын
Салмагы барат сен менен!

Кылчайып качпас кырк чоро
Кылычы барат сен менен,
Кызыкты салып душманга
Каргышы барат сен менен!

Жылоодон алып жетелеп
Жыгылсаң өйдө жөлөйүн,
Машыккан жайым бар эле
Майданга баштап жөнөйүн!..

Кан агып суудай оргуган
Казатка бара жатасың,
Алакан жайдым, кулунум,
Арстандар берсин батасын!..

Карыя муну айтканда
Калың журт гүлдөй кулпунат,
«Басынтып жоону жеңгин» деп,
«Бактылуу болуп келгин» деп

Батасын берди чуркурап...
Ак мөңгү эрип эзелки
Суумдан иче кечкин дейт,
Ачылган гүлдөр жүгүнүп
Аралап терип өткүн дейт,

Кучагын жайып Ысыккөл
Салкындап түшө кеткин дейт.
Алдыман чыгып бөбөктөр
Агатай аман баргын дейт.

Энелер айтып алкышын,
Эңишке сени салдым дейт,
Кулдукка бизди калтырбай
Куткарбай жоону сайгын дейт.

Башымды өйдө көтөрүп
Бакайды таппай издесем,
Алдымда буудан токулуу
Алыска сапар жол кетем,
Өңүмдө көргөн иш экен
Үргүлөп жатып түш десем...

*1942-ж.*

# ЖЕР КЕПЕ

Таң атса алыс мен кетем,
Талыкпай далай жер кезем.
Койнуңдан кетип баратам,
Кош аман бол, жер кепем.

Ээ караңгы жер кепем,
Эрмек болдуң, дос болдуң.
Үйүмдөй көрүп жүрчү элем,
Үңкүрүм эми кош болгун.

*1944-ж.*

## УККУЛА ЫРЫН КАЛАМДЫН

Кубулуп турмуш миң бөлөк,
Жыргалга кеме термелет.
Ачууга сырын турмуштун
Чарк уруп жүрөк сермелет.
Арыштап айдың талаада
Жаш калам күлүк шерденет,
Элести көздөн өткөрүп,
Ээлигип жүрөк үн берет.

Кагылса катуу добулбас
Карагай-кайың баш ыргап,
Кайгысын айтсам өткөндүн
Булактай көздөн жаш чыгат.

Козголсо калем жорголоп,
Жүрөктүн чери ачылмак,
Толкунга толкун мингендей
Жаш талант ташып ашынмак.

Булбулу жаңы замандын,
Тил безеп канат тарандың,
Ырчысы болуп турмуштун
Тарыхка белги тага алгын.
Антыңды актап берилген,
Арыштап алга бара алгын!
Сайрасын ырдап турмушту,
Уккула ырын каламдын!

*1930-ж.*

## «ЭМГЕК ТӨЛҮНӨ»

Жайылсын «Эмгек төлү»* жадыралып
Сар-санаа, таш кыялдан ажырылып,
Күү чалсын Ала-Тоонун арасына

* «Эмгек төлү» — 1933-жылы Фрунзеде чыккан акындын тұңгуч ырлар жыйнагынын аты.

Күүлөнүп канат кагып учуп барып.
Тыңшасын эмгек кылган дыйкан бабам
Чер жазып, көңүл ачып, мооку канып.
Баркыңды бирөө билер, бирөө билбес,
Көркүңдү бирөө көрөр, бирөө көрбөс,
«Бирок да алтын чирип, калбас жерде»
Кайраттан, канат серме, көккө теңдеш!
Эрмек бол балка соккон Ивандарга…
Санжырга эмгегине тагып бермет.

Толкундуу жаш таланттын чачып кенин,
Агыттым томогоңду алып сенин,
Сайрагын таңда күкүк үнүн кошуп,
Таралтып көкүрөктүн ачып черин.
Аркандан сага окшогон сансыз булбул
Дагы учмак толтурууга калган кемин.
Сен болдуң менин тунум ачкан көзүн,
Жайылсын эмгекчиге «Эмгек төлүм».

*1931-ж.*

## КАЛЕМГЕ

Көңүлдүн ачып пардасын
Күкүктөй күүң сайрасын!
Деңиздей ташып,
Кайратың ашып,
Жаранын тапсын айласын.
Балкасын соккон баатырдын,
Кайратын мактап ашыргын.
Адымдап басып,
Кызыл чок чачып,
Эскини эзип качыргын!

*1931-ж.*

## АЛАТООНУН АСКАСЫНАН АШАЛЫ

Ырас, курбум, акын болдуң жашыңдан,
Ырас, курбум, акындыгың ашынган.
Бирок, курбум, ал талантың уялчаак
Алатоонун аскасына жашынган…
Көп ырдадык, көк шиберди мактадык,
Чалкыган көл чар тарабын каттадык.
Мезгил өтүп, өнөр бойго жетсе да,
Калың кенчтин капкактарын ачпадык.
Жортуп чыгып сар аскалуу белдерден,
Жайыт таап, Европаны баспадык…

Жер дүйнөгө атактары жайылган,
Ай, жылдыздай миң-миллион тайынган
Байрон, Пушкин, Лермонтовдон эмнең кем?
Бирок, курбум, чыгалбадың айылдан.

Көңүл суудай бирде киргин, бирде пас,
Өмүр чөптөй, өчүп барат кайран жаш.
Жалын кайрат, зардабы бар азамат
Күйпүл болуп бир колотко баралбас.
Кана, курбум,
Калам — тулпар биз минип,
Жар салалы
Европага шам кармап!

*1933-ж.*

## ТОЛКУНДАР АРАСЫНДА

Толкундан толкуп туулдум
Толкундан чыккан ырымдын,
Толгоосун салып толкунга
Ырдоого өстүм чыгындым.

Толкунду ырдайм, өстүрөм,
Толкундан толкуп өсчү элем,
Толкунду ырдап, дагы ырдап,
Толкунду күчкө жеткирем.

Толкунум толку ар дайым,
Мен доошуңду угайын.
Доошуңдан толкуп мен дагы
Толголуу күүлөр табайын.

*1935-ж.*

## ЖҮРӨГҮМ МЕНИН ДОБУЛБАС

Жүрөгүм сокчу добулбас,
Добулдар тегин согулбас...
Санжырга көркөм жеримден
Сайрадым, ырдап сонундап...
Жемишти терип алууга
Жеткинчек өстү жалындап,
Турмушту жеңип жыргайлы,
Добулбас, турба сабырдап!

*1935-ж.*

## КУРБУМ

Акырын чыгып алтын күн
Алатоо башын нур кылды,
Ак мөңгү эрип тамчылап
Алдастап төмөн жылжыды,
Алыстан койчу үн салып,
Аземдүү сөздү ыр кылды,
Кадырлап элим тыңшады,
Качанкы өткөн булбулду.
Капчыгай кырда бир жүргөн
Кыргыздын Пушкин курбусу.

Ардагы болдуң туңгуздун,
Акыны болдуң кыргыздын.
Талаада калмак сен менен,
Жаркыны болдуң турмуштун.
Жайдары көркөм заманды
Жардамдаш сен да куруштуң!

Кыялың бүгүн чын болду,
Кыргыз, туңгуз эл болду.
Калмактын жапан талпасы
Кулпунуп сонун оңолду,
Аскалуу тоону, талааны,
Толкундуу деңиз, аралды
Тумандуу, кардуу түн жакты,
Гүлдөгөн түштүк күн жакты
Аралап Пушкин жүрөсүң,
Казак, татар бар жакты.

Сайратчы алып комузуң,
Чыныгы кыргыз болупсуң,
Бир овондо, бир тилде
Биз менен Пушкин, жолуктуң,
Кучактайын, өбөйүн,
Жан курбум, кыргыз түгөйүм!

*1936-ж.*

### ...га

Таң атканча жалбарып,
«Сүйөмүн» деп карганып,
Куру сөзгө кубанып,
Жүрүптүрмүн алданып...

Көрсө, жалган сөз тура,
Сүйгөндөрүң көп тура;
Алданбасмын кайрадан,
Алдагандар, кошкула!

*1935-ж.*

### КОШТОШОРДО

Алыс сапар тарта турган паровоз
«Токтой турчу» деген сөзгө карабас,
Муунум бошоп, бүткөн боюм калтырап,
Өптүм сени аккан жашым аралаш...
Оңбо, поезд, бир заматта жоголдуң,
Жарым кетти жаш денемди жаралап.
Өнөр билип, бир кезекте келерсиң,
Өлбөй тирүү жүрөр болсоң саламат!

*1935-ж.*

### АЙЛУУ ТҮНДӨ КӨЛ БОЮ

Айлуу түндө көл бою,
Ай нурунда ойнойлу.
Ай тамактуу ардак кыз
Ал да келсе болбойбу.

Көп кечигип күттүрбөй,
Көп ойлонуп үшкүрбөй,
Көл да көшүп тим жатат
Көптөн сени күткөндөй.

Муздак шамал бетке урат,
Муң көңүлдү кош кылат

Асманданып ак чардак,
Алда кайдан ышкырат.

Айлуу түндө көл боюу,
Ай нурунда ойнойлу,
Ай тамактуу ардак кыз
Ал да келсе болбойбу.

*1935-ж.*

## СЕН УЗАТЫП ЧЫККАНДА

Күн чыкканча сайраган
Күкүк да тең, мен да тең,
Эрмегим, болгун саламат,
Эртең алыс мен кетем.
Сар талаа бетин кыдырып,
Санатсыз далай жер кезем.

Кумсартып бетиң жашыба,
Кур кайгы салып башыңа,
Садагам жооп жаза жүр,
Сагынып жазган катыма!

Ат менен жүрсөм айчылык,
Алыскы жерге барармын,
Алдейлеп сүйгөн баладай
Айтканың эстеп санармын.

Өткөнү таңдын билинбей
Өмүрдүн журту эскирип,
Мен кеткенмин, сен калып,
Тагдырдын сырын чечпедик.

Кулачын сурап кеменин,
Куткарып алгын дебедим,
Мынчалык неге өжөрмүн,
Билерсиң өзүң себебин.

Акылдын сырын баш билет,
Асылды душман кас көрөт,
Айрылып бир күн кеткенде,
Азаптуу жүрөк жаш белек.
Саргайып түшкөн жалбырак,
Саргарам мен да алсырап,
Садагам капа болбосоң,
Сактаган сырың барчылап.

Маңдайың тосчу өбөйүн,
Жоолугуң берчи белегиң,
Жоодурап карап турбачы,
Жолумдан калбай жөнөйүн.

Турасың карап жалдырап,
Тулку бой барат калтырап,
Жөнөчү, поезд, эртерээк,
Жүрөгүм неге аптыгат?

Колуңду сунчу көргүчө,
Кош болгун кайра келгиче,
Сүйгөнүн эстеп ыйласа,
Сүйүүнүн ушул белгиси.

*1935-ж.*

## ӨКҮНБӨ

Тумандуу түн. Жашыл шибер шүүдүрүм,
Сен муңайып, мен каткырып күлгөмүн.
«Эмнеге сен шылдың кылып күлөсүң?» –
Деп терс карап кабагыңды бүркөдүң...

Тоодон туман таң атканча кетпеди...
Ал күндөгү айрылууну эстечи!
Койчу, койчу, эстебечи, муңайба,
Койчу, секет, көздөн жашың төкпөчү.

Ар кимде бар өткөн чакты эстемек,
Жаштын гүлүн жандын баары эскерет.
Муруңкуга келбес кезге өкүнүп,
Мууну бошоп, муңга батып кетчү эмес.
Бүгүн мына, мен жигитмин, сен келин,
Бүгүн сездим өмүр чиркин жеңгенин.

Бир соккон жел кайра согуп келчү эмес,
Бир солгон гүл кайра жайнап өнчү эмес.
Карчыгадай сызып кеткен өмүрдү
Кайдан эми издемекпиз темселеп...

Таарынсаң да тагдырыңа таарынгын,
Жалынсаң да тагдырыңа жалынгын.
Айлуу түндүн далайларын өткөрдүк,
Аз да болсо ошол түнгө алымсын...

*1936-ж.*

## ӨТКӨНДҮ КАЙРА ЭСКЕРБЕС

Көп күйдүрүп жүрөктү
Сүйгөн кезим өткөн чак.
Көкүрөктү каптаган
Күйгөн жалын өчкөн чак.

Бир кезде мен да жалбарып
Садага кылдым жанымды,
Ал кезде сен да терс карап,
Сындырдың далай шагымды.

Уктабай түндө толгонуп,
Үшкүрүп сени эстегем.
Уу жуткуруп жаш жанга
Уялбай басып кетчү элең.

Жакшы сөздү, жакшы ырды
Сага арнадым, ырдадым,
Жалынган жашты бир карап,
Жалооруп ырайым кылбадың.

Көргөндө сени көңүлүм,
Майдай эрип жибиген.
Ошончо сүйүп жүрсөм да,
Укпадым жооп дилиңен.

Ошентип өткөн жаш өмүр
Өчкөн чоктой саргарып,
Карганда неге айтасың
Качанкы сөздү жалбарып?

Жаш кезде неге ушундай
Жалбарып көңүл айтпадың
Башканы сүйүп, башка ырдап,
Башканын ырын жаттадың.

Өчкөн от кайра тамар жок,
Өткөн жан кайра жанар жок.
Кайрылып келбейт көңүлүм,
Каргышты бузар чамам жок.

Алтын сөз далай корогон
Келбетиңди сүрөттөп,
Акыркы күндө жалынба,
Ал кезде болбой тилектеш.

Жүрөгүм жанып өчкөн кез,
Көңүлүм калып кеткен кез,
Өткөн өмүр-өчкөн жан.
Өткөндү кайра эскербес...

*1936-ж.*

## КЕЗИГИШҮҮ

Ал кезекте мен чырымтал, сен кырчын,
Ал кезекте мен балапан, сен кызсың,
Жашыл жайлоо, жалбырагы кайыңдын
Жайдары өстүк балын соруп турмуштун.

Бирге жүрүп тоо боорунан гүл терип
Күүгүм кирип күн батканын билбедик.
Балбылдаган шам чырактай өмүрдө
Балалыктын бал мөмөсүн бир жедик...

Күндүр-түндүр күлкү оюнга тойбодук,
Күн нурундай көңүл көлүн бойлодук.
Кубанычтын кучагында эркелеп,
Кубалашып, суу чачышып ойнодук.

Жылдар өттү... Балалыкты жөнөттүк,
Жазгы гүлдөй жаш сабына теңештик.
Таң тамаша чарбагында сайрандап,
Тал чыбыктай таалай менен тең өстүк.

Таң мезгили чолпон бакыт чыгарда
Түн күзөткөн сүтак үнү тынарда
Тоо жаңыртып шыркыраган дайранын
Боюндагы уйпаланган ыраңда.

Мен айтканмын «өмүр бою эсте» деп,
Сен айткансың «мени таштап кетпе» деп,
Күн чачырап, сапарыма чыгарда,
Карап турдуң көздөн жашың мөлмүлдөп.

Түтүнү жок өрткө түшкөн жүрөгүм,
Сен да мендей жалындайсың, билемин,
«Качан келет сапарынан?» деп жүрүп,
Сагынгандан саргайгандыр ирецин...

«Унутпаймын өмүр бою мен» дедиң
«Унутпагын, эстеп жүргүн сен» дедиң,
Айлар чубап, жыл зымырап жатса да
Же мен барып, же бир өзүң келбедиң.

«Барам» деген сөзүңдү угуп сүйүндүм,
Бала чактан сырын чечтиң түйүндүн.
Когүчкөндөй учкул көңүл толкуса,
Көз жетпеген көлү терең сүйүүнүн.

Келдиң дагы, таарынгандай сыягың
Кекээр менен амандыгым сурадың.
Отко салсаң, сууга салсаң өзүң бил,
Маңдайымда балбылдаган чырагым.

Ойлондуруп жаш өмүрдүн күндөрүн
Угулгансыйт ошондогу күлгөнүң,
Көңүл калып, көз көрбөгөн эмедей
Көрүшкөндө неге колуң бербедиң?

Сен түгөйүм, сен өмүрдүн кошогу,
Антыбыз бар, эстеп көрчү ошону.
Мурункудай кучагыма жыгылчы,
Муңайбачы, мүлдө муунум бошоду!

Кумсарбачы, эмне мага таарындың?
Куса болуп кучагыңды сагындым…
Бүгүнкүдөй кезигишкен учурда,
Муңга батып бүркөлбөчү, жарыгым!

Ысык күндө көлөкөңдө уктайын,
Суук күндө сөөлөтүңдөн чыкпайын.
Бери келчи кадимкидей жаныма,
Бек кучактап алкымыңдан жыттайын.

Бирге күлүп, бирге ойногон бала чак,
Бирге жүрсөк дагы сонун жарашат,
Океаны ардак менен таалайдын
Алдыбызда ай нурундай карасак.

*1938-ж.*

## ЖАЗГЫ СУУ

Киргилденип чамынып,
Күңгүрөнүп толкундап,
Алас уруп агылып,
Көбүгүн бүркүп, орчундап,
Тундурат кулак жадатып,
Боюнда турса эл тыңдап.

Жар башына эңилип,
Чатырап батпай тебилип,
Шарпылдап керсе кучагын
Эңишке карай теминип,
Бүркүп салып жулкунса
Балыктар тышка терилип.

Жака-бели ызы-чуу,
Айланып учуп өрдөк, куу,
Көтөрүлүп асманга,
Көк түтүнү кара буу,
Жиндиленип ээликкен,
Баш ийбес жанга жазгы суу.

*1929-ж.*

## ЖАЗГЫ ТАҢ

Күдүңдөп жел ойду-кырды жойлоду,
Чөп терметип, тамашалап ойноду.
Гүл желбиреп, кулдук уруп баш ийип,
Шыбырады, кыткылыктап сойлоду.

Сайрап торгой көкөлөдү авага,
Тилин бурап калкылдады авада,
Сызгырылган көркөм овон толкундап
Түр киргизди мейкин жаткан талаага.

*1929-ж.*

## ЖАЗГЫ ТОО

Жашыл  ыраң ыргалган,
Жарашыктуу сырдалган,

Желпинип башын теңселткен,
Жел досу гүлгө чырмалган.

Алдастап агып булагы,
Солокотү чыңдалган.
Ал дагы тоонун ынагы,
Арчадан күкүк ырдалган.

Сермелип көркү келишкен,
Жел соксо, тосуп өбүшкөн,
Карагай, кайың шоодурап
Ээлеген ал да жемиштен.

Оргуп булак, көбүргөн,
Баштарын нурга чөмүшкөн.
Жазгы тоо сулуу керилген,
Асман менен челишкен!

*1929-ж.*

## КЫШКЫ ТОО

Тең тайлашкан асманга
Бооруңда аска таштар да.
Кайгы менен муңайып
Капталган муздак ак карга.

Булагы тоңуп муз болуп,
Туйлабайт мөңкүп козголуп
Үнсүз-сөзсүз мостоюп
Алдырган моорой томсоруп.

Жайнаган гүлдү сагынып
Ак кардан чапан жамынып,
Каарына алып кайран кыш
Зыркырайт бороон чамынып.

Санжыргасы сайдагы
Бетеге көлкүп жайдагы,
Кеткен баары кубулуп
Каптаган кыштын аймагы.

Капчыгайлуу терең коо,
Каңылдап ырдайт аска-зоо,
Кармалып кыштын торуна
Капалуу, көрксүз кышкы тоо...

*1929-ж.*

## КҮЗ ЖЕТТИ

Саймадай гүлгүн гүл кетти,
Сарала, кызыл түр кетти,
Жалбырак шылдыр ырдаган
Дарактан жашыл бүр кетти,
Туш-туштан булбул сайраган
Бал ширин күүлүү үн кетти.
Талаада калың чөп өчүп,
Ызы-чуу добуш сүр кетти.
Ызылдап жүрүп ач шамал
Жер бетин бийлеп терметти,
Жалындуу нурун кайнаткан
Эңиштеп алыс күн кетти.
Кийинип жашыл керилген
Жамынды тоолор илдетти,
Тоо боорун карап темселеп
Кекилик, улар, чил кетти.
Канатын сөлпөк каккылап,
Коң каргалар коңк этти.
Арча, кайың токойду
Тагына албай берметти.
Көл бою көркү тонолду
Көрө албай калып келбетти
Мончоктоп аккан маңдайдан
Дыйкандан ысык тер кетти.
Убагы өтүп кең жайдын,
Сур күзгө берди дөөлөттү
Улуу бороон, жөө туман,
Улуп-уңшуп күз жетти.

*1930-ж.*

## АЛАЙ

**(Жалпы көрүнүшү)**

Кундуздай бетегеси белден чыккан,
Көшүлүп, чырмалышып бир жакка ыккан,
Көтөрүп көңүлүңдү шаанилenet,
Жел эсип аймаласа колдон, буттан.

Салынган ойго-кырга тармал килем,
Кулпунган кубулушта адеми* ирең,
Кутуртуп кууган шамал жөнгө койбой,
Толкундайт бир жер жашыл, бир жер күрөң.

---

* Адеми — кооз, сулуу.

Элирип экиленген сансыз булак,
Тизилип керме тоодон түшкөн чурап,
Секирип таштан ташка улоо* жандай,
Бет алган бетегени көздөй кулап.

Күмүштөй күндүн нуру жааган көктөн,
Тептегиз телегейге алтын сепкен,
Агылат алдастанып тентек дарыя
Буркулдап ак көбүгү чыгып четтен.

## ТООЛОРУ

Кол сунган ак мөңгүсү асман аймап,
Агылат ак мөңгүдөн тамчы сайрап,
Жык толгон арча, кайың, ыргай, четин,
Ачылган токсон тогуз гүлдөр жайнап.

Турактуу ошол тоону кылган сайран,
Жапайы арстан, аюу, толгон айбан...
Көргөн жан ой чапкылап таң каларлык:
«Мындай тоо, түрдүү айбан келген кайдан?»

Сандаган суусар, түлкү, жолборс, бөрү —
Түгөнгүс жыбыраган тоонун кени.
Аралап арчаларын, шимшип жойлоп,
Кармалап коён, тыйын болгон жеми.

Асынган ак барацын адис мерген,
Арытып тоонун боорун тынбай желген,
От коюп ак милтеге басып тетик,
Сулатып жырткычтарды бирден терген.

Чокуда толгон мөңгү жаткан уюп,
Толтурат тоонун сайын жашын куюп,
Санжырга алдейлесе кысып-кысып,
Заңгырап тоо термелип, ал да сүйүп.

Кок шайы тоо жамынган тагып сырга,
Миң шайыр, ар шаани бар, айтсаң мында.
Отуруп ой жүгүртүп, толкуп талант,
Алымча көрүнүшүн коштум ырга.

---

* Улоо — азоо.

## АСКАЛАРЫ

Алмастай алган көздү чагылдырып,
Нур жайган өз түсүнө багындырып,
Келбеттеп өнөр менен жасагандай,
Күн-түнү күүгө келип, турган улуп.

Бипбийик жалагандай бети тегиз,
Жык толгон жыбыр алып өзөн өрүш
Чиркешип бир бирине тизген төөдөй,
Курчалып керме тоону тарткан эриш.

Астынан атып булак ыргып чыккан,
Айланып ителгилер шаңшып учкан,
Жаңырып куш чуусуна ыңгыранып,
Жел урса толкундалып кирип туштан.

Алыстан тиккен көзгө арсак түшкөн,
Заңкайып жаламалуу ар кыл бүткөн,
Козголтуп өсүмдүктү чыккан күүсү,
Эрмектеп аскаларын шамал черткен.

*1930-ж.*

## КӨҢҮЛ ТОЛКУП

Тунук суусу туйлаган
Түрдөй сулуу жылгадан,
Жылга толгон жалбыз чөп,
Чымчык тынбай ырдаган,
Жар жакалай жаш кайың
Жардын боорун чырмаган,
Жар боорунда жарганат
Жар кыдырган, жыргаган,
Жандан ширин жаш селки
Жардан жоолук булгаган,
Таңды тозор жарчы жел
Жаш баладай ыйлаган,
Талда булбул талбастан
Таң атканча сайраган,
Көрсөң көңүл кубанган,
Көрктөн көзүң тунарган,
Жерим сонун турбайбы!
Жаш кезектен бирге өскөн,
Жаш жыргалын бирге өпкөн,
Керме тоонун бүлдүркөн,
Бирге терген, бир жешкен
Келин сонун турбайбы!

Жер дүйнөнү аңтарган,
Жер дүйнөгө жар салган,
Жез канаттуу күү сайрап,
Жерден пенде тамшанган
Темгил-темгил ылаачын,
Тепсе текөөр таш жарган,
Куштар сонун турбайбы!
Күмүш нуру кал салган,
Күлкүсүнөн бал тамган,
Эрке ойношкон эликтей
Эндик казган таштардан
Кыздар сонун турбайбы.

Өрдөк, чүрөк көлдө ойноп,
Кыз, келиндер көл бойлоп,
Куюн менен курбу өскөн
Кулжа, марал белде ойноп,
Сар аскадан үн салган,
Сар карчыга желге ойноп,
Молдо торгой, чакчыгай
Балдар менен бирге ойноп,
Күкүк, булбул үн салган
Күлгүн ала гүлдө ойноп,
Кыз, келиндер каткырып,
Кызыктуу айлуу түндө ойноп,
Коркү болгон жаңы айыл,
Көл боюнда түргө ойноп.
Баарысы тегиз гүлүстөн,
Баарысы тегиз күлүшкөн,
Шапар тээп келин, кыз
Шат көңүлдүү жүрүшкөн!

Көрсөң көңүлүң сергиген
Жер сонуну бизде го.
Эзел күндөн эр өскөн
Эл сонуну бизде го,
Эркин уул-келиндин
Эң сонуну бизде го.

*1934–1935-ж.*

## ЖАЙДЫН БИР КҮНҮ

Муздак булак жылгадан
Агып турат шылдырап,
Кыя жолдон каткырган
Кыз күлкүсү угулат.

Көлдөй толкуп көк шибер
Моокунуңду кандырат.
Асман тиреп сары аска
Карап турат жалдырап.

Улуу тоодон угулган
Ышкырыгы улардын,
Көз тойбогон сулуулук
Көрүп туруп кубандым.

Ушундай жерде төрөлгөн,
Ушундай жерде көтөргөн,
Кайгысы жок жайдары,
Кагылам кыргыз элимден!..

## ЖАЙДЫН КЕЧИ

Манаттай асман кызарып
Магдырап барат айланам.
Чачырайт көбүк бетиме
Чамынып аккан дайрадан.
Муңайым тартып угулат
Булбулдун үнү сайраган.

Жалбыздын жыты буруксуйт
Жаныңа жыпар чачкандай.
Торгойлор тынбай таңшышат
Токтогул күүсүн тарткандай.
Кыналат гүлгө көпөлөк
Кыз менен жигит жаткандай.

Үргүлөп тоолор баратат,
Уйкуга батып алсырап,
Карагай башын көрүүдөн
Карарган күүгүм жашырат.
Токтой тур, курбум, токтой тур
Чолпон да чыгар чачырап!

*1939-ж.*

## КӨК МЕНЕН

Жаш жарын бозой тоскондой,
Жадырап аппак таң атты.
Шүүдүрүм баскан жаш гүлдөр
Жүгүнүп нурга караштьы.
Көкөлөп ойноп жел менен
Көпөлөк учуп баратты.

Күзгүдөй тегиз талааны
Куулдөп добуш каптады.
Жайкалган көпкөк шиберди
Жапырып шамал таштады.
Туруптур бир топ самолёт
Туурда куштай таптагы.

Ыргыдым, миндим бирине
«Ылайык ушул» дегендей,
Ыраакы жолго жөнөдүм,
Ызылдап жайкы көгөндөй.
Асмандап сызып бараттым,
Абалкы Чүрөк жеңемдей.

Көк асман даңгыр жолго окшойт,
Сур булут чыккан чаңга окшойт,
Үңкүргө дайра киргендей,
Уюлуп шамал жел боздойт…

Ийрилип аккан чоң өзөн
Ийнеде учук жипке окшойт,
Чытырман токой калың бак,
Чырымтал бетте түккө окшойт.

Көк тиреп турган катар тоо
Көшүлүп чөккөн нарга окшойт.
Суналган чөлдө чалкар көл
Сулууга бүткөн калга окшойт.

*1939-ж.*

## КҮЗГҮ КӨПӨЛӨК

Жазында жүргөн талаада
Учу жок эркин санаада.
Өпкөнү кызыл гүл болуп
Ойногон, күлгөн жана да.

«Эркеси жаздын мен» деген,
Санаага башка келбеген,
Жалгыз гана көкөлөп
Канатын күүлөп желдеген.

Көңүлүн ачып гүл тандап,
Назданып жазга тайраңдап,
Эркиндеп учкан серүүндө
Эркеси жаздын сайрандап.

Кумурсканы айрөктөп,
«Эмне керек эмгек?» деп,
Кубалашып асманда
Керээли-кечке делбектеп.

Кетип да жаздын жыргалы,
Чамынып аяз ырдады.
Эмгекти кылган ысыкта
Кумурска азыр жыргады.

Канатың тешик, ыйладың,
Маалында эмгек кылбадың.
Эркелеп жаздын койнунда,
Тандадың гүлдү, жыргадың.

Азыр да калдың алсырап,
Кумурскадан нан сурап.
Кубалап бороон жекирди,
Кычырап тиши зыркырап.

Куруду айлаң эмгексиз,
(Калдыңбы эми эрмексиз?)

Аяздын калды каарына,
Кылычтуу, кандуу, уулуу тиш.
Кумурска эмгек көтөрөт,
Көпөлөк күлөт «эркелейт»,
Канатын шамал кубартып,
Күз болгондо энтелейт.

*1929-ж.*

## ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ

I

Шибер чөп маалим кылат жай мезгилин,
Жел эсип экилентет суу эпкинин.
Күн батып, күүгүм кирип, жылдыз чыгып,
Жамынды көөдөй кара түн кепинин.

Күн бою бир бөдөнө бытбыл уруп,
Ал дагы түн түшкөндө калды тынып.
Жорголоп, корккон жүрөк тайдай туйлап,
Жол бою бетегеге кирди жылып.

Пааналап жел эркеси жашыл чөптү,
Кетпестей түнгө сактап чексиз кекти,
Ой бийлеп, кыял белден баскан кезде
Үргүлөп татты уйкуга кирип кетти...

II

Ачкарып түлкү жаткан ичтен тынып,
Узун күн үңкүрчөдө ташка бугуп.
Козголду ал ордунан кирип кыймыл,
Түн катып сапар чекти жемге чыгып.

Ар күнү өтүп жүргөн ушул жолдон,
Кээде кур, кээде тоюп жолу болгон.
Ушул түн адатынча келет жортуп,
Жыт иденп тумшук кагып оңду-солдон.

Аңдап шилтеп келет түлкү бутту,
Кээ кезде пыр-пырлатат түрлүү кушту.
Кур шимшип, кур алакан болгон кезде
Кош таноо биле койду жылуу жытты.

Кубанды кымың этип түлкү күлүп
Шум түлкү жем тапканда кандай күлүк!
Уйкуда камсыз жаткан бөдөнөнү
Шып этип арсак тиши кетти илип.

III

Жаман иш көрүп жаткан ал түшүндө:
Туткунда эки буту, бек кишенде...
«Пыр» этип чочуп кетип, көзүн ачса,
Кармалган, шум түлкүнүн уу тишинде.

Жалбарды жан соогалап туркүн-түркүн:
«Жан кыйба, дүнүйө берем, түлкүм, түлкүм»
Канчалык амал менен жалынса да,
Көнбөдү ал айтканга кыйды түлкүң.

Жалдырап бөдөнөнүн эки көзү,
Тытылып ийне тишке кандап төшү...
Жалбарган туткун жандын арыз-муңу,
Жана да сайрап турган ширин сөзү.

IV

Түлкү айтты: «Амал менен тойгуз мени,
Болбосо кебеп кылып жеймин сени».
Бөдөнө жымың этип жалпаңдады:
Менде бар агып жаткан тамак кени.

Мен учам белги берип бытбыл уруп,
Сен чурка ачпас кылып көздү жумуп.
Бир убакыт мен айтамын «ач көздү» деп
Калабыз кен тамакка туштап чыгып.

Макулдап бөдөнөнүн айткан сөзүн,
Ырсайтып бычак тишин, жумду көзүн.
Бөдөнө ичтен айтып учуп кетти:
«Алдадым, кара ташты түлкү жесин».

V

Бөдөнө учуп келет белги берип,
Шум түлкү чуркап келет эрип-эрип.
Алыстан агарып таң сүргөн кезде
Туш болду бүркүтчүгө булар келип.

Бүркүттүн томогосун сыйрып алды,
Бүркүт да одураңдап карап калды.
«Ач көздү эми, түлкү» дээр менен
Куушуруп бүркүт келип тырмак салды.

Чыңырып түлкү жатты жерди тырмап,
Жан арга, тыбырчылап куйрук булгап.
Каткырып кээде күлүп, кээде пыр-пыр
Бөдөнө учуп кетти сайрап, ырдап.

Кутулду бир ажалдан туткун карып,
Амалдап куу зулумду көйгө салып.
Бүркүтчү олжолонуп кайра кайтты
Терисин шум түлкүнүн сыйрып алып.

Ырсайып элсиз жерде калды түлкү,
Өлүмү башкаларга болду күлкү.
Жетти го зулумдугу өз башына
Кыйнаган бөдөнөнү кечээ түнкү.

Түрдөнүп эски жүнү калган түлөп,
Кээде шат, кээде сайрап, кээде күлөт.
Жок кылып шум түлкүнү амал менен,
Бөдөнө жомок кылып ырдап жүрөт.

*1929-ж.*

## ТОРГОЙ МЕНЕН ЖАГАЛМАЙ

I

Чабыттап жемин табалбай,
Куюндап соккон шамалдай,
Канат сермеп, бук болуп,
Келатты учуп жагалмай.

Айланды тоону беш жолу,
Асмандан жолу болбоду,
Канаты талып алсырап
Конууну талга ойлоду.

Капыстап учту тал жактан,
Жалдырап карап жан жактан,
Бутага барып конордо
Торгойду көрдү шыбактан.

Бетеге, шыбак ичинде,
Уясынын четинде,
Комузун толгоп, күү сайрап,
Отурган торгой кечинде.

Жагалмай көрүп кубанды,
Ойлогон жок убалды,

Канатын күүлөп шамдагай
Камдады тырмак — куралды.

Сайраган торгой туйбады,
Пааналап коргоо кылбады,
Аңгыча болбой мыкчыды
Жагалмайдын тырмагы.

Адашып торгой акылдан,
Туткунга түшүп капылдан,
Беш бала калды уяда —
Мээнетти тартып жашынан.

Жалбарып торгой ыйлады,
Жалынып мактап ырдады:
«Куш төрөсү жагалмай,
Куткарчы мени, жебечи,
Балдардын күнү не болот
Байкоосуз өлсө энеси?

Балдарымды өстүрүп,
Асман менен учуруп,
Анан кийин өзүңө
Жем болоюн тутулуп.

Куш асылы сен элең,
Ырчы торгой мен элем,
Атагыңды мактайын,
Талбай сайрап жаттайын.

Жем керек деп сен келсең,
Жашынбайын, качпайын,
Азыр төкпө канымды,
Аман койчу жанымды».

Торгойдун айткан арманы,
Жагалмай кулак салбады,
Кетирип шайын торгойдун
Бүткөн боюн кандады.

Аскалуу тоону капталдап,
Жагалмай келет асмандап,
Кайгып келип отурду
Сары ташка катмардап.

Уу тумшугун батырып,
Жегени калды качырып.

«Жан соогалап» жалдырап,
Жалынды торгой асылып.

Жалбарган торгой үнүңдү, ал үндү,
Койчуман угуп жүгүрдү.
Койчунун үнүн укканда,
Туткунда торгой сүйүндү.

Шак этип таяк тийгенде,
Жагалмайдан жан кетти,
Өлүмдөн калып шаттанып
Көкөлөп торгой ал кетти.

II

Балдарын алды торолтуп,
Төшүндө тагын жоготуп,
Койчуманды ыр кылды
Санжыргага боолтуп.

Агарып аткан таң менен,
Аземдүү сонун шаң менен,
Асмандан торгой сайрады
Арманы-муңу калбады...
Мактаганы, айтканы —
Койчумандын таңгы.

*1931 ж.*

## АРСТАН МЕНЕН ТҮЛКҮ

Жашынан далай жанды чайнап жеген,
Күркүрөп күчкө толкуп менменсинген.
Карагай, калың токой арасында
Бир арстан өзү жалгыз болгон экен...
Далай жыл, далай күндөр өткөн сайын,
Карыды тиши түшүп күчү тайып;
Жаш кездей жер арытып жем табалбай
Үңкүргө араң басып жатты барып.
Айбандар алын сурап келип жатты
Үңкүргө чубап-чубап кирип жатты.
«Оорудум, картайдым» деп жаткан арстан
Киргенди баса калып үңүп жатты...
Үңкүрдө арстан сүрдү далай күндү,
Далайлар алын сурап, далай кирди
Киргенди дароо арстан кармап алып
Баарын да чыгарбастан басып жеди...

Бир күнү түлкү келди жалынгандай,
«Аманбы, арстаным, алың кандай?
Коркуңду көптөн бери көргөн жокмун
Сен дагы болгондурсуң алда кандай?»
Арстан үңкүрүнөн күңгүрөндү:
«Кайраным, жойпу түлкү, келгин деди.
Отуруп бир азыраак кеңешели
Агаңдын ал турмушун көргүн» деди...
«Угайын айтканыңды, арстан агам,
Укмуштуу үңкүрүңдө жаткан агам.
Бирок да кирген из көп, чыккан из жок,
Чоочунам жаныңызга кантип барам?»
Деп айтып түлкү кетти качкан бойдон,
Какшыктап арстанды айткан бойдон.
Өкүнүп өз ичинен күңгүрөнүп,
Арстан да кала берди жаткан бойдон.

*1937-ж.*

## ЖЫЛАН МЕНЕН БАКА

Ийнинде жаткан жылан сойлоп чыкты,
Ийрилип, көп толгонуп ойноп чыкты.
Топтошуп суу четинде чардап жаткан
Жутууга бир баканы ойлоп чыкты.

Аралап жашыл чөптү келе жатты,
Астыртан бака сууга кире качты.
Арбоого ал баканы амал менен,
Айлакер жылан дагы сөзүн айтты:

«Бака-бака балчак,
Башың неге жалпак?
Баатыр бака болсоң да,
Башкалардан жалтак.

Бутуң неге ийри,
Көзүң неге тосток?
Дос болобуз экөөбүз
Сыр алышып турсак.

Ийри-буйру бутуңду,
Түз кылайын, оңдоюн,
Жутам десем досумду
Өмүрүмдө оңбоюн.

Тосток болгон көзүңдү,
Оң кылайын, эмдейин,

Жалпак башың оронот
Эң асылын селденин.

Көркүң чыгып жайдары
Сулуу бака болосуң.
Көрүнгөндөн жашынып,
Коркконуңду коёсуң.

Келгин, бака, жаныма,
Бир берейин батамды,
Бардык күчтү жумшайын
Сактап жүргөн качанкы».

Сыр чечип, айтканына көндү бака,
Жылмайып суу ичинен күлдү бака,
Жылуу сөз укканына сүйүнгөндөн
Жыланга тилек менен келди бака:

— «Тынбай казан көтөрүп
Башым жалпак болуптур,
Жайдак атка көп минип
Бутум ийри болуптур,
Кароолду көп карап
Көзүм тосток болуптур.

Ушул көздөн уялып
Суудан чыкпай жүрөмүн,
Ушул буттан уялып
Жерге баспай жүрөмүн,
Ушул баштан уялып
Элге батпай жүрөмүн.

Эгер бутту түзөтсөң,
Айтканыңа көнөйүн,
Башка селде чалынып
Бир көркүмө келейин,
Эгер көзүм оңдосоң,
Бүт дүйнөнү көрөйүн.

Көмөк көрсөт жакшылап,
Достугуңду билейин,
Жандан коркпос эр болуп,
Жайдары басып жүрөйүн.
Кулаалынын, куйкөнүн
Бир азабын берейин».

Деп айтып бака сууда чардай берди,
Оп тартып аны жылан арбай берди.
«Ал эми батаңды бер» деген кезде,
Арбаңдап бака оозуна кирип келди.

Умтулуп сойлоп келип жылан жутту,
Баягы түзөйм деген ийри бутту.
Бакырып бака шордуу эстен танып,
Басылбай бир кыйлага ыйлап жатты.

«Дос элек, жутпа мени, калтыр» деди,
«Бузбагын досчулуктун салтын» деди,
Аңгыча алкымынан жутуп алып,
Акырын жылан ары сойлоп кетти...

*1937-ж.*

## МЫШЫК МЕНЕН МАЙ

Ачка мышык мыёолоп үйгө кирди,
Аңдып келип илинген майды көрдү.
Ууртунан шилекейи чууруп кетип
«Эми мына, тойгуча жеймин» деди.

Жетүү үчүн асылып, көп тырмышты,
Жеталбады. Чарчады. Үйдөн чыкты.
«Сасып кеткен май экен, ким жесин» деп,
Шашканынан калп эле сүйлөп чыкты.

*1937-ж.*

## БУЛБУЛ МЕНЕН ГҮЛ

*Булбул:* Сен болбосоң менде тил жок
Сайрай албай кетемин.
*Гүл:* Сен болбосоң менде күн жок
Саргаямын, өчөмүн.
*Булбул:* Сайрап турган ушул күүм
Жарашыктуу сен менен.
*Гүл:* Жайнап турган ушул күнүм.
Таттуу чечен тил менен.

*Булбул, Гүл:*

Жадыраган бул турмуштун
Эркеси биз, көркү биз.
Сен жайнагын, мен сайрайын,
Саймалансын өлкөбүз.

*1937-ж.*

## КЫРГЫЗДЫН АЛАТООСУ

Жайы-кышы кетпеген
Мөңгүсү бар Алатоо,
Асман менен тирешкен
Белгиси бар Алатоо.

Балдан ширин туп-тунук
Булагы бар Алатоо.
Тукабадай кулпунган
Тулаңы бар Алатоо.

Аскалардан ышкырган,
Улары бар Алатоо.
Ак пахтадай чубалган
Тумаңы бар Алатоо.

Ала барчын, курч текоор
Бүркүтү бар Алатоо.
Таштан-ташка секирген
Түлкүсү бар Алатоо.

Арча, кайың, карагай
Четини бар Алатоо.
Асман тарап өстүргөн
Көкүлү бар Алатоо.

Алатоонун арасын
Айбандары жойлогон,
Аюу, жолборс, сүлөөсүн,
Аралашып ойногон.

Чымчыктары сайраган,
Маралдары маараган,
Эчки, теке топтошуп
Ээн тоону жайлаган
Эмиресиң көргөндө
Эң тамаша айланаң.

Кекилиги, чилдери,
Кызыл-тазыл гүлдөрү,
Көңүлүңдү көтөрөт.
Куштун салган үндөрү.

Жаркыраган күмүштөй
Кары сонун Алатоо,

Салкын жели бетке урган,
Таңы сонун Алатоо,
Жаш бетеге оттогон
Малы сонун Алатоо.

Маң-маң баскан чуудалуу
Төөлөрү бар Алатоо,
Топ-топ болуп ээричишкен
Чөөлөрү бар Алатоо.

Куйрук жалы төгүлгөн,
Кулан сындуу семирген,
Жүгүргөнү шамалдай
Кулун, тайлар элирген
Жылкысы бар Алатоо.

Алтын, күмүш эшилген
Кендериң бар, Алатоо,
Көздөгөнүн койбогон
Мергениң бар, Алатоо.
Душман жойлоп өтпөгөн
Чебиң сонун, Алатоо,
Тулку бою темирдей
Элиң сонун, Алатоо.

Сталин деп ырдаган,
Үнүң сонун Алатоо.
Бүт дүйнөнүн көркөмү —
Түрүң сонун Алатоо.

Комуздарын сайраткан,
Ырчыларың, Алатоо,
Аска менен жүгүргөн
Уучуларың, Алатоо.

Балбылдаган көздөрү
Кыздарың бар, Алатоо,
Асман менен айланып
Учканың бар, Алатоо.

Айлык жерге талбаган
Тулпарың бар Алатоо.
Баатыр балдар өстүрүп
Бешик болдуң Алатоо.
Күн чыгышка кирүүгө
Эшик болдуң Алатоо.

Канча кылым картайган,
Жашардың го, Алатоо,
Кайгың кетип ичиңден,
Тазардың го, Ала-Тоо!

Ай-ааламды асмандан
Тең карайсың Алатоо,
Алтын нуруң жиберип
Сен карайсың, Алатоо.
Ата Сталин көркүнө
Сен карайсың Алатоо.

*1937-ж.*

## МАЙДАН ЫРЫ

Жайнап өскөн гүл мына,
Жашыл сайма түр мына,
Жаркыраган алтын туу
Жайдар сонун күн мына.

Булбул сайрап талдагы,
Чолпон балкып таңдагы,
Өлком бүгүн шаңданат:
Жыргал, күлкү майрамы.

Кызыл-тазыл кийинген
Кыз, келиндер бир сонун,
Кырка-кырка тизилген
Жаш берендер бир сонун.

Асман менен айланган
Канаттуулар бир сонун,
Жаркын турмуш сакчысы
Жарактуулар бир сонун.

Эркелеген таалайга,
Элим бүгүн каткырат.
Эркин өсүп тапталган,
Шумкар бүгүн талпынат.

Жер жүрөгү Москвадан
Күүлөр ширин тартылат.
Тулпар минген Климдиң
Куттуктоосу айтылат.

Бут өлкөгө угулган
Тулпарынын дүбүртү.
Сайрап турган музыка
Салтанат күн бүгүнкү.

Мавзелейден көрүнгөн
Эр Сталин киши ошол.
Эч душмандан жеңилбес
Элдин кайрат, күчү ошол.

Өчкөн шамды жандырып,
Шаң киргизген киши ошол.
Өлгөн жанды тирилтип.
Жан киргизген ошол.
Суусуз чөлдү гүлдөтүп,
Суу жүргүзгөн киши ошол.

*1937-ж.*

## МУГАЛИМ

Алтын билим, өнөрдүн
Сүтүн берген мугалим,
Аябастан эмгекке
Күчүн берген мугалим.

Караңгыны билимге
Сүйрөп чыккан мугалим,
«Калам, кагаз алгын» деп,
Сүйлөп чыккан мугалим.

Жаңы заман балдарын
Машыктырган мугалим,
Жан-жүрөктү өнөргө
Ашык кылган мугалим.

Келечекте тулпардын
Саяпкери мугалим.
Миң-миллион бөбөктүн
Талапкери мугалим.

*1937-ж.*

## ГҮЛ ТУРМУШ

**(Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун 1-декадасында ырдалган)**

Гүл турмушта жадырап,
Күлө турган кез ушул,
Күн нурунда сайрандап
Жүрө турган кез ушул.

Эл достугу аскадай
Бузулбаган кез ушул.
Эркин учуп туйгундай,
Кыз ырдаган кез ушул.

Тоонун жашыл гүлүндөй
Өмүр өскөн кез ушул.
Толкуп жаткан деңиздей
Көңүл өскөн кез ушул.

Түркүн гүлдү таалайдын
Түбөлүккө ачылган.
Гүлгө нурун жиберген
Күн — Сталин акылман.

*1939-ж.*

## КУЛААЛЫ

**(Тамсил)**

Талааны, өйдү кыдырып
Салпактап учуп эңиштеп,
«Күчмүн» деп ойлоп бул дагы
Кулаалы чыкты жем издеп.

Чабыттап алыс кетпеди,
Чалыкты, жемге жетпеди,
Салпылдап кайып келатып
Шумкарды көрдү көктөгү.

«Кантмекенде коркуп турайын
Канатым болсо менин да,
Амалын таап сермесем,
Ал шумкар менин жемим да».

Аңдоосуз келип кулаалы
Артынан тийип өттү эле,
Ажырап түштү канаты
Айланып шумкар тепти эле.

*1941-ж.*

## ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК

Байыркы бир заманда эл бар экен
Өзүнчө эркин, ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап гүл жадырап
Башкача сонун жерди мекен кылган.

Ал жылы күчтүү жоолор каптап кирип
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойроңдоп эчен кымбат ордолорду
Олжолоп алып кетип сулууларын.

Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.
Бардык күч, бардык мүлкүн сарып кылып
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.

Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп
Киришти эмгегине күн өткөрбөй.
Көтөрүп бай дубалын келген кезде
Кайрадан кулап түшөт жар көчкөндөй.

Калың журт кайгыланды, кансырады
Катардап көтөрө албай бай дубалды.
«Себебин бул укмуштун ким табат» деп
Ырчылар жар чакырды, күүгө салды.

Бири айтты: «Асыл таштан койгун» деди,
Бири айтты: «Ак боз бээ сойгун» деди,
Асыл таш алтын менен койсо дагы
Токтобой дубал көчүп кулай берди...

Тартышты капаланып калк убара,
Ойлонуп табалбады көп улама.
«Мен чечем бул түйүндү» деп сүйлөдү
Жалаң бут, ак сакалдуу бир карыя.

Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен,
Акылы алмас менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга
Калайык жабылышып кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:

— Калп болбойт карыяндын айткан кеби
Калайык, акылыма көнсөң,— деди,
Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою,
Тирүүлөй бир кишини көмсөң,— деди.

Башка сөз айтканы жок, басып кетти
Карыя кайырдашып колун булгап.
«Кандай» деп эки жолу сурабастан
Баштарын жерге салды эл туңжурап...

— Кайсыл эр бул кызматка чыгар экен
Бул дубал эр канына кумар экен,—
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып
Күн бою жар чакырды эчен-эчен...

Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жаман тонун чечип салып:

— Уктум да шашкан бойдон келдим,— деди,
Мен даяр тезден гана көмгүн,— деди,
Арманым дүйнөдө эч калбайт го
Жарасам керегине элдин,— деди.

Жаш бала бай дубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы
Боздогон муң-кайгылуу үн угулду...

Бир караан шашып чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун
Алпештеп «айнегим» деп эркелеткен.

— Кулунум, кучактайын, мында келчи,
Кууратпа карыганда апакеңди.
«Көмбөгүн, жалгызымды көмбөгүн» деп
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди...

Ыйлабай, көз жашыңды тыйгын, эне,
Ырайым жетимиңе кылгын, эне,
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап жатат керегине...

Уулуңдан убай көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнадың, бакпадыңбы?
«Эркетай, элиң үчүн курман бол» деп
Эч качан унутпаймын айтканыңды.

Энеси элге карап сөз баштады,
Маанисин байкап туруп айткан кептин:
— Ата журт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!..

Жалбарды жалгызына, беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен
Көмүүгө баласына кумду септи...

— Энеке, бул кылганың адамчылык,
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып...

Коштошуп өбүшүштү эне-бала
Кайраты бул экөөнүн ташкан дарыя.
Кум толуп алкымына келген кезде
Шып этип жетип келди да карыя:

— Көмбөгүн бул баланы, ачкын — деди,
Чеп курбай үй-үйүңө кайткын,— деди,
Көтөрбө чеп коргондун кереги жок
Кордукка мындай балдар бербейт элди.

Киришсе ким да болсо чеп тургузат,
Чеп — ылай, каптап кирсе, душман бузат.
Балдарың баары ушундай өсүп турса
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат!?.

— Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран
«Чеп жок» деп, кайгы тартып, кам санаба,
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек,
Турганда мындай эне, мындай бала!..

*1942-ж.*

## ТИЛЕГИМ

**(Балдар ыры)**

Атам Манас сыяктуу
Эр болсом деп тилеймин,
Душман кечип өтө албас
Көл болсом деп тилеймин.

Кожожаштай көзгө атар
Мерген болсом жазбаган,
Баатыр болсом Чубактай
Басынып жоодон качпаган.

Кыргынды салсам душманга
Дүйшөнкулдай тайманбай.
Айкырып тийип качырсам
Алмамбет жоону сайгандай.

«Элге кызмат кылгын» деп
Энем мени төрөдүң.
Чолпонбайдай шер болуп
Көпкө тийсе керегим!

*1943-ж.*

## «САГЫЗГАН САКТЫГЫНАН ӨЛБӨЙ, СУКТУГУНАН ӨЛӨТ»

**(Тамсил)**

Сай жакалай сагызган
Салпактады эңиштеп,
Кекең-кекең жорголоп,
Келе жатты жем издеп.

Көк жылгага жолукту
Көк шибери көйкөлгөн,
Жергеси толгон калың бак
Жемиши бышып эңкейген.

Ээлеп ушул жемишти
Консом деди сагызган,
Эрким менен той-тойлоп
Тойсом деди сагызган,

Шум сагызган шектенип
Кайра качты артына,
Тыя албастан напсисин
Түштү суктук наркына.

Эки көзү кызарып
Алкы шумдун бузулду,
Бакта бышкан жемишке
Башын салып жутунду.

Жемиш эмес, мойнуна
Кылтак түштү, муунду.
Сактыгынан өлбөстөн,
Суктугунан кырылды.

*1943-ж.*

## ЖЕР АЛГАН КЕДЕЙЛЕРГЕ

**(1927–1928-жылдары Түштүк Кыргызстанда жер төңкөрүшү жүргөндө «Жер төңкөрүшү» гезитине сүрөтү менен чыккан).**

Тоодо көчмөн эл элең,
Чоң курсак байга жем элең.
Узун түн кылып кызматты
Кешигин байдын жээр элең.

Киренди кирип бир байга,
Бир эчки алып алты айга,
Күнү-түнү тыным жок
Жүрдүңөр кыйла убайда.

Чоң курсак байлар черденден,
«Беш эчки саан бергем»— деп,
Камчысын үйрүп келүүчү
«Коңумду чаап бергин!»— деп.

Бай менен молдо биримдик,
Көзүңдү таңып зордогон.
Далдаа кылып кудайын
Жолуңду минтип торогон.

Жайында жайлоо көрбөдүң,
Көөмөйүң катып чөлдөдүң.
Какталып күнгө иш кылып,
Залимге кеткен эмгегиң.

Жонуңду күнгө кактадың,
Байлардын тамын сактадың.
Эмгегиңен ажырап
Бир күн тынып жатпадың.

Мынакей, келди төңкөрүш,
Кедейге арнап жер бөлүш.
Бул ишке мынтип жол ачкан
Улуу Октобур Көңкөрүш.

Келди кедей, заманың,
Колуңа тийип амалың
Бай, манап калса жашынып
Айдатып барып камагын.

*1927-ж.*

## ЖАЗ

Түрүп билек дыйкан кошко камынды,
Агын суулар алдас уруп чамынды,
Түлөп түшүп жексен болду ак тери,
Жердин бети жашыл кымкап жамынды.

Чарба малы эгиздеди, төлдөдү;
Колун булгап эмгек элди «кел» деди.
Азып эти сагалаган баяны,
Арык-торук кең өзөндү өрдөдү...

Мейкин талаа кызыл гүлгө көмүлдү
Кубандырып кайгы баскан көңүлдү.
Тоюндуруп арык, ачка калганды
Шаттандырып жемиш жерге төгүлдү.

Кең талааны атыр жытка чөмдүрүп,
Эркеленди алпештенип жел жүрүп,
Нурун чачып жерде жүргөн эмгекке,
Көк деңизде кулач урду күн күлүп.

Жан-жаныбар эмгек жакка агылды,
Алып шайман жумушуна камынды.
Көркөмү жок кыш маалында кокойгон
Карагай да мончок, акак тагынды.

Арык казды, Тейтек кетмен саптады,
Алып шайман эмгектенди, жатпады,
Залим кышта жамап-жазгап жамынган
Жаман тонун койчу чечип таштады.

Шымаланып эмгекчилер эринбей,
Жатып ичкен жалкоолукка берилбей,
Жердин бети жыбыраган аракет
Калганы жок эмгек жакка теминбей!

Жадырады жердин бети кубанып,
Коолдолуп кызыл, жашыл куралып,

Салкын ава, күлүк жели күлүңдөп
Эч булут жок көк аскада тунарып.
Сайрап куштар, обон кошуп үн салды,
Жайды жактап, жамандады ак карды,
Көз кайкытып, кызыл-ала түрдөнүп
Тоо бооруна сайма түрүн жапты.

Эмгегиңди талбай кылгын, Тейтегим,
Эсте болсун келер күнүң — эртегиң!
Мактап сени эртели-кеч кашыңда
Тынбай сайрайт кубулжутуп эрмегиң.

*1928-ж.*

## ЖАЗ КОЙНУНДА ЭМГЕКЧИ

Ышкырып салкын жел айдап,
Ыргалып дарак бүр байлап,
Төш боорунда саймадай,
Байчечекей гүл жайнап.

Турганда туулуп сулуу жаз,
Суу бойлоп учуп коңур каз,
Бөөлүп күндүн нуруна,
Алганда көркү тоо да таш.

Энчиси жердин тийгенде,
Кызыл-көк кымкап кийгенде,
Элирип кагып, чамынып
Эмгекти жүрөк сүйгөндө,

Куугунун жеп шамалдын,
Куу булут тоого мингенде,
Алдастап, моңкүп, оргуштап
Сай жайпап суулар киргенде.

Эмгекчи алып шайманын,
Койнунда жаздын эркелеп,
Бошотпой чыңдап дарманын,
Турмушту турат бекемдеп.

Трактордун көк түтүн
Жармашат көккө энтелеп,
Калбасын эмгек күн өтүп,
Камынгын, дыйкан, эртерээк!

*1929-ж.*

## КҮМҮШ КҮБӨК

**(Пахта көрүнүшүндө)**

Алтын нур, күмүш күбөк аралашкан,
Коргондо көтөрүлүп көңүл ташкан.
Түрдөнтүп кең талааны алда нече,
Түмөндөп шаңкылдаган эмгек баскан.

Капталып кара жерге селкилдеген,
Чайпалып жүргөн желге эркиндеген,
Алыстан көз жиберип карап турсаң
Ыргалып бир ыңгайга көлкүлдөгөн.

Эсирип булбул сайрайт конуп талга,
Дем берип эмгек кылган баатыр жанга,
Жаркырап күмүш күбөк да чайпалат —
Болгондой көңүлү шат салган анга* .

Кетменди кере шилтеп кара жерге,
Кайраттуу кызыл дыйкан, катуу демде!
Колунан күмүш күбөк өнүп өскөн,
Ачылса ак пахтасы баткан кенге!

*1929-ж.*

## КЫРМАНДА

Саратан сайрайт, күн кайнайт,
Керимсел толкуп жел айдайт,
Сарманат* талаа өңдөнүп
Эмгекти сүйүп тил байлайт.

Ак бешилик, ак саман
Түмөндөгөн сан караан,
Кызылын ылгап бир жакта
Жемиштер толуп сандаган.

Шыгырап алтын ылганып,
Шыманып абам чыңданып,
Эмгектин казып маңызын
Тырмоочу шыңгыр ырдалып.

---

* Ан (ан) – казакчадан алынган, «абды» маанисиндеги сөз.
* Сарманат – манат-кымбат баалуу ноотунун бир түрү. Талаа сары манатка салыштырылган.

Көз бүркөп закым тунарып,
Ойноктоп көктө буралып,
Ошондо абам күч байлайт
Колуна балбан кубанып.

Сермелип тынбай бешилик,
Зыңгырап жатат чертилип,
Абакем талбай эмгектен
Маңдайдан тери көшүлүп.

Күн жалын көктө турганда,
Ысык жел бетке урганда,
Күлгөнү талаа жаңыртып
Күжүрмөн абам кырманда.

*1929-ж.*

## ЖАЙ

Арылып ак көрпөдөн жердин бети,
Кубулду эски жүнү, толуп эти.
Жайпалып жай кучактап, экиленип,
Жел жүрсө долуланды көлдүн чети.

Жадырап ойноп чыкты жандын баары
Жоголуп ызырынган кыштын каары.
Койчунун самсаалаган катар-катар,
Өрттолду көк дөбөгө жаман таары.

Көк мончок шагын ийип басты талды,
Көтөрүп колтугунан алсыз жанды.
Толкундап жаздын маалы көңүл сыйлап,
Ороду жашыл чөпкө аңды-жарды.

Айдады дыйкан кошун, деп тердеди,
Элигип эмгек күзөп жер тердеди,
Төбөдө аба жарып тынбай торгой,
Дыйкандын тил кайраган ал эрмеги.

*1929-ж.*

## ЖАР ТАШТА

Жер бетин караңгылык каптап баскан,
Жел жүрсө өсүмдүктөр атыр чачкан.
Кадалган жымыңдаган сансыз мончок,
Булутсуз шаттык басып турган асман.

Жүрөктү солкулдатып азоо тайдай —
Угулду муңдуу дабыш аска таштан.

Жетүүгө күндүзгүдөй аска ташка;
«Жекирип» түн өкүмү камайт «баспа!»
«Муңданган кандай пенде болду экен» деп,
Жуулду албыр бетим жылуу жашка.
Капалуу муңдуу дабыш толкундаса,
Зыңгырап үнүн кошту көп жар таш да.

Токтолуп дегдеп көңүл, тура албадым,
Адымдап, беш бармактап ташка бардым:
Жөлөнүп куу арчага агып жашы,
Бир бала кучагында ысык кандын;
Жалындап, чабалактап эт жүрөгүм,
Жалбарып сүртүп жашын алдыма алдым.

Уу камчы тийген шак-шак, жарык башы,
Баланын «Туткуч» экен билдим аты,
Жалданып бай колунда жаштайында,
Чырмалган жаш жүрөгү муңга катуу.
Камчылап бай үйүнөн кетиргенде,
Калкалап турган экен тоонун ташы.

Шорголоп, бетин боёп аккан каны,
Үн чыгат уңулдаган кетип алы,
Сооротсом күчөп ыйлайт кагып өпкө,
Чымырап бүткөн боюм кетти баары.

Толкуну бетин жууду аккан кандын,
Алсырап акылыман мен да тандым.
Зыпылдап жели жүрүп, сайрап торгой,
Билинди бир белгиси атар таңдын.
Көтөрүп жаш Туткучту аркама алып,
Сооротуп, эркелетип үйгө алпардым.

*1929-ж.*

## КООНЧУ

Саратан күүсүн чалганда,
Керимсел курчап алганда,
Так маңдайдан шорголоп
Абамдын тери тамганда.

Күн жалын болгон кезинде,
Элестеп эмгек көзүндө,

Кетмени болот шыңгырап,
Тынбаган эрте-кечинде.

Кара жерди каңтарып,
Каржалбаган жалтанып,
Кара топурак эшилип,
Кетменинен май тамып.

Жеңекем кылып жарманы,
Жегенге дагы бар наны.
Кара аяктап шилтесе —
Абамдын кирип дарманы.

Түп ортосу күүгүмдөн,
Эмгекке шашып жүгүргөн,
Тер сергитип дем алар
Чөп алачык тигилген...

Ачылган гүл жашыл бак,
Арада булбул такылдап,
Көңүлгө кошуп сүйүнүч,
Бир жактап кетмен чакылдап.

Шатталып эмгек уюгу,
Кыялдын тынып куюну,
Чер күбүлүп шаң болуп,
Көңүлдүн жанып уюлу.

Эмгеги бошко чачылбай,
Карынды жыктап ачырбай,
Дарбыз, коон быжырап,
Жатышат сайдын ташындай.

Жеңгенде эмгек, күрөшүң,
Эмгектин соруп ширесин,
Ысыкта чаап кетменди
Азыр да жыргап жүрөсүң!

*1930-ж.*

## АРЫМ

Калтардай түр кийинген көк ыраңы,
Буралган бетегеси, чөп тулаңы.
Самсаалап ар жылгадан ыргып чыгат
Седептей чагылышкан миң булагы.

Коргондо көз уялткан дөңсүз жайык,
Үстүндө чарбалары малын жайып,

Эгерде асылданса мал тукуму
Калбайт дейм кең Арымда эч бир айып.

Оргуштап тең ортодон агат суусу,
Берметтей көбүк көлкүп, атып буусу,
Учкан куш, жайылган мал, жүргөн адам
Шаттанат, жадырашат чыгып чуусу.

Эмгекчи ысык чөлдө орсо буудай,
Жалмаңдап курчтан бүткөн орок тынбай,
«Эс ал!» деп эркин талаа, аккан суусу
Чакырат күлүмсүрөп колун булгай.

Бир кезде ошол жерде мен да жүргөм,
Тепки жеп дүлөй турмуш, залим күндөн.
Жалгыз-ак Арым мени эркелеткен
Арылтып көкүрөктө каткан кирден.

Агызгын эгиндикке айдап булак,
Түр берип, мөлтүлдөтүп курак-курак.
Сууңдан кере жутсун буудай, арпа
Ачылсын жана дагы пахта булап.

Бул катым как өзүңө барсын жетип,
Угулсун бардыгына сенден өтүп,
Уюшкан жайыктагы колхоздорго
Сууңдан берип тургун күпүлдөтүп!

Бириккен койнуңдагы элиң калың,
Жоготуп, мите тумшук залим табын,
Машина-трактору ишке кирип,
Кылышсын келээр жылдын эрте камын.

Түрдөңгүн, жаңы шаани койнуңду ачсын,
Бетиңди маданият буусу бассын,
Эскиден бойду тартып эркин силкин,
Эмгексиз жексен болуп алыс качсын.

Ылдамдап жүрөк согуп өөрчүп каның,
Күпүлдөп кубат берип эмгек алың.
Арнадым ушул катты алдыңызга,
Бир кездe кирим жууп, баккан Арым.

*1930-ж.*

## ТЕМИР ТУЯК ТУЛПАР АТ

Кече миндим Фрунзеден
Темир туяк тулпар ат.
Акырын гана термеп тык-тык
Миң-сан элди алпарат...
Жолдун бою көркөм келбет,
Жашыл макмал чар тарап.
Эмгек журот колдо балка,
Чоюн, болот талкалап.
Ойлоп турсам көз жиберип,
Өстүк өрчүп күн санап!

Кара түтүн кайнап чыгып
Паровоздон асманга.
Сайрап талаа күүгө салат,
Алтын буусун чачканда!
Минип алып кош темирге,
Ыкчам урган таштан да!
Алып келди тешкен тоого
Күн кылкылдап батканда.
Үңкүр ичи үнгө келди,
Сойлоп поезд чапканда.

Түтүн бүркүп күпүлдөтүп,
Буу буудапын жүргүздү.
Шамалдатып, куюндатып,
Жолдун боюн күлгүздү.
Алып келет арбай, талбай
Темир тулпар, ал күчтүү!
Кудук казып кумда казак
Какшып жүргөн эзелден,
Бүгүн көрсөң андай эмес,
Жашыл талаа безенген.
Чоюн келип кыяк күүгө
Ашкан тилдүү чеченден.
Кезегинде жалын кусуп,
Карт-карт катуу жөтөлгөн,
Арыш уруп, айгай салып,
Сан миң жүктү көтөргөн.

Эмгек кызып жол үстүндө
Шарак-шарак кайнаган.
Кызгалдактар кымың уруп,
Кызыл манат айланаң!
Жаңы турмуш балбандары,

Наадандыкты байлаган.
Көрүп гана көңүл канып,
Кубангандан таң калам.
Каным жүрөт эмгек үчүн
Жашылданган сары талаам,
Эми сенден, эски турмуш,
Өткөн-кеткен өчтү алам!

*1930-ж.*

## ЭМГЕККЕ ЖҮРӨК ТОЛКУДУ

Кең талаа бети керилген,
Ак алтын толо себилген,
Кыялга кыткы жармашып
Тиледи шаттык көңүлдөн.
Шарактап кайнап шаң менен,
Эмгектин көлү көбүргөн.

Айланып келип мезгили
Ак пахта жайнап терилген.
Эмгектеп эже, жеңемдер,
Чубады алтын өңүрдөн.
Кыштактан кызуу күү чыгып
Жүрөктүн челин кемирген.
Кыштактар шаани чулгады,
Кымыңдап колун булгады,
Ар бекетке жаркырап
Толду пахта кырманы,
Кыз, келиндер эмгектеп
Купуя* көзүн ымдады.

Куюлушкан үн менен,
Толкуп жүрөк ырдады.
Бөпөлөп көңүл кыйгыр
Сермеди эмгек чырганы.
Пахтанын ичин саймалап,
Тагышты маржан сырганы.
Жаңынын болгон жаркыны,
Мен ошонун курманы.

Коргондо эже, жеңемди,
Көңүлдүн бою көгөрдү.
Этектеп пахта эрте-кеч,
Адымдап алга жөнөлдү.

---

* Купуя — жашырып.

Жацынын жаңы балбаны,
Тулпарга бизди өңөрдү.
Большевик берип кеңешти,
Башкага чарба теңелди.

Аткардык ыкчам көп ишти,
Пахтаны кыштак териштн,
Кызыл кыштак, фабрик
Кучакташып обүштү.
Кумдуу талаа көк болуп,
Агызды суудай жемишти.
Ак алтын кирип заводго,
Эмгектин сүтүн эмизди.
Эпкиндүү топтор түмөндөп
Кыштакты коздой келишти
Эмгектин досу жумушчу,
Дыйканга салам беришти.

Тулпар туяк, куш канат
Кызыткан кези таманды.
Тартипке түшүп сан жумуш,
Пландуу чарба саналды.
Кулактын малы тыптыйпыл
Түп котөро алынды.
Баарысын эмгек жетелеп
Бузуктан толгоп кан алды.

Күлгүн ала гүл менен,
Саймалуу жашыл түр менен
Кыштактар кымың жасалды,
Гармондой шаңдуу үн менен,
Эмгекке жүрөк толкуду,
Эжемдерде күч кенен.

*1930-ж.*

## ЧҮЙ ТАЛААСЫ

### I

Эзелден тозоң кум баскан,
Айдагар* апчып, чаң баскан,
Алсырап, кургап таңдайы
Кубарып, боздоп, муң каккан.
Сур бети миң түр бузулуп
Суналып тилсиз тим жаткан.

* Айдагар — казакчадан алынган сөз, кыргызчасы — ажыдаар.

Ышкырып жылан тил салып,
Ийрилип, катмар курчалып,
Ызылдап чаян жык толгон
Койбогон бир аз тынч алып,
Тунарып талаа боздогон:
«Не жазык менде мынчалык!»

Кычанып аяз зырылдап,
Ач бөрүдөй ырылдап,
Кайгыга кайгы кошулуп,
Зар чалган кыңк-кыңк ыңылдап,
Какшаса күн-түн үн салып,
Койду беле ким тыңдап?

Кабары жок эч кимдин,
Какшанып өзүң эчкирдиң.
Көз ачпай, чөгүп сулк болуп
Капаңды ичке жепкирдиң
Арылбай ушул абалдан,
Батканын көрдүң көп күндүн.

Силкинип колтук кере албай,
Сиңирип жемиш бере албай,
Зилдеди жүрөк чер болуп,
Тепкиге, тилге көнө албай,
Жата бердиң дабышсыз
Көкүрөк ачып дем албай.

Жайкалбай жашыл бетинде,
Жаралуу тамга этинде,
Пайдасы тийбей чамынды
Ташкындап дарыя четиңде.
Жалдырап көзүң тамшандың
Көк сымап суугa жетүүгө.

Кытайга элиң качканда,
Кыйратып зулум атканда,
Боздогон үн, ызы-чуу
Жер күңгүрөп жатканда,
Аңгырап ээн сен калдың
Угулуп зарың асманга.

Кытайда элиң сандалды,
Барбаган жери калбады,
Колунда жаттын кармалып,
Кор болду, күйдү, зарлады.

Балдарын сатып токочко,
Жандарын колго кармады.

Ачкадан кыйрап кырылды,
Арыкка, аңга тыгылды.
Жаш кызын сатып ыйлатып,
Муңдары санга угулду.
Далай күн, далай түн жүрүп
Өзүнө кайра бурулду.

II

Бетиңде жашыл жайпалат
Эгинге толуп чартарап,
Күрпүлдөп аккан дайрадан
Арыктар келген аркырап,
Көлкүлдөп агат күмүш суу
Бетиңде сенин жалтырап.

Айланаң түмөн чуу баскан,
Машина чуркап буу баскан.
Үстүндө эмгек шакылдап
Санатып миң түр гүл таккан
Эгиндер толуп көйкөлөт,
Кадырлап аны ким баккан?

Музыка үнү үндөнду,
Алдейлеп сүйдү кимдерди?
Эмгектин козгоп жүрөгүн,
Кан шилеп бетке түр берди,
Көргөндө көзүм ойнолот
Бетиңде ачкан гүлдөрдү.

Чаяндар житип кум болду,
Айдагар өлүп көң болду,
Аластап чирик-эскини
Кайнады эмгек, жык толду.
Үн салат жалчы эрте-кеч:
«Жүрөгүм достум бер колду!»

Тырактыр мөңкүп чуркашты
Сүрүнөн эски бут качты,
Койкоюп минип абамдар
Сансыздап алтын гүл такты.
Сайрашты шаңшып көкөлөп,
Торгойлор сайрап үн какты.

III

Жашыл чөп сайма гүл алган,
Сарала кызыл түр алган,
Сайрашып, шаңшып эрте-кеч
Кубултуп токсон күү чалган.
«Жалчылап» колтук керишип,
Сызылтып ырдап үн салган.

Курулуп колхоз дүрүлдөп,
Көөрүгүн үйлөп гүүлдөп,
Жоголду эски тыптыйпыл
Өңгөчү түшүп кирилдеп.
Кайнады талаа кашкайып
Үстүндө добуш күрүлдөп.

Сымап суу агып шыңгырап,
Күүлөрү күңгүр кыңгырап,
Кагылды эмгек кайнады
Кетмендер болот шыңгырап.
Силкинди талаа эскиден
Чала жан жаткан аңгырап.

IV

Эмгекке элиң жабылып,
Кетмендер бата чабылып.
Кыштактар жаңы орноду
Кызыл нур шамдар жагылып.
Оргуду түтүн кайнады,
Заводдон гудок ак уруп,

Жаңыдан жаңы курулуп,
Шаңданды талаа кубулуп,
Бетиңде тозоң-кара көө
Эмгектүү терге жуулуп,
Карасаң жашыл боз талаа,
Кадимки турган муң улуп.

Ак алтын кендир айдалды,
Жемиштеп талаа майланды,
Жаңы күн, жаңы курулуш
Салды белем майданды.
Эгиндер көгүн сеңселте
Сур талаа келбет байланды.

*1930-ж.*

## СИЛКИНДИ

I

Магдырап баш көтөрбөй жаткан уктап,
Чаңдаган тепсерүүндө карып кыштак,
Мекендеп... бөйөн-чаян ыңылдашып,
Мерездей жаралаган жайлап-кыштап.

Түн болгон... түшкөн туман ачылбаган,
Кан соруп, башка дабыш кышылдаган,
Туурда томоголоп эки көзүн,
Туйгунду туткун кылып учурбаган.

Кажынып каардуу аяз жалаңдаган,
Бук болуп «тердүү чеке» тыналбаган.
Сермелип туурдагы туйгун учса,
Муун бош, каргаларды кыралбаган.

Корсулдап жерди челип каман жүргөн,
Каткырып эркин-ээн жыргап күлгөн,
Агылып шуруланган чеке терден,
Тамганды соруп жатып курсак керген.

II

Уктаган умаштанып баш көтөрдү,
Көкөлөп сайган дарак көп жетилди,
Нур менен жазгы жамгыр аралашып,
Чаң-тозоң, чаян-бөйөн бүт кетирди.

Туйгун да көкөлөдү кагып канат,
Аралап алтын ава учуп барат,
Жым болуп... жүргөн аяз, житип туман,
Жер бетин мемиретти күн да карап.

улады, бой бойлоду... өксөп каман,
Күмүрөй!* түбү түшүп, күнү каран,
Кадимки «мончоктолуп» аккан терге,
Зыпылдап, алпештенип... жүргөн араан.

III

Жабылды маданият орноп жаңы,
Салынды заңгыраган кыштак тамы,

* Күмүрөй — куруп кеткир, жок бол.

Чамынды орчуп барат эмгектенип,
Өрт болуп, оркүндөлүп жаштын баары.
Жаңылар чыгып жатат ар түркүндүү,
Уланып билим эмгек бек тиркелди,
Арылып үстүндөгү чириктерден
Жаңырып «жаткан» кыштак да силкинди.

*1930-ж.*

**ТУРКСИБ**

Көрктөнгөн сырдуу келбетчи!
Тағылган жерге берметчи!
(Таза кан, талдуу тарамыш:
Жалпысын эмгек бермекчи).
Дүйнөгө жаңы туугузган
Турмуштун туусу — эмгекчи.

Тилсиз жаткан куу талааны
Тилдүү кылып шаңшытты,
Маданият көгүн чачып,
Жыпар жытын аңкытты.

Такырайган кум баскан жер
Бүгүн көрсөң башкача,
Майдан кылган агылган тер,
Сүрөттөйүн кыскача:

Шыңгыраган болот кетмен
Жерге бата чабылган,
Балка согуп Сергей, Иван
Маңдай тери агылган.

Талкан кылып аскаларды,
Ийилбес бел, булчуң кол,
Эмгек кайнап, күү сайралып
Зымырады чоюн жол.

Өлүк талаа жан байлады,
Уйкусунан ойгонуп,
Коргондордү желиктирди,
Цемент таштан жол болуп.

Күпө-күпө түтүн бүркүп,
Паровоздор бакырды,

Өтүп барат жашылдантып,
Суусуз жаткан какырды.
Белес-белес жаткан чыбыр,
Тартиптелип түзөлдү.
Түмөн эмгек кыбыр-кыбыр,
Шат кучактап күчөдү.

Көзгө илинбей вагондор
Чиркелешип чабылды,
Салам берип маданият
Кең талаага жабылды.

Жаңы курулуш белгилери,
Келди сызып, сандады.
Моюн алышып эмгекчилер
Чылбырдады, жандады.

Төөгө минип ысык чөлдө
Жапа чегип жүрүшкөн,
Кара, бүгүн кандай болду?
Темир тулпар минишкен...

Станциялар орношулуп,
Кирпич үйлөр салынды.
Боз талааны шаттандырып
Күмүш суулар агылды.

Турмуш эмгек кол кармашып,
Бир-бирине жүгүндү.
Мөөрөп, чуркап паровоздор,
Сүйүнчүгө жүгүрдү.

Беш жылдыкты төрт жылда
Аткарууга шерт берип,
Андан дагы ташкындатып
«Ашырам» дейт өткөрүп.

Чаңдан жаткан карып талаа,
Макмал түстүү кулпунат.
Курамын деп эркин заман,
Эмгек ээси булкунат.

Жемиш агып, эмгек колдон,
Жаңы катмар салынды.

Жел керимсел, кумдуу талаа,
Ийди башын, багынды.
Айда маршты, арбыт жолду,
Эмгекчинин Турксиби,
Маданият жол жоргосу,
Социализм түркүгү!

*1930-ж.*

## ЭРИК КЫЗЫ

Таң сүрүп жарык атканда,
Эрик жел ойноп чапканда,
Уяда жаткан үргүлөп,
Балапан канат какканда,
Каптап турган сур булут,
Кеткенде калбай асманда,
Көкөлөп учтуң шаң менен,
Нур жутуп эргип асманга.

Чарк айланып, чарк уруп,
Барабанды тарс уруп,
Кызылга бойду безедиң,
Белиңе кайрат тартынып —
Билимди жуттуң булактай
Сезимиң оюн артылып.
Канатың өстү жибектей,
«Ак саргыл жүнүн» калтырып.

Шаңшытып чалып комузду,
Сайраттың булбул добушту.
Саймалап келет маржандар
Шибердүү жаңы конушту.

Жибек саамай, акак тиш,
Салындың кызыл жоолукту,
Мойнуңда жагоо шерт менен
Жоготтуң эски жорукту.

Туш-туш жактан добулбас[1]
Чыгарды сонун көркүндү.
Мөмөдөй болуп мөлтүрөп,
Жаштардын шаңы өөрчүдү.
Куттуктап, мактап тоюңду
Жүрөктүн күүсү чертилди.

*1930-ж.*

---

[1] Добулбас — доолбаш доол, тоонун терисинен капталган барабан.

## МЕНИН ЫРЫМ

Менин ырым кимдер үчүн ырдалат?
Толкуп жүрөк кимдер үчүн ыргалат?
Күндүр-түндүр кубулжуган үн менен
Булбул дабыш кимди мактап күү чалат?

Мен ырдабайм кызыл алтын зер үчүн,
Мен ырдабайм напис бузуп мал үчүн,
Мен ырдаймын — кайрат болуп эмгекке,
Жалдуу жүрөк, жанган жалын эл үчүн!

*1930-ж.*

## КУРБУЛАРЫМА

**(Темиркул менен Жаныбекке)**

Ойлосом курбулуктун оту жалын,
Ойносок тай тулактай соруп балын.
Кээ бирөө «курбумун» деп кыт-кыт күлүп,
Максатсыз, ичи толгон арам карын.

Бирөө бар терең ойлуу, пейли кенен,
Бирөө бар чолок максат жүрөк жеген.
Кирели таптын кызыл майданына,
Өчпөгөн курбулуктун оту менен.

Курбулук келмек эмес бекер колдон,
Курбулук алтын баалуу торко тондон.
Курбулар! Алым кетип бараткандa
Алаарсың жанды таштап тартып колдон.

*1930-ж.*

## КУРБУМ КУБАНЫЧБЕК

Бирөө бар терең акыл, ойго кенен,
Бирөө бар, чолок максат, жүрөк жеген.
Кирели кызыл таптын майданына,
Өчпөгөн курбулуктун оту менен!

*1930-ж.*

## АЛДЫМДА БУУДАН АТ БОЛСО

Куштай учкан —
Желдей сызган,
Алдыма буудан ат минсем.
Жаныма кылыч байланып,

Шайманды тегиз камданып,
Кыл куйругун шарт түйсөм.

Бууданым башты чулгалап,
Мен күлсөм колду булгалап.
Турналар көктөн чуулдап
Алышса мени кубалап.

Качканга жетсем кармасам,
Кууганга караан салбасам.
Түрдөн-түргө өзгөрүп,
Сүйгөнүмдү тандасам.

Алдыма буудан ат болсо,
Бар тилек, талап так болсо.
Булбулдай сайрап ырдасам
Акынга тоодой бак консо.

*1931-ж.*

## АЙЫЛДАГЫ ЖАҢЫЛЫК

Эскини эзип жемирген,
Эркеси жаңы көбүргөн,
Сайрасын калам, уккула:
Санжырга бүткөн жеримден
Көргөндө эркин айлымды
Көңүлдүн чери терилген.
(Маданий-жаңы куралдың
Маңдайдан аккан териңден).
Макмалдай өңү кулпунат —
Маңдайда айлым көрүнгөн.
Орноткон түркүн ак тамды,
Тигишкен кырчын жаш талды.

Түрдөнөт айыл түмөнгө,
Түркүгү асыл таштанбы?..
Санаса санат жеткисиз
Жаңынын төлү башталды.
Жабыла эмгек дуу менен,
Жарышка тегиз аттанды.

Айдашып эгин, пахтаны
Трактор күн-түн жатпады.
Машина толуп чакылдап,
Кең талаа бетин каптады.
Айлымдын ичи албырып,
Кубанчы жерге батпады.

*1931-ж.*

## ЖҮРӨК

Муштумдай тарам — кызыл эт…
Түрс-түрс кагып жатпаган,
Ташып, сайрап,
Күү чалып,
Турмуш ырын жаттаган.

*1931-ж.*

## КӨРГҮМ КЕЛЕТ АЙЫЛДЫ

Күндөн да күнгө жаңылык
Гүлдөндү айлым жаңырып,
Мөрөйдү алып зор жеңиш
Күп сапап турмуш багынып.
Кечеги куба жапан чөл,
Бул күнү кыштак салынып.

Айлымдан угам соңунду,
«Алды дейт» жаңы орунду.
Жетимиң кысып кармасын,
Сундурчу, айлым, колунду.
Сыр сырдашып, ыр ырдап
Сандатайын ырымды.

Мактаймын чеке териңди,
Пахталуу мейкин жеримди,
Укканда кулак сүйүндү,
Уюшкан чарба элимди.

Жаңыга жалпы бөлөнүп,
Жаңыдан жаңы төрөлүп.
Шаңданыптыр айлыбыз,
Сайрашып, мактап, көрөлүк.

Көрүүгө ачкан гүлүңдү,
Көңүлүм күлүп сүйүндү.
Жүрөктөн толкуп ыр чыгып
Мен да коштум үнүмдү.

Кошторуң жатат айдалып,
Колоттон күүлөр сайралып.
Абамдар күлдү карсылдап,
Эмгегине шаңданып!

*1931-ж.*

## ЖАПАН ЧӨЛ БҮГҮН ЖАШЫЛ ЖЕР

Эчен жыл жатты боз болуп,
Кубарып күн-түн томсоруп.
Жүрөккө жара жармашты,
Жүлүңдөп кайгы козголуп,
Эрмексиз супсур жапан чөл,
Эскирди, ыйлап-боздолуп...

Тилсиз жоо-жалын чалганда,
Тырмагын кайгы салганда,
Кум куюндап-чаң чыкты
Өпкө калып арманга.
Өлүк эмес, тири эмес,
Орто жолдо калганда...

Жапан чөл нени тиледи:
«Келсе» деп эмгек билеги —
Көктөн жамгыр жаагандай
Орундалды тилеги...
Шыңгырашып кетмендер
Боз топуракты шиледи...

Кечеги куба жапан чөл,
Келип кара бүгүн көр!
Эмгек берген белеги
Жашыл ала гүлүн көр!
Машиналар жарышкан
Булуңдардын түрүн көр!..
Ак пахтаны айдаган
Абакеме колуң бер!..
Аркыратып арыкты,
Ана!.. казып салышты.
Катып калган как жерге,
Күмүш суулар агызды...
Күлүңдөдү жапан чөл,
Эмгек менен канышты...
Айланага шат кирди да,
Абам кетмен чабышты.
Каткырыгы көк жарып
Эмгек алды багытты...
Жаз алдында айдаган,
Эгиндери сеңселди.
Май чыгарып эмгектен,
Болот кетмен белсенди...
Чөл атагы жок болуп

Кийди жашыл кемзелди.
Ким ырдабайт?
Ким кошпойт?
Жаңы өзгөрүп жеңгенди.

*1931-ж.*

## КЫШТАГЫМДА

Баркырап паровоздор
Барып калган,
Балбылдап электрик
Жанып калган.
Көрөсүң, көркөмчүлүк
Тукабасын
Абамдар жапан чөлгө
Жайып салган.
Агылган алтын суулар
Арыктардан,
Жаңылык чын турмушта
Аныкталган.
Кадимки куу талааны, кылып абат,
Заңкайган ак үйлөрдү салып салган.
Чубалтып ак пахтаны алган жерден,
Көлдөгөн алтын жемиш аккан терден.
Жаңылык кыштагымдыаркелетет:
Жайдары жарашыктуу көркү келген.

Карасам башка түрдө:
Өскөн кыштак.
Гүлдөгөн жаңы ордого кире баштап.
Кайнаган эмгек колу шарактаган
Сан толкун өркөчтөнүп
Мактап, шаттап.

*1931-ж.*

## ФАРГАНАМДА

**(Паровоз маршына)**

Күз мезгили кубаң тарткан,
Бүр бүркүлүп дарактан,
Зымыраган чоюн жолдо
Сойлоп поезд бараткан.
Көз пардаган Фарганамды
Көксөп мен да бараткам.
Деген — кезде, «Келдик, мына»
Жел ойногон, таң аткан.

Алда кандай чар тарабым
Ак пахталар жарашкан.

Самап келген сары алтыным
Фарганамды көз көрүп,
Бул жаш жүрөк күйүп-жанды
Бүткөн боюм өзгөрүп.
Ук, Фарганам, мен сайрайын,
Өткөнүңдү эскерип:

Бир кезде сен, Фарганам, болдуң карып,
Эчен жыл, түмөн түндөр күйдүң жанып.
Солутту гүлдөрүңдү, куйкалады,
Айланаң калың душман курчап алып.

Шорголоп уу канжардан агып каның,
Шоролоп айнек көзүң уукканың.
Кек кайнап шер жүрөктөн оргуштады
Кондуруп чокутканда сагызганын.

Зардаган мунуң көккө жетсе дагы,
Жалбарып бар кубатың кетсе дагы,
Жалындап жанган отко кармай салып,
Кан тилеп кас душманың терс карады.

Андагы өткөн кордук күндөрүңдү,
Алдастап арман кошкон үндөрүңдү
Ойлосом көздүн жашы бурчак-бурчак,
Мен дагы ошол күйдө жүрбөдүмбү.

Шимирип азап суусун ичкен кезде,
Малынды жүрөк башы кайнап кекке.
Ошондо сен, Фарганам, кайгыланып
Толтуруп ысык жашты айнек көзгө.

Буулган булбул тилди араң гана
Келтирдиң, зорго бурап, ушул сөзгө.
«Алсырап, мен бечара — алым кетет,
Күйгөн гүл качан жайнап, качан өсөт?
Бошотуп калың душман капканынан
Кандай эр,
Мен карыпка жардам этет?»
Дедиң да, тоого — ташка ургуландың,
Жардамды бербестерден көп сурандың,
Акыры акыл келип өз башыңа,
Өз күчүң, өз колуңдан бийлик алдың.

Ал күнүң, ал кордугуң алыс кетип,
Жайнады солуп турган гүлдөр өсүп,
Буулган булбул тилиң бүгүн шаңдуу,
Айдатат эчен күүнү безелентип.

*1931-ж.*

## ФАРГАНАДА ГИГАНТТАР

Кечээ эле мен өткөндө ушул жактан
Катарлап кирпичтерин коюп жаткан.
Карасам, бүгүн талаа шаар болуп,
Курулган ал Фарганам кайра баштан...

Эчендер жаңы элимде
Элигер көзүм көрүүгө.
Элеген, завод курулган
Эрме чөл басан жеримде.
Паровоз толуп колотто
Кара алтын чыккан кенимде,
Эпкиндүү агам эрденип
Майданын салган көмүргө...

Фарганам бүгүн кубулган,
Жаңыдан заман туулган,
Санаса санат жетпеген
Гиганттар шондо курулган...
Айдагын эпкин атыңды,
Да, Фарганам, жүр ылдам!

*1931-ж.*

## ТОО БАШЫНДА ПАРОВОЗ

Ажыдаарбы, атырылат,
Тоо башынан буу чыгат,
Элик десем, кара чоюн,
Шарак-шарак үн чыгат.
Чоюн десем, чуркап барат,
Тоо шамалын кууштурат.
Аркасында вагондору,
Ал паровоз ышкырат...

Ойго келбес бул өнөрдү —
Азыр, мына, көз көрдү...
Өрдөп-өрдөп мен барамын
Кыйгап кыя жерлерди.

Ырдап-ырдап үн саламын,
Ырдап көңүл эштенди.
Мына, чыктым тоо башына,
Минген балбан жеткирди.

Ана, кара, тоо башында
Ал паровоз көрүнгөн.
Ал ташымак кара алтынды
Казган көмүр жеринен...
Кайтпас кайрат, эпкин акыл
Өнөрүңө берилем!
Берилем да,
Жер жүзүнө көрүнөм,
Сайрап чыгып
Жаңы турмуш элинен.

*1931–1932-ж.*

## АСЫЛКАН

Ырдасам эмгек жайымдан,
Эл келип тууган айылдан,
Ал талаа бүгүн түрдөнүп
Санжырга сайма сайылган.
Чертилген комуз
Чертилип,
Жеңиштин күүсүн кайырган.

Балбанын маштап күрөштүн,
Чертейин күүсүн жүрөктүн,
Майданга башчы өзүңсүң,
Баатырлар, дагы күрөшкүн!

Өткөндө турган кубарып,
Чаңдаган талаа «Кумарык»,
Карачы, бүгүн ал талаа
Көргөндө көзүң кубанып!
Ансайын булбул үн кошуп,
Көңүлдүн кушун чыгарып.

Пахтанын мактап балбанын,
Жаш калем, сайрап талбагын,
Эмгекте жүргөн карындаш —
Турмуштун көркү, жайдарым.
Эжемдер терсин пахтаны
Эмгектин калпып каймагын.
Пахталуу талаа безенди,
Мактадым мен да, сайрадым.

Анаркүл, Тоту, Чынаркан!
Алгыла үлгү булардан.
Эпкиндеп терип пахтаны
Элимден байге сый алган.
Кашаңдап калган Салтанат
Беттерин чымчып уялган,
Калгандан көрө башкадан,
Арылгын жалкоо кыялдан.

Чокторун чолпон чачканда,
Жылдыздар тарап батканда,
Кыштактын ичи ызы-чуу
Пахтага элдер шашканда,
Эмгектен качып чүмкөнүп
Эмилбек уктап жатканда,
Асылкан келди жүгүрүп
Чарбага болгон башкарма.

«Уялсаң боло жаткандан,
Эмгектен безип качкандан!
Пахтаны барып теришкин,
Жалкоого элим кастанган».
Айтканда муну Асылкан
Эмилбек туруп шашылган.
Аңгыча калың үн чыкты,
Ак пахтанын башынан:
«Тергиле, эпкин тергиле,
Тергенди өлчөй бергиле.
Алымкул, Ашым,
Ойнобой,
Силер да бери келгиле,
Эпкиндей тергин, энеке,
Жарыштан чыга көргүлө!»

Карачы эми талаамды,
Каптаган калың карааңды.
Жабыла кирип теримге
Эсепке эмгек саналды.
Эпкиндүү агам Чериктин
Эпкинин теңеп көрүшкүн,
Татыгүл жеңем, эпкиндеп
Сен да калбай теришкин.

«Ылдамда, Шермат, илкибей,
Болсоңчу эпкин беркидей,
Күмүшкан, сен да кашаңсың,
Кабыңдын түбү бүртүйбөй...»

Укканда муну Күмүшкан
Уялды минтип туруштан,
Көтөрбөй башын териштп
Көпчүлүк сүйгөн жумуштан!
«Тетиги талаа көрүнгөн
Ак пахта андан терилген,
Тетиги турган машина
Сыйлыкка бизге берилген,
Анаркүл кийген шай көйнөк
Ал дагы сыйдан бөлүнгөн.

Асылкан жеңем шаттанып,
Чарбасын эпкин башкарып,
Кызыл жүк кетти чиркешип,
Заводду көздөй баштанып.

Эпкиндеп терип пахтаны
Энекем Сырга мактанды,
Башкарып жүрөт бригадир
Байгеден чыккан жаштарды.

Санжырга күткөн жеримдин,
Шаанисин көрчү элимдин:
Эпкиндеп терет пахтаны
Эркесин коштоп көңүлдүн!

*1932-ж.*

## ЫРДАШАЛЫ
**(Жусупка)**

Толкун желет, толкун келет өркөчтүү,
Жел терметет, жер эркелеп элпечтүү,
Акын курбум, кел ырдайлы, ырдайлы,
Ырдоо, сайроо — жаңы турмуш күн жетти.
Экөөбүздүн устатыбыз ал «балка»!
«Балка» сокту — жүрөк толкуй күү чертти.
Чертүү менен
Ырым кенен
Жаткан көлдү терметти
Ыр термелсе
Кол сермесе,
Түйгөн сырын ким чечти?
Сыр сырдашып,
Ыр ырдашып,
Маектеше көл менен,
Ошондуктан,
Оргуп чыккан,
Сырдашалы ыр менен:

Тигил жаткан азоо толкун,
Ал таланты «балканын»
«Окуучусу экөөбүз» деп,
Ошондуктан айтамын.
Келчи курбум
Ал толкунга —
Аралаша кирели,
Ал толкундун сырын сурай
Касиетин билели.
Көл козголот эңки-деңки —
Көөкөр толкун шыбыргак,
Бир касиет кулагыма
Толкун сырын шыбырдап,
Толкуп кетем мен эштенип,
Толкун минип, ыр ырдап.
Ырдашалы келгин курбум,
Биз толкундун шамалы.
Ал ансайын күчкө келсин
Ал «балканын» каламы.
Асман жерди басса дагы
Толкун күүсү калабы...
Ырдап-ырдап үнгө салып...
Жараштырып каламды.
Биздин жүрөк ырдоо менен,
Ушул үчүн жаралды.
Этпи жүрөк же шамалбы?
Ээлендирет адамды?
Келчи турбай,
Сабакташып —
Мен да коштум аванды,
Алчы калам жазышалы,
Ушул жаңы заманды.
Мактап көрчү,
Мен да мактап,
Тигил баатыр абамды,
Карап көрчү,
Алай, Көлдү
Кайра баштан жаралды.

*1932-ж.*

## АЙДОО МАЙДАНЫ

Эрме чөлдү гүлдөтөлү,
Кырчын бактар тигели,
Эпкиндесин — кетмен чапсын.
Эр эмгектин билеги.

Саймаладык жапан чөлдү
Жаш кырчындар көгөрдү.
Эр майданчыл күчкө келип,
Бар душмандар жеңилди —
Ал кырчындар бүрүн байлап
Бүгүн жемиш төгүлдү.
Сансыз жаткан жапан
Чөлдөр,
Санжыргалуу —
Саймалуу!
Азыр көктөп
Жашылданды,
Адырдагы кайрагы.
Калың эмгек
Катар-катар
Сан күрөштөн тайбады.
Жалбырт-жалбырт
Жалындады,
Кайрат кайнап жүрөктөн,
Ал майдандын,
Туйгундары
Эр азамат түлөткөн.

Күндүр-түндүр күрөшкөн,
Бачыр-бучур кыйратабыз
«Жин» «шайтанды» илешкен!
Эр бригадир,
Эмгектенди,
От чагылып кетменден.
Ана жаткан кең мейкиндик
Жашыл сайма өзгөргөн.
Ал өзгөрүш,
Шарактаган
Кең талааны каптаган.
Эгип салган
Эчендерди,
Эгин, кендир, ак пахтадан.
Асмандады улуу темпи
Жаңы турмуш жүрүштүн,
Шондо болмок
Мол жемиши
Күндүр-түндүр күрөштүн.
Сапат-сапат,
Сапат-сапат,
Сапат үчүн күрөшкүн!

*1932-ж.*

## ТҮШТҮК

Жадырап түштүк гүлдөнду,
Жаңылап заман күндөрдү.
Каптаган калың зор күрөш,
Түштүккө сайма түр берди.
Түштүктүн журтун жаңылап,
Түштүктөн душман иргелди.
Кайраты кайнап эмгектин,
Жанданды... күлүк күн келди.

Эпкиндеп уруп кетменди,
Эмгек деп абам эштенди.
Чарбалар каптап талааны,
Ферганам бүгүн өзгөрдү.
Бар күчтү жумшап аянбай,
Майданга кирер кез келди.
Трактор чубап жеримде,
Көрсөткөн сырга көңүлгө.
Көрдүңбү кандай жаңылык,
Киргизген кыймыл темирге.
Сан өнөр келди, өзгөрдү,
Эмгектен түштүк эринбе!
Ак пахта өнгөн талаамды,
Айдаган төрт-беш keминде.

Каптаган курчап көп күнү,
Эңшердик жеңип эскини.
Эрденди күндөн-күн санап,
Ферғананын эпкини.
Жаңыдан турмуш орнолуп,
Силкинди айыл ойгонуп.
Жаңы пикир, жаңы сөз,
Жаңы адамдар зор болуп!

Колхоздор сандап курулуп,
Жаңыга жапырт бурулуп.
Кыштактар бүтүн өзгөргөн,
Жаңы адамдар туулуп.
Эжемдер ачкан беттерин
Шалпардан жоолук буунуп,
Кайтадан түзүп пикирди,
Жаттардын жолу буулуп.
Эпкини тапсыз коомдун
Шаңданган санга угулуп.

Тарыхта бир да көрбөгөн,
Жаңылар бүгүн гүлдөгөн.
Элибиз кирип кайратка,
Жеңишке жеңиш сермеген.
Ал, түштүгүм, саймалан,
Ак алтындуу жер менен!

Түштүктөн баары табылар,
Түштүктө сонун жаңылар.
Кара алтын казып чыгарган,
Көп жерде көмүр кени бар.
Салкыны жандын жыргалы,
Арстанбап, Алай жери бар,
Ар кандай сайрап мактаса,
Булбулдун айтар жөнү бар.

Эмгектин түштүк казаны,
Түштүктү мактап жазалы.
Абамдар кайра туулду
Жаңылап турмуш катары.
Шаңданды, чыкты сермелип* ,
Түштүгүмдүн атагы.

Түштүгүм түрүп жибекти,
Түштүктүн түрү сүрөттүү.
Кечеги турган кереӊ жер,
Бийлетти, какты гудокту.
Жасалга, шаани көркүндө,
Жалында түштүк, өркүндө!
Түштүгүм өстү, торолду,
Түштүктүн түрү оңолду.

Кайтадан өөрчүп чыңалып
Өткөндө өскөн коромжу.
Түштүгүм жанып жалындай,
Түштүгүм кайрат оронду!

Эрмексиз турган капчыгай,
Эштенди, күүлөр сайралды.
Арстанбап, Алай жаңылап,
Толтурду сууга сайларды.

Ак пахта, жибек, эгиндер,
Түштүктө түмөн эгилди.

* Сермелип — жаңыдан кыймылга келип.

Кара алтын — көмүр казылды
Камдагын тулпар жемиңди.

Дөңгөлөк «сайрап», күч кайнап,
Эпкиндеп эмгек миз кайрап,
Кайлолор кызуу чабылды
Забойщик кайрат күч байлап.

Түштүгүм алып жеңишти,
Түштүгүм төктү жемишти.
Турмушту байлап туткунга,
Түштүгүм эрдеп киришти.
Ал түштүгүм, кайраттан,
Аткаралы көп ишти!

*1932-ж.*

## КАМЧЫ ТАГЫ

Мен кетерде жал-жал карап,
Жоолугуңду булгалап,
Ошол кезим эске түшөт
Ойноп жүргөн жулмалап.
Ошол кезим эске түшөт
Ойноп жүргөн жулмалап.

Эл Арымга конгон кезек
Күлдүр таштын түзүндө,
Жүндөй сабап кан жалаткан
Ошол жорук эсимде.
Шолок-шолок ыйлап бердиң
Чуркап жеткен кезимде.
Камчы тагы калды беле
Ай тамгалуу бетиңде?
»Мен туткун» деп ыйлаганың
Элестенет көзүмдө.

Бүгүн көрсөм чарк айланып
Ак пахтаны тересиң,
Эстей туруп эмгегиңди
Эргип келет элесиң.

Ал турмушту кайра жасап
Алыптырсың чыңалып,
Камчы тагын бетиңдеги
Эмгек тери чыгарып,
Мен ошондо жарык күлүп,

Жайдарыма кубанып,
Жардам берип элибизге
Жаңы заман куралык.
Ана турган ак алтынды
Тергилечи куралып!

Жулмалаба азыр келип,
Кечигесиң жумуштан,
Сенден мурун ишке кетти
Азим, Тыным, Күмүшкан.
Тур, эпкиндеп эрте баргын,
Калып калбай ырыстан!
Бир кезекте көзүм тойду,
Бүт талаага чыгышкан!

Ушул чыккан жабалактап
Эжекемдер көрүнөт,
Баары тегиз эпкиндеген
Ак пахтага өңүлөт.
Толгон кыяк күүгө салып,
Толкуп көңүл берилет.

*1932-ж.*

## АЛТЫН КЫЗ

### I

Зардуу кайгы созолонуп
Капчыгайда айылдан,
Ал жүрөктү солкулдатат,
Кандай шумдук жайылган?
Муңдуу булбул муңу ташып
Үнүн кошуп кайырган.
Айыл ичи ызы-чууга
Ал капчыгай жаңырган.
Көк туланды түргө салган
Кочкул кандар агылган.
Жер козголуп калың кайгы,
Кандай айыл чабылган?..

Окчун тиккен кара өргөнү
Көтөргөндөй чуу басып,
Бир топ караан аркы-терки
Күйүп-жанып чуулашып...
Оор түндүн тынчын алган,
Оор түнгө муң чачып.
Ал аңгыча мен да жеттим,
Айыл жыргап тургансып.

Келсем айыл кейпи кетип,
Айландыра муң баскан,
Айыл толгон каракчыга —
Шамшар, бычак — жаракчан.
Шордуу келин шолоктогон,
Жаш ордуна кан аккан.
Булар кайсы кутурган ит,
Тынч айылды талашкан?
Катмар жаткан калың өлүк-
Жүрөк башын канаткан.

Ошол кордук, кайгылуу түн
Кантип кетсин эсимден?
Эжем жатат бир капшытта,
Эмчектери кесилген.
Баскан жан жок
Эркек баштан,
Баарын кармап өлтүргөн...
...«Булар кайсы
Түн жамынган,
Койчо сойгон адамды?
Кан шорголойт
Канжарынан,
Ушул дагы адамбы?!
Кан шорголойт
Канжарынан,
Ушул дагы адамбы?

Кан шыркырап агып жаткан —
Как маңдайын жара аткан.
Чөп чапчылап,
Алдас урган,
Жапар жанын талашкан.
— Ал канкорлор
Катарлашкан,
Тамашага карашкан.

Чечип сырын
Калың муңдун —
Чуркураган ыйлаган
Ошол кезек өпкө кагып,
Өксөп мен да ыйлагам.
Ошол кезек өпкө кагып,
Өксөп мен да ыйлагам».
Сай ташындай кесилген баш,
Булар неге кыйраган?

Каптап туруп караңгылык,
Бир кыйлага таң атпай...
Муңга толуп кең капчыгай
Муң күүсүнөн адашпай.

Бир кезекте таң сермелди,
Ал капчыгай жаңырды.
Күткөн күкүк үнгө салды.
Күткөн күкүк ак урду.
Таңды тосуп зар ыйлады.
Зардын күүсү чалынды.

Шордуу келин ыйлап келди
Атар таңга дат кылып:
Албыр бетин канга жууган
Албыр бети аткылып.
Мынча неге күйүттөндү
Кырчын келин жаш туруп?

Эрте турган, аткан таңдан
Айыл ичи чуркурап,
Жаткан өлүк аркы-терки
Жер дүнүйө улутунат.
Шордуу келин зар ыйлады,
Шордуу келин зыркырап...

Калың кайгы, ыйкы-тыйкы,
Кандай тыят көп ыйды?
Түн жапасын кимдер чекти,
Кимдер кыйрап кырылды?
Ал аңгыча Чынар келип,
Ал боздоду, чыңырды:
— «Кандай турмуш,
Кан шимирген?
Кайсы кордук, зулумдук?!
Ит басмачы, неге жаздык,
Неге мынча кырылдык?!» —
Деген муңга Чынар салды,
Жаш келинчек зарлады.
Шамшар орноп ал жүрөккө
Жапар жаткан кандагы.
Кандай шумдук, түн өткөрүп,
Айыл бүгүн, өзгөрүп?
Атар таңдын көркүн күтөт,
Атар таңды эскерип.
Агылган кан,— калың кайгы

Азап-муңду көз көрүп.
Ал аңгыча күн көрүнгөн
Капчыгайга көрк берип,
Арча, кайың ыргалышкан,
Арча, кайың көрктөлүп.

Зарлуу ыйы — зардан-зарга
Басылбады Чынардын,
Айыл ичин каптап чыгып,
Муңдуу күүсү сурнайдын.
Айнек көзү жашка толгон,
Алда неге муңайдың?

Күн да шашке болгон кезек,
Түндүн сырын күн безеп,
Ким сооротуп калың ыйды —
Муңдун сырын ким чечет?

— «Андан калып нени көрөм,
Азап чегер мен белем?!
Зар-кайгыда, жалындабай,
Жанга тыныч, мен да өлөм» —
Айтып Чынар арман муңун
Колго шамшар кармаган.
Чолпон көзү бал-бал жанып,
Чоктуу жүрөк зарлаган.
Чолпон көзү бал-бал жанып,
Чоктуу жүрөк зарлаган.

— «Калдың, жаным, жаштайыңда,
Өз күнүңдү көрөрсүң,
Атаң жатат кан ичинде,
Апаң дагы бирге өлсүн.
Айта көргүн калайыкка:
Экөөбүздү бир көмсүн» —
Кысып-кысып кучактады,
Жаш Канышын бир өптү.
Ал аңгыча канжар салды,
Канжалатты жүрөктү.
Чынар, Жапар бир кошулган,
Бир кошулган жүрөкпү!

Ана «тынчып» Чынар жатты,
Оргуштады, кан акты...
Албыр бети сурга чалды,
Ал да жерге жанашты.

Ой да, таш да муңга келди,
Моюн созо караШты.
Термелгендей жер-дүнүйө,
Тийген күн да сурданып,
Күкүк, булбул үнгө салды,
Күкүк, булбул күү чалып.
Күүнүн сыры кандай түрдө,
Күүнүн сыры муңданып?
Ал капчыгай силкингендей
Арча, кайың ыргалып,
Адыр мейкин муңга толду
Калың чуугa чырмалып.
Тентек жүрөк алдас урду,
Алдас уруп муңканып.
Зарлап айыл зардан-зарга
Зарга толгон ырдалып.
Жапар, Чынар көшүп жатты
Бет маңдайдан кырданып.

Булар кандай, жаны бирге
Кошулганбы маңгилик?!
Жаш Канышы ыйлап жатты,
Жаш Канышы кан шимип.

II

Далай сансыз күндөр өттү,
Далай даакы түлөттү,
Бир тереӊ ой баштан кетпей
Ылаңдатты жүрөктү.
Эртели-кеч калың санаа
Эр көңүлүн жүдөттү.

Ал кандай ой эртели-кеч
Баштан кетпей чырмаган?
Салбыр көңүл зардан-зарга
Күндөн-күнгө ырбаган?
Ал капчыгай муңун кошкон,
Муңун кошкон ырдаган.
Көпкө жүрүп жайлап-кыштап
Капчыгайдан кеталбай,
Калың кайгы башка толду
Күткөн ойду чече албай.

— «Неге мынча азып-тозуп
Сен жүрөсүң сабыркап?

Же жеңдирип жокчулукка
Калганыңбы жабыркап?»
Деген болуп ойноо келин
Күлгөнүндө каткырып,
Азоо жүрөк алоолонуп
Алып кетет азгырып.
— «Койчу келин, оюнуңду,
Тыйып жүрчү шылдыңды!
Жиңге тийип көп күлөсүң
Тиштеп салам мурдуңду
Эртели-кеч шыңкылдайсың
Уул сага шылдыңбы?

Кыйын болсоң, ойноо жеңе,
Чечип берчи оюмду,
Анан келип шылдың кылчы
Анан салып оюңду».

— «Ал оюңду мага айтпагын,
Озүң неге чечпедиң?
Мен чечпедим андай ойду,
Мен да шылдың этпедим.
Менин ойнум көралбасаң,
Ойну жагар өзгөнүн.
Ачылбайсың кабак бүркөп,
Ушул беле күткөнүм?»

— «Алда жеңе, азоолонбой
Угуп көрчү кебимди,
Эгер болсо, эстен кетип,
Мен да сүйбөйм келиңди.
Мен айтайын ал оюмду,
Васа отургун оңурду»...

— «Айтчы эмесе ал оюңду,
Ал оюңду эртерек,
Мурун неге катып жүрдүң,
Мурун неге темселеп?
Мага айтуудан жашыргансып,
Аны менден өнтөлөп».

— «Айтсам, жеңе, ал оюмду
Сыры терең ашынган,
Чечүүңө ишенбестен,
Ошондуктан жашыргам.

Баягы жыл капчыгайда
Мен айылга барганда,
Жер тоюнган, чөп боёлуп
Кочкул кара кандарга,
Калың кайгы, чууга түшүп,
Айыл толгон арманга.

...Бир түн келип капысынан
Каракчылар каптаган,
Койдой сойгон далай жанды,
Кан калбаган акпаган.
Шордуу Чынар шолоктогон,
Атар таңга даттанган.
Шордуу Чынар шолоктогон,
Атар таңга даттанган.
Күкүк, булбул үнгө салган
Күйүт кайнап какшаган.

Ошол күнкү бир окуя
Түк кетпеди оюмдан,
Ошол күнкү көп кыргында
Жапар дагы союлган.
Колдо канжар, өзү өлүмгө
Чынар дагы бой урган.
Бир кепинге бир оролгон,
Экөө бирге коюлган».

«Неге Чынар жанын кыйды,
Жапарынан калбады?
Өз жүрөгүн өзү бышкан,
Өрчүгөнбү арманы?
Аркасында жаш Канышы —
Жаш Канышы зарлады.

Айтчы, жеңе, мындай шумдук
Болду беле эзелден?
Ажал жетпей, арманынан,
Арманынан өзү өлгөн?

Андан бери беш жыл өтүп,
Калса дагы эскирип,
Чече албадым бул кайгыны
Өз түбүнө жеткирип.
Ойлой келсем ошол түндү
Ташкындатат үшкүрүк.

— «Чынар кандай айбан» келин
Өз жанынан кечкендей?
Өлгөн Жапар күйөөсүнүн,
Аркасынан кеткендей?
Анча неге касаптанды,
Өз жүрөгүн кескендей?

«Шумдук уул бул оюнду —
Эрте неге айтпадың?
Айта берсем бул жомокту,
Эске түшөт жаш чагым.
Ой, эске түшөт жаш чагым!

— Эл жайлоого тегиз көчүп,
Сапар чегип, жер кезип,
Ал кездерде биз ойноо кыз,
Тентек жүргөн делбесип.

Жашыл шибер — түркүн гүлдөн
Маржан кылып гүлүнөн.
Чачпак тагып ойноп жүрдүк
Арча, кайың бүрүнөн.
Эстей келсем ошол чакты,
Азыр толкуп жүгүнөм.

«Таштап-ташка кубалашкан,
Бирин-бири кармаган.
Куурчакты келин кылып —
Той жасашып жармадан.

Эртели-кеч калың оюн —
Ойноп жүрдүк каткырып,
Алоолонгон эркин көңүл
Алтын беле, жашчылык!

«Кайдан таап шумшук уул,
Бул жомокту чыгардың?
Ал кезекте бир ойногон
Курбусу элем Чынардын,
Баштан аяк баяндайын
Уул мынча сурандың.

— «Чынар дагы ойноо кезек,
Бирок токтоо, сабырдуу.
Чолпон көзү бал-бал жанып
Чолпон көзү жалындуу.

Айыл жаткан түн ортосу —
Жан жаныбар тынч алып,
Айланабыз ашкан сулуу,
Ай нуруна курчанып!..
Бир караан бар басып келет,
Бизге карай үн салып:

— Коюу түндүн кучагынан,
Тиги кайсы — үн салган?
— «Күткөн Жапар ушул болот»,
Деген Чынар нурданган.
— Алтын бозой, келгин бери,
Чынар мында ырдаган.

Албыр бети манаттанды
Күткөн Чынар шаттанды.
Кандай бозой басып келет,
Делбестетип жаш жанды?..

Ал аңгыча Жапар жеткен.
Аймалашкан, өбүшкөн.
Кыраан шумкар Жапар беле,
Чынар — кооз көгүчкөн.
Өмүрдүккө айрылбастык
Жүрөктөрүн ширешкен.

Жер ойгонор мезгил жетип,
Чолпон чогун чачарда,
Торгой учуп бирден-бирге —
Таң сөгүлүп атарда:
«Өлсөк дагы бир мүрзөгө
Коюлалы кош болуп
Айрылгандай бирибизден,
Жүрмөк белек боздошуп».

Антын айтып Чынар күлдү
Алтын саамай кулпунуп,
Жапар жөнөп бел ашканча
Карап туруп улутунуп.

Бир күн өтпөй биз чогулуп
Ээлендирип — жатканды,
Кыз, келиндер шыңкылдады,
Калың оюн баштады.
Ал аңгыча балдар келип,
Арабызга ат салды.

Жапар шондо кырчын кези —
Ойноо жигит — жылкычы,
Күн-түн баккан тоо башында.
Керимкулдун жылкысы.

Алым сабак бирден-бирге
Айтышканда — ырдашып,
Келин, уул кезек-кезек
Кезеп көздөр ымдашып.
Жапар ырдап күүгө салды
Жан жабыла тыңдашып.

**Жапар:**
Элирет кимге бул көңүл,
Эзилип жүрөк жүргөндүр,
Санаага салбай уулду
Зардалым Чынар, тилге кир.

Жылдызын санап асмандын
Жылкыда жүрүп какшандым.
Жылдызым Чынар эркелеп.
Жыргалын тапчы жаш жандын.

Оптолуп жүрөк кабына
От жандырат каныма,
Сүйүндүрүп жүрөктү
Отурчу ойноп жаныма...

Талыкшып жүрөк алсырап,
Жан терим агат тамчылап.
Тандалуу жаштын эрмеги
Жайдарым Чынар шам чырак.

Саамайың желден таралып,
Пахтадай тамак агарып
Чыныңды сүйлөп ырдачы,
Заманга жаңы тагалык.

Ойночу, ырдап оштонуп,
Отурбай Чынар томсоруп,
Ашкере айтар чак жетти
Турмуштун гүлү биз болуп.

**Чынар:**
Жүрөктү мынча козгойсуң,
Сүйгөнүм бозой окшойсуң,

Өзүмдү жоктон тапкансып,
Өзгөнү неге кошпойсуң?

Канткенде сүйбөйм алтынды,
Жүрөктөш уул — жаркынды,
«Өлсөк да бирге болом» деп
Айтпадым беле антымды.

Каткан оюң чечилдиби;
Шүмшүк уул кандыңбы?
Ал жомоктун сыры ушундай
Сырды түйүп алдыңбы?

«Чынар» «айбан» келин эмес,
Тая турган антынан.
Ошондуктан алда кеткен,
Жапарынын артынан.

— Бали, жеңе, баш иемин,
Каткан ойду чечкениң —
Бул бир тарых — чоң окуя,
Кийин жүрөк эстегин...

Жайлоо толгон, июнь айы,
Керме тоолор жашылдуу,
Конгон айыл аркы-терки
Желден жыттап атырды,
Кең капчыгай кеткен өзөн,
Толгон арча карагай,
Суу боюнда кайгылуу жан
Көңүл муңдуу карадай.
Башын койгон тизесине
Азоо жүрөк жарадай,
Зарлап-ыйлап үнгө салды
Батман кайгы санадай:
— «Муң арылбай жаш башымдан,
Неге мындай жаралдым?
Ачуу санаа, баскан кайгы,
Жүрөгүмдөн кан алдың.
Улар сындуу зар ышкырдым
Уу тамырга таралдың.

Ачпай кудай бешенемди,
Капкан салып тороттуң,
Өчүң барбы кетпес менде,
Эминеңди короттум?!

Кантип жатам төшөгүнө
Чирик өпкө, чолоктун?

Көп көргөнсүп ата-энемди
Алдың кудай, жалмадың,
Акырында мени дагы
Өчпөс отко кармадың,
Буюрганың бутсуз чирик
Чалга мен да барбадым.

Таштап бойду тентек сууга,
Жаш өмүрдөн кечсемби?
Алдас урган тилсиз жоонун
Агымына кетсемби?
Жан алгычтай келе жатат,
Түшөр тоюм жекшемби?
Шактан түшүп чаңдуу жерге
Мен солуган алмамын.
Жайнап гана моюндашып
Сүйгөнүмө барбадым.
Малын айдап, чирик чолок
Аждагардай арбадың...
Ө[illegible]гү жашым кайгы менен,
Бос болгонбу маанайым?
Чолпон көзүм — шорго чалды
Түйдөктөлдү саамайым.
Кантер айла, мен карыпка,
Кимге муңдап, зарлаймын?

Эстеп-эстеп ошол күндү
Көздөн жамгыр төгүлдү,
Бирөө калбай аркасында,
Экөө бирдей көмүлдү.
Өксөп ыйлап отурбастан
Өчүрөйүн өмүрдү».
Деген Каныш үнгө салды
Капчыгайды жаргандай.
Анча неге муңдана(сың
Келгин, Каныш, зарланбай!..

Бир күн айыл ыйкы-тыйкы
Түшөр тойго камынган...
Мен да келгем ошол кезде
Самап-көксөп сагынган.
— Айтчы, Мөкө, эмине бар,

Айыл ичи дүрбөшөт?
Ана турган ак өргөөдөн
Муңдуу добуш үн келет?
Ал үн болсо — терең сырдуу
Андан көңүл дегделет?

Ал өргөөнүн чыккан зары
Көтөргөндөй капшытын,
Же көрдүбү шордуу жаны
Куу турмуштун запкысын?
Же, көрдүбү шордуу жаны
Куу турмуштун запкысын?
Анча неге зар безенген,
Же жоготкон жалгызын?
Мынча зарлап үн кошкондой
Кимдин алган каргышын?

Болчу, Мөкө, сай медиреп
Айтып берчи ошону?
Ата-энеден жаш айрылган
Жалгыз Каныш ошобу?
Ата-энеден жаш айрылган
Жалгыз Каныш ошобу?
Чыккан муңга чыдап тургус
Дегдейт жүрөк утуру!

— Ушул айткан жалгыз Каныш
Бүгүн чалга берилмек,
Чолпон көзү карга айланып,
Чолпон көзү чегилмек.
Чолпон көзү карга айланып,
Чолпон көзү чегилмек.
Бул кайгыдан дагы кайгы —
Дагы кайгы көбүрмөк,
Ай туйгуну торго түшүп
Ай туйгуну жеңилмек.

Албыр бети саргыч тартып
Кан жаш менен жуулмак,
Кырчын чынар кууга тартып —
Кырчын чынар кыйылмак.

— Шүмшүк Мөкө, койчу нары,
Айткан сөзүң ыраспы?
Зулум турмуш жалп өчүрмөк
Жанган каухар чыракты?

Караңгылык кирип калган,
Эл жатууга айланган,
Окчун тиккен бир өргөөдөн
Боздоп Каныш зарланган.
Короо толо кыз-келиндер
Үй курчаган, жарданган,
«Кантип жатам бул чал менен»
Деген Каныш зарланган.

Ал аңгыча мен да жеттим:
— Ал чал кайда көрсөткүн,
Үмүт кылса чал жанынан
Азыр чыгып жөн кетсин?!

— Каныш кичүү, жаңы кырчын
Сенин кенже балаңан.
Кантип чыдап мында келдиң,
Кантип чыдап, карт каман?
Колдо балдак, жашың сексен,
Эчак чыккан маскараң!

Адамчылык кайда калган,
Сыйрылганбы беттериң?
Жашың сексен келсе дагы
Кырчын кызбы күткөнүң?
Жытың сазык өлүмтүктөн
Чирип түшкөн тиштериң.

Ай чолпонун көйгө салып
Азап муңдан ыйлатып
Алгың келген токолдукка
Котуруңду тырматып.

Ал аңгыча Каныш жеткен
Моюнума жармашып:
— Жаш карыпмын. Оор кайгы...
Үйүрүмөн адашып.
Кандай адам келип калган,
Мен бактыга жанашкам?
Же, түшүмбү? Же өңүмбү?
Ачылганбы таалайым?
Нечен жылкы муңда жаткан
Жарылгандай маңдайым!..

Кошкун айыл, тууган жерим,
Мени алыска жөнөткүн,

Эми эркиндеп мен күлөрмүн
Муң кайгыда жүрбөсмүн.
Туурдагы туткун туйгун
Коколонөр күн жеттиң,
Эми кантип көргүм келет,
Шум үрөйүн ал кездин!..

Ирең-бараң таң сөгүлгөн,
Чолпон чогу төгүлгөн,
Жер ойгонор мезгил кезек
Алдан шаар көрүнгөн...
Албыр бети түргө келген,
Карып Каныш сүйүнгөн!

Тозгон торгой сайрай чыкты,
Токсон күү бурап комузуна.
Ал аңгыча гудок какты
Жер силкилдеп доошуна,
Күн шашкеде биз да жеттик,
Ошто жибек зоотуна* .

III

Карап көрчү бүгүн келип
Ал Каныштты албырган,
Көрсө тойбос көксөп жүргөн
Көз кумарын кандырган.
Кызыл жоолук кайра байлап —
Кызык шаани, санжырган,
Кандай турмуш, чебер белең,
Өчкөн шамды жандырган?

Саамайларын түйүп салган,
Жаңы ийигин колго алган,
Бүгүн Каныш эпкиндүү кыз
Колдон жибек чыйраткан,
Чолпон көзү бал-бал жанып
Чолпон көзү нурданган.

Майдын айы, мен да келгем,
Оштун ичи гүлдөгөн...
Кечке жуук бойлоп чыктык
Ак-Бураны жинденген.

---

* Зоотуна — заводуна.

Жашыл тулаң — эркин көңүл,
Бак-дарактар бүрдөгөн.

— Жүрчү, Жоке, басып жүрбөй
Сайрандайлы жибекти,
Ар кыл сонун андан чыгар
Кубандырар жүрөктү.
Ар кыл сонун андан чыгар
Кубандырар жүрөктү.

Биз киреpде дарбазага
Кызыл тактай асылган,
Аэроплан канатында
«Каныш» деген жазылган,
Күндүк, айлык нормаларын
Беш мертебе ашырган.
Мен ан сайын шатка келгем,
Сүйүнгөнүм ашынган.

— Эстейсиңби, жаным Каныш,
Капчыгайдын күндөрүн?
Ал бир кесек оор кайгы,
Анда зарлап жүргөнүң?
Мен садага келбетиңден.
Түрдөн Каныш, түрдөнгүн!
Дээр кезек, айтар менен
Угуп Каныш күлгөнүн:
— Амансыңбы, акын агам,
Колго наган кармаган!
Алып чыктың ал кордуктан
Чирик чолок арбаган.
Азыр мына карап көрчү,
Мен эпкиндүү талбаган!

Айтар сөзүн, алтын Каныш,
Зырылдатты ийикти,
Эми мына, сыйрып салган
Эчен жылкы күйүттү.
Кечээ карып — бүгүн жанып,
Жүрөгүмдү сүйүнттү.

Бир күн келсем шарак-шарак,
Залдын ичи шаттанат.
Кызыл жоолук эжекемдер
Кыйчалышкан салтанат.
Жаша Каныш жаш эпкиндүү
Деген алкыш кол чабат.

Ал алтын кызды эркесине
Музыкалар күү чалат.
Жайнап күлдү шондо Каныш
Мага жалп бир карап.

Алып учуп азоо көңүл
Андан мен да кубанып
Боюм балкый терге түшкөн
Төбөм көккө уланып

Ал аңгыча бирөө чыкты
Ашкерелеп жарышты
Өткөрөлү алты ай менен
Партияга Канышты.
Дээр менен залдын ичи
Калың чууга салышты
Да сайралып кыл кыяктар
Калың колдор чабышты.

Мен ошондо кантип турам
Мен ошондо толкугам —
«Заман гүлү жаным Каныш»
Дегем сылап чачынан».

Күйүп жанган чолпон көзү.
Бул чырагы замандын.
Алтын акыл жаным Каныш,
Эмгек үчүн жаралдың.
Тигил завод — чын турагың.
Бүгүн жарык караңгың.
Эчен жылы күйпүл болгон.
Бүгүн мына тарандың,
Кажыбасы чын турмуштун,
Эпкин Каныш, каралдым!

— «Каныш дебе, шүмшүк бала,
«Алтын кыз» деп жүрөбүз,
Алтын эмей, ал эмине,
Асылдыгын билебиз.
Парт билетке дагы ушундай.

«Алтын кыз» деп чиебиз.
«Үлгү алгыла, Алтын кыздан!» —
Деген ураан чачылган,
Алтын кыздын ай сүрөтү
Ак шайыга тартылган.

*1932-ж.*

## ЗАБОЙЩИКТЕР

Быркан-шаркан булоолонгон
Ысык терге киринген.
Колдо бургу, машинеси,
Зырылдаган жүгүргөн.
Социалчыл эр, балбаным
Билектерин түрүнгөн.
Мен садага, мен кубанам
Майдандагы түрүңдөн.

Касыр-кусур, катуу добуш
Каз алтынды кацтарып.
Кара чоюн талыбас кол
Жердин түбүн ацтарып,
Ташып жатат алмак-салмак
Доцголоктор дац салып.

Чап кайлооцду, чап кайлооңду
Дагы эпкиндеп арталык,–
Деген үндөр миң-миллион
Жер алдында жар салып.
Ал забойщик. Эр кажыбас –
Ал эмгектин балбаны.
Бур бургуңду, зырылдасын
Социалдын майданы.
Каз алтынды!
Каз алтынды!
Тойсун өнөр жайлары.
Бүт орундап, бирин койбой
Большевиктин айтканын.
Эр забойщик эпкиндегин
Берекелүү казганың.
Жер түбүндө миң балбаным,
Чапканыңдан жазбагын!

*1932-ж.*

## ТАЛАА ТАҢЫ

Карап туруп токтоно албай,
Кантип турам ырдабай?
Мен келаттым, түн ортосу,
Барар жерим бир далай...
Көшүп турду чар тарабым
Күзгү сыйдам жылгалай?
Тыкыр-тыкыр жалгыз добуш,
Самсып терим кургабай.

Мен келемин илкий басып,
Арып-чарчап адымдап,
Бир кезекте келиптирмин
Жол ортосун жарымдап,
Ал аңгыча жер ойгонду,
Жел козголуп зарылдап.

Күзгү бышкан сар жалбырак
Чач мончоктой шылдырап,
Жан жагымда торгой, булбул
Бир бирине үн курап,
Түнөөдөгү түрдүү куштар
Ойгонушуп чулдурап.

Тээ тетиги күн чыгыштан,
Сүт төккөндөй бийиктен,
Алда неме самсый келет
Жаш көңүлүн сүйүнткөн,
Ал — атар таң кезектеги
Азем салган күмүштөн!

Талаа таңын — жан жыргалын
Мен жолоочу ырдадым.
Коруп жаткан келин-кыздар
Ак пахтанын кырманын.
Таң алдында өрүп жаткан
Чачын көрүп Сырганын.
Алчы Сырга керек болсо,
Ал жүрөгүм — курманың!
Карап турчу, кандай кызык
Кыз-келиндин турганын.

Бышкан мөмө мөлтүрөшөт
Кантип өтөм татканбай* .
Талаа бети жарк жайылды
Сүт каймагын ачкандай.
Сүйүп-сүйүп бул талааны,
Жан сүйөрүм жаш жандай.
Дагын деле уктап жатат
Ой, түгөнгүр Качкынбай!
Кербез жалкоо Керим дагы
Келин-кыздай бат кылбай.
Ой башкарма, ойготсоңчу,
Качкынбайды жаткырбай!

---

* Татkануу — тамшануу.

— Тигил кайсы калың караан
Келе жаткан жамырап!
— Ал эпкиндүү келин-кыздар,
Ак пахтага жабылат.
Түн уктабай сапар чегип
Арзып келген жер ушул,
Ана талаа, чексиз жаткан
Ак пахтанын кени ушул.
Ана, келген жамырашып,
Ал пахтачы эл ушул.

Ак пахтанын чыгар кени
Ай талаанын жүрөгү.
Анар, Күмүш, Жамал жандар.
Жаш турмуштун чүрөгү!

Бужур чаар, кылыр көздүү
Бурул жеңем эпкиндүү,
Сулуулардан кайдан калсын,
Суктандырат өлкөмдү!
Бужур чаар болсо дагы
Өлкөм сүйөт эпкинди.

*1933-ж.*

## СЫРГАЖАН

Сүйкүм көзүң бал-бал жанар,
Сүйкүм көзүң нурданар,
Таң көркөмү миңге тартар
Таң кырчыны ыргалар.
Акын агаң шондо канар,
Акын агаң күү чалар.
Сырга жандын жыргал таңы,
Жыргал таңы ырдалар.
Ушул таңды уктап жаткан
Уктап жаткан кур калар.
Мына көрчү, таң алдынан
Сырга жаным туруптур.
Шалпар жоолук кайра байлап,
Шалпар жоолук бууптур
Тракторун жолго салган,
Тракторун буруптур.
Ойрон уул алаңдабай,
Ойрон уул, угуп тур!

Кантип турам, Сырга жандын
Майдандарын ырдабай,

Дагы кыздар, дагы эпкиндеп
Боло коргүн Сыргадай!
Ай талаанын көркөмчүсү —
Коркомчусү Эркетай,
Сырга жандан үйрөнсөңчү,
Үйрөнсөңчү, Молдобай!
Жалкоо Керим не турасың,
Тездеп кошуң айдабай?
Тракторуң ыкка көнбөйт,
Тетиктерин майлабай.

Карап көрчү Сыргажандын
Трактору токтобой,
Ыкка келип шарт бурулат
Сен мингенге окшобой!
Ой, Молдобай, минген атың
Калган беле «оттобой»?
Кашаң тартып дырылдаган,
Каруу шаңын козгобой!

Сүйгүн көзү Сырга жандын,
Сүйгүн көзү нурданып,
Жаңы чыккан жаш кырчындай
Жаш кырчындай ыргалып.
Өңкөй келин кош башында,
Өңкөй эпкин кылданып.
Эмил минген эр трактор
Эр трактор ырдалып!

Эмил карап жеңемдерге,
Көзүн кысып Бурулга,
Бурул дагы шыңкылдады
Жоолук булгап уулга.
— «Минген аттын миң тетигин
Түгөл билген уулмун,
Мага ансайын кайрат болот
Каткырыгы Бурулдун!»
Ушул кезде Эмилбектин
Ышкырыгы угулду.
Келин-кыздар шылдыңдашты
Жанындагы Бурулду:
— «Эмил келет кош башынан,
Тозуп алгын уулду!»

Келиндердин каткырыгы
Эштендирди Эмилди,

Ал ацгыча, Сырга жаным
Бир жагынан көрүндү.
— «Тигил кыз да келип калды» —
Дешти дагы, болүндү.
Биздин айыл өткөрүшөт
Эмгек менен өмүрдү,
Уул-келин шат кылышат
Эмгек менен коңулду!

Саамайларын кайра түйүп,
Жоолук менен бастырган,
Сырга жаным кийип салган
Комсомолдук костюмдан.
Мен барганда жарык күлүп,
Жал-жал карап астыртан!

— Ойрон уул, Эмилбегим
Куттуу болсун мингениң,
Акшыцдабай жакшы айдагын,
Ала таштап жүрбөгүн!

Деген кезде Эмилбекке
Сырга жаным каткырып,
Эмилбек да эрдени го
Майда тартып, бат буруп!
Айтчы талаа, мындан мурун
Көрдүң беле ушундай?
Жаралгандан ушул күнгө,
Жатчы элең го бузулбай!
Мына бүгүн Сырга жаным,
Эмилбектер, Бурулдар,
Эркин эмгек абат кылып —
Эпкин келин, уулдар!
Эрме чөлдөр бүгүн жашаң,
Эми кандай муңуң бар!

Биздин уул, келин-кыздар
Жапан жерди жашартып,
Жаңы заман айылынан
Жалкоолорду тазартып!
Кемпир, чалдар тамшанышты,
Каргыштарын азайтып,
Сырга жанга мен суктанам
Эпкинине көз артып!

Жаңы турмуш саймаларын
Келин-кыздар сайышкан,

Сырга жаным эң биринчи
Сыйлык алган союздан!
Жаңы заман жайдарысы
Социалча байышкан
Мен мактаган Сыргажандын
Майдан күүсүн чалышкан.

*1933-ж.*

## КИМДИН КҮҮСҮН КИМ ЧЕРТЕТ

Ким ырдады,
Өксөп-өксөп,
Өлөр табын этектеп.
Ал ырдады
Эстеп-эстеп,
Өткөндөрүн эсептеп.
Жапай турмуш,
Сасык айран
Көчкөндөрүн эскертет.
Ук, большевик,
Рапырт берем
Кимдин күүсүн ким чертет.

А, бизчи?
Биз казабыз
Жүрөк менен
Акыйкаттын тамырын.
Майдан күүсүн
Бурай-бурай
Чабуул койгон табымдын.
Ошондуктан,
Табым билет
Менде күчтүн кадырын.
Айткылачы,
Акыйкатын
Өзүм кайдан табылдым?
Мен
Бар кезекте тентек элем,
Толкун кыйал эселек.
Ошол көйдөн
Алып чыкты
Эр большевик жетелеп.
Пролетарым,
Биз аскериң
Ташкын талант өрчүлөт.
Оргуп

Менин жүрөгүмөн
Сатсыйалчыл.
Жаңы ордонун
Жаңы күүсү чертилет.

Бизди
Жаңы заман тарбиялап,
Большевиктер түлөттү.
Эгер
Майдан керек кылса,
Биз беребиз жүрөктү!..
Жапай турмуш жайдак жерде
Жашаңдатты, гүл экти.
Пролетарым,
Өчпөс жалын
Миң майданды жеңишти.
Ал
«Манас»,
«Шабдан»,
«Батырканын»
Ала чуркап илешти.
Ким жеңе алмак
Биздин топту,
Большевикчил күрөштү.
Эми чыкты,
Шермендеси
Энгеришти. Жүдөштү
Кана!
Дагын айткылачы?
Кимдин күүсүн ким чертет?

Мен
Мактай-мактай
Пахта чапкан
Эмилбектин кетменин.
Эр балбандын эрмегимин,
Эмгек күүсүн чертемин.
Черте-черте
Жаңы дүнүйө
Жайдарысы эркемин.
Эжем сенден
Суранамын
Туурдугуңду өрттөгүн!
Алды тактай
Айнектүү там
Ал кыштактын көркөмүн.

Эчен жылдай
Ушул туурдук
Унутпагын эзгенин...
Ук!
Жетекчи большевигим,
Жаңы калам жеңгенин.
Сатсыйалчыл
Жаңы ырчылар
Рапыртын бергенин...
Биз машыктык
Күрөш менен
Большевиктер чыргалап...
Биз ырдадык
Большевиктин
Майдан туусун булгалап!
Биздин катар
Сатсыйалчыл
Тап салдаты чыңдалат.
Жаңы күүлөр
Тартылат да
Жаңы авандар ырдалат...
Кызуу майдан
Көп жеңишке
Ким катышпай кур калат?
Биз катыштык
Бул майданга
Жаңы турмуш
Жасалгасын сыргалап!
Пролетарым,
Өчпөс жалын
Дагы жанат-ырбалат.

Кечээ гана
Тыяншандын
Жылгаларын арыткан.
Арчадагы
Күкүк менен
Кошо сайрап жарышкан.
Жапаа чегип
Жалдырашкан
Жаш кырчындай майышкан.
Жапаа чегип
Жалдырашкан
Жаш кырчындай майышкан.
Күндүр-түндүр
Байсал таппай

Байдын малын багышкан.
Кара туман,
Калың кайгы
Куур тончон-чарыкчан
Булар бүгүн
Сатсыйалчыл...
Ырчы болуп каныккан.
Большевиктин
Зор майданын
Ырдап күүгө салышкан.
Ырдай-ырдай
Ырдай-ырдай
Ыр толкуган арыстан.
Биз бууданы
Пролетардын
Пролетарым чабышкан.
Кечээ гана
Сар аскада
Зардуу кайгы
Үн салып,
Булбул тилдин
Баркы ачылбай
Буулгандай кумсарып.
Чогойнодон
Чоор тартып,
Белге бурчак курчанып,
Жаш билекчен
Оор эмгек
Отун алып, от жагып
Азыр, мына,
Булбул тилден
Майдан маршы тартылып.
Анда калың
Миң кайгыны
Шаң күлкүгө бастырып
Ошол күндү
Шылдыңдадык
Маскаралап-каткырып.
Жапай турмуш,
Сасык айран
Көксөгөндү баш кылып.
Өлөр таптын мүрзөсүнө
Өбөктөтүп
Жапшырып
Аалы,
Мукай,

Молдогазы,
Жусуп,
Саткын — жаш чыгып.
Масыраалы,
Кубанычбек
Бар майданда маш кылып.
Жаңы заман — ырчылары
Жайнап чыкты чарк уруп.

«Алтын кыздар».
«Шайыр жаштар»,
«Атакалар»
«Мараттар»
«Күрөш»,
«Майдан»,
«Эмгек төлү» —
Булар тапчыл барактар.
Ук,
Большевик, биз болобуз.
Алмас, болот жарактар.
Бул жарактан
Кыйрап түштү
«Жаңыл»,
«Шабдан»,
«Манастар»...
Дагын күрөш
Зор майданга
Таптар салар жарак бар.

Биз беребиз антыбызды
Пролетарым тыңшагын.
Пролетарым
Өчпөс жалын мен жалындан учкамын.
Биз жирейбиз
Калам менен
Эски дүйнө бучкагын.
Талкалайбыз
Пролетардын душманын.

Биз курабыз
Тыяншандын
Тоолорундай
Тоолорундай ырларды.
Майдан жеңген,
Жеңилбеген
Биздин ырдай ыр барбы?

Та... та... та... та...
Пилимоттой
Биздин ырлар ырдалды.
Ууру мышык
Кейпин кийди
Душман ырлар кур калды.

Биз
Ырдай-ырдай,
Гүлдөтөбүз
Жаңы заман бактарын.
Конуп, сайрап
Сергитебиз
Ал бактардын, баштарын.
Ана кара!
Тыйаншандын жылгасын.
Автомобил чапканын
Бурул жеңем
Боргулданып
Ысык терге батканын...
Ал өлкөмдүн эркетайы
Эпкиндүүсү пахтанын...
Дагын алга,
Эр большевик,
Да жеңишке
Дал жеңишке баштагын.
Пролетарым,
Өчпөс жалын
Биз төрөлгөн жалындап.
Кайнай-кайнай калың кайрат
Өрт буралган канымдан...
Биздин жүрөк
Большевиктин
Балкасынан жаралган.
Ал Парганам —
Эмилбегим
Ак пахталуу каарман.
Пахтачыга бригадир
Биздин башчы Бауман.
Чап кетменди,
Эр эпкиндүү
Эрте туруп саардан.
Биз жазабыз
Мактай-мактай
Майдандарын өлкөнүн.
Кайра бүткөн,

Жаңы адамдар
Жаңы турмуш көркөмүн...
Пролетарым,
Өчпөс жалын
Мен күүңдү чертемин.
Черте-черте
Жаңы заман
Жайдарысы — эркемин.
Ант беребиз
Пролетардын
Күүлөрүнөн
Күүлөрүнөн чертемин.

*24-май 1933-ж.*

## АК КЕЛИН

### I

Бир кезекте тентек элем
Өмүр жайын билбеген,
Күмүш жеңем «жашаба!» деп,
Күндө үч убак тилдеген.
Ошол кезим эстей келсем,
Ойго түшөт бир жеңем.

Бир күн ойноп, биз чогулуп,
Аккан сууну жээктеп,
Суу мылтыкчан мен да бирге,
Мен да бирге электеп.
Ал аңгыча көзүм түштү
Жалпак ташка элестеп,
Анда караан, ким болду экен
Ыйлап жаткан өбөктөп?
Жалтылдаган кара чачын
Жайып салган өрүүгө
Ал келиндин кейпи укмуштуу
Жан чыдабайт көрүүгө.
Жайдар беттен кан көшүлгөн,
Зар чырмалып көңүлгө.

Жаңы гана тигип кийген
Көйнөктөрү бөлүнгөн,
Туман чалган ай кептенип
Ак денеси көрүнгөн.
Жал-жал көзү муңга чалган,

Жаш оргуштап төгүлгөн!
Баш бармагы чыгып калган,
Маасылары сөгүлгөн...
Кандай укмуш, караң кайгы,
Кечкен жанбы өмүрдөн?

Бул кандай жан,
Адамчылык
Сыпатынан айрылган?
Өзү жалгыз өбөктөгөн,
Окчун келип айылдан.
Тентек акыл жеталбады,
Бул жан
Неге кайгырган?
— Айтчы, шордуу,
Бар сырыңды,
Мен алайын
Бөлүштүрүп кайгыңдан.
Солуп жатат, дарманы жок,
Кээде гана козголот.
Салаа, салаа кочкул кандар
Жалпак ташка шорголоп...
Ууру кылган каракчыбы
Жалпак ташта корголоп
Ууру болбой, бейпил болсо,
Мынча неге кор болот?

Жок!
Канча тентек болсоң дагы,
Ууру эмесин билесиң.
Мынча неге жапа чегип
Жабыр тарткан эмесиң?

— Сурап мени не кыласың,
Жөн билбеген тентегим!..
Мен жегемин Алымкулдай
Дөөпөрөстүн келтегин.
Жүрөк күйүп кансырады,
Суугa кантип жетемин?
— Ой, жеңеке, кыйналдың го?! —
Дедим дагы, мен келип,
Канын жуудум ууртунан,
Кочушуман суу берип.
Баш көтөрүп араң гана,
Темтеңдеди сенделип...

— Көп жашагын,
Мен садагаң,
Мен садагаң кетейин!
Өлсөм дагы эстен кетпес.
Бир жакшылык өтөдүн.
Бир кезекте мен жеңең да,
Бир жакшылык этермин.

II

Бассам-турсам эске салып
Фарганынын иреңин,
Көптөн көрбөй өскөн жерди
Самап көксөп жүрөмүн.
Ай талаанын ай жылдызы
Ал Ак келин, билемин!

Бир күн катуу шыңгырады
Телефондун добушу,
«Сен келегой Обкомолго,
Зарыл жумуш болучу».
Мен баруута пахта жакка
Тиркелипмин чечимге,
Эртеси күн мен жөнөдүм
Түш оогон кез бешимде.

Көз жетпеген сар талаанын
Көккө шилеп кумдарын,
Эрке көңүл мен кубанып
Эр паровоз тулпарым.
Күн өткөрбөй сапарымдан
Жеткиресриң, барасын
Мен кеткенде талаа көздөй
Станцияда каларсың
Азыр көрсөм ай Ак келин
Ай талаанын жаркыны
Ал кездеги тыртык бүткөн
Агарыптыр алкымы
Ал чактарда Ак келиндин
Кабак кашын кир басып,
Бул кездерде Ак келиндин
Богокторун нур басып,
Ал кездеги көздүн жашын
Эмгек менен кургатып

Ук, жеңеке турмуш шардай,
Турмуш шардай агылар.
Турмуш бети кол күч менен,
Кол күч менен жаңырар.

Кече тентек мен өзгөрүп,
Бүгүн мыкты болупмун.
Кече муңдуу сен өзгөрүп,
Эрке эпкиндүү болупсуң,
Мен бактылуу.
Алтын жеңем,
Пахта терген
Майданында жолуктум.

Закым шаани эркелеткен,
Миң салтанат терметкен.
Алтын өзөн Фарганамды
Кантип өтөм көрбөстөн!

Тигил кыштак майдан кени,
Майдай соруп күн нурун.
Чаңдап жаткан карып жердин
Чаңын жууган күн нурун
Шамдай жанып көз кареги
Жылдыз маңдай кыр мурун,
Ошол тура Каным деген
Эпкиндүү кыз булбулум!

«Ак сакалы» бул кыздардын
Ак жеңекем башкарган,
Миң караса көз тоёбу,
Тигил жайдар кыздардан?
Белек кылып бир үзүмүн,
Берип жибер пахтаңдан!..

«Бир кезекте мен жеңең да
Бир жакшылык этермин» —
Деген сөзүң эсиңдеби?
Болсо эсиңде актагын.
Барлык адам таң каларлык
Бир керемет баштагын,
Арстанбаптай беш мертебе
Тоосун жазап пахтанын!

*1933-ж.*

## СҮЛҮКТҮ

### I

Жолдун бою күлгүн жашыл
Толгон экен жаңылык,
Ал паровоз айдап кирип
Тоонун ичи жаңырып,
Мен бараткам алыс жаткан
Сүлүктүмдү сагынып,
Эр паровоз тоо таянды
Тулпар аттай чамынып.
Тулпар эмей ал эмне,
Тоо боорунан эргиген?
Акын эмей мен эмне,
Ырдай көңүлүм сергиген?

«Тилип-тилип аскаларды
Мындай да жол саларбы?
Таң каларлык эч жери жок,
Эчен колдор кабарды» —
Дедим дагы, жалт карадым
Жанымдагы аялды,
Алды жактан көрө салып,
Таанып, Эрмат агамды.
— Ой, агатай, амансызбы! —
Ал да мага каранды.
Карбит, кайлоо колдорунда,
Ирең-бети караңгы,
Сейрек сакал ээктеги
Эрбеңдеди күлгөндө,
Бужур кара колун сунду,
Мен экеним билгенде.

Ээк бети кыймылдады
Айтайын деп бирдеме,
Амансызбы, акын иним,
Рас болду келгениң,
Кара алтындын майданынан,
Кана жазып бергениң?
Баягы Эрмат мен эмесмин,
Азыр мен да эрдедим.
Өткөн жорук кылыгыма
Уят болуп тердедим,
Эми келдиң көптөн бери,
Жазсаң, жазсаң, эрмегим!

Ушул күнү Эрмат менен
Мен да түштүм шахтыга,
Түркүн-түркүн
Турмуш түрү,
Эчен кызык шахтыда.
Эр Эрматтын күрөштөрү
Биздер үчүн бактыда!
Шаптай мойлоо*,
Шыңга бойлуу,
Тагай, Барат, Азамат,
Отуз беш жыл иштеп келет,
Жердин түбүн тазалап.

II

Өткөнүн
Бул шахтанын сүйлөп берсем,
Кез болгон
Миң окуя, нечен-нечен,
Ошонун
Бир тамчысы — «Ал кандуу күн»,
Уккула,
Жан курбулар, сүйлөп өтөм:
Азап, муң,
Калың кайгы,
Кочкул кандар...
Аралап бул Сүлүктү белден кечкен.
Бул колотко кайдан дагы
Орнолуп,
Эки-үч чатыр пайда болот.
Башталып
Ошол күндөн бизге чейин
Токтолбой,
Бул колоттон муң шорголоп,
Уланып
Күндөн-айга, айдан-жылга,
Сүлүктү
«Шахта» деген атка конот.
Ал чакта
Бул шахтаны кимдер билди?
Жөө-жалаң
Көмүр ташып кимдер жүрдү?
Рахат,
Кумар ойноп, арак-шарап,
Санын чаап,
Мурут толгоп, кимдер күлдү?

* Мойлоо — мурут.

Сурасаң
Эрмат, Тагай айтып берет,
Калтырбай
Ийне, жибин ошол күндү.
Эң кедей
Эл ичинде кор болгонсоң,
Мырзабай,
Бул шахтыга келип кирди.
Азандан,
Күн батканча байсал таппай,
Ал шордуу
Кап көтөрүп тынбай жүрдү.
Ошондо,
Эрмат, Тагай жаш кезеги,
Көз жарып,
Эмгек менен баш көтөрдү.
Ээлеген
Сүлүктүнү бир соодагер,
Жап-жалгыз
Соруп жаткан ушул кенди,
Ал күнку
Бул шахтанын абалынан,
Сүйлөсө
Пардаш кылбай чабак урам...
Сом темир,
Сасык чырак, караңгылык,
Сайрандап бул шахтада доорон курган.
Көк жөтөл,
Калың кайгы жумушчуда,
Жалгыз баш
Ал соодагер сайран кылган.
Он беш саат жер түбүндө,
Алышкан
Бир мүрүдөн* ар күнүндө.
Ал кезде
Кайдан болсун бул күнкүдөй
Чер жазып
Кызматтан соң ойноп жүрмөй?!
Ал кезде,
Кайдан болсун бул күнкүдөй
Маданий
Китеп окуп, кино көрмөй.
Куп-куу сай,
Ар кай жерде тарап-тарап,
Жатышкан

* Мүрү — беш тыйын.

Жумушчулар жер кепеде.
Маектеп
Айтып турса Тагай, Барат
Таңданып,
Жүрөк согуп, тиш кычырап,
Адамды зор кайратка алып барат.

Бир күнү
Кап көтөргөн Мырзабайды
Соодагер,
Жолдон чыгып көрүп калат.
Буулугуп,
Жер тепкилеп ал соодагер,
Каардап
Бирден алып, миңге салат:
— Ит, акмак!
Илкий басып не жүрөсүң?!
Ит, акмак!
Байлыгымды бүлдүрөсүң!..
Ким чыдап
Мындай сөзгө карап турсун,
Кумсарып
Мырзабайдын ирең бети,
Жулкунду
Соодагерге түйүп муштум.
Мырзабай
Турмак беле кылып тартты,
Ал жедеп,
Күйүп бүткөн, өтүп запкы.
Ушулбу?
«Соккон оозуң!» деди дагы.
Тепкилеп
Оозу-мурдун канжалатты.
Бакырды
Ал соодагер жер жаргандай,
Чогулду
Жан жабыла элдер калбай.
Жандарма
Мылтык кезей айландырып,
Алышты
Бирден-бирден кармай-кармай.
Калың чуу,
Кызуу сүргүн, мылтык үнү.
Кыйкырык,
Кырылышкан кандуу жаңжал,
Ушул түн

Мырзабайдын жондорунан
Саналуу
Токсон эки камчы алынган.
Адамзат
Кандай чыдап жатмак эле,
Алсырап
Ал Мырзабай тилден калган...
Эртеси
Жан бериптир шордуу байкуш,
Жошулуп,
Бүткөн бою аккан кандан.
Муң чыгып
Жер кепеден күндөн-күнгө,
Алмашып
Шум дүнүйө миңден-бирге.
Жалгыз баш
Бир соодагер жыргап күлүп,
Оор жүк,
Ачуу турмуш миң-миңдерде.
Ушул кол
Тагай, Барат, Эрматтарым,
Ойрондоп
От жандырып ал күндөргө,
Жоголуп —
Жалгыз баштуу ал соодагер
Эпкиндүү
Энчи тийип миң-миңдерге.
Кумсарган
Кубаң колот шаар болуп,
Алмашты
Жер кепени ак үйлөргө!

III

Азыр
Шахты шаар болгон,
Жаңы өнөрүм орнолгон,
Кадимкидей
Кап көтөрүү,
Сасык чырак жоголгон.
Социалчыл
Жаңы өлкөнүн,
Жаңы ордосу боло алган.
. . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . .

Эрмат, Тагай кайра бүтүп,
Кайра күчкө тоюнган.
Турмуштары
Дагы жаңы,
Кандай чыксын оюмдан.
Катар-катар жасалган үй
Радио коюлган.
Бир жагында грамафон,
Ойноп турат сонундан...
Кечке жуук көрүп турат
Түркүн кино оюндан.
Бармактайдан,
Кайнап бышкан
Майданында көмүрдүн,
Эрмат, Тагай эпкиндей көр,
Өлкө алдында көрүнгүн!
Кара алтынды
Казгын-казгын, жемиргин!
Тарт паровоз,
Вагон толду,
Тарт паровоз, элиргин!
Суроосуна
Алтын берчи
Эркин кыргыз элимдин.

*1933 ж.*

## ЭМИ ЧЫКТЫ МҮЧӨЛҮМ!

Бүгүн келип айылымды,
Бүгүн көрсөм айылды:
Шаңкылдаган калың күлкү,
Калың күлкү жайылды.
Жаңы мүнөз, жаңы адамдар —
Салты калган байыркы.
Ырас сырты тозуп кеткен
Туурдугу эскирген.
Бирок айыл ичи жаңы
Түп көтөрө өзгөргөн.
Мынча кеңиш эчен жаңы
Келгени жок чет жерден.
Бирдик, эмгек, өчпөс кайрат
Өз күчүбүз жеткирген.

Ал өргөөнүн туурдугун
Алмаштырып ак тамга,
Ал өргөөнүн ууктарын

Айландырып жаш талга,
Бурул жеңем үйүн жууп,
Сыр каптатып тактайга!
Чолпон жеңем жеңилдеген,
Элечегин таштаган,
Бир жагында жатар үйү,
Бир жагында ашканаң!

Бир күн барып үйлөрүнө
Отурганда мандаштан
Чолпон жеңем шыңкыл күлүп,
Кыйгач карап, бой таштап:

— «Кандай бала, илгеркинин
Жоругуна түшөсүң,
Үстөл турса, отурбастан
Мандаш токуй кетесиң?
Биздин айыл кайра бүткөн
Кандай келбейт экенсиң»
— Кечир, Чолпон, кадимкидей,
Айыл эски дегендей
Азыр келип алыс жактан
«Отурам» деп кебелбей
Айыл кайра бүткөн тура
Чолпон, Бурул жеңемдей.

Айып менде, ай Чолпонум,
Үстөлүңдү көрбөпмүн.
Тиги турган катар-катар
Китептери Шербеттин.
Жаңы турмуш каарманы —
Чолпон сага эрмекмин.
Кош керебет үйүңдөгү
Жатар жайы Эргештин.

Чолпон жеңем, дагын-дагын,
Дагы жаңы күтөмүн,
Кыштагыңды абаттанта
Чаңын кетир көчөнүн.
Эчен жылкы бечел болгон
Эми чыкты мүчөлүм,
Айлым жаңы, жеңем дагы,
Дагы мен да күчөдүм.
Бир күн майрам — майдын күнү...
Уул, кыздар, келиндер,
Гармон күүнү Эргеш тартып,

Хор ырдашып жеңемдер,
Кыштак ичи жаңы шаңда
Оюн баштап Эмилдер.

Эчен жылдай Тяншандын
Жылгасынан баш багып,
Чирик турмуш туткунунда
Жаткан айыл какшанып,
Бүгүн чыгып ал жылгадан
Тегиз жерге там салып.
Мен ырдаймын жаңы жерди
Жаңы айылга жар салып,
Чолпон, Бурул мага кошул,
Эмгек хорун айталык!

*1933-ж.*

## КӨККӨ КӨТӨР ТУУҢДУ

### I

Бир жагында:
Сан-салтанат тамаша,
Бир жагында:
Ачка адам үйүлгөн,
Кеберсиген
Эриндери кумсарып,
Саргыл беттер
Туурук-туурук тилинген.
«Жарты нан» деп
Жалдырашат жалпысы
«Жарты нан» деп
Жабалактап жүгүргөн.
Көчө коркөм,
Кайгы басып баштарын,
Коркү качкан,
Көз жашынан ачканын,
Жан-жагынан
Муңдуу үндөр угасың,
Бирөө боздоп,
Бирөө кыйрап жатканын.
Бир жаш бала —
Этек-жеңге жармашат:
«Үч күн ачка,
Үч күн наар татпадым»,
Үч күн ачка,
Үч күн наар татпадым.

Көз тунарган,
Көрүнгөнгө жалбарып,
Оттон алып
Сууга салат жаш жанын.

Ал аңгыча,
Тигил жактан, бурчтан,
Салаң курсак,
Шаптай сары мурутчан,
Көрө сала
Жаш балага умтулуп,
Атырылды
Колдо темир — чыбыкчан.

Жетер менен
Көк желкеден, аркадан
Шилтээр менен
Бала кетти чалкадан.
Бир толгонуп,
Араң гана— «нан» деди.
Туралбастан —
«Нанын» сурап кайтадан
Кызыл шүүшүн —
Кан шорголоп мурундан:
Бул кандай жан,
Жазыксыздан кырылган?
Бул кандай жан,
Жазыксыздан кырылган?
Тигил кайсы,
«Нан» деп жатып жан берип
Канга баткан,
Чалкасынан жыгылган?
Көлдөй толкуп,
Көчөлөрдө калың эл?
Бири ыйлады
Өпкө кагып, шолоктой,
Бирөө күлдү
Күл, мекиян-короздой
Бирөө карап
Сонуркады өлүктү,
Бирөө карап
Кансырады желикти.
Ак кийинген,
Автомобиль минишкен,
Каткырышты
Тамашага — күлүштү...

Шаптай-шаптай
Муруттарын имерген,
Салмак баскан,
Сар дөбөттөй килейген,
Алдындагы автомобиль
Күмүштөн,
Аземдеген,
Асманданып чиренген,
Улуп-уңшуп
Чыккан үндү тыңшабай,
Ушул чоңу —
Шаардагы билермен.
Өлгөн жандар
Калмак беле суракcыз,
Кан жуткучтар
Болмок беле кулаткыз
«Ууру бала —
Качканынан өлдү» деп
Акти жазган —
Арам жүрөк уятсыз.

II

Күндө кыргын,
Күйүт баскан эл ушул.
Күндө кайгы,
Күйүт тарткан эл ушул.
Кара зындан
Каарында кармалып,
Пролетардын
Эр солдаты каарман
Пролетарчыл
Тельман жаткан жер ушул.
Кызыл майдан
Кыргынында канышкан
Кыраан куштай
Пролетарым арыстан.
Кыраан куштай
Пролетарым арыстан.
Жер солкулдап,
Астын-үстүн болсо да.
Жетер максат
Жеңип чыгар намыстан!

III

Көчө көркөм
Кадимкидей салтанат
Көз чагылтат,
Көркөмдөнөт жаркырап.
Сап-сап болуп,
Сандаганды көрөсүң
Жалбарышкан,
Жалдырашып нан сурап.
Бирөө жатат,
Тигил туюк бурчта,
Тилден калган,
Муздак тери тамчылап.
Мындай-мындай,
Нечендери кез болот,
Өксөп ыйлап-
Өлүп жаткан алсырап.
Өксөп ыйлап,
Өлүп жаткан алсырап.
Толкуп калык
Аркы-терки термелип,
Өч оргуштап,
Кетпес кеги бар санат.
Бир мезгилде:
Кызыл майдан кыйкырык,
Калың жаштар —
Каптап келет кыйкырып!
«Алга жаштар: —
Алга жаштар» дегендей
Колдо туулар —
Асманданат кулпунуп.
Ана чыкты:
Полициялар саптašып,
Азоо жандай,
Минген аттар жулкунуп.
Эгер жаштар
Жалтак болуп жаралса,
Кимден коркуп
Куралдансын полиция.
«Кызыл майдан
Рот-фронт» кыйкырык,
Кызуу жаштар
Дабылдашат жалынча!
Кантип жаштар
Турмак эле токтонуп,

Кайтпас-кайрат
Добулбасы кагылса!
Кантип жаштар
Канын чачмак тегине,
Калмак жаштар
Кандуу күрөш кебинде.
Кантип жаштар
Коркок болуп жаралсын,
Талбас тулпар
Тельман өскөн жеринде,
Көтөр көккө,
Көтөр көккө тууңду!
Жалын жансын
Социалчыл өмүргө!

*1934-ж.*

## АКЫН МЕНЕН КЕЛИНЧЕК

**Акын:**
Бир кезекте бир ойногон,
Бир кезекте бир ойлоп,
Сен ал чакта беш көкүлсүң,
Мен ал чакта жыңайлак.
Айлуу түндүн тынчын алдык,
Айлуу түндө бир ырдап.
Жаш кырчындын бал мөмөсүн
Бирге жедик бир ыргап.

**Келинчек:**
Бир кезекте бир ойнодук,
Бир кезекте бир ойлоп.
Мен ал чакта беш көкүлмүн,
Сен жыңайлак колоңдоп.
Көбүргөндүү көк жылганын
Көк шиберин орондук.
Көбүргөндүү көк жылганын,
Көк шиберин орон цук!
Капчыгайдын сар ркасын
Шаңга салдык үн безеп,
Капчыгайда каль ң күлкү,
Сен да, мен да түн күзөп.
Ойлоп көрсөм ошол күндү,
Күлкү экен го ал кезек...
Ойлоп көрчү ошол күндү,
Күлкү экен го ал кезек...

**Акын:**
Сен ал чакта көйрөң элең,
Кызыл-тазыл кийчү элең.

**Келинчек:**
Сен ал кезде тентек элең,
Чийдин түбүн тилчү элең.

**Акын:**
Көшүп жатпай көлкүлдөгөн,
Көл да тентек — мен тентек.
Көңүл шагын ким көтөрөт
Көл четинен күү чертет.
Саргыл беттен ким сүйдүрөт,
Тентек сырын ким билет?
Термеп көңүл — ой бешигин
Келген кезде үргүлөп...
Керме тоонун ак селкиси
Кайда экенин билдирет.

**Келинчек:**
Кайда экеним биле албасаң,
Кайда экеним сурасаң:
Келин-кыздар, уул балдар,
Кемпир-чалдар, жигиттер,
Салтанаттуу кең мейкиндин
Санжыргасы Күмүштөр.
Таң тамаша биздин айыл,
Далай кызык көргөмүн,
Сар турпактан алтын тапкан
Шаң Фаргана жердемин,
Ак тамдарга алмашканбыз
Боо-чууларын өргөөнүн,
Өзүң көргөн тайпаң жерге
Кыштак салып бергемин!
Бирок сенин, акын бала,
Кайда экениң билбедим?

**Акын:**
Кайда экеним биле албасаң,
Кайда экеним сурасаң,
Жердин бетин дүңгүрөткөн,
Миңдеп жеңген күрөштөн,
Жаркын турмуш туусун тиккен,
Жаңы дүйнө төрөткөн.
Келсең кетпей байраларсың,
Кенч өнөрдөн аларсың,
Керме тоонун кээри кетер,
Кайра туулуп барарсың

Кайрат — күчү Октябрдын,
Кайнап чыккан сары алтын.
Өткөн чакта каран каргыш,
Кандар тамган жердемин.
Азыр мына өчпөс жалын,
Шамдар жанган жердемин.
Өмүр багы гүл байланган,
Өнөр сүтүн эмгемин.
Өзүң кандай турмуштасың,
Өзгөргөнүң билбедим?
Айыл кандай түргө келди,
Айтчы келин, сүйлөгүн?

**Келинчек:**
Көрүп көздүн мээри түшкөн
Колтукташкан өбүшкөн,
Биздин уул, келин-кыздар,
Бир ойноого көнүшкөн.
Кадимкидей көмүскөдөн
Үн берүүнү жеришкен.
Кемпир-чалдын каргыштарын
Каткырышкан, жеңишкен.
Сен бардагы күйпүл кебин,
Күйпүл кебин таштаган,
Сен бардагы жаман кыштак
Шаар боло жаздаган
Сен бардагы какшып турган,
Нанга толгон ашканам,
Сааса сүтү шоргологон
Уйлуу боло баштагам.
Мен да жазам сендей болуп,
Союзуңа катталам.
Менде дагы акындыктын
Чымыны уча баштаган.
Сенин жазган ырларыңды
Окуймун да шаттанам.

**Акын:**
Керме тоолук келин-кыздай
Кербез сулуу жер менен,
Келер кезек мен өзгөрүп
Кермек көңүл сергиген.
Жайда барсам сен тозорсуң
Жаркын, жайдар өң менен,
Ууртуңан бир өбөрмүн
Учкул көңүл дем менен.

*1934-ж.*

## ШАҢ-КҮЛКҮНҮ МАЙРАМДА

I

Бир кезекте
Тыяншандан
Ышкын терген, сандалган,
Ал кезекте тилиң каткан,
Ал кезекте саргайган.
Күзгү булбул күүсүн тартып
Колго чоор кармаган,
Жашыл жылга,
Бозоң кырдан
Жанга жагым үн салган,
Ошол жетим
Сен эмеспи
Азыр эпкин Абдылдам?

Билесиңби,
Керме тоону
Сур туманы басканын?
Билесиңби,
Бир кезекте
Жапаа чеккен жаш жаның?..
Жаш да болсоң, жазбай санап
Далай таңдын атканын,
Жаш да болсоң, басып көрдүң
Далай ташын асканын.
Жаш да болсоң,
Ачуу-таттуу
Кайсынысын татпадың.
Жаш да болсоң,
Жай-кыш чилде
Чарк айландың, жатпадың.

II

Ал кезекте
Чылпак баскан көздөрүң...
Жаштын шаңы —
Жанды шамы өлкөнүн,
Күл каткырып,
Шаң күлкүнү майрамда!
Күлкүң сонун,
Күүгө салып чертемин!
Күүгүм талаш

Кызматыңан чыгарда,
Сүйүп турсаң
Беттеринен эркенин.

Кана, жаштар,
Басылбасын күлкүңөр!
Асманданар,
Колдо туун желпинер.
Көк да, жер да,
Бүт дүнүйө күлкүгө
Гүлүн байлар,
Күлкү күүң чертилер,
Кана, жаштар,
Дагын чыксын каткырык,
Кыл кыяктай
Үнүн кошсун селкилер!

Жаштын гүлү
Дагы жайнап ачылар,
Жаш майданы
Дагы жетер, жатыгар:
Учкуч,
Билгич
Эчен сонун берендер,
Өнөр өрчүп,
Дагы жаштар машыгар.
«Эч болбосо
Боло көргүн инженер» —
Деп тапшырып
Селки жазган каты бар.
«Орундадым
Тапшырманы» дегендей
Ошол катты бекемирээк катып ал!

*1934-ж.*

## ЖАҢЫ СЕЛКИ

Упа — эндиги жок туруп,
Кызы сулуу Керметоо.
Оту — чөбү жок туруп,
Малы семиз Керметоо.

*(эл ырынан)*

### I

Жаңы селки жаңы оюндан баштаса,
Сынга салып күлгөндөрү башкача.

Кантип чыксын ал селкинин көркөмү,
Мендей бала ырга кошуп жазбаса?
Кызый-кызый орто ченге келгенде,
Колдон калам ыргып кете жаздаса.

Ой, жеңеке, албырт урат жаш көңүл,
Ойноп-күлөр жыргал таңы-татты өмүр,
Ачык-айкын айткандарың шаң менен,
Ой, жеңеке, али эсиңде жүргөндүр.
Кантип эстен чыгармаксың уулду,
Каның ташый, элес көзгө келгендир.

Ой, жеңеке, эркелеймин бой сунам,
Эчен күндөр күтүп жүрүп сыртыңан.
Каргап-шилеп каарыңа албасаң,
Ой, жеңеке, кабыргаңдан чымчысам.
«Тентек өскөн кандай шумшук бала» деп
Ой, жеңеке, айтып жүрбө артыман.

Ой, жеңеке, тыңшап кара адырды,
Үн салат да тигил жаңы койчуман,
Ой, жеңеке, «бир сүйгөнүң болор» деп
Мен да билгем, обол мурун чочугам.
Ой, жеңетай, өзүң тандап сүйөгөр,
Артыгым жок андай жаңы койчудан.

«Ойрон уул, оңой бергин жаңылап,
Чындык турмуш оюнду да сагынат.
Койсоң, бала, тамашаңды кызматта,
Чымчыбачы, жазган колум жаңылат.
Койсоң, бала, тамашаңды кызматта,
Чымчыбачы, жазган колум жаңылат».

II

Айтчы келин, элде кандай жаңылык,
Нелер келди, нелер калды жаңырып?
Келген, кеткен жолоочудан кеп угам
«Керме тоодон жол өттү,— дейт салынып.
Азоо турган аскаларды жарды — дейт,
Ал дайрага таш көпүрө салды — дейт.

Алыстагы көшүп жаткан Алайга
Арыш таштап автомобиль барды — дейт.
Айтчы селки, рас бекен ушул иш
Алай дагы шаар болуп калды — дейт?

Көк жибектей асман менен сызды — дейт,
Көл үстүнөн аэроплан учту — дейт.
Шаңга келип капчыгайы Боомдун,
Шаңга келип каткырыгы чыкты» — дейт.

Сен да, селки, миң кызыктын бирисиң,
Жан эрмеги жайнап ачык жүрүшүң.
Сайрап турган граммафон кейиптенип
Сагынтарлык кандай сонун күлүшүң!

Гүлүн самап, гүлдөп турган шагыңдын,
Тандап жедим бал мөмөсүн багыңдын.
Мен мындамын, сен жатасың айчылык,
Жалжылдаган көзү чолпон жарымдын
Кербез сулуу кер маралдай келбети,
Керме тоонун келиндерин сагындым!

Эндиги жок беттен каны тамгандай,
Түтүн чыкпай көздөн алоо жангандай,
Жаңы заман жаш селкиси чыракты
Жалган болбос, мактап жазсам ар кандай.
Көксөгөндүн көңүл суусун басарлык,
Көзүң сенин көрсө кумар кангандай.

Бетиң сенин миң кубулган, албырган,
Этиң сенин жаш кубатын жандырган.
Эпкин жумуш казанында шарактап,
Эркем, сенин эргип чыкты санжырган.

Жаңы селки чын турмуштан сүр алат,
Шаттуу көңүл ээн-эркин гүл алат.
Кошо туруп, жазгы таңкы жел менен,
Эл катары эпкин эмгек кылалат.
Үнүн созуп кайрат менен ыр ырдап
Жайдары келин жан чырагы кубанат.
Жаңы гана бүр байлаган дарактай,
Жарын көрсө жаш чыбыктай буралат.

III

Кана, селки дагы жаңы чыгаргын,
Дагы мен да таттуу кабар угармын.
Көксөп жүргөн алыстагы уулдун,
Көңүл шагын күлкү менен сугаргын!
Сел жүргөндөй турмуштагы жаңылык
Сен да кайра бүткөнүңө кубандым.
Жаз алдында бутактаган чынардай,
Жарык жайнап өскөнүңө кубандым.

Далай күндөр андан бери сапташып,
Убай-чубай өттү-кетти катташып.
Бирок билем, турмушуңду түптүгөл,
Турбасакта жыл боюнча катташып.

Мен жүрөмүн майданында билимдин,
Билим билип, билим сууга кириндим.
Билгим келет дагын толук түгөлдөп,
Турмуш жайын, турар жерин келиндин.

Калем — тулпар, ооздугун кемирди.
Алып учуп, алек кылды көңүлдү.
Кандай акын амандыгын билдирет,
Ырга кошуп мен мактаган келинди?
«Келин болуп жаңы айылдын көркөмү,
Келин колу өндүрөт дейт эгинди.
Минип алып темир кара трактор,
Ушул жазда айдады,— дейт,— жеримди».
Акын жолдош, жомок болуп жүрбөсүн,
Анык билгин, жазып жүрбө тегинди.

*1934-ж.*

## АДАМЗАТТЫН ЖЫЛДЫЗЫ

Уландырып жүрөктү
Шумдук кабар келиптир,
Адамзаттын жылдызы
Максим Горький өлүптүр.

Жоготууга өлүмдү
Тапсак боло амалды.
Кантип өлүм кыйды экен
Асыл жандуу адамды.
Таалай үчүн, таң үчүн,
Эмгекчинин багы үчүн
Бүт өмүрүн арнаган,
Буудан элең талбаган.

Шумкар элең көктөгү,
Алтын элең биздеги.
Деңиз элең чалкыган,
Чолпон элең балкыган,
Толкубай дениң жаттыбы,
Балкыбай чолпон баттыбы?

Күндү булут баскандай,
Жер термелип жаткандай,

Тоо козголуп көчкөндөй,
Суу чайпалып кеткендей,
Карайланат көңүлүм,
Катуу тийди өлүмүң.

Сен жасаган добулбас
Бүт дүйнөдө кагылар,
Сен күйгүзгөн шам чырак
Бүт дүйнөдө жагылар.
Кош, чолпонум, өчтүңбү,
Келбес жерге кеттиңби?!
Сөзүң — булбул адамга,
Чырак болдуң заманга!

*1936-ж.*

## КЫЯЛ

Ушул жыргал заманымда
Октябрдын таңында,
Көз жиберсем келечекке,
Күүнү кошуп жаңы ырга.
Көкүрөгүм — кубанычка,
Көңүл толкуйт жалынга.

Ойлоп-ойлоп келтиремин
Сонун турмуш элесиң,
Катар минип өткөн кезде
Калың кыял кемесин!
Таалайы кең келечегим —
Көз алдыма келесиң!

Жиндиленип агып жаткан
Суусун буруп Нарындын,
Таңгаларлык электрдин
Станциясын салармын.
Балбылдатып ата Ильичтин
Чырактарын жагармын.
«Кыялдарым чын болду...» деп
Кызыгына канармын.

Атырылып ээн тоодон
Агып жаткан дайралар.
Азоо жандай туткун болуп
Биздин колго байралар.
Хантеңирдин чокусуна
Билимдүүлөр үй салар.

Бир күн Кыргыз өскөнүнө
Бүтүн дүйнө таң калар...

Көк тиреген сонун үйлөр
Фрунзеде орнолор.
Көк сырдалган трамвайлар
Көчөлөрдө жорголор —
Көрүп турса таңкаларлык,
Көчө астында жол болор.

Ал кездерде мен картайып,
Таяк менен басармын,
Өткөн турмуш, көргөн күнүм
Жомок кылып жазармын.
Жадыраган күлгүн жашка
Жарашыгын айтармын.

Бакыт, таалай, ырыс күндүн
Булагысың — келечек,
Ойлоп турсам кандай сонун,
Кубанычым келечек.

*1937-ж.*

## БААТЫРЛАР

Эзелден адам жетпеген,
Канаттуу учуп өтпөгөн,
Кар менен муздун мекенин
Кайраттуу уулдар тепсеген.

Чатырап муздар сынса да,
Катуулап бороон турса да,
Кайышып эрлер калган жок
Кар, шамал бетке урса да.

Каардуу калкып муз жүрүп,
Алдында толкуп суу күлүп,
Ийменип муздан коркпостон
Иштерин жүрдү бүтүрүп.
«Сырымды билип кетти» деп
Муз деңиз калды үшкүрүп.

Элибиз таккан милдетти
Аткарып, эрлер, келдиңер,
Тарыхта сонун иш кылып
Түндүктү басып жеңдиңер.

Кубанып салам айтабыз
Алатоо, Алай элинен,
Аркары ойноп жол салган
Атактуу кыргыз жеринен.

*1937-ж.*

## ӨЛБӨС БУЛБУЛ
**(Шота Руставелиге)**

Өчпөгөн жети кылым күйгөн жалын,
Сайрандап грузиндин гүлдүү багын.
Санжырга сайма сайган түргө окшогон
Шаанилүү сенин көркөм сайраганың.

Эр жүрөк грузиндин эли кандай,
Элжиреп, толкуп жүрөк таң калгандай.
Угулат кулагыма айткандарың
Укмуштуу кан майданга бир баргандай.

Керемет дүйнө жүзүн тамшандырган,
Шипширин сенин сөзүң бал татыган.
Ой, бали грузиндик энелерге
Эл сыймыгы Шотадай уул тапкан!

Ал кезде сен билбедиң кыргыздарды,
Ардактап сен булбулду ыр кыларды.
Мына эми Алатоонун эркин эли,
Атыңды аземдетип күүгө салды.

Зымырап далай кылым өткөн сайын,
Бүлбүлдөп алсыз жалын өчкөн сайын,
Кез келди эркиндиктин заманасы,
Таң сайрап, таңга эркелеп өсөр чагың.

Окунбо өткөн-кеткен арманыңа,
Обдулуп карап көрчү жан-жагыңа!
Өмүрдө жети кылым көрбөгөнүң
Ыр болду жаңы дүйнө балдарына.

*1937-ж.*

## УЗУН БОЛСУН ӨМҮРҮҢ
**(Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун 1-декадасында ырдалган)**

Комуз бердиң колубузга чертсин деп,
Тулпар бердиң элим алга кетсин деп.
Добуш бердиң, күлкү бердиң, шат бердиң
Кыргыз үнү бүт дүйнөгө жетсин деп.

Асмандаган ала барчын берен сен —
Эл таалайы, эл камы үчүн төрөлгөн.
Колдой толкуп кубанычы өлкөнүн
Кокто жылдыз көркү менен теңелген.

Алатоонун аскасынан, карынан,
Алдас урган тунук суунун шарынан,
Сага салам, сага урмат айтабыз
Эркин кыргыз эркек, кызы баарынан.

Таң нурунда таалайы үчүн элиңдин,
Таң-тамаша сайран курган жериңдин,
Көркү болуп, бүт дүйнөнүн эркиндик
Көп жашасын улуу Сталин өмүрүң!

*1939-ж.*

## ЖАШТЫК КЕЗ

Жаштык кез — майтарылбас алмаз курал,
Жаштык кез — көз жетпеген бийик мунар.
Жадырап жер бетине гүл ачылса,
Жаркырап асмандагы күн кубанар.

Жаштык кез чабыттаган кыраандайсың,
Жаштык кез сайрап турган улардайсың.
Жайлоодон салкын соккон жел жапырган
Жайкалган жашыл шибер ырандайсың.

Камыкпай каарданып чексең сапар,
Калың эл жаштыгыңды мактап айтар.
Камы үчүн калайыктын тартынбасаң
Кайратың кара жерди солкулдатар.

Жаштык кез — жадыраган тийген нурча,
Жаштык кез — жайдарысың күлгөн кызча,
Жаралдың жаңы заман бактысына,
Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша.

*1937-ж.*

## АБАЙГА

Сар арканы турак кылып,
Шамал менен көчүпсүң,
Күн жетпеген чечен булбул,
Кумда сайрап өтүпсүң.

*1937-ж.*

## БУЛБУЛГА
(Токтогулдун эстелигине)

Ак калпак кыргыз эл-журтум
Аман жүрсүн дечү элең,
Алты сан жыйын чогулса
Артыкча булбул көркү элең.
Агын суудай ташыган
Алтын сөздүн кенчи элең.
Алыска наамың угулуп,
Алайдан ырчы келчү эле.

Такасы элең дулдулдун,
Тамагы элең булбулдун,
Акыны элең эчендин,
Маңдайынан тер кеткен,
Алты сан жыйын терметкен
Таңдайы элең чечендин.

Толгон айдай нур чачып,
Жайначу элең, Токтогул.
Толгон жыйын эл турса
Торгойдой ширин тил менен
Сайрачу элең, Токтогул.

Айланып учкан асманда
Шумкар элең, Токтогул.
Асыл сөздүн дайрасы
Кутман элең Токтогул.
Арасында жашык жок
Курчтан элең, Токтогул.

Муңайганды күлдүргөн,
Жайдары элең, Токтогул.
Айтарына келгенде,
Ак куладай арыштап,
Айдаар элең, Токтогул.
Ай тийбес тоодо улардай,
Сайраар элең, Токтогул.
Ак тулпардай тилиңди
Чабат элең, Токтогул.
Алтын башың бар болсо,
Алыскы жаткан Москвага,
Барат элең, Токтогул.

Кадимки кара күн болсо
Өчөт элең, Токтогул,
Кайгы менен армандa
Өтөт элең, Токтогул.

Бейитиңди чым басып
Калат элең, Токтогул,
Ким көңүлгө өзүңдү
Алат эле, Токтогул?
Азыркы эркин заманда
Өлүү эмессиң — тирүүсүң,
Элиң таптап өстүргөн
Ырыстуу эрдин бирисиң.
Атагың чыгып ааламга
Ардактуу элдин гүлүсүң.
Жеткирди элиң санааңды,
Өмүрүң кайра жаралды,
Таалайлуу акын экенсиң,
Атагың көпкө таралды.

*1938-ж.*

## ЖАШ БУРАК

**Бир киши ырдайт:**
Таасириң жаздын күнүндөй,
Таалайың тоонун гүлүндөй,
Булбулдай сайрап турганың
Бураган комуз үнүндөй!

**Көпчүлүк ырдайт:**
Жаш өмүрүң гүлдөтүп
Эркин өстүң, жаш бурак,
Жашчылыктын байрагын
Желпип өстүң, жаш бурак!

**Бир киши ырдайт:**
Тулпардай чыккан алдыга
Турмуштун даркан ардагы,
Баатыры болдуң өлкөнүн
Бактылуу элдин балдары!

**Көпчүлүк ырдайт:**
Асмандагы жылдыздын
Нурундайсың, жаш бурак.
Ак мөңгүлүү тоолордун
Суусундайсың, жаш бурак!

**Бир киши ырдайт:**
Көкөлөп учуп туйгундай
Жылдызга баргын, жаш бурак,
Лениндин туусун көтөрүп
Дүйнөгө баскын жаш бурак!

**Көпчүлүк ырдайт:**
Капасы жок, кайгы жок
Кандай сонун жашчылык,
Көп жашаган өмүргө
Улуу Сталин бактыбыз!

*1938-ж.*

## ЖЕТКЕН ТИЛЕК

Чоң дайрасын турмуштун
Кесип өтөм дечү элем,
Тоодой тилек максатка
Жетип өтөм дечү элем.

Жазгы күндөй демиңе
Жалындайын дечү элем,
Карагаттай көзүңдөн
Кагылайын дечү элем.

Сонун турмуш балынан
Сорушалы, жалжалым,
Өмүрдүккө бир тилек
Болушалы жалжалым.

«Алдей, алдей алтын» деп,
Балабызды сүйөрбүз,
Таң-тамаша, салтанат
Таалайыбыз түгөнгүс.

*1932-ж.*

## БИР КАЙЫҢ

Өткөн жазда мен көргөндө жаш элең,
Кырчын кезиң, менден боюң бас элең.
Быйыл көрсөм көкөлөпсүң, өсүпсүң,
Бутагың көп, бураң бойго жетипсиң,
Сен дагы өскүн, мен дагы өсүп гүлдөйүн,
Ойноп күлүп өмүрүбүз бир өтсүн.

*1938-ж.*

## АККАН СУУ

**(Эл ырчысы Жеңижокту тууралу)**

Кырк миң жыл жердин алдынан
Жарып чыккан аккан суу,
Толгон айдай жаркырап
Жарык чыккан аккан суу.
Булаң куйрук жез канат
Балык чыккан аккан суу,
Адамзаттын сообун
Алып чыккан аккан суу,
Курт, кумурска жандыкты
Багып чыккан аккан суу
Кара жердин алдынан
Жарып чыккан аккан суу.

Көз жетпеген кара кыр
Тоого чыккан аккан суу,
Кош тегирмен парага-
Ноого чыккан аккан суу,
Жети кабат жер менен
Зорго чыккан аккан суу.

Жер жүзүндө баарынын
Бетин жууган аккан суу,
Ак ылайлуу өзөн таш
Четин жууган аккан суу,
Адам менен айбандын
Этин жууган аккан суу.

Көз жетпеген ала кар
Сайда болгон аккан суу,
Чаңкаганда адамга
Пайда болгон аккан суу.
Азган менен тозгонго
Айла болгон аккан суу.

Кызыл-тазыл жайнатып
Гүл жараткан аккан суу,
Жер жүзүндө сонорго
Түр жараткан аккан суу,
Жашыл, ала түрдүү чөп
Миң жараткан аккан суу.

Баасы кымбат, эти алтын
Мал жараткан аккан суу,

Башатына көгөртүп
Тал жараткан аккан суу,
Карылыкка күч-кубат,
Ал жараткан аккан суу.

Жадыратып жайкыга
Чөп жараткан аккан суу,
Жан-жаныбар мүлдөсүн
Көп жараткан аккан суу,
Жашыл майдан салкынга
Көк жараткан аккан суу.

Агын дайра шар болуп
Толкуп турган аккан суу.
Ак тулпар кечип өтө албай,
Коркуп турган аккан суу.

*1938-ж.*

## ТУПТУНУК АККАН ДАЙРАДАЙ

**(Жаңы жылга)**

Жап-жарык күйгөн чырагы
Жасалгалуу тамында
Кубанып күлөт карыя,
Курбулары жанында,
Ордунан туруп сүйлөдү
Он бир саат жарымда:
— Өмүрү бүтөт эски жыл
Отуз минут өткөндө,
Жагалмай куштай талпынып
Жаңы жыл келет биздерге,
Толтура кылып куйгула
Тост көтөрүп ичкенге.

Аккуудай чачым агарып,
Алтымыш тогуз жаштамын,
Көп өмүр өткөн кайгыда
Көзүп карап башканын.
Малайы болуп байлардын
Мал менен бирге жатканмын.

Үзүрүн сүрбөй турмуштун
Өткөрдүм кырчын жашымды,
Түшүмө кирип койчу эмес
Түгөнгүс жыргал азыркы,
Азапка салып кыйнагам
Алтындай болгон башымды.

Кайгыдан бизди куткарып
Кайран Ленин колдоду,
Жылдыздай өмүр жанганга
Жыйырма эки жыл болду.

Букчүйгөн белим жазылып,
Бүркөлгөн жок кабагым,
Картайып жашым кетсе да
Кайратым толгон баламын.
Өлгүм келбейт миң жылга,
Өмүрдө жыргап барамын.

Маанилүү жерим түрлөнүп,
Саймадай толду жаңылык,
Таңдагы чолпон өңдөнүп,
Таалайдын шамы жагылып,
Балдардай шайыр жүрүшкөн
Бактылуу биздин карылык.

Киндигимди кестирген,
Кичинемден өстүргөн,
Алдейлеген бешигим
Ата журт үчүн ичели!
Азапта өткөн өмүрү
Атабыз үчүн ичели.

Карагаттай гүлдөгөн,
Кайгырууну билбеген,
Эркеси болгон замандын
Балабыз үчүн ичели!
Майданда каны төгүлгөн
Агабыз үчүн ичели!

Душманын күлдөй сапырган,
Беттешкен жоосун качырган,
Берен кабак баатырдын
Жеңгени үчүн ичели!
Сталиндик жаңы жыл
Келгени үчүн ичели!

Балкыткан нурун өмүрдүн,
Паанайын ачкан элимдин,
Ырыска бизди тундурган
Сталин үчүн ичели!
Кызгалдак гүлдөй ачылган
Кыздарым үчүн ичели!

Туп-тунук аккан дайрадай
Турмуштан туулган таалай,
Бактыбыз үчүн ичели!
Бакалды толук куюңуз,
Кубанып өлкө майрамдайт
Кут болсун, жаңы жылыбыз!

*1939-ж.*

## БУЛБУЛ

Өткөн жазда сайрачу элең кайыңда,
Өлбөй тирүү келгениңе шаттанам,
Амансыңбы, көңүлүмдүн курбусу,
Учурашып жүрчү элек го бакчадан.

Эзилишип жаным сүйгөн жар менен,
Эсиңдедир, жылуу түндө отургам.
Сыр алышып назик үнүң күлкүгө
Кубулжуган сенин үнүң кошулган…

Ошол күүм кулагымдан кеткен жок,
Өмүр, достук, кубанычты ырдадың,
Мактап айттың балдан ширин тил менен
Коюндашып кошулуунун жыргалын.

«Бактылуу бол, өмүр бою» дегенсиң,
Орундалган ошондогу тилегиң:
Ай чыгарда сыр чечишкен жар менен
Ойноп-күлүп ыраккатта жүрөмүн!

Сагынышкан таанын курбум келипсиң,
Салам берип, куттуктаймын атайын!
Таңшып мени кубандыра сайрачы,
Таңкы желде тереземди ачайын!

Бешиктеги сага окшогон булбулум
Үн чыгарсын, сен да кошкун үнүңдү.
Түгөлүнөн бирин койбой үйрөнсүн
Дүнүйөнү тамшандырган тилиңди!

Жаш буруктай түңкү желде сергиген
Жаңы ачылган бакта гүлдөн тандагын.
Ай ааламга таттуу күүң угулсун,
Айдат булбул, аземдетип сайрагын!

*1940-ж.*

## КАРЫЯНЫН СӨЗҮ

Эскирип өмүр баратат,
Эсимден кетпейт бала чак.
Картайып өмүр баратат,
Кайрылбай кеттиң бала чак.

Ачылган гүлдөй таңдагы
Албырган бетим кубарды.
Чолпондой жанган эки көз,
Шоросу агып тунарды.

Асманда болсоң, жашчылык,
Алгырдай жетип имерем.
Аскада болсоң, жашчылык,
Боюмду таштап жиберем.

Деңизде болсоң, жашчылык,
Балыктай сүзүп табармын.
Белгилүү жерде сен турсаң,
Берендей учуп барамын.

Амалды издеп көрөйүн,
Айтсаңчы, кайда турасың?
Кайрылып келчи, жаштыгым,
Картайган өмүр кубансын.

*1940-ж.*

## КЫЗДЫН КАНАТЫ

Алыскы тоонун боорунда абышка-кепир болушат. Алардын эркелетип баккан Сырга деген жалгыз кызы болот. Сырга учкучтар мектебин бүтүрүп чыгат. Сырганын ата, энеси жайлоодо, чарбанын малын баккан атактуу кишилерден болот.

Сырганын энеси катуу ооруга учурайт. Биздин чек ара аскерлеринин командири тезинен жардам сурап, борборго кабар кылат. Борбор самолет жибермек болот. Бирок учкучтардын эч кимисине алыскы тоонун арасы тааныш эмес, конуу кыйын. Картаны караганда Сырга өзү төрөлүп, өскөн жайлоо экенин билет. Ал жердин түзү, кыры Сыргага тааныш. Учууга Сырга суранат. Поэманын бул бөлүгүндө Сырганын жерине учуп барып, оору энесин ажалдан куткарып алгандыгы айтылган.

Асманда сызып баратып
Алдына Сырга карады,
Жаш кезде өскөн тааныш жер
Жазбастан баарын санады.

Көчкөндө жүктөр кулаган
Кыяны Сырга тааныды.
Көгүчкөн салган көк жарга
Уяны Сырга тааныды.

Жыландай жаткан ийрилип
Жолдорду Сырга тааныды.
Күүгүмгө чейин гүл терген
Жондорду Сырга тааныды.

Жашынмай ойноп бекинген,
Таштарын Сырга тааныды.
Алдастап булак аскадан
Акканын Сырга тааныды.

Жашында ойноп жүргөн жер
Шаттыкка салды Сырганы,
Чабытта куштай айланып
Шаңданып Сырга ырдады:

— «Жомокто ишти чын кылган
Керемет менин заманым.
Ак кептер учуп жетпеген
Асманда кетип барамын.

Кыбырап жүргөн жаныбар
Кызыгып мага карагын.
Көк зоодон эргип чуркаган
Кийиктер мага карагын.
Көз жетпей көктө чиренген
Бийиктер мага карагын,
Күнчүлүк жерге талбаган
Күлүктөр ага карагын.

Асылса душман бузалбас
Аскадай таалай тургузган,
Алдынан чыкса калың жоо
Арстандай чапчып ыргыткан.
Алдейлеп мени өстүргөн
Айланамын кыргыздан».

Салкындап соккон шамалга
Жайкалган жайдын тулаңы.
Жадырап гүлдөр ачылып
Жайлоонун толгон убагы.

Булутсуз асман көгөрүп
Толкунсуз көлдөй көрүнгөн,
Чарбанын айлы мемиреп
Күн нуру көктөн төгүлгөн.

Күркүрөп жаткан дайранын
Кулагың тунат шарына.
Чар тарап толуп жайнаган.
Жайылып жаткан малына.

Айыл четинде өргөөнүн
Ичинде элдер топтолгон.
Кыңкыстап алсыз үн чыгат,
Кыйналып жаны онтогон.

Оорунун башын жөлөгөн
Карыя баткан кайгыга.
«Кантемин, эмне болом» деп,
Кабарды салган айлына.

Кемпирдин кетип шайманы
Үзүлүп кете жаздады.
Алагар көзүн алайтып
Арманын айта баштады:

— «Карыганда төрөлгөн,
Сыргамды көрбөй өлөмбү?
Карыган өмүр жашарган
Жыргалды көрбөй өлөмбү?
Кагылайын эрмегим,
Эстесең боло энеңди?»

Айтканда кемпир бул сөзүн
Асмандан дабыш угушту.
Жашы дебей, карт дебей
Жабыла чуркап чыгышты.
Чагылат күнгө самолёт
Таңыркап карап турушту.

Күркүрөп чыккан үнүнө
Жайылып жаткан мал үркту.
Кишенеп айгыр, бээ, кулун,
Айлана чуркап, тай үркту.

Желедеги кулундар
Тыбырчылап туйлады.
Сайгак кууган эмедей
Чуркап барат уйлары.

Чырылдап торгой асманга
Көтөрүлүп ал учту.
Уя салып уктаган
Канаттуунун баары учту.

Уламдан улам жакындап
Үнү кулак тундурду.
Илгерки тааныш жерине
Имерип келип кондурду.

Туш-туш жакта айылдан
Баары чуркап келатты.
Келин, кызы, кемпири,
Чалы чуркап келатты.
Энтигишип жаш балдар
Дагы чуркап келатты.

Айласы жок оорудан
Кемпир калды туралбай.
Карыя да барбады
Кемпиринен чыга албай.

Калган жандын бардыгы
Түп көтөрө келишти.
Тозуп чыккан алдынан
Эки кишни көрүштү.

Көздөрүндө айнеги,
Башында бар тумагы
Көп жыл көрүп жүрсө да
Таанышпады Сырганы.

Тууган элин көргөндө
Сүйүнүчү батпады.
«Мен Сырга» деп күлүп
Тумакты алып таштады.

Кучакташып, өпкүлөп,
Курчап алды Сырганы.
Курбу, курдаш, жеңелер,
Кубангандан ыйлады.

«Ким ооруду мында?» деп
Сырга акырын сурады.

— Ооруп жаткан энекең
Кейибегин, чырагым.
Ооруу киши кайсы деп
Кайдан билип сурадың?

Ирени кетти кумсарып
Укканда тууган энени.
Аркасын кылчак карабай
Айылга басып жөнөдү.

— Биздин үй кайсы көрсөтчү,
Энемди барып өбөйүн.
Алдейлеп баккан апакем
Аманында көрөйүн.

Эшикти ачты бир келин,
Эңкейип кирди Сыргажан.
Ак сакалы жайкалып
Атасын көрдү ыйлаган.

— Айланайын атаке,
Алдыңда турган Сыргамын.
Сагынып келген кызыңды
Ый менен капа кылбагын.

— Чынбы, кулак укканы,
Ата деген үнүңдү?
Кучактап алып Сырганы
Шолоктоп ыйлап сүйүндү.

Апасынын башынан
Муңайып Сырга жөлөдү.
Ким берилип сүйбөсүн
Көтөрүп баккан энени!..

— Актайын ак сүт карзыңды
Көзүңдү ачып сүйлөгүн.
Тилеги катсын өлүмдүн
Жыргалын көргүн дүйнөнүн.

— Талыкшып жатпай энеке
Таанысаң боло балаңы!

«Энемдин жайы кантет?» деп,
Доктурга Сырга карады.
Жүрөгүн тыңшап оорунун
Жылмайып доктор сүйлөдү.
«Учалы азыр кечикпей,
Муңайбай, Сырга, жүр» деди.

Өлүмдөн алыс бул киши
Куттуктап кармайм колуңду.
Өз колу менен энекең
Өткөрөт сенин тоюңду.

Бетинен нуру чачырап
Толкундай Сырга кубанды.
Колуна алып энесин
Көтөрүп үйдөн чыгарды.

Жадырап күлүп баарысы
Жабыла калбай барышты.
Этият менен кемпирди
Самолётко салышты.

Күркүрөп мотор айланды,
Тетигин Сырга басканда.
Ак шумкар эргип учкандай
Айланып чыкты асманга.

Көк зоонун башын кыдырып
Көкөлөп Сырга жөнөдү.
Катуулап урган шамалга
Көздөрүн ачты энеси.

Асмандан көзүн айырбай
Карыя турду кубанып.
Калтырак басып сүйлөдү
Добушун катуу чыгарып:

— Айланайын калайык,
Абайлап дагы карачы,
Асмандап сызып бараткан
Ардагым Сырга канаты.

Талпынып куштай садага,
Таалайлуу кылдың атаңды.
Окүнүч болбос дүйнөдө,
Өмүрүм кайра жашарды.

Канаттуу кылган адамды,
Учурган көккө баламды.
Кагылам ошол кишиден
Жазаган ушул замандын!
Жасаган ушул заманды!

*1940-ж.*

## ЖЕЛПИНЕТ ТУУ, ЖЕЛПИНЕТ

Жер жүзүнө нур чачып
Желбирейт туу, желбирейт,
Сайран курган өлкөдөн
Салтанат күү чертилет.
Жадырап өмүр кубанат,
Жаш баладай эркелеп!

Ай ааламды терметип
Асман, жерден үн чыгат.
Туу көтөрүп майрамдап,
Түрүлүп калың эл чыгат.
Кубандырып көңүлдүү
Кулпунат туу, кулпунат!

Карсылдашкан майдандын,
Канын көргөн ушул туу.
Ажыдаар желдеттин
Баарын жеңген ушул туу.
Кызыл туу — дүйнө көркөмү,
Кылкылдаган кызыл туу!..

Албырган тууга жарашат
Асмандан түшкөн күн нуру.
Эркиндеп бийик үн салат
Элимдин чечен булбулу!..

Шааниси ашкан жер түрү
Саркештеп тиккен саймадай,
Бөбөктөр катар басканда
Мөмөсү бышкан алмадай,
Калкымда толгон сажырга,
Канткенде турам сайрабай!

Мавзолейдин башынан
Балбылдап күнүм көрүнгөн,
Порумдуу кызыл эл келет

Болоттон кийим кийинген.
Көкөлөп учса көп шумкар
Көргөндүн баары сүйүнгөн.

Кабылан сындуу чамынып,
Касташкан жоосун сайышкан,
Чоюндан чеби болсо да,
Чоочубай бузуп алышкан,
Катарлап жүрсө тизилип,
Кара жер түтпөй майышкан!...

Дуулаган элдин эрки үчүн
Душманын селдей каптаган,
Берендей эргип качырса
Беттешкен жоосу батпаган.
Гүлдөгөн жыргал өлкөнүн
Күн-түнү чегин сактаган.

Тулпары туйлап маршалдын
Оозугун кемирет.
Туягынан от чыгып,
Тик секирип элирет.
Львовдон келген карыя,
Тамчылап жашы төгүлөт...

Көзүндүн жашы кургабай
Көп ыйлайсың, карыя,
«Көргөнүмө канимет»
Деп ыйлайсың, карыя.
Элдин баары кубанса,
Неге ыйлайсың, карыя?

Айланайын, чырагым,
Анча неге сурадың?
Толкундаган эл көрүп,
Токтоналбай турамын.
Картаң өмүр жашарып,
Кайра бүткөн убагым.

Жапаа-кайгы көп көрүп
Жашык болуп калгамын,
Кайгыргандан ыйлабайм,
Кагылайын балдарым!..

Жаңы дүйнө — таалай күн
Жасап салган элим бар,

Кубангандан шолоктоп
Ыйлай турган эбим бар.

Тоодой бакыт жериме
Толгонуна кубанам,
Кызыл аскер кыраңым,
Коргонума кубанам,
Кумдай чачкан душманды
Куралына кубанам.
Чын турмушту көрсөткөн
Чырагыма кубанам.

Баатыр өскөн жашынан
Балдарыма кубанам,
Алтымышка чыкканда
Асмандатып кызыл туу
Алганыма кубанам.
Ал Сталин чолпонум
Ардагыма кубанам!
Бакыт берген, нур берген
Майрамына кубанам.

*1940-ж.*

## ЭРКЕЛЕТИП ЭНЕСИ
**(Жаңы жылдын ыры)**

Сакадай болгон берекем,
Садагаң кетсин энекең,
Чырм этип уйку албастан
Ырдаганың эп экен.

Ааламдын көркүн чыгарат
Ай нуру карга жарашып,
Тамтаңдап баскан баладай
Таалай жыл келет таң атып.

Жыттаса көңүл көтөргөн
Жыпарысың энеңдин.
Балбылдап чолпон чыккандай
Бактылуу күндө төрөлдүң.

Кубулжуп миң-сан күү чыгат
Курдаштарың ырдашып,
Арчанын жыты буруксуйт,
Айлана шайыр нур чачып.

Мурутуна муз катып,
Бубакка тоңгон сакалы,

Кардан кийим кийинген
Карачы аяз атаңы...

Береке жыргал бар экен
Бейпилдүү биздин өмүрдөй?
Кубаныч толкуйт өлкөдө
Курбулуу тоонун көлүндөй.

Кооздоп ёлка жасадым,
Сайранда, эркем, сайранда,
Кечикпей кабар берели
Келе турган балдарга.

Теңтуштарың келгенде
Тентегирээк болбогун,
Овонуң катуу чыгарып
Ойногун, эркем, ойногун.

Атылып чыккан булактай
Алдыңда, таалай кенчи бар,
Бактылуу кандай баладык,
Баарыңа жетер энчи бар.

Ардагым атаң Сталин
Арнагын ага ырыңды,
Толкуган күлкү, шат менен
Тосуп ал жаңы жылыңды!..

*1940-ж.*

## ШАҢШЫГЫН БҮРКҮТ, ШАҢШЫГЫН

Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын!
Шарапат сайран күнүмдө
Ааламдын көркү көрүнөт
Аскадан чыккан үнүңдө.

Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын!
Шаанısи сенсиң асмандын.
Кайысаң көктө эргисең
Кайраты сенсиң жаш жандын.

Башынан булут кетпеген,
Чокудан кабар бер, бүркүт!
Карайын көңүлүм кубансын,
Караанын көрсөт, кел, бүркүт!

*1941-ж.*

## АТАҢДАН

Апакең менен атаңа
Айдыңда чыккан гүл элең.
Калайык үчүн кулунум,
Кайраттуу бол деп тилегем.

Жашыңда ойноп жүрчү элең
Жаш чыбык алып «найза» деп.
Кадимден самап жүргөнмүн:
Каралдым жоону сайса деп.

Ителги куштай душманга
Имерип тийдиң билемин,
Оргуштап көлдөй толкудум,
Ордунан чыгып тилегим.
«Балаңыз баатыр болду» деп,
Барыктап жазган кат алдым,
Төбөсүн көккө жеткирдиң
Карыган кезде атаңдын...

Айнектей көздүн чырагы
Ардагым сени сагындым,
Айкашкан кандуу майданда
Аманын тилейм жаныңдын.

Айтышса намыс алсын деп,
Алпештеп сени бакканмын.
Алдыңан чыккан думшанды
Арстандай чапчып таштагын.
Артыңда атак сөз калсын
Ата журт антын актагын.

*1941-ж.*

## БАЛАҢАР ЖАЗАТ АЛЫСТАН

...Алдастап аккан тоосунан
Акактай тунук суулары.
Жайкалтып чөптү, согулган-
Шамалы жандын жыргалы.
Саймадай гүлдөр жадырап,
Шааниге салган жылганы.

Атырдай жыты буруксуп,
Арчасы өскөн жанаша.
Жибектей жумшак сезилет

Шиберин адам кармаса.
Көңүлүң күндөй ачылат
Көкөлөп торгой сайраса.

Аркары койдой жайылып,
Аскасы үнгө жаңырган.
Балтыркан өскөн сонун жер
Барбаса киши сагынган.
Күмүштөн аппак мөңгүсү
Күн нуруна чагылган.

Адырдуу тоону чабыттап,
Айланып учкан ылаачын.
Адамдын колу жетпеген
Ак зоого салган уясын.
Талпынса көккө балапан
Таңыркап карап турасың.

Ушундай жерде сайрандап,
Уулуңар эркин жетилген.
Эркелеп өскөн жаштыгым
Эч качан кетпейт эсимден.
Кымыздык терген жылгадан
Кызык күн экен балалык.
Кайгысыз жүрүп торолдум
Калайык үчүн жаралып.
Бактынын суусун бойлодум
Балапан куштай таранып.
Эмгекке элим көндүрдүң
Эринчээк кылбай жашымдан.
Кулжалар жүргөн жерде өстүм
Кулпунуп гүлү ачылган.
Көргөндүн көзүн тойдуруп
Көк шибер жерди жашырган.

Торгойлор менен бирге ырдап
Тоолорду далай арыткам.
Тулаңын жерден жээгинде
Тунук суу менен жарышкам.
Майданга таптап жиберген
Балаңар жазат алыстан.

Кастарлап багып өстүргөн,
Калкыма айткан саламым.
Касташкан жоону жеңбестен,
Кай бетим менен барамын.

Кагылайын ата журт,
Касамы ушул балаңын.

Бурулуп жоого тийгемин,
Булбулдай кыргыз даңкыңды.
Жазганбай элим актадым
Жашыман берген антымы.
Жанымды берсем-беремин,
Сактаймын сүйгөн калкымды.

Намысты колдон бергиче,
Жарылып өзүм өлөрмүн.
Айбыгып качсам душмандан
Ак сүтү урсун энемдин.

*1941-ж.*

## ШУМКАР ЫРЫ

Таалайлуу элдин эрки үчүн
Талпынып учуп чыккамын,
Табыма келген кезегим,
Талкалайм өлкөм душманын.

Караңгы түндө көккө учуп
Касташкан жоону кырамын,
Жыланды жылас кылууга
Жылдызга эргип чыгамын,
Өлүмтүк жеген жорунун
Өпкөсүн калбыр кыламын.

Таанысаң кыргыз — кутман эл,
Тартыштан мөрөй уткан эл,
Байыртан кылыч байланып
Майданда жүрүп бышкан эл,
Арстандай алга чамынып
Алышкан жоосун жыккан эл.

Кордукту көрүп кыргыздан
Колотко толор өлүгүң,
Булактай жашы агылып
Муңданар уул-келиниң,
Бактысыз болуп түгөнөр
Барыксыз сенин өмүрүң.
Кармаса асты чыгарбайт
Капканы кыргыз элинин.

*1941-ж.*

## ЭКИ КАТ

### 1. Фронттон тылга

Боз булбул сайрап талдагы,
Боз салкын жүрүп таңдагы,
Канткенде чыксын эсимден
Каткырып күлгөн андагы,
Шерт менен үзүп биргемин
Шекерден ширин алманы...

«Теңтуштун анты ушул» деп
Тепе-тең бөлүп жешкенбиз,
Өмүрдүн жанган жалыны
Өчпөсүн асты дешкенбиз,
Жайлоонун эркин гүлүндөй
Жадырап бирге өскөнбүз.

Жүрөктө бекем сакталсын
Сүйүүнүн сөзү айтылган,
Кан ичер жоону жеңүүгө
Камданып чыккам калкымдан,
Жаркыным өзүң жөнөттүң
Шайы жоолук булгап артымдан.

Мактангын курбу досторго
«Майданга жарым барды» деп,
Жүдөңкү тартып, убайымда,
Жүрбөгүн такыр кайгы жеп,
Кубанып сен да күлөсүң
Курдашым —
Курдашым намыс алды деп.

Саламын куттуу күтүп ал
Сагынды сени жаш жарың,
Жеримдин бетин бастырбай
Желдетти жеңип кайтамын,
Сур жылан башын кеспестен,
Сени —
Сүйөм деп кантип айтамын...

### 2. Тылдан фронтко

«...Сүйүнүп ачып окудум
Жүрөктөн жазган катыңды,
Куткарбай жоону сен сайсаң
Куттуктайм курбум башыңды,

«Жаркыным» деген сөзүңдөн
Жадырап көөнүм ачылды.

»Алганың коркок» болду деп
Абысын шылдың кылбасын...
Ажыдаар канын суудай чач
Артыңда журтуң жыргасын

Арнады калкың сен үчүн-
Аябай баарын майданга,
Алкышын эли жиберет
Аянбай жоону сайганга,
Кабылан, шердей чамынып,
Кагылам, жарым тайманба».

*1941-ж*

## БИЗДИН ДОС

*(Ата Мекендик согуштун Баатыры, Кыргызстан Коммунисттик (большевик) партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү, ордендүү 8-гвардиялык дивизиянын командири, үч Кызыл Туу ордени менен сыйланган генерал-майор Иван Васильевич Панфиловдун өчпөс эстелигине арнаймын).*

«Убайын көрөм мунун» деп,
Улуу эл сени төрөгөн;
Баатырлар жаткан бешикке
Барыктап баккан, бөлөгөн;
Бороондой учуп талаада
Чапаев менен бир жүргөн
Чаалыкпас, кайтпас эр элең.

Кыяндай душман каптаса,
Кылчайып артка качпадың;
Кылычың колдо жаркылдап,
Кыйылып түштү чапканың.

Өчүккөн жоону кыйратып,
Өлкөңдүн антын актадың...
Атынан айтып алкышын,
Алатоо иет баштарын.

Досу элең кыргыз элинин
Балдарын жоого таптаган,

Артында берен көп калды
Айбыгып жоодон качпаган.

Урматтап, сүйүп атыңды,
Унутпайт кыргыз сендейди.
Каарман өлсө майданда
Кайратка калкы келбейби...

Кунуңду куйт фашисттен
Күндөн күн элиң чыңдалып,
Береке толор жериңе
Бейитиң гүлгө чырмалып,
Акындын салган куусүнө
Атагың калар ырдалып.

Таалимиң алган уландар
Талкалайт келген душманын,
Ай-жылдыз көрүп таң калат
Айланып шумкар учканын,
Жабырды көрбөй өмүрдө
Жадырап өсөт кыздарың...

Сыйлыгын көрүп журтуңдун
Сырттаны болдуң намыстын,
Кара күч коркоо фашисттин
Кандарын суудай агыздың,
Элиңдин кылып кызматын
Ээледиң бетин тарыхтын.

*1941-ж.*

## АЙТАМЫН АЛКЫШ КЫРГЫЗГА

Тумшугумду сен сыгып,
Туягымды сыдырдың,
Маңдайдан сылап алпештеп
Балапан элем учурдуң!..

Балкыган күндөй нур берип,
Бактыга арнап өстүрдүң,
Чырпык элем солкулдак,
Чынарга боюм жеткирдиң!..

Күрөшкө салсаң торолдум,
Күчүмө келип оңолдум,
Эркелеп тоонун желиндей
Эмчегиң эмип чоңойдум!..

Ак мөңгү жаткан адырдын,
Арасында туулдум,
Ар убак көңүл шат жүрдү
Агыныңдай сууңдун!..

Келбетин нурга киринди,
Кетирдиң жуккан киримди.
Улардай сайрап жүрсүн деп
Үйрөттүң ширин тилиңди!..

Жүрөктү ырга сугарып,
Зулпукордой таптадың.
Таалайым элим сен үчүн,
Садага кетсин жаш жаным!..

Байгеге салсаң чыгайын,
Балбанга салсаң жыгайын,
Ушунча багып өстүрдүң,
Уулуңдун көргүн убайын!..

«Угулуп көпкө жетсин» деп
Үнүмдү созуп ырдадым.
Айтамын алкыш кыргызга
Сөзү менен Сырганын.

«...Асылса душман бузалбас
Аскадай таалай тургузган,
Алдынан чыкса калың жоо
Арстандай чапчып ыргыткан,
Алдейлеп мени өстүргөн
Айланамын кыргыздан...»

*1941-ж.*

## САЛТАНАТ, САЙРАН ӨЛКӨСҮ

**(Кыргызстандын 15 жылдыгына арналган)**

«Качырганын кайсаган
Кара кашка тынардай,
Калкымдын ашты дөөлөтү
Канткенде турам кубанбай».
Деп карыя баштады,
Алтымыш жашта курагы,
Коңур үн бийик чыгарып
Комузун күүгө бурады.
Тамшандырып укканды
Таттуу ыр бирден чубады:

«Адамдын көөнүн сергиткен
Адырдын салкын желиндей.
Толкундап турат жүрөгүм
Тоодогу тунук көлүмдөй.

Салтанат, сайран өлкөмдү
Сайрабай кантип турамын?
Бактынын жолун көрсөтүп
Балбылдап күйөт чырагым.

Ырысым Кыргызстаным
Он беш жыл толгон чагында,
Безентип тилим сайрайын
Мен булбулуң талында.
Күн жаркырап, дем берип
Гүл жайнады багында.

Намысты колдон кетирбей
Таалайың алдың талашып,
Ак булут кечип, жылдызга
Барайын десең, жол ачык.

Ырдаган үнүм угулсун
Ыраакты, алыс жалпыга,
Сайрандап жаткан элиме
Сайра да тилим, таңшы да!

Жибектей болуп желбиреп,
Мөмөдөй болуп мөлтүрөп,
Көтөрүлөт шаңданып,
Көңүлүм дегдеп ээлигет,
Айтса болду артымда
«Акындын айткан кеби» деп.

Көктөн жамгыр куюлса,
Көк шибер көркүн чыгарар,
Тамылжып нурун күн төксө,
Тал чыбык өсүп буралар,
Элинин көөнү ток болсо,
Элирип ырчы кубанар.

Тулпар ат чыкпайт байгеден,
Саяпкер жайын билбесе.
Мүнүшкер таптап турбаса,
Мурунтан алгыр жаш берен
Далбага келбейт үндөсө.

Балапан күндөн түлөтүп
Баркымды билип таптадың,
Саяпкер элим чапканда
Туягым жаза баспадым,
Комузду колдон түшүрбөй
Кадырың, калкым, мактадым.

Гүлдөгөн баштын көркү — Күн
Күлкүсү чыкты селкинин.
Большевик баштап алдында
Баатырды, элим ээрчидиң.

Караса көзүм кубанат
Кайкалап жаткан жеримди,
Кубулжуган күү чыгып
Кубандырат көңүлдү.
Ак алтын кенин казгандай
Ак пахта жерден терилди,
Оргуштап булак аккандай,
Ополдун тоосу жаткандай
Омкоруп каздык көмүрдү.

Кейиште жатып куураган,
Кенедей пайда кылбаган
Көмүрүң чыкты калк үчүн,
Көл боюнда Жыргалаң.
Адырдан кендер табылды
Абалтан бери кургаган.
Түпүлдөп завод тынымсыз
Түтүнү чыкты жылгадан.

Тоодогу торгой сыяктуу
Толкундап мен да ырдадым,
Сайрандап элим турганда
Сабырдап, тынчып турбадым.

Комузга кантип чертпейин,
Койсары — жандын жыргалын,
Башаты болдуң Алатоо
Коргошун, сымап, сурьманын.

Арааны кеңир ачылып
Айлымдын көркү артылды!
Күнүгө таптык күрөктөп
Күмүш менен алтынды.
Нарындын суусу ташкандай

Кубанып көңүл чарк урду.
Бактыга, нурга эркелеп
Балапан зоодон талпынды.
Ырдайын, күүгө кошоюн
Ырыска баткан калкымды.

Керилип жаткан кең Чүйдү
Эзелден кыргыз жердеген,
Топурагы карк алтын,
Жемиш жок мында өнбөгөн,
Кызылча толуп талаага,
Мөөрөйдү алдык дүйнөдөн.
Кант заводдор катардап
Шекерди кумдай шилеген.
Пароход сүзгөн көлүндө,
Малдары батпай төрүндө,
Саргайып жаткан жеримде,
Куунаган турмуш бул күндө
Кубатты берди өмүргө.

Түлкүсү кырда жойлогон,
Кийиги тоого жайылып.
Көз тойдурат жерибиз,
Көрбөгөн киши сагынып,
Суктанып карап турасың
Суулары акса чамынып.

Көл боюн каптап бакылдайт
Кыргоол менен өрдөгү.
Көкөлөп учкан куу кызык,
Көрө бер биздин жердеги,
Көк карчыга, ак туйгун —
Таптаса жандын эрмеги.

Алгыр куш салып ойносоң,
Адамдын көөнү ачылар.
Каркыра катар тизилип,
Каркылдап учкан казы бар.

Атырылып аскадан,
Арстандай секирген.
Жапан чөл, адыр талаага,
Жайнаган жемиш өстүргөн,
Куураганды жашартып
Кубанычка жеткирген,
Жан бүткөндүн баарына

Өмүр берген, күч берген
Суулардын кыргыз мекени...
Байыркы Сыргак, Чубактай,
Баштадан баатыр төрөлдү,
Жүрөктүн жанып моокуму
Жүгөндөп миндик өнөрдү.

Ыракмат, элим, чыдадың
Ызгаар, бороон, кайгыга.
Күрөштүн көрүп убайын
Күн тийди батпас айлыңа.

Колхоздун ашып байлыгы
Кара тоо менен тең болду,
Какыраган кумдуу чөл
Калаалуу кооз жер болду.

Карачы кыргыз картасын
Кызыл-ала көрүнгөн,
Кызыктырып көргөндү
Кыйма-чийме бөлүнгөн.
Кызылкыя, Сүлүктү
Кыйладан чыкты көмүрдөн.
Көкжаңгак менен Ташкөмүр,
Көркөмдөп ырдайм бүгүн мен.

Шаркырап аккан сууларды
Шамдагай элим байлады.
Эрме чөл менен тоолордо
Электр нуру жайнады.
Арашан менен Жетиөгүз
Адамга дары пайдалуу,
Чатыркөл, Соңкөл, Ысыккөл —
Жеримдин көркү, ардагы.

Каракужур, Көкойрок —
Кара жердин соорусу.
Калкылдап учат асманда
Карчыга менен жорусу.
Аксай, Арпа, Чоңалай,
Атагы чыккан жер ушу.
Суусамыр, Арым, көп жайлоо
Суктантар элим конушу.

Агылып кени казылды,
Кайдаркан менен Кадамжай.

Пахтага толду талаасы
Базаркоргон, Майлысай,
Оркүндөп журттун пахтасы
Өнөрү ашты айныбай.

Арстанбап — жердин сырттаны
Жаңгагы таштай шиленген,
Ак мөңгү жаткан чокусу
Асманды тиреп чиреңген,
Күзүндө бышкан жемиши
Жазында барып түгөнгөн.

Киндигим кесип бууган эл,
Киримди жайып жууган эл,
Оркүндөп өскөн убагың,
Өмүргө мени тууган эл.

Алтымыш жашка чыксам да,
Алымды күчтүү сеземин,
Карчыга куштай талпынып
Кайратка келген кезегим.

Айлымдын баарын кыдырып
Аралап жүрүп сайрадым.
Атагым, даңкым чыгардың
Айланам элим — балбаным!

Жомоктон айтып билбеген,
Түшүндө пенде көрбөгөн
Сонунду жасап чыгарды,
Соолбойт тура эл деген.

Карышкыр улуп жойлогон
Капчыгай бизге багынды.
Аркарлар басып өтпөгөн
Аскага жолдор салынды.

Эзелден музу кетпеген,
Тирешкен асман-көк менен
Ашууну жеңдик талкалап,
Адамзат барып жетпеген.

Азоодой байлап көндүрдүк
Агыны катуу дайраны.
Асмандап турган чокуда
Албырат совет байрагы.

Кендерди казып чыгардык
Кылымдар бою көмүлгөн.
Жан барбаган сайлардан
Жаркырап шаар көрүнгөн.
Жер майышат кайкалап
Желпинип чыккан эгинден,
Балбылдап Ильич чырагы
Бактынын нуру төгүлгөн...
Аргымак күлүк көп жылкы
Аккуланын уругу.
Эликтей ойноп секирет
Ээрчип жүргөн кулуну.

Тиктегени маралдай,
Жүгүргөнү шамалдай
Тайбуурул сындуу бууданды
Алпештеп багып суутуп,
Үстүнө токум салбадык,
Кунанында кур коюп,
Асыйында кармадык,
Ата журт коргоп, жоо сайган
Уландар үчүн арнадык.

Коюбуз миңдеп жетилди
Жибектей жүнү созулуп,
Төрт түлүк малдар жайнады
Төлүнө төлү кошулуп.

Сымаптай тунук жаркырап,
Сызылып аккан булагы,
Көргөндүн көзүн тойдурат
Көйкөлгөн шибер тулаңы,
Бай-манап жатчу жайлоого
Колхоздун толгон убагы.

Талаасы Чүйдүн, Таластын
Дарыядай ташты байлыгы,
Убайым тартып жүргөн эл,
Унутуп салдык кайгыны.
Кенчибиз болгон «Манастын»
Кавхардай сөзү айрылды.
Кыз-келин ойноп шарактап,
Кыяктын күүсү тартылды.
Күүлөнүп күкүк үн салып
Күлүңдөйт сайма жер бети.
Толкутуп топту эритет
Токтогулдун кербези.

Атактуу акын Токтогул
Айрылган бааруынан,
Аныкты, чынды ырдайм деп
Азапта жүрүп карыган,
Эсилдин айткан сөзү деп
Эркиндик заман тушунда
Эли сүйүп тааныган.

Ылайы жок тунуктан
Ырдашып, сайрап чыгышкан
Булбулдар шаңдуу үн салды
Муңайып жүргөн мурунтан.

Бир кезде койчу, жылкычы
Көңүлүн кайгы, муң алган.
Жазуучу, артист, комузчу
Жайнашып чыкты булардан,
Гүлдөгөн элдин көркүнө
Күндө сонун чыгарган.
Улардай сайрап үн салса
Уккандар чыгат кумардан.
Дүйнөгө даңкы угулуп
Дүңгүрөп кыргыз кубанган.

Ырыска бизди балкытты
Сталин, сиздин эркиңиз,
Ай нурун жарык чачкандай,
Ачылды биздин көркүбүз.
Тоо көлүндөй чайпалып
Толкуп турган кезибиз.
Кыраан кыргыз элинин
Күүсү сонун дедиңиз.
Уул, кызы ырдап кыргыздын,
Угуп турдуң өзүңүз,
Ыракат, таалай нур төктү
«Ыракмат» деген сөзүңүз.

Талыкшып жаткан Алатоо
Таң нуруна чөмүлдү,
Куугумду баштан кетирип
Гүлдөттүң кыргыз элиңди.
Туу көтөрүп сайрандап
Турмуш болду көңүлдүү.
Сай капчыгай, жайыктан
Заңкайып мектеп көрүндү.
Балдары окуп мектепте
Багынтты кыргыз билимди!

Зарлын козгоп жүрөктүн,
Так сүйлөп комуз кайрыгын
Таалайдын ээси калкында
Тагы жок өткөн кайгынын.
Айчүрөк сызып жүргөндөй,
Аккуулар учса жаркылдап.
Толкуну тоону бузчудай
Ак көбүк чачып шарпылдап
Көркүбүз биздин Ысыккөл,
Көргөн адам салкындап!..

Кийиги койдой жайылып,
Барчындар шаңшып эргиген
Жайлообуз сонун жер болот
Жан-жаныбар сергиген.

Калкагар тоону жашырган
Карагай менен кайыңы,
Желе тартып, бээ байлап
Жердеген дыйкан айылы,
Укмуштуу көркөм жерибиз,
Угулду көпкө дайыны,
Дүйнөгө чыгып атагы
Дүркүрөп кыргыз байыды!..

Учкучтар чыкты кыргыздан
Элибиз багып таптаган.
Ак шумкар куштай көктө эргип
Алышкан жоодон кайтпаган.
Жадырап гүлдөй ачылган
Жаштары өстү кыргыздын
Алышкан жоосун кыйраткан
Арстаны өстү кыргыздын!

Керме тоо ичин аралап
Кейиште жүргөн кубанбай,
Өрүшү кеңип элимдин,
Өсүштү эркин чынардай!

Кечеги койчу, жылкычы
Кетпес кеңчке кезикти.
Кремлдин ичинде
Эл тагдырын чечишти.
Кыраан куш канат каккандай
Кыргыздар алга кетишти,
Жексендеп жерге жапшырдык
Желмогуз душман жезитти.

Солуган эли Чыгыштын
Сопуркап бизге суктанды,
Кызыгып карап таң калат
Кыраанным Кыргызстанды.
Күнгө бай айтышат,
Күн чыгышта калыкты.
Күн тийген менен караңгы
Бизден күтөт жарыкты.
Жеткирет Совет жыргалга
Жер бетинде карыпты.

Турмуштун болуп жаркыны
Туусун кармап Лениндин.
Тагдырын чечип ааламдын
Таалайы болдуң элиңдин.
Түбөлүккө өчпөгөн
Түнөрүп түнү түшпөгөн.
Жанга кубат, көзгө курч
Жарыгы болдуң өмүрдүн.
Кеңири биздин келечек
Гүлдөгөн бактай көрүнөт,
Какшыган чыбыр жашарып
Жемиши жайнап төгүлөт.
Атабыз, тондо мактайсың.
«Азамат кыргыз эми?» — деп.
Сар жибек боосун көтөрүп
Сабалап учкан туйгундай
Жашарган өмүр бул чакты
Жатамын кантип ыр кылбай.

Таңдагы соккон сыдырым,
Таасири күчтүү адамга.
Талпынат куштай көңүлүм
Таалайлуу ушул заманда.
Береке чачып дүйнөгө,
Берендей көктө шаңшыган.
Ырыс күн биздин Сталин
Ыракмат кыргыз калкынан!..

*1941-ж.*

## ЫРАКМАТ ДЕГЕН КУР СӨЗ ГО

* * *

«Ыракмат» деген кур сөз го
Ырасы менен айтпаса.
Өмүрүң көргөн түшкө окшойт
Өзгөлөр сени мактаса.

Атакка, даңкка кызыксаң,
Адамга болбойт үлгүлүү.
«Алакөөдөн акмак» деп
Артыңдан айтар бир күнү.

Кошомат кылуу, жойпулук
Кор кылар бир күн сени айдап.
Элиңе кылгын кызматты
Эмгегиңе бел байлап.

Күнүмдүк ойноп жыргаган,
Кайгыдан жаман, түшүнгүн,
Болбогон ишке чарпылып
Мокотпо курчун күчүңдүн.

Жан алгыч кыстап турса да,
Жан берип жатып эл дегин,
Жар ташка бекем көмсө да
Жалганга кетпес эмгегиң.

*1941-ж.*

## АНТЫМ
**(Боецтин ыры)**

Жан алгыч салып тырмагын,
Жазыксыз кандар төгүлдү.
Ажыдаар сойлоп жеримде
Ажалдын чогу төгүлдү.
Колума курал кармадым
Коргоого бууган элимди.
Алдейлеп баккан журт үчүн
Арнадым кырчын өмүрдү...
Касташкан кара душманды
Каптаймын жүргөн кыянча...
Арманым калбайт дүйнөдө
«Актадың антың балам» деп,
Артымдан калкым кубанса...

Талкалайт элем жооңду,
Тапшырып берген куралың,
Жыргалга кастык кылганды
Жыландай жанчып кырамын.
Кастарлап багып өстүргөн,
Калайык мени сынагын,
Өчүңдү алып бербесем,
Өмүрдө калкым ичирбе
Өрүштүн салкын булагын...

Көйкөлгөн ыраң шиберде
Көпөлөк кууп өскөмүн.
Таңкы жел коштоп көңүлдү
Таалайдын күүн чертемин.
«Садагам, балам, эркинче
Сайрандап жүрүп өс» дедиң.
Калайык ошол жыргалды
Канткенде актап кетпейин...

Айбыгып качсам душмандан
Артымдан элим каргагын.
Көмүлбөй сөөгүм чирисин,
Көмүүгө басып барбагын.
«Ал коркок атам эмес» деп,
Атымдан тансын балдарым...
Ажалдан башым тартпастан
Ата журт үчүн жан берем!
Калтарып коркуп тургандай
Кайратсыз өскөн жан белем.
Абалтан ата салт ушул
Адамдын көркү ар менен.

Ар үчүн өлсө эр жигит
Айтылып элде калганы,
«Атакем баатыр болгон» деп,
Артынан айтар балдары.
Канча жыл кылым өтсө да,
Калкынын болор ардагы.

*1942-ж*

## АТАЖУРТ ҮЧҮН МАЙДАНГА!

Жүгүрсө шамал жетпеген
Тулпарды элим мингиздиң,
Атажурт үчүн кан төгүү —
Антыбыз болот бул биздин...

Фашисттин кесип баштарын,
Балтыркан сындуу кыялы,
Ажыдаар башын тепсесин
Аттардын өткүр туягы.

Берендей эргип шаң менен
Беттешкен жоодон тайманба
Алдыга, достор, алдыга
Атажурт үчүн майданга!

*1942-ж.*

## БЕЛОРУССИЯ БАГЫНДА

Кадимкидей гүлдөбөй
Карып болгон кайран бак,
Баштагыдай гүл терип
Баскан жан жок сайрандап.

Күн чыкканча тил безеп
Күкүк таңшыйт ар кайдан,
Жаш кырчындар майышып
Жалбырагы саргайган.

Айдап салкын жел сокпой
Айлана муң... тумчугат,
Анда-санда кайгылуу
Алсыраган үн чыгат.

Чычаладай карайып
Чырпыктары кыйраган,
Өлгөн жарын кучактап
Отурат бир кыз ыйлаган.

Жыйырмадан жаңы ашкан
Жигит эле эр жеткен,
Калкын сактап тайманбай
Каза тапкан желдеттен...

Жар түбүнө алпарып
Жарын жерге жашырды,
Жашын сүртүп бетинен
Жанга курал асынды.

Чачын тарап камданды
Таң сүрүлүп атарда,
Кек алууга жөнөдү
Күн батышка — сапарга.

*1942-ж.*

## ЖҮРӨГҮМ МЕНИН — КЫЗЫЛ ТУУ

Көкүрөк муңга чырмалып
Көзүмдүн жашы акканда,
Көкөйдү кесип зар заман
Көйкапта элим жатканда,
Желпинип шибер көктөбөй
Жеримдин куту качканда,

Кадыр түн сындуу жаркырап
Калкыма нуру тийген күн,
Алсырап жаткан журтумду
Алдейлеп беттен сүйгөн күн,
Тамтандап тилим чыкканда,
Талпынып көккө учканда,
Таалайдын ырын үйрөндүм!

Жылдыздай көркүн мактадым,
Жыргалдын таңы атканын,
Салкын бак, гүлдүн ичинде
Сайрандап өстү жаш жаным,
«Туума башым курман» деп
Түбөлүк антым айтканмын.

Кайраттуу кызыл туу менен
Кайрадан дүйнө жаңырган,
Өмүрдүн нуру балбылдап
Өчпөстүн шамы жагылган,
Калайык куунап бейпилде
Качаңкы шорум арылган.

Жомоктоп айтып карылар
Бейиш бар көктө дечү эле,
Билгенге ошол бейиши
Биздеги заман өзү эле,
Кой үстүнө боз торгой
Жумурткалаар кез эле.

Ач бөрү жойлоп түн менен
Аралап кирди өлкөмө,
Аңдоосуз келип жабышты
Азуусун салып желкеме,
Айгышкан далай душмандар
Абалтан бизден өлчү эле.

Көсөмдөн алган бул тууну
Көркоого кантип берели,
Ардактап уулу жүрбөйбү
Алпештеп баккан энени.

Энебиз сенсиң кызыл туу,
Сен үчүн канды төгөлү.

Калкайып турган кара таш
Кар болуп эрип кетсе да,

Тунарып турган бийик тоо
Түз болуп жерге чөксө да,
Абадан булут удургуп
От болуп мөндүр төксө да.

Толкундап турган деңиздер
Соолуп, кургап калса да,
Чолосун жердин калтырбай
Чок болуп ажал жанса да,
Асмандан жамгыр куйгандай
Адамдын каны тамса да,

Айланам, элим, кулак сал
Акының айткан үнүнө,
Жыланды жакын жолотпо
Жыргалың — туунун түбүңө,
Ызгытып жоону кыйраткан
Ырайым кылбай бирине!

Тыңшагын, журтум, тыңшагын!
Майдандап жоону жеңбесең,
Баштарын жерге көмбөсөң,
Жетим калар балдарың,
Жесир калар алганың,
Ирениң сары чөп болуп
Ичиңде кетер арманың.

Чырактай сулуу кыздарың
Чыңырып ыйлап күң болор,
Айлыңа түшүп чуулга
Айлансаң каран түн болор,
Солусаң ыйлап өпкөлөп
Сооротор сени ким болор?

Чырпык болор чынарың,
Чыла болор булагың,
Чыңалгын, калкым, чыңалгын!
Чынымды айтып турамын.

Ак куудай чачы агарган
Апаны муңга калтырба,
Чабуулду салып душманга
Чагылгандай жаркылда!
Жадырап мөмө жеткинчек
Жашасын эркин артында.

Тыңшагын журтум, тыңшагын!
Кордукту салам дегенди
Корголдой шилеп айдагын,
Каптаган кара кыянды
Кан буугандай байлагын...
Сындырбай колдон тууңду
Сыйлагын Ленин арбагын!

Кагылам элим, тыңшагын!
Кадимден сонун салтың бар —
«Жашабай азап, кулдукта
Жан берем» — деген антың бар.

Жети жаш желдет желмогуз
Жемирип келе жатпайбы,
Өмүрүң, күнүң жутууга
Өңүлүп келе жатпайбы.
Кыргынды салып туу менен,
Кылымга жеткен чуу менен,
Азууларын талкалап
Ажыдарды дүйнөгө
Келгис кылып таштайлы!

*1942-ж.*

## АКЫРКЫ СААТТА

Тамшандырып уккандьы,
Таркады кабар дүйнөгө,
«Акыркы саат» дегенде
Ачылат сонун бир деме!..

Кубанып угат бир сөздү
Кулагын түрүп жер бети,
Ал сөздүн аты «Жеңиш» деп
Алкыштайт калкым жергеси!

Көчөдө туруп карыя
Көзүнөн жашы кылгырат.
Кубанган бойдон ыйлабай
Томсоруп карап ким турат.

Топтолуп чогуу калың эл
Толкуган көлдөй чарпылат,
Бактысы жеңсе сүйүнүп
Маңдайдан тери тамчылап...

Жанагы турган карыя
Жалындай сөзүн баштады,
«Садагам балдар уккун» деп
Салмактуу ушул айтканы:
— «Качырып кирсе биздин эл
Кайраты сууну бөгөгөн,
Канчалык кайгы басса да
Кабагым, кашым дебеген.

Эзелден менин журтумду
Эч душман келип жеңбеген,
Жүз жылы кыргын болсо да,
Жүдөбөйт орус эл деген.

Беш жолборс уулум бар эле,
Берендей таптап өстүргөм,
Аларды жоого жиберип:
Айбыкпа дегем эч кимден!

Көсөмдүн шаарын беришпей
Көз жумбай коргоп жатышкан,
«Кебелбейт биздин кайрат» деп
Кечээ эле катты жазышкан...

Бүгүнкү кыргын чабуулда,
Бүлүктү жоого салгандыр,
Кыйкырып ата салт менен
Кыяндай каптап баргандыр.

Укканда жеңиш кабарды
Уландай толкуп жашардым,
Айыпка тартпа, балдарым,
Азыраак көзгө жаш алдым...

Аңгыча болбой бир келин
Анардай бети албырып,
Жибектей назик сүйлөдү
Жигиттин көөнүн жандырып:

«...Экөөбүз сүргөн жаш өмүр,
Өрүштө гүлдөй жарашкан,
Таңдайдын балын сорушуп,
Тамаша менен таң аткан...

Сталин шаарын коргогон
Ырысым — жарым бар эле.

Ак шумкар куштай качырып
Алгандыр жоону а деле.

Адамдын боюн эриткен,
Ар күнү кабар угамын,
Кабагым күндөй ачылып,
Кайратка келип турамын!..»

Алтыга чыккан бир бөбөк
«Абаке уккун, кебим» дейт:
«Алгалап ошол майданда
Атакем жүрөт менин» дейт.

Океан толкуп жаткандай,
Асмандан күн нур чачкандай,
Кубаныч басты жер бетин
Кубанды кары, жаш калбай.

Кыйратып жоону качырган,
Кыраанды кандай калкымын,
Алкышын айтат калайык
Арстандар, нурдай балкыган.

Аябай кырып душманды
Аяктай көрүн каза бар,
«Ажалдан куткар, балам» дейт
Алдейлеп баккан апаңар.

«Жеңиштер!» деген сонун сөз
Жергеме кайрат байлады,
Ажыдаар жерден жок болсо
Ар кимдин калбас арманы!

*1942-ж.*

## КӨЛ ҮСТҮНДӨ

### I

Ай жарык, нурга батып турган асман...
Ак моңгу күлүмсүрөйт алыс жактан,
Салкындап ойго батып уктабастан,
Сапарда көл үстүндө мен келаткам.

Көңүлүн адам заттын көккө сүрөп
Койколуп көл козголуп турду чалкып.
Кагылам тууган элим, тууган көлүм,
Кайрылып келип кеттим тузуң татып!..

Кадимден эр жүрөгүн эркелеткен,
Кайнаган күүнүн чыгар булагы сен,
Толкунуң тоо чочутуп жардан ашып,
Тососуң кучак жайып көксөп келсем!..

Асмандын жылдыз, айын талашкандай,
Аркайган күнгөй-тескей тооң кандай!..
Далай эр бизден мурун өткөн тура,
Дайрадай душман канын төккөн тура.
Балдарың арстан жүрөк кыраан чыккан
Башынан сен Ысык-Көл шумкар уя...

Элиң бар эскен желдей күн өткөргөн,
Эзелден эркин төрдө өмүр сүрүп.
Эсирип каптап кирген кара жоого
Эч качан жалбарбаган тизе бүгүп!..

II

Ай батты ашып тоодон келбөөчүдөй
Ашынды азоо толкун тилге кирбей,
Пароход чайнап, термеп келе жатты
Баягы байкуш энем бешигиндей...

Ышкырган ырын угуп жүргөн жердин
«Ракат көлдүн үстү кандай» дедим,
Кыналып билектерин мойнуна арткан
Кыз менен кызыл чырай жигит көрдүм...
Аңгыча нур төгүлдү... чолпон жанды,
Ааламга сүйүнчүлөп атар таңды.
Токтолтуп терең чыккан сырдуу шыбыш
Толкутуп назик сулуу үнгө салды...

## КЫЗДЫН ЫРЫ

«Адамдын каны дайрадай
Агылган жерге барасың.
Ажалдын огу балбылдап
Жагылган жерге барасың.

Өмүр, өлүм эки жоо
Алышкан жерге барасың,
Жүрөктүн канын журт үчүн
Тамызган жерге барасың.

Адырдын көркүн чыгарган
Айкалып өскөн гүл элек.

Эркиндеп тоонун койнунда
Эркесинин бири элек.

Жарашык берип жаш жанга
Жайлоонун таңы атканда,
Берметтей тунук булакта
Бетимди жууп жатканда.

Керилген тоодон эңиштеп,
Келбедиң беле мени издеп,
«Келиндер туюп калат» деп,
Кетпедик беле жер издеп...

Ошондо берген шертим бар,
«Оюнга бакыт толсун деп,
Бул күндө жыргал сүйүүбүз
Булактан таза болсун» деп.

Шекерим, жаным ишенгин,
Шертиме бекем турамын.
Булгабай таза сактаймын
Бул күндүн сүйүү булагын!..

Саргайып ойлоп күн-түнү
Санаанын суусун ичемин.
Айланып жылдар өтсө да,
Ардагым сени күтөмүн!

Душманга элди кор кылбай
Дуулаган күндөн айырба.
Какшатып мени салбагын
Кара түндөй кайгыга!..

Жалбарып сенден сураймын
Жанымдай көргөн жаш жарым.
Айбыгып жоодон калтырап
Артыңа кадам баспаган!..

Алыска сызса ак туйгун
Айланып кайра конбойбу.
Беренім коркуп сен качсаң
Бетиме чиркөө болбойбу!

Убайым тартып сени эстеп
Уктабай жылдыз санаймын.
«Сапарың күндөй ачылсын
Садагаң кетип калайын!»

Кыз ырдап кууляжутуп күүгө салды,
Көзүнөн жаш тамчылап көлгө салды.
Агарып алда кайдан таң сүрүлүп,
Ак мөңгү кызыл нурга куйүп жанды.

Басылып тентек толкун эргиштеген
Магдырап көлдүн үстү тынчып жатты.
Эзилип сыр алышкан үнүн тыңшап,
Энедей эркелетти эки жашты.

Айтылган сырды таштап бүгүн түнкү,
Акырын тоонун салкын жели жүрдү.
Чын сүйгөн өмүрдөгү курбусуна
Чыгарды жигит дагы коңур үндү.

## ЖИГИТ ЫРЫ

Кыялы таңдын нурундай
Кыздары кыргыз калкынын.
Ыргайдай бирге гүлдөгөн,
Ырыска шерик алтыным.

Көңүлгө кайгы так салбай
Көзүңдүн жашын аарчыгын!
Күлүктөн өнөр чыгабы
Күнчүлүк жерге чаппаса.
Беренден өнөр чыгабы
Беттешкен жоосу качпаса.
Кадыры шамдай жанбайбы
Калкынын карзын актаса...

Жумуртка чайкап куш кылган
Жумшаса элим барайын.
Аман жүр, курбум, аман жүр,
Ачылсын гүлдөй паанайың.
Балбылдап жанган көзүңдүн
Балакетин алайын!..

Жаштыктын багын сайрандап,
Жадырап бирге гүлдөдүк,
Көңүлдүн моокун кандырып,
Көбүрөөк ойноп жүрбөдүк.

Каткырып өмүр сүрөбүз
Кайрылып аман мен келип,
Кечээ,

Бейпилде элим жатканда,
Береке суудай акканда,
Энебиз эле Ысыккөл,
Эмизген сүтүн жаш жанга,
Желбиреп жели турчу эле
Жээгинде ойноп басканда...

Саргайып өңүң кайгыда
Сабыркап санаа тартпагын
Топон суу жерди басса да,
Тоздурбайт сени жаш жарың.
Акактай тунук сүйүүнү
Аманат сага таштадым!..

Өмүрдө душман үзө албайт
Өрүштө бышкан алмадан,
Агылган канды аралап
Ажалга каршы мен барам.
Ат башы менен эр башы
Абалтан кайда калбаган...
Колдорун мойнуна арткан бошотпостон
Коштошуп бирин-бири сүйдү беттен,
Күү чыгып туш тараптан толкундаган,
Күн нурун балбылдатып төктү көктөн.

Койнунда эркин өскөн баласы элең
Колдосун касиети Ысыккөлдүн.
Садага, элдин көркү иничегим,
Сапарга аман барып, аман келгин.

*1942-ж.*

## ШУМКАРЛАРГА АЙТКАН САЛАМЫМ

**(Фронттогу кыргыз жигиттери менен учурашканда ырдаган ыр)**

Киндиктин каны төгүлгөн,
Кир чайкап жууган жериңден,
Сеңирдей бийик тоолору
Селкидей көркөм көрүнгөн,
Мээримдүү нурдуу Фергана
Мейкини кең Чүй, Кеминден,
Ышкырган жели Тяншань,
Ысыккөл, Соңкөл көлүндөн,
Айчылык алыс жол жүрүп,
Апкелдим салам элиңден!

Берендер тузум татсын деп,
Белекти кыргыз жиберди.
Сайрандап өскөн тең-курбуң
Сагынды күтүп силерди.
Батыраак жоону кыйратып,
Баскыла тууган шиберди!

Кадимден жоодон качпаган
Касиет күчтүү калкыңда.
Чабуулду салып душманга
Чагылгандай жаркылда...
Ар-намыс менен даңкыңды!
Алмаша көрбө алтынга!
Шумкардай тээп түшүргүн
Шүмшүктүн учкан каргасын.
Желмогуз жалмап кетпесин
Жериңдин бышкан алмасын.
«Уулуңар коркок болду» деп,
Уятка кыргыз калбасын.

Кагылам балдар, тыңшагын,
Кайрылып айтып турамын.
Ажыдаар сойлоп өтпөсүн,
Ак калпак кыргыз турагың,
Айкырып алга жөнөгүн,
Ак албарс өткүр кырааным.

Атаңар Манас эр болуп
Ааламга даңкын чыгарган
Качырып келген душмандын
Канына жерди сугарган.
Чолпонбай менен Дүйшөнкул
Октой тийген душманга,
Арстандай кыргыз балдары
Алгыла үлгү булардан!

Ак мөңгү салкын булагы
Алатоо боорун жайлаган.
Жылгасы толуп жылкыга
Жылдыздай көп мал айдаган,
Бактылуу элиң кыргызга
Баргыла аман кайрадан!

«Эрмегим жоону жеңди» деп,
Энеңер тосуп жүгүрсүн.
«Айтылуу баатыр келди» деп,

Айлыңар дуулдап сүйүнсүн.
Жаркырап жүзү нурданып,
Жарыңар чыксын буралып.
Саламын айтсын тууган жер
Сай-сайдан мөңкүп суу агып.

Эртерээк жоону кыйратып,
Элиңдин атын актагын.
Акының элем бирге өскөн
Арстандар ушул айтканым.
Бургудай көсөп душманды
Буурадай матап таштагын!
Сайрандап өмүр сүрүүгө
Саламат болсун жаш жаның.
Артыңа калар иш кылгын
Акының мактап айткандай,
Бошотпой жоону кармагын
Болот жаак капкандай!..
Калкыңдын көтөр арбагын
Кадимки Манас арстандай.

*1943-ж.*

## СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЛАРЫ ДАЙЫР АСАНОВ, ТАШМАМАТ ЖУМАБАЕВГЕ

**Дайырга:**
Дүркүрөп күйгөн жалындай
Дүйнөгө даңкың жайылды,
Алкыштап элим куттуктайт
Ардагым баатыр Дайырды.
Кыйраткан жоону ар качан
Кыргыздын салты байыркы...
Түнөгүң бийик Тяншань
Түлөгүң жеткен береним...
Кадимки Кошой бабаңдай
Калкыңа тийди керегиң.
Айыгышта мөрөй бербестен
Актадың сүтүн эненин!..

**Ташмаматка:**
Ажыдаар чыкты алдыңан
Ак албарс кылыч сермедиң,
Ташкындап жаткан дайраны
Тамчыдай сезип көрбөдүң...
Наалатка калган душманга

Намысты колдон бербедиң.
Ширапнель менен немецти
Курманжан датка энеңдей
Курчудуң жоодон жыгылбай
Шиледиң сайдын кумундай
Агыздың канын душмандын
Ак буура Оштун суундай...
*1943-ж.*

## АЙРӨК, АЙРӨК!

Италия фашисттеринин борбордук органы болгон «Пополо де Италия» газетасы: «Советтик — Германдык согуш башталганда, большевиктерден — кыргыздардан жана Хазарлардан турган, Россия империясын Италиянын дивизиялары жоготот» деп мактанып жазган болуучу. Мына ошол мактанган Италия бүгүн колун куушуруп багынып отурат. Фашисттик өлкөлөрдүн бири болгон Италия согуштан жеңилип, тизесин бүктү.

Чирик эле тамырың
Чынармын деп ойлодуң,
Чымчык элең корголдой
Тынармын деп ойлодуң,
Топор элең байгеден
Чыгармын деп ойлодуң
Торой чалып күрөштө
Жыгармын деп ойлодуң.

Сугуң түшүп дүйнөгө
Суу жыландай сойлодуң...
Монор баскан темирдей
Морт экениң билбедиң.
Соолгон тамыр теректей
Солку экениң билбедиң.
Желденген эссиз Муссолин
Желпинип көөп сүйлөдүң.
Тарп аңдыган кузгундай
Талаштың кенчин дүйнөнүн.
Дөбөттөй улуп сездиң го
Төбөңө муштум тийгенин...
Ач арбактай бүлбүлдөп
Араң калды сүлдөрүң
Арданбай, байкуш, угуп тур
Айрөктөп аалам күлгөнүн...
*1943-ж.*

## САЙРАН КҮҮ

Сайрандап көңүл дууласын,
Толтура куйгун кесени!
Бир тамчысын калтырбай
Бир жуталы дешели.

Кан майданда табылган,
Кайрадан көктөп жаңырган,
Салтанат ушул турмуштун
Гүлдөшү үчүн ичели!

Тартышкан жоосун талкалап,
Тайманбай өскөн эзелден,
Кайгынын басса салмагы,
Кара жердей көтөргөн,
Кубаты күндүн нурундай,
Тунугу тоонун суундай,
Элибиз үчүн ичели!

Арстандай ыкчам сермеген,
Айкашта намыс бербеген,
Ажыдаар арбап турса да,
Ажалдан коркпой эл деген
Туйгундай алгыр эрлердин
Жеңгени үчүн ичели,
Тууруна кайра айланып
Келгени үчүн ичели!

Талпынтып куштай бөпөлөп
Таалайга арнап төрөгөн,
Чырпыктай кезден алпештеп,
Чынарга бойду теңеген,
Ал түндө эчен ойгонуп,
Ак сүтүн берген толгонуп
Энебиз үчүн ичели!

Жүзүнөн нуру балкыса
Жүрөгүнө гүл өнүп,
Өзгөгө бурбай көңүлүн,
Өмүрүн кошкон түбөлүк,
Кубанычты бир көргөн,
Кайгы, муңду тең бөлгөн,
Жарыбыз үчүн ичели!

Карагаттай гүлдөгөн,
Кайгырынуу билбеген,
Муңуңду жазып тараткан
Булбулдай ширин тил менен,
Эркеси болгон адамдын,
Ээси жыргал замандын,
Балабыз үчүн ичели!

Калкына айкын жол ачкан
Калкагар зоолуу туюктан,
Качырып кирсе берендер
Каарынан душман буюккан.
Туулуп элдин бактына
Туусу болгон күрөштүн,
Журтуна чыгып береке
Жуткурган суусун мүрөктүн
Сталин үчүн ичели!

*1944-ж.*

## АЖАЛ МЕНЕН АР-НАМЫС
**(Поэма)**

### I

Карагай көккө тирелген
Калың чер токой арасы,
Карайып түтүн уюган
Кан жүргөн уруш талаасы...

Жамгырдай октор төгүлүп,
Замбирек кулак тундурат,
Мурунку кездей нур чачпай
Муңайып карап күн турат.

Булбулдар кончу кайыңдын
Бутагы окко тонолгон,
Шылдырап аккан тунук суу
Кызарып канга боёлгон.

Араба менен ат кыйрап,
Тамыры менен бак кыйрап,
Кадимден балбан кара жер
Кайгырып, боздоп жатты ыйлап...

Алтын жаш чокту колүнө
Агылган суудай канынын,
Ай бети кара так болду
Алпештеп сүйгөн жарынын...

Мөндүрдөй жаап коргошун
Мөмөдөй жаштар кырылды,
Чамасы келбей сүйлөөгө
Чабылган чөптөй жыгылды.

Ызы-чуу ушул кыргында
Ышкырып Ажал бийледи,
«Өмүрдү колдо өкчөгөн
Өзүмдөн күчтүү ким?» деди.

Жайкалып турган көк шибер
Жамгырсыз өчүп солгондой,

Кыйла жан кыйрап сулады
Кыямат кайым болгондой...

Айлана муңга майышып
Алсырап турду бул күнү,
Араны жүрүп Ажалдын
Адамдын башын мүлжүдү.

Суусаса канды шимирип
Суктугун Ажал тартпады.
Томсоруп аалам зар менен
Топон суу жүрө жаздады.

Кылычы колдо жалактап
Кыдырып Ажал жер кезди,
«Кыйының мендей барбы?» деп
Кыйлалар менен мелдешти...

Кабагы түндөй салыңкы
Кайгырып турду жалпы жан,
Каяша эч ким айтпады
Кайрылып Ажал артынан.

Токойду, сазды аралап
Токтолбой Ажал чурады,
Азуусун айга бир кайрап
Ааламдан минтип сурады:

«Айбыкпас менден жан барбы?
Айдасам ар ким барбайбы.
Өкүмүм жүрүп дүйнөгө,
Өмүрүң чөптөй саргайды.

Арстандай баатыр болсо да
Алдыма келип жүгүнөт,
Асманга башы тийсе да
Алсырап талдай бүгүлөт.

Айткыла, мендей күч барбы?
Аңтарат жерди амалым,
Карыны, жашты калтырбай
Кааласам бир күн аламын.

Сүйлөгүн, күчпү өкүмүм?
Сүрдөнөт менден күн дагы,
Эсирип бийлик кылсам да
Эч бир жан айбат кылбады.

Бергиле жооп өзүмө,
Мелтиреп карап турбастан,
Жугуңду жерде калтырбай
Жутамын баарын бир баштан...»

Бул сөзүн Ажал айтканда
Муңайып кара таш дагы,
Чытырма токой, агын суу
Чың этип үнүн катпады.

Асманда сургулт булут да
Ажалга жооп бербеди,
«Берсе жооп, ал берет
Мени айдап жүргөн жел» деди.

Жел дагы тынды дудуктай
Желпинген гүлдүн эрмеги,
Жалдырап жооп айтышпайт
Жапаган балбан жердеги.

Оозунан заар көбүгү
Оргуштап чыгып кайнады,
«Кайсыны жутсам экен» деп
Кайсалап Ажал тандады.

Алдынан Намыс жолугуп
Ажалга колун сермеди,
«Ээлигип анча кутурбай
Эр болсоң мени жең» деди.

Чагылган оту жангандай
Чамынды Ажал, жиндеди.
«Каарыма чыдап, тайманбай
Каяша берген ким?» деди.

Сурданды, Намыс толкуду
Суудай тоонун шарылдап,
Нускалуу сөзүн сүйлөдү
Нурунда күндүн жалындап:

«Далайды жутуп тойбостон,
Дайрадай канды агыздың.
Каяша турсун, өзүңдү
Капкандай кармар Намысмын...

Кайраттуу эрге бел болуп
Кадимден бери келгенмин,

Өмүргө шерик түбөлүк
Өлбөстүн сүтүн эмгенмин.

Жылмайып карап Ажалга
Жылдыздай жанат эр деген.
Маңдайда өзүм турганда
Баатырды Ажал жеңбеген!..

Эзелден келген нарк ушул:
Эр жигит көркү мен менен,
Өлүмдөн качпай кармашса,
Өзүмдүн көркүм эр менен.

Кечээ
Жарыкка жигит келгенде
Ача элек көзүн кызыл эт
Аймалап эмчек эмгенде,
Апасы минтип сүйлөгөн
Ардагын көзү көргөндө:

«Тогуз ай сени көтөрүп
Толгонуп азап тарткаммын,
Арнадым сени Намыска,
Айбыкпас болсун жаш жаның.

Балбылдап таңкы чолпондой
Бактыма менин көрүндүң.
Намыстуу жигит бологөр
Наалатын албай элиңдин!

Кайгы, муң түшсө башыңа
Каржалып, уулум, кенебе,
«Урмат! Даңк! — десин калың журт,—
Ушуну тапкан энеге!»

Мына,
Ошондон бери жигиттин
Оюнан кетпес досумун,
Алоосу менмин өчпөгөн
Албырган жүрөк отунун...

Бул сөзүн Намыс айтканда
Буулугуп Ажал чамынды,
«Чаң менен кошуп ыйлатып,
Чачпасам, деди каныңды».

«Көтөргөн ошол жигитиң,
Көрөрмүн, мага жүгүнөр,
Каарымды төгүп киргенде
Калтырап жандан түңүлөр.

Алакан жайып кансырап,
Алдыма келип баш берер,
Жалбарып жалган дүйнөгө,
Жан соогалап жаш төгөр...»

Ажалдын кебин укканда,
Арданып Намыс көбүрдү,
Арстандай чайнап коёрдо
Артына Ажал чегинди.

Карайып асман удургуп,
Кармашып экөө каларда,
Каран түн түшүп дүйнөгө
Кайгынын оту жанарда.

Арачы болуп ай чыгып
Ааламга нурун таратты.
Көп тарткан азап кара жер
Көшүлүп уктап баратты.

Ачуусун тыйып Ар-Намыс
Ажалга минтип сүйлөдү:
«Менменсип өтө мактанбай
Мен менен кошо жүр» деди.

Айтканын угуп Намыстын,
Айлана жеңиш күү чертти,
Асмандап учуп, жер кезип,
Ар-Намыс, Ажал бир кетти...

Булутта сызып баратып
Бул экөө мындай мелдешти:
«Агылган кандар майданга
Аралап бирге кирелик.

Азамат эрдин кашында
Айрылбай бирге жүрөлүк,
Кимибиз шондо жеңилсек
Баштагыдай айгашпай
Баш иелик түбөлүк...»

II

Коңур күз... Тоодон жел согуп,
Комуздай күүсү угулган,
Кулпунган жашыл жалбырак,
Кубарып жерге жыйылган,
Каарын төгүп сурданып
Казбектин жүзү кубулган,
Айнектей таза тегиз жол
Агылган канга жуулган,
Көркөмдүү Кавказ мындай күн
Көрбөгөн эле кылымдан...

Замбирек атса аскадан
Заңгырап чыгат жаңырык,
Кадимки тентек Терек суу
Капчыгай жарат чамынып,
Адырдын куму шыркырайт
Адамдын каны агылып,
Көп душман келет сандаган
Көк муздай темир жамынып.
Карайган жаан, кыяндай
Капташат жайнап жабылып...

Күңгүрөнүп жер сүйлөйт
Күйүтү суудай, ташкындай,
Карагай башы термелет
Кайгысын желге айткандай.
Жалооруп ыйлап жел согот,
Ботосунан айрылып,
Боз инген боздоп жаткандай...
Кыяда казган окопто
Кыргыздын бир топ уланы,
Жолборстой даяр комдонуп
Жоо тосуп жатты жазганбай!..
Пешенеден нур жанып.

Беттеринен кан тамган,
Көзүнүн курчу болоттой,
Көргөндө душман жалтанган,
Кайраты кайнап жүрөктө
Кадимки көк жал Манастын
Касиети сакталган,
Жаш чагынан бул балдар
Жашыгы жок тапталган...
Айгышкан жоону жеңүүгө

Алыскы кыргыз журтунан
Айбыкпай булар аттанган.

Аларга акыл, баш болуп
Айтылуу Күмөн бар эле,
Атайлап бууган намыска
Атадан жалгыз бала эле.
Кабагын бүркөп жүрбөгөн,
Каткырып күлүп сүйлөгөн,
Ак пейил, шайыр жан эле.
Алты күн уйку көрбөстөн
Окоптон чыкпай жатса да
Алсырап койбойт дагы эле!..

Көк түтүн каптап, чаң ызгып
Көрүнбөйт тоонун этеги,
Алоолоп өрткө чырмалган
Осетин айлы кечеги.
Чыңырып ыйлайт энелеп
Чырпыктай жаштын нечени,
Азапты чыдап көтөрбөй
Абалдан балбан кара жер
Аңтарылып кетеби?..

Эки жашар бир бала
Энесин жыттайт чыңырып,
Эмчегин издеп төшүнөн
Эт-бетинен жыгылып,
Апасы жатат үн катпай
Айнектей көзү жумулуп...

Чыланып канда боёлгон
Чылбырдай чачы чубалып,
Супсулуу тунук ирең
Супурадай кубарып.

Алдейлеп сүйгөн кулуну
«Апалайт» үнүн чыгарып...
Тонолгон дарак тал ыйлайт,
Топурак дубал там ыйлайт.
«Элиме кыргын түштү» деп
Эльбурс боздоп ал ыйлайт,
Капчыгай ичин бузчудай
Кайгырып Терек дагы ыйлайт.

Каргыштын суусу кузгундап
Каптады жарык дүйнөнү,

«Кандайсың, Намыс, көргүн» деп
Каткырып Ажал бийледи...
Өрттөнгөн айылды бир карап
Өкүнүп Күмөн сүйлөдү.

Кадырман жердеш курбулар,
Карагын тигил жалынды,
Кароого бетим чыдабайт
Кан жүрүп жаткан айылды,
Арыма келдим көшөрүп
Аябайм асты жанымды...

«Көзүбүз тирүү турганда
Көрүнөө душман кордойбу?
Калтырап качып жөнөсөк
Кадырлап баккан калкымдын
Каргышы жутуп койбойбу,
Айыгышкан жоону кырбасак
Акылды жүгүрт, берендер
Алатоо шундай болбойбу...

Бер жагы Талас, Суусамыр,
Бейиштей Ысыккөл боюн,
«Ушундай өрткө түшөт» деп
Убайым тартып ойлогун.
Арбагын сыйлап атаңдын,
Алышта жалтак болбогун!..»

Күмөндүн айткан бул сөзү
Күн нурундай чагылды,
Ойлонуп турган Эмилбек
Көзүнөн жашы агылды:
«Айланайын агатай:
Айтканың ырас эмеспи,
Аябайм мен да жанымды».

Кыргыздын — кеги кылычтай,
Кыйылып түшөт чапканы,
Кыргыздын каны — кымбат кан,
Кылымдар бекер акпады.
Жапшыра кармайт чапканын
Жаагы катуу капканы.
Кыргыздын сөзү — ыйык сөз,
Эки ача болбойт айтканы.
«Ажалды көзгө илбе!..» — деп
Анттарын балдар берди эле,

Окоптун ичи чыдабай
Жарылып кете жаздады...

Ачылган күндөй жаркырап
Ажалды Намыс тиктеди:
«Эр жигит салты ушундай,
Эр болсоң эми түт» деди.
Жалт берип Ажал арданып
Жашынар жерин издеди.

Дүңгүрөп жаткан талаага
Дүрбүсүн салып карады,
Күмөндүн көзү көрдү бейм:
Эмчегин издеп эненин
Жер чапчылап чыңырып
Жетимче калган баланы?

Көзүнүн жашы тамчылап
Көрүнбөй дүрбү тунарды,
Ажарлуу сүрдүү ирени
Ант ичкендей кубарды,
Бүткөн бой муздап дүркүрөп
Муңайып үнүн чыгарды:

«Чырактай болгон жаш бала
Чыңырып ыйлап жатпайбы,
Өз боор ошол баланы
Өлүмгө кантип таштайлы!..

Ажал деген чын персе
Адамзат чыкпайт торунан,
Адилет ишке жан берүү
Ар кимдин келбейт колунан.

Айбыкпай ата салт менен
Айылды каптап кирели,
Ырайымсыз душманга
Ылаачындай тиели!

Атасы чыгар майданда
Аркада калган белеги,
Айнектей болгон эркесин
Ажыратып келели!

Киминдин балаң бар болсо
Билерсиң даамын баланын,

Көңүлүң чыдап туралбас,
Көзүңдү салып карагын!»

Айтканда Күмөн бул сөзүн
«Агатай даяр биз» деди.
«Айланам тууган уландар,
Алгалап куштай сыз» деди.

Аңгыча болбой бир немец
Баланы көрүп бурулду,
Алкымдан алып кысты эле
Кыркырап бала муунду,
Өтүгү менен тепкенде,
Алмадай болгон жаш бала
«Апалап» барып жыгылды,
«Куткарбай жайла итти» деп
Күмөндүн үнү угулду.

Тоголонуп чоң немец
Топуракты сугунду.
Алмамбет сындуу чаңырган
Айбаттуу Күмөн алдагы
Агасын ээрчип жөнөштү,
Окопто бирөө калбады,
Кыйкырып жоого кирищти
Кыргыздын бир топ балдары.

Каары чыгып бетине
Капталдай кирди белести,
Кылчайбай тийген көп жоого
Кыргыздын көктүгү эмеспи!
Кабылан шердей октолуп
Качырып Күмөн жүгүрдү,
Карап турган калың жоо
Кара жандан түңүлдү,
Аламандап ок төгүп,
Ажыдаардай душмандын
Арасы жаман бүлүндү...

Автомат огу мөндүрдөй
Айылдын үстүн каптады,
Колотко пулемет орнотуп,
Коңурсуп терден немецтер
Коргошун себе баштады,
Күүлөнүп Күмөн күч менен,
Удаалап гранат ыргытып

Сайрап жаткан пулеметтун
Жаагын басып таштады.

Колоттон ызгып чаң чыгат
Коргошун жаап дабырап,
Айлана катуу дүңгүрөп
Асман, жер чууга жаңырат,
Турбастан карап немецтер
Туурадан кирди жамырап...

Жалтанып башын тартпаган
Эки жак бирдей көк экен,
Чамынып жолборс сыяктуу
Чайнашары эп экен...

Обдулду тике бир немец
Оп тартып баарын сорчудай,
Үркөрдөй шаңдуу эрлерди
Бир чайнап бүркүп койчудай...

Жаралуу болгон аюуча
Жаңыртып жерди бакырып,
Буркулдап немец келатты
Буурадай жини чачылып
Кошула түштү эки жак
Бир-бирин тайбай качырып...

Баркырап кызыл от жанып
Балбылдайт учу найзанын,
Балдарга Күмөн кыйкырды:
«Манасча жоону кайсагын!..»

Эрдин кесе тиштенип
Эмилбек кирди жемирип,
Берени Чубак баатырдай
Бетинен түгү көрүнүп.

Аралашып эки жоо
Асман жер түтөп, чаңдады,
Отуз беш немец тандалган,
Он эки кыргыз балдары.

Нар төөдөй болгон сар немец
Найзасын тике сундурат,
Чаңырып минтип сүйлөдү
Чала тил менен булдурап:

«Аманын тилеп жаныңдын,
Акканын аяп каныңдын,
Ойнобой биздей күч менен,
Орустар, колго багынгын!..»

Укканда Күмөн бул сөздү
Уу жуткандай кубарды,
Чагылгандын огундай
Чартылдап үнүн чыгарды:

«Көзгө илбей бизди сүйлөгөн
Көргүлө,– деди,– буларды»
Качырып Күмөн сайды эле
Каңтарылып немецтин
Кардынан жини чубалды...

Кырылдап алсыз үн чыгат,
Кылчайып Күмөн карады.
Букадай күчтүү бир немец
Муунтуп жатат баланы...

«Агатай Күмөн, кайда» деп
Айтканы дайын угулду.
Маңдайга Күмөн чапты эле,
Басып жаткан чоң немец
Бакырып жерге жыгылды,
Шып этип туруп Эмилбек
Күмөндүн мойнун кучактап,
«Унутпайм, деди мунуңду».
Кайрадан алып мылтыгын
Качырып алга жулунду.
Кайраты кыргыз — толкундай
Качышты душман түш келбей,
Кансырап жатты далайы
Карагай, кайың бороондо
Каршы-терши түшкөндөй...

Көп жоого азы татыган
Кадимден кыргыз салты го,
Арстанды мындай өстүргөн
Айтылуу Манас калкы го.

Эрдигин көрүп кыргыздын
Эльбурс жаркып кубанды,
Алдында Күмөн баш болуп
«Алгалап» салды ураанды,

Ажыдаар сындуу душманды
Айылдан сүрүп чыгарды...

Кавказдын тоосу эрлерге
Карады коктон менменсип.
Жулкунат Терек шаркырап
«Суумдан жуткун» дегенсип.

Алсырап баткан кайгыга
Аскалар эркин чиренди,
Ар-Намыс баатыр Күмөнгө
Алкышын айтып жиберди,
Ажалдын мууну калтырап,
Айбыгып түндөй түнөрдү...

Кансырап жаткан бөбөктү
Кайгырып Күмөн көтөрдү,
«Азапты салып сур жылан
Арбадың деди эчен ди...»

Алкымын тытып баланын
Немецтин баткан тырмагы,
Тукумга кетпес кек болор
Душмандын ушул кылганы.

Кагылайын баланын,
Карачы, канга батканын,
Ыйлоого келбей дарманы
Араң жан солуп жатканын.

Айнектей болгон жаш бети
Агылган канга жуулган,
Эртерек болгун, Эмилбек
Эс алдырып алалы,
Акырын тамыз суундан.

Бул сөзүн айтып балдарга
Муңайды Күмөн, жашыды,
Толкундап кеги жүрөктө
Тоо суундай ташыды.

Эмилбек алып баланы
Эркелетип сүйлөдү.
Флягда суудан жуткуруп:
«Бир бооруң келди бил» деди.

Эс алып бала тиктеди
Элтеңдеп карап Күмөндү,
Балбылдап көзү жалдырап
Бакырып ыйлап жиберди.

Баланы Күмөн кучактап
Маңдайын өптү ийилип:
«Кошкурган немец экен» деп
Коркпогун бөбөк түңүлүп!»

Өзүңдөй болгон менин да
Балдарым калган жеримде,
«Папалап» ээрчип артымдан
Бакты шам болгон өмүргө!..

Көөнүмө түшүп балдарым
Көбүрүп толкуп турамын,
«Аталап» эстеп жүргөндүр
Ардагым — үч жаш чырагым...

Айтамын сага эмне деп?
Осетин тилин билбеймин,
Ажалдан таалай талашкан
Агасы болом сендейдин,
Кол, бутум бүтүн турганда
Кордукка сени бербеймин!..

Өз балам сындуу алпештеп
Өзүңдү эрке кылайын,
Кыргыздын ырын үйрөтүп
Кызыгын угуп турайын,
Энеңдин кунун кубалап
Эр болуп өскүн ылайым!..

Шамилдей алгыр кыраанга,
Шарылдап суудай алгалап,
Манастай болсоң күчүңдөн
Багынып дүйнө таң калат.

Жалбарып Күмөн өптү эле,
Жадырап гүлдөй жаш бала
Күлүңдөп ойной баштады
Күмөндүн ээгин кармалап...

Кубанып Күмөн толкуду
Колуна шумкар конгондой,

Көркөмдүү Ысыккөл боюн
Көчүрүп келип койгондой...

— Аты ким мунун, билбейбиз?
Ардактап муну ким дейбиз?
Эмилбек күлүп сүйлөдү:
— Эр Табылды — күн дейбиз!..

Чыңалып Күмөн кубанып
«Чын айттың, Эмилбегим» дейт,
«Таалайлуу болуп Табылды
Талашкан жоодон жеңилбейт!..»

Эмчеги канга боёлуп
Энеси жатты баланын,
Кетишкен жулуп немецтер
Башында мүйүз тарагын...

Тагылган күмүш топчусун
Таптакыр кыркып алышкан,
Талашып, жулкуп сөйкөсүн
Кулактан канын агызган...

Алиптей кашы чийилген
Ак жуумал назик жан экен,
Ачылган жаздын гүлүндөй
Азамат эрдин жары экен...

Башынан жөлөп өлүктүн
Балдарга Күмөн сүйлөдү:
«Жашырып жерге кетели,
Көтөрүп алып жүр» деди.

...Тереңдеп көрүн кең казып
Тескейге балдар көмгөндө,
Чыңырып бала боздоду
Апасын көзү көргөндө.

Эмилбек жакты бир карайт
«Энемди көмбө» — дегенсип,
Күмөндүн бетин сыйпалайт
Кубарып эрди кеберсип.

Талашат барып сабынан
Топурак салган күрөктүн,
Томуктай болгон жаш бала
Толтосун өрттөйт жүрөктүн...

Күңгүрөнүп ичинен
Күмөн ыйлап жиберди,
Туталбай кыргыз балдары
Түгөл ыйлап жиберди...

III

Жалындай нуру кызарып
Жашынып тоого күн батты,
Карайып муздак күзгү түн
Канатын жайып келатты.

Үймөктөй болгон бодур таш
Үргүлөп барат жондогу,
Аскадан кетпей, үзүктөй
Айланат кара чоң жору.

Асманды тиктеп Эмилбек:
— Агатай Күмөн көр,— деди
Караңгы түндө тарп аңдыйт
Калдайган жору кем,— деди.

Бир үзүм кара булуттай
Айланып жору кетпеди,
Китептен бир кезде окуган
Жомокту Күмөн эстеди.

Бийигин көктүн талашкан
Бир карап бийик асканы,
Эзелки эрдин үлгүсүн
Эрмекке айта баштады:

«Таалайын коргоп адамдын
Далай жан сайган баштарын,
Кулдуктан элди куткарып
Курмандык кылган жаш жанын...

Жер каймактап келгенде.
Адамзат дүйнө көргөндө,
Тамыза турган оту жок
Талаада тентип жүргөндө.

Прометей балбан эр чыгып,
Булутту нуру тараткан,
«Жартысын бер» деп адамга
Жалынын күндүн талашкан.

Кыпындай учкун күн бербей
Кылчайып райым кылбаган,
Ошондо барып Прометей
Отунан күндүн уурдаган.

Жазага тартып жараткан
Прометей эрди кармаган,
Кавказда аска бооруна
Кол, бутун керип байлаган...

Адамга таалай талашып
Асманда күндөн алган эр,
Таңылып аска боорунда
Дайыма өлбөй калган эр...

Кылымдар бою кыйноодо
Калганын жомок эстетет,
Ар күнү келип бир жору
Боорунан чокуп жеп кетет.

Кайрадан жору учканда
Канаган жери айыгат,
Керемет менен бирдеме
Кетет экен дарылап...»

Жомогун Күмөн айтканда
Жоодурап балдар караштьı,
Кыйласы терең ой менен
Кыялга батып баратты.

«Адамдын досу баатырдын
Алайын сенден кегин» деп,
Жоруга мылтык сундуруп
Шыкаалап калды Эмилбек.

Аңгыча мылтык тарс этип
Айланган жору кулады,
Сапырылып төш жүнү
Чаң чыккандай бурады.

«Кармашкан жоону жеңгенде
Кавказга кайра келермин,
Асканын баарын кыдырып
Аккуладай желермин.
Адамга кылган жакшылык
Прометейдей асылды

Көтөрүп түшүп аскадан
Көрсөтөм күчүн өнөрдүн.
Куткарып алып туткундан
Кучактап кысып өбөрмүн...»

Айтканда минтип Эмилбек
Агасы Күмөн кубанды,
«Тилегиң кабыл болсун» деп
Каткырып үнүн чыгарды:

«Жаш тилеги — канаттуу
Кайдадыр учуп жеталат,
Жаш тилеги болоттой
Болжогон жерин кесалат.

Жаш тилеги — толкундай
Томкоруп тоону өтө алат.
Өзүңдөй балдар бар чакта
Өчүгүшкөн душмандан
Өксүтүп калкым өч алат».

Балдарга шунтип сөз айтып
Бал тилин күүгө бурады,
Балбылдап жылдыз көрүндү
Байыртан тоонун чырагы,
Магдырап жаткан бөбөктүн
Маңдайын Күмөн сылады...
Кыялай жатты жоо тосуп
Кыргыздын бир топ кыраны.

Күркүрөп көктү жаңыртып,
Күн бою тынбай атылган,
Күүгүмдөй каптап көк түтүн
Күн бетин бербей жашырган,
Оюлуп огу тийген жер
Омкорулуп казылган,
Асканын ташын күкүмдөй
Асманга кумдай сапырган,
Салбырап кара түн түшүп
Замбирек атпай басылган...

«Абалап» үргөн иттердин
Ар кайдан үнү угулат.
Убайым тарткан кең дүйнө
Уйкуга кетти чымырап,
Жарашык берип асманга
Жайнады жылдыз жыбырап...

Эркелеп бала чагындай
Эмилбек назик сүйлөдү:
«Талыкшып чарчап турабыз
Таң алыс. Узун түн» деди,
«Жибектей аван, таттуу ыр,
Жигиттин болот эрмеги,
Агатай Күмөн кечиргин
Азыраак ырдап бер» деди.

Туурадан баары сүрөштү
Турушат эле айталбай,
Баштады Күмөн бул ырын
Баланын мизин кайтарбай:

«Түбөлүк көктү ээлеген
Түнөккө бүркүт кеткенде,
Күүгүмдүн жели желбиреп
Күн нуру тоодон өткөндө.

Санатсыз жылдыз балбылдап
Саймадай жайнап чыкчу эле,
Көргөндө көзүм кубанып
Көңүлүм эргип уччу эле.

Жанымда булак шаркырап,
Жайкалып шибер төшөлгөн,
Энедей баккан алдейлеп
Ээлеген жерим эзелден.

Койнумда шаттык толкуган
Комуздун күүсүн укканда,
Күлүктөй жүрөк ээликкен
Күлкүсү кыздын чыкканда.

Кылыгы желдей сулуу кыз
Кыялап келип — суу алган.
Аймалап жарды сүйгөндө
Асманда жылдыз кубанган...

Сайрандап өскөн мен элем
Сагындым тууган жагымды,
Карайган түнгө жар салып
Каткырып күлгөн чагымды...»

## IV

Тунжурап жаткан күзгү түн,
Тумандай таңкы тарады,
Карчыга куштай жер кезди
Кавказдын муздак шамалы...

Талыкшып турган дүйнөгө
Таң нуру көктөн төгүлдү,
Сулуудан парда алгандай
Суйкайып тоолор көрүндү...

Айланып чыкты чабыттап
Асканын алгыр берени,
Күңүрттө жаткан дүйнөнү —
Күн тийип, нурга бөлөдү...

Казбектин башы албырат
Карк алтын суун чачкандай,
Байыркы аппак карт мөңгү
Балбылдап күйүп жаткандай.

Бозоруп турду сыр сактап
Моздоктун чөлү мелтиреп,
«Керээзин эрдин сактагам
Кеп уксаң бери келчи» деп...

Суусуна тунук Теректин
Суктанып Күмөн карады,
Туурда куштай талпынып
Туулган жерин самады...

Кыялы көлдөй толкундап
Кыдырып чыкты кыйланы,
Алыскы сүйгөн жерди эстеп
Акырын Күмөн ырдады:

«Кавказдын көркү — дайрасың,
Капчыгай жарып агылган,
Кереги тийген журтума
Кем көрбөйм — сени Нарындан!

Шаркырап чыккан үнүңдү
Таанышта угат кулагым,
Баладай көрүп өстүргөн
Майданда мени сынагын!..

Толгонуп дайра агылган
Тоолордун эркин уулумун,
Өзгөгө кантип жуткурам
Өзүндөй суунун тунугун!

Жайкалып гүлдөй, өмүргө
Жаңыдан толгон кезимде,
Жапжашыл кооз жер бети
Жай мезгил. Салкын кечинде...

Чырпыктай бели ийилип
Чырактай жанган кыз менен,
Отуруп көпкө... жалбарып
Оюнда сырын укчу элем...

Убада сөзүн айталбай
Уялып сулуу буралган,
Кылайып жашы кылгырып
Кылчайып мага кыналган...

Кубанчым батпай койнума
Кучактап кысып өпкөмүн.
Көктө күн жакын келгендей
Көл-шалдап тердеп кеткемин...

Көбүктөй назик жаш жаным
Көрбөгөн мындай эзелде,
Коргошун сындуу көйкөлүп
Кошулуп денем кетерде...

Томкоруп тоонун таштарын
Толкуган дайра мен менен,
Эркелеп бетке чачырап
Эс алып көөнүм сергиген...

Жаштыктын чынын жашырбай
Дайрага сайрап айткамын,
Бармактай кезден сайрандап
Бал суусунан таткамын!..

Дарьял* көркөм турагын,
Даркаиы тоонун — Терегим*

* Дарьял — Кавказдагы атактуу капчыгай.
* Терек — Кавказдагы тоо дарыясы.

Жашарткан жерди, суунду
Жанымдан артык көрөмүн!..»

Эңсеген көңүл бул ырды
Эмилбек угуп жатыптыр,
Кылгырып көздөн жаш ойноп
Кыялга терең батыптыр...

«Ушундай ырды укканда
Уялат, тийбейт ок деди,
Кагылам, Күмөн агатай
Канакей, дагы соз» деди.

Уйкуда жаткан баланын
Умаштай көзү ачылды,
Күлүндөп күндөй Табылды
Күмөнгө келип асылды...

Албырып бети Күмөндүн
«Айланам, жыттуу гүл, деди.
Элирип аккан чоң дайра
Энекең болот бил» деди.

Эмилбек салып дүрбүсүн
Эңкейип таштан өңүлдү,
Чуудадай көккө созулуп
Чубалган боз чап көрүндү...

Бетине кызыл жүгүрүп:
«Бер келчи, Күмөн ага» дейт,
Көзүмө жылуу учурайт,
Көрүнгөн топту кара дейт.

Зыпылдап куштай машина
Зымырап сызып келатты,
Кууланүп чапкан күлүктөй
Күңгөйдү басты. Бел ашты.

Айырбай көздөн дүрбүнү
Абайлап Күмөн тиктеди,
«Курбулар ук» деп толкуду
Кубанчын айтып ичтеги:

— Кештелүү калпак кийгени
Керметоо жактан келген бейм,
Жылдыздай жүзү нурданат
Жыргалым кыргыз элден бейм!

— Алыстан издеп Кошойдун
Арбагы келе жатабы?
Агарып желге таралат
Аккуудай болгон сакалы...

— Күрмөсү кара баркыттан
Курчанган күмүш кемери,
Ардагым кыргыз журтумдан
Атайлап бизге келеби?

Жадырап бети Күмөндүн,
Жаш бөбөк нурга окшоду,
Аркырап желдей машина
Окопко келип токтоду.

Жазбастан Күмөн тааныды
Жаш чактан билген акынды,
«Торгоюм бизге келди» деп
Толкундап катуу бакырды...

Балдардын баары жүгүрүп
Машина жакка жабылды,
Тепе-тең калбай чуркады
Темтеңдеп кырчын Табылды.

Көтөрүп жерге түшүрдү
Көксөгөн, сүйгөн акынды
Кучактап Күмөн өпкүлөп
Кумары гүлдөй жазылды...

Курчашып булбул ырчыны
Кубанып балдар турушту,
Штабдан келген майорго
Рапорт бербей унутту.

Күлүңдөп майор жайдары
Күмөндүн колун кармады:
«Алкышты кабыл алгыла,
Айбыкпас кыргыз балдары!»

«Беттеше келген душманды,
Берендей серпип маштаган,
Баарыңа тегиз ыракмат
Басынып жоодон качпаган».

Майордун сөзүн укканда
Балбылдап Күмөн кубанды,

Үйрүлүп балдар бир болуп,
Үндөрү катуу чыгарды:

– Жаныбыз курман советке,
Жалтанып качар биз эмес,
Кайрытты деңиз буза албайт
Каптаган кара күч эмес.

– Ушундай күчтөр турганда
Уйпалап жеңер ким: – деди
Баарысын бирден өпкүлөп,
Балдарга майор сүйлөдү:

– Жалбырттап күнкор Ажалдан
Жалбырттап күйгөн отсуңар,
Жылбастан артка бир кадам,
Жыландын жолун тостуңар!

Баатыр деп кыргыз тукуму
Балалык чактан уккамын.
Кырааның Манас бир кезде,
Кытайдын чебин бузганмын

— Түмөндөп душман келсе да
Түйбөдүң кабак муңайып.
Арстандай балдар экенсиң,
Аталык даңкка ылайык...
Кубанып майор айтканын.
Астыртан Күмөн байкады,
Көзүнөн жашы тамчылап,
Көрсөтпөй сүртүп жатканын.

Айланып кетем, абаке,
Алсырап неге жашыдың?
Кайраттуу акын элең го
Калганбы сенин басыгың?

Бул сөздү угуп, артынан
Бурулду акын Күмөнгө
– Желпинип гүлдөй кубандым,
Жергемден чыккан силерге!

Кызыгат комуз күүсүнө,
Кылымдан кыргыз жаттары.
Буулугуп жүргөн балдарга
Булбулдай ырын баштады.

Агарып сакал карга окшоп,
Алтымыш жашта курагым.
Алыскы кыргыз тоосунан,
Алдыңа келип турамын.
Кайраттуу эрге дем берген,
Кадимден ырым – куралым.

Жашымдан сайрап топто ырдап,
Далай жол сапар баскамын,
Калтырбай баарын уккамын,
Карылар жомок айтканын.
Эч качан балдар, укпаган,
Элимдин жоодон качканын.
Куурайдай тепсеп таштагын!

Жумуртка чайкап куш кылган,
Журтуңа тийсин керегиң,
Канчалык кайгы түшсө да,
Кабагым, кашым дебегин.
Кайсагын жоону куткарбай,
Канаты талбас береним.

Алдейлеп багып өстүргөн,
Ак сүтүн акта энеңин!

Кадимки кабылан Манастай,
Кайрылып жоону качырдың,
Калкыңа бүлүк түшкөндө,
Кайратың ташып ачылдың.
Күн көрсөтпөй душманга,
Күлдөрүн көккө сапыргын,
Арстандай алга бас, балдар,
Айтары ушул акындын.

Абалдан эрдин жолдошу,–
Ар-Намыс деген балбан бар,
Кадырлап ошол Намысты,
Каныңдай сакта, жаш балдар.

Кордогон заар душманга
Коргошун жаанын төккөндө,
Толкундап долу деңиздей
Дон суусун жиреп өткөндө,
Алгалап Намыс бир жүрдү,
Айбаты жоону бүлдүрдү.

Кавказдын тоосу сурданып
Капчыгай канга батканда,
Чарпылып көккө толкуну
Чамынып Терек акканда,
Ажыдаар жолун торгошуп
Арбашып эрлер жатканда
Сан колдой Намыс бел болду,
Сай каптап жоого сел болду.

Кечээ
Бейпилде жаткан кыргызды
Бээжиндин колу каптаган,
Кытайдын калкы түрүлүп
Кылкылдап жерге батпаган,
Дөөгүрсүп, деми суу бөгөп
Дөө Коңурбай баштаган.

«Жалтанып турсам бул жоодон
Жалындай Намыс өчөт» деп,
«Укумумдан-тукумум
Уялып жүрүп өтөт» деп.

«Ээ болуп өзүм турганда
Элимди кордоор ким?» деген
Күркүрөп күздүн күнүндөй
Күүлөнүп Манас сүйлөгөн:

— Айланам, Чубак, Алмамбет
Алышар жообуз күчтүү го,
Паанайлуу кыргыз журтумдун
Башына мүшкүл түштү го...

Чыдабай качсак Таласка
Чымындай жанды корголоп,
Кутмандуу Бакай баш болуп,
Кулдукта калкым кор болот...

Калтырап үйгө баргыча
Как талаа, чөлдө калайын,
Каныкей жеңең ай жүзүн
Кай бетим менен карайын...

Колуңда найза бар чакта
Коркуныч басып сурданба,
Ажалды суудай бүркүп кой
Артыңда Намыс турганда!

Бул сөзүн айтып эр Манас
Бурулуп жоону качырган,
Батасын берип узаткан
Байгамбар Бакай акылман.

Кыйкырып Чубак, Алмамбет
«Кыргыздап» ураан чакырган,
Самсыган калың душманды
Самандай көккө сапырган,
Кайрадан тирүү кетпеген
Калкыма келип катылган…

Бабацар болгон ошондой,
Барыкта, даңкын булгаба.
«Баласы мен деп Манастын»
Мактанып айтпа кур гана,
Намыстуу болгун. Көк болгун,
Жар таштай көчпөс бек болгун,
Айыгышкан жоону бир серпип:
«Атакем Манас» деп койгун!

Акындын угуп бул кебин
Ар-Намыс толуп чыңалды,
Айласы куруп мостоюп
Ажалдын өңү кубарды…
Карт акын ырдап балдарга
Каадалуу сөзүн айтканда,
Урматы кыргыз журтунун
Угулду бийик асманга,
«Күүңө черткен бали» деп
Күбүрөп сүйлөйт таштар да…

Эмилбек, Күмөн нурданып
Акындын колун кармады:
«Абаке, бизден ант алгын,
Ардактап сени балдарың,
Ар үчүн жанын арнады!..»

Тизесин бүгүп жүгүрдү
Тизилип баары бир калбай,
Акынга антын айтышты,
Ак калпак кыргыз бүт келип
Алдында кырка тургандай…

Көңүлү чалкып карт ырчы
Көзүнөн жашын имерди…

Кубанып айткан антына
Кучактап өптү Күмөндү.
Балдардын жыттап маңдайын
Батасын берип жиберди...

Табылды келип талашты
Таңшытып черткен комузду,
Күмөндөн акын сурады:
«Айнектей болгон жаш бала
Адашып кайдан жолукту?»

«Алсырап бала жатканда
Аралап барып жалынды,
Ажалдан алып калгамын
Аябай кылча жанымды.
Айтылуу баатыр болсун деп
Атын койгом Табылды!»

«Өзүңдөй эрге кезиккен
Өмүрдө суусу бар экен,
Ыйманы сары жылдыздай
Ырыстуу болчу бала экен...

Кавказдан келген туйгун деп
Кадырлап жагоо тагайын,
Жеткинчек болсун силерге
Желпинтип гүлдөй багайын!!.

Кайраттуу, өкүм чоңойсо
Кайрылып табар өз элин,
Кыргыек куштай кондуруп
Кыргызга алып кетейин!»

Козголуп акын ордунан
Комузун жерге койду да,
Бир жыттап сүйүп баланы
Мингизип алды мойнуна!..

V

Чыгыштан калың кол келет
Чыдабай талаа майышкан,
Калкынын балбан балдары
Казатка чыккан алыстан!..

Чуңкурча жерди түз кылып
Түзөңчө жерди аң кылып,

Калдайган кара таштарды
Камырдай жууруп, чаң
кылып...

Чынардай бийик талдарды
Чырпыктай тепсеп жапырып,
Танкалар каптап келатты
Талаанын кумун сапырып...

Алпкаракуш сыяктуу
Ааламга үнү күркүрөп,
Кодурандап койдой таш
Коркконунан зиркиреп...

Куткарбай жоону асмандан
Кубалап кирет куушуруп,
Ак карлуу тоолор термелди
Аскадан чып-чып суу чыгып...

Сан жеткис жайнап самолёт
Сайылып учат качырып,
Көлөкө кылып күн бетин
Көргөзбөй нурду жашырып...

Баратты ар кыл замбирек
Батышты тиктеп сурданып,
Жер солкулдап, күн балкып
Жеңиштин туусу ыргалып.

Алдына туура асынган
Автоматчан бир бөлөк,
Фашистти качкан коёндой
Баптап аткан бир бөлөк.

Ак болот кылыч жаркылдап,
Атчандары бир бөлөк,
Маңдайынан тер чыкпай
Баскандары бир бөлөк.

Ажалга оттой суу сепкен
Арстандары бир бөлөк,
Заманын кууруп душмандын
Сандаган сүрдүү кол келет...

Эреркеп Күмөн сүйлөдү
«Эмилбек бери келгин деп,

Келаткан колду карачы
Кебелбес күчү элдин! — деп.

Акынды кыса колтуктап:
«Абаке, көзүң сал деди,
Оболку айткан жомоктой
Оюлгус кубат ал» деди.

**Тээтиги:**
Катар-катар тизилген
Калкымдын толкун кек ошол,
Желмогуз күнүн түн кылар
Жергемдин коргон чеп ошол!..

Айбатынан түн сүрдөп
Алышканын чайнаган,
Касташа келген душманын
Кара жиндей байлаган...

Өчөшкөн жоосун жеңмейин
Өлүмдөн коркпой турчу ошол,
Намыска туулуп жаралган
Нар кескен — албарс курч ошол!..»

Кыйкырып айтты бул сөзүн
Кыяндай Күмөн шарылдап,
Кайраттын күүсү чертилди
Калбастан тоо, таш баары
ырдап...

Шамалдай учуп мингени
Шашылып келип чабарман,
Күмөнгө кагаз сунганы
Күмүштөй күнгө агарган...

Канатын түргөн алгырдай
Кагазга Күмөн карады,
Жылмайып, күлүп албырды.
Жылдыздай жанып кабагы...

«Буйрук бар, балдар, уккула,
Бурулбай тезден аткарар.
Эчен күн алыс жол баскан
Эс алып алсын башкалар.

Тыныгып жаткан көп колду
Тымызын душман туйбасын,
Капыстан кирип түн менен,
Кан чачып кыргын кылбасын.

**Тээтиги:**
Бозоруп турган жончодон
Боортоктоп жылып ашабыз,
Уйкусун коргоп достордун
Уктабай бул түн жатабыз.

Ата журт берди буйрукту
Айланам, балдар, айныба,
«Абаке булбул, кош болгун
Алдыга кеттик, чалгынга!..»

Тамылжып Күмөн жыттады
Табылды сүйгөн баласын,
Аймалап өптү бир далай
Ардактуу акын абасын.

Арман, муң эрде болобу
Айлына тийсе кереги,
Жолборсторун ээрчитип
Жолуна Күмөн жөнөдү...

Үйүр алып калган Табылды
Үйүрүлүп түшөт Күмөнгө,
Акынга карап жалооруп:
«Атамды оолак жиберб!»

Чырылдап калды жаш бала
Чыңырды ыйлап артынан,
Туйгундар кетти жол чалып
Туулган кыргыз калкынан!..

Кыйланы көргөн карт акын
Кылгырып жашы толкуду.
Балдары шундай эр болсо
Балкыбай акын койчубу.

Алдында Күмөн баратса,
Айбаты шердей көрүндү,
Аскадан аткан булактай
Акындын ыры төгүлдү:

«Ак калпак кыргыз журтумдун
Абалтан салты ушундай,
Качырып тиет көргөндө
Какшаал тоонун кушундай...

Жаркылдап жондо жарактар
Жарашканын карачы,
Баш болуп Күмөн тайманбай
Баратканын карачы!»

VI

Кадимден Кавказ көп уккан
Кайгынын, шаттын күүлөрүн,
Капчыгай эстен чыгарбайт
Канча жол Терек киргенин.

Эзелден тарых сөз кылат
Эчен эр жоого тийгенин,
Эсептеп тоолор жаттаган
Элинин канча күлгөнүн...

Эс алып жаткан көп колго
Эрмекке акын сайрады,
Колунда комуз так сүйлөп
Кошулду үнгө ал дагы.

Сары алтын сөзгө канды бейм
Советтин жоокер балдары,
Элирип күлүк карт акын
Эрлерге ырын арнады...

Кузгундай кара түн түшүп
Кучагын жайып баратты,
Согулган шамал, бийик тоо
Сонуркап баары караштты...

Комузун коштоп акындын
Коңур жел күүсүн таратты,
Согулган шамал, бийик тоо
Сонуркап баары караштты...

Көркөмдөп айтты кыргызды
Көргөндөр көөнү толсун, деп
Көрбөгөн киши суктанып
Көргөндөн бетер болсун, деп.

Сагынган үндү уккандай
Сар жылдыз көзүн ымдады,
Жоодурап көздөр жалындай
Жоокердин баары тыңдады,
Алыскы кыргыз өлкөсүн
Ардактап акын ырдады:

«...Агарып мөңгү тоосунан
Адыры гүлгө ширелип.
Аркары ойноп жол кылган
Аскасы көккө тирелип,
Энедей сүйгөн жер ошол
Ээлеген кыргыз түбөлүк.

Айланган эркин берени
Асмандын көркүн чыгарып,
Мөңкүгөн тентек тунук суу
Мөгдөгөн жерди сугарып,
Балкыган күндүн нурунда
Бактары өскөн буралып.

Жылгадан куштар сайраган
Жыргалын мактап дүйнөнүн,
Жаңырып тоолор тууралган
Жадырап кыргыз күлгөнүн,
Адамзат көрсө суктанган
Адырдын миң түр гүлдөрүн.
Ээлеген сонун мекенди
Эзелден баатыр элденбиз,
Кылычты жалаң байланып
Кыргында жүрүп көнгөнбүз,
Кыянат кылган душмандын
Кыйласын кырчып жеңгенбиз.

Кылчайып жоодон качпаган,
Кырк чоро тандап баштаган,
Айыгышкан калың душманды
Арстандай серпип таштаган,
Атабыз Манас эр болуп
Ажалдан бизди сактаган.

Байыртан бери кармашып
Бактылуу күндү самадык,
Карайып келген булуттай
Кайгылар өткөн саналып,
Кейишти, муңдун каргышы
Кетпеген баштан таралып.

Эрме чөл суусуз жаткандай
Эркиндик нурун көксөдүк
Эр Манас Күмөн болсо да
Эркиндик сага жетпедик,
Дайрадай акты көз жашы
Далай зар баштан өткөрүп.

Баатырдын уулу Семетей
Басынып үйдө жатпаган,
Эчен эр курман болсо да
Эркиндик таңы атпаган,
Кылмышсыз кандын акканы
Кыяндай жерди каптаган.

— Бүлбүлдөп үмүт өчөрдө,
Бүркүлүп кыргыз кетерде.
Түнөрүп үмүт өчөрдө,
Түгөнүп кыргыз кетерде.

Таң калтырып дүйнөнү
Таалайга тарткан үн чыкты,
Түнөргөн түндү тебелеп
Түбөлүк тийген күн чыкты,
Кылымдап кыйноо көргөн эл
Кызыл туу кармап унчукту.

Таалайыбыз Сталин
Таң менен кармап колумду,
Турмуштун көркү — туудун
Түбүнө кыргыз чогулду
Алпештеп өзү жеткирген
Абалдан колдо жогумду!

Чаалыгып чөлдө кургаган
Чарбагым өстү термелип,
Сар талаа бети кулпунду
Саймадай түрдүү гүл өнүп,
Эркиндик нуру балбылдап
Энчиме келген түбөлүк.

Кылымдар бою ойлогон
Кыялым чынга чыкканда.
Алсырап жаткан канатсыз
Ак туйгун эргип учканда,
Антым бар берген өмүрлүк
Алдырбайм деген душманга!

Безентип өзүм мактагам,
Береке суудай акканын,
Бейиштен артык турмушта
Бейпилде жыргап жаткамын,
Бармактай көзден маш кылып
Балдарды баатыр баккамын.

Көк муздай темир жамынып
Көркоолор басып чыкканда,
Дүңгүрөткөн дүйнөнү
Дүбүртүн жоонун укканда:

Алышса астын болбогон,
Жигитти кыргыз топтоду,
Айчылык жерге талбаган
Күлүктү кыргыз топтоду.

Толкуган кеги жүрөктө
Тоо сууна окшоду.
Зарыгып жүрүп ээ болгон
Заманда кантип айрылам,
Айрылсам өмүр өтпөйбү
Айрылбай жүрүп кайгыдан,
Кабыргам кыйрап сынбайбы
Каткырык чыкпай айлыман...

Ар-Намыс үчүн жан кыйган —
Атадан калган салтыбыз,
Айгашып бизге жоо келсе
Алдынан торой барчыбыз,
Кылычты канга сугарып
Кыргынды калың салчубуз!

Каарым чыгып бетиме
Хантеңир сыдуу түнөрдүм,
Кара таш кескен болоттой
Кайратым ташып ширелдим,
Кадырлап баккан балдары
Казатка таптап жибердим.

Качырып кыргыз киргенде
Калабы душман түгөнбөй.
Дүйнөгө уул жаралган
Дүйшөнкул, менен Күмөндөй
Чолпонум эле Чолпонбай
Чок болду жоого бир эрдей!

Барыктап баккан балдарым
Майданда жалтак болбоду,
Бактынын шамы Маскөөнү
Баштарын сайып коргоду,
Мактанып келген желмогуз
Басынып жерге сойлоду.
Ардактуу мекен, эл үчүн
Аяшпайт жанын балдарым,

Коргоого нууган турпакты
Колдогу баарын арнадым,
Сыр найза алып жоо сайган
Сыйлаймын Манас арбагын!

Орустун улуу дайрасы
Волганын кенен боюнда,
Кашкайып аккан суулары
Кавказдын тоо, кыр, оюнда,
Кармашып жатат балдарым
Кан жүргөн Ажал жолунда.
Кыргында жеңбей чыкпаган
Кыргыздын укмуш салты бар,
Кара таш муздай быркырап
Кармаса кыргыз кан чыгар.

Ойлогун, жаным балдарым,
Ошондой элден келгемин,
Эр жигит көрсөм тартынбай
Элирип ырдап бергемин,
Касташкан жоого кор кылба
Калкыңдын мендей эрмегин
Дууласын элиң түбөлүк
Душманга Намыс бербегин!..

Асканын алгыр шумкары
Араңда жүргөн Күмөнүм
Маңдайын сылап чоңойткон
Балалык чактан билемин.

Арстандай сүрүн көргөндө
Ачылды гүлдөй ирeңим,
Кайыштай кесип таштагын
Кармашкан кастын тилегин,
Азыраак эрмек болууга
Айланайын, туйгундар,
Алдыңа келип түнөдүм...»

Таңшыган комуз күүсүнө
Талыкшып турган жер канды,
Торгойдой назик үн укса
Толкубай турган эр барбы?
Көгүчкөн учса жеткисиз
Көкөлөп аты түйүлгөн,
Көбүгүн чачып, тер чыкса
Көрүнбөй желдей жүгүргөн,
Жылоодон кармап мингенин
Кайгырып турду осетин,
Кабагы муздай түйүлгөн...

Акырын келип унчукпай
Акындын колун кармады,
Айдын көл чалкып жаткансыйт
Аралаш кеги — арманы...

Керилген мурут, ак жуумал
Келбети көркөм эр экен...
Төбөдө күндөй балкыган
Төгүлгөн ырыс эме экен
Кадырлап карап көп турду
Картайган кыргыз акынын,
Жалындай жанып сүйлөдү
Жалынан сылап атынын.

«Укпагам мурун комуздун
Укмуштуу сонун күүлөрүн,
Самаган саздын* үнүндөй
Салтанат экен күүлөрүң...

Кыялга сүйрөп жигитти
Бул комуз толгон сыр сүйлөйт,
Ырайым кылба жоого, деп
Ырасын айтат. Чын сүйлөйт...

**Тээтиги:**
Карайып жалын каптаган
Кайгыга терең чөккөн жер,
Киндиктин каны төгүлүп,
Кичине кезден өскөн жер.

— Ач жылан жалмап кеткендей,
Аңгырап калган айылым,

* Саз — Кавказ элдеринин комузга окшогон музыкалык инструменти.

Жанымдай жарым, баламдын
Билбеймин кайда дайынын…
Айтканың сая кетпеген
Арбактуу акын көрүңдүн,
Күлкүсүн, муңун болжогон
Күзгүсү сенсиң элимдин.

Көкшүнүм суубайт өч албай,
Көз жумчу коркок эмесмин,
Барамын жоого таң менен
Батаңды берип жөнөткүн!..»

Осетин айтып бул сөзүн
Акынды кысты төшүнө,
Кайгынын, зардын белгиси
Кара жаш толгон көзүнө…

«Кармашкан кастын тилегин
Кайыштай туура кес, дедиң
Жүрөккө өткүр курч байлап
Көңүлгө конду сөздөрүң…».

Акынга оттой табынып
Осетин сырын айтканда,
«Азанга чейин кош бол» деп
Атына минип жатканда:

Ойгонуп калып Табылды
Ордунан туруп ыйлады,
Болжогус тереӊ сырларга
Болгондой шерик бул дагы.

Жалбарып акын алдейлеп
Жаткырган ороп чапанга,
Келберсип жарык таң атса
Кетишмек алыс сапарга.

Баланын үнүн укканда
Командир кайра бурулду,
«Кечиргин мени миң мерте
Ойготуп койдум уулуңду.

Жалындын, кандын ичи го
Жаш бала жүрөр жер бекен?
Аңгыча болбой Табылды,
Осетин тилин сүйлөдү,

Таң калып, толкуп командир
«Таанынштай мунуң ким?» деди,
Өңүлүп карап баланы
Өңүнөн өчтү, кубулду,
Кубатын көзү көргөндө
Кучактап барып жыгылды…

Көзүнөн жашы тамчылап
Көп убак деми чыкпады,
«Кагылам, уулум көркүм» деп
Кайрадан-кайра жыттады…

Аймалап, бетин сыйпады…
Атасын таанып жаш бала
Албырып эрип, кетишмек
Айырбай турса аз гана…

— «Баламды кайдан тапкансың?»
Бактыма келген байгамбар
— «Куткарган жоодон балаңды
Күмөндөй уулум — балбан бар.
— «Кучактап алкыш айтайын
Күмөнүң, аба кайда экен?
— «Чалгынга кеткен жол чалып
Чарпышкан жоолор жайда
экен…»

«Күмөнүм шумкар алгыр» деп
Күүндүн үнү ак экен,
Ракмат тууган кыргызга
Ырыска бүткөн жан экен.

Жакшылык ишке жакшылык
Жан курман баатыр Күмөнгө,
Алкышты да бир айтармын
Алтын баш көргө кирерде.

Тоолуктун ченсиз булбулу
Толкудум угуп ырыңды,
Жергеме даркан бул балам
Жеңиштин болот ырымы…

Алкыштан Күмөн гүл жайнап
Асмандап өссүң жаш кайың,
Кыямат башка түшсө да,
Кыргыздын карызын актайын!..

Атыма минип таң менен
Атылган октой жөнөйүн,
Жыргалы калктын Күмөндүн,
Жылдыздай көзүн көрөйүн!

Баласын кыса кучактап
Башынан жыттайт жалбарып,
Калың кол жалпы кубанып
Карашып турду жарданып.

VII

Түн бою жамгыр тынбады
Көнөктөп сууну куйгандай,
Асмандын түбү оюлуп
Алсырап ыйлап тургандай.

Тоо жактан катуу сел жүрүп,
Томкоруп ташты баратты,
Талаанын бети кулдүрөп,
Тамыры менен тал акты...

Тасмадай болгон кашка жол
Таштарга толду агылган,
Жаргандай түндү кылычтап
Жаркылдайт тоодон чагылган...

Топон суу каптап кеткендей
Томуктай кургак калбады,
Кайраттан тайып койгон жок
Кабылан кыргыз балдары!

Киргил суу толкуп койнуна
Кийими оордоп чыланды,
Жети жыл жамгыр төксө да
Жеңе албай турган буларды!..

Чалгынга барган берендер
Чаалыгып кирпик какпады,

Колотто үңкүр, таштарга
Корголоп бир аз жатпады,
Көңүлүн сүрөп балдарын
Күмөндүн ушул айтканы:

«Бул жамгыр бизге жат эмес
Муруntан буга көнгөнбүз,

Бир күндө жааны миң жааган
Мистедей салкын жерденбиз.

Корум таш басып жыңайлак
Кой жайып тоодо жүргөндө,
Көк чылгый болуп куур тон
Көп жүрдүк жамгыр
күндөрдө...

— Өмүрдө далай көп жолу
Өткөрдүк баштан мындайды,
Адамга зыян кылбаган
Асмандын суусу турбайбы,
Ок төксө душман жамгырдай,
Ошондо балдар чыдайлы!..

«Айтканың, Күмөн агатай,
Акылга медер, өмүр» деп
Кабагы күндөй жарк этип,
Каткырып күлдү Эмилбек.

Карайган жаан токтолуп
Кан буугандай басылды,
Көрүнүп жылдыз ар — кайдан
Көк бети аздан ачылды...

Алдында Күмөн баратты
Ак кардай жиреп ылайды,
Чырактай нуру бүлбүлдөп
Чыгыштан боз таң кылайды,
Дат, муңун таңга айткандай
Токойлуу тоолор муңайды...

Ылдыйтан шамал жел согуп
Ый менен зардуу боздоду...
Сүйгөн жар өлүп муң кошкон
Сулууга үнү окшоду,

Адамзат билбес бул сырды
Ал шамал эмне жоктоду?..

Мостоюп Моздок чөл жатты
Мончоктой жашка киринип,
Казбекти карай агылды,
Каспиден туман түрүлүп...
Эңкейиш таштуу дөңчөгө
Эр Күмөн чыкты жүгүрүп.

Тизелей калып дүрбүдөн
Тиктеди Күмөн алысты,
«Бар бекен жоодон дайын» деп
Балдар да чуркап барышты.

«Түгөнүп калгыр дүрбүнүн
Тунарып көзү күүгүмдөйт,
Жол жатат ээн суналып
Жоо жактан караан билинбейт.

— Аркадан кошун келгиче.
Айбыкпай мында жаталы,
Тезинен балдар болгула
Тереңдеп окоп казалы.

Күлүңдөп айтып бул сөзүн
Күрөгүн Күмөн колго алды,
Балдардын баары шыманып
Баткакты чымдай оодарды...

Каптады жерди түтүндөй
Камгактай желип жөө туман,
Таң нуру кайра жашынды
Тартылып Кавказ тоосунан...

Жайнаган танка келатты
Жамынып түшкөн туманды,
Мотордун үнү күркүрөп
Майышып талаа суналды.

Эс алып жаткан көп болду
Эбактан душман туюптур,
Капыстан кыргын салууга
Кан тилеп каптап чыгыптыр.

Аң келсе типтик секирет
Аргымак аттай чоюлуп,
Аңтарылып тегиз жол
Айдаган жердей союлуп.

Көчүрүп тоону дабышы
Көрүнбөйт өзү тумандан,
Талкалап ташты күкүмдөй
Танкалар келет чубалган...

Окоптон башын көтөрүп
Абайлап Күмөн карады,

Жакындап келип калыптыр
Жайнаган танка караапы...
Жалындап жанып ачуусу
Жаагынан чыгып жүндөрү,
Кырандай көзүн бир ирмеп
Кылчайып Күмөн сүйлөдү:

«Кагылам, уккун, курбулар,
Кайратың жансын тутанып,
Каптаган касты серпип сал
Кабылан сындуу күч алып,
Карагын, оңой жоо эмес
Катарын быт-чыт бузалык!..

Аркада сүйгөн элиң бар
Ар-Намыс кетет, ойлогун,
Качырып киргин душманды
Калтырак баспай колдоруң!..

Айланам, балдар, чыңалгын,
Ажалдан коркуп турбайлы,
«Кыргыздар тайыз экен» деп
Кыйлалар шылдың кылбайбы...

Кыямат түшсө башына
Кылгыртып жашын койбогон
Заманын кууруп душмандын
Замби талдай толгогон,
Алгырдай таптап биздерди
Ата-энедей колдогон.

Орустун журту берен журт,
Ошондой баатыр болгула,
Ак албарс болуп курчугун
Алыша турган жоо мына...

— Ар-Намыс аккан суу эмес
Төгүлсө кайра толгудай,
Эр жигит эки жаралбайт
Эси жок коркок болгудай.

Артыңдан айтар иш кылып
Ардагы болгун элиңдин,
Заңкайган көркөм аскадай
Заманга бийик көрүнгүн,
Кайдадыр качып жүрсөң да
Капканы чабар өлүмдүн...

Ал деген чын нерсе
Адамзат чыкпайт торунан,
Адилет ишке жан берүү,
Айланайын курбулар,
Ар кимдин келбейт колунан...

Ажыдаар келет оп тартып,
Айбыгып көзүң жумбагын,
Каргышы тиет калкыңдын
Кайрылып артка жылбагын,
Башыңды сайып коргогун
Балаңдын намыс, жыргалын!

Керездей кебин Күмөндүн
Кетирбей балдар угушту,
Кабагынан от жанып
Камданып даяр турушту!..
Эңкейип жерден шамдагай
Эмилбек гранат алгыча,
Жемирип жерди танкалар
Жетишип келди аңгыча...

Суурулуп чыгып тумандан
Сур танка башы көрүндү,
Түндөгү жаан сыяктуу
Түтүндөй огу төгүлдү...

Окопту тепсеп аралап,
Ажылдап үнү таш жарат,
Сапырылып кара жер
Сай болуп артта из калат.
Жылчыксыз темир желмогуз
Жыластайт жолдо жатканын,
Капшырып көөлөйт чаң менен
Качырып келип басканын...

Дарыдай жанчу шишени
Даярдап койгон баштагы,
Моторун болжоп танканын
Таамайлап Күмөн таштады.

Бутылка тийип танкага
Бурк этип түтүн көрүндү,
Көк жалын сойлоп жыландай
Көк темир быт-чыт бөлүндү...

Аскадан бийик зор танка
Окопту өттү тебелеп,
Чолосун жердин калтырбай
Чок болуп огу себелеп.

Кайрылып туруп Эмилбек
Май куйган жерин көздөдү,
Обдулуп гранат ыргытып
Ок отпос доону órттодү...

Кемиктей танка быркырап
Кебелбес күчкө урунду,
Өкүрүп бука жаткандай
Өйдөлөп аңга тыгылды...

Жапшырды жандуу чоюнду
Жалтанбай кыргыз балдары,
Кылчайып артка жоо кетти
Кыйрабай аман калганы.

Тоо менен бою теңелип
Толкуду кара деңиздей,
Кыргыздын уулу бек турду
Кылмыштуу коркок дегизбей.

Танкалар чуркап баратты
Сайгактан качкан өгүздөй...

Жадырап Күмөн кубанды,
Жайлоонун таңы аткандай,
Жалбарып өптү балдарын
Жаш жары эркек тапкандай...

«...Калкымдын даркан
балдары
Кайратыңан кагылам,
Төбөмдү көккө жеткирдиң
Төрөлдүм кайра жаңыдан...

Айбалта колдо жаркылдап
Абалдан кыргыз жоо кууган,
Өмүргө шерик курбулар,
Өздөрүңө мен курамын!..

Араңдан бирөө шайланып
Аткан ок, желдей тез жүрсүн,

Аркада жаткан көп колго
Алпарып кабар жеткирсин!

Айтканда Күмөн буйрукту:
«Агатай мени жибер дейт,
Жаш кезден алып жөө байге
Жарыштан чыгып жүргөм» дейт.

Озунуп мурун айткан соң
Ооз ачпай калды бөлөгү,
Эликтей күлүк бир жигит
Эңкейип чуркап жөнөдү...

Кубарган шамал туманды
Кубалап тоодон ашырды,
Боз кийиз сыйрып алгандай
Моздоктун чөлү ачылды.

Алыстан калкып күн чыкты,
Алптын отун жаккандай,
Кызарат нурга шүүдүрүм
Кыздарга шуру таккандай...

Жең менен терин шыпырып
Желпинип Күмөн сергиди,
Дүбүртү жоонун чыккансыйт
Дүрбүсүн салды белгилүү.

Көк кууган койдой жабылып
Көрүндү танка сандаган,
Басканы терең оюлуп
Баткактар кургап чаңдаган.

Тиштенип каары жалындап
Тиктеди Күмөн кайрадан
«Курбулар, душман келатат,
Куушкан иттей жайнаган...
Жылдыргыс оор танкадан
Чыгыптыр жалаң токсону,
Өлүмдөн суук шум душман
Өчүгүп калган окшоду...

Эзелден элдин салты бар:
Эр болсоң, душман көп эмес.
Өзүндөй балдар турганда
Өтө албайт бизди тебелеп.

Намыстуу болгун, көк болгун
Жар таштай көчпөс бек болгун,
Айыгышкан жоону бир серпип
«Мекен үчүн!» деп койгун...»

Акындын айткан бул сөзүн
Алтындай сакта көңүлдө,
«Көп экен душман» деп качып
Көзүңдү жумуп жеңилбе!..

Жаныңды коргоп жашынбай,
Жадатып жоону качыргын,
Багынып сүргөн өмүрдөн
Өлүмү артык баатырдын...

— Калтырап коркуп жөнөсөк
Каргышы калктын жутпайбы,
«Шерменде кылдың мени, деп
Карабайм бетпак сени» деп
Сүйгөн жар ыйлап чыкпайбы...

Коёндой качып жөнөсөк
Коктулай кечип баткакты,
Күүгүмдөй кара кылабыз
Гүлдөгөн кайран жаш чакты,
Кайрылып элге барганда
Карт акын эмне айтмакчы?..

«Кыргыздын уулу качты» деп
Кылымга жайып ырдайбы?
«Уят кылдың, иттер» деп
Убайым тартып турбайбы...
Кымындай ойго албагын
Кылмак түгүл мындайды.

Кимиң качсаң артыңа
Киндикке кароол байлаймын,
Өзүмдүн коркок курбуму
Өз колум менен жайлаймын,
Кызыгып кузгун тойлосун,
Кызганып турпак салбаймын...

Күмөндүн айткан бул сөзү
Күүлөдү тоонун туйгунун,
Албырып балдар тыңшады
Акылы менен буйругун:

«Талпынып учуп чыккандан
Тарбия алган биз элек,
Кызыл кан кечип чыңалган
Кыяндай өкүм күч элек.

Жумшасаң ажал жолуна
Жумбадык көздү жалтанып,
Алдейлеп баккан журтумдун
Антынан кантип кайталык!..

Кылчайып качар биз эмес
Кыйкырып өзүң турганда,
Кыргыздын тийсин наалаты
Кыянат ишти кылганга...

Көкөлөп турган асканы
Көчүрбөйт душман асылса,
Балбылдап күйүп туралы
Байыркы элдик баатырча!»

Айтышты балдар бул сөзүн
Ант берип кылыч өпкөндөй,
Агасы Күмөн кубанды
Асманга колу жеткендей...

Сай-сайдын ташын талкалап
Сапырып көккө самандай,
Жаландап каптап жоо келет
Жарадар болгон камандай...

Жанакы качкан танкалар
Жашырып коргоп жандарын,
«Көп кол» деп айтып барыптыр
Көкүтүп артта калганын,
Качыптыр душман, делбестеп
Бир ууч кыргыз балдардан.

Ок төгүп токсон замбирек
Оодарып жерди чаңдатты,
Көк түтүн каптап ой, кырды,
Көргөзбөйт күндөн жарыкты...

Асманды көздөй зуулдап
Аяктай таштар атылды,
Тумчулап нурдун келбетин
Турпакты октор сапырды...

Аркан бой бийик жар келсе,
Арыштайт түрткөн эмедей,
Быжырап келет көп танка
Мылтыктын огун кенебей…

Таамайлап Күмөн кармады
Танка атар сүрдүү мылтыгын,
Кароолго түптүз байлады
Карайган ичке жылчыгын.

Тарс этип мылтык атылып
Танкадан түтүн бурады,
Майга жанган чок түшсө
От тутанбай турабы…

Ойлоду душман амалды
Отуздан үчкө бөлүнүп,
Туурадан кирди эки топ
Тумандай огу төгүлүп…

Кыраандар жаткан окопту
Курчап алды калың жоо.
Туруштук берген көп колго
Тукуму кыргыз жалын го…

Жакындап келип танкалар
Жаадырып огун турушту,
Төбөсүн ачып танканын
Бир тобу тышка чыгышты.
Менменсип немец сүйлөдү
Таянып туруп бөйрөгүн:
«Табынып азыр танканын
Талаада, байкуш, өлгөнүң…

Туткунга түшсөң багынып
Турмушуң кайра жаңырат,
Аркаңда калган үй-бүлөң
Ачылып гүлдөй багылат».

Ачынды Күмөн укканда
Арбаган сөзүн жыландын,
Санатты салып душманга
Сайрады тили куралдын…

Окоптон жаап гранат
Аңтарып жерди таштады,

Кыйратып чоюн дөөлөрдү,
Кызарган жалын каптады...

Катары жоонун бузулуп,
Качкандары көп болду,
Капкара түтүн чулганып
Жаткандары көп болду...

Адамзат угуп, көрбөгөн
Айыгышуу мына башталды...
Көтөрүп октор бирге учат
Көнөктөй болгон таштарды...

Тумшугу тийип кайратка
Душмандын кетти аргасы,
Чоң казатта болбогон
Чок чачкан мындай кармашуу...
Кылымдан бери жоо десе
Кылчайбайт кыргыз эл деген,
Кан аккан мындай кыргынды
Кан Манас өзү көрбөгөн...

Он-ондон танка бөлүнүп
Ок төгүп турду катарга.
Оң колун таарып түбүнөн
Ок тийди баатыр Күмөнгө.

Ал кетти кайран Күмөндөн
Алсырап, көзү күүгүмдөп...
Ыргыган таштан булактап
Ысык кан акты дирилдеп...

Туйбасын балдар муну деп
Туюктан тапты акылды,
Жаралуу жерин билгизбей
Жашырды Күмөн, жашырды...

Аңтарылып жер көчүп
Алынан кетип кубарды,
Шаңшыган бала барчындай
Шаңкылдап үнүн чыгарды:

«Кагылайын, курбулар,
Кайрылып артка качпайлы,
— Булгаба кыргыз атын деп
Бурулуп жоону качыр деп

Касиеттүү бабабыз
Кан Бакай келе жатпайбы...»

Эсинен тайган Күмөнгө
Эрлердин баары көрүндү...
«Жер жарган калың чуу келет
Жергелүү кыргыз элимби?..»

Жапырып жоону кыйратар
Жалындай өткүр күч келди.
Калкылдап, Күмөн алдында,
Кыргыздын баары бүт келди...

Тоо башын жайпап жашырып
Толкундап Ысыккөл келди,
Асманды чапчып мингени
Абалкы Манас эр келди...

Айкырып кара таш жарып
Алмамбет, Чубак бир келди,
Көпөлөк кууп чоңойгон
Көркөмдүү кенен Чүй келди...

Сундуруп найза алгалап
Суворов келди «Качпа!» деп,
Кутузов келди шаң менен
«Күл кылып жоону ташта!»
деп...

Көк тиреп кабат үйлөрү
Көрүндү Маскөө шамдары,
Ильичтин туусу Күмөнгө
Илгери карай жаңдады!..

Каарынан душман буюгуп
Хантеңир келди сурданып,
Жаш өмүр даамын бир таткан
Жаш жары келди нурданып...

Балдары келди «папалап»
Бактымы корго дегендей,
Тууган эл сырдуу үн берет:
«Тура бер, Күмөн, кебелбей!...»

Багынбай Күмөн жалындап
Баталбай турду душманы,

«Агалап» келди кыргыздын
Ак уул, кызыл кыздары...

Кан агып суудай шарылдап
Карайлап көзү тунарды,
Кийимден өтүп кызыл кан
Киринтип жерди сугарды...

Кулагы тунуп чуулдап
Кумсарды Күмөн ирени,
Карчыга куштай бөпөлөп
Кайратка Намыс сүрөдү...

Жанына келди Күмөндүн
Жарадар болгон Эмилбек,
Озунуп Күмөн сүйлөдү:
«Коркпогун, жарам жеңил»
деп.

Желбирейт жеңи, колу жок
Жер жайнап каны агыптыр.
Булдурап араң күрмөлүп
Бурулуп тили калыптыр...

Жалбарып барып Эмилбек
Жабышты Күмөн мойнуна,
Кучактап сүйөп турду эле
Куюлду каны койнуна...

«Куткарып алып кетейин
Куп дегин менин кебиме,
Келбетиң эсен-соо калса
Керегиң тиет элиңе...»

Кыйкырып балдар Күмөнгө
«Кыргындан агай кет, деди
Бир жүрдүк эле — жан бирге
Бир ырайым эт» деди.

«Атабыз болдуң. Бел болдуң
Алмаздай бизди таптаган,
Агының жоону көмкөрүп
Алдында өзүң баштадың,
Алыңдан тайып турасың,
Ар эмес артка кайтканың».

Балдардын сөзү Күмөнгө
Балбылдап күйдү жалындай,
Жүрөгү нурга бөлөндү
Жомоктун өчпөс шамындай...

Дөбөдөй болгон бир танка,
Гранат тийсе былк этпейт,
Мөндүрдөй жаап ок барса
Мөгдөбөйт, түтүн бурк этпейт.

Окопту кардай жиреди
Акырын жылып алдыга,
Кыйратпай муну соо койсо
Кыргынды душман салды да...

Белине беш чоң гранат
Белсенип Күмөн байлады,
Шарылдап ташып кайраты
Шакардай болуп кайнады.

Сол колу менен бек кысып:
«Эмилбек эсен жүр» деди.
Алыска сапар кетчүдөй
Акыркы сөзүн сүйлөдү:

«Кайрылып эсен көрсөңөр
Карыга, жашка салам, де!
Кубарган чөлдө калк үчүн
Курмандык болду балаң» де.

— Бактынын балын бир соргон
Баарына салам айта көр,
Жапаны тартып күйбөсүн
Жарыма салам айта көр!

Аркамда калды үч бала,
Атайлап барып көрүп кой,
«Байкуштан калган туяк» деп
Маңдайын сылап өөп кой.

Жан алгыч сындуу душмандан
Жалтанып кантип качайын,
Алпештеп шордуу энекем
Намыска тууса атайын,
Жашынып жатып өлгүчө
Жаздыгым ала жатайын...

Эмилбек ыйлап турган соң
Эчкирип көп сөз айтпады,
Ажылдап келген танканын
Алдына боюн таштады...

Зеңирдей калың чоюнга
Денеси барып урунду,
Жаңыртып көктү, жер термеп,
Жарылган үнү угулду...

Башчысы ушул танка экен
Башкалар качып бурулду,
Жалпыңа кыргыз ыракмат,
Жараткан ушул уулду!..

Сагалап турган шум Ажал
Саргайып өңү тунарды,
Ар-Намыс сүрүп өкүмдү
Ааламга үнүн чыгарды:

— Желпинип, Ажал, мактанба
Жеңбейсиң асты буларды.
Бүлбүлдөп өчкөн жалындай
Бүрүшүп Ажал кубарды...

Чыңалган көп кол көрүндү
Чыгыштан сүйрөп замбирек,
Астында аты шамалдай,
Осетин учуп ал келет,
Кылычы күнгө чагылып,
Кыйкырган далай жан келет...

Сабалап акын келатты
Сакалы желге таралып,
Жабыгып турду Эмилбек
Жаш эмес көздөн кан агып...

Осетин ыргып атынан:
«Ардагым Күмөн кайда?»
дейт.

Кансырап турган Эмилбек:
«Кайрылгыс сапар жайда»
дейт.

«Кыямат кетти кылчайбай
Кыргыздын тоолук берени,
Талканы чыккан танканын
Таманын барып көрөлү...

Эмилбек сүйөп колтуктап
Эңкейип акын көрдү эле,
Эшилген турпак, кочкул кан
Эр Күмөн шердин сөөгү эле.

Күйүткө батып кең дүйнө
Күн бети муңдуу түнөрдү...

«Көксөгөн жанды кубантып
Көрөм деп келсем силерди,
Уясы калып, өзү жок
Учурду берен Күмөндү».

Мурутун булкуп карт акын
Буркурап ыйлап жиберди...

*1943-ж.*

## ЖЕЛ КАЙЫК
*(М. Ю. Лермонтовдон)*

Агарат жалгыз жел кайык —
Көгөргөн деңиз үстүндө,
Алыстан эмне издемек,
Калтырды эмне бул жерде.

Толкундар ойноп, жел согот,
Кычырап кайык козголот,
Бактыны издеп барбады,
Бактыдан да качкан жок.

Астында деңиз шарпылдайт,
Үстүнөн күн нур жаркырап,
Бороонду сурайт ал тентек
Бороондо тынчтык барчылап.

## ЭМНЕЛИКТЕН
*(М. Ю. Лермонтовдон)*

Билем сенин гүлдөп турган жашыңды,
Сүйөм сени муңга салып башымды,
Көз жаш менен тагдырымды бай кылып,
Мынча неге капалыгым ашынды.
Сага шаттуу, болгондуктан көңүлдүү
Мага кайгы тырмактарын батырды.

## КАРАҢГЫ ТҮНДӨ ТОО КАЛКЫП
*(Гётеден)*

Караңгы түндө тоо калкып,
Уйкуга кетер балбырап,
Тунжурап талаа тим жатат,
Түн кучактап жалдырап,
Чаңдай албас жол дагы...
Шабырабас жалбырак,
Тынч аларсың сен дагы,
Сабыр кылсаң азыраак.

## КАРГА

*(И. А. Крыловдон)*

Айланып жүрүп асманда,
Койлор жуушап жатканда
Бир козуну бир бүркүт
Көтөрүп кетти асманга...
Көтөргөнүн бүркүттүн
Көрүп калды бир карга.

Уялбай козу көтөргөн
«Уятсыз бүркүт экенсиң,
Ушуну балбан деп мактап
Убара болдук эзелден...
Канатты күүлөп кагайын,
Тырмакты катуу салайын,
Бүркүттөй коркок болбостон
Бир семизин алайын».

Деп айтып карга дагы учту
Бир койго келип жабышты.
Илинип калып даакыга
Тырмагы чыкпай карышты.
Салпактап жүргөн карганы
Койчулар кармап алышты...
«Жаш балдар ойноп жүрсүн» — деп
Канатын кыркып салышты.

## ЭШЕК МЕНЕН БУЛБУЛ

*(Крылов менен Абайдан)*

Тойгон эшек чөптү оттоп маңдайдагы
Сонуркап чатка кетти кай-кайдагы,
Тентиреп өзөндү өрдөп келе жатып,
Жолукту бир булбулга бутактагы.

— «Сенсиңби, акын булбул? — Жаңы көрөм,
Атыңа эл мактаган кумар элем!
Сайрачы, өзүм тыңшап айтканыңды,
Элдин сөзү ырасиы, сынаар элем»...

Таңшыды акын булбул, үнгө салды,
Толгоду токсон бурап күүсүн чалды,
Дүйнөнү бир терметип толкундатты
Булбулдун муңдуу кайрып сайраганы.

Ышкырып жүрүп турган шамал тынды,
Ырдашпай куштар дагы тыңшап турду,
Жайылып оттоп жүргөн койлор дагы
Угушуп салган күүнү жуушап турду.

Дем албай койчу дагы угуп турду,
Жылмайып анда-санда күлүп турду,
Акындын айдап салган ардак күүсү
Айлана асылдыгын билип турду.

Булбул күттү угууга эшек сөзүн,
Эшек жерге каратып эки көзүн:
«Капасыз тыңшап угар жан экенсиң,
Бирок да, короз үнүн үйрөнбөпсүң»

«Дагы да, кыйын сайрап жүрсөң» деди,
«Короздон бир азыраак үйрөн» деди.
Бул сыяктуу сынчынын сөзүн угуп,
Булбул байкуш кап-кайда учуп кетти.

## ЖАШ ТУУГАНДАР

*(Үзүндү. А. Бартодон авторлошуп которгон)*

* * *

Бул тууганым капкара,
Окшобогон башкага.
Кой жүнүндөй тармал чач,
Жумуру кабак жаш бала.

Кара майдай эттери,
Көөдөй кара көздөрү.
Ал өзүнчө эркелеп:
«Жилли-милли-жилли» деп,
Буту менен жер челет.

* * *

Бул тууганым сапсары
Типтик турат чачтары.
Кылыр көздүү бул бала
Кыйшык тартып басканы.
Саамайы бар желкеде,
Өрүп койгон желкеге,
«Чиңге-иңге-чиңге» деп
Буту менен жер челет.

* * *

Үчүнчү тууган топтору,
Көмүрдөй кара көздөрү
Ал тууганым шип-ширин
Кызыл тору беттери.
Ал өзүнчө эркелеп:
«Киви-кива-кивалап»
Буту менен жер челет.

## ЖАМГЫР АЛДЫНДА

*(А. Некрасовдон)*

Долу добул долуланып согулат,
Асман каптап, кара булут чогулат.
Сөйкөнүшүп шыбыр айткан жанчылап,
Калың токой акырын гана кобурап,
Бирден-бирге учуп түшүп жалбырак.

Чыкылдаган суук ойноп, чамынат,
Топ-топ учуп ар тараптан каргалар
Каркылдашып аваларды айлантат.
Кош дөңгөлөк арабада келаткан
«Бастыр! Чап!» деп арабакеч кыйкырат.

## НЕСТАН-ДАРАЖАНДЫН СҮЙГӨНҮНӨ ЖАЗГАН БИРИНЧИ КАТЫ

***(Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынан)***

Карады. Катты окуду, кимге жазган?
Нур балкып сөзү ширин шоола чачкан.
Сүйүүнүн жүрөктөгү назик сыры
Сулуудан төмөнкүдөй сөздөр айткан:

«Арыстан! Сен сүйүүдөн жараландың,
Жараңды ач, жүрөк менен дарылайын.
Сөзүмдү Асмат сага айтып барсын
Өмүрдүк мен сеники кагылайын!

Кайгырдым. Сүйүү жанган отко күйдүм,
Кабылан карааныңды көрдүм, сүйдүм.
Балбылдап эки көзүң жанып турса,
Башымда тийип турган алтын күнсүң.

Гүл жайнап ачылбайбы күн нурунан
Гүл жыты күн нурунда буруксуган.
Жаралуу жүрөктөрдү кубандырып,
Жаркыным, колуңду бер, колду сунам.

Көп болор арабызда каргашалар
Капыстан ал көркоолор торго салар.
Сагынып куса болгон көңүлүмдөн
Кат жазсаң күлүп-жайнап нур чачырар.

Сүйгөндүн сырын айтам жаш жанымдын,
Атайлап өзүң үчүн өскөн жаным.
Баштатан кошулууну ойлосом да
Көз көрүп, жүрөк дартын айталбадым.

Жоболоң жоолоруңа ойрон салгын,
Тулпар мин, найза, кылыч колуңа алгын.
Атагың дүйнө жүзүн жарып чыгып,
Душмандар ким экениң таанып алсын.

Мен гүлмүн, гүл көркүнө аткан таңсың,
Жаркыра! Жарыгыңа жер таң калсын.
Буралган гүл үстүндө – таң нурунда
Булбулдар безеленип күүгө салсын.

## ТАРИЭЛДИН СҮЙГӨНҮНӨ ЖАЗГАН БИРИНЧИ КАТЫ

Окуса, тийген каттын сыры терең,
Толкундап жооп жазды тези менен.
Өңүмбү же түшүмбү, катыңды алдым,
Көктөгү сен нурумсуң шоола берген.

Сен үчүн күйүп-жанып кайгылангам,
Капалуу жүрөк жанып жалбырттаган.
Айымсың, өмүрүмсүң турмуштагы
Алдымда чырагымсың жаркыраган.

Жаркыным, катыңды алып Асмат келди,
Көңүлүм гүлдөй өсүп көтөрүлдү.
Жадырап күч-кубатым ташкындады,
Көргөндө жай эркеси чыккан күндү.

Берди да өзүң жазган асыл катты
Жылмайып күлүмсүрөп Асмат айтты:
«Келсин! — дейт,— тосуп чыгам болжолунан»,—
Деп айтып бүткөн боюм жалбырттатты.

Айтканын шыгым менен угуп турдум,
Сен күнсүң маңдайымда чыгып турдуң.
«Келсин!» деп айттырганың жеңиш, мөөрөй
Өмүрдө мен курманың жаным курбум.

Асматка сыйлык этип каухар тарттым,
Алдына алтын жамбы баарын чачтым.
Бактыга шакегиңди тумар кылам
Бир гана шакек алды Асмат жаркын.

Кетирди караңгыны жарыктыгың,
Жарамды жүрөгүмдөн айыктырдың.
Буулугуп кара болгон көңүлүмдү
Муң эмес күлкү менен каныктырдың.

Мына эми баштагыдай кайгырбаймын,
Тамаша сан-салтанат сайраңдайын.
Ыр ырдап курбуларым кубанышсын
Ай жүздүү сөөлөтүңдөн айланайын.

## ЖООМАРТ «ЖОЛБОРС ТЕРИСИН ЖАМЫНГАН БААТЫР» ЖӨНҮНДӨ

## РУСТАВЕЛИНИН ДАСТАНЫ ӨЗ БООРДОШУНУКУНДАЙ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНА КИРЕТ

Мен Шота Руставели жөнүндө биринчи жолу 1932-жылы СССР жазуучулар союзунун уюштуруу жыйынында грузин акындарынан уктум. Мага тааныш эмес, чоочун тилде алар мукамы келишкен көркөм саптарды окуп жатышты, ошондо бул кол жеткис бийик поэзия экени, кемeнгерликтин туу чокусу экени бардыгына айкын болуп турду. Москвага окууга барганымда жаным сүйгөн жакшы китептердин бири «Жолборс терисин жамынган баатыр» болду. Андыктан, Тариэл жана Нестан-Даражан жөнүндөгү жүрөктү толкундаткан дастан менен кыргыз элин эне тилинде тааныштырууга кумарым курчуду.

Дастандын мазмуну, анын ыр түзүлүшү, табияты көп жагынан кыргыз поэзиясына үндөш. Андан биздин кыргыз эпосуна таандык улуттук белгилерди тапканыма биресе кубандым, биресе таңкалдым. Бизде достук үчүн жанын курман чалган Жаныш жана Байыш жөнүндө элдик дастан бар. Жаныш хан ордосуна туткунга түшүп калат, Байыш түн уйкудан, күн тынымдан калып, бүт аракетин жумшап, аны эрдик менен туткундан куткарат. Мен Автандил менен Тари-

элдин достугун даңазалаган жалындуу саптарды окуп жатып ошолор жөнүндө ойго баттым.

Кыргыз элинин улуу эпосу «Манастын» уландысы болгон «Семетей» дастаны менен «Жолборс терисин жамынган баатырдын» сайкеш келиши таңкаларлык керемет көрүнүш. Руставелинин дастанында Нестан-Дараджанды куткарыш үчүн Автандил менен Тариэл жан аяшпастан бирге күрөшөт. Семетей эки чоросу Күлчоро жана Канчоро менен бирге ашык жары Айчүрөктү куткарыш үчүн салгылашат. Айдай сулуу Айчүрөк өмүрүнүн акырына чейин жубайын сүйө билген, душманын жек көрө билген бүт турпаты менен Нестан-Дараджанга окшоп турат. Караниет Толтой, зулум Чынкожо Айчүрөктү күчкө салып, алмай болушат, бирок Нестан-Дараджанды куткарган сыяктуу эле, жан кыйышпас эр жүрөк достору менен Айчүрөктү куткарып калат.

Мында жөн эле мазмун жагынан дал келгендик эмес, зор маанидеги сайкештик бар. Бул боордоштуктун белгиси, ички дүйнөнүн жакындыгы. Менин көз карашымча, Руставели дастанынын эң негизги касиеттеринин бири — анын терең элдүүлүгүндө.

Бизге Руставели боордошубуздай жакын адам, ошондуктан өз заманынын алдыңкы көз караштагы маалыматтуу, маданияттуу инсаны катары ал өз дастанында көчмөн кыргыздардын тоолорунда айтылып жүргөн эң ири эпосун да пайдаланган.

Быйыл жай айында менин эңсеп жүргөн тилегим жүзөгө ашты: Мен чыгармачылык илхам менен, эргүү менен өлбөсөчпөс дастанды кыргыз тилине которууга кириштим.

Дастанга кайрылган сайын, Шотанын китеби алдымда ачылып жатканда, андагы каармандардын, кейипкерлердин, салыштыруулардын, сүрөттөөлөрдүн, көрүнүштөрдүн өтө жакындыгын, туюмдуулугун, угумдуулугун сезип турдум. Руставели Тариэлдин эрдигин — арстандын эрдигине, Тинатиндин сулуулугун — Айдын дидарына салыштырат. Булар кыргыз поэзиясындагы каармандардай өз бооруна өтө жакын адамдар.

Мен дастандын котормосун толгон-токой «өндүрүштүк» тоскоолдорго карабастан, зор ынтаа менен, канагаттануу менен колго алдым. «Жолборс терисин жамынган баатыр» грузиндерде «шаири» аталган он алты муундук сап менен жазылган. Ал эми кыргыз ырларындагы узун саптар кыйын болсо, он эки муундан турат.

Грузиндердин «шаири» деген татаал ыр түзүлүшүн кабыл алуу оор болорун эске алып, котормонун тактыгына кедерги кетсе да кыргыз окурманына жеңилдик бериш үчүн өзүбүздүн ыр түзүлүшкө салууга туура келди.

Оаумдун акындык кудуретиме жараша, мен котормодо Руставели саптарынын ички уйкаштыктарын, ыргактарын, бай ассонанстарын сактоого аракет кылдым.

«Жолборс терисин жамынган баатыр» VII кылымдан бери жашап келет.

Бул өчпөс чыгарма. Чыгарманын сапатын төмөндөтүп, шашылыш которуу кылмыш. Ошондуктан колго алган эмгекти жакын арада эле бүтүрө коем деп окурмандарга убада бере албайм. Мындан тышкары, Тбилисиде өтө турган маареке салтанатында кыязы, Руставелинин улуу чыгармасына СССР элдеринин тилдеринде которууда жаңы принциптер көрсөтүлүүгө тийиш.

Руставелинин чыгармасын кыргыз тилине которуу элдердин сталиндик достугун чыңдоого, социалисттик маданиятты көтөрүүгө көмөк болорун толук сезип, котормонун үстүндө кошөрө отуруп иштөөгө туура келет.

*«Советская Киргизия» газетасынын 26-декабрь, 1937-жылдагы № 297-санынан которулду.*

## КАРГАША*

*(Колхоз курулушу жаңы башталгандагы окуядан алынып жазылган, 2 көшөгөлүү, 4 сүрөттүү драма)*

### ОКУЯГА КАТЫШУУЧУЛАР:

**Парман** — 45 жашта. Кедей киши. Узун сакалдуу, жапалдаш бойлуу шашма киши.
**Айымхан** — 30 жашта. Пармандын аялы. Кара тору, ыйманы ысык, шаттуу.
**Сулайман** — 8 жашта. Парман менен Айымхандын мектепте окуп жүргөн баласы.
**Турдубай** — 50 жашта. Эл ичинен чыккан бузуку, кулак, чокчо сакал, куу муруттуу.
**Асан** — 65 жашта. Молдо, көзү суук, купкуу сакалдуу.
**Азимхан** — 25 жашта. Айымхандын курбусу. Татынакай келинчек.
**Жээнбай** — 27 жашта. Азимхандын күйөөсү, кайраттуу, ачык жигит.
**Тыныбаев** — 35 жашта. Байчыл-улутчул.
**Шадыбеков** — 23 жашта. Коммунист, жайдары, шайыр, айбаттуу жигит, республикалык кызматчы.

### I КӨШӨГӨ

#### 1-сүрөт

Көшөгө ачылганда килем төшөлгөн жасалгалуу мечиттин ичи көрүнөт. Мечиттин жака бели гүлдөгөн калың бак. Алыстан көрүнгөн жашыл тоонун башында ак булут.

Асан, Турдубай, Пармандар кыбыланы карашып намаз окуп жатышат. Намаздарын окуп бүтүшүп чөк түшүп, катар отурушат.

Асан. А, кудай сактай көр. Эл ичин кара шайтан аралады. Акыр заман болот деген ушул. Катын бийлеген айылда кайсы жакшылык калсын. Парман, сенин катының, же бүтүн айылды жутат.

---

* 1939-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан.

Турдубай. (*Ачууланып*) «Байтал жүгүрүп байге албайт», Парман, сен катыныңа тыюу салбасаң ант, арбактын каргышына каласың.

Асан. Түндө түшүмдө көрдүм. Атаңдын арбагы да сага раазы эмес. Ак кепинин оронуп, үстүңкү арыктын боюнда ыйлап отуруптур. Айымхандын кесири көрдө жаткан атаңды да тынчытпас болду. Кудайдан коркуп, пендеден уялсаң болбойбу? Дин мусулмандын баласы да сендей болобу?

Парман. *(Үшкүрүп)* Дамбылда, көп эле кодулай бербеңиз. Менин колумдан келер айла эмне?

Турдубай. (*Жапакечтенип*) Парман, сен ыймандуу эле кишисиң, сени биз жортуулга чыгып, Коңурбайды сайып бер деп жаткан жерибиз жок. Өзүңдүн койнуңдагы катыныңын жаагын басып, башкара билгин деп жатабыз.

Асан. *(Жакасын карманып)* Сен укпасаң, албетте ит угат да, оой тобо, ушул айылдын бериштелүүсү эле сен элең, сен минтип отургандан кийин, замандын куурулуп, жердин өрттөнгөнү ошол.

Парман. Жер өрттөнсө өрттөнсүн, силер эле аман калгыла. Айымханга жамандык ойлобойм. Жаш кезектен бирге өстүм. Жамандык, жакшылыгыма чыдап, өйдө чыксам өбөгүм, ылдый түшсөм жөлөгүм болду.

Турдубай. Катынды жөлөк кылсаң ырысыңдын түгөнгөнү ошол.

Асан. Катын кишиге душман. Кечеги полдомочун менен гана өбүшүп, жытташып отургандыр.

Парман. «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба» эми молдонун айтканына да ишенбей калдым. Кой, дамбылда сенден түңүлдүм. Ушак айтып, бирөөнүн сүттөн ак катынына жалаа жапканың жага турган ишпи?

Турдубай. *(Жапакечтенип)* «Тууган күйдүрө айтат, душман сүйдүрө айтат» дегендей, биздин күйүп айтып жатканыбызга ачууң келбесин. Сенден бир көйнөк мурун жыртканыбыз үчүн, жол көрсөтүп жатабыз.

Парман. (Тура кетип бара жатып) «Жер ээн болсо, доңуз дөбөгө чыгат». Куркулдаган кузгундар, силердин жолуңарды көрбөй эле койдум.

Асан. (Тура калып, курун мойнуна салып) Ак мечиттин ичинде андай ыплас сөз айтпагын. Атаңдын арбагы төбөңдөн урсун.

Парман. (Асанга кайрылып карап) Ойлогонуң арамдык. Арбак сени урсун.

Турдубай. (Жапакечтенип Пармандын алдын тороп) Шарияттан чыкпа, Асан дамбылданын тилин албасаң да, кудайдын тилин ал.

Парман. Кудай мага эч нерсе айткан жок. Силерге ок-

шогон кара ниеттердин сөзүн уккан киши макоо болуп кетер. (Турдубайды итере салып, Парман чыгып кетет).

Асан. (Тиштенип, өңү кумсарып) Шашпа, өнөрдү көрсөтүп, кара курт тийгендей какшатаармын.

Турдубай. Бул томаякты алдоо менен, арбоо менен түшүрүп, Айымхандын көзүн жок кылуу керек. Дамбылда сен бардык амалыңды ойло.

Асан. Мен аркасынан жетип, үйүнө кошо барайын. Андан аркысын дамбылдаң өзү билет да.

Турдубай. (Чөнтөгүнөн арак чыгарып) Кичине кылт этип алгын.

Асан. (Жымырылып) Билип коюп жүрбөсүн.

Турдубай. Пияз чайнап алгын, сенин оозуңду жыттап жүрмөк беле.

Асан. (Бөтөлкөдөн аракты жутуп) Мунун бир касиети адамды шердендирип, бир кишини кырк кишиге теңеп жиберет.

Турдубай. Бар эми, аркасынан дароо жет. Сен молдосуң, сени болсо кулак кылышары аштан бышык. Айылдагылар колхозго киришсе экөөбүздүн эле күнүбүз каран болот. Ошондуктан элди колхозго каршы үндөө үчүн эң мурун Айымхандын канын төгүү керек.

Асан. Ал жумушка жарай албасам, кырк беш жыл жаназа окуп, төлгө салып жүрбөйт элем го. Дамбылда акең мындай иштерге уста эмеспи. (Асан жүгүрүп чыгып кетет. Турдубай каткырып күлөт. Тыштан арабанын дабышы, аттардын дүбүртү угулат, Тыныбаев кирип келет. Колунда портфель, башында шапка, жарашыктуу кийинген).

Турдубай. (Тыныбаевге кучагын жайып) Чоочун эме десем сиз белеңиз. «Эрди жоо үстүнөн көр» дегендей рас келбедиңизби.

Тыныбаев. Келгени курусун. Уй мүйүздөп тигилип турчу ак өргөөлөр жок. Кыштак деген балакет кыргыздын турмушун жоготмок болду. Кайран заман. Сары кымыз, ак жуурат, балпайган бай, байбичелер кана?

Турдубай. Эң эле акыры мен элем, мени да кулак кылганы жатышат. Бирок мен кегимди аламын. Кандарын уурттап анан кийин өзүм эле кетемин.

Тыныбаев. Эй, Турдубай аке сен эмес, менин атамды да кулак кылышты. Колуңдан эмне келсе, күчүң эмнеге жетсе аяба. Эл колхоздун даамын алып калышса үгүттөш кыйын болот. Колхозду уюштурбай туруп, элдин жүрөгүн алып шумдуктар менен коркутууга тырышкын.

Турдубай. Баягы Парман оро башынын катыны Айымхандын дарты өттү. Колхоз болобуз деп келин-кыздарды ээликтирип жүргөн ошол.

Тыныбаев. Бир эле катын болсо, анын чарасы жеңил. Мени менен кошулуп Шадыбеков деген келди. Ал жыйналышты кыла электен мурун үркүтүү керек.

Турдубай. Асан молдо экөөбүз астыртан жөрмөлөп, колхоздун тамырын кыябыз.

Тыныбаев. (Ызырынып) Эгер заман кайра келсе, Парманга окшогон жалчылардын жонунан кайыш алып, топтоп айдармын. (Тыштан Жээнбай менен Азимхандын ырдаганы угулат. Турдубай менен Тыныбаев жым болушту. Азимхан менен Жээнбай ырдап киришет).

Көкөлөп учуп көк көлгө,
Көп айланат бөктөргө,
Көңүлүң сүйсө ойноп күл,
Көп өмүрүң өткөрбө.
Агарып жаткан ак көлгө
Айланып учат бөктөргө,
Акылың сүйсө ойноп күл
Аз өмүрүң өткөрбө!

Тыныбаев. Ырдаган андай эмес, мындай болуу керек:

Самсалаган саамайын
Сары жылдыздай маңдайын
Сагынышып келгенде,
Сар набат татыйт таңдайын.

Азимхан. Шаардан келген полномочун сиз болосузбу?

Тыныбаев. Эгер жаңылбасам мен болом.

Азимхан. (Шыңкылдап күлүп) Эгер жаңылбасаңыз, сиз болсоңуз, элди качан чогултабыз?

Тыныбаев. Эл чогултуп мен эмне аш бермек белем. Элдин мага кереги жок.

Жээнбай. Ашка келгенибиз жок, колхозго кирем деп келдик.

Тыныбаев. «Шашкан коён аңга батпайт». Кирбейм десең да, кирем десең да киресиң.

Азимхан. Деги сөз угуп, колхозго түшүнүүгө болобу?

Тыныбаев. Силер менен акылдашып отурмак белек, кирбеске айлаң канча.

Азимхан. (Жээнбайдын колунан тартып) Жүр ботом кетелик, булардын түрү башка го. (Жээнбай менен Азимхан чыгып кетишет).

Тыныбаев. (Тиштенип, ызырынып) Бул элдин түрү жаман. (Турдубай жакасын кармап) Силер, Асан молдо экөөңөр эмне кылып жүрдүңөр, өгүнкү менин айтканымды

унуттуңарбы? Менден мурун да өзүңөрдүн башыңарга балаа үйүлөт.

Турдубай. (Коркуп, Тыныбаевге жалбарып) Сиздин жакшылыгыңызды кантип унутайын. Айткандарыңдын баарын тымызын элге айттым, көнүшпөсө эмне кылам?

Тыныбаев. (Кумсарып) Көнүшпөгөнүн көрөрбүз. (Турдубайды түртүп) Бар, айылдын ичин арала. Ыйла, боздо, өлтирил! Бирок элди көндүр. Тизгинин биз жакка бур! (Турдубай шашып чыгып кетет).

Тыныбаев. Этеги такымына жетпеген куу чокойлор жыргап, ууртунан май тамган байлар куурайт деген эмне? Жок, мындай болбос. Ал заманды кайра кайтаруу үчүн жанды, канды аябоо керек. (Өңү кумсарып, Турдубай кайра чуркап кирет).

Турдубай. Баягы Айымхан арабага түшүп алып айылдын баарын кыдырып жүрөт. Келиндер аркасынан ээрчип алышыптыр. Мына келе жатышат. Ай, сенин кекиртегиңди кесем.

*(Тыштан келиндердин, кыздардын ыры угулат).*

Саргайган талаа кулпунуп,
Көркүнө кирген кез ушул.
Сандалган кыргыз эл болуп,
Эркине кирген кез ушул.
Сенделип малча сатылган,
Селкилер күлгөн кез ушул.
Кыштактын ичи гүл жайнап,
Ачылып турган кез ушул.
Кыз, келин ойноп-каткырып,
Машыгып турган кез ушул.
Колхозго чогуу топтошуп,
Жазылып турган кез ушул.

Тыныбаев. (Муштумун түйүп, кыйкырып) Ырдай бергиле, кубана бергиле. «Кул жыйылып баш болбойт, кум жыйылып таш болбойт». (Турдубайдын колунан кармап) Камчынын тагы, канжардын каны кетип, күң, кулдардын кутурганын карачы. (Турдубайды кучактап) Алачтын азаматтары тим жатмак беле. Булардын башын кесүүгө шамшарыңды курчут.

Турдубай. Балталарым, бычактарым табында...

*Көшөгө түшөт.*

## II КӨШӨГӨ

### 2-сүрөт

Көшөгө ачылганда Пармандын жаңы салынган татынакай там үйүнүн ичи көрүнөт. Айымхан менен Шадыбеков олтурушат.

Шадыбеков. (Кубанып) Менин да сиз курактуу эжем бар. Көрбөгөнүмө алты жылча болду. «Колхоз болдук, турмушубуз сонун, уйлуу болдум, үйлүү болдум» деп сүйүнүп кат жазыптыр. Окуп алып, абдан кубандым. Айланайын эжеке, сизге өтө ыраазы болдум. Сизге окшогон эжелеримдин колхозго түшүнүп, жаңы турмуштун, илимдин, билимдин жолуна түшкөнүнө төбөм көккө жетет.

Айымхан. Бирөөбүз кул, бирөөбүз күң болуп төбөбүз менен жер казып кызмат кылсак да ийнибиз жаркырап кийим кийип, курсагыбыз тоё аш ичкен жок элек. Совет өкмөтүнүн аркасында гана, үйгө жетип, малга ээ болдук. Жаман балабыз окуп жүрөт. Кардыбыз ток, кайгыбыз жок. Деги Совет өкмөтүнө айлансак аз. Кагылайын ай, ушул Совет өкмөтүн түзгөн Ленинди кандай гана аял тууду экен?

Шадыбеков. (Күлүп) Сизге окшогон гана аял туугандыр. (Айымхан аяк табактарын жыйнаштырат, Шадыбеков китеп окуй баштайт. Парман менен Асан эшиктен баш багышат).

Айымхан. Колхоз дегенде жүрөгүм сүйүнөт.

Асан. (Пармандын кулагына шыбырап) Менин айтканыма ишенбейсиң, полномочун менен ойнош болгонуна сүйүнүп жатат.

Шадыбеков. Ырыстуу турмушка ким сүйүнбөсүн.

Асан. Уктуңбу, сүйүнүшүп жатканын. Экөөнүн иши алда качан эле бүткөн турбайбы. (Асан менен Парман киришет).

Парман. (Асанды түртүп) Бас жаагыңды.

Айымхан. (Парманга) Эмне эле ачууланып келе жатасың?

Парман. (Шадыбековго) Ассалоо-малейким, кош келиңиз!

Асан. (Чөк түшүп отура калып) А, өмүрүңөр узун болсун, тилегиңерге жеткиле.

Айымхан. Айтканыңыз келсин.

Парман. Колхоз дегенди угуп жатабыз. Уюшса эртерээк уюшса экен. Айымхан экөөбүз биринчи болуп кирет элек.

Асан. Мусулманчылык аста-аста, карып болмок бир паста.

Айымхан. Алда жарыктык ай, бул жер мечит эмес го.

Асан. Койдум, койдум балам.

Шадыбеков. (Терезеден карап) Эжеке, эл чогулуп калыптыр.

Айымхан. Жээнтай менен Азимхан ишке жарашат, дароо эле чогултуп жиберишкен экен да.

(Китептерди көтөрүп Сулайман кирет).

Айымхан. Менин жаман уулум ушул айланайын.

Шадыбеков. (Сулайманды чекесинен сылап, эркелетип) Бали азамат, молдо болуп калдыңбы?

Сулайман. (Уялып) Жок.

Шадыбеков. Деги өзүңдүн атыңды жаза аласыңбы?

Сулайман. Өзүмдүн атымды жаза албайм, апамдын атын жаза алам.

Айымхан. (Баласын эркелетип) Садагаң болоюн, садагаң, апаң айлансын. Тамагыңды ичип, балдар менен ойно.

Шадыбеков. (Парманга) Сиз жүрбөйсүзбү?

Парман. Чакчага наспай толтуруп алып дароо барам. (Айымхан менен Шадыбеков чыгып кетишет. Парман наспайын чакчасына сала баштайт).

Асан. (Жакасын карманып) Ой тобо, акыр заман болот деген ушул. Илгерки балдар эң мурун атасынын атын жазганды үйрөнчү эле. Парман, билдиңби? Жанагы шапкечендин эже деп тергегенинде бир кеп бар. Мен «өмүрүңөр узун болсун, тилегиңерге жеткиле десем» «айтканыңыз келсин» деп Айымханың жымырылып бара жатпайбы. Көзүң болсо көрүп, кулагың болсо уксаң болбойбу? Бул кордукка кантип чыдайсың. Сени жалдыратып туруп, катыныңды ээрчитип кетти.

Парман. Дамбылда, тилиңизди тартыбыраак сүйлөңүз.

Асан. Болду, болду, сүйлөбөй эле коёюн. Мага десе шаарга кошо ала кетсин.

Парман. Колунан жамандык келе турган бала эмес.

(Турдубай менен Тыныбаев киришет).

Турдубай. Көпкөн келиндердин жыйналышына барган жоксуңарбы?

Парман. Азыр барабыз. Келиндер гана эмес, айылдагылардын баары, чал-кемпир дебей барып жатышпайбы.

Тыныбаев. (Турдубайдын кулагына шыбырап):

Кана, баштабайсыңбы?

Турдубай. (Парманга) «Казга теңелип, карганын буту сынат», көпкөн катындарга теңелип бутуңду сындырып алба. Ойлоп көр. «Жети кишинин бири кыдыр» дегенди, биз да бирдемени билип, сага айтып жатабыз. Уккун, кийин өкүнүп жүрбөгүн.

Парман. (Кетүүгө ордунан туруп) Калганын кийин угармын.

Турдубай. (Пармандын этегинен тартып) Отурсаң, «жоо кеткенден кийин кылычыңды ташка чап» дегендей, кийин кеч болуп калат. »Аксак кой түштөн кийин маарайт» болуп жүрбөйлү. Отурсаң, мен сага жамандык ойлобойм го, айтканды уксаң.

Парман. (Отуруп) Эмне эле мени тооруп калдыңар, айтарыңар эмне?

Турдубай. (Парманга арак сунуп) Бөдөнөнүн сүтүнөн кичине кылт этип алсаң.

Парман. (Чочуп) Бала болуп ичип көргөн эмесмин, алпар нар жакка, сенден арак сурадымбы, Дамбылда экөөңөр эле ичкиле.

Асан. (Жакасын карманып) Ой тобой, менин ичип жүргөнүмдү көргөнсүйсүң да.

Парман. Көрбөсөм да билем, сенде ыйман барбы.

Тыныбаев. (Жойпуланып) Агатай, ачууланба, айлыңарга келген мейманмын, менин көңүлүм үчүн ичип коюңуз.

Парман. Жок, мейман болсоңуз, көңүлүңүздү арак ичип көтөрмөк белем.

Тыныбаев. (Кыт-кыт күлүп, аракты колуна алып) Олдо аксакал ай, келиңиз, тартып жибериңиз. Кана, көп каратып турбаңыз, мунун да убалы болот. (Пармандын оозуна алып барып, жуткуруп жиберет).

Парман. Заар турбайбы. Ичим өрттөнүп кетти.

Турдубай. Дагы бир кылт этсең, боюң балкый түшөт. (Асан, Турдубай, Парман үчөө арак ичип, каткырып күлө башташат).

Тыныбаев. (Сулайманды чакырып) Кимдин баласы болосуң?

Сулайман. Атамдын.

Тыныбаев. Атаңдын аты ким?

Парман. Мен, мен.

Асан. Ай, сенден бүткөн бала экенине күмөнүм бар.

Тыныбаев. Ырдай аласыңбы?

Сулайман. Ырдай албагандачы.

Тыныбаев. Кана, ырдап көрчү.

Сулайман. (Катуу кыйкырып):

Дүйнө жүзүн жыргаткан
Жыргалыбыз Ленин.
Суусаганда суу болгон
Булагыбыз Ленин.

Тыныбаев. (Кабагын чытып, ышкырып тескери карап) Чечек алгыр, мунун бышыктыгын (Сулайман ырдап, чуркап чыгып кетет).

Турдубай. (Парманга арак сунуп) Дагы бир кылт эткирип кой.

Парман. (Мас) Мейлиң, бөдөнөнүн сүтү текенин өтүндөй заар болот турбайбы.

Тыныбаев. (Турдубайга көзүн кысып) Темирди кызуу кезинде сок.

Асан. (Акырын жылып барып, сандыкты ачып, Пармандын суусар тебетейин колтугуна бекитип алат. Тыныбаев менен Турдубайга көзүн кысып) Бөдөнөнүн сүтүнүн жарашыгы болсун үчүн, мен бир кызык жомок айтып берейин.

Парман. (Мас) Жыйналышка барайын.

Турдубай. Чогуу барабыз, жомоктон кызык сөз айтат дейсиңби.

Парман. (Мас, тили булдуруктап) Айым, Айымханым тарынып жүрбөсүн.

Асан. Катындан корксоң сакалың өрттөнөр.

Турдубай. (Асанга ээрдин тиштеп) Дамбылда, башта жомогуңду.

Асан. (Чөк түшүп отуруп тамагын жасап) «Бар экен, жок экен, жер каймактаганда бир киши бар экен. Ал киши чөп-чардын, жан-жаныбардын тилдерин билген, көзү ачык олуя киши болгон экен. Күндөрдүн бир күнүндө короого кирсе өгүз менен эшек сүйлөшүп жатышыптыр.

— Арыдым, алым кетти, чарчадым, жаным кейиди— деп өгүз айтыптыр.

— Сенин акылың жок, чарчамактан өлүп кал— деп эшек айтыптыр.

— Анча кекетпей, акылың болсо үйрөтсөң,— деп өгүз эшекке жалыныптыр.

Илкий баскын, чөп жебей, суу ичпей бир күн турсаң эле кошко салбайт, кутулуп каласың,— деп эшек акыл айтыптыр.

Эшектин үйрөткөнү боюнча эртеси өгүз жетелесе, баспай, чөп салса жебей коюптур.

— Өгүз ылаңдап калса, эшекти кошко салгыла,— деп ээси малайларына буйрук кылыптыр.

Малайлар эшекти кулакка чапкылап керели кечке кошко салышыптыр.

Кечинде эшек келип өгүзгө:

— Шоруң катты, эртерек чөп жеп, суу ичпесең сени касапка сатканы жатат,— дептир.

Эшектин бул куу сөзүн угуп ээси бырс күлүп жибериптир.

— Сен өмүрүңдө күлгөн жок элең, эмнеге күлдүң? Мени жакшы көрсөң айтып бер,— деп катыны кыйнаптыр.

Катынынын көңүлүн кыялбай эшек менен өгүздүн сүйлөшкөнүн айтып коюптур. Башка кишиге айтса эле өлө турган экен.

Катындын тилин алдым, сырымды айттым, эми өлөмүн- деп кайгырып отурса, эшиктен ити улуптур.

— Эмне улуйсуң,— деп короз иттен сураптыр.

— Ээбиз өлөт, ошого кайгырып ыйлап жатам,— деп ит дагы күчөп улуй баштаптыр.

— Короз башым менен он-он беш тоокту башкарып жүрөм, бир катынына алы жеталбай сырын айткан эме бир өлмөктөн, үч өлсүн,— деп короз кыйкырып, басып кетиптир.

Тыныбаев. Бали дамбылда, «кырк катындын акылынан бир тооктун акылы артык» деген ылакап ошондон калган экен го.

Парман. (Мас, тили булдуруктап) Ай, ушул жомок жалган эле го.

Асан. Жомок жалган болсо да, сенин корозчо боло албай калгандыгың чын. Таранчы деле, мышык деле өзүнүн ургаачысын ээлеп жүрөт го. Мышыкча боло албай калганыңа сен эмес, менин бетим чымырайт. (Парман кыйшайып тескери карап жатат).

Тыныбаев. (Асан менен Турдубайдын кулагына шыбырап) Мен жыйналышка барымыш болоюн, аракка апийим кошуп мээсин айланткыла. Бычагын сууруп, колхозго каршы чыккандай болсун. Өздөрүнүн ичинен бузулса биздин тегирменибиз жүгүрөт. Жүрөгү чыгып, жанынан түңүлө турган баягы мен үйрөткөн үгүттү түгөл айткыла.

Турдубай. Бул келесоону колго түшүрдүк. Кадырыңыз жан болсун.

Асан. Дамбылдаң бекерге куранды жаттап чыккан эмес да, дагы бир иш ойлоп койдум. (Колтугунан суусар тебетейдин четин көрсөтүп).

Парман. (Темтеңдеп ордунан туруп) Айымхан таарынып жаткандыр, алда айланайын Айымханым ай...

Асан. Кашын сермеп коюп, полномочун менен папирос чегип гана отургандыр.

Тыныбаев. (Шашымыш болуп) Жыйналышка барайын.

Парман. Мен да барам.

Тыныбаев. Ээликпеңиз, басып бара албайсыз, өзүм араба жиберем.

Парман. Эртерек жибериңиз, бир сүйлөп чыгайын.

Тыныбаев. (Турдубайга шыбырап) Ийлей бергиле. (Тыныбаев чыгып кетет, Асан менен Турдубай Парманды ортого алып отурушат).

Турдубай. (Парманга арак сунуп) Дагы бир кылт этип алгын.

Парман. (Мас) Үй аңтарылып бара жатабы? Бөдөнө сүтүңдөн берсең берчи.

Асан. Колхоз деп ээлигесиң, тузакка түшөрүңдү билбейсиң.

Турдубай. Катын-балаңдан айрылып каларсың.

Парман. (Чоочуп) Суук сөздү ит уксун.

Асан. Сен укпасаң албетте ит угат да, катыныӊ ортого түшүп, балаң кадакка тартылганда билип аларсың.

Парман. (Ачууланып Асанды муунтуп) Баламдан садагасы кет.

Турдубай. (Парманды табалап) Балаңа күйсөң, катыныңды тыйып ал.

Парман. (Асандын жакасын кое берип, үшкүрүп) Балам эч кимдин тузун уурдаган жок.

Асан. (Пармандын жака белине чыгып) Кырк кишиге бир катын деген заман ушул болот. Колхоз болсоң балаңды да кадакка тартып алышат. Кырк метр жууркандын ичинде кырк бойдоктун ортосунда Айымханыңды көрүп ала бер.

Турдубай. Үйүңдү алат, балаңды алат, катыныңды алат, жүн даярдоо деп сакалыңды да кыркып алат. Тизеңди кучактап койкоюп өзүң каласың.

Парман. (Бетин басып) Кара ниет доңуздар, бул сөзүңөрдү ит уксун.

Асан. «Алтын баштуу катындан, бака баштуу эр артык», эр намысы кан менен дегендей намыс кылсаң болбойбу.

Парман. (Турдубайды жакалап) Айтканыңар распы? Тишиңди чагамын.

Асан. (Сакалын сыйпап) Ушул сакалым менен калп айтсам тозокко түшөйүн.

Парман. (Шалдайып) Кандай айла кыламын?

Турдубай. (Кыт-кыт күлүп) Айла өзүңдүн колуңда, жыйналышка барбагын, катыныӊ келгенде ар жагын өзүң билесиң.

Асан. (Аракка апийим салып, мас болгон Парманга ичирип) Балаң да кас болуп бара жатат, сенин атыңды эмес, энесинин атын жазганын үйрөнгөнүңдө бир кеп бар.

Турдубай. (Пармандын колун кысып) Катыныӊ бузулду. Андан кандайча болсо кутулгун, сулуу кыз тандаганыңда алып беремин.

Асан. «Катын өлсө камчы сап, кайра төшөк жаңырмак».

Турдубай. Дагы бир кылт этип алгын. Сен отура бергин. Биз жыйналышка баралы. Катыныӊ келгенде жаныӊ болсо адебин бербейсиңби...

Асан. Полномочун менен гана чымчылашып олтурган-

дыр. Тилегиң таштай каткыр. (Турдубай менен Асан чыгып кетишет).

П а р м а н. (Өңгүрөп ыйлап) Айымханым мени чанды, полномочун көзүмө кум куйду. Оңбодум, оңбодум.

*Көшөгө түшөт.*

## 3-сүрөт

Көшөгө ачылганда мечиттин жанындагы калың бактын аркасында отурган эл көрүнөт. Шадыбеков сүйлөп жаткан болот. Айымхан менен Жээнтай стол башы болуп олтурушат.

Ш а д ы б е к о в. (Чекесинен терин шыпырып) Сөзүмдү кыскартып айтарым: Мына бул бакты күндүн нуру кандай гүлдөтсө, большевиктер партиясы эмгекчилерди ошондой гүлдөттү. Өмүрдүн кубанычы — эмгек, эмгектин кубанычы — колхоз. Силерге уу жуткурган, алдаган, арбаган бай, молдолордун күнүн соолто турган курал — колхоз. Биргелешип эмгек кылсаңар, тетиги тоону көчүрүп жибербейсиңерби?

Ж э э н т а й. Рас айтасыз.

Ш а д ы б е к о в. Айымхан эжеме өлөр өлгөнчө ыраазымын. Мына замандын гүлү, мына колхоздун жүрөгү. Аялдардын бардыгы Айымхандай болгула! Жашасын жаңы айылдын көркү, жаңы турмуштун чырагы — колхоз! (Эл кол чабышат. Шадыбеков сөзүн бүтүп отурат).

А й ы м х а н. Эми жолдош Тыныбаевдин сөзүн угалы.

Т ы н ы б а е в. Көп үгүттүн кереги жок. Өкмөттүн айтканын орундоо керек. Ким колхоз болбойм десе жоготууга совет өкмөтүнүн колунан келет. Парман деген эмеңерге жыйналышка жүргүн деп жалынсам да болбой койду.

А й ы м х а н. Жок, жалган айтасыз, андай киши эмес болучу.

Т у р д у б а й. Пармандын келбей койгонуна мен деле күбө боло алам.

А с а н. Кашайып эле болбой койду.

Т ы н ы б а е в. Мына ошентип колхоз болосуңар, бай, манаптарча колхоздон качсаңар таарынбагыла.

Ш а д ы б е к о в. Жолдош Тыныбаев, жаңылышасыз. Колхозго зордоп, коркутуп тартпайбыз. Бул кебиңди кой. Ким кааласа кирет, ар кимдин өз көңүлү.

Т ы н ы б а е в. (Күлүп) Кечиресиздер, Пармандын ачуусу менен айтканым, жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.

А й ы м х а н. Бир уйдун сүтү үчүн алты ай жайы түйшүк кылып, туурдугубуз самтырап, керегебиз шалдырап, байларды ээрчип көчүп жүрчү элек. Нөшөрлөп жааган жаанда,

чыкылдаган чилдеде азапты тартып жүрдүк. Эми ал суук турмуш жок. Совет өкмөтүнүн жакшылыгын унутсак, көзүбүзгө жара чыгар. (Шадыбековду көрсөтүп) Силерди билбейм, мен бул инимдин айткандарына түшүндүм. Колхоз менен гана гүлдөп, колхоз менен гана жыргайбыз. Тракторго биринчи жолу мен отуруп кош айдоого убада беремин. (Эл кол чабышат. Айымхан сөзүн бүтөт).

Жээнбай. Эми жазыла бергиле, кана, биринчи ким?

Азимхан. Биринчи мени жаз.

Жээнбай. Мен өзүмдү жазып, андан кийин сени жазам.

Айымхан. Азимхан экөөңөрдөн кийин Парман экөөбүздү жаз.

— Бешинчи кылып мени жазып кой.

Кана алтынчы ким болот?

Асан. Балам, мени унутпа.

Жээнбай. Жетинчи байгеге ким илинер экен?

Айымхан. (Жээнтайдын колун кармап) Жээнтай, байкап жаз. Бешинчи менен алтынчынын алдын сызып койчу.

Жээнбай. Сызып койдум. Жетинчи, сегизинчи ким болот? (Мени, мени деп эл чурулдашат).

Айымхан. Жээнтай, жазбай коё тур, сурай турганым бар.

Тыныбаев. (Жымырылып) Сураңыз?

Айымхан. Колхозго ким көрүнгөн эле кире береби?

Тыныбаев. Ар кимдин өз эрки. Кирем десе, кире берет да.

Шадыбеков. Колхоздо бай, манаптардын жыты да болбоско тийиш. Алар — элдин ырыстуу турмушунун каргашалары.

Айымхан. (Жээнтайга) Чекеси тердеп, колу жоорубай кузгунча кулкулдаган, түлкүчө жойлогон Асандын атын өчүргүн.

Жыйналыштагылар. Туура, туура айтат Айымхан.

Жээнбай. (Күлүп, Асандын атын сызып өчүрүп) Рас эле, молдо, молдо колхоздон айлансын.

Асан. Мен деги колхозуңарга кирбей койсом кутуламбы? Өкмөт мага окшогон мээнеткечтерге көз кырын сала жүрөр. (Асан шашып чыгып кетет).

Айымхан. Ойлогону жамандык, тилегени өлүм.

Азимхан. Жээнтай, Турдубайдын атын да өчүр, коюн багып жүргөнүңдө, мойнуңдан кан агызганы эсиңдеби?

Жээнбай. Аны мен да билип турам.

Азимхан. Турдубайды, куу кекиртектин отурган жерин кетмендеп салуу керек. Көрсөткөн кордугун кантип унуталы.

Турдубай. Мендей бечараларды колхозго албасаңар кимди аласыңар?

Айымхан. (Күлүп) Бечара болуп калгандырсың. Эски туурдугуң үчүн бир ай кой саадырганыңды билесиңби?

Тыныбаев. (Турдубайга көзүн кысып) Чык, калжырабай, колхозго кулак менен молдо алынбайт. (Турдубай чыгып кетет).

Тыныбаев. Асанга окшогон молдолорду, Парманга окшогон кежирлерди колхозго жолотпоо керек.

Айымхан. (Шашып) Парманга бир балаа жолукту. Мен дароо барып ээрчитип келейинчи. (Айымхан чыгып кетет).

Тыныбаев. Жакшы эле чечен элем, ушул Парманга сөзүм өтпөй койду. (Айымхандын аркасынан чыгат).

Жээнбай. Кана, дагы ким жазылат? (Жыйналыштагылар жазыла башташат).

Шадыбеков. (Кубанып):

Күндөн да күнгө жаңылык.
Гүлдөдү айыл жаңырып.

*(Чогулуштагылар Шадыбековго кошулуп ырдашат:)*

Таңшыган булбул талбастан,
Сайрасын, күлсүн, кубансын,
Санжырга көркү келишкен,
Жайнасын колхоз чыңалсын.
Таалайдын багын аралап,
Жаш өмүр сайран кылар кез,
Кубарган тоонун боорунан
Куюлуп жемиш чыгар кез.

*Көшөгө түшөт.*

## 4-сүрөт

Көшөгө ачылганда Парман үйүндө кайгыланып отурат. Парман — жанакылардын айтканы чын болсо, мени кудай төбөмдөн урган экен.

Секетиң болоюн, Айымханым, жаман айтып көңүлүмдү ооруткан жок элең. Мени чанып кайда кетесиң? Баламды жылтыратып кадакка тартып берип кантип чыдап отурам? (Эки жагын каранып Асан кирет).

Асан. (Парманды табалап) Сага чала болду. Катының колхозго кирди, эртең балаңдан айрыласың, бул айылда 19 киши бар, тигил айылдан 21 киши келмек болду. Бардыгы кырк болушуп, анан Айымханды ортого алып жатышат, кемпириңден бетиң күйүп, азабыңды тартарсың.

Парман. (Кулагын басып) Ой бети жок, бул сөзүңдү ит уксун.

Асан. Тебетейиң кана? Катыныӊ полномочунга жагынуу үчүн суусарыңды сеңселтип гана куржунуна салып берди. Ишенбесең тебетейиңди карачы...

Парман. (Тура калып жүктү аңтарат. Тебетейди табалбай шашкалактайт).

Асан. (Кыт-кыт күлүп) Ойнош оттон ысык, деген ошол. Бүгүнкү түнү Айымхандын өнөрүн көрүп ала көр.

(Турдубай кирет, Асан чыгып кетет).

Турдубай. Дагы бир кылт этип ал. (Парманга арак берет).

Парман. Мен бирди көрөм.

Турдубай. Айымхандан тирүүлөй айрылып отурасың, көргөн мындан артык болобу? Полномочун папирос чексе, Айымхан астыртан карап жылмайып отурду. Киши жок болсо айкалыша түшкөндөй. Бирине-бири көз ымдашат. (Тыштан Айымхандын дабышы угулат, Турдубай чыгып кетет).

Айымхан. (Кубанычтуу кирип) Кечеги убада кана? Экөөбүз биринчи болмок эмес белек? Сыртыңдан жаздырган жокмун, баргын, өз оозуң менен жазылгын.

Парман. (Кабагын бүркөп) Кыларың ушул экен да.

Айымхан. (Чоочуп) Эмне болду сага, мас кылышып салышкан го?

Парман. Укмуштуу жорук баштадың. Же сен өлөсүң, же мен өлөм.

Айымхан. Айтчы эртерек, эмне балаа жолукту?

Парман. Суусар тебетей кана?

Айымхан. (Күлүп) Тебетейиңди жүккө катып койгом. (Жүктү аңтарып тебетейди таба албайт, өңү кумсарат).

Парман. (Айымханды кекетип) Таптыңбы?

Айымхан. (Шашып) Ушул жерге каттым эле.

Парман. Акыштанбай эле аныгыңды айт.

Айымхан. Асан менен Турдубайдын колунан келди.

Парман. Ойношуңа тартуу кылып берип, молдого жалаа жабасың.

Айымхан. Кайдагы суук сөздү айтасың, сени ким азгырды? Менде жазык жок.

Парман. (Айымхандын чачынан толгой кармап) Бул кордуктан көркөчө өлгөнүм жакшы. Элдин бетин кантип карайм.

Айымхан. «Ачуу душман, акыл дос», алдагандардын тилине кирбегин, мен акмын.

Парман. (Койнунан бычагын сууруп) Тирүүлөй сенден айрылганча өлтүрүп тынайын.

Айымхан. Түрүң суук. Сени жыландар арбашкан. Менде эмне жазык?

Парман. Эр тандаган, тебетей берген, мени чанган сенин капыңды чачайын.

Айымхан. Менин канымды аракка сатсаң сат.

Парман. (Бычагы менен Айымханды саяйын деп оңтойлонот, кайра колун тартып алып) Мени кара шайтан бастыбы? Жок, коркоолор алдаганга көнбөсмүн. Айымханым ак. Айланайын Айымхан, менин ырысым, чын курбум. (Колу калтырап Айымханга жалбарат).

Сулайман. (Чуркап кирип) Атаке, сенин атыңды жазганды да үйрөнүп алдым.

Парман. Сулайман, апакеңди ыйлаба дечи, мени өлтүр Сулайман.

Азимхан. (Кирип келе жатып) Өлүгүңдү көрөйүн куу молдо, эми ууру кыла баштаптыр. Пармандын тебетейин мечиттин моруна бекитип жаткан экен, колунан жулуп алдым.

Парман. Эмне дейт, молдо бекитип жатыптыр. Айланайын Азимхан, мен ит боло жаздадым.

Азимхан. Душмандардын тилине кирсең иттен жаман болосуң.

Айымхан. Сенин колуңа бычакты ким берди? (Парман чуркап чыгып кетет).

*(Шадыбеков, Турдубай, Тыныбаевдар киришет).*

Тыныбаев. Пармандын колунан ушундай иш келе турган кишибολчу, аны айдатып жиберүү керек.

Турдубай. Парман анык басмачы.

Парман. (Асанды муунтуп, жетелеп кирип) Сакалыңды орттоп, шыйрагыңды чагайын...

Тыныбаев. Өз аялын өлтүрүүгө кол салган канкорду кармагыла.

Парман. (Тыныбаевди жыга тээп) Айланайын эл, журт, мени азгырган бул үчөөнү кармагыла.

Шадыбеков. (Тапанчасын чыгарып, Тыныбаевди, Турдубайды, Асанды жүктүн бурчуна камап) «Кара ит, ак ит баары бир ит» бирөө молдо, бирөө кулак, бирөө улутчул. Бул душмандар элдин ырыстуу өмүрүнүн каргашалары.

Парман. (Айымканга жалбарып) Эмне кыламдесең өзүң бил, мен айыптуу.

Айымхан. (Күлүп, Парман менен Сулайманды кучактап) Эмне кылмак элем, мындан кийин жиндиликти таштагын. Колхозго кирип, ынтымактуу ырыстуу турмуш сүрөбүз!

Парман. Мен ыраазы Айымханым, мен ыраазы. (Парман Шадыкбековду кучактайт). (Эл кубанышат, Айымханды келиндер кучактап өбүшөт).

Парман. (Сүйүнүп) Айланайындар, мени колхозго биринчи кылып жазгыла.

Эл (Кубанычтуу ырдашат):

Шам чырактай дүйнөгө
Жанган киши жашасын.
Таалай жолун элдерге
Салган киши жашасын.
Капалыкты кетирген,
Гүлдөй багып өстүргөн,
Улуу Ленин миң жаша,
Бакыт күнгө жеткирген.

*Көшөгө түшөт*

## СЕМЕТЕЙ

*(Кыргыз эпосу, «Семетейдин» негизинде)**

### КАТЫШУУЧУЛАР:

**Семетей** — Баатыр — 17—18 жаштарда.
**Каныкей** — Семетейдин энеси — 50 жашта.
**Чыйырды** — Семетейдин чоң энеси — 70 жашта.
**Сары таз** — Манастын чоролорунун бири — 40 жашта.
**Карахан** — Семетейдин таятасы — 80 жашта.
**Канчайым** — Карахандын аялы — 50 жашта.
**Бакай** — Манастын курбусу — 80 жашта.
**Абыке** —
**Көбөш** — Манастын кас туушкандары— 60 жашта.
**Бөлөкбай** — Уста — 60 жашта.
**Карлыгач** — Манастын жалгыз карындашы — 35 жашта.
**Жакып кан** — Манастын атасы — 90 жашта.
**Бакдөөлөт** — Жакыптын аялы — 50 жашта.

Булардан башка кандын вазирлери, аскерлери, көпчүлүк эл, Абыке — Көбөштүн чоролору катышат.

### 1-сүрөт

Чоң дарыянын боюндагы калың токой. Каршы-терши жыгылган кайыңдар, жапырылган камыштар. Жаанын огуна сайып алып, Сары таз кыргоол куйкалап отурат.

Сары таз. (Муңканып):
Элимден кеткен жетимди,
Көрөр күнүм бар бекен?
Манастан калган туякты

* 1940-жылы «Өмүр» аттуу жыйнагында басылып чыккан.

Обор күнүм бар бекен?
Калың Ногой көп журтка,
Жетимди көрсөтүп,
Өлөр күнүм бар бекен?..

Баатырдан тууган Семенди,
Бактысыз бейбак жеңемди.
Башынан кайгы кетпеген-
Бөкчөйгөн байкуш энемди.
Алыстан издеп саргардым,
Аман-эсен көрөмбү?..

Дооранын сүрдүм Манастын,
Эркеси болдум Таластын,
Асылым Манас өлбөй кал,
Эңгиреп элден адаштым.
Саргарган сары таз болуп,
Санаттан кеттим пас болуп,
Абыке, Көбөш оңбой кал,
Асылдың мага кас болуп.
Жетимдин көзү жылтырап,
Жеңемдер тирүү бар бекен?
Омурткасы сыздаган,
Он толгонуп уктаган
Энемдер тирүү бар бекен?..

Атым болду торгойдой,
Өзүм болдум ыргайдай.
Жабыркатпай пендесин,
Жалгасачы бир кудай.
Кокустан жазып койдумбу
Кордукту мынча кылгыдай...

Көкүрөгүм чер басты,
Көздөрүмдү сел басты.
Көөкөрдөй болгон келбети,
Көрөмбү жеңем бейбакты...

*(Сары таз чоорун тартып, муңканып ыйлайт. Тыштан сурнай-кернейдин үндөрү угулат).*

С а р ы т а з. (Кубанып тура калып, токойдун арасын шыкаалап карап).

Сур буудан минип жол жүргөн,
Сурнай тартып, кол жүргөн.
Көк буудан минип, жол жүргөн,

Кернейлетип кол жүргөн,
Кабыландай карашы,
Кабылан Манас баласы
Семетей жетим болбосун?..

Көздөрүнөн от жанган,
Беттеринен кан тамган.
Каарына чыдабай —
Карабай киши жалтанган
Беренден калган медерим
Жетимчем келип жүрбөсүн?..

Сурнай-керней тарткандар киришет. Алардын аркасынан кырк жигитин ээрчитип Семетей кирет. Жигиттердин бардыгы жаа асынышкан, кылыч байланышкан. Семетей күмүш кылыч байланып, сыр баракын асынган.

С а р ы т а з. (Кыргоолду куйкалап, кенебей отура берет).

С е м е т е й. (Жигиттерине).

Кең Бухар жерин аралап,
Токойдон кыргоол аткан ким,
Жебенин огун кор кылып,
Шишкебек кактап жаткан ким?
Карахан атам элинен,
Карахан Бухар жеримден,
Көрбөгөн элем мындай жан,
Кайдагы элден келди экен?

С а р ы т а з. (Кыткылыктап күлүп).

Жердүү болуп калгансып
Желиккенин карачы,
Элдүү болуп калгансып
Ээликкенин карачы...
Оңбогур жетим, оңбогур...

С е м е т е й. (Кылычын сууруп, Сары тазды жакалап).

Адамсыңбы, жинсиңби?
Адашып жүргөн кулсуңбу?
Менин атым Семетей,
Атамдын аты Карахан.
Артыкча өскөн баламын.

С а р ы т а з. (Кылычын сууруп).

Өз элиңде жүргөнсүп
Кол көтөрбө Семетей.
Өз жериңде жүргөнсүп,
Бой көтөрбө Семетей.

Кул эмесмин — төрөңмүн,
Ногойдон келген беренмин.
Элсиз-жерсиз көпкөн кул,
Азабыңды беремин.
Чокчоңдоп кылыч суурасың,
Чапканыңды көрөмүн.

Семетей. (Сары таздын жакасын коё берип, сендиректеп кетенчиктейт, колунан кылычы түшүп, үшкүрүп отура калат. Ойлонуп, ойлонуп, кайра кылычын алып, атырылып келип Сары тазды муунтат). Айтарсың тазым айтарсың...

Сары таз. Камандай болгон элсиз кул,
Жериңди таап алсаңчы,
Күчүңдү мага көрсөтпөй
Элиңди издеп барсаңчы.

Жигит башчысы. (Жигиттерге) Оңбодук, балдар, оңбодук. (Жигит башчысы кылычын сууруп чуркап келип):

Колуңду, баатыр, булгаба,
Таздын башын алайын.
Кадырман атаң Карахан,
Урматына чалайын.

Семетей. (Кылычы менен жигит башчысынын кылычын кагып жиберип):

Касиеттүү Сары таз,
Жеримди айтчы сурайын.
Элимди айтчы угайын.
Атыңды токуп жүрөйүн,
Артыңдан жүрүп өлөйүн...

*(Семетей Сары тазга жалбарат, бетинен өбөт. Ыйлайт. Кылычын тике кармап Сары тазга сыйынат).*

Сары таз. (Буркурап ыйлап, Семетейдин маңдайын өөп):

Тулпардан калган туягым,
Туйгунум иним аманбы.
Таалайы өчкөн жалындай
Таанысаң боло агаңды.
Атаң Манас болуучу,
Жериң Талас болуучу.
Ногой деген элиң бар,
Атаң менен бирге өскөн
Бакай деген шериң бар.
Чыйырды деген энең бар,
Карахан деген таятаң,
Каңыкей деген апаң бар.

С е м е т е й. (Кылычын жерге тике сайып жигиттерге карап).

Алды-алдыңдан кеткиле,
Жигитти мага ким койду.
Аргымак тандап ат минген,
Күлүктү мага ким койду.
Ит агытып, куш салган,
Сөөлөттү мага ким койду,
Кур кутуруп жүрүпмүн.
Бирөөнүн атын минипмин,
Бирөөнүн тонун кийипмин.

*(Семетейдин жигиттери жааларын асынып чубап чыгып кетишет).*

Ж и г и т б а ш ч ы с ы. Оңбодук, балдар, оңбодук
Түпкө жетти Сары таз.

Кернейчи-сурнайчылар — Семетейге кол куушуруп сурнай-керней тартышат.

С е м е т е й. Өз элимде жүргөнсүп,
Сурнай угуп не кылам.
Сурнайыңды тартпачы,
Кернейиңди баспачы.
Алды-алдыдан кеткиле,
Сурнай күүсүн уккудай
Элиңде эрке мен эмес.

(Сурнай-кернейчилер үшкүрүп басып чыгышат. Семетейге ыйлап учурашат).

С е м е т е й. (Кайраттанып, кылычын жерден суурул алып, катуу кыйкырып).

Карахан, сага кылбасам,
Элиңди жоодой чаппасам,
Каныңды суудай чачпасам.

С а р ы т а з. (Жарак-жабдыктарын асынып).
Кош болгун, чырак, кош болгун!
Көрүшөрбүз Таласта.

(Сары таз Семетейди маңдайынан өөп чыгып кетет).

С е м е т е й. (Буркурап ыйлап).
Жездем дедим Манасты
Жерим дебей Таласты,
Кармалган кара кул белем,
Кайгылуу жетим мен белем?

(Тыштан Сары таздын чоорунун үнү угулат).

С е м е т е й. (Кайраттанып).

Киндик каным чачылган
Таласымды көрбөсөм.
Каныкей сени өлтүрүп,
Калкыма шилеен бербесем.
Жер кыдырып кетпесем,
Жериме барып жетпесем,
Семетей атым курусун!

С а р ы т а з. (Алыстан ырд.,п).

Баатырдын иши бат болот
Баатырдын сөзү аз болот.

Семетей Сары таздын ырын угуп жарак-жабдыктарын асынып кайрат менен чуркап чыгат.

Алыстан-алыстан керней-сурнайлардын үндөрү, жигиттердин ырлары угулат.

*Чырак өчөт.*

* * *

Карахандын ордосу. Капканы кайтарган күзөтчүлөр. Жагылган шам-чырактар. Салынган шайы, килемдер. Бийчи кыздар Семетейдин астын тороп бийлеп чыгышат.

Жаа тартканды, мылтык атканды, кылыч чапканды туурап бийлешет. Сурнайчы-кернейчилер Семетейге кошомат күүлөрүн чалышат.

С е м е т е й. (*Кылыч-мылтыктарын ыргытып, кабагын бүркөп*).

Шапарыңды теппегин,
Сурнайыңды чалбагын.
Элсиз жүргөн жетимди,
Эрмектеп шылдың кылбагын.

(*Сурнайчылар тынышат. Бийчи кыздар мостоюшуп бир бирден тарап кетишет*).

С е м е т е й. (*Ачууланып кыйкырып*).

Топон кылып калааңды,
Кул кылбасам балаңды,
Ойрон кылып элиңди,
Омкорбосом жериңди,
Сындырбасам белиңди,
Семетей атым курусун!

(Семетей кылычын кармап, өңү кумсарып алтын курсунун үстүнө барып отурат).

(Хандын вазирлери киришип Семетейге бет бага алышпай, бурч-бурчка калтырашып турушат...)

В а з и р л е р д и н  б и р и.   Хан баласы жаш баатыр.
Уруксат бергин суроого.

*(Семетейге баш ийишип, кол куушурушат).*

С е м е т е й. *(Каарданып).*

Табалаган эмедей,
Жарданып неге карайсың.

(Вазирлер бир-бирден житип кетишет).

Семетей үн-сөзсүз кумсарып отура берет. Айткан сөздү укпайт. Эки жагын кылчайып карабайт. Ордого эл толот. Элдин баары Семетейге жарданышып карашат. Карахан чыгат. Элдин баары баш ийип, кол куушуруп ханга салам беришет.

К а р а х а н. Кагылайын жылдызым,
Кандай укмуш жолукту...

Э ш е н - м о л д о. Семетейди тегеректешет. Дуба окуй башташат.

С е м е т е й. *(Каарданып).*

Эмнеге дуба окутуп,
Жинди болгон мен эмес.

Э ш е н - м о л д о. Семетейден алыстай беришет.

К а р а х а н. Айтканыңды кылайын,
Айланайын чырагым
Эмнеге жолуктуң,
Өңүң жездей болупсуң.

С е м е т е й. (Караханды түртүп жиберет. Элдин баары Караханды жөөлөшөт. Эшен-молдолор эшикти көздөй качышат).

К а р а х а н.   Канкорду тарткан арам кул,
Карганча бойдок койбосом.

*(Эл чурулдашып Караханды сүйөп алып чыгышат. Канжокөрлөрү менен Канчайым кирет).*

К а н ч а й ы м.   *(Ыйлап)* Кулунум, сага не болду?
Өрттөбөчү энеңди!

Канчайым Семетейдин маңдайынан сылайт. Келин-кыздар Семетейди тегеректешет.

С е м е т е й. (Кумсарып, кылычын кармап үнсүз-сөзсүз отура берет.)

К а н ч а й ы м. Чолпондой болгон баламдын,
Эжекесин чакырчы.

Сурнайчылар күү тартышат. Кыздар Семетейге жүгүнүп бийлешет. Семетей эч кимге карабайт, эч ким менен сүйлөшпөйт.

К а р а х а н. *(Баш багып).*   Карыганча бойдок койбосом,
Карахан атым курусун.

(Каныкей менен Чыйырды киришет).

К а н ы к е й. Кабагың эмне бүркөлөт, иним,
Эжеңди капа кылбачы.

С е м е т е й. *(Ыргып тура калып, ак канжарын суурул).*

Карабет сени жарайын,
Калкымдан безген баламын,
Карабет сени өлтүрүп.
Калкыма анан барамын.
Кабыргаңды сөгөйүн,
Каныңды суудай төгөйүн,
Өзөнү жайык кең Талас
Жеримди неге айтпадың,
Окшомдуу ногой көп журтум,
Элимди неге айтпадың.
Жерим Талас турбайбы,
Көп ойнодум, көп күлдүм,
Көп өмүр бошко өткөрдүм,
Эселек өскөн мен шордуу,
Энемди — эжем деп жүрдүм.
Эжем эмес, энемсиң.
Эмгектүү сенден төрөлдүм,
Каныңды сенин төкпөйүн,
Тегимди айтып бересиң...

К а н ы к е й. *(Муңканып).*

Согончогум канабай,
Бир перзентке жарабай,
Туубас эжең мен болом,
Кайдагыны айтасың.
Жериң ушул туулган,
Манасыңды билбеймин,
Таласыңды билбеймин,
Чолпонум, боорум, кыйнаба мени.

С е м е т е й. Тегимди айтпай жашырып
Кул кылайын дедиңби,
Хан атаңдын колунда
Кул кылайын дедиңби.
Айтпасаң дагы кетемин,— эне!..

Ч ы й ы р д ы. *(Буркурап ыйлап, Семетейдин мойнуна асылып).*

Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кылгын, алтыным
Балтыр этиң толо элек,
Барал чагың боло элек.
Күрөшкө күчүң жеткенде,
Күз айланып өткөндө,
Алышка алың жеткенде,
Жаз айланып өткөндө,
Анан барчы, айнегим!...

К а н ы к е й. *(Боздоп ыйлап, Семетейди кучактап).*

Бейбак энең мен элем,
Берендин уулу сен элең,
Азаптуу энең мен элем,
Арыстандын уулу сен элең;
Атаң Манас өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө
Абыке, Көбөш эки кул,
Арамдар малды бөлгөндө,
Азапты апаң көргөндө,
Бакайды салып ортого,
«Ата өлсө соору керек деп
Ага өлсө жеңе керек деп»
Аламын деп кыйнашкан мени.
Жалгызды алып келгин деп.
Баласын мууздап Манастын,
Бир кашык канын бергин деп
Көбөш кул сени соёрдо
Чоң энең менен качканбыз,
Арып-ачка, жөө жалаң,
Айлык жолду басканбыз.
Алмадай сени корголоп
Атамдын шаарын тапканбыз…

С е м е т е й. *(Эки энесин эки колтугуна кысып, кубанып).*

Айткыла жолдун маанисин:
Канча дабан ашамын,
Канча дайра кечемин,
Касиеттүү жериме
Качан барып жетемин.

К а н ы к е й. *(Жашын аарчып, кайраттанып).*

Мелмилдеген чөл келет,
Эшилип жаткан кум келет,
Элирип аккан суу келет,
Белестен-белес бел келет,
Мөмөлүү сонун жер келет.
Ашуусу бийик тоо келет,
Алдыңдан чыгып жоо келет,
Жоргонун белин ашарда
Жериң Талас көрүнөт.
Пайгамбар сындуу бабаңар
Бакай деген абаң бар.
Тайбуурул буудан атың бар.
Ак тайган алгыр итиң бар.
Он эки кулач сыр найза,
Эшик төрдөй ай балта
Ушунун баарын ала көр,

Казыначы Бөлөкбай
Бөлөкбайга бара көр.
Кадырман абаң Бакайга
Кадырлап торко жаба көр.

Ч ы й ы р д ы. (*Эмшеңдеп ыйлап*).
Саламат барып — сак келгин,
Сагындырбай бат келгин,
Жолуңду кудай жолдосун,
Жолборс атаң колдосун;
Беренимдин жалгызы
Бериште болсун жолдошуң!..

С е м е т е й. Айланайын, апаке!
Жолумдан душман көп чыгар...
Кадырыңды сатсаң да,
Атаңдын кара олпогун сурап бер.

К а н ы к е й. Атамдан бетин көрбөскө каргыш алган жерим бар, балам. Атакең сураткanda да бербей коюп томсортуп койгон энеңди.

С е м е т е й. Сурап бер, апа, сурап бер.

К а н ы к е й. (Акырын басып барып Карахандын каалгасын ачат. Эшик ачылганда алтын тактын үстүндө отурган Карахан чоочуп тура калып).

К а р а х а н. Көп жылдан бери көрбөгөн,
Баламдын бетин көрдүмбү:
— Сурачы эмне келиптир.

К а н ч а й ы м. *(Чуркап келип).* Карегим кызым, кагылам!

К а н ы к е й. Атамдын сыры белгилүү.
Томсорткон кызын томсортот.
Сапарга чыккан жээни,
Кара олпогун берсин дейт.

К а р а х а н. *(Алтын тактан түшө калып, ачууланып).*
Кара бет — дагы эмне дейт?

*(Чебелектеп тагына кайра отуруп).*

Жоболоңдуу жоо келсе,
Жоого кийчү олпогум,
Үч Манасы бир келсин,
Олпогумду бербеймин.
Олпогумдан айрылып
Каршылашкан жоо келсе
Найзасынан өлбөймүн.

К а н ч а й ы м. *(Ак куржунду аңтарып).*
Кууураган как баш оңбойсуң,
Беренден калган жалгызга,
Бербейт деген эмне.

*(Канчайым кара олпокту Каныкейге суурул берет. Карахан олпокту талашат. Канчайым Карахандан олпокту булкуп алып Семетейге кийгизет).*

*(Каныкей Семетейге кылыч тагып, мылтык асат).*

К а р а х а н. Көрөмүн, жетим, көрөмүн,
Эл ичинен кыз бербей,
Эшигимден туз бербей,
Какшатармын, шум жетим.

Сурнай-кернейчилер күү тартышат. Бийчи кыздар бийлеп чыгышат.

С е м е т е й. *(Кубанып, жарак-жабдыгын асынып, камчысын колго алып).* Кутмандуу элим кайдасың!

Ж и г и т б а ш ч ы с ы. *(Семетейге кол куушуруп).*
Кырк жигиттен кол жыйнап,
Өңчөй баатыр мол жыйнап,
Сапарыңа кошоюн.

С е м е т е й. *(Кайраттанып).*
Кантип аскер алайын,
Кайраттуу өскөн баламын.
Калың ногой журтума,
Кай бетим менен барайын.
Туйгун атам Манастан
Туулган бала мен болсом.
Жолдош албай жаныма
Жолкумду өзүм чалайын.
Коркконсуп жигит ээрчитпей
Койгула, өзүм барайын.

*Семетей жөнөйт. Эл учурашат. Каныкей менен Чыйырды боздоп-ыйлашат.*

К а н ы к е й. Өчпөстүн отун жагармын,
Өлбөстүн тонун киермин.
Ажалым жетип өлбөсөм,
Жолуңду карап жүрөрмүн.
Алты кабат бир желдик,
Айлана басып капшырдым;
Акырет кеткен атаңдын,
Арбагына тапшырдым.

К а р а х а н. *(Тескери бата берип)*
Кумда калсын өлүгүң,
Түк жакшылык көрбөгүн;
Ажыдаар чыксын жолуңдан,
Келбесин ишиң оңунан.

Эл чурулдашып Семетейди жөнөтүшөт. Сурнай жана Каныкей менен Чыйырдынын ыйлаган үндөрү угулат.

*Көшөгө*

**2-сүрөт**

Таластын Алатоосу. Өзөн толгон калың токой. Туптунук дарыя. Манастын күмбөзү. Сырдалган чоң күмбөздүн бооруна жазылган арабча-фарсча-кытайча жазуулар. Манас жарадар болгондо Ак куланын жалына өбөктөп, сыр найзаны таянып туруп түшкөн сүрөтү күмбөздүн күн батыш жагында тартылган. Күмбөздүн күн чыгыш жагында Манас менен Бакайдын жана Алмамбет, Сыргак, Чубак, Серектердин сүрөтү тартылган.

Күн чачырап жаңы тийген. Кылыч-мылтык асынган ак сакал Бакай төө кайтарып жүрөт.

Б а к а й. Чөк, какбаштын төөлөрү.
Ж а к ы п  к а н. *(Тыштан).*

Төө жоголсо куу Бакай,
Көрбөгөндү көрөсүң,
Ажалдан мурун өлөсүң;
Алача көөкөр сүйлөтүп,
Алайтамын көзүңдү.
Булдурсун менен салгылап
Канжалатам бетиңди.
Сакалыңды жуламын,
Сабатып — санат кыламын.

Б а к а й. *(Буркурап ыйлап, жалгыз көздүү дүрбүсүн жанынан суурул алып өңүлүп карайт).*

Жалгызымды карайын,
Жан-жагыма салайын
Кеткени он төрт жыл болду;
От жетиге чыккандыр:
Сермелип атка минсечи,
Семетей жетим келсечи.
Булкуп салып мурутту,
Жулкуп салып сакалды,
Эмгектүү Бакай көрсөчү.

Ж а к ы п  к а н. (Алыстан-алыстан)

Жаңы кирген кара атан,
Тайлакты чайнап койбосун.
Сак болгун, Бакай, сак болгун.

Б а к а й.  *(Боздоп ыйлап, муңдуу үн менен).*

Манас жүрдү кол баштап,
Бакай жүрдү жол баштап;
Төрөм Манас барында,
Дөөлөтүм мол чагымда,
Ошондо неге өлбөдүм.
Ат чаптырып, аш берип,
Бакайыңды көмбөдүң.

Жоголгонум табылып,
Чолпонум жетим келбедиң!..
Корумдуну ашканда,
Коконду барып чапканда,
Ногойду өзүм билгенде
Торкону тандап кийгенде,
Жоргону тандап мингенде,
Ошондо неге өлбөдүм.
Ардагым Манас чагындай
Алмамбет, Чубак барындай
Тулпардан калган туягым
Туяктан калган канатым,
Семетей келсе болбойбу,
Кубантып Бакай абасын.

Бакай белине түшкөн ак сакалын толгой кармап алып, буркурап ыйлап турат. Дүрбүсүн дагы салат. Алыстан келе жаткан караанды көрүп Бакай шашат. Дүрбүсүн улам-улам салып:

Тулку бою Манастай,
Эки көзү чырактай;
Минген аты жулкунат,
Кийген тону кулпунат.
Атка отурган келбети,
Атасы Манас өңдөнөт.
Таңдагы тийген чолпондой,
Көз айнектей бир бала,
Жалтыр-жалтыр жалт этет.
Торко кийген өңдөнөт.
Тыпыр-тыпыр чаң чыгат,
Жорго минген өңдөнөт.
Кайнардын кара көзүбү,
Как жалгыздын өзүбү,
Же жолоочу жүргөн кишиби.
Жолоочу болсо жол сураар,
Жортуулчу болсо эл сураар...

С е м е т е й. *(Тыштан ырдап кирет).*
Аргымагым астымда арыктады,
Ата журтум издедим алыстагы.
Калың ногой кайда экен тууган элим,
Турак кылып жайлаган Таластагы.
(Бакайды көрө коюп).
Ассалоом-алейким!

Б а к а й. *(Семетейге жакындап, Семетейди тегерете тиктеп).*
Алеки-салам, жаш бала,
Ат ыргайдай болуптур,

Чырагым, кайдан келесиң.
Солокотуң карасам,
Кай тарапка барасың,
Алысты баскан баласың;
Кай тараптан келесиң,
Уялаш жалгыз Карлыгач,
Эр Карлыгачтан туулган,
Кабылан Манас жээнсиң.
Жолоочу болсоң жол мына;
Кайнап жаткан калың журт,
Калың ногой эл мына!
Бузбай айткын сөзүңдү,
Бүшүркөп турам өзүңдү!..
Кайгылуу Бакай мен болбо,
Калкымды чабар эл болбо;
Кап атасын кайсаган,
Кайгылуу жетим сен болбо.
Жердеген жериң кайсы жер?
Элдеген элиң кайсы эл?
Эрдеген эриң кайсыл эр?

Семетей күмбөздү тегеренип карайт. Жазууларын окуйт. Атасы Манастын сыр найзага сүйөнүп түшкөн сүрөтүн көрөт. Мылтыгынын оозун өңүлтүп, кылычын тике кармап ант берет.

Б а к а й. Жөнүңдү айтчы эртерээк, балам!

С е м е т е й. Бул күмбөз кимдин күмбөзү?

Б а к а й. *(Үшкүрүп).*
Күмбөздүн жайын сураба, балам,
Сендей эрдин күмбөзү.
Тегиңди айтчы эртерээк, балам?
Жериңди айтчы эртерээк, балам!..

С е м е т е й. Койгун байым сөзүңдү,
Билбеймин сенин өзүңдү.
Байгамбар жашка келипсиң,
Жөнүмдү сурап нетесиң,
Элимди сурап нетесиң,
Эримди сурап нетесиң.
Тегимди сурап нетесиң...
Кең Бухар деген жерим бар
Бухарда калың элим бар.
Карахан деген эрим бар.
Калкыңды чабар алым бар.
Жердин жөнүн айткандай,
Ченчи киши мен эмес,
Элдин жөнүн айткандай,
Элчи киши мен эмес.

Катарлап тиккен айлың ким?
Карыя, айтчы дайның ким?
Көгөрүп аккан көк дайра,
Кимдин суусу аталат?
Көрүнүп турган бийик тоо,
Кимдин тоосу аталат?
Чытырма кара токойду,
Аралаган ким болот?
Көк шибердүү кең төрдө
Желесин тартып ким конот?

Бакай. Мен бир шордуу абышка, балам.
Куш качырган эмедей
Көктү карап жүрөмүн.
Жалгызымды келет деп
Көпкө карап жүрөмүн.

Семетей. «Жалгызым» деп зарлайсың,
Сенин жалгызың кандай неме эле?

Бакай. *(Семетейге жакындап).*
Кайгылуу Бакай мен болбо,
Канкордун уулу сен болбо?
Эр Манастан айрылган,
Эмгектүү Бакай мен болбо.
Эсилим жалгыз сен болбо?
Азаптуу Бакай мен болбо,
Алыскы шаарда тентиген,
Айнегим жалгыз сен болбо?

Семетей. Манасыңды ким билет,
Бакайыңды ким билет.
Бухара деген жеримден,
Карахандын элинен,
Жортуулга чыккан эр болом.

Бакай. Бухардан болсоң, жаш бала,
Менин кудам экенсиң.
Жаш кезиңде тентиген,
Таятасында телчиген
Манастын уулу Семетей,
Баатырды билер бекенсиң?

Семетей. Каныкей эжем кайгыда
Каңгырап жүрөт жол карап.
Баласы кеткен элди издеп,
Жоголуп кетти дайынсыз
Кумда өлүгү калган бейм,
Кузгун-карга тойгон бейм.

Бакай. (Сакалын сылап, бакырып ыйлап).
Жалгыздан калбай өлөйүн
Мени көргө коюп кет, кудам.

*(Бакай боздоп ыйлайт. Сакалын жулуп, башын күмбөзгө койгулайт. Семетей шашып кетип, Бакайды сыга кучактап).*

Семетей. Ойноп айткан кебиме
Оёнум Бакай, не болдуң,
Эркелеп айткан кебиме
Эсилим Бакай, не болдуң.
Кайраты мыкты эр деген,
Каныкей энем көп айткан
Кан Бакай асыл шер деген.
Жалгызың, жетим мен болом, аба!

Бакай. *(Семетейди кучактап алып ыйлай берет).*

Семетей. Ыйдын түбү — ый деген,
Ыйлабай, Бакай, кайрат кыл.
Кагылайын Хан абам,
Кегиңди алып беремин.

*(Бакай менен Семетей кучакташып ыйлашат).*

Бакай. Сен келет деп, жалгызым,
Атаңдан калган мүлктү,
Казына кылып сактагам.

Бакай Семетейди ээрчитип күмбөздүн маңдайындагы таш дарбазаны көрсөтөт.

Семетей дарбазанын оозуна койгон чоң таштарды кулата-кулата тээп, дарбазаны ачат. Дарбаза ачылганда алтын-күмүш мүлк көрүнөт. Манастын Ак олпогу, сыр найзасы, ак бараңы, булдурсуну илинүү турат.

Манастын жарак-жабдыктарын Бакай Семетейге тагат. Ак олпогун кийгизет.

Семетей. *(Кара торкону Бакайга кийгизип).*
Ушул да болсо кийип кой, аба!

Бакай. *(Семетейди тегеренип карап).*
Атасын тарткан арстаным жетим,
Мүчөлөрүң Манастай
Шай жарашты жарактар.

Семетей таштарды кулатып, дарбазаны кайра жабат. Бөлөкбай аркы жондун башынан ак келтени бетке кармап, казынадан чыгып бара жаткан Семетейди атмак болот.

Бакай. *(Кыйкырып, кубанып).*
Өпкөңдү аткыр, Бөлөкбай!
Ак келтени таштагын,
Арыстанды атпагын
Сүйүнчү, Бөкө, сүйүнчү,
Туйгундун уулу тулпарым,
Асылдан калган султаным,
Маңдайымда жаркыным,
Жаркырап чолпон алтыным,
Семетей келди, мынакей!

(Бөлөкбай ак келтени колунан ыргытып жиберип, жондон чуркап түшүп, Семетейди кучактап ыйлайт).

С е м е т е й. Кайгылуу күндү көп көрүп,
Карып болуп калыпсың.
Сөөктөрүң аркайып,
Арык болуп калыпсың...
Аманбы, Бөкө, аманбы?

Б а к а й. *(Кубанып).*
Ыйлаба, Бөкө, ыйлаба!
Чакчаңды сунчу аталык.

*(Бөлөкбай кончунан чоң чакчасын сууруп Бакайга берет).*

Б а к а й. (Семетейге)
Калың ногой көп журтуң,
Элиңе кабар айталык—
Тыныгып алгын, айнегим.

*(Бакай менен Бөлөкбай чыгып кетишет).*

Семетей күмбөздүн катын окуп, атасынын сүрөтүн көрүп кайгырат.

Сырдатып салган күмбөзүң,
Туйгунум, атам, үн берсең.
Мемиреп уктап жатасың,
Берениң уулуң мен келсем.
Ак найзаны асындым,
Ак олпогуң жамындым,
Алыстан издеп мен келип,
Арбагыңды сагындым.
Күмбөздө даана жазылган
Күнүңдү билдим катыңдан,
Жалгыздан-жалгыз мен калып
Жабырды тарттым жашымдан.
Санабай жылдыз батырган,
Уктабай таңды атырган.
Убайлуу энем Каныкей,
Уктурбай сени жашырган.
Атам дебей Манасты,
Жерим дебей Таласты,
Чоочун жерди жер дедим.
Чоочун элди эл дедим.
Касиеттүү тууган жер
Кайгырып мурун келбедим.

Көтөр, Манас, башыңды,
Көлдөтөйүн жашымды.
Баатыр балаң мен келдим,
Бакырып жоого чакырчы.

Жер дүйнөнү кезейин
Жер кыдырып өтөйүн,
Жолборс Манас сен болсоң,
Жолумду башта, кетейин.

Семетей күмбөзгө сүйөнүп, көзүнүн жашын сүртүп үшкүрөт. Эркекче кийим кийинген, кылыч-мылтык асынган Карлыгач жондон көрүнөт.

К а р л ы г а ч. *(Кайраттанып кылычын суурун).*
Даарат албай бейитти
Аралаган сен кимсиң,
Кан Манастын күмбөзүн
Сагалаган сен кимсиң?
Каныңды суудай төгөйүн чечек.

Семетей менен Карлыгач кылыч суурушуп, бир-бирине атырылышат. Карлыгач Семетейди шаштырып, сайып салууга оңтойлонот.

Б а к а й. *(Бакырып чуркап кирип).*
Тумшугу жок, кара бет,
Ташка тийсин кылычың,
Семетейге кас болуп,
Бул эмне кылышың?

К а р л ы г а ч. *(Кылычын алыс ыргытып, Семетейди кучактап ыйлап).*
Тулпардан калган туягым,
Туйгунум жалгыз чырагым.
Атаң менен бир тууган
Алдыңда эжең турамын.
Капысынан мен бейбак,
Сайып сала таштадым,
Кагылайын чыракты
Майып кыла таштадым.

Б а к а й. *(Семетей менен Карлыгачты беттештирип).*
Атаң Манас Султандын,
Карындашы Карлыгач.
Атаң менен бир жаткан
Жатындашы Карлыгач.

С е м е т е й. *(Кылычын тике кармап ант кылып).*
Эжеме кылыч шилтедим
Эсимден танган жетиммин.
Байкабай кылыч көтөрдүм.
Күнөөмдү, эже, кечиргин!

Карлыгачка кол куушуруп, кулдук кылат.

Бакай, Семетей, Карлыгачтар Манастын күмбөзүнө табынышып-зыярат кылышып чыгып кетишет.

Чурулдаган элдин учурашкан үндөрү, керней-сурнайлардын күүлөрү угулат.

*Чырак өчөт.*

## 3-сүрөт

Жакып кандын үйү. Он эки канат боз үйдүн ууктары сырдалган, күмүш менен чырмалган. Зымдан боосу тартылган, босогосу сары алтын, жабык баштын баарысы — карыш кундуз жээктүү, керегеси ак күмүш, чамгарагы чылк күмүш, жибектен чийип чырмаган, үзүктөрүн бордоткон, шары-килем салдырып, алтын тагын орноткон.

Үйдүн төрүндө тактын үстүндө алтын тажы кийип купкуу сакал Жакып кан отурат. Аюу талпактын үстүндө Бакдөөлөт отурат.

Бакай. *(Шашып кирип).* Сүйүнчү, Жакып, сүйүнчү!

Жакып. *(Бакайга ачууланып).*

Төөлөрдү кайда таштадың!
Сонун жорго минипсиң.
Сонун торко кийипсиң,
Канкордуң көзү барындай,
Кадимкидей болупсуң,
Кандай күнгө жолуктуң?

Бакай. Сүйүнчү, какбаш, сүйүнчү!

Жакып. *(Тактан ыргып түшүп, Бакайга кылычын суурун).*

«Какбаш» деп терген өзүмдү,
Жоготоюн көзүңдү.
Куу башыңды жарайын,
Кердирип санап кылайын.

Бакай. (Жакыптын кылычын кагып).

Сүйүнчү, какбаш, сүйүнчү!
Ажыдаар кейиптенген,
Алыстан Манас беттенген,
Семетей келди, сүйүнчү!

Жакып. *(Кылычын ыргытып жиберип, Бакайдын мойнуна асылып).*

Кунан кой союп оозуңду,
Май кылайын, кан Бакай!
Балам кайда көрсөткүн!
Калың Ногой журтума,
Кан кылайын баламды,
Чолпонум турса башыма
Той берейин калкыма.
Кагылайын кан Бакай.
Сүйүнчүңө торкону ал,
Суу чайпалбас жоргону ал!
Ачыгып келген айнекти,
Алып кел Бакай, алып кел!

Бакай чыгып кетет. Жакып кан чөбеленип ары-бери жүгүрөт. Өңү кумсарат. Алыстан-алыстан Бакайдын кубанычтуу кыйкырыгы, сурнай-кернейлердин үндөрү угулат.

Ж а к ы п. О, Бакдөөлөт, байбиче,
Эми арга не болот
Өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өлүмдөн калып телчиген,
Манастын уулу шум жетим
Душман келген турбайбы.
Бир аякка бал чайка
Бир аякка уу чайка,
Бакайга балды сунагөр,
Чунакка ууну куя көр.

Б а к д ө ө л ө т. *(Капаланып).*
Арам өлгүр куу какбаш,
Ушул сөздү ит уксун.
Манастан калган туякка,
Уу сунбаймын чыракка.

Ж а к ы п. Душманды туяк дегениң,
Кабыргаңды сөгөйүн.
Каныңды суудай төгөйүн.

*(Кылычтын сабы менен Бакдөөлөттү сабайт.)*

Б а к д ө ө л ө т. *(Буркурап ыйлап).*
Канкор какбаш, ууңду,
Чылайын эми, чылайын.

Ж а к ы п. Койлуу катын куйрук жейт
Эрдүү катын таяк жейт.
Көп ыйлаба, кара бет,
Бежинден алган ак ууну
Кашкардан келген кара ууну
Сыр аякка чылагын.
Манастан калган тукумду
Өлтүрүп санат кылайын
Тамырын такыр жулайын...

Бакдөөлөт алтын сандыгын аңтарып, чоң сыр аякка мүйүз кутунун ичиндеги уудан чылайт. Бир сыр аякка бал чылайт.

Жакып алапайын табалбай кылычын койнуна катып, ак балтаны жеңине катат. Ызырынат, өңү кумсарат. Семетейди ээрчитип Бакай кирет.

Б а к д ө ө л ө т. *(Буркурап ыйлап, Семетейди кучактап).*
Айбандын оозун кердиңби,
Айланайын айнегим,
Аман-эсен келдиңби?
Эмгегиң тарткан жашыңдан.
Элиңден сени качырган
Эки энең аман жүрөбү?

Ж а к ы п. *(Ыйламыш болуп).*
Жалгызым аман барсыңбы?
С е м е т е й. Касиеттү кан ата,
Алдыңдагы кулуңмун.
Ж а к ы п. *(Бакдөөлөткө көзүн кысып).*
Ачып келген балама
Алып келчи балыңдан,
Айчылык алыс жол басып,
Аңсап келген балама.
Булагы жок көл кечип,
Чаңкап келген балама.

Жакып кан өзүнүн тагына отурат. Семетей менен Бакай аюу талпак салынган күрсүнүн үстүнө отурушат.

Бакдөөлөт балды Бакайга, ууну Семетейге сунат. Бакай балды жутуп жиберип, сыр аякты тегеретип жиберет.

Семетей ууну жутмак болгондо.

Б а к а й. (Семетейге).
Адепсиз өскөн жалгызым,
Атаңдан мурун ичесиң.

С е м е т е й. *(Шыр тура калып, сыр аякты Жакыптын оозуна такап):*
Атасынан баласы,
Мурун ичти дебейби,
Калың Ногой көп журтуң,
Ушак-айың кылбайбы.
Жутуп кой, ата, жутуп кой!
Ж а к ы п. (Эки көзү чакчайып).
Мен ыраазы чолпонум,
Тартып кой балды, тартып кой.

Б а к д ө ө л ө т. *(Тескери карап).* Ажалың жетти, куу какбаш!

Б а к а й. Атасынан баласы
Озунуп мурун ууртабайт.
Кандай жорук баштайсың
Кан Жакып, жутуп жибергин!

Жакыптын эки көзү чакчаят. Тагынан түшө качат.

С е м е т е й. *(Жакыптын сакалынан кармап туруп, ууну оозуна куят).*
Өзү баатыр кимди аяйт.
Чоң атасын өлтүргөн,
Чогоол канкор болоюн.

Жакыпка ууну ичирип жиберип, сыр аякты чамгаракты көздөй ыргытат.

Бакдөөлөт бакырып ыйлап Жакыпты басып жыгылат. Жакыптын эки көзү алайып, тыбырчылайт. Көкүрөгүн муштагылайт. Ооналактап-үшкүрүп жатып өлөт.

Абыке менен Көбөш кирет.

Б а к а й. Абыке, Көбөш, сүйүнчү!
Агаңдан калган туягың
Семетей келди чырагың...

К ө б ө ш. *(Бакайды булдурсун менен башка бир салып).*
Жөөлүбө, Бакай, жөөлүбө.
Кан атасы өткөндө,
Кардын жарып салганмын
Кайдан келсин Семетей.

С е м е т е й. *(Кол куушуруп).*
Кан абалар аманбы?

Абыке ыйлап келип Семетей менен көрүшүп оң бетинен өбөт. Кылычын сууруп Семетейге сунат.

К ө б ө ш. *(Өңү кумсарып жигиттерин чакыртып).*
Кел, жигиттер, келгиле!
Канын суудай төгөйүн,
Манастан калган жетимдин
Баатырдыгын көрөйүн.

Көбөштүн кырк жигити кылыч-найзалары менен Семетейдин кырк жагынан чыгышат.

С е м е т е й. *(Кылычын сууруп, каарданып).*
Атам Манас болгон соң,
Кантип коркок болоюн.

Семетей кылычын шилтегенде кырк жигит кылыч-найзаларын таштaшып дыркырап качып чыгышат.

Көбөш кылычын жерге ыргытып, шалдайып турат.

Калың эл чуркап киришип Семетей менен көрүшүп, чурулдап ыйлашат. Тыштан кыз-келиндердин, сурнай-кернейлердин үндөрү угулат.

С а р ы т а з. *(Кубанып).*
Элиң ушул жалгызым,
Жериң ушул жалгызым!

*Көшөгө*

# АЛТЫН КЫЗ

## КАТЫШУУЧУЛАР:

**Жапар** — басмачыларды жоготуу үчүн түзүлгөн эрктүү отряддын командири — 25 жашта.

**Чынар** — колхоз жумушундагы активдүү кыз — 17 жашта.

**Эне** — Чынардын энеси — 55 жашта.

**Кузнецов** — эски жумушчу. Иваново-Вознесенскийден келген (25 минчи) — 45 жашта.

| | | |
|---|---|---|
| **Ажар** | — | Чынардын курбусу — 25 жашта. |
| **Момуш** | — | Мурунку кулак, соодагер. Басмачы — 40 жашта. |
| **Калыбек** | — | Эл ырчысы — 60 жашта. |
| **Токтор** | — | Бай 70 жашта. |
| **Берик** | — | дувана — 45 жашта. |
| **Калдык** | — | жесир катын, басмачылардын тыңчысы. Улутчул 35 жашта. |
| **Ады-корбашы** | — | 55 жашта. |

Булардан башка: кыз-келиндер, жигиттер, көпчүлүк эл, отряд жана басмачылар катышат.

## I көшөгө

Алыстагы көрүнгөн ак кардуу тоо. Толгон ай. Тирелишип өскөн кайыңдардын бутактарына курулган селкинчектер. Жасалгалуу кийинген кыз-келиндер, жигиттер шаттуу ойноп ырдап жатышат.

Б а а р ы. Кыл аркандын селкинчек
Кыздар ойноп эркиндеп,
Кыл аркандын селкинчек
Кыздар да ойноп эркиндеп,
Айлуу түндүн салкын жел
Айдай тепсек желпинсек,
Айлуу түндүн салкын жел
Айдай тепсек желпинсек.

Ж и г и т т е р. Жашыл көйнөк түрдөй жан
Жаш өмүрүң гүлдөй жан,
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жанып келбейт мындай жан.

К ы з д а р. Кызыл көйнөк түрдөй жан,
Кыз өмүрүң гүлдөй жан,
Кыз өмүрүң өткөн соң
Кызый келбейт мындай жан.

Б а а р ы. Кара болот шамшардын
Илебиндей жаштар ай,
Кара ителги шумкардын,
Түлөгүндөй жаштар ай.
Жаз чыкканда дарактын
Гүлүндөйсүң жаштар ай.

Ж и г и т т е р. Сен да селки
Сен да селки
Миң кызыктын гүлүсүң,
Жан эрмеги
Жан эрмеги

Жаштын сулуу түрүсүң.
Сайрап турган
Сайрап турган
Талда булбул үндөнүп,
Сагынтарлык
Сагынтарлык
Кандай сонун күлүшүң!

К ы з д а р. Сен да бозой
Сен да бозой
Миң кызыктын көркүсүң,
Сен да бозой
Сен да бозой
Эрмегисиң селкинин,
Шаттуу жаштар
Шаттуу жаштар
Көркү болгун өлкөнүн,
Шаттуу жаштар
Шаттуу жаштар
Көркү болгун өлкөнүн!

А ж а р. *(Кубанып).*
Сулуу түндө үн салган
Элдин шаттуу жаштары,
Кимди сүйөт болду экен,
Элдин Жапар арстаны?

К ы з д а р. Кимди сүйөт болду экен-
Элдин Жапар арстаны?

Ж и г и т. Токсон кайрып ышкырган
Тоонун эркин улары,
Кимди сүйөт болду экен
Кыздын сулуу Чынары?

Ж и г и т т е р. Кимди сүйөт болду экен
Кыздын сулуу Чынары?

Б а а р ы. Тоодо кирген дайранын
Шарындайсың жашчылык,
Толкун өмүр бар чакта
Жалындайсың жашчылык,
Кимди сүйөт Чынар жан
Кимдин көөнүн шат кылып?

Ч ы н а р. Адамзаттын жадырап
Гүлдөп турган кези ушул,
Акын булбул комузун
Күүлөп турган кез ушул,
Агын суудай шар менен
Бийлеп турган кез ушул.
Келин дебей, кыз дебей

Кемпир дебей, жаш дебей,
Өмүр күнүн сүрөбүз,
Өркүндөйбүз күлөбүз,
Өчпөс таалай мекени —
Өлкөбүздү сүйөбүз.

Үндөр. Бали Чынар! *(Алыстан-алыстан аттардын дүбүртү, отряддын ыры угулат).*

Тулпарды минип жоо чапкан,
Шумкардай учкул жол баскан
Жел айдап эркин өскөн кез
Желбиреп жайлоо гүл ачкан.
Жүрөгү туйлап кубанган,
Сүйгөнүң жардай буралган.
Касташкан душман жок болор
Кайраттуу биздин куралдан.

Ажар. *(Сүйүнүп).*
Коюу түндүн кучагынан
Тигил кайсы үн салган,
Күткөн Жапар ошол болот
Чынар мында нурданган!

Баары. Булбул талдан үн чыгарса
Мууну бошор Чынарча,
Солкулдатып жаш жүрөгүн
Чоорун тартса уларча.
Коюу түндүн кучагынан,
Тигил кайсы үн салган,
Күткөн Жапар ошол болот,
Биздер мында нурданган.
*(Отрядчылар киришет).*

Жапар. Отряд, смирно!
*(Отрядчылар тизилип турушат).*

Жапар. Оюн курган келин, кыздар
Оюндарың кут болсун!
Эркин турмуш көркү болуп,
Эрке ойногон кыз болсун.
Жаз нурундай сайрандаган
Жасалгалуу заманды
Жаңы айылдын көркү болгон
Жаркын достор, аманбы?

Чынар. Эл камы үчүн кан төгүп
Кармашкандар аманбы?!
Эл камы үчүн өмүрлөрүн
Арнашкандар аманбы?!
Айлуу түндө сайрандап,
Айлуу түндө сонун да,
Кош келгиле курбулар
Кошулгула оюнга!

Ж а п а р. Отряд, вольно! *(Отрядчылар менен кыз-келиндер учурашат. Жапар — Кузнецовго).* Мына Чынар. Чынар деген Чынар ушул. *(Келиндерге).* Курбулар — мына жолдош Кузнецов Иваново-Вознесенскийлик жумушчу туугандарыбыз бизге жардам үчүн жиберишкен.

Арыбай бетпак чөлдү баскандардан,
Азаптуу тайгак даван ашкандардан,
От кечип кыргын күндөр арасынан
Октябрь каалгасын ачкандардан.

*(Куттуктоолор).*

Ч ы н а р. Баатыр уулу орустун
Сизге салам айтабыз,
Бүт дүйнөнү терметкен
Күчкө салам айтабыз.

К у з н е ц о в. Салам айткан сөзүңө
Толкунданып турамын,
Миң ракмат силерге
Жаркын кызым, Чынарым.

*(Эл менен кол кармашып учурашып).*

Кыз-жигиттер — селкилер
Кырда ойносо эркиңер,
Кыз, жигиттин сүйгөн ойну
Кырдан шапар тепсеңер.

Ж а п а р. Кана жигиттер бийлеп жибергилечи *(отрядчылар бийлешет, шаттуу күү чертилет).*

А ж а р. Курбулар, көптөн бери Жапардын созолонтуп ырдаганын сагындык. Эми Жапардын ырдап берүүн сурайбыз.

Б а а р ы. Туура, туура.

К у з н е ц о в. Жок! Ырды, күлкүнү, сонун күүлөрдү силерден угалык, Чынар ырдасын.

1-к ы з. Агай, Чынар Жапардан кийин ырдасын. *(Ажар менен Кузнецов шыбыраша түшөт).*

К у з н е ц о в. Эмесе Чынар кийин ырдасын. Кана, Жапар ырда.

Б а а р ы. Жапар ырдасын.

Ж а п а р. Элирет кимге бул көңүл,
Эзилип жүрөк жүргөндүр,
Сагынып жүргөн жаш жарым
Сайрандап бозой сүйгөндүр.
Көрбөсө көксөп жүрүшкөн,
Көргөндө беттен сүйүшкөн,
Көйкөлгөн шибер, айлуу түн
Көркөмү Чынар келишкен.

Б а а р ы. Бали, бали.

К у з н е ц о в. *(Кубанып).* Кана, Чынар! Кезек сеники.

Ч ы н а р. Жүрөктү мынча козгойсуң,
Сүйгөнүм бозой окшойсуң,
Өзүмдү жоктон тапкансып
Өзгөнү неге кошпойсуң?
Жар башында жаш ыргай
Жаз чыкканда бүрдөсүн,
Таалай менен шат менен
Жаш өмүрүм гүлдөсүн.

К ы з д а р. Жүрөктү мынча козгойсуң,
Сүйгөнү бозой окшойсуң,
Чынарды жоктон тапкансып,
Өзгөнү неге кошпойсуң.

К у з н е ц о в. Эми Жапар менен Чынар кошулуп ырдап беришсин.

Ж а п а р. Балыктын суусуз күнү жок

Ч ы н а р. Булбулдун тилсиз үнү жок.
Буралып өскөн дарактын.
Булаксыз, нурсуз бүрү жок.
Бир сабакта бир өскөн,
Бир кызыл гүл, бир эркин,
Сайраса куштар таң менен,
Сайрандап ойноп-күлөр күн.

Б а а р ы. Капчыгай көркү кайыңдын,
Бутагы тал-тал жанаша.
Бул турмуш көркү чыкпайбы,
Жарына жары жарашса.

К а л д ы к. *(Жойпуланып).* Кагылайын Чынар, дагы ырдап койсоң. Сендей кызга өпкөмдү чапсам да аз. Көзүңдөн секет кетейин, ырдасаң? *(Тыштан комуздун күүсү угулат. Момуш менен Калыбек киришет).*

М о м у ш. *(Жобуратып).*
Келбет боюң көп койдун
Эркечиндей калем каш.
Чачың кара козунун
Көрпөсүндөй калем каш.
Жол басканың Кашкардын
Жоргосундай калем каш.
Көйкөлгөнүң Кокондун
Коргошундай калем каш.
Ой калем каш, калем каш ой,
Ой калем каш, калем каш ой.

*(Кыз-келиндер Момуштун ырын келекелеп күлүшөт).*

А ж а р. Берик дувана десем, Момуш турбайбы.

1-ж и г и т. Ал эмне, ырдап көрүптүрбү?

2-ж и г и т. Соодагерлерге ырды ким коюптур.

А п а л. *(Момушту шылдыңдап)* Дегеле эптекей эмес белең, дүкөнүңдөгү матаң сатканда, кишинин асты-үстүнө түшүп жалынып, жалбарып жиберчү элең го?

М о м у ш. *(Кулуп)* Соодагерчилик байгамбарымдан калган. Мухаммет байгамбарым да соода кылып, ушул биздин жерге келген экен.

3-ж и г и т. Ии, эми мен дагы байгамбар болоюн деп турасыңбы?

М о м у ш. *(Жойпуланып)* Жок, мен силердин ойнуңарды көрөйүн деп келдим.

А ж а р. Эмесе, дуванача ак урбай, адам катары ырдап бер.

М о м у ш. Биз ырчы ырдатабыз да.

1-ж и г и т. Ал өзүңчү?

М о м у ш. *(Эки колун бойрогуно алып)* Ырчыны ырдасын деп жараткан. Ырда, Калыбек!

К а л ы б е к. Мага айтасызбы? *(Калыбек Момуштун жанына келет).* Ырда.

К а л ы б е к. *(Чөгөлөп олтура калып комуз менен ырдайт).*

Ак карлуу тоону айланып,
Арыткан күлүк, тулпары,
Айлуу түн көркү келишкен
Алайдын сулуу кыздары,
Колумда комуз күү сайрап,
Оюнга эрмек мен дагы.
Элирип ырдайм кубанып,
Элимдин шаттуу балдары.

Б а а р ы. Бали, бали.

К а л ы б е к. Кийгени шайы мырзамдын
Бар сыпатын айтайын,
Мырзам жүргөн жыргалда
Жорго минип ар дайым.
Мырзам үчүн ичиңден
Бир кыз тандап кайтайын.

Ж а п а р. Калыбек, эмне дөөрүп жатасың?

К а л д ы к. Тарт тилиңди.

К а л ы б е к. Маа айтасызбы?

М а д ы л. Ооба, саа айтабыз, саа.

Ж а п а р. Апал жеңе, кадимки бийиңерден бийлеп бербейсиңерби?

А п а л. Булак бою катар чыккан көбүргөн,
Ошол бийим чыкпаса экен көңүлдөн,
Кана, кана чебер колдуу комузчу,
Черте отурчу, черте отурчу күүңдөн.

(Келин-кыздар кийиз басканды туурап бийлешет. Калыбек комуз чертет).

1-жигит. Эми ак чөлмөк ойнойлу. *(Кыз-келиндер ак чөлмөк ойноого жүгүрүп чыгып кетишет. Алар чыккан кезде Момуш Калдыкты бөлүп чыгып).*

Момуш. Булар кайсы жол менен кайсы жерге бараарын сурап кал. *(Жапарга).* Жапар, арызым бар. Чынар сенин тилиңди алат, мен бир мусаапыр соодагер элем, мен бир бечара. Мени колхозго алышпайт. Колхоздун кырманын кайтарып берсем деле пайдам тиет эле го.

Чынар. Качантан бери мусаапыр болуп калдыңыз?

Мадыл. *(Момушка атырылып).* Сени жер менен жексен кылуу керек. Жогол, мындай бетбак соодагер колхоздон айлансын.

Момуш. *(Мадылга).* Сенин ишиң эмне?

Мадыл. Жогол дегенде, жогол.

Момуш. Жаман көрүп турсаңар кетип эле калайын. *(Кетет). (Чынардын энеси кирет).*

Ажар. *(Кубанып).*

Энекем келди, энекем,
Кел энеке, келиңиз
Шаани, шөкөт түрүбүз,
Шапар тээп дуулаган
Ойнубузду көрүңүз.

*(Баары Чынардын энесин кубанычтуу тосушат).*

Мадыл. Жаштардын ойнун көрөйүн деп келген экенсиз да.

Эне. Ооба, айланайындар. Балдарымдын ойнун көрөйүн, Жапар балама жана бул балдарыма учурашайын деп келдим. Мен бул заманга ыраазы. Көздөн жашты, жетимден баатыр чыгарган, жесирден акыл чыгарган большевиктин өмүрүн тилейм.

Азап тартып жашымдан
Зардуу болгон жүрөгүм.
Зарды баштан кетирген,
Заманымды сүйөмүн.
Ойноп-күлүп чоңойгон
Балдарымды сүйөмүн,
Таалай көлү партия
Ардагымды сүйөмүн.

*(Эл кубанышат. Энеге алкыш айтышат).*

Кузнецов. *(Кубанып)* Бали, энеке, «алма шагына жараша»— дегендей, Чынар как өзүңдү тартыптыр.

*(Эненин колун кысат).*

Ажар. Кана, курбулар, энеме оюн көрсөтүп берели. *(Кыз, жигиттер бийлешет).*

Б а а р ы. Көптү көрдүк, көп жүрдүк,
Көп ойнодук, көп күлдүк.
Көбүргөндүү көк жондун
Көбүргөнүн жеп көрдүк.
Жаштык күлкү айлуу түн
Далайларын өткөрдүк.
Шайыр күлкү айлуу түн
Далайларын өткөрдүк.
Тоту куштун жүнүндөй,
Тоонун салкын гүлүндөй,
Толукшуган ай нуру
Тоодо ойногон келиндей,
Тосуп жүргөн жаш селки,
Томсортобу көрүнбөй?
Тосуп жүргөн жаш селки
Томсортобу көрүнбөй?
Күкүк менен зейнептей
Үн алышкан, сырдашкан,
Торгой менен булбулдай
Күү чалышкан ырдашкан,
Бул күндөгү жаш сайран
Ойной бергин, курдаш жан!
Бул күндөгү жаш сайран
Ойной бергин, курдаш жан!

А ж а р. Мына энеке ойнубуз ушул.

Э н е. *(Кубанып)*. Мен ыраазы заманга. *(Жапардын чалгынчысы келет)*.

Ч а л г ы н ч ы. Жолдош командир, Адылар кара үңкүр жакка өтүптүр.

Ж а п а р. Кимден уктуң?

Ч а л г ы н ч ы. Нияз колхозчу отун алып жүрүп, алыстан көрүп калыптыр.

*(Жапар менен Кузнецов сүйлөшө түшүшөт)*.

К у з н е ц о в. Оюн куруп бергендерге ыракмат. Биздин жөнөөр убактыбыз болду.

Ж а п а р. Отряд, тизилгиле. *(Отряд тизилет)*.

Ж а п а р. Жоого майдан кыргынды
Сала турган бар бекен,
Биздер менен сапарга
Бара турган бар бекен.
Душман сөөгүн талкалап
Чага турган бар бекен?

К у з н е ц о в. Кана, жигиттер, ким барат?

1-ж и г и т. Мен барам.

2-ж и г и т. Мен дагы.

3-ж и г и т. Мен да барам. *(Жигиттер эрктүү түзүлгөн отрядга кошулуша башташат).*

Ж а п а р. Курдаштар, дагы кимиңер?

К у з н е ц о в. Дагы ким барат?

Ч ы н а р. Мен барам.

К у з н е ц о в. Энем эмне дээр экен?

Э н е. *(Ойлонуп).* Эмне демек элем айланайындар, Жапар менен силерден артык көрмөк белем. Барса барсын!..

К у з н е ц о в. Жок, Чынар, жок, мында калгын. Айылдагы ишти сага тапшырабыз. *(Чынардын кулагына шыбырап).* Ушул иштер сага тапшырылат.

Ч ы н а р. Мейлиңиз.

Ж а п а р. Кошуңуз, энеке.

Э н е. Сапарыңар кут болсун, Жапар балам. Душманыңарды жеңип, аман келүүңөрдү тилеймин.

К у з н е ц о в. Кана, биз жөнөйлү, курбулар.

1-к е л и н. Жеңил барып, оор келгиле.

2-к е л и н. Сапарыңар кут болсун!

3-к е л и н. Жапар, саламат бол!

4-к е л и н. Басмачыларды көзгө ата көргүлө!

5-к е л и н. Жакшы баргыла!

А ж а р. Төбөбүздө сан жылдыздар тарашат.
Ай да асманда алыс кетип баратат.
Ой келин-кыз, ой жигиттер, курбулар
Кандай болот үй үйлөргө тарасак.

Б а а р ы. Ойноп, күлүп түндүн сырын чечели,
Өмүр гүлдөй өркүндөйлү өсөлү,
Тулпар минген эр жигиттер таң менен
Сапар чексин, жүр, курбулар, кетели.

Ж а п а р. *(Команда берип).* Отряд смирно. Налево шаго марш! *(Отряд жөнөйт).*

Б а а р ы. Тулпарды минип жоо чапкан,
Шумкардай учкул жол баскан,
Жел айдап эркин өскөн кез
Желбиреп жайлоо гүл ачкан.

О т р я д. Жүрөгү туйлап кубанган,
Сүйгөн жарың буралган,
Касташкан душман жок болор
Кайраттуу биздин куралдан.

(Отрядды кыз-келиндер кубанычтуу узатышат. Алыстан отряддын үнү угулат).

Ч ы н а р. *(Жапардын кеткен жагын карап колун булгалап).*

Жаш курбулар, жашаткыла өмүрдү,
Өмүр чиркин өмүр кандай көңүлдүү,

Таң алдында оюн-күлкү тамаша
Апа чолпон-чолпон жылдыз көрүндү.
*(Ээн тынтынч. Чынар кетүүгө камданат).*

Б ө р и к. *(Атып чыгып).*
Мен дувана саргайган,
Нан таба албай сандалган,
Кайрың болсо берип кет, балам.

Ч ы н а р. Айылга барыңыз. *(Кетмекчи болот. Сахнанын барлык жагынан сойлоп басмачылар киришет. Алардын арасында Момуш жана Калдык бар. Басмачылар Чынардын оозун таңып, которуп жөнөшөт).*

Ч ы н а р. Апа...

Э н е. *(Тыштан).* Жүр, Чынар балам... *(кирип келип).* Катыгүн Чынар...

*(Басмачылар эненин оозун таңып, Чынар экөөнү алып чыгышат).*

М о м у ш. Жапардын намысы болсо, сүйгөн кызын издеп барар, ошондо таштуу капчыгайда канын төгөөрмүн.

*Көшөгө*

**II көшөгө**

Түн. Таштуу капчыгай. Чоң үңкүрдүн ичинде басмачылар арак ичип, бийлеп, ырдап олтурушат.

**1-көрүнүш**

Б а с м а ч ы л а р. Кашың сермеп көңүлдү
Кубандырчы жан-жанай,
Тилиң жанды күйдүргөн
Тилиң булбул жан-жанай.
Шириндигиң Наманген
Мейизиндей жан-жанай
Жыргалдыгың байгамбар
Бейишиндей жан-жанай.
Кумарлыгың Ноокаттын
Насбайындай жан-жанай.
Ийилгениң каш кагып
Жаш кайыңдай жан-жанай...
Ой жан-жанай, жан-жанай,
Ой жан-жанай үргүлай.

К а р о о л ч у. *(Басмачынын кароолчусу шашып кирип).* Кор башы аке, Токтор тогуз тартуу менен келди. Тогузунуң ичинде топту бузган тору аты дагы бар. *(Токтор балдак менен аксап кирет).*

Т о к т о р. Ассалом алейким!

Б а а р ы. *(Тура калышып)* Алекима салам. Келиңиз, келиңиз! *(Ады менен Токтор кучакташып көрүшөт).*

Т о к т о р — Ады-Ады дегенде ыйлаган бала сооронот. Элден чыккан эр болдуң. Айбатың арстандай, кайратың кабыландай, эр жакшысына мал жакшысы тор атты сага тартуу кылып алып келдим. Мингениң тор ат, колуңда кылыч болсо пайдаң тийбей коёбу.

1-б а с м а ч ы. *(Ылжыган мас)* Эй, бай, тор атыңдан көрө келиниңди алып келсең болбойбу.

А д ы. Жаагыңды бас!

1-б а с м а ч ы. Койдум, корбашы аке, койдум. *(Токторбайдын жигиттери тартуусун алып киришет).*

А д ы. Токтор, тартууңа, тартуу. Менден кам санаба. Тирүү болсок жүзүбүз, өлсөк сөөгүбүз бирге болсун.

Дөөлөтүм кетип башымдан,
Кан төгүүгө чыгындым,
Кагылайын бай Токтор
Кылычыма сыйынгын.

*(Токтор жакасын карманып табынат).*

Кана, жигиттер, биз ичкенден Токторбай да ичсин.

Б а с м а ч ы л а р. *(Баары жабалакташып бирден чынылaрын Токторго сунушат).*

Т о к т о р. *(Тез-тез кесени катар жутуп).* Кайраттуу эрдин ичкени да кайраттуу. Сендей суурулуп чыккан азаматтардан күткөн үмүт чоң.

А д ы. Үйдөгүсүн үйдө, тыштагысын тышта, кылыч менен жүрөгүнүн үшүн алуу керек.

Т о к т о р. Кудай өмүрүңдү узун кылсын.

Б а с м а ч ы л а р. Самсаалаган саамайды
Тал-талынан жуларбыз.
Канжар менен кан чачып
Айыл чаап кырабыз.

*(Тыштан күрсүлдөтүп кишини сабаган үн чыгат. Басмачылар мылтыктарын алып жабыла тура калышат).*

К а р о о л ч у. *(Калыбекти муунтуп жетелеп кирип)* Төртүнчүлөрдүн машкеси.

К а л ы б е к. *(Бети канаган, ыйламсырап).* Жок, садагаң болоюндар, мен бир мусаапыр ырчымын.

К а р о о л ч у. *(Калыбекти муунтуп).* Койнунда мылтыгы дагы бар.

К а л ы б е к. *(Ыйламсырап).* Мен бир мусаапыр ырчы. Уларга тузак тарттым эле.

А д ы. Койнундагы мылтыгын алгыла.

1-б а с м а ч ы. *(Калыбектин койнундагы баштыгын алып)* Жүгөрү талкан экен, майга көөлөп жейин.

2-б а с м а ч ы. *(Калыбектин койнун аңтарып, комузун сууруп чыгып ).* Ой, комуз турбайбы.

1-б а с м а ч ы. Жоолугун чечип алайын.

3-б а с м а ч ы. Мен топусун кийип алайын.

2-б а с м а ч ы. Атаңдын башын кий. Топуну мен алам. *(Топуну жулуп алат ).*

3-б а с м а ч ы. Кызы талак, бети-башыңды жарып жиберейинби, эр болсоң мушташып көрчү.

2-б а с м а ч ы. Менин эрдигимди билбей жүрдүң беле. *(Экөө жакалашып мушташып калат ).*

4-б а с м а ч ы. *(Мушташкандарды бири-бирине кайраштырып )* Кулактан тиште, мурунга мушта. Өлгөнүңөрдөн калганыңар баатыр болосуңар. Курсакка теп.

2-б а с м а ч ы. *( 3-басмачыны мүүнтүп жыгып )* Оозуңдан кан келтирейинби. *(Ады тапанча атат. Басмачылар коркушуп жата калышат ).*

А д ы. Болду эми. *(Басмачылар жабалактап тура калышат ).*

1-б а с м а ч ы. *(Калыбекти көрсөтүп ).* Корккон экен.

А д ы. Бул Калыбек ырчы.

К а л ы б е к. Ошол Калыбек ырчы менмин. Жигиттериңиз кызыл-ала кылып уруп салышты. Кой деп айтсаңыз болбойбу.

А д ы. Ичегиң түшпөйт, жаныңдын аман калганына тобо кылгын.

К а л ы б е к. Шорум кайнады. *(Жарактанган Момуш кирет ).*

М о м у ш. Ассалом алейким!

А д ы. *(Ордунан тура калып )* Жол болдубу, карышкырым?

М о м у ш. Мен барган иш орундалбай калмак беле? Кулундуу бээ жетелеп келдим.

Б а с м а ч ы л а р. Ий... Союп жейт турбайбызбы...

А д ы. Семиз бээби?

М о м у ш. Азыр алып келишет, ошондо көрөсүңөр. *(Момушка арак беришет ).*

М о м у ш. (Калыбекти көрө коюп). Калыбек!

К а л ы б е к. Баш кесмек бар, тил кесмек жок. Момуш, адам эмес турбайсыңбы.

М о м у ш. *(Ачууланып )* Тантыба! *(Басмачыларга карап ).* Бул менин ырчым эле.

Эй, дүкөндөгү асыл мал,
Албай бириң калбаңар,
Дүкөнүндө Момуштун
Түркүн-түркүн дүйнө бар.

Кайран ырчым. Мен дөөлөттүү кезимде, ушинтип базарга жар салып ырдаганың эсиңдеби?

Б а с м а ч ы л а р. *(Кулушуп)* Ырчыдан да сиз ырчы экенсиз.

М о м у ш. Олтургула, ырчыга куйгула.

Чекесинен тер чыгып бою балкый келгенде тор жоргодой кетчү эле. *(Баары кеселерин жабыла Калыбекке сунушат. Калыбек комузун черте баштайт).*

М о м у ш. Көзүңдү жум, көзүңдү. *(Калыбек көзүн жумуп жутуп жиберет)* Мына эми айдай бер. *(Калыбек комузун черте баштайт).*

А д ы. Дагы куюп бергиле.

К а л ы б е к. Мырзам, тилим күрмөлбөй калбасын.

Т о к т о р. Ырчынын кыялы иттен да жаман болот экен. Шаардан чачтуу шайтандар келгенде күндүр- түндүр ырдайт. Бул жерде тили күрмөлбөй калат имиш. *(Калыбек ызырынып жутуп жиберет).*

А д ы. Жайдыр-кыштыр жатканыбыз үңкүр. Кана көңүлдү курсант кылчы.

К а л ы б е к. Күлдүрсөм деле боло береби — ырасын айтсамчы!

М о м у ш. Күлдүр, кадимки өнөрүңдү сал.

К а л ы б е к. Атпайсыңарбы?..

А д ы. *(Ачууланып)* Эй, калжыраган ырчы, сени атып эмне иттерге жем кылмак беле.

К а л ы б е к. *(Комузун куулөп, катуу чертип).*

Эмесе атпасаңар.
Эй, Кара коодо жаттыңар,
Караан көрсө качтыңар,
Караңгыда айылдан,
Катындарды аттыңар.
Өрүктүдө жаттыңар,
Өлүктү көздөй аттыңар,
Большевик чыга калганда
Өйүзгө өтө качтыңар.

М о м у ш. Эмне дейт, тантыган ырчы?

К а л ы б е к. Мага айтасызбы?

Б а с м а ч ы л а р. *(Калыбекти муунтушуп)* Кана дагы айтчы, кана эмне дедиң?.. «Өйүзгө өтө качтыңар?..» Өйүзгө...

Т о к т о р. «Ит кутурса ээсин кабат» деген ушул.

М о м у ш. Жигиттер, коё бергилечи. Кана, дагы ырдап көрчү. Отургула!

К а л ы б е к. Мактасам тилим жетеби?

Пендеде сенден өтөбү,
Ак батасын жиберген
Анжияндын эшени.

Т о к т о р. Бая эле ушинтип айтсаңчы. Ойду, кырды айтып дөөдүрөгөндөн көрөкчө.

К а л ы б е к. Кийгениң кымкап, шай болгон,
Ичкениң шекер бал болгон,
Термелтип минип жүргөнүң
Теңселген жорго мал болгон.
Айтууга сөзгө устамын,
Ардактап сени мактадым,
Алдыңа сүйүп олтурдуң
Алайдын сулуу кыздарын.

М о м у ш. *(Бакырып)* Бали, сен дайым биз менен жүрөсүң.

А д ы. Тору атты ырчыга ылайык деймин.

К а л ы б е к. *(Коркуп)* Жок, айланайын. Атыңа ыраазымын. Жети жашар кызым бар, мен силерге караан да боло албайм, мен мылтыктын үнүн уксам эле...

Т о к т о р. Анткорлонуп жатат.

М о м у ш. Калжыраба. Кана жигиттер жасагыла ырчыны. *(Басмачылар Калыбекке кылыч тагып, ак курчашат).*

Т о к т о р. Мына эми адамга окшободуңбу.

М о м у ш. Биз өлсөк кошо өлөсүң. Биз жеңсек кошо жеңесиң. Эми сен баягы тантык ырчы эмессиң, эми бектердин...

Т о к т о р. Жигитсиң.

М о м у ш. Жигит болгондо да ырчы жигитсиң.

К а л ы б е к. *(Ыйламсырап)* Айланайын мырзам, кызымдын көргөн күнү эмне болот?

М о м у ш. Жаныңдан үмүт кылсаң, жаагыңды бас. Төртүнчүлөргө казат кылуудан баш тартат экенсиң да?

К а л ы б е к. *(Төшүн ачып)* Мына ат. Атып сал. Мындан көрөкчө өлгөнүм жакшы.

М о м у ш. *(Маузерин Калыбектин оозуна такап)* Бир окко зыян кылбай, айт чыныңды. Жигит болосуңбу, жокпу?

Т о к т о р. Балакет басканда ушинтип басат, колун кол, бутун бут кылып өлүгүн иттерге салуу керек.

К а л ы б е к. Болоюн... Садагаң болоюн кызым, сенден тирүүлөй айрылдым!

А д ы. *(Күлүп)* Мен турганда кызыңды бөрү жебейт.

М о м у ш. Кана, жигиттер, куйгула. *(Арак куюлат. Басмачылар бийлешет, ырдашат).*

Кымбаттыгың Маргалаң
Шайысындай жан-жанай,
Такбаалыгың Бухардын
Карысындай жан-жанай.
Мойнуң узун сарбандын
Төөсүндөй жан-жанай.
Кашың кара казандын
Көөсүндөй жан-жанай.
Сулуулугуң ак көлдүн

Чүрөгүндөй жан-жанай.
Созулганың Бухардын
Жибегиндей жан-жанай.
Сеңселгениң түлкүнүн
Калтарындай жан-жанай
Чайпалганың жоргонун
Басканындай жан-жанай,
О, жан-жанай,
Жан-жанай,
Ой, жан-жанай, жан-жан ай.

*(Басмачылардын кароолчусу чуркап кирет).*

1-к а р о о л ч у. Катындарды алып келе жатышат.

2-к а р о о л ч у. Бирөө кыз окшойт. *(Басмачылар жутунушуп жарданышат. Калдык жана басмачылар Чынар менен энесин алып киришет).*

К а л д ы к. Амансыңарбы, бекзаттарым!

Т о к т о р. Кайран Калдыгым, жарайсың.

М о м у ш. *(Чынарды кекетип)* Көзүңдү чукуп туз себейинби бетпак... колхоз уюштурбайсыңбы, башыңды кесип мазардын жыгачына илейинби? Мени тааныйсыңбы, колума түштүңбү, арстанга гана карап үрөсүңөр, аа...

Ч ы н а р. *(Кайраттуу)* Сен арстан белең. Сен каракчы, силерге окшогон кутурган иттерди жоготуу ар бир ак ниет адамдын парызы.

Э н е с и. *(Момушка)* Сенин отурган жериңди кетмендеп салуу керек, жүзү кара.

Т о к т о р. Тилиңердин азабын тартасыңар.

Ч ы н а р. *(Кайраттанып)* Бетпак чал, сен да мында экенсиң да.

М о м у ш. Мунун баатырлыгын.

Ч ы н а р. Баатырлыкты көргөнүңдөн көрө элегиң көп.

1-б а с м а ч ы. Канжар менен көзүн чукуп алайын.

М о м у ш. Буга ок коротуп, кылыч кандап жүрмөк белек. Азабын тартсын.

К а л д ы к. Кордукту көрүп көзү челейсин.

А д ы. Тикенек менен сабап, аттын куйругуна байлап айдап салуу керек.

Э н е. *(Чынарды кучактап)* Айнегим.

К а л ы б е к. Кагылайын, Чынар коркпо, коркпо.

М о м у ш. *(Калыбекти кекетип)* Кимге кайрат бересиң? *(Чынарга кылычын суурул).* Коркпогонуңду көрөйүн.

Э н е. *(Момушка)* Адам сөлөкөтү жок айбан. Кызымды коркутпа.

А д ы. Кемпирдин тилин кескиле.

М о м у ш. *(Энени муунтуп)* Жапар менен кызыңдын тоюн жебейсиңби?

Э н е. Жапардан садагасы кет.

М о м у ш. *(Ызырынып энени канжар менен сайып)* Мына буга.

Ч ы н а р. Апаке! *(Энесин кучактап жыгылат).*

К а л ы б е к. Кайран киши!

(Күн күркүрөйт. Чагылган чартылдайт. Басмачылар бирден үңкүргө кирип кетишет. Чынар менен Калыбекти аңдып желдет калат. Желдеттин колунда канжар, көзү кызыл, ирени суук, колу калтырап Чынарды саюуга даяр турат. Чынар энесин кучактап алып эненин башын жөлөйт).

Э н е. *(Үзүлүп бара жатып).*

Чолпонум Чынар, чолпонум,
Тал-тал болуп өрүлгөн
Саамайыңдан садага,
Таңкы чолпон жылдыздай
Маңдайыңдан садага.
Кайрат кылгын чолпонум,
Кайгырбагын, коркпогун.
Бейитиме кызыл гүл
Өндүрөрсүң жаркыным,
Бечара энем жазыксыз
Өлдү дээрсиң жаркыным.
Аман болсо өмүрүң
Шат күлөөрсүң жаркыным.

Ч ы н а р. *(Энесин кучактап).*

Ак маманды аймалап,
Эмдим эле энеке,
Гүл сыяктуу колуңдан
Өндүм эле энеке,
Айланайын энеке,
Айланайын энеке.

К а л ы б е к. Ар кимде бар ата-энесин эстемек, эне чиркин, энени кыз эскерет. Бирок душман жабалактап турганда — мууну бошоп, муңга батып кетчү эмес.

Ч ы н а р. *(Кайраттанып, үңкүрдүн оозуна чуркап барып)* Ырас төгүлгөн кан бекер кетчү эмес. Бул кандан таалайдын дарыясы агар. Каракчылар энекемдин жазыгы эмне?

А д ы. *(Үңкүрдөн чыгып келе жатып)* Жаагын баскыла.

Т о к т о р. *(Момуш, Адыга)* «Ат оонаган жерде түк калат» дегендей бекзаттарым соогат, соогат.

К а л д ы к. Ооба. Ырас эле соогат, Чынарды Токторго бергиле, Жапарды колго түшүрүш милдетин мен алайын.

М о м у ш. Эй, Калдык, мага кан-кан керек. Сураганың ушул болсо ала кой. *(Токторго)* Бай бул олжо-олжо дейсиңби? Башым аман болсо мындай олжолордун далайын алдыңа тартамын.

Т о к т о р. Бекзаттарым, эртең биздикине келип наар татып кеткиле.

К а л д ы к. Тойго келгиле, тойго.

А д ы. Карга учуп жете албаган капчыгайга ким келер дейсиңер. Токтор тоюнду кура бер.

М о м у ш. Жапардын намысы болсо, сүйгөн кызын издеп келер, ошондо канын төгөрбүз. *(Калдык, Токтор жана басмачылар Чынарды алып чыгышат).*

А д ы. Жакшы бар дос, жакшы бар. Барып калабыз.

Т о к т о р. Куда каалаcа. *(Чыгып кетишет).*

Б а с м а ч ы л а р. Кошуңуз.

М о м у ш. Кана, олтургула, куйгула.

Б е р и к. *(Тыштан ак уруп).*

Пайгамбарым мингени кызыл кашка,
Кытай кууп камаптыр кызыл ташка,
Кызыл таштын ичинен чаң чыкбаптыр,
Байгамбарым башынан кан чыкбаптыр.

1-б а с м а ч ы. *(Жүгүрүп кирип)* Берик, дувана. Берик, дувана.

М о м у ш. Жарыктыкты түшүргүлө. *(Аса-мусалуу, чоң селделүү, салбыраган кийимдүү, купкуу сакал, көзү кызыл, ирeңи суук. Берик секирип кирет).*

Б а с м а ч ы л а р. Келиңиз, келиңиз.

Б е р и к. *(Секирип, секирип)* Шайтаныңар олтурат, жин пери турат башыңарда бир *(Ады менен Момуштун башын ушалап дем салат. Баарын бирден тиктеп чыгат, бир нерсени кууганcып эшикти көздөй жүгүрөт).*

А д ы. Жарыктык, келгениңиз ырас болбодубу. Берик дувана чын олуя.

М о м у ш. Чын олуя, бир күндө мекеге үч барып, үч келет экен.

Б а с м а ч ы л а р. *(Жакасын карманышып)* Ой, жарыктык ой.

М о м у ш. Олтуруңуз, олуям. *(Берик олтурат)* Олуямды мейман кылгыла. *(Басмачылар Берикке жабалактап арак сунушат).*

Б е р и к. *(Аракты жыттап, ичип жиберип)* Я алла байгамбардан калган аш.

А д ы. Ырас айтат олуям.

Б е р и к. *(Алаканын жаят, басмачылар да алакандарын жаят).*

Байтеректен бүрдүү бол,
Байгамбардан сүрдүү бол,
Чапса кылыч өтпөгөн,
Сайса найза жетпеген,
Этиң болсун темирдей,

Күчүң болсун сеңирдей.
Кырк бериште колдосун,
Кыдыр болсун жолдошуң.
Оомийин, аллоо акбар!

*(Басмачылар Бериктен бата алышат. Кароолчу колун артына байлап Мадылды алып киришет).*

К а р о о л ч у. Карма төртүнчүнү сой.

М о м у ш. *(Мадылды тээп)* Колго түштүңбү? Мунун башын өзүм кесем, Жапар төртүнчүлөр келип калган турбайбы. Силер туш-тушка дароо чыгып кеткиле. *(Басмачылар чыгып кетишет. Момуш, Мадыл, Ады калышат).*

М а д ы л. Токтордун айлын түндөп көчүрүп кеткиле. Минтип жүрсөңөр колуңардан эмне келет. Жоо жакын, күчтүү жоого күчтү чогултуу керек. Качкыла. *(Момуш менен Ады качышат).* Токтогула, менин кийимимди тытып, колумду таңып кеткиле. *(Ады, Момуш, Мадылдын колун таңып, кийимин тытып өздөрү качып кетишет. Жапардын отряды менен басмачылар атышат, Кызыл туу менен Жапар, Кузнецовдор киришет).*

Ж а п а р. Кууп жеткиле, туш-тушту тоскула. *(Мадыл онтомуш болуп калат).*

А ж а р. Бул Мадыл турбайбы. Мадыл эмне, эмне шумдук. *(Колун чечет).*

М а д ы л. *(Үшкүрүп, ыйламсырап)* Сиздин айтканыңызды аткарам деп колго түштүм. Ит басмачылар өлөрчө кылып сабашты. Эсим ооп эмне экенин билбей калыптырмын. Жылтырап эле эки көзүм калды. Дарман жок.

К у з н е ц о в. Жөлөп атка мингизгиле.

Ж а п а р. *(Эненин өлүгүн көрүп).* Курбулар! Чынардын энеси. Чынар да соо эмес го.

К у з н е ц о в. *(Бетин ачып көрүп).* Кечеги киши. *(Кузнецов шапкесин алат).*

А ж а р. *(Эненин өлүгүн кучактап жыгылат).*

Өрнөгү болгон турмуштун,
Ардактуу энем кадырман,
Өксөбөй кантип туралы,
Өлүгүң таптык адырдан.
Балдарың келди жаныңа
Балбылдап эне козголгун,
Кыйкырсак кайра келбейсиң,
Кайраным киши, кош болгун.

*(Отрядчылар туунун башын ийишип энеге кайгырышат).*

Ж а п а р. *(Эненин маңдайынан өөп).*

Кошкун эне каның бекер чачылбас.
Каран түндүн күнү болбойт ачылбас,

Жети кабат жер түбүнө кирсе да
Душман биздин баатыр колдон кутулбас,
Аттангыла жоону кууп курбулар,
Ак шумкарбыз качырганын учурбас.

### III көшөгө

Аскалуу капчыгайга жаңы көчүп келген Токтордун айылы. Токтордун жасалгалуу үйүндө камалган Чынар. Эшикте басмачылардын кароолчулары.

Ч ы н а р. Каран түндө каракчыга
Капысынан камалдым,
Ачуу санаа баскан кайгы
Жүрөгүмдөн кан алдың,
Улар сындуу зар ышкырдым,
Уу тамырга таралдың...
Балапандай эркин учуп
Жүргөнүмө жетермин,
Шаттуу оюн, жаркын күндөр
Күлгөнүмө жетермин,
Жаш көңүлдүн шам чырагы
Сүйгөнүмө жетермин,
Айнегим деп эркелетер
Атам келип калсачы,
Ай алтындай ардактаган
Апам келип калсачы,
Жаш жүрөктү кубандырар,
Жапар келип калсачы.
*(Ачуулу Калдык кирет).*

К а л д ы к. *(Жойпуланып)* Садагаң болоюн Чынар дагы эле капаланып жатасыңбы? Бектер келгенде көп кыйыктанбай ак никеге көнгүн. Кыз жыргаар жерине ыйлап барат деген ошол. Мен дагы Ашымга чыкканда шолоктоп ыйлаганмын. Кудай кызды ошондой кылып жараткан. Ургаачынын ыйы түгөнчү беле.

Ч ы н а р. *(Кайраттанып).* Мен бул азапка көнбөйм. Чалдын кучагына киргенче жердин кучагына кирем.

К а л д ы к. Сенин көркүңдү көрүүгө Момуштан сурап алдым беле? Айтканымды укпасаң көзүң агып түшөр. Эрге барбаганда жерге бармак белең... Мал арыгын сактаса ооз майлайт, киши арыгын сактаса төбө кандайт деген ушул. Кайра басмачыларга кармата берермин.

Өлүгүңдү көрөйүн,
Айканыма көнөрсүң,
Айтканыма көнбөсөң

Эки бетиң тилинип,
Энеңчилеп өлөрсүң.

Ч ы н а р. (Кайраттанып).
Намысы бар, эрки бар
Кыз өлүмдөн коркобу?
Дагы жайнап жанбайбы,
Жаңы дүйнө чолпону!

Жапардын жарык маңдайын көрөр күнүм барбы?

К а л д ы к. Момуш карчыгам аман турганда Жапарың соо калмак беле? Жапарың өлгөн. *(Чыгат).*

Ч ы н а р. Жоок, жок укпайм. *(Өңү кумсарып).*
Шам чырагым жаным бирге
Жаным Жапар ырысым,
Түгөйүмдөн артта калып
Сүргөн өмүр курусун.
Андан калып нени көрөм
Азап чегер мен белем,
Зар кайгыдай жалындабай,
Жанга тынч мен да өлөм.

*(Капаланып келиндер киришет).*

К е л и н д е р. Жашыл гүлдөй ачылган
Жаш өмүрүң өчөбү,
Жазгы гүлдөй жаш Чынар
Чын күйөөгө кетеби?
Кызыл гүлдөй ачылган,
Кыз өмүрүң өчөбү,
Кызгалдактай кыз Чынар
Кыйноо тартып кетеби?

1-к е л и н. *(Ыйламсырап)* Шорубуз бар экен. Басмачылар зордуктап көчүрүп келишти. Айланабыз аска, басар жер, барар жол калбады. Айланып учкан куштун тили болсо, арызыбызды айтып Жапарларга кабар кылар элек.

2-к е л и н. Жапар... Жапарларга

Ч ы н а р. Кайрат менен душманды
Жеңеличи жеңелер,
Башка салган кордукту
Көрөлүчү жеңелер,
Кан төгүшүп кармашып
Өлөлүчү жеңелер.
Баатыр биздин балдарга
Барып кабар берсеңер.
Аска таштан жолду таап
Амал издеп көрсөңөр,
Эл ардактап көмбөйбү
Эл камы үчүн өлсөңөр.

1-к е л и н. Өлсөм да Жапарларга кабар жеткирейин.

2-к е л и н. Айылдын туш тарабында кароолчулар турушат, желикпесең байкуш, бөөдө өлүм болосуң.

1-к е л и н. Мага бооруң ачыбай эле койсун.

2-к е л и н. *(Эшикке чыгып бара жатып).* От жага турган элем.

К а л д ы к. Бар, жак. *(Калдык кароолчуга шыбырайт).*

К а р о о л ч у. *(Келиндерге).* Жоголгула, кантер экен десе экиленип кетишет. Биздин капканда экениңерди билбейсиңерби.

*(Кароолчу келиндерди куup чыгат. Чынарга тап берип).*

К а л д ы к. Момуш келсин шашпагын
Төктүрөрмүн каныңды.
Чана турган сен белең,
Кутман Токтор байымды.

Ч ы н а р. Буудайык торго түшсө да
Бурулуп тапка келчү эмес,
Төгүлсө каным, төгүлсүн,
Кыз Чынар муңга көнчү эмес.
Мен туткунда турамын
Кордугуңду көрсөткүн,
Жылтырап көзүм турганда,
Намысты колдон бербесмин.

*(Калдык ызырынып чыгып кетет. Аксап басып Токтор кирет).*

Т о к т о р. Айтканыма көн Чынар,
Кучагыма кел Чынар,
Асмандагы жылдыздай,
Ардактайын сүйөйүн,
Алдымдагы баламдай,
Эркелетип жүрөйүн.

Ч ы н а р. Жетимиштен сексенге
Жетип калган жашың бар.
Кенже кызың Акылай
Андан кичүү жашым бар,
Жалбарбагын көркоо чал
Жайдары Жапар асыл бар.

Т о к т о р. Өкүмүм бар колумда
Өксүтөрмүн өзүңдү,
Ак никеге көнбөсөң,
Оёрмун эки көзүңдү.

*(Чынарга жармашат. Чынардын чачынан толгой кармайт. Чынар Токторду итере салат).*

Т о к т о р. Өз убалың өзүңө, «башың баш, багалчагың кара таш». Бөрү карыса бир койлук алы бар. Сендей-сендей бетпактардын тогузун карытууга күчүм жетет. Ушул кылганыңбы, ушул кылганыңа кийизден чокой кийгизип, кой артына салбасам атым өчсүн. Момушка башыңды кестирип, боор каныңды ичпесем.

К а л д ы к. *(Шашып кирип Токторго шыбырап).* Ажына тийген окшойт. Берик дуваналы чакыр. Дем салып никеге чейин көзүн байласын.

Т о к т о р. Дувана, эй дувана.

Б е р и к. *(Тыштан)* Илаппай.

Т о к т о р. Илаппайың курсун, кел мында.

Б е р и к. (Үрөйү суук, шалдыраган таягы, самсаалаган кийимдүү, көзүн аңтарып Чынарды көздөй жутунат).

Т о к т о р. Шайтандап калган неме экен, демиңди сал, олуям.

Б е р и к. Ий алла! Шайтан бардай көрүнөт.

Я, алла! Кырк бериште колдой көр,
Буураканым келе көр,
Жалал каным келе көр,
Көйкаптагы берен дөө
Кашкардагы улан дөө,
Барың келгин алдыма,
Кара тоодо календер
Калбай барың келиңдер,
Жин-шайтанды кубайын,
Ташын-талкан кылайын.
Чын олуя мен элем,
Чын жараткан кудайым!

*(Таягын шалдыратып, үйдүн ичин тегерене секирип чамгаракты карап — «жиндерди» чакырат).*

Ч ы н а р. *(Керегеге жармашып)* Айланайын апаке! *(Берик силкинип, силкинип көзүн айландырып, өйдө-төмөн секирип, Чынарды мыжыгып жыгат. Үстүнөн секирип, таягы менен жер сабайт).*

Ч ы н а р. *(Кайраттанып)* Тарт дувана колуңду. *(Бериктн түртүп жиберет).*

Б е р и к. *(Токторго карап)* Мунун өзүнүн күчү эмес жининин күчү.

Чачы канча болсо, жини ошончо.
Үйдүн ичи толгон шайтан...я, алла.

Т о к т о р. *(Жакасын кармап).* Күчтүү жиниңди чакыргын олуям. Бул шерменде айыксын.

Б е р и к. *(Секирип-секирип Чынарга жутунуп, кайра качып)* Дөөлөр келсин шашпагын. Сен келдиңби Берен дөө, сен келдиңби Улан дөө? (Аттардын дүбүртү угулат. Адылар

келип калды дегендей, Калдык чуркап кирет. Токтор менен Берик аларды тосууга жүгүрүп чыгышат. Калдык Чынарды алып чыгып кетет. Ады баш болуп басмачылар киришет).

Т о к т о р. Бекзаттарым кош келиңиздер, отуруңуздар. Момуш келген жокпу?

А д ы. Момуш артыбыздан келет. *(Дасторкон салынат, басмачыларга арак куюлуп, тамак берилет).* О, кайран Токтор курбум, өмүрүңдө кыздан жолуң бар экен.

Т о к т о р. Кана алыңыздар.

1-б а с м а ч ы. Токтор акенин камчысынан.

2-б а с м а ч ы. Токтор дагы тогуз Чынарды колго түшүрөр.

Т о к т о р. «Катын өлсө камчы сап, кайра төшөк жаңырат» деген ошол.

А д ы. Калдыктын жолун кылдыңбы?

Т о к т о р. Калдыктан дүнүйө качып кутулмак беле.

А д ы. Калдык карыбырак кеткендиги болбосо, бизге окшогон бектердин кишиси да.

1-б а с м а ч ы. Калдык, Калдык дегендей эле бар.

2-б а с м а ч ы. Калдык бардык ишке жарайт.

Т о к т о р. Калдыкта өөн барбы!

1-б а с м а ч ы. Токтор аке кичи зайбыңыз кайда?

2-б а с м а ч ы. Токтордо улуу, кичүү деген жок.

А д ы. Калыбек ырчыны алып келгиле.

Т о к т о р. Ырас, ырас, Калыбекти алып келгиле.

*(Басмачылар Калыбекти алып киришет).*

А д ы. Ырдап отур. Курбум Токтордун тоюнда ырдабаган ырчынын тилин кесип салуу керек. Мында ырдабаган ыр качан ырдалсын.

Б а с м а ч ы л а р. *(Баары мас, өйдө-ылдый биринин артынан бири түшүшүп ырдай башташат).*

Көл жакалай коносуң,
Көкала моюн соносуң,
Көгүчкөндөй кулпунган,
Көк кашка аттай жулкунган,
Көкүлүң сонун желпилдейт
Кимдин жары болосуң?
Сай жакалай коносуң,
Сарала моюн соносуң,
Сагызгандай кулпунган,
Саркашка аттай жулкунган,
Саамайың сонун желпилдейт
Кимдин жары болосуң?

А д ы. *(Токторго)* Кана Токтор, никеңди кыйдыр. *(Калдык Чынарды алып келүүгө жүгүрүп чыгат).*

Б а с м а ч ы. Оомийин. *(Баары алаканын жайышат).*

Б е р и к. Кудай кут берсин. Байгамбар бак берсин — оомийин аллоо акбар.

*(Дасторконду жыйнап кетишет. Калдык Чынарды алып келет).*

К а л д ы к. Чынарды ырдатып беремин.

Б а с м а ч ы. Айтмакчы ырчы эмес беле.

Т о к т о р. Бол — эрте.

Ч ы н а р. Ырдаса, ырдап берейин: Калыбек аке комузду чертицизчи. *(Калыбек комуз чертет).*

Ч ы н а р. Жыргалы үчүн элимдин

Курман болдум силерге
Кезек келер каракчы
Зар болорсуң күлөргө.
Арак тартып ичкиле
Менин аккан каныман.
Кулап түшөр баштарың
Кызыл туунун шаңынан.

А д ы. *(Ызырынып).*

Тилин кесип салгыла. Колхоз уюштурбайсыңбы? Кулактарды куубайсыңбы? Кош этек көйнөк кийип гана Жапарды колтуктап шаарларда жүрбөйсүңбү?

Ч ы н а р. Ырас айтасың, ошол тилекке жетем.

А д ы. Мунун тилегин.

Т о к т о р. Жиндеп калган окшойт, Бекзатым.

А д ы. Кана, Токтор никеңди кыйдыр, бул бетпак менен акыйлашып олтурмак белек.

Т о к т о р. Берик олуям.

Б е р и к. *(Калдыкка)* Балам, бир кесе суу алып кел. *(Калдык Берикке суу куюп берет. Эки басмачы күбөлүккө турушат).*

Б е р и к. *(Токторго).*

Ийнеликтей кашы бар,
Ийнин жапкан чачы бар.
Ак күмүштөй колу бар,
Ак кайыңдай бою бар.
Чынарды Токтор туттуңбу?

Б а с м а ч ы. Чынарды Токтор туттуңбу?

Т о к т о р. *(Кубанып)* Туттум, туттум.

Б е р и к. *(Чынарга).*

Байгамбардай келбети,
Баабединдей сөөлөтү,
Адыр толгон малы бар,
Ашкан байлык дөөлөтү.
Токторду Чынар туттуңбу?

Б а с м а ч ы. Токторду Чынар туттуңбу? *(Чынар унчукпайт).*

Б а с м а ч ы л а р. Тутту. Тутту. Тутпаганда эмне...

К а л д ы к. Үнүн чыгарбаса туттум дегени.

Б е р и к. Шариятта да ошондой.

Ч ы н а р. Каракчылар, каным төгүлмөйүнчө көнбөсмүн. *(Суу куйган кесени ыргыта коёт).*

Т о к т о р. *(Бычагын суурyп):* Каныңды ичейин.

Б е р и к. Душмандын каны — бейиштин булагы. Токтор мунун башын кес.

1-б а с м а ч ы. Ичегисин чубоо керек.

2-б а с м а ч ы. Канжар менен курсагын жарып салайын.

3-б а с м а ч ы. Жонунан кайыш алыш керек.

*(Токтор Чынардын чачынан кармап канжарын суурyп соймокчу болордо Калыбек Токтордун колун кармайт, басмачы Чынарды саймакчы болгондо мылтыктын үнү угулат, басмачылардын кароолчусу кулап түшөт, үйгө Жапар Кузнецов, Ажарлар шып киришет).*

Ж а п а р. Жарагыңарды таштагыла! *(Басмачыларды колго түшүрүшөт, Чынар Жапарды, Кузнецовду, Ажарды кучактайт, сүйүнөт. Келиндер жүгүрүп киришет).*

1-к е л и н. Жапар!

2-к е л и н. Бактыбыз бар экен.

3-к е л и н. Жапар, миң жаша садага болоюн, бизди ажалдан куткардың.

4-к е л и н. «Эр жигит эл чегинде, жоо бетинде»— деген ушул.

Ж а п а р. Эл үчүн, силер үчүн, Октябрдын жеңишин коргоо үчүн жанымды аябайм. Болгула, Чынар, кана жүр.

Б а а р ы. *(Кубанычтуу).*

Ак туйгун көккө эркиндеп
Канатын кагар кез ушул.
Чынар жан бошоп туткундан,
Бактысын табар кез ушул.
Турмуштун кирген дайрасын.
Кебелбей кечти жаш Чынар,
Келбетиң нурга боёлуп
Сайрандап өскүн жаш Чынар.

### IV көшөгө

Эрте күз. Алыстан-алыстан ак карлуу тоолор көрүнөт. Алмалуу, жүзүмдүү калың бак. Бактын ары жагында тоону көздөй сызылып кеткен пахта талаасы. Эң алдыңкы планда пахта үйүлгөн Ленин колхозунун жери. Колхозчулар иштеп, кубанычтуу ырдашат.

Балбылдаган шам чырак
Күйүп турган замана,
Баласындай алдейлеп

Сүйүп турган замана,
Душман качса куткарбас
Күлүк тууган замана,
Карыларды жашартып
Кубандырган замана,
Карчыганын канатын
Уландырган замана.
Жалтылдаган алтындан
Туу алдырган замана,
Бактуу кылган жерими
Баатыр кылган элими,
Таалай берген биздерге
Океандай кеңири,
Түгөнбөсүн дайрадай,
Компартия өмүрү!..

К у з н е ц о в. *(Абышка, кемпирлерге карап)* Чынар, Ажар баш болуп жаштар пахтаны тоодой, тоодой кылып үйүп жиберишти, жаштардан калышпагыла.

К е м п и р. Өзүбүз төрөп чоңойткон кыздардан кантип калышалы.

А б ы ш к а. *(Күлүп)* Балам, карылык күчтү кетирсе да, кайратты кетире албайт эмеспи.

К у з н е ц о в. Ырас айтасыз.

К е м п и р. *(Толкунданып)* Балам, сенден жакшылыкты көп көрдүк, дагы бир ишке жарабайсыңарбы?

К у з н е ц о в. Албетте энеке, ал кандай иш экен?

К е м п и р. Өзүмүн колхозумун алма, жүзүмүнүн эң жакшыларын тандап койдум, ошону өзүң жолбашчыга бербейсиңби?

А б ы ш к а. *(Кузнецовго)* Ушул ишке жарагын.

К у з н е ц о в. *(Кубанып)* Макул энеке.

1-б а л а. *(Жүгүрүп кирип)* Агай, биз дагы пахта тердик.

2-б а л а. *(Анын артынан)* Көп, көп тердик.

1-к ы з. Мен дагы териштим. Мени Чынар эжекем мактады.

К у з н е ц о в. Бали, бали. Жарайсыңар балдар, жарайсыңар. *(Балдардын бирөөнү жалгыз алып калып)*. Баатыр болосуңбу? Коркок болосуңбу?

А б ы ш к а. Баатыр болот *(күлүшөт)*.

*(Калыбек кирет)*.

Ү н д ө р. Калыбек, кел Калыбек!

К а л ы б е к. *(Колхозчуларга)* Жакшысыңарбы?

К у з н е ц о в. *(Калыбекти көрө коюп)* Оо, Калыбек, кандай жакшы жүрөсүңбү?

К а л ы б е к. Жакшы-жакшы өзүңүз жакшы жүрөсүзбү?

К у з н е ц о в. Жакшы Калыбек, жакшы. Баягы басмачылар менен согушуп жүргөн убакыттар эсиңдеби?

К а л ы б е к. Эсимде, эсимде.

К у з н е ц о в. Момушту мактап ырдаганың эсиңде барбы.

К а л ы б е к. Коюңузчу, өткөндү эске түшүрбөй. Ошолор курусун. Талашып менин талканымды да тартып жешпедиби? *(Эл күлүп калышат).*

К у з н е ц о в. Дос ким, душман ким? Тааный билүү керек. Ырыңдын, күүңдүн кадырына жете турган заманды сүй. Балдарга эрмек болуп ырдап жүрө бер.

К а л ы б е к. Болуптур, болуптур. Ырды бирөөдөн сурап алмак белем. *(Чынар, Ажар жана бир топ, кыз-келиндер пахтадан келишет. Кыздар, келиндер Чынар менен Ажардын тегерегине жыйылышат).*

М а д ы л. Кыргыздын кыздары ушундай болгонуна душман да кубанар.

К у з н е ц о в. О, Чынар, иш кандай?

Ч ы н а р. *(Кузнецовго)* Ага, кыздын убадасы кыздай, иш жакшы.

М а д ы л. *(Жойпуланып)* Ушундай турмушту, силердей кыздарды көрүп туруп кантип жүрөк сүйүнбөйт.

К у з н е ц о в. Чынар, мен сага ыраазымын.

Ч ы н а р. Атабыздай алдейлеп, энебиздей эркелеткен сизге биз көп карызбыз.

К у з н е ц о в. Ашырып жибербечи, Чынар.

Ч ы н а р. Ушундай шаттуу турмушта апам байкуш эсиме түшөт. Рас эле өмүр сонун турбайбы. Эне чиркин ай адамдын боор эти менен теңсиң го. Бечара апамдын өлүм алдында өмүр-өмүр дегени кулагыман кетпейт.

Тал-тал болуп өрүлгөн
Саамайыңдан садага,
Таңкы чолпон жылдыздай
Маңдайыңан садага,
Кайрат кылгын Чолпонум,
Кайгырбагын, коркпогун.
Бейитиме кызыл гүл,
Өндүрөрсүң жаркыным.
Бечара энем жазыксыз
Өлдү дээрсиң жаркыным.
Аман болсо өмүрүң,
Шат күлөрсүң жаркыным.

Апам, ушинтип ырдап жан берди эле.

К у з н е ц о в. Чынар, өткөн ишке өкүнбө.

К ы з. Чынар, өмүрдү жакшы көрөсүң. Өзүң өмүрдүн гүлүсүң.

А ж а р. Биз үчүн, биздин таалайыбыз үчүн далай ак ниет адамдар курман болушту. Апакеңдин төгүлгөн каны бекер кеткен жок, кагылайын, Чынар.

К а л ы б е к. *(Чынардын маңдайынан сылап).*

Макмалдан калган курагым,
Тулпардан калган туягым.
Айнектей болгон көзүңөн,
Айланам сага Чынарым.

М а д ы л. Чынардай кызыма жүрөктү сууруп берсе да аз.

К а л ы б е к. Тулпардын чуркар адаты.
Шумкардын талбас канаты,
Комузун толгоп күү чертип
Ырчынын ушул санаты,
Алтымыш жашка чыкканча
Ойноттум чебер колумду,
Булбулдай сайрап ырдайын
Мынакей турмуш сонунду
Бул жашым кордук көп көрүп
Саргайып тоодо ырдады,
Замандын гүлү Чынар жан
Салтанат өмүр жыргалы.

А ж а р. Башыбызга бакыт куш
Конуп турган замана,
Кызыл-тазыл гүл жайнап
Толуп турган замана.
Тоо дайрасы ташкындап
Кирип турган замана,
Таалай жели салкындап
Жүрүп турган замана.

К а л ы б е к. *(Кубанып).* Сонун ыр экен!

К у з н е ц о в. Кыздар, бүгүн да көп жумуш бүтүрдүк. Эми барып эс алгыла. *(Кыздар чыгып бара жатышып кубанычтуу ырдашат).*

К ы з д а р. Биз таң кызы эркин-эркин,
Эркин өскөн эркелеп,
Биз таң жели салкын-салкын
Салкын соккон эртелеп.
Көрчү-көрчү биздин турмуш,
Биздин турмуш ырыскы
Биз өлкөнүн эрке ойногон
Кыздарыбыз — ырыстуу,
Биз өлкөнүн эрке ойногон
Кыздарыбыз — ырыстуу.

К а л ы б е к. *(Чынарга)* Жапар кат жазабы?

*(Чынар уялып жооп бербейт).*

А ж а р. *(Тамашалап)* Жооп бербейсиңби?

Ч ы н а р. Жазат.

К а л ы б е к. Окуусун качан бүтүрөт экен?

Ч ы н а р. Үч жылдан кийин.

К а л ы б е к. Аты эмне эле?

Ч ы н а р. Фрунзе атындагы Военный академия.

К а л ы б е к. Фрунзе! Биздин Фрунзе турбайбы. *(Почточу келет. кыздарга газет таратып берет, Кузнецовго телеграмма берет).*

К у з н е ц о в. (Телеграмманы окуп) Жапардан телеграмма алдым. Жакын күндөрдө барам дептир. Биздин колхоздун пахтасын көрүү үчүн бир топ коноктор келет экен. Чынар сага жана бардык колхозчуларга салам айтыптыр. Дагы сонун кабар, биз республикабыз боюнча пахтаны мурун терип бүттүк. Чоң той кылабыз. Тойго камынгыла. *(Кыздар кубанычтуу таркашат):*

М а д ы л. *(Чынарды токтотуп)* Чынар көптөн бери сага бирдеме айтайын деп эле чолоо таппай жүрөм.

Ч ы н а р. Айтыңыз.

М а д ы л. Ушул Кузнецов соо киши эмес. Күчмөнүм бар.

Ч ы н а р. Кузнецовду ошондой киши деп ойлойсузбу?

М а д ы л. Ай ким билет. Деги ойлоп көр. Колунан жакшылык келе турган киши эмес. Биринчиден кыргыздын айлынын шартын билбейт. Экинчиден бизге ишенбегенсип Кузнецовду жибергени эмнеси? Сага, мага ишенбейби? Ойлоп көр, ушул Кузнецов жоголмоюнча иш оңолбойт. Албетте мен ал кишинин жакшы эле көрөм. Бирок...

Ч ы н а р. *(Чынар чыгып бара жатып)* Андай күмөнүңүз болсо апачык элдин ортосунда айтыңыз. *(Чыгып кетет).*

М а д ы л. Кантиш керек? Канын ичип, чачын жулсам. «Жапар келет». Ушул ат жүрөгүмө ийнедей кадалды. Как нибудь расчитаемся. *(Жашырынып Момуш кирет).*

М а д ы л. Эч ким көргөн жокпу?

М о м у ш. Жок.

М а д ы л. Аянбоо керек. Жакын күндөрдө Жапар келет. Аны менен кошо коноктор келет имиш. Ишти ылдамдатуу керек. Билесиңби?

М о м у ш. Жапар... *(Чынар өтүп кетет, Момуш жашына калат)* Жапар, Чынар... кантиш керек.

М а д ы л. Кантиш керек экенин билбейсиңби? Айттым эле го. «Жоо аяган оңобу. Жоо аяган жаралуу.» Бат түндөп тоо таянып, кет. *(Момуш, Мадыл чыгып кетишет). (Кузнецов, анын артынан Чынар)* кирет.

Ч ы н а р. Кузнецов агай! *(Кузнецов токтой калат).* Ме-

нин сизге айта турган азыраак сөзүм бар. Партиянын мүчөсү болсо дагы Мадыл соо киши эмес.

К у з н е ц о в. Чынар жан, сен да байкаптырсың. Мадыл бетинде пардасы бар жигит.

Ч ы н а р. «Сактыкта кордук жок» дароо билдирүү керек.

К у з н е ц о в. Жүргүн, ошол жөнүндө сүйлөшөлүк. *(Чыгышат).*

М о м у ш. *(Жашырынып кирип)* Ал күндөр болсо, жайдак атка мингизип Чынардын чачын кыркып, бетин тилбес белем. *(Складды көздөй жүгүрөт).*

К а л ы б е к. (Кирип келе жатып Момушту көрүп) Ой, эмне кылып жатасың?

М о м у ш. Эмне керек сага. Сен ким?

К а л ы б е к. *(Момушка жакындап)* Мени тааныбай калдыңбы? Сен Момуш эмессиңби?

М о м у ш. *(Анткорсуп)* Кайдагы Момушту айтат?

К а л ы б е к. Кой айланайын, сен Момуш элесиң. Ээгимде сакалым эле жок де јесең.

М о м у ш. *(Ызырынып)* Мына тамаша, жинди болгон эмессиңби? Милиция ч кыра электе жогол мындан.

К а л ы б е к. *(К ұраттанып)* Чакырсаң чакыр. Өзүңдү өзүң таанбай сен жин; и болгонсуңбу.

М о м у ш. *(Жойпуланып)* Кайран гана асыл ырчым. Мен сени кантер экен деп жатпаймынбы. Эски малдын көзүндөй болгон көзүңдөн айланайын... Сак саламат жүрөсүңбү? *(Калыбекти кучактайт).* Сени да көрөт экемин да. Адамдын асылы, атактуу ырчым. Эми оозуң бек болсун. Мен болсом атагым чыгып, өкмөткө таанылып калган кишимин. Андай-мындай дегениң менен деле сага ишенбейт. А, сени болсо аттырып жиберүү да колумдан келет... Сен деле биз менен жүрдүң эле го. Бирок асыл ырчым, сага кантип кара санайын. Ант арбак уруп кетпейби. Бүлдүркөндөй кылып кийинтем. Комузуң колуңда, жашайбыз ырчым ошентип.

К а л ы б е к. *(Какшыктап)* Кайран мырзам, кадимки мырзам.

М о м у ш. Ошондой десең. Туз үчүн оозуң бек болсун. Кара коодо жаттыңар. Караан көрсө качтыңар — деп эле ырдай бер.

К а л ы б е к. Атпайсыңбы?

М о м у ш. Койчу нары, өткөндү эске түшүрбөй.

*(Чыгып кетет).*

К а л ы б е к. *(Жалгыз)* Дос ким, душман ким, таанып билүү керек. Кагылайын Кузнецов, рас айтат. Эй Момуш! Желдет Момуш! Эми сага алданбасмын.

**2-көрүнүш**

Калыбек. Бул ким?

Мадыл. Менмин. Пахтачыларды көрөйүн деп келдим эле. *(Калыбектин артынан жашырынып кирип Момуш Калыбекти жыга чабат. Калыбек жыгылат).*

Мадыл. Момуш, Момуштугуңду кармат. Өрттөнсүн, кыйрасын, шорросламдын— Токтордун кунун алалы. Ме, *(ачкыч берет)* Пахтасына өрт кой, анан той берип жатышсын.

Момуш. Мага кан, кан керек. *(Чуркап барып пахтага өрт коёт).*

Мадыл. Кайран Момуш, ишке жарайсың. *(Чыгып кетишет. Чынар жүгүрүп кирет. Өрттү көрөт, коңгуроо кагат да тартынбастан өрттү өчүрүүгө жүгүрүп кирет. Артынан Момуш кошо жүгүрүп Чынарды өрттүн ичине камайт.*

*Ошол учурда Кузнецов, колхозчулар да жүгүрүп кирет).*

Кузнецов. Бул ким, кармагыла.

1-колхозчу. Катыгүн.

2-колхозчу. Бул эмне деген жорук.

3-колхозчу. Кандай көркоонун колунан келди экен.

4-колхозчу. Укмуш. *(Колхозчулар өрттү өчүрүшүп, Чынарды алып чыгышат).*

Мадыл. *(Шашып жүгүрүп кирип)* Муну ким кылды? Зыянкечти дароо табуу керек. Издегиле. *(Бир топ жигит Момушту кармап келишет).*

1-жигит. Мына Момуш, желдет Момуш.

Ажар. Апаке, ошол Момуш ушулбу?

Мадыл. Сволочту атып жиберүү керек.

Момуш. Жан соого, мен душманды таап берем.

Ажар. *(Мадылдын колун кайрып)* Сенсиз эле билебиз. Экөөнү тең алгыла.

*Көшөгө*

## V КӨШӨГӨ

Толукшуган күн нуру. Алыстан жаркырап көрүнгөн карлуу чокулар. Тоонун бери жагында мейкин жаткан пахта талаасы. Килемдер төшөлгөн жүзүмдүү бак, ачылган кызыл-тазыл гүлдөр. Ар жакта колхоз тою болуп жаткан болот. Кыздардын ыры угулат.

Кыздар. *(Тыштан).*

Кызык, кызык турмуш күнүн сүрөр кез,
Катуу, катуу, каткырык салып күлөр кез,
Алтын канат ак шумкардай сермелип,
Арыш таштап алга карай жүрөр кез.

Мына турмуш, мына кызык тамаша,
Ким шаттанып, ким кубанбайт караса.
Биз эркеси, жайдарысы өлкөнүн
Биз ырдайбыз, биз күлөбүз балача.

*(Ыр, күү, жандуу каткырыктар угулат. Бакка кубанычтуу кемпирлер киришет).*

1-к е м п и р. Мындай тойду өмүрүмдө көргөн жок элем.

2-к е м п и р. Ушул күндү көрдүк. Өлсөк арман жок.

1-к е м п и р. Эс алып отуралычы.

2-к е м п и р. Кыздарга теңелип бийлеп сен кутурдуң го. *(Чынар, Ажар жана кыздар шаттуу киришет).*

А ж а р. Турмуштун эркин көркү үчүн,
Туулган кыздар өлкө үчүн,
Турмуштун жайдар күндөрү
Туп-тунук сулуу селки үчүн.

Б а а р ы. Жалжылдап көзүң жылдыздай,
Чачтарың сонун кундуздай.
Дүйнөдө жыргал бар бекен
Гүлдөгөн биздин турмуштай!

А ж а р. Күкүктөй сайрап олтурсаң,
Күүлөрүң сонун созулган,
Күмүштөй турмуш нур менен
Күлкүңө комуз кошулган!

Б а а р ы. Булбулдай үнү таңшыган,
Буралган гүлдөй аңкыган,
Кыялы жанды сергитер,
Кыздар өстү калкынан.

К у з н е ц о в. Мына, кыздар, күрөштүн, эмгектин натыйжасы. Бул ырыскыны бизден эч ким ала албайт.

К ы з. *(Суйүнүп чуркап кирип)* Агай, Жапар келди, Жапар келди. *(Кубанычтуу Жапар кирет).*

К ы з д а р. Жапар, ий Жапар. *(Жапарды тегеректешет, кемпирлер Жапардын орденин кармап көрүшөт).*

Ж а п а р. *(Кубанычтуу)* Амансыңарбы курбулар, Москвадан салам! *(Ажар, Кузнецов Жапарды кучакташат, өбүшөт).*

К у з н е ц о в. *(Жапардын орденин кармап)* Жапар, улуу урмат, улуу сый деген ушул.

Ж а п а р. Пахтаңардын планын толтуруп, майрам куруп жатканыңарды Ошко келгенде уктум.

А ж а р. Мадыл бетпак болуп чыкпадыбы, Момуш экөө пахтага өрт коюшуп...

Ж а п а р. Мадыл *(Ойлоно тушуп)* «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген ушул.

А ж а р. Жапар, Москвадан кеп салсаң.

Ж а п а р. *(Кубанып)* Көрдүм, көрдүм. Биздей эле кишилер экен. Курбулар оюнуңарды сагындым. Кана, баштап жибергилечи.

Б а а р ы. Асмандагы туйгундун
Учканындай жаштар ай...
Торгой менен булбулдун,
Тилдериндей жаштар ай,
Жаш баланын жылмайып
Күлгөнүндөй жаштар ай.
Асмандагы жылдыздын
Жарыгындай жаштар ай,
Ак толкундуу дайранын,
Балыгындай жаштар ай
Керме тоонун кеч курун
Шамалындай жаштар ай.
Кебелбеген баатырдын
Карааныңдай жаштар ай.

К у з н е ц о в. *(Жапарды тамашалап)* Той да болсо, тойдун эртеси да болор.

Ж а п а р. Кайсы тойду айтасыз?

К у з н е ц о в. *(Күлүп)* Аны Чынар экөөңдөн сурайбыз. *(Бардыгына).* Жолдоштор, Чынар жаш өмүрүн аябай, элдин таалайына арнаган. Чынар өлкөбүздүн Алтын кызы. *(Кыздар сүйүнүшүп Чынарды кучакташат).*

Ч ы н а р. *(Кубанычтуу).*
Жаш курбулар жашаткыла өмүрдү,
Өмүр чиркин өмүр кандай көңүлдүү.
Таң алдында оюн күлкү тамаша
Ана чолпон, чолпон жаңы көрүндү.

Ж а п а р. Кана-кана күл курбулар каткырып,
Тоо жаңыртып айлуу түндү шат кылып.
Эстеп-эстеп ээлендирип кыялды
Эркин шамал — эркин куюн жашчылык.

Б а а р ы. Асмандасын алтын канат балапан,
Айдай беттер миң кубулат карасаң,
Өмүр сонун, өмүр кандай керемет
Өз колунан улуу Ленин жараткан.

А ж а р. Кана кыздар бийлеп жибергилечи. *(Кыздар «шайы жоолук» деген бийди бийлешет. Калыбек, Алымкул жана башка карыялар киришет).*

Э л. *(Кубанычтуу)* Ырчылар келишти.

Ж а п а р. *(Калыбекти кучактап)* Кадырлуу Каке!

К у з н е ц о в. Тойдун көркү урматтуу кишилер, келиңиздер.

К а л ы б е к. *(Сүйүнүп)* Кагылайын Жапар, келдиңби?

Ж а п а р. *(Алымкулду кучактап)* Рас келбедиңизби? *(Элге)*. Мына, таалайлуу кыргыздын атактуу акыны Алымкул!

Э л. *(Кубанычтуу)* Алымкул, Алымкул!

Ж а п а р. *(Күлүп)* Каке, эми өзүңүздөр билесиздер да.

К а л ы б е к.

Алымкул иним карачы,
Сайрандап жаткан бул элди.
Шаттанып жаштар кубансын,
Булбулдай сайрап жиберчи.
*(Алымкулга комузун берет)*.

Э л. *(Кубанычтуу дуулдашып)* Алымкул, Алымкул ырдаңыз.

А л ы м к у л.

Кадимден бери Калыбек
Акын элең сайраган,
Жаңырган күнгө толкундап
Жашарыпсың кайрадан,
Куттуу болсун тоюңар
Кубанган көп эл жайнаган.
Калк ырчысы Калыбек
Арылтыптыр капаңды,
Ажыратты башыңдан
Азаптуу тарткан жапаңды
Ардактап аба ырдайлы
Алтын кыз менен Жапарды.
Айчыга алтын кызыл туу
Алган элди ырдайлы,
Алышкан жоосун кыйраткан
Балбан элди ырдайлы.
Сайрандап көңүл өстүргөн
Шаттуу элим турбайбы,
Эриктүү күнгө ээ болгон
Бактылуу элим турбайбы,
Өлкөгө өчпөс шам жаккан
Партияны ырдайлы.

*(Эл кызуу кол чабышат, партия жөнүндө кубанычтуу ырдашат)*.

Улуу Сталин сен менен,
Сен өстүргөн эл менен,
Бүт дүйнөдө жеңебиз
Биз күрөштөн өрчүгөн,
Сталинчил баатырбыз

Оттон туулуп, отто өскөн,
Ойрон салып душманга
Кайратыбыз тоо тешкен.
Жаш кайыңдай буралып,
Жаш көңүлдөр гүлдөткөн.

Оюн күлкү, кубаныч,
Эмгек окуу куралып,
Эрме чөлдөр гүлдөдү
Ак мөңгүдөн суу агып,
Асман менен биздин кыз
Аван салат угалык.
Ата Сталин туу менен
Алга жеңип чыгабыз.
Жер бетине шаң салып
Жаңы дүйнө курабыз.

*1936-ж.*

*Көшөгө*

# ТОКТОГУЛ

*(Үч актылуу музыкалуу драма)**

## ОКУЯГА КАТЫШУУЧУЛАР:

**Токтогул** — акын, комузчу — 40 жашта.
**Тотуя** — Токтогулдун аялы — 30 жашта.
**Бурма** — Токтогулдун энеси — 90 жашта.
**Топчубай** — Токтогулдун баласы — 10 жашта.
**Эшмамбет** — ырчы, Токтогулдун окуучусу — 25 жашта.
**Сары** — чебер уста — 35 жашта.
**Субан** — кедей — 75 жашта.
**Керимбай** — манап-болуш — 40 жашта.
**Карсаков** — губернатор — 60 жашта.
**Акмат** — айыл старчыны — 30 жашта.
**Семён** — каторгада жаткан революционер — 40 жашта.
**Салонский** — крепостун капитаны — 45 жашта.
**Тихон** — каторгадагы элчи — 55 жашта.
**Лена** — капитан кызы — 18 жашта.

Булардан башка: эл, солдаттар, каторгада жаткан саясий туткундар, полициялар катышат.

---

* 1937—1938-жылы жазылган. 1939-жылдан баштап Каракол округдук театрынын сахнасында бир канча жылдары коюлуп жүргөн. 1939-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан.

## I АКТ

### 1-сүрөт

Аскалуу тоолор. Капчыгайды жарып аккан дарыя. Суунун аркы өйүзү менен берки өйүзүндөгү бет маңдай турган арчалуу кок дөбөлөрдүн башына эл чогулушкан. Аркы дөбөдө Керимбайлар чогулушкан. Керимбай дүрбү менен алысты-алысты карайт. Берки дөбөдө Токтогул, Сары, Топчубай, Бурма болгон бир топ киши чогулушкан. Баары алысты тиктешет. Келе турган губернаторду тосуп турушат.

Т о к т о г у л. *(Комузун чертип, муңдуу үн менен).*
Элдин жашы тыйылбай,
Ыйлуу болду замана,
Эки старчын бир болуш,
Чырдуу болду замана,
Келин, кыздар каткырбай,
Муңдуу болду замана.

Калың журтум кайгырып,
Карып болгон замана.
Үй башына бир малдан
Салык болгон замана.
Буттарына кийгени —
Чарык болгон замана.
Колумдагы комузум
Эриктирбе элимди,
Буруп токсон сайрайын
Булбул кызыл тилимди.
Жакырчылык-жокчулук,
Жаш жамгырдай төгүлдү...

К е р и м б а й. *(Кыйкырып)* Кашка жолдон чаң чыгат. Төрөлөр келе жатышат. Токтогул алдынан ырдап чыккын, *(чапанын чечип)* ме, менин чапанымды кийип, күрөң жоргого мингин. Бол, батырак.

Т о к т о г у л. *(Какшык менен)* Төрөлөрдү ырдоого тилим жетпейт, комуздун кылы үзүлүп калыптыр.

С а р ы. Рас айттың, Токо!

К е р и м б а й. *(Ызырынып)* Комузуңдун мойну сынсын.

С а р ы. *(Өзүнчө)* Оозуңа таш.

Т о к т о г у л. Комуз эмес, бала-чакасын чырылдатып тирүү кишилердин да мойнун сындырып жатпайсыңарбы...

К е р и м б а й. *(Кекээрлеп)* «Өлөр эчки койчунун таягына сүйкөнөт», сүйлөшө жатарбыз.

Т о к т о г у л. Сени менен сүйлөшүүгө көптөн бери ынтызармын.

К е р и м б а й. Күчүңдү көрөрмүн.

Т о к т о г у л. Асман сенин колуңда эмес го.

К е р и м б а й. Асман колумда болбосо да амал колумда. Мына бул кол ак падышанын төрөлөрүнө жеткен кол.

Т о к т о г у л. Ак падышанын төрөлөрүнө сен гана түгүл, оозунда тили жок айбандар да жетишет. Келе турган төрөң бир топ ак күчүктөрдү ээрчитип жүргөнүн өз көзүбүз менен көрбөдүк беле. Анын эмнесине мактанасың.

К е р и м б а й. *(Ызаланып)* Ал күчүктөр катыныныкы. Мени менен айтышканды коюп, төрөнүн алдынан ырдап чыгып, оокатыңды тапсаңчы.

Т о к т о г у л. *(Күлүп)* Күчүктөрү катыныныкы болсо, сен төрөнү ээрчип алгын. *(Эл дуу күлүп жиберишет).*

К е р и м б а й. *(Ызаланып)* «Тай туйлап тактага чыкпайт». *(Башы жарылган, тону тытылган Субан абышка ыйлап кирет).*

С у б а н. *(Муңканып).*

Капалуу болду жүрөгүм,
Кайгылуу болуп жүрөмүн.
Эркиндеп учуп туйгундай
Элирип качан күлөмүн?
Саргайган сары замана
Сапсары болду ирeңим.

Өмүрдө жыргал көрөмбү,
Өркүндөр күнүм келеби?
Караңгы ордон чыгалбай,
Кайгырып жүрүп өлөмбү…

Бай-манап сорду канымды,
Маңдайым тилик жарылды.
Какшатып тартып алышты
Колумда жалгыз малымды.
*(Керимбайга атырылып).*

Болуш! Кайда адилеттик, кайда кишичилик! Сакалым агарып, белим бүкчүйгүчө атаңдын жалчысы болдум. Тайыңды токуп, өз колум менен сени чоңойттум. Коюңду кайтардым, отунуңду алдым, сууңду куйдум. Элүү жыл, элүү жыл эшигиңде кызмат кылдым. Кайда адилеттик? Акырында бутумдагы чокой, үстүмдөгү куур тон менен эшигиңден куру кеттим. Элүү жылдык мээнетиме бир аксак улак берген жоксуң. Төрт жылдан бери Кулназардын коюн кайтарып, бит баскан жабагы алдым. Кышында тонумду жаап, жайында колум менен чөп жулуп берип жүрүп бактым. Даакысы түшүп, жүнү жылтырап семирди. Бир тайыңды мага ыраа көрбөй жигиттериңди чаптырып тартып алдың. Тай алганың

аз келгенсип Акмат старчынды жумшап, бети-башымды канга боёттуң. Кудайдан коркуп, пендеден уялсаң болбойбу?

Керимбай. Өлөрман чал, башыңды ташка койгулап өзүң жарып алгандырсың. Сенин тайың түгүл Анжиянда эшендин, ат көтөргүс манаптардын башы кетип жатат. Тайың төрөлөргө союлат. Жогол мындан.

*(Керимбай чыгып кетет).*

Токтогул. *(Субанга кейип)* Заардуу, муңдуу заманда көрөр күн ушул. Кандарыңды жууп алыңыз. Керимбай сиздин арызыңызды укпайт. Арызыңызды элге, өзүңүз менен бирге жүргөн койчуларга айтыңыз. Башыңыздан аккан кан, көзүңүздөн аккан жаш унутулбас!

Субан. Чын айтасың, булбулум Током!

Токтогул. *(Комузун күүлөп, армандуу ырдайт).*

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаркын күнгө жеткиче,
Бат карыбас болсочу.
Кызыл оңбос болсочу,
Гүлдөр солбос болсочу,
Кайран өмүр күн сайын,
Картайганын койсочу.

Жигит өлбөс болсочу,
Күч түгөнбөс болсочу,
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу.

Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу,
Кызыл жүздөн бурулуп
Кыз кубарбас болсочу.

Картаң өмүр жыйырма беш,
Жашка барар болсочу.
Кайран жанды кол менен
Жасап алар болсочу.

Ыйлап жүргөн абышка
Ырдап күлөр болсочу,
Жылгадагы куштардай
Жыргап жүрөр болсочу.

Субан. *(Кубанганынан)* Үнүңдөн айланайын Током! Рас эле, Током айткандай өмүр өчпөс болсочу. Жыргал күнгө жетер заман болобу? Кайда жыргалчылык!?

Т о к т о г у л. Жыргалчылык алыс болсо темирден таяк алып, кандай болсо да жетер элем. Жыргалчылык жерде болсо казып, көктө болсо айла таап учуп барар элем. Жыргалчылык арыстандын оозунда болсо, аянбай сууруп алар элем. Асканын боорунда болсо, боюмду таштар элем. Кайда, кайда жыргалчылык! Мына Субан абышканын жалгыз тайын тартып алып, башын жарган Керимбай болушта.

Э л. Туура, Токтогулдуку туура.

С у б а н. *(Кайраттанып).* Керимбай канкор, жакаңдан колум, жүрөгүмдөн кегим кетпес.

Э л. Жалгыз аттуу жардынын,
Атын алды бий, болуш,
Каракчыдай кол салып,
Басып алды бий, болуш.
Каршы чыккан шордуунун
Башын жарды бий, болуш.

Булбул Током сайрагын,
Биздин муңду комузга.
Кор болдукко зар ыйлап,
Бий, старчын болушка.
Кондурбады бий-манап
Коңур чөптүү конушка.

Башыбыздан каран түн
Кетер заман болобу,
Бай-манаптын чырагы
Өчөр заман болобу,
Бак-таалайга колубуз
Жетер заман болобу?

*(Керимбай, Акматтар киришет).*

А к м а т. Өз ыктыярыңар менен үй башына он сомдон чогултасыңар. Солдаттардын союшуна кырк кой бересиңер.

С у б а н. *(Акматка жулунуп)* Коюм жок, сага тонумду беремби? Албаганың ушул куур тон калды. Ме, муну да ал.

*(Тонун чечип ыргытат).*

Т о к т о г у л. Он сом деген бир аттын куну. Бул бечаралар бир жыл малай болсо да таба алышпайт. Миң жылкылуу, миң койлуу байлар турбайбы.

А к м а т. Төбөсү менен жер казса да табышат.

С а р ы. Замана куурулду го.

Э л. *(Чурулдашып, Акматка атырылышып)* Жоголгун, көзгө көрүнбөй. Көргүлүгүңдү көрөрсүң.

К е р и м б а й. Байларды аяп койгон жерибиз жок. Кулназардын үйүн тиктирдик. Сейиттин килемин алдык. Төрө бир

гана байлар үчүн келген жок, эл үчүн келип отурат. Көпкө түшкөн чыгымды тартыш керек.

С а р ы. Кулназардын оргоосу, Сейиттин килеми, Алыбектин жоргосу эртеңки күнү өзүнө тиет. Биз болсок чыгым үчүн малай жүрөбүз. Элдин убалынан коркосуңарбы?

С у б а н. «Сөздү сөз келгенде айтпаса сөздүн атасы өлөт». Төрөгө шылтоолоп жегим келди десеңчи.

С а р ы. Төрөсү да жейт, өзү да жейт, аты да жейт, ити да жейт. Жем болдук го.

К е р и м б а й. *(Ачууланып)* Жаагыңды бас!

Т о к т о г у л. Баш кесмек бар, тил кесмек жок.

А к м а т. *(Чаңырып)* Тапсаңар да табасыңар, таппасаңар да табасыңар. Силер менен мылтыктын огу, кылычтын мизи менен сүйлөшөбүз.

*(Алыстан аттардын дүбүртү угулат, Керимбайдын бир жигити шашып кирет).*

Ж и г и т. *(Керимбайга)* Төрөлөр келип калышты. Астында алтымыш, аркасында алтымыш солдат, ортосунда төрөм. Сиздин кадырыңыз ай, «Керимбай болуш кайда?» деп үч жолу сурады.

К е р и м б а й. *(Шашып)* Токтогул ырда, болгула, үй жасаткыла...

*(Керимбайдын жигиттери кирип-чыгышып, ыйгы-тыйгы болушат. Элдин баары баштарын ийишип губернаторду тосушат. Тыштан солдаттарга команда берилет. Тайганын ээрчитип куу муруттуу губернатор Карсаков кирет. Эки жагында кылычтарын тике кармашкан төрттөн офицерлер. Губернатор Карсаков Керимбай менен көрүшөт, элдин баары кол куушуруп турушат).*

К е р и м б а й. Улук төрөм, сиздин кадырыңызга, сиздин кызматыңызга менин карамагымдагы бардык эл даяр.

К а р с а к о в. Урмат айтамын. Улукмандуу орус падышасына кызматыңыз сиңгени үчүн мына сизге *(Керимбайга чендүү чепкен жабат. Керимбай кубанат, офицерлер Керимбайга честь беришет).*

К е р и м б а й. Падыша кудаа эмес кудаадан жудаа эмес. Кудай менен падышанын кызматын күн дебей, түн дебей аткарууга, улук төрөм, кам санабаңыз...

К а р с а к о в. *(Тайганын эркелетип)* Казан хандыгын, Крым хандыгын, Кокон хандыгын кыйраткан мына биз. Миң дөбө жаңжалчылары кыйрады. Темирлан адам башынан мунара жасаса, мен адам канынан дарыя агызамын.

*(Эл корккондой аркы-терки болушат).*

К е р и м б а й. Улугум, бизде да элдин ынтымагын бузгандар аз эмес. *(Токтогулга карап)*. Зыяндуу адамдар бардыгын өзүңүз билесиз го.

Г у б е р н а т о р - К а р с а к о в. *(Мурутун оңдоп, көзүн чакчайтып)* Билебиз, биз бекеринен бул жерге келгенибиз жок. Алардын бардыгы тартипке чакырылат. Ак падышага каршы чыккан коркунучтуу душмандар катары катуу жазага тартылышат. Мына ушуну унутпагыла *(аскерлер элди курчайт)*.

К а р с а к о в. Токтогул ким? (*Керимбай шашып Токтогулду көрсөтүп).*

К е р и м б а й. Акын Токтогул Сатылганов ушул.

К а р с а к о в. Элди бунт чыгарууга чакырып ыр ырдаган ушул экен да. Байлагыла колун. Сары Андашов баш болгон жанагы спискадагыларды көрсөткүлө, азыр туткундалып камакка алынышат. *(Жасоолдор солдаттарга адамдарды көрсөтөт, алардын колдору байланылат, эл ызы-чуу, Бурма, Тотуялар келет).*

Б у р м а. *(Боздоп ыйлап)* Кулунум, жалгызым. *(Солдаттар айдап кете баштайт).*

Т о к т о г у л. *(Топчубайдын бетинен өөп, комузун берип)* Комузду чертип элге эрмек бол. Менин жогумду билдирбе. Кагылайын кубатым! Карыган энем Бурма, жарым Тотуя кош болгула.

Т о т у я. *(Ыйлап).*

Карчыгадай айланып,
Келериңди күтөмүн,
Калың элдин булбулу
Өнөрүңдү күтөмүн.
Көздөрүмдү жаш басар,
Көкүрөгүм дарт басар,
Көзүм көрүп бир күнү
Жүрөгүмдү шат басар.
Жол колуна кармалып
Алыс кетип барасың,
Жаныңдагы элиң жок,
Жалгыз кетип барасың.

Бей-пай тартып жүрөрмүн,
Каран болуп көңүлүм.
Бейли кенен булбулум,
Бекем болсун өмүрүң!

*(Бурма, Тотуя, Толпчубай Токтогулду кучакташат, ыйлашат).*

С у б а н. *(Топчубайды кучактап)* Булбулумдун баласы, жалынсын сага жүрөгүм. Кайрат кыл, ыйлаба. Тили чечен ырчы, колу чебер уста баш болуп элимдин мыкты уулдары кетип бара жатат. Шум заман, каран заман.

Г у б е р н а т о р. Жетет. Айдагыла.

Т о к т о г у л. Эл. Өлбөсөм айланып бир келермин. Он жашар балам, карыган энем, жаш жарым калды, ушуларды кор кылбагыла. *(Солдаттар Токтогул, Сары жана башка туткундарга кишен салышып айдап жөнөшөт. Бурма, Тотуя буркурап ыйлашат. Эл толкуп, мүңдүү ыр ырдашат).*

Талдагы булбул учкандай,
Таңдагы чолпон өчкөндөй,
Карайып кетти замана
Казандын көөсүн сепкендей.

Бурулбай тили сайраган,
Булбулу кетти кыргыздын.
Буралып чөлдө талбаган
Дулдулу кетти кыргыздын.

*Көшөгө*

## II АКТ

### 2-сүрөт

Сибирь. Кыш, крепость. Түрмөнүн ичи. Кол, буттарына кишен салынган саясий туткундар ырдашат.

Эркиндик, кенен турмуш, өмүр үчүн,
Эзилген кайгы баскан элим үчүн,
Эзелден кара түнгө каршы турдук,
Эрдентип эр кайратын, эрдин күчүн.

Кулатып кулдук доорун түнү менен,
Курабыз жаңы дүйнө күнү менен.
Жадырап жердин бети зор кубанар
Чалкыган кең деңизи, көлү менен.

Бириккин бүткүл дүйнө пролетары,
Бириксең кордук дүйнө кулар чагы.
Күрөштө теңдик үчүн аккан кандан,
Көкөлөп өсүп чыксын жыргал багы.

Алыскы туюк жерге айдаса да,
Кол, бутту темир жипке байласа да,
Дүйнөгө биз кожоюн — биздин мөрөй,
Келечек салгылашкан кан майданда.

(Түрмөнүн темир капкасы ачылат. Солдаттар Токтогул, Сарыларды айдап киришет. Түрмөдөгүлөр жарданып карашат. Токтогул менен Сары арыктап жүдөшкөн, сакалдары өскөн, колдоруна кишен салынган).

Т и х о н. *(Иренжип)* Революциянын эмне болуп бара жатканын да билбеймин. Ушуларга окшогон макулуктардын колунан эмне келет?

С е м ё н. *(Токтогулга)* Кандай себеп менен мында келип калдыңыз. Кайсы улуттан болосуз?

Т и х о н. Кылмыш кылган да.

Т о к т о г у л. *(Кайраттанып)* Кылмыш! Кылмышты өмүрүмдө кылган эмесмин, кылбайм да. *(Семёнго карап)* Кыргызмын.

Т и х о н. Кылмыш кылбасаң айдалып жүрөр белең.

Т о к т о г у л. Мен элимдин муңун муңдап, ырын ырдадым. Ал кылмыш болобу?! Бул болбосо колунан көөр төгүлгөн уста, аты Сары. Чеберчилик да кылмышпы? Киши өлтүрсө, элди таласа, ууру кылса — кылмыш болот.

С а р ы. Кылмыштуулар калды. Кылмышсыздар айдалышты.

Т и х о н. Силерче кылмыштуулар ким?

С а р ы. Байлар, манаптар, төрөлөр.

С е м ё н. Кыргызмын дейсизби? *(Токтогулга карап)* Кайсы жерден болосуздар?

Т о к т о г у л. Кыргыз деген Алатоо аймагында жашайт.

С е м ё н. *(Терең ойлонуп)* Тоодогу кыргыз, чөлдөгү казак, муздагы тунгуз, мына ушул элдердин бардыгы катышканда гана падышаны кулатып, жаңы дүйнө курабыз деп бир жолдошумдун айтканы эсимде.

Т и х о н. Алар эң мурун наадандыктан, караңгычылыктан чыгуулары тийиш.

С е м ё н. Билимди байлар, төрөлөр беришпейт, революция берет. Курал менен кулдук торун тытканда гана наадандык, караңгычылык таң нуруна тепселет.

Ү н д ө р. Туура. Бул акыйкат.

Т и х о н. Бул фантазия. Россиянын миллиондогон дыйкандары кара тамандын алдында күчсүз болуп отурушат, наадан кыргыз, жапайы тунгуздардын колунан эмне келет.

С е м ё н. Россиянын миллиондогон элинин күчү зор. Ошол күчтү баштай турган жумушчу табы өсүп отурат, муну көрө билиш керек.

С о л д а т. Капитан келе жатат, шапкеңерди алып кулдук ургула. *(Капитан кирет, баары турушуп, шапкелерин алышат).*

К а п и т а н. *(Токтогулду бетке чаап)* Сен эмне үчүн шапкеңди албайсың?

С е м ё н. Таксыр капитан, көнө элек.

К а п и т а н. Көндүрөрмүн. Сволочи. *(Чөнтөгүнөн кагаз алып окуп)* Анын урматы падышага кечирим сурап жиберген арызыңдын натыйжасын угузам: Николаев Семён?

С е м ё н. Мен.
К а п и т а н. Атказ!
С е м ё н. Мен дагы ушуну күткөмүн.
К а п и т а н. Тимофей Карпов?
Т и м о ф е й. Мен.
К а п и т а н. Атказ.
К а п и т а н. Галий Михадов?
Г а л и й. Мен.
К а п и т а н. Атказ.
К а п и т а н. Сахадзе Иван?
И в а н. Мен.
К а п и т а н. Атказ.
К а п и т а н. Кули Мамед Насир Оглы?
К у л и. Мен.
К а п и т а н. Атказ.
К а п и т а н. Сергей Иванченко?
С е р г е й. Мен.
К а п и т а н. Атказ.
К а п и т а н. Тихон Сидорович Горбунов?
Т и х о н. Мен.

К а п и т а н. Улуу урматтуу падыша сиздин арызыңызды укту. Сиз бошодуңуз.

Т и х о н. *(Капитандын бутуна жыгылып, сүйүнүп)* Мына демократия, күн чыкты, бакыт таңы атты... Мен ыраазы. Урматтуу капитан, мен ыраазы. *(Семёнго жармашып)* Семён, кош Семён. Мен, мен революция үчүн туулганмын, революция үчүн жанымды аябаймын. Кошкула, курдаштар.

С е м ё н. Сени мында жаңылыштан алып келишкен. Жөнөй бер.

Т и х о н. *(Чыгып бара жатып)* Курдаштар, бала-чакаңарга салам айтамын *(капитан, солдаттар чыгып кетет)*.

С е м ё н. Жүзү каралар, революциянын атын булгашат. Падышанын, помещиктердин күчүктөрү.

Ү н д ө р. Алдамчылар, сатылган бетбактар.

С е м ё н. *(Токтогулдарга)* Ырчымын дедиңиз го.

С е м ё н. Ырыңызды угуп, көңүлдү кубанталы. Толук булбул, сайрап коюңуз.

Т о к т о г у л. Айланган тоонун бүркүтү
Азаптуу торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым.

Он жашар жалгыз баламды
Ойлонуп күндө сагындым.
Айчылык жерге талбаган,
Дулдулу элем кыргыздын,

Аземдеп тилим сайраган
Булбулу элем кыргыздын,
Айдалып келип алыска,
Азабын тарттым турмуштун.

Көзүмө көзү тийишкен,
Көргөндө беттен сүйүшкөн,
Көркөмдүү жарым кантти экен,
Көкүрөк муңдуу күйүтчөн
Элимди качан көрөмүн
Элирип бирге жүрүшкөн.

Туйгунду камап капаска,
Тулпарды салды азапка,
Карыган энем кантти экен,
Кайгыны тартып азапта.
Туткундан бир күн учармын,
Турмушта эркин жашашка.

Жыйырма беш жылга кесилип,
Чынжырга бутум тешилип
Аман кетер бекенмин
Азаттык күнгө кезигип.

С е м ё н. *(Кубанып, Токтогулга кучагын жайып)* Мен да сендей капастагы туткунмун. Чагылган чартылдап, катуу бороон сокпондо зордук торун жыртарбыз.

Т у т к у н д а р. Таалайдын күнү жаркырап
Карайган туман ачылар,
Какырап жаткан кум чөлдү
Көк шибер гүлү жашырар.
Туткунда жаткан туйгундун
Канаты өсүп жетилер,
Көкөлөп сызып учканда
Көксөгөн жерге жеткирер.

*Көшөгө*

### 3-сүрөт

Кыргыздын Алатоосу. Жайлоо. Токтогулдун үйү. Топчубай ооруп жатат. Бурма Топчубайдын башында ыйлап отурат.

Б у р м а. Жалгыздан калган туягым,
Жанымда жаркын чырагым.
Садагаң болсун энекең,
Жалбарып ыйлап турамын.

Алыска кетип атакең,
Армандуу өлдү жеңекең.
Зарлантып койду ушинтип,
Замандын ары жок экен.

Көзүмдүн жашы сел болду,
Көкүрөк кайгы чер болду.
Бейпайын тартып жалгыздын
Бечара энең кор болду.

Алмадай башың сакайып
Алматай күлөр бекенсиз!
Айнектей көзүң жылтырап
Аманда жүрөр бекенсиң!

Токсонго чыккан жашымды,
Тозоктуу дүйнө катырды,
Өпкөмдү сууруп чабайын
Көтөрчү айнек башыңды.

Армандуу заман түгөнүп,
Адамга назар салсачы.
Ак шумкар куштай айланып
Атакең келип калсачы!

Т о п ч у б а й. *(Жөөлүп)* Атаке, комуз үйрөтчү, балдар чуркап келишти. Энеке, суудан кантип өтөм. Отко салбачы. Чымчыктын коодугун. Атакем... Атакем...

Б у р м а. *(Буркурап ыйлап)* Карегим, мен секетиң кетейин. Көр кудай, бизди эмне тоорудуң. *(Субан кирет, Топчубайдын бетин ачып, кабагын түйүп, оор кайгыга батат).*

Б у р м а. *(Ыйлап)* Мен шордуу. Кечээ эле ойноп күлүп отурду эле... Жөөлүй баштады. Кандай айла, кандай арга кыламын.

С у б а н. *(Ыйламсырап Топчубайдын маңдайын колу менен сылап)* От менен жалын, маңдайыңдан айланайын.

Булбулумдун тили сен,
Торгоюмдун үнү сен.
Атасын туурап сайраган,
Адамдын көркү гүлү сен.

Шайманым кетип карыгам,
Сексенге чыга жашагам,
Сакадай болгон өзүңдөн
Мен кетейин садагаң.

Күн бою тынбай таңшыган,
Күкүгүм үнүн чыгарсын.
Каткырып күлчү Топчубай,
Карыган абаң кубансын.

*(Эшмамбет кирет, комузун жерге коё коюп Топчубайдын бетинен өбөт).*

С у б а н. Ырчы агаң келди, Топчубай, тур, комуз чертиш. Тур, садагаң болоюн.

Э ш м а м б е т. *(Үшкүрүп)* Токомдон кабар жок, аркасында жалгыз баласынын өмүрү узун болгудай эле... Энеке, ыйлаба, кантебиз, тагдырдын салганы... оңолор, заман оңолор...

«Токтогулдун үйүнө барсаң, кызталак ырчы жиниме тийсең Токтогулдун аркасынан жиберемин» деп топ жыйындын алдында Керимбай лакылдап сөгүп, сай-сөөгүмдү сыздатты. Корсулдаган бордоку сенин да ыйлаар күнүң болор.

Т о п ч у б а й. *(Жөөлүп, башын көтөрүп)* Атаке, бер комузуңду чертейин. Комузду алып бер, чертем...

Б у р м а. *(Кубанып, керегедеги комузду Топчубайга алып берип).* Черте кой, колуңдан энең айлансын.

С у б а н. *(Топчубайды сүйөп)* Топчубай, мен абаңмын, Субанмын. Тааныйсыңбы, секетиң болоюн. *(Зейнеп, Субан, Эшмамбеттер кубанышып Топчубайды сүйөп, өөп эркелетишет).*

Т о п ч у б а й. *(Комузду күүлөп, муңдантып чертип).*

Айдоодо жүргөн алыскы
Атамды эстеп сагындым.
Элиме эрмек болууга
Элирип комуз чалынгын.
Толукшуп турган кең жайлоо
Тоолуктун малы жайласын,
Томсоруп жүрөт Топчубай,
Торгоюм атам кайдасың.

Буруксуп турган кең жайлоо,
Бугунун малы жайласын.
Мусапыр болду Топчубай
Булбулум атам кайдасың.

Аталуу бала эрке экен,
Баланын ата көркү экен,
Тирүүлөй жетим калтырбай
Түркүгүм атам келсе экен.

*(Топчубай элирип ойдо турууга умтулат. Зейнеп, Эшмамбет, Субандар жөлөшүп, ырдаганына кубанышат).*

Т о п ч у б а й. Атаке, ме комузуңду. *(Чалкасынан жыгылат, Бурма, Эшмамбет, Субандар Топчубайды тегеректешет).*

Б у р м а. *(Өңү кубарып)* Топчубай, айланайындар, эмне болуп жатат. *(Ыйлап жыгылат).*

С у б а н. *(Топчубайды жаап).* Булбулдын чырагы өчтү.

Э ш м а м б е т. Кайран Током, кор болду. Жалгыз баласынын көзүн көрбөй калды. *(Кайгырышат).*

Э ш м а м б е т. *(Муңканып).*

Кайгынын муңдуу дарыясын,
Кече алар заман болобу?
Керимбай, болуш, төрөдөн
Өч алар заман болобу?

Азапка тууган Токтогул
Аркандан калар каран жок,
Алдейлеп медер бел кылган
Ардактуу жалгыз балаң жок.

*Көшөгө*

**4-сүрөт**

Сибирь. Жайдын күнү. Шахта. Дары коюлуп жарылган таштын үнү, күүлдөгөн дабыш, туткундар иштеп жатат. Туткундарды кайтарган солдаттар.

О н б а ш ч ы. Дем алыш, эс алгыла! *(Туткундар отурушат).*

Т о к т о г у л. *(Үшкүрүп, белиндеги комузун чечип алып чертет):*

Булбул элем наалыдым,
Будан элем талыдым.
Мусапыр болуп өткөрдүм,
Мырзалык жаштын жарымын.
Муңдуу күнгө көп жүрүп
Буурул болуп карыдым.

Торгой элем наалыдым,
Тобурчак элем талыдым.
Толгонуп ыйлап өткөрдүм,
Толкуган жаштын жарымын.
Тозоктуу күндө көп жүрүп,
Тоголонуп карыдым.

Күкүк элем наалыдым,
Күлүк элем талыдым.
Күйүт менен өткөрдүм,
Күлгүн жаштын жарымын.
Көкүрөк муңдуу болду эле,
Көк ала болуп карыдым.

Күрпөң-күрпөң жүгүргөн,
Күлүк элем талыдым,
Күкүктөй болгон кайран баш
Күйүттүү жүрүп карыдым.

С е м ё н. *(Жанына келип)* Токо, кандайсың?

Т о к т о г у л. *(Кейип)* Кандайы курусун. *(Кендин ичинде өлгөн туткундун өлүгүн көтөрүп өтүшөт).* Мына бул бечара, жан талашып жатып баласын оозунан түшүргөн жок. Адамдын жаны ай, кулап түшкөн аяктай таштан өлдү. Олдо байкуш ай, мен өлсөм да балам жалдырап жетим болор. Айланайын баладай ширин бар бекен? Бала кубат, бала кубаныч. Эй Семён, Семён, баарыбыздын көрөр күнүбүз, өлөр өлүмүбүз ушул. Кандай жайдары жигит эле! Кайгырууну билбей, жаркырап, күлүп жүрчү эле. Мындай кайраттуу жигит чанда чыгат. Армандуу өлүм, азаптуу өлүм.

С е м ё н. *(Шапкесин алып, башын жерге салып)* Кош. Курбум. Чагылган чартылдап, эрк нуру жааганда жайдары күлүп, жарк этип көрүнөсүң. Кош! Токо, муну да көрүү керек. Азапты, кайгыны ким көп тартса, ал жыргалчылыктын даамын жакшы тата билет. Бул кайгы, бул азап таалайдын, эркинчиликтин катуу соккон күчтүү бороону.

Т о к т о г у л. *(Кайгырып).*

Картайып кеттим Токтогул
Кайран жашты жоктодум.
Канаттуу куштай балалык
Кайрылып келбейт окшодуң.
Эскирип кеттим Токтогул,
Эссиз жашты жоктодуң.
Ителги куштай балалык
Эңсесем келбейт окшодуң.

Буруп черткин Токтогул,
Буудан жашты жоктодум,
Буркурап ыйлап турсам да
Булбул жан келбейт окшодуң.

Кайрып черткин Токтогул,
Кырчын жашты жоктодум,

Кыргыек куштай балалык
Кылчайып келбейт окшодуң.

Жалгызын санап зарланып,
Жалбырактай саргайып.
Жабырды энем тарткандыр,
Жараган малдай каржайып.

Азапка туулуп жаралдым,
Арманда куйуп карыдым.
Көзүн көрөр бекенмин
Күкүктөй жалгыз баламдын.

Семён. *(Шаттанып)*
Кайгырба, Токо, кайгырба,
Кубанычтын кайгысы бар,
Кайгыргандар кубанар,
Кан жуткучтар куланар.

Жыргалдын да кайгысы бар,
Жыргагандар жыгылар.
Булбул үнүң бүт дүйнөгө
Бүт дүйнөгө угулар.

Токо, бул залимдер убактысынча жыргап, убактысынча өкүм сүрүшөт. Эч кимдин колу жеткис, эч бир жоо жеңип ала албай турган бийик мунардай, көркөм чынардай жыргалды биз курабыз. Мына ошондо Токо, сенин ырларың, сенин күүлөрүң шаңдуу ырдалып, шаңдуу, шаңдуу чертилет.

Токтогул. Семён, кыргыз элден кол, бутум кишенделип айдалганымда жылуу сөздөн, жакшы курбудан үмүт үздүм эле. Менин курдаштарым кыргызда гана калгандай көрүндү эле. Мында келдим. Кырк жыл өмүрүмдө кезиктирбеген жан курбумду ушул жерден кезиктирдим, ал — сен. Мына быйыл сегиз жыл. Сегиз жыл сени менен туткунда, азапта бирге болдум. Сен мени ойготтуң, сен менин көзүмдү ачтың. Өлмөйүнчө ырдасам, уктасам түшүмдөн кетпейсиң. Оорусам башымда отурдуң, ыйласам соороттуң, кайгырсам кубандырдың. Семён, сага ыраазымын, бүтүн дүйнөнүн малын төлөсөм да сенин карызыңды актай албасмын. Малдын, дүнүйөнүн бети курусун, жаным, жүрөгүм, тилегим сендик, курбум Семён!

Семён. Токо, кымбаттуу Токо, кыргыздын эли ырга ыктуу, комузга шыктуу деп бая бир айтканың эсимде. Элиң эңсеп, сенин ырыңды сагынышкандыр.

Токтогул. *(Үшкүрүп)* Сагынышса кантемин!

Семён. Биз, жолдошторуң көптөн бери ойлоп, көптөн бери даярдык күтүп жүрөбүз, Токо, качкын!

Т о к т о г у л. *(Чочуп).* Кантип?

С е м ё н. Кантуунун айласын табабыз.

Т о к т о г у л. *(Башын чайкап).* Жок, сени, Сарыны таштап кете албаймын. Баарыбыз качалы.

С е м ё н. Сени менен ажырашуу биз үчүн жеңил деп турасыңбы? Үчөөбүзгө качуу өтө кыйын. Азырынча сен кач. Элиң сени күтөт, элиңе ырдап, алтын сөзүңдүн уругун чачкын.

Т о к т о г у л. Эл-журт деген кыйын нерсе экен го.

С е м ё н. Мына паспорт, үч ай аракет менен Тбилисидеги бир курбум жеткирди. Паспорттогу ат — Насиреддин Насиреддинов. Эсиңен чыгарба. Токо, көрүшпөсөк да угушарбыз.

*(Сары келет, Семён Сарыга шыбырайт. Лена чыгат, кол чатырын кармап илкий басып келип ташка олтурат).*

С е м ё н. *(Капаланып)* Каргаша болмок болду. Бүгүндөн калса качуу кыйын, жол торолот.

С а р ы. *(Кезенип)* Таш менен тоголото коёрмун.

С е м ё н. *(Сарыга шыбырап)* Э... барышня, сизге жол болсун!

Л е н а. *(Чоёңдоп сүйлөп)* Прогулка. Сага эмне жок, оолак ке т

Т о к т о г у л. *(Комузун чертип).*

Улуктун кызы барышня
Уялам сага барышка,
Уруксат кылсаң болбойбу,
Балалайка чалышка.

Л е н а. *(Ордунан туруп, мурдун чүйрүп)* Балалайка, укмуш, укмуш, укмуш *(чыгып кетет).*

С е м ё н. *(Күлүп)* Шайтандын шапалагындай болгон урган.

С а р ы. *(Ыйламсырап)* Токо, мен каламбы, өлбөсөм, барып калармын, Сокубашка, Түлкүбайга, Ысага, Мамбетке, Кулукеге, Анарбайга, Төрөгелдиге, Садыкка, баарына салам айт.

С е м ё н. Токо, аман-эсен элиңе жетип, ойноп-күлүп бала-чакаларың менен көрүш!

Т о к т о г у л. *(Семёнду кучактап өөп)* Унутпасмын, унутпасмын... *(Токтогулга коштошуп кучакташат).*

С е м ё н. *(Токтогулду катуу-катуу өөп)* Кыргызга бизден салам айт. Төмөнкү, токойдогу жолго сал. Кош, Токо! *(Токтогул кетет, Семёндор өтө аяныч менен узатышат. Капитан солдаттары менен кирет).*

К а п и т а н. *(Кыйкырып)* Стройго! *(Туткундар стройго турушат. Капитан эсептеп чыгат, кайра дагы эсептеп чыгат).* Бирөө жок, кайда?

С е м ё н. Туткундар туткунду кайдан кайтарсын?

К а п и т а н. *(Солдаттарга ызырынып)* Кууп жет. *(Солдаттар Токтогулду кууп кетишет. Мылтыктын үнү, капитан туткундарга муштумун көрсөтүп, ары-бери жүгүрүп, кымкуут болушат).*

Т у т к у н д а р. Капастан учкан шумкардын
Канаты талбай кагылсын.
Туткунда жаткан жан курбу
Түбөлүк бактың ачылсын.

Ак кардуу тоону чабыттап
Айланып учкун Токтогул,
Азаптуу элиң кубансын
Сайрагын, учкун Токтогул.

*Кошого*

## III АКТ

### 5-сүрөт

Асман бүркөк. Чагылган чартылдап, күн күркүрөйт. Тоолорду туман каптаган. Ээн үйдө Бурма, ырдап отурат. Көздөрү сокур болуп, темселеп, басалбай калган.

Өлөйүн десем жан таттуу,
Кирейин десем жер катуу,
Көздөрүмдү чел каптап,
Көкүрөктү зар басты.

Алыскы жерден айланып,
Айнегим келер күн барбы?
Апасы байкуш кучактап
Аймалап өбөр күн барбы?

Капалуу жерден айланып,
Карегим келер күн барбы?
Карыган энең мен шордуу,
Кайрылып өбөр күн барбы?..

*(Бурма ордунан туруп керегенин башын сыйпалап, комузду алып жыттай, бооруна басат. Сакалдары өсүп, арыктаган Токтогул кирет. Бурма дабышты сезип, комузду койнуна жашырат).*

Т о к т о г у л. *(Оор күрсүнүп)* Энеке, жол баскан мусапырмын, жогорку айылга жете албай калдым, түнөп кетүүгө болобу?

Б у р м а. Ооба, айланайын. Курсагың ачкандыр, ашка-

надагы челекте жарма бар, куюп ич. Бир келинге жалбарып жатып кайнаттырып алдым эле.

Т о к т о г у л. Иче жатарбыз. Энеке, көзүңүзгө эмне болгон?

Б у р м а. Балам, үнүң каргылданат, жапаны көп чеккен адамсың, үнүң кулагыма жакшы угулуп, боюмду чымыратат. Көзүм ыйдан, муңдан көр болду.

Т о к т о г у л. Эй, энеке ай, муң кимди карытып, кимди кор кылбасын, көп жылдан бери жерди, элди көрбөй мен дагы карыдым. Мени уккан чыгарсыз, мен силердин элден болом.

Б у р м а. *(Катуу чочуп, жерди сыйпалап)* Ким? Ким?

С у б а н. *(Кирип келе жатып)* Көр оокат ай, белим зыркырап ооруйт. Бир жүк отунду кечке дейре алдым. Карылыгым жетип, күчтөн тайыганым ушул. *(Токтогулду көрө коюп селдейе түшөт. Токтогулду тааный коюп, бакырып кучактап жыгылат).*

Б у р м а. Субан, Субан, эмне бакырдың?

С у б а н. *(Кубанып)* Токтогул! Токтогул!

Б у р м а. *(Бакырып)* Балам! Кулунум!

Т о к т о г у л. *(Бурманы кучактап, маңдайынан жыттап, ыйлап)* Он ай көтөрүп, омурткасы сыздаган энем. Мен, мен Токтогул!

Б у р м а. *(Ыйлап, баласын кучактайт).*

С у б а н. *(Сүйүнүп)* Эл-журтка кабар айтайын, булбул Токо көзүңдөн, сакалыңдан, айланайын эми өлсөм ыраазымын. *(Чуркап чыгып кетет).*

Т о к т о г у л. *(Энесин өөп)* Тотуя менен Топчубай кайда?

Б у р м а. *(Токтогулдун кучагынан ажыратып, калтырап)* Топчубай, Топчубай... Багыш жакта чоң той бар экен. Тойго кетти. Келишет... *(Эшмамбеттер киришет, көрүшүшөт).*

Т о к т о г у л. Маңдайым жарылып, кубанар күнүм болот экен да.

Э ш м а м б е т. *(Муңайып)* Токо, сиз элдин, эл сиздин туткаңыз. Баарыбыз иниңиз, баарыбыз балаңызбыз. Топчубайдын уктаганына алты ай болду. *(Токтогулдун өңү кумсарып, көпкө чейин үнсүз турат. Бурма боздоп ыйлайт. Элдин баары кайгырышат).*

Т о к т о г у л. Арзымды угар заман жок,
Айланы табар чамам жок,
Айланып келсем он жылда
Аркамда жалгыз балам жок,
Картайган чакта кубатым,
Карегим көзүм карам жок.

Айдоодон атам келди деп,
Амандыгын белгилеп
Алдымдан ырдап чыгарым,
Аркамда жалгыз чырагым,
Каран түн түшүп башыма
Кайгырып ырдап турамын.

Кайгылуу болуп туткунда
Картайып чачым агарды.
Калкымдан тирүү көрбөдүм
Каралдым жалгыз баламды...
*(Эл муңканышат. Кобу ыйлашат).*

Субан. Замандын салты ушундай
Кейибе, Токо, кейибе.
Алтын башың аман болсун.

*(Эл чубап киришип, Токтогул менен корушот, кемпир, чалдар, шолоктошуп ыйлашат).*

Эшмамбет. Жаныңдын аман келгенине каниет, кайрат кылгын. Бул элиң кубанып сени тосуп турат.

Эшмамбет. Бурулуп колу байланган,
Булбулум Током келдиңби,
Элирип бирге ырдаган
Элиңди эсен көрдүңбү.
Толгонуп колу байланган,
Торгоюм Током келдиңби,
Толкундап бирге ырдаган
Тобуңду эсен көрдүңбү,
Көгүчкөндүн уясын,
Салганын айткын Токтогул.
Көп муңдуулар кырылып
Калганын айткын Токтогул.
Көзүң келди жылтырап
Арманың айткын Токтогул.

Токтогул. Калк уксун кызыл тилимди,
Кадимки чыккан үнүмдү
Кадырымды сураган,
Кара жашы кулаган
Кара жаак инимби?

Элимди көрбөй көп жылы,
Айдоодо жүрдүм кармалып,
Алдымдан тосуп ырдадың
Ардактуу иним шаңданып.

Көгүчкөндүн уясы
Көлдө калды Эшмамбет,

Көрүнбөй кеткен айдоодо,
Жерде калды Эшмамбет.

Сагызгандын уясы
Сайда калды Эшмамбет,
Сандалып кеткен айдоодо
Жайда калды Эшмамбет.

Андаштын уулу Сары эле
Азапта жүрдү аделе.
Армандан башы кутулбай
Айдоодо калды дагы эле.

Элимди аман көргөнгө
Элирип Токоң турамын.
Көлдөгү соккон толкундай
Көбүрүп Токоң турамын.

Э л. *(Чурулдашып)* Асыл Током. Мына Током.

Т о к т о г у л. Күлүк элем талыбай,
Күрпөң-күрпөң жүгүргөн,
Күкүктөй болгон кайран баш,
Көрбөйм деп элден түңүлгөн.
Бак-таалайым бар экен,
Баарыңды көрдүм бүгүн мен.

Аргымак элем талыбай
Арыштап чыга жүгүргөн,
Алмадай болгон кайран баш
Айдоодон чыгып баарыңа
Амандаштым бүгүн мен.

*(Таң атат. Эл чубап келе беришет. Алыстан аттардын дүбүртү угулат).*

Ү н. Керимбайлар келе жатышат.

С у б а н. Ит Акмат, жеткирген экен.

Т о к т о г у л. Көп каптаса көл болот, көл каптаса сел болот. Эл-журт! Болуштан, төрөдөн силердин күчүңөр чоң.

Толкун суудай көпчүлүк
Толкусаң тоого күчүң тең.

*(Керимбай, Акматтар киришет).*

К е р и м б а й. *(Токтогулду кекетип)* Аманбы Токтогул! Тилиң бурулуп, жүдөп калгандырсың?

Т о к т о г у л. Кайратым ташып, тилим кайра күчөдү.

К е р и м б а й. Жадаган жоксуңбу? Дагы баргың келеби?

Т о к т о г у л. Баруу, коюуну сенден сурабайм. Көпчүлүк эл билет.

К е р и м б а й. *(Акматка)* Оку.

А к м а т. *(Кагазын окуп)* Наменгендин үйөзүнүн карамагындагы Алексеевке... присоуна, Ак падышага кыянат кылгандыгы үчүн 25 жылга шыбырга кесилген Токтогул ырчы качып келгендигин сизге билдирет ошону...

К е р и м б а й. Качкынды катып алган болуп мен сен үчүн жооптуу болгум келбейт. Билдириш менин милдетим.

С у б а н. *(Керимбайга бычагын суурул)* Кагазыңды тыт. Кудайдан корк.

Э л. *(Чуулдап)* Биз эми Токтогул үчүн жан аяшпай калабыз. Муну түшүн! *(Керимбайды ортого алып камашат. Керимбай коркуп калтырайт).*

К е р и м б а й. Бир нерсе болсо өзүңөр жооп бересиңер. Тытайын, тытайын, мына мен тытып эле койдум. *(Кагазды тытат).*

Э ш м а м б е т. Ак калпактуу калың кыргыз Токомдун таламын талашат. Керимбай, тизгиниңди тарта жүр.

С у б а н. Элдин жанына адилетсиздик бата берсе дайрадай толкуп кетмек *(кетишет).*

Т о к т о г у л. Алыстагы Семён досум: Эл, элге кандай күч тең келмек дей турган. Эл-журт силерге жаным курман.

Э л. Сайраса булбул үн кошуп,
Тал-дарак кырчын буралат.
Саргайган Током сен келдиң
Сагынган элиң кубанат.

Калкыңдын болуп жарчысы
Гүл жашагын Токтогул!
Элиңдин болуп эрмеги
Көп жашагын Токтогул!

*1937–1938-ж.*

*Кошого*

# ЛИБРЕТТО

# АЙЧҮРӨК

*(4 көшөгө, 6 сүрөттүү операнын либреттосу*[*] *)*

## КАТЫШУУЧУЛАР:

| | | |
|---|---|---|
| **Айчүрөк** | — | Акундун кызы — 20 жашта. |
| **Семетей** | — | Баатырдын баласы — 25 жашта. |
| **Толтой** | — | Баатыр — 40 жашта. |
| **Чынкожо** | — | Качкын баатыр — 35 жашта. |
| **Канчоро** | — | Семетейдин чоросу — 20 жашта. |
| **Күлчоро** | — | Семетейдин чоросу — 18 жашта. |
| **Бакай** | — | Семетейдин абасы — 90 жашта. |
| **Акун хан** | — | Айчүрөктүн атасы — 70 жашта. |
| **Чачыкей** | — | Семетейдин биринчи зайыбы — 20 жашта. |
| **Калыйман** | — | Айчүрөктүн сиңдиси — 18 жашта. |
| **Түмөнбай** | — | Акундун элиндеги мыктылар — 60, |
| **Ажыбай** | — | 30 жашта. |
| **Жарчы** | — | Акундун элиндеги ырчы — 35 жашта. |
| **Мастен** | — | Ырымчы шум кемпир — 55 жашта. |

Булардан башка Семетейдиң, Чынкожо, Толтойлордун жигиттери. Акун хандын кызматчылары, көпчүлүккө катышуучу кыз-келиндер, кара ат.

## I КӨШӨГӨ

### 1-сүрөт

Жай ортосу, Акун хандын ордосу, капкаларды кайтарган күзөтчүлөр, ордонун тышын Толтой менен Чынкожонун колдору курчап алышкан, кандын эли коркунучта, сырттан кыйкырык-чуу угулат — Айчүрөк капалуу, Акун хан тынч олтура албай ойдо. Калыйман баш болуп кыздар корунган коркунучта Айчүрөктү сооротуп ырдашат.

К ы з д а р. Душманга толду жерибиз,
Туткунда калды элибиз,
Камандай болгон Толтойго
Эжемди кантип беребиз, эй, эй,
Эже, кайгырба минтип кайгырба,
Эже, азапты чогуу көрөбүз.
Душманга толду жерибиз.

---

* Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков, К. Маликов биргелешип «Семетей эпосунун мотивинен алып жазышкан. 1939-жылдан баштап сахнада коюлуп келе жатат.

Туткунда калды элибиз.
Камандай болгон Толтойго,
Эжемди кантип беребиз, эй, эй.

*(Ажыбай, Түмөнбай кылыччан шашып киришет).*

Ажыбай. Алдаяр каным кулак сал,
Жедигердин эр Толтой,
Аргындан келген Чынкожо,
Айчүрөктү берсин, дейт,
Айчүрөк кызын бербесе,

Түмөнбай. *(Жарыша)*
Кылычты туура кармашып
Кырышар жерге келсин дейт,
Кайра качпай карышып
Турушар жерге келсин дейт.
Айбалта сабын кан кылып,
Урушар жерге келсин дейт.

Ажыбай. Ташын талкан кылам дейт.
Элди майдан кырам дейт.
Капкаларын кыйратып,
Сакалдарын жулам дейт.

Түмөнбай. Толтой деген эр экен,
Чынкожо деген шер экен.
Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар,
Эки бети салаңдап,
Эки дөбөт тойгондой,
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай,
Муруттарын карасаң,
Айбалтанын сабындай,
Айчүрөктөй кызыңдын,
Алдындагы ой багындай.

Ажыбай,
Түмөнбай. Сол бөйрөгү солк этсе
Солду чабар эме экен,
Оң бөйрөгү болк этсе,
Онду чабар эме экен,
Айчүрөктөй кызыңды,
Алам дээри ой эп экен.

*(Ажыбай, Түмөнбай шашып чыгат, ордонун ичи калтарууда).*

Айчүрөк. Качыратып капканы,
Калың аскер каптады,
Толтой менен Чынкожо,
Шумдук жорук баштады.
Айланайын атаке,

Кайда барып жашынам,
Айланайын калың журт,
Азапты көрдүм жашыман,
Алдейлеген, өстүргөн,
Атам нени көрөсүң.
Ардактаган желпинген ой
Катыгүн, апам нени көрөсүң.
Кан атамдын калың журт
Элим нени көрөсүң.
Айдай сулуу Калыйман,
Сиңдим нени көрөсүң.

*(Чынкожо аскерлери менен тепсей кирет).*

Ч ы н к о ж о. Амансыңбы кан куда?!
Толтой деген досум бар,
Тобуңду бузар кошум бар,
Айчүрөктү берерсиң
Айчүрөктү бербесең
Жериңди топон кыламын,
Элиңе кыргын саламын да,
Балдарыңды кул кылып,
Келиниңди күң кылып да,
Айчүрөктөй кызыңды,
Калыңсыз кармап аламын!

А к у н  х а н. Эл баатыры шер Манас
Баталашкан жери бар,
Кагылайын Чүрөктүн,
Эр Семетей теңи бар.

Ч ы н к о ж о. *(Жекирип).*
Кандыгыңды көрөмүн,
Каныңды суудай төгөмүн!
Айчүрөктү бербесең,
Көрөсүң, Чынкожо эрдин өнөрүн.
*(Кылычын суурат).*

А к у н  х а н. *(Аргасыз болуп)*
Кагылайын Чүрөгүм,
Көз карегим, жүрөгүм.
Заманым калды куурулуп,
Не деп жооп беремин?

А й ч ү р ө к. *(Аз ойлонуп туруп алдаган мүнөздө Чынкожого).*

Касиеттүү Толтойдон,
Качып кайда барамын,
Мен Толтойдун зайыбы,
Мен Толтойдун айымы.
Камынайын кырк күнү
Анан соёсуң тоюму.

Айта бар салам Толтойго,
Колуктусу Айчүрөк,
Куп камынып жатат де,
Кырк күн өтүп жеткенде,
Эшигиңди ой ачат де.

Ч ы н к о ж о. Убада ушул кан куда,
Кырк күндөн кийин келемин,
Сараалалуу жылкы айдап,
Санжыргалуу кылка айдап,
Айдай болгон Чүрөктүн,
Калыңына беремин.
Алтымыш качыр, кырк билге,
Алтындан себин артасың,
Аргымак буудан атыңды,
Алдыма туура тартасың.
Алтындуу торко тонуңду,
Кийитиме жабасың,
Алтымыш эки кул берип,
Алтымыш эки күң берип,
Алдыма айдап саласың,
Аяктап шербет куйчуга,
Аяштын тоюн сойчуга,
Кош болгун кудам, кош болгун.

*(Жоокерлери менен Чынкожо кетет).*

А к у н х а н. Колумдан келер арга жок,
Чынкожого багындым,
Анттатып койгон эр Манас,
Ак батамдан жаңылдым...
Кулак сал Чүрөк кебиме,
Мүшкүл түштү элиме.
Кантип кабар беремин,
Семетейдей теңиңе?..

*(Акун кетет. Айчүрөк жалгыз).*

А й ч ү р ө к. Кандын кызы (ой) болгуча,
Кулдун бир кызы (ай) болсомчу,
Адамдын колу (а) жетпеген,
Айдан башка өтпөгөн,
Нурдун кызы болсомчу.
Жаз чыкканда (а) түрдөгөн,
Жабырда кордук ой көрбөгөн,
Гүлдүн бир кызы (а) болсомчу,
Нурун чачкан дүйнөгө,
Күндүн бир кызы болсомчу.

*(Калыйман, кыздар келет).*

К а л ы й м а н. Айдай жүзүң жарк этип,
Кабагың эч эжеке.

Биз ойнойлук толукшуп,
Кумарың жаз эжеке.
Шаттык болсо көңүлдө,
Бул өмүргө береке да,
Бул өмүргө береке.

**Айчүрөк.** Алыска сапар чегейин,
Аккуу кебин киейин,
Кабылан Манас баласын,
Кайда экенин билейин.
Ааламды чалып учайын,
Ак куу болуп сызайын.
Кытай, кыргыз, калмактын, ой,
Кыраандарын сынайын.
Семетей сени таппасам,
Деги,
Сенделип өлүп тынайын.
Ий, тынайын, э-эй, тынайын...

**Калыйман.** Ойлоп турган оюңдан,
Жүрө турган жолуңдан,
Эжеке, кана эми ой калбагын.
Эр Семетей таппасаң,
Толтой көзүн ачпасаң,
Арылбас кана сенин ой арманың.

**Айчүрөк.** Кана кыздар жөнөйүн,
Азаптуу башка не түшсө,
Таалайымдан көрөйүн!

**Калыйман.** Андай деле болсо эжеке,
Ойноп көңүл ачалы,
Сапардан өзүң келгенче,
Тилегиң тилеп жаталы.

**Кыздар.** Чолпондой эже Айчүрөк,
Ай асманды ачкайсың,
Арстан Манас баатырдын,
Асыл уулун тапкайсың да,
Асыл уулун тапкайсың.

**Калыйман.** Кайгыга салган башыңды
Касташкан жоону баскайсың.
Баатырың тийип колуңа,
Көңүлүңдү ачкайсың.

**Кыздар.** Эркиндеп эже асманда,
Куттуу болсун сапарың,
Козгогон эрдин жүрөгүн,
Чүрөк сулуу атагың да,
Чүрөк сулуу атагың.

*(Кыздар бийлешет, Айчүрөк аккуу кебинде учат).*

*Көшөгө*

## II КӨШӨГӨ

### 2-сүрөт

Күз башы, айдуу түн. Кеңкол өзөнүнүн бою, алыстан ак карлуу Алатоо көрүнөт. Семетейдин ордосу, катар тигилген ак өргөөлөр, алтыбакандар, кызыл-тазыл жибек кийинген, кыз-келиндер, суусар, кара көрпө тебетей, ак калпактуу сындуу кийинген кылыччан жигиттер, кыз-келин, жигиттер эки топко бөлүнгөн болот. Бир тобунун башчысы Күлчоро, бир тобунун башчысы Канчоро. Узун баканга илинген жамбы, көпчүлүк коолгүгөн тынчтыкка, селкинчек тебилип турат.

К ү л ч о р о. Колунан кооору төгүлгөн,
Келини сонун кыргыздын.
К ы з. Эңкейип жоодон качпаган,
Эрени сонун кыргыздын.
Ж и г и т т е р. Саймадай жайнап ачылган,
Гүлдөрү сонун кыргыздын.
К ы з-к е л и н д е р. Комузга кошуп сайраган,
Үндөрү сонун кыргыздын.
Ж а л п ы. Көчүгүп тоону жаңыртып,
Күлгөнү сонун кыргыздын.
К ү л ч о р о. Кь эгый (да) мүчө кыпча бел,
Кыздары сонун кыргыздын.
К ы з. Баарсы жоого шамдагай,
Балдары сонун кыргыздын.
Ж и г и т т е р. Тулпарга минип найза алып,
Жүргөнү сонун кыргыздын.
К ы з-к е л и н д е р. Булбулдай күүсүн сайраткан
Булагы сонун кыргыздын.
Ж а л п ы. Муруntан Манас жайлаган,
Турагы сонун кыргыздын.

*(Чачыкей жан-жөкөр келиндери менен сөөлөттүү келет. Чачыкейдин келишин кубаттап, кыз, жигиттер жубайлашып бийлешет. Жеке бий убагында, ооз жабылган үн менен).*

А я л д а р. Ым... ым... им...
А-, а-, а... (Көпчүлүк оюн, кыз куумай убагында)
Б а а р ы. Эл деп, жер деп, ар качан,
Келатабыз талбастан.
Жоого намыс бербеске
Жигиттербиз кармашкан.
Элибиздин таалайын,
Коргойлучу чоролор,
Жоонун жолун жалтанбай,
Торгойлучу, чоролор.
Ж и г и т т е р. Тилегибиз эл менен,
Туулуп өскөн жер менен.

Айтар тилек, берер ант,
Эр-азамат болалбайт,
Атажуртун сактай билбеген.

К ы з д а р. Жарак-жабдык асынып,
Ат үстүндө машыгып
Шайдоот болгон чоролор,
Күчкө толгон чоролор,
Мекениңдин бетинде
Бек болгула чоролор.
Душман бузуп кире албас
Чеп болгула, чоролор.
Э-эй, Э-эй, Э-эй.

К а н ч о р о. Чубактан туулган мен болсом,
Жылдызды үзө атармын.

*(Жаа менен тебетей ыргыттырып атат, тийбейт, кыз-келиндер каткырып күлүп, шылдың кылышат).*

К ү л ч о р о. Абакемдин чоросу,
Сендей да чоркок болобу?

*(Жааны тартып жиберет, тиет, мактоо күлкүлөр).*

К а н ч о р о. *(Ызаланып)*
Мергенчи чоро сен болсоң,
Өнөрчү чоро болормун,
Бул жорукту койбосоң,
Көздөрүңдү оёрмун!

К ү л ч о р о. Ачууланба Канчоро
Алдыңда иниң мен чоро.

Ч а ч ы к е й. *(Канчоро кегин алсын деген тилекте).*
Канчоро менен Күлчоро,
Күрөшсүн күчүн сынайын да
Күрөшсүн күчүн сынайын.

К ү л ч о р о. Күрөшпөйм жеңе күрөшпөйм,
Абакем угуп калбасын.
Арам кыял эме эле,
Канчоро жаңжал салбасын.

К а н ч о р о. *(Демитип)*
Алмамбеттен туулуп,
Күрөштөн коркуп турганча,
Күлчоро болбой өлсөңчү!

К ү л ч о р о. Тескери кыял эме элең,
Тердигип калып жүрбөгүн!

*(Күрөшөт, Күлчоро жыгып, башынан аттап кетет).*

К а н ч о р о. *(Ачууланып).*
Башыман аттап тексиз кул,
Бул эмне кылганың?

*(Кылычын суурат, Күлчоро токтобой тургандарды ээрчитип чыгып кетет).*

Шашпа сага кылармын,
Тамырыңды жулармын!..

*(Чачыкей менен Канчоро гана калат).*

Чачыкей. Жаным чоро бүркөлбөсүн кабагың,
Сабыр кылчы, дабасын анын табамын.

*(Чачыкейдин сөзүнө назар салбай чыгып кетет, Чачыкей жалгыз. Айчүрөк пайда болот).*

Чачыкей. Перисиңби, жинсиңби,
Же адашып жүргөн күңсүңбү.
Биздин элде жок элең,
Же сен көктөн түшө калдыңбы?

Айчүрөк. Айланайын эжеке,
Токсон күнү жөө басып,
Узун боюм пас болду,
Кызыл өңүм суз болду.
Калың кыргыз көп журттун,
Кайда экенин биле албай,
Кытайга бардым кыдырып,
Калмакка бардым каңгырап.
Кагылайын эжеке,
Каруум кетти алсырап.
Кан Акундун жерине,
Кыргын салып элиме,
Кызын олжо кылам деп,
Шаарын курчап чабам деп,
Чынкожо, Толтой эр жатат,
Үшү кетти элимдин,
Түсү кетти жеримдин.
Айланайын эжеке,
Баатыр күйөөң барсачы,
Туткун кылбай элимди,
Толтойго кыргын салсачы.
Күлүң менен чыгайын,
Отуң менен кирейин.
Кыя өтпөйүн алдыңан,
*(Чачыкейдин аягына жыгылат).*
Ай...
Кызматыңда жүрөйүн.

Чачыкей. Кызыл кийген тоңорбу,
Укмушта мындай болорбу,
Атасынын төрүндө,
Эр издеген оңорбу.
Карыганча эр албай,
Көп олтуруп зак болгон,
Санаа тартып эр үчүн,
Чачы куудай ак болгон.

*(Айчүрөктү этеги менен кагып).*
Жогол бетпак жанымдан,
Мага тийчү жинсиңби,
Чоролорду чакырып,
Кестиремин башыңды,
Кыз-келинди чогултуп,
Жулдурамын чачыңды *(2 жолу)*

Айчүрөк. Касам берсең болбодуң,
Какшаал мойнуң толгодуң.
Кең Таластын боюна,
Төрөң шумкар салганда,
Ак була болуп кубулуп:
Андан айла болбосо,
Кара суунун көлчүккө,
Туура кечип өткөндө,
Ак балык болуп кылтылдайм,
Алтындай болуп жылтылдайм.
Мындан айла болбосо,
Шабырлуу көлдүн боюнда,
Ак куу болуп жатпасам,
Куу деп кушун салганда
Кармап ала качпасам.
Эрке катын Чачыкей,
Күл чыгартып өзүңдү,
Күң кылбасам Чачыкей!
Күйүп турган күнүңдү,
Түн кылбасам Чачыкей!
Ай...

*(Сахна кубулат, күн күркүрөп, чагылган чартылдайт, Айчүрөк жок болот. Таң жарыгы болуп, сурнай тартылып, эл чогулат, Семетей эки чоросу менен кушун алып чыгат).*

Семетей. Жанымда жүрсө ак жолтой,
Алышкан жоого сан колдой.
Чубактын уулу Канчоро,
Алмамбеттин Күлчоро.
Атамдан калган ак шумкар,
Табына келген чагы экен,
Эрмекке тоого чыгалы.
Чоролор, барып ат току,
Чоролор, барып бат току.

*(Семетей чыккандан кийин кыз-келиндер келе баштайт).*

Канчоро. Эрмекке тоого чыгабыз,
Ак шумкарды салабыз.
Өрдөк, чүрөк алдырып,
Бир кумардан чыгабыз.

К ү л ч о р о. Өрдөк, чүрөк алдырып,
Кумардан чыгабыз.

Ч а ч ы к е й. *(Шаша басып келип эки чорого).*
Абаң айтса болчу эмес,
Ойлогонун койчу эмес да,
Айланайын чоролор,
Кадырымды салайын,
Бир жолу тилим алгыла.
Ак була көрсөң алдырба,
Ак балык көрсөң бастырба да.
Шабырдуу көлдүн бетинде,
Ак кууга кушун салдырба.
Алжыган деп жеңеңди,
Кетпес шорго калтырба.

К ү л ч о р о, К а н ч о р о. *(Макулдашып).*
Жеңеме бердик убада,
Убада сөздөн танбайлы.

Т у р г а н д а р. Абаң айтса болчу эмес,
Ойлогонун койчу эмес.
Айланайын чоролор,
Жеңе сөзүн эске алып,
Бир жолго тилин алгыла,
Ак була жатса алдырба,
Ак балык көрсөң бастырба.
Жыбырлуу көлдүн бетинде,
Ак кууга кушун салдырба.
Алжыган деп жеңеңди,
Кетпес шорго калтырба.

*Көшөгө*

### 3-сүрөт

Семетейдин үйү. Семетей каардуу, куш салган мээлейин чечпестен отурат.

С е м е т е й. Жаалыма (ой) алганда,
Жакыпканды эй жалмагам,
Кыжырыма (ой) тийгенде,
Кырк чорону да кыйраткам.
Абыке, Көбөш эй агалар,
Өз колумдан эй сулаган...
*(Күлчоро, келип таазим кылат)*
Чором, бүгүнкү күнүң шумдуктуу,
Чором, башыма салдың кордукту.
Ак була көрдүм албадың,

Ак кууга кушум салбадың,
Балыкты көрдүм баспадың,
Торой түшүп тосподуң.
Бир шумдук менен азгырып,
Чором көңүлдү бузган окшодуң.
Ажалдан башың тарт, чоро,
Жашырбай сырың алдыма,
Ак шумкар жайын айт, чоро.

К ү л ч о р о. Колуңдагы бала элем,
Өзүң билгин, абаке,
Качан сага кара элем.

С е м е т е й. Тайбуурул атым өлгөнчө,
Семетей жерге киргенче,
Ак шумкар издеп таппасам,
Айыгышкан жоону чаппасам,
Туулбай туна чөгөйүн,
Бул көрөкчө өлөйүн.
Туулбай туна чөгөйүн,
Ак шумкар издеп таппасам.
*(Чыгып кетет).*

К ү л ч о р о. Буланы кайдан мен көрдүм,
Бузуку сөзгө мен көндүм.
Айтканын кылбай адамдын,
Уялгандан мен өлдүм.
*(Чачыкей кирип)*

Ч а ч ы к е й. Артыңдабы абакең,
Кайда калган Канчоро,
Чайкатайын кымызды мен,
Деги,
Келер го бекен (ой) жан чоро?..

К ү л ч о р о. Атайы үч иш тапшырдың, жеңе,
Алда кандай азгырдың, жеңе,
Шумкарынан айрып, жеңе,
Абама мени жазгырдың жеңе
Арыттырбай абамдын,
Астындагы тулпарын,
Уят кылбай чорону,
Айтып бергин шумкарын.

Ч а ч ы к е й. Соосуңбу, чоро, массыңбы?..
Талаада эркек сен болсоң,
Үйдөгү аял мен болсом,
Таап бер кушун дегениң,
Тантып, чоро, турганың.
*(Кесирленип кайта басат).*

К ү л ч о р о. Токто жеңе кебимди ук!

Ч а ч ы к е й. Кебиңди угар чолом жок.

*(Чачыкей чыга баштайт. Кулчоро жетип Чачыкейди ыргытып жиберет).*

К ү л ч о р о. *(Ызырынып сабап жиберчүдөй).*

Ак шумкар жайын айтпасаң,
Адамдык сырың ачпасаң,
Чачыңды кыркып мултуйтуп,
Чолок байтал кылбасам.
Шаатемир кандын колуна
Бүгүндөн калбай салбасам.
Күлчоро болбой өлөйүн,
Башыңды сенин жарбасам.

Ч а ч ы к е й. Ажылдаган шум чечек,
Айтпасам койбос бул кесеп:
Кыйбадагы Акунду
Камап алган эр Толтой,
Кандын кызы Чүрөктү,
Самап алган эр Толтой.
Чынкожо үчөө бир болуп,
Алып кеткен кушуңду
Айлалуу кыз Айчүрөк.
*(Чачыкей кетет).*

К ү л ч о р о. Айчүрөк.
Айчүрөк алса шумкарды,
Арыталы тулпарды.
Айчүрөккө жеткирем,
Семетей баатыр султанды.

*(Жарактуу чоролор киришип артынан Бакай, Семетей кирет).*

С е м е т е й. Ак шумкар жайын билдиңби,
Же актанганы келдиңби?

Б а к а й. Жашырбай, балам, чының айт?

К ү л ч о р о. Аба, сага сүйүнчү,
Душманга болсун күйүнчү,
Айтылуу сулуу сеники (да),
Ашкере күлүк меники,
Ак шумкарды алып кеткен,
Акундун айлалуу (да) кызы (ай-ей)
Чүрөк дейт (а), Чүрөк дейт (а)
Чүрөк, Чүрөк дейт.

С е м е т е й. Абам Бакай жайын айт,
Кара бет Чүрөк долудан,
Кушумдун жообун аламын.
Ак шумкардан айрылып,
Арманда кантип каламын.
Анын болсо алганы,
Чүрөк шаарын чабамын.

Чүрөктүн жайын айтпасаң,
Ардактуу Бакай жан аба,
Үмүтүң үзгөн экенсиң,
Мендей жетим баладан.

Б а к а й. Эй, курдашым Манас барында,
Көрбөгөндү көргөнмүн,
Абаке, Көбөш тушунда,
Бар жорукка көнгөнмүн.
Өзүң бойго жеткени,
Эч жамандык көрбөдүм, балам.
Кыйбадагы Акун хан,
Атаң Манас шер менен,
Баталашкан кайнатаң.
Барар болсоң, карагым,
Чын күйөөдөй барасың,
Жоо үрөйүн учуруп,
Эл кадырын аласың.

С е м е т е й. Жарак, жабдык асынып,
Камдангыла, чоролор!

Б а к а й. Кан кудага баралы,
Шаңдангыла, чоролор!

*(Эл дүрбөйт, чоролор тизилет, Бакай кылычын туура кармап ант берет).*

Сапардан баш тартканды,
Төшү түктүү жер урсун,
Айтканынан качканды,
Төбөсү ачык көк урсун,
Ак бараңдын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун.
Айбалтанын мизи урсун,
Сыр найзанын учу урсун.
Антты бузган адамды,
Атаңар Манас өзү урсун.
*(Баатырлар кылычты өөп ант беришет).*

Ж а л п ы. Сапардан баш тартканды,
Төшү түктүү жер урсун,
Айтканынан качканды,
Төбөсү ачык көк урсун.
Ак бараңдын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун.
Айбалтанын мизи урсун,
Сыр найзанын учу урсун.
Антты бузган адамды,
Атабыз Манас өзү урсун.

*Көшөгө*

## III КОШОГО

### 4-сүрөт

Боз кыроо. Үргөнчтүн бою, эртең менен күндүн нуру чачырап, калың кайың, теректерге, түрдүү дарактарга артыкча бир көрк бергендей тунук асман, дарактарды аралата тиккен эчен кыяпат менен жасалган чатырлар, орто ченде эчен жорук, эчен кыял менен түрдөлгөн Айчүрөктүн чатыры. Алдыңкы жагы аянтча.

А й ч ү р ө к. Түндө жатып түш көрдүм,
Байланды буудан мамыга,
Айды карап талпынып,
Буудайык конду туурума.
Көсөө куйрук көк даңгыт,
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлоду,
Ажыдаарды мен көрдүм,
Кайраттанып келгенде,
Кара тоо менен тең болду.
Качырап сынып бак-дарак,
Кыйраткан шамал жер болду,
Бул эмне болучу,
Бул түшүмдү жоручу?

М а с т е н. Тишимдеги мөөрүм,
Тилимдеги сөөлүм,
Айтсам сая кетчү эмес,
Түшүң оңчу түш эмес,
Кызым, укмуштуу жаман түш экен,
Кызым, башыңда мүшкүл иш экен,
Алло үй, алло үй!
Кызым, Үргөнчтөн азыр кетпесең,
Кызым, Толтойго барып жетпесең.

Б а к ш ы л а р. Алло үй! Алло үй!
Кызым, ажына басар өзүңдү,
Кызым, чел басар эки көзүңдү,
Алло үй! Алло үй! Алло үй! Алло үй!

*(Бул учурда бакшы, бүбүлөр кирип, укмуштуу кыймылдар менен үрөй учурат. Тургандарды коркунуч басат).*

К а л ы й м а н. Ай, жогол, мастан, жоголгун,
Эжем көргөн сонун түш.
Өзүм жоруп беремин!

*(Мастен кемпирди, башка бүбүлөрдү кууп чыгат).*

Байланса буудан мамыңа,
Буурул ат келет турбайбы,
Буудайык консо туурунда,
Эжеке, ак шумкар колдо турбайбы.

Көсөө куйрук көк даңгыт,
Канчоро кайниң турбайбы.
Кара чаар кабылан,
Эжеке,
Күлчоро кайниң турбайбы.
Келе турган жездекем,
Ажыдаардан кем бекен,
Толтой менен Чынкожо,
Эжеке, деги, деги
Жугунбөй койчу эр бекен.

К а р а к ы з. Күлгөнү кыздын үнүндөй,

С а р ы к ы з. Кайнар көздүү нур жүздүү,
Кызыл чийкил бир жигит, эже,
Кызыл буурул ат минип, эже.
Үргөнчтү кечип келатат, эже,
Семетей жездем эмеспи, эже? (2 ирет)

А й ч ү р ө к. Жабыраган кара бет,
Жабырабай жаагың бас,
Шек алдырбай баарыңар,
Шапар тээп калыңар.
Көңүл койбой баарыңар,
Баланын сүрүн алыңар.

*(Кыздар жабыла бийлишет, бардык жарагы шай Күлчоро кирет. Бий токтолот).*

А й ч ү р ө к. Кызыл буурул ой минип,
Алыскы жерден чыгыпсың.
Кайдан жүргөн баласың
Кай калаага барасың.

К ы з д а р. Кайдан жүргөн баласың,
Кай калаага барасың.

К ү л ч о р о. Ак шумкарды качырып,
Суроо салып келемин.
Ак шумкардын бир четин,
Чүрөк сенден көрөмүн.
Айчүрөк (а), артык жеңесиң,
Ак шумкар (а) жообун бересиң.

К ы з д а р. Шумкар деген эмне, эжеке,
Жеңе деген эмне, эжеке?

А й ч ү р ө к. Жай сураймын жөн эле,
Өз атаңды катпай айт,
Элиңдеги жакшынын,
Атам деп атын сатпай айт.
Токтоло элек жайың бар,
О, жигит,
Элиңде кандай ой баатыр бар?

К ү л ч о р о. Тегимди гана тескеп (эй) кеп сурап (а).

Мени тексиз бир адам дедиңби?
Калкымды гана терип кеп сурап,
Ээй, менин,
Калкымдан (а) кайгы (ой) жедиңби я?
Жерибиз Кеңкол, кең Талас,
Атабыз өткөн эр Манас,
Бул жерде туруп нетемин,
О жеңе, шумкарды бергин кетемин!

*(Семетей, Бакай жигиттери менен атчан кирет).*

С е м е т е й. Боёо баскан кыз болсо,
Болкулдап ойноп каласың.
Селкинчек тепкен кыз болсо,
Селкилдеп ойноп каласың.
Акун хандын шаарына,
Качан кабар саласың?!

К ү л ч о р о. Качырганың ак шумкар а,
Издегениң Айчүрөк?
Ак шумкар таптым салып кет а,
Айчүрөк таптым алып кет.

С е м е т е й. Жолоочу жолун тоскон кыз.
Сени алып нетемин.
Эр издеп жүрүп карыган кыз
Ак шумкар бергин кетемин.

А й ч ү р ө к. Баатыр Манас кашымда,
Бакай абам башында,
Алтымыш эки нар алып,
Ак куржунга сар алып,
Жоргосун бөлөк айдатып,
Башына кебез байлатып,
Бел куда болгон жери бар,
Өзүң бир тентип жүргөндө,
Чүрөктүн карый да турган эби бар.
Арбак бата дебесе,
Чүрөктүн баатыр Толтой теңи бар.
*(Айчүрөк кетет).*

Б а к а й. Балам Чүрөк чын айтат,
Акун ханга баралы,
Айчүрөктөн кеп сурап,
Жолдун дайынын алалы.

*(Бакай, Семетей жигиттери менен Айчүрөк жакка кетишет, сахна өзгөрөт. Токой арасы. Түн. Семетей менен Айчүрөк басып келе жатып):*

А й ч ү р ө к. Кантер (эле) экен деп айтса,
Баатыр,
Кабагың чытып (ой) каласың,
Сынап бир (а) сынап кеп айтса,

Баатыр,
Сыртыңды салып (ой) каласың.

Семетей. Баатыр кушун качырса,
Билип туруп качырган.
Айрыламын мен кантип,
Сага окшогон асылдан.

Экөө. Айрыламын мен кантип,
Сага окшогон асылдан.

*(Өбүшөт да кетишет. Толтой, Чынкожо жигиттер менен кирет).*

Толтой. Укчу досум, оолукпай,
Такалуу аттын изи бар,
Таалайга каршы Чынкожо,
Таластан келген киши бар...

Чынкожо. Семетей менден эр эмес,
Толтойго такыр тең эмес.

Толтой. Ай көлдүн уулу Семетей,
Алышкан адам жеңчү эмес,
Семетей анык болгондо
Колубуздан келчү эмес.
Жүр, Чынкожо, кетели,
Эрке кыз алып нетели.

Чынкожо. Ааламдан ашкан эр десем,
Ары жок Толтой белемсиң,
Колуктуң эле Чачыкей,
Алып алды Семетей.
Ары жок Толтой белемсиң.

Толтой. Чынкожо элге баралы,
Эки кыз тандап алалы,
Атын Чүрөк коёлу,
Аябай тойду соёлу.
Бир кыз үчүн кырылсак,
Деги ылайык болобу (2 ирет)

Чынкожо. Жер жайнаган жедигер,
Мен сени эл экен деп келгенмин,
Жерге кирген кем Толтой,
Сени мен шер экен деп келгенмин.
Өзүм чалгын чаламын
Эл, жериңе бара кой,
Уялбасаң кысталак,
Убада сөзүң тана кой.

*(Жигиттери менен Чынкожо кетет. Толтой жалгыз калат).*

Толтой. Тил албасаң бара бер,
Айчүрөктү алам деп,
Сени кыстап турат арам тер.

*(Эки жагын каранып кыйшайып уктайт. Кулчоро келет).*

К ү л ч о р о. Дөбө десем дөөгө окшойт,
Чөгүп жаткан төөгө окшойт.
Урушарга жоо мына,
Урунарга тоо мына?
*(Күлчоро Толтойду чабат).*

Т о л т о й. Эй,
Баспасын чоро багымды,
Чыгарбасын жанымды.

К ү л ч о р о. Амансыңбы жездеке,
Чүрөктөн кабар беремин,
Балкандай болгон чоң Толтой,
Баатырдыгың көрөмүн!

*(Чабыша кетип Күлчоро Толтойду тышка сүрүп чыгат, сахна өзгөрүп, эки зоонун алдында эки жаат тирешип турган болот). (Күлчоро Толтойду шаштырып кууп кирет).*

С е м е т е й. Токто!
Айлымдан качкан тууганым,
Бул эмине кылганың?

Ч ы н к о ж о. Кече ак чардактай ордомо,
Кан Бакайды киргиздиң,
Кара атымдын кулагын,
Иним, кулдарыңа тилгиздиң.
Ата, бабам башынан,
Чала жүргөн жол ушул,
Атаң ала көөдөн Манасты.
Алдай жүргөн кол ушул.

С е м е т е й. Сеники кезек кана, ага.

*(Семетей менен Чынкожо эңишип, Семетей жеңет, аягы жалпы урушка айланып, калың чуу, Семетей жак жеңет. Акунхан, Айчүрөк бүт эли менен жеңгендерди тосуп куттуктайт).*

Ж а л п ы. Ак сакал Бакай,
Азамат баштай.
Кулатып тоону,
Жеңдиңер жоону,
Кан күйөөнүн дагы, дагы
Болсун жолу, Болсун жолу.

*Көшөгө.*

## 6-сүрөт

Үргөнчтүн бою. Чак түш. Бардык жагынан шайма шай Айчүрөктү узатуу тоюна карата, өйүз-бүйүз тигилген ак үйлөр.

Көшөгө ачылганда түрдүү оюн, бий, ыр аралашкан тамашалар болуп жатат.

Ж а л п ы. Адамзаттан айлакер,

Амал таптың, эжеке,
Башка каран күн салган,
Жоону жеңдиң, жездеке,
Таң тамаша биздики,
Анык эрдик (ой) сиздики,
Бийле, кыздар, бийлегин.
Алтын боюң теңселсин.
Кымча белге тал-тал чач,
Эркелесин сеңселсин.
Алатоону жаңыртып,
Ырдайлычы (ой) курбулар,
Ырдайлычы (ой) курбулар.
*(Бий, хор бүткөндө Күлчоро үйдөн чыгып)*

К ү л ч о р о. Ак бетин көрсөң кан тамган да,
Айдай бир жүзүн нур чалган.
Да,
Айдай бир жүзүн нур чалган.
Жеңемдин,
Айдай бир жүзүн нур чалган.
Бой келбети келишип,
Бул жеңем,
Адамдан артык жаралган,
А, а,
Көз болсок деп өзүңө
О, жеңе,
Издеп эле чыктык кап-кайдан.
Кыдырып элди, жер кезип да,
Сынадым эле нечен кыз.
Ошончо кыздын ичинен,
Кудача,
Көрбөдүм сендей чечен кыз,
Көрбөдүм сендей чечен кыз.

К а л ы й м а н. Чыйраксынып келсе да,
Жакпады эле көп жигит.
Көңүл бөлүп турасың,
Куда бала эр жигит.
Куда бала ар качан
Өзүң эле келип тиесиң.
Шоктук кылбай байкагын,
Жалыныма күйөсүң.

К ү л ч о р о. Кой, кудача, конокпуз,
Жүрөккө сыр түйгүзбө,
Жанымды алсаң алагой,
Кудача, жалыныңа күйгүзбө.
*(Четке бөлүнүшүп көз жумбай ойношот).*

К ы з - к е л и н д е р. Шилтеген жоосу мүрт кеткен,
Деги шиберге койсо өрт кеткен,
Ажары ачык жан тура,
Деги ачылган күндөй жарк эткен.

*(Мергенчилер бийи жана кыз-жигиттин бийи болот).*

Ы р ч ы. О, кыз узатып той берүү,
Ар бир элдин салты экен.
Ызааттап конок чакыруу,
Ар адамдын шарты экен.
О, таң-тамаша салтанат,
Кыз-күйөө бүгүн аттанат.
*(Бакай, Акун хандар чыгып).*

Б а к а й. Ыракмат, Акун, ыракмат:
Сыйды күйөө актамак.
Эл үчүн туулган эрендер,
Элин жоодон сактамак.

А к у н  х а н. Жоону жеңип эрлериң.
Кубандырды жүрөктү.
Камынгыла калың журт.
Аткаралы Чүрөктү!

*(Кетишет, Айчүрөк, Семетей эки жактан чыгып эл менен коштошот).*

А й ч ү р ө к. Алдейлеп мени өстүргөн,
(Д у э т). Көрүшкөнчө кош, ата.
Мен үчүн далай кыйналдың
Сагынбай жүр кош, апа.
Бирге өскөн,
Көрүшкөнчө аман бол
Эже, сиңди, улуу ага!

С е м е т е й. Арбагын сыйлап атамдын,
Ардактадың, кайын журт,
Күн, түн дебей баарыңар,
Каркыттадың, кайын журт.
Мен ыраазы силерге
Башым тартуу, кайын журт.

А к у н  х а н д ы н  э л и. А, а, а,
Далай күнү той болду,
Кош аман бол, эжеке.
Оор кеттиң мынакей,
Жеңил келип, жездеке.
Бой тирешкен душманды,
Басып кеттиң, жездеке:
Кайын-журттун кабагын
Ачып кеттиң жездеке.
Аман баргын жаркырап,
Айдай Чүрөк эжеке.
Бизди эсиңе ала жүр,
Намызга туулган, жездеке.
Кош аман бол, эжеке!..

*(Семетей менен Чүрөктү аткарат).*

*1936-ж.*

*Көшөгө*

## ТОКТОГУЛДУН ӨМҮРҮ

1865-жылдын күз мезгили. Эл жайлоодон кайра тартып, кыштоолоруна жакындаган кез.

Бир күнү айыл көчүп жатканда:

— Чаарбек качты — деген кабар тийди. Бул кабар тоо арасындагы айылдарга тез тарады.

Чаарбектин качып кеткенине эл сүйүнүштү. Анткени — Чаарбек Кокондун эң акыркы ханы Кудаяр хандын Кетментөбө элине жиберген беги болучу.

Чаарбек өзүнүн зулумдугу, райымсыздыгы аркасында элге атагы чыккан. Ыйлаган баланы — «Чаарбек келе жатат»— дешип сооротушкан.

Кимде күлүк ат, алгыр куш болсо, Чаарбек жасоолдорун жиберип алдырып турган. Чаарбектин сөзүн эки кылгандар адам айткысыз азапка түшүп, кордук көрүшкөн.

Каршы айткан кишилерди жылаңачтап сабоо , таманын тилип туз салуу — Чаарбектин желдеттеринин күндөлүк кесиби болгон.

Чаарбек Кетментөбөгө келгенден кийин элдин турмушу жакырчылыкка айлана баштады. Чаарбектин жасоолдору аялдардын сөйкөлөрүн, чач мончокторун да тартып алып кетишкен. Жаңы кийим кийүүдөн, жакшы ат минүүдөн эл корккон. Бай-манаптар болсо, Чаарбектин айылдарга койгон жасоолдору болушкан. Чаарбектин зулумдугу жөнүндө Тилеш деген карыя мындай деп айтар эле:

— «Эки өгүздү кошуп буурусун менен кош айдап жатсам, алыстан-алыстан ызгытып чаап келе жаткан Чаарбектин жасоолдору көрүндү. Өгүздөрдү аң жакка катууга шаштым. Антип-минтип моюнтуруктарын чыгарганча ажаандай болгон эки жасоол жетип келишти. Үнсүз-сөзсүз эле өгүздөрдү камчылап айдап жөнөштү.

— Бектер, көргөн күнүм эмне болот, жерди мойнум менен айдаймынбы? — деп, бирөөнүн тизгинине жармаштым. Камчы менен тартып-тартып жиберди. Жалаң көйнөкчөн элем, көзүмдөн от чагыла түштү. Жаным ачынды.

— Асманды таштап жибер, кызыталык— дедим. Аңгыча болбой аркы жактан эл келе жатышты. Мен ал убакта толук

убагым. Бирөөнүн камчысын сууруп алып тиземе салып сындырып, алыс ыргытып жибердим.

— Карма сой, сой, жонунан кайыш тил — деп, жасоолдор кыйкырып жатышат. Алыша кетсем экөөнө моюн бербейт элем, айылдагы бир манап жигиттерин жумшады да эки колду аркама байлап, жасоолдордун астына салып берди.

— Жонум уу сепкендей ачышат. Мен жөө, алар атчан. Аттын өмгөгү менен койдуруп кетсе, бет маңдайымдан көмөлөнүп түшөм. Мурдуман кан түтүктөй болуп агат, кара терге түшүп, алсырай баштадым. Атам менен энем аркамдан буркурап ыйлап келе жатышат.

Күн батты. Ай чыкты. Чаарбектин коргонунун дубалдары көрүнө баштады.

— Мына коргон! Коргондун төрт бурчунда казылган орлордун оозунда кылыч байланып, найза кармаган кароолчулар турушат. Бүткөн боюмду калтырак басып, өлүм көзүмө элестеди. Бир жасоол аттан секирип түштү да, тамга кирип кетти. Бир аздан кийин үйдөн ачуулу үн чыкты.

— «Өлтүрүш керек» — деген үн кулагыма ийнедей кадалды. Көзүм караңгылап, сендиректей түштүм.

Эки жасоол келди да белиме аркан байлашып, казылган ордун оозуна жетелеп барышты. Бирөө итере салды. Башым ылдый карап сайылып түштүм. Ордун орто жерине барганда арканды тартышты. Улам жылдырып отурушуп ордун түбүнө түшүрүштү. Ордо кыңылдаган үн чыгат. Жердин түбү капкараңгы. Эсимди жыйып өөдө карасам, эки жасоол каргадай болуп көрүнүшөт.

Ордун ичи сап-сасык. Эки киши бар экен. Бирөө онтолойт. Сыз жер. Туюк. Отурган жериңе заара кыласың да, анын үстүнө жатасың. Күндө бир маал арканга байлап суу жана бир кочуш арпа талкан түшүрүшөт. Өлбөгөн жан да, үчөөбүз бөлүп ичебиз.

Атам менен энем бар малын Чаарбекке тартуу кылышып, мени ордон чыгартып алмак болушуптур. Ошентип, орго аркан салышты. Арканга асыла калдык.

— «Тилеш, Тилеш! Карма арканды» — деген үн асмандан чыккандай угулду. Мен арканга асылдым. Берки экөө катуу үшкүрүп зынданда калышты.

Ордон тартып алышты. Жарыкты көрүп, эсим оой түштү. Коргондон кантип чыкканымды билбейм...

— Мына Чаарбек элге ушундай азапты көрсөткөн.

«Чаарбек качты» — деген кабарды угуп, элдин сүйүнүп жаткан себеби ушул.

Дал ошол каардуу заманда улуу акын Токтогул Казанбак деген байдын коюн кайтарып жүргөн он эки жаштагы бала эле. Бай-манаптардын жана жасоолдордун элге көрсөткөн

кордуктарын Токтогул көзү менен көрүп, кулагы менен угуп жүргөн.

Падыша колонизаторлору кыргыз жерине кожоюн болгондон кийин: болуш, старшин, элүү башы, он башы деген түрдүү чиндер көбөйдү. Булар ач бөрүдөй жутунушуп элди талап киришти. Манаптар болуштук талашып чабышышты.

Бай-манаптар жардынын жалгыз атына чейин алышты. Элдин тартылган унун, актаган таруударын, бүтүн чепкендерин алышты.

Токтогул бардык шумдуктарды көрүп, башынан өткөрдү. Келечектеги таланттуу акын жана композитор Токтогулдун оюнда бул кордуктар сактала берди.

## АКЫНДЫН ТУУЛУШУ

Туш тарабы тоолор менен курчалган Кыргызстандын бир району — Кетментөбө. Кетментөбө — өз алдынча жердин сулуусу. Сырдарыянын башы Нарындын тентек дарыясы, Узун Акматтын, Чычкандын суулары Кетментөбөнү жарып өтөт... Ушул күндөгү Кетментөбө районунун алкым жагында: Мазарсуу, Кучусуу, Балыкты деген үч өзөн бар. Бул үч өзөндө жашаган элди «Сарттар» уруусу деп аташат. Сарттар Адигинеден тараган кыргыздын бир белгилүү уруусу. Сарттардын көпчүлүгү Алайда жана Ноокаттын Кичиалай жактагы жерлеринде жашашат. Кетментөбөгө орношулган Сарттар Алай жактан ооп келген дешет. Кучусуунун төмөн жагынан туптунук Узун Акмат деген суу агат. Бул сууга Айыктын деген капчыгайдын суусу куят. Мына ушул эки суунун кошулган жеринде кумдун, адырлардын түбүндө Чолпоната деген мазар бар. Бул жердин «Мазар» болуп калган себеби бар. Бул жерге чоң-чоң теректер, жоон-жоон талдар өскөн. Мына ошондуктан «Мазар» дешип табынышып жүрүшкөн. Ушул Чолпонатанын жогору жагында Сасык жийде деген кыштоо бар. Бул кыштоо элден обочо, эки жагы жарлуу коктуда. Мына ушул кыштоодо Сарттар уруусунан Сатылган деген киши жашаган. Сатылган Бурма деген кызга үйлөнүп, жүгөрү айдап, чөп оруп күн көргөн. Сатылган эл катары жайлоого да чыкпаган. Анткени саап ичер сааны, жүк артар унаасы болгон эмес.

Сатылган момун киши болгон. Аялы Бурма болсо өңдүү, түстүү, оокатка камбыл, шайыр — киши болгон.

Сатылган менен Бурманын балдары токтобой жүрдү. Бир жагынан жокчулук, бир жагынан балдары токтобой жүрүү — Сатылган менен Бурманы көп кайгыга салды...

1860-жылдын күзүндө Сатылгандын кара алачыгы кубанычка толду. Бурма эркек төрөдү. Сатылган колундагысын

аябай бешик той берди да: — «Балдарым токтобой жүрүүчү эле, бул уулумдун атын Токтогул койдум» — деп, жаңы төрөлгөн баласынын атын Токтогул койду.

Бурма менен Сатылган жалгыз баласын ардактап өстүрүштү. Өз кыштоосунда турушу кыйындап кеткендиктен Сатылган менен Бурма бир өгүзгө үйүн жүктөшүп, баласын жетелешип Сатыкей деген жерге көчүп кетишти. Сатыкейге келип Сатылган менен Бурма Казанбак деген байга кирешти.

Сатылган кой кайтарат, отун алат, от жагат, түнкүсүн жылкы кайтарат.

Бурма кой саайт, козу багат, кийиз басат.

Токтогул он эки жашка чыкты... Күндөрдүн биринде Казанбак Сатылганды чакырып алды да:

— «Орозонун баласы онго чыкканча жаш, балаңды эркелетпей жумушка салсаңчы» — деди.

Айла канча, байдын айтканын эки кылуу кыйын.

Он эки жашар Токтогул кой артынан түштү. Сатыкей таштуу, аскалуу жер болот. Бул жерге кой багуу ыңгайлуу болбогондуктан көбүнчө эчки багышат. Эчки кайтаруу кыйын го! Таштан ташка секирип кетип калышат. Узун күндө ачка, чаалыгат, ирени саргайып кечинде келет. Энеси менен атасы баласын аяшат, жалбарышат, бирок жокчулук аларды бала эркелетүүгө койбойт.

Казанбак өтө сараң бай болгондуктан, анын каарына, жемесине чыдай алышпай Сатылган менен Бурма кайра өз кыштоосуна көчүп келишкен. Жүгөрү айдашып, күн өткөрө башташты.

Токтогул он үч жашка чыкты. Сатыкейде жүргөндө айылдагы комузчулардан бир-эки күү үйрөнүп алган. Ырчы ырдаган, жомок айткан жер болсо калбай барып, уктабастан угуп жүргөн. «Жомок айтып бергиле» — деп, атасы менен энесинин тынчын алган түндөрү да болгон.

Талаага чыкканда өзү жалгыз, ырдап, комуз чертүүнү үйрөнө берди.

Токтогулдун ырдап жүргөнүн айыл-апа сезип калды. Өзүнүн теңтуштарына ырдап, алар ата-энелерине айтышып, «Сатылгандын баласы ырчы болуптур» — деген кабар элге бат эле таралып кетти.

Келечектеги улуу акын жүрөгүндөгү зардесин, кайнап турган ышкысын жашырган жок. Күндөн күнгө ырдоону күчөттү. Балдардын тобунда ырдай баштады. Анан чоң кишилердин тобунда ырдап жүрдү. Кыз-оюндарда Токтогулдун ыры жаштарды өзүнө тартты.

Токтогул шайыр, жайдары бала болуп өстү. Ошол кезде эле элдин көңүлүн кубанта турган сонун ырларды ырдады.

Токтогул жыйындын көркү болду:

«Кайран өмүр барында
Балалыктын чагында,
Гүл кайырдай гүлдөп ал,
Гүлгүн жашың барында».

«Карылык kyуп жеткен соң,
Кайран өмүр кеткен соң,
Кара чым басып денеңди,
Каларсың жердин жайында».

Бул ырды Токтогул жаңыдан ырдап чыкканда ырдаган. Маани жагынан, коoздук жагынан мындай сонун ыр ырдаган балага эл көңүл бурбай коюшкан жок.

Токтогул жаңыдан ырдап чыкканда эле элдин муңун ырдап, эзүүчүлүктө кыйналган элди шаттыкка, үмүткө үндөп чыкты.

Токтогулдун бала чактагы ырдаган ырын окуп отурсак, чексиз шаттыкты (оптимизмди), турмушка, келечекке, кең карагандыкты көрөбүз.

Ал убакта кыргыз эли маданияттан кабарсыз болгон. Бай-манаптар, падышалык бийлик элге маданияттын жайылышын каалабаган. Мектеп болгон эмес. Бүтүн Кетментөбө боюнча бир-эки дин окута турган мектеп болгон. Буга да бай-манаптардын балдары окушкан. Наадaнчылыктын туманы, бай-манаптардын каргашасы Токтогулга окуп, кат билүүгө жолто болгон.

«Мектепке атам берген жок,
Мааниге тилим келген жок»

деп, окубай калгандыгын айтып, ар качан ырдачу эле.

Токтогулдун атагы жалаң Кетмен-Төбө эмес, Анжиян, Аксыга да угулуп, жаш ырчы атка минип элге ырдай баштады.

## БУЛБУЛ ҮНҮ

Токтогулдун жаш чагында кыргыз жаштары кайгылуу жашаган. Байлардын коюн багып, жылкысын кайтарып жүрүшүп, муңдуу ырдашкан.

«Жылкы ичинде сары бээ
Сен минесиң бураң бел,
Ичимдеги дартымды
Сен билесиң бураң бел»

деп, Токтогулдун бир курбусу кыз оюнда өзүнүн сүйгөн кызына муңканып ырдайт. Кыз уялып, эч жооп айтпастан кыз-келиндердин арасына кире качып кетет. Ырдаган жигит ыза

болуп, томсоруп калганын көрүп, Токтогул булбулдай жагымдуу үн менен ырдап коё берет:

...Кызыл жибек түрдө бар,
Кызыл тилим сүйлөп ал.
Кылчайып келбейт өмүрүң.
Кыз экенде гүлдөп ал.
Кыялданып качпагын,
Кыз ойнобос кордо бар.
Жашыл жибек түрдө бар,
Жаңсап тилим сүйлөп ал,
Жанып келбейт өмүрүң
Жаш экенде гүлдөп ал.
Жалтанбагын, качпагын,
Жаш ойнобос кордо бар.

Токтогулдун бул ыры чыкканда томсоргон жигиттин бетине кан жүгүрүп, «булбулдун үнү» — деп кыйкырып жиберди. Кыз-келиндер жарыла беришти. Жашынып уялган кыз тике басып келип жигитке колун сунду. Токтогулдун ырына жаштар кубанышып, «ырас эмеспи» — дешип дуулдашты.

Кыз оюн кызуу жүрө берди. Айдын жарык нурунда жаштар Токтогулдун ырдаган ырын угушту. Токтогулду сүйгөндүк ар бир жаштын жүрөгүндө толкуду. Толубураак калган аялдар: «Үнүңдөн садага болоюн» — дешип Токтогулдун бетинен өбүштү.

Ай тоодон ашып, таң атарда жаштар айыл-айылга тарашты. Жаштар тарашып кетип бара жатканда Токтогул комуз менен дагы ырдады:

...«Кара күрмө шай кийип
Бойлогула, кыздар ай,
Кадыр көңүл бар чакта,
Ойлогула кыздар ай,
Кайрылып, келбейт өмүрүң,
Ойногула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып
Койбогула, кыздар ай.

Кызыл күрмө шай кийип
Бойлогула, кыздар ай,
Кызуу көңүл бар чакта
Ойлогула, кыздар ай.
Кылчайып келбейт өмүрүң,
Ойногула, кыздар ай.
Ойной албай, күлө албай,

Оюндун баркын биле албай,
Кызык күнүң картайтып,
Койбогула, кыздар ай».

Кыз-оюндагылар таркап кетишти. Бирок, эртең менен кой жайган койчулар, жылкы айдаган жылкычылар, суу алган келин-кыздар түндөгү ырдаган Токтогулдун ырын жатка ырдашып жүрүштү. Бул кезде Токтогул он алты жашта эле.

Калың эл жаш ырчы Токтогулду ушунчалык сүйүп, ушунчалык кадырлай башташты — анын атынан айтпастан эркелетишип Током дешип сүйлөштү.

Токтогул ырдаганда кары дебей, жаш дебей айыл-айылдан чогулуп келип угушкан. Токтогул ырдап олтурган үйдүн үзүктөрүн сыйрып койбосо, чогулгандар туурдуктарын жыртып жиберүшчү эле...

Кийин азапта картайып, айдоодон келгенде Токтогул өзүнүн жаш чагы жөнүндө мындай деп ырдаган:

...«Ак жорго элем жулкунган,
Ак талга конуп сайраган.
Ак булбул элем кулпунган,
Акын Токоң ырдаса,
Аял-эркек көрөм деп,
Эчен бир аппак үйлөр жыртылган».

Токтогул бой көтөрбөгөн, өзүн кичи пейил кармаган ырчы болуп өскөн. Ошондой болсо да кийин туткунда жүрүп картайып, карыптык башына түшкөндө толкуган жаш өмүрүн эстеп, мындай деп ырдаган:

«...Агарды менин сакалым,
Арманым айтып жатамын,
Акын Током кайда— деп,
Арзычуу эле катарым».

Токтогулдун ырларын эл жатка айтышып, Токтогулду ооздон түшүрбөй ардакташты.

## ЖЕҢИШ

Токтогулдун ырчы болуп чыгышын көрө албагандар да болгон. Кетментөбөнү бийлеп турган Дыйканбай деген манаптын ырчысы Арзымат Токтогулду жек көргөн. Анткени Арзымат Дыйканбайдын эшигинде жүрүп манаптарды, алардын катын-балдарын мактап ырдап жүргөн. Ошондуктан анын эл ичинде кадыры болгон эмес. Токтогул болсо эл үчүн ырдап атагы чыккан. Токтогулдун мындай атакка ээ болушуна Арзыматтын ичи күйүп, качан да болсо Токтогулдан өч алууга кекенип жүргөн. Бирок, кезиктире албаган.

Сарттар уруусунан чыккан Сопу бий атасы Керимкулга аш берет. Эчен өргөөлөр көтөрүлүп, эчен-эчен малдар союлат. Бай-манаптар аш-той берсе, чыгымын калың букара тартчу эмес беле. Сопу элге чыгым салды. Малдуулар союш беришти, ашка келгендерди күтүүгө, конок алууга камынышты. Дыйкандарга ун салды, эч нерсеси жокторго отун салды. Токтогулга төрт өгүзгө жүк отун салды.

Ал кезде Токтогул он сегиз жашта, толуп турган убагы. Айылдан өгүз, ыңырчак, аркан чогултту да, арча жүктөп келүүгө тоого жөнөдү. Күздүн күнү. Тоодо жан жок, коно жатып төрт өгүзгө баса отун жүктөп келди.

Казылган жер кемегелердин жанына отунду түшүрүп жатса:

— Токтогул, сени дароо чакырып жатат — деп, бир жигит чаап келди.

— Ким?

— Дыйканбай.

— Токтогул Дыйканбайдын чакыртканына таң калды. «Сууга салдырып коюп сабайбы»? «Адатын карматып тогуз айып салабы»? — деп ойлоду.

Дыйканбайдын үстүнө кирүүдөн айбыкты. Бул үйдө азуусу курч каман отургандай сезди. Эки ырчы ырдап жатат. Чоң ак үйдүн төрүндө аюу талпактын үстүндө мандаш токунуп, бөйрөгүн таянып отурган Дыйканбайга көзү түштү.

— Эмне дээр экен? — деген ой жаш ырчыны чулгады. Дыйканбай үн деген жок.

«Токтогул деген ырчы бала ушул» — деп, Сопу бий Дыйканбайга кошоматтанды.

Дыйканбай үн деген жок. Ырдап жаткан Арзымат ырын токтотту да комузун Токтогулга сунду. Эмне экенине Токтогул түшүндү.

— «Дыйканбай мени сынайын — деп жаткан турбайбы» — деп ичинен ойлоду да, улагага отура калып, күү черте баштады.

— Сүрдөбөгүн, «күүнү көркү ыр менен» — деп, Жаркынбай ырчы Токтогулга көзүн ымдады. Комузду чың күүлөдү да, коңгуроодой үн менен ырдап коё берди:

…«Аргымак көркү жалында,
Алманын көркү шагында,
Ак жолборс келсе тартынба,
Алтын башың барында…»

Дыйканбай башын көтөрүп коюп, Токтогулга тике карады. Олтургандар козголгондой болушту. Жаркынбай ырчынын бетине кан жүгүрүп сүйүнсө да Дыйканбайдан коркконунан «бали» деп, кыйкыруудан тартынды.

Токтогул дагы баштады:

…«Кылычтын көркү курчунда,
Кундуздун көркү сыртында,
Алышкан душман жоо келсе
Азамат көркү журтунда».

…«Бак, дарак көркү гүлүндө,
Бакшынын көркү жининде,
Мукам-мукам сайраса,
Булбулдун көркү үнүндө».

Токтогулдун үнүн угуп эл үйдү курчап калышты. Дыйканбайдын бетинен заары чыга түштү да:

— «Топураган жаман сарттар» — деп, каарданып коё берди. Дыйканбайдын жигиттери үйдү курчаган элди кууушту.

Сопу бий кызара түштү да, башын жерге салып унчукан жок.

Токтогул дагы баштады:

…«Өргөөнүн көркү келинде,
Келиндин көркү иреңде,
Аныгын-чынын билбесең,
Аламан сөзгө күүлөнбө».

Бул ыр жалпы айтылгандай болуп жатса да Дыйканбайга тие түшкөндүгүн эл сезе коюшту.

«Хан эмне дээр экен, Токтогулдун шору катты» — дешип ойлошту. Токтогул муну туюп калды да, дароо башка ырды баштады:

…«Мылтыктын көркү огунда,
Милтенин көркү чогунда.
Жайылып малың семирсе
Жайыттын көркү сонунда».

— «Куу туяк, сенин мындай ырыңдын кимге кереги бар», деп Сопу бий Токтогулду жемелей баштады. Арзыматка жага бербей калды…

«Тилиңди безеп ырдамыш болосуң мени менен эне-талак айтышууга жарайсыңбы»? — деди Арзымат.

— «Өнөрүң болсо өргө чап» деген, качмак белек деди-Токтогул.

Арзымат Токтогулдун колунан комузду алды да, каргылданган жапыс үнү менен ырдап коё берди:

Арзымат эң мурун өзү Дыканбайдын ырчысы экенин, Дыйканбайдын көлөкөсүндө жүргөндүгүн, казы-карта жеп жыргагандыгын айтты. Андан кийин Токтогулга асылды.

Сарттар уруусун жамандады, Токтогулдун жакыр экендигин кордоп ырдады. Арзыматтын оозунан адам айткыс сөздөр чыкты. Дыйканбайдын жигиттеринин кууганына болбостон эл үйдү курчап алышты.

— «Током кантээр экен» — дешип күбүрөшүп сүйлөшөт. Токтогул Арзыматтын жамандаган ырын шык коюп угуп отурду. Жардылыгын, тексиз жерден чыккандыгын, атасы Сатылганды жамандап ырдаганда гана Токтогул билинер-билинбес кызарып кеткенинен муздак тер чыкты...

Арзымат ырдап бүттү. Оюнда «жеңип алдым го» — дегенсип комузду Токтогулга сунуп, кончунан чакчасын алып, наспай атты.

Токтогул комузду алды да:— «Улууга уят сүйлөбө» — деген, Арзыке улуусуз, сыйласам болот эле, бирок, сиздин оозуңуздан ушундай сөздөр чыккандан кийин мен да бирдеме дейин, «сөздү сөз келгенде айтпаса атасы өлөт» деди да элди терметкен, жибектей желбиреген үнү менен ырын баштады:

...«Хан Дыйканбай үйүндө
Жүргөнүңдү ырдадың,
Кошомат кылып Арзымат
Күлгөнүңдү ырдадың.
Бий, болуштун астында,
Сен да, билгениңди ырдадың.
Казы менен картага
Тойгонуңду ырдадың,
Кара карга кейиптенген,
Каркылдаган урганым.
Жакырсың деп кордодуң,
Жакырда болсом Токтогул —
Жаандан чыккан жоргомун.
Манапты ээрчип эт жеген,
Мадырайган соргогум».

Тыштагы эл дуу күлүп жиберишти. Дыйканбай мурутунан жылмайып койду. Элдин күлкүсү Арзыматты тердетти. Арзымат көп ырчылар менен айтышкан. Арзыматты жеңген ырчыларды Дыйканбай сууга салдырып коюп сабатуучу. Токтогулга да ошону кылаар бекен деген үмүт менен Арзымат Дыйканбайга карады.

Дыйканбай ачууланды. Ырчысынын жеңилип калгандыгына ыза боло түштү. Бирок Токтогулду кубаттап дуулдап жаткан элден чочунуп, тим болду. «Токтогул Дыйканбайдын ырчысы Арзыматты жеңди» — деген кабар үйдөн-үйгө, айылдан-айылга тарап кетти.

Арзыматтын өтө сынып калгандыгын билип, Токтогул чогулган элге кадимки шаңдуу үнү менен санат ырын ырдады:

...«Эр жигит күрөшпөгүн балбан менен
Балбанды жыга албайсың чалган менен,
«Ошону бир жыкпастан жыгылдым» — деп,
Өмүрүң өтүп кетер арман менен,
Ойлосом эр жигитке эрээн болбойт,
Жолборстон бир тайгылып калган менен».—

Арзымат жеңилди. Арзыматтын кеги ичинде калды. Токтогулдун атагы дагы дүңгүрөдү.

## БАКТЫСЫЗ СҮЙҮҮ

Токтогулдун жыйырма сегиз жашында атасы өлөт. Өзүнөн кичүү Эшмат деген иниси жаш. Токтогул топко ырдаса үй оокаты калат. Үй оокатына каралап калса калың топ күүсү, ыры калат. Картайган энеси Бурма баштагыдай эмес, күчтөн тайган. Мына ушул абал Токтогулду үйлөнүүгө түрттү.

Туугандары аркылуу эки-үч кызга жуучу салды. Бирок, кыздын аталары калыңды көп сурап, кыздарын бербей коюшту.

Токтогулдун колундагы комуз, оозундагы ырынан башка эч нерсеси жок. Туугандарынын бир атын сурап минди да, Аксыга жөнөп кетти.

Токтогул Аксыга келип үч-төрт айча турду. Өзүнүн өнөрү аркасында Аксылыктарга бат эле дайын болуп — «Токтогул»— «Токтогул»— деген даңк элге шамалдай тарады.

Токтогул калың берип катын алууга алы жетпеди. Ошондуктан Кетментөбөдөн башка, алыскы жерге барып бир кыз ала качып алуу максаты менен Аксыга барган.

Токтогулдун тилин кайсы кыз албасын! Токтогулду кыз-келиндер ошончолук сүйүшкөн, атайы чогулушуп, Токтогулду чакырып алышып таң атканча ырдатып угушкан. Токтогул өз тууган жеринен, Кетментөбө элинен дале кыз ала качып алса болор эле. Бирок, ал убактын шарты кандай! Калың бербей кыз ала качып алган кишинин туугандарын кыздын төркүндөрү тып-тыйпыл кылып чаап алуучу. Кыз ала качып алганда кордук көрсөтүп, айылдын баарын талап кетүүчү. Мына ошондуктан Токтогул жармач туугандарын аяды. Эмнеси болсо да ат арытып, жол баса турган ыраакы жерден кыз алайын деп ойлоду.

Аксынын эли Токтогулду өтө кадырлашты. Төрт айдын ичинде өз жериндегидей тааныш болуп кетти.

Жаз... Мөмөлөр гүлдөп чөп тушарга чыккан кез. Аксыдагы Осмонбек деген чоң манаптын айыл күркүрөп кирип жаткан суунун боюна келип конду. Үч күндөн кийин айт болмок. Осмонбек Токтогулду чакыртып алды. Токтогул күндүр-түндүр ырдайт. Айылдагы кыз-келиндер, жаш уландардын бардыгы таң атканча үйдүн тушунда чогулушуп ырдап жаткан Токтогулду тыңшайт.

Бүгүн айбашы. Эртең айт. Айыл дүрбөп айтка камынышты.

Айт күнү. Эл намаздан кайтышып, суунун аркы четиндеги түзгө көкбөрү тартып жатышат. Калың топтун ичинен Токтогулдун комузунун күүсү, коңгуроодой үнү чыгат...

Жыйындын жанынан кырк-элүүдөй кыз-келин жөө өтүп калышты. Осмонбектин айылын карай бурулушту. Булар айттап жүргөн кыз-келиндер.

«Ушулардын арасында Алымкан деген кыз бар, кыз дегендей кыз» — деп, ырдап турган Токтогулдун кулагына бир жигит шыбырады.

Токтогул укса да укмаксан болуп ырдай берди...

— Ана, тетиги эки Кеминдин ортосунда бара жаткан кызыл манат күрмөчөн кыз деп жигит Токтогулга дагы шыбырады.

Кыз-келиндер узап кетишти. Көкбөрү кызуу тартылып жатат. Кыйкырык-сүрөөн...

Токтогул ырын токтотту да, курбусу экөө айылга бастырып келишти.

Кыз-келиндердин артынан жете барышты.

— «Токтогул ырчы, Токтогул ырчы» — деген үндөр чыкты.

Алымкандын жанында бара жаткан кымча белдүү, ак сары келин:

— Кыз-келиндерди көргөндө ырчы ырдап жибербейби — деди.

— Ырдагандай эмне кыз оюн болуп жатты беле,— деди Токтогулдун жолдошу.

Ырчы ырды бирөөдөн сурап алмак беле,— деп, ак саргыл келин жылмайып күлдү. Кыз-келиндер бири-бири менен сүйлөшүшүп дуу-дуу болуп кетишти. Назик күлкүлөр, жибектей үндөр... сөйкөнүн, бой тумардын, чач мончоктун шыңгыраган үндөрү...

Токтогулдар кыз-келиндерди жандап бастырып бара жатышат. Кыз-келиндердин күлкүлөрү көбөйө баштады. Каткырыктар угулду.

— Ырыңарды сатсаңар да ырдасаңар боло — деген үн Токтогулдун кулагына шак дей түштү.

Акындын жүрөгү толкуп, бетинен нур балкыды. Белин-

деги комузун алды да, баштагыдан да жагымдуу үн менен ырдап коё берди:

...«Жагалмай канат кашыңар
Жайылган кара чачыңар.
Энеси сүйгөн перзенттей,
Эркелеп турган назыңар»...

Кыз-келиндер токтой калышты.

— Эс алып алалычы — деп, баягы ак саргыл келин отура кетти. Баары отурушту. Эс албай эле Токтогулдун ырын угалычы — деп айтууга ооздору барбады.

Токтогулдар да токтошту.

— Аттан түшүп азыраак ырдап бергиле — деп, бир келин тура калып, Токтогулдун атынын тизгининен кармады.

Экөөнүн атын эки келин алышты. Кыз-келиндер Токтогулдун маңдайында шыкай отурушту.

Токтогул көк шиберге мандаш токунуп отурду. Тебетейин жерге алып койду. Комузун күүлөдү. Чепкенининин оң жеңин чечип, комузду черте баштады. Кыз-келиндер добуш чыгарбастан ойноп жаткан Токтогулду карашты. Күүнүн аягына чыгаарда кыз-келиндер өзүлөрүнчө сүйлөшө баштады:

— Комузу кишидей сүйлөйт экен.

— Ырас эле.

— Өнөрүнө бали.

— Колдорунун мууну жок болсо керек.

Кыз-келиндер Токтогул менен көптөн бери тааныш эмедей тамашалашып, тийише башташты...

Токтогул дагы ырдап жиберди:

...«Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктү минсең бир кызык,
Айдалыңды кубантып,
Асылды кийсең ал кызык,
Азамат эрге табылса
Айнектей сулуу жар кызык.

Эмгек этип жаңыдан,
Элге жаксаң эң кызык.
Эки курбу баш кошуп,
Эркелешсең сен кызык.
Эрикkенче сүйүшүп
Элестесең тең кызык.
Эл чогула келгенде
Элиришке мен кызык».

— Жаагы жок тура — деп, бир келин тамшанып койду. Мына ушул учурда жоодурап карап турган Алымканга Ток-

тогулдун көзү түштү. Экөөнүн көзү тийишкенде, Алымкан көзүнүн карегин буруп кетти, жерди карады. Анын нурдуу бетине кан жүгүрүп, маңдайынан шам чырак күйүп тургандай көрүндү.

Алымкан уялчаак кыз... Экинчи тике караган жок. Токтогул Алымкандан көзүн айырбай ырдай берди. Алымкан өөдө карап отурбаса да, анын бир кумсарып, бир кызарып кубулуп турган өңү, жалжылдап жанып турган көзү, албырган ээрди бир сыр, бир купуяны түшүндүрөт... Акындын жүрөгү жаңы кармалган куштай талпынат... Үнү, күүсү барабара күчөп, бир бастап, бир көтөрүлдү...

«Ойносоң дүйнө доорунда,
Артылса колуң мойнума,
Укуруk моюн, кумар көз,
Урматтуу эрдин мойнунда,
Кадырың барда ойноп-күл,
Каларсың жердин боорунда».

Көкбөрү тарткандар кас-катардап, айылды карай жөнөштү.

Кыз-келиндердин тамшанышып, көздөрү жадырап Токтогулга алкыш айткандыктарын билдиришти.

Кыз-келиндер турушуп, алды узай бергенде Алымкан жанындагы келинге бирдемени шыбырады.

Биздин айылга да келгиле,— деп, келин Токтогулга көзүн кысты. Бул сөзү келин эмес, Алымкан айттырып жаткандыгына акын түшүндү. Астыртан жалжылдап караган Алымкандын көзү да ушуну түшүндүрдү.

Айт өттү. Алымкандын астыртан карап муңайгансыган нурдуу бети акындын көз алдынан кетпеди.

* * *

Токтогул Алымкандын айылына барганда чак түш эле. Кой саашып, кыз-келиндердин колдору бош эмес экен. Ошондой болсо да Токтогул түшкөн үйдүн тушуна бир топ кыз-келиндер чогулушту. Айылдагы эркек аттуудан эч ким калбай Токтогулдун үстүнө келишти.

Токтогул күү чертип, ырдап отурду. Койду батыраак эле саап, ыр уксам экен деген келиндер андан көп.

Токтогул чогулган элдин көңүлүн кубандырып, адамдын эсинен кетпей турган өзүнүн санат ырларын ырдады:

...«Туяктын көркү тулпарда,
Канаттын көркү шумкарда,
Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде,

Акыл айтсаң тыңшабайт.
Акмактын көркү жемеде.

Бычактын көркү кынында,
Жылкынын көркү кулунда.
Азамат болсоң эр жигит,
Ардактуу иштен корунба.

Шибердин көркү мал менен,
Жылкынын көркү жал менен,
Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркү жар менен».

— Ой, бали, бали,— деген үндөр үйдүн ичинен да, тышынан да чыгып турду.

Күн батты. Күүгүм кирип, көгөргөн асманды сансыз жылдыздар капташты.

Токтогул олтурган үйдүн ичи да, тышы да кыз-келиндер, жаш балдар, кемпир-чалдар менен жык толду. Балдардын ичинде Алымкан да бар.

Токтогул түн жармына чейин ырдады. Акындын ыры ушунчалык кызыктуу болду, эч ким үргүлөп да койгон жок.

Ушинтип Токтогул Алымкандын айылына төрт күн туруп калды.

Токтогул тамашакөй, шайыр, кишиликтүү акын болгон. Ошондуктан айылдагылар менен бат эле үйрөнүшүп кетти.

Келин аркылуу Алымканга сөз айттырды. Түн эле. Эл жата элек. Ар кайсы үйдөн бүлбүлдөп от көрүнөт. Келин Алымкандардын үйүнө кирип кетти. Көпкө кечикти.

— Эмне жооп болор экен? — деп, Токтогул сабырсызданып күтүп турду. Үйдүн эшиги ачылды. Келин чыкты. Токтогул алдын торой басып:

— «Ачык айтып ак сүйлө жеңе»— деди.

— «Каңгырап жүргөн жолоочу менин теңим эмес,— деп кыз ачууланып жатат»... Келиндин бул сөзү акындын жүрөгүнө тикендей кадалды. Бүткөн бою чымырап жер термелгендей боло түштү.

— Ошенттиби?

Келин акындын ыза боло түшкөнүн сезди да:

— Жок, кыздын, Алымкандай кыздын оозунан кантип ушундай сөз чыксын — деп, күлүп жиберди.

Акындын калтыраганы басылып, көңүлү көтөрүлүп, келинди колунан кармап туруп:

— Өз оюңдан чыгарып жаткан турбайсыңбы?

— Сени кантер экен дедим да.

— Айтчы, айтчы, жеңе, Алымкан эмне деди?

— Ылдый карап эле тим болду.

— Деги көңүлү барбы?

— Ананчы!

Келиндин «ананчы» деген сөзү акындын кубанычын кучагына алды...

* * *

Ай жарык, айылдагы жаштар чогулушуп оюн курушту. Алыскы-алыскы айылдардагы үргөн иттердин үндөрү угулат. Айыл уктап жатат. Короодогу койлордун кепшегени, суунун шаркыраганынан башка добуш жок.

Оюндун артынан оюн башталды... Бул түнү Токтогул жаштарга өзүнүн эң сонун өнөрүн көрсөттү. Эси-дарты Алымканда. Айдын жарыгында Алымканды тиктейт. Алымкан ылдый карайт. Бирдемени ойлогондой кээ-кээде үшкүрүп коёт.

Токтогул күү чертти, ырдады. Эң акырында:

— «Саркечтеп тиккен жоолугуң,
Сар санаа кылат жоругуң,
Көккечтеп тиккен жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң»,

деп, акын бирдемеге таарынгандай, бир нерсеге жетпегендей муңайгансып ырдады.

Жаштар тарашты.

Токтогул да конгон үйүн көздөй жөнөп бара жатканда:

— Токо, тура тур, деген үндү угуп кылчая карады.

Алымкан эки келиндин ортосунда калтырак баскандай майышып турган экен. Анын балбылдаган көзүн карады... Будан көркчө ыр менен баштайын деп ойлоду акын. Бирок токтоп калды.

Төртөө калышты. Жаштар үй-үйгө кирип кетишти. Айыл дагы тынчтыктын кучагына кирди.

— Сүйлөшкүлө, биз бара туралы,— деди бир келин.

— Жеңе, коё турсаң — деди Алымкан.

— Жеке сүйлөшкөнгө не жетсин, уялба садагаң болоюн- деп, келин Алымканды чачынан сылады.

— Коркуп турасыңбы? — деди Токтогул.

— Жоок, кишиден да киши коркмок беле,— деп, Алымкан жылмайып күлдү. Келиндер басып кетишти. Алардын чач-мончокторунун үндөрү узагыча угулуп турду.

Акын менен кыз көпкө-көпкө үнсүз-сөзсүз турушту. Экөөнүн тең бойлору чымырап, беттеринен от жангандай албырышты.

Келиндер айылга жетишти. Үйгө кирип да кетишти. Акын менен кыз дагы эле сөз салыша элек.

Кыз уялып турат. Кайсы сөздөн баштамак элем, андан көрөкчө ыр менен баштайын деп ойлоду акын.

Комузун чертип:

«Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күн оору, бир күн соо,
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң...»

Бул ыр Алымканды толкутуп, караңгыда күн тийгендей боло түштү.

— Мен үчүн азап тартпай эле койбойсуңбу? — деди күлүмсүрөп, акынды карады...

Акындын комузу жерде жатты. Кыз менен акын кандай жетишип, кандай кучакташканын өздөрү да билишпейт. Бирбиринин мойнуна колдору артылып катуу-катуу кысышты. Алардын деми өз беттерин от жангандай ысытты.

Маңдай жактагы чокунун башынан Чолпон көрүндү. Таңды тосуп соккон желдиң салкын илеби кыз менен акынды куттуктагандай сергитти. Ажырашуу кыйын, бирок, таң атып келе жатат.

Алымкан басып бара жатып, аркасын кылчак-кылчак карады.

Алымканга айылга жеткенче акын көзүн айра албай карап турду да, уйпаланган көк шиберден комузун алып басып кетти.

* * *

Күн чачырап, айыл кыймылга кирди. Кой короодон узап кетти. Жылкычылар жылкы айдап келе жатышат.

Токтогул катуу уйкуда. Эл кымыз ичишип, жай-жайына таркашканда, улуу шашке болгондо акын ойгонду.

Туп-тунук сууга барып бетин жууду. Боюн керип жаздын абасын жутту. Үйгө кирип комузун алды да айылдын маңдайындагы арчалуу дөбөгө чыгып кетти.

Дөбөдө туруп Алымкандардын үйүн карап олтурду.

Үйдүн эшиги ачылса эле Алымкан чыккандай көрүнөт... Акын дегдейт, жүрөгү алеп-желеп болот, көңүлү сүйүнөт...

Дукаба чапанын желбегей жамынып, Алымкан үйдөн чыгып булакты көздөй басты. Акындын бою балкып, көзү ымыр-чымыр болуп, алдынан жүгүрүп чыккысы келди, бирок, айылдан айбыгып баралган жок. Алымкандын ар кадамын көз ирмебей тиктеп тура берди.

Алымкан булактын боюна келип жуунду. Согончогуна түшкөн кундуздай кара чачын суу менен сылады да чапанын кийип, кайра үйүн көздөй басты.

Акын комузун шаңдуу-шаңдуу чертти да:

«Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш,
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдууга салбай кыйын иш.

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш,
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш».

Акындын бул ырын айыл да, Алымкан да уккан жок. Анткени ортосу алыс эле. Ушул дөбөдө отуруп, Алымканга арнап күү чыгарды. Күүсүн эки-үч кайтара чертти. Мындан мурунку күүлөрүнө караганда бул күүсү адамдын көөнүн көтөрүп, жаштарды толкута турган күү болуп чыкты. Ошондуктан күүсүнүн атын «Жаш кыял» койду.

Дөбөдөн түшүп келе жатып, жаңы күүсүн чертип, ырдай келди:

...«Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан.
Ак кайы жоолук колго алып,
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө
Жыргасаң боло, Алымкан».

Алымкан менен Токтогул экөө бирин-бири ушунчалык сүйүшчү, кезигише келгенде бир-биринен уялгандай сүйлөй албай калышчу.

Алымкандын өзү менен жана жеңелери менен сүйлөшүп, Токтогул Алымканды Кетментөбөгө ала качмакчы болду. Бул ишке акын да, кыз да сүйүнүштү.

— Жер алыс, экөөңөр бир атка учкашып кетмек белеңер, эртеңки күнү ат камдайын, кыздын кийим-кечегин даярдайын — деди келин.

— Кыздын кайны Кудайберди деген бий. Келип калса аркаңардан кууп барат. Кетментөбө эмес, Анжиян жакка дале кете бербейсиңерби — деп, экинчи келин айтты.

Убада бүттү. Эртеңки күнү, эртеңден калса, эркектердин баары базарга кеткенде, жуманын түнүндө качмак болушту.

* * *

Эртеси каргаша болуп, кыздын атасынын үйүнө мейман келип, түн жарымына чейин укташпай отурушту. Бул күнү кача албай калышты.

Кезек жуманын түнүнө калды.

* * *

Эртеси эртең менен Осмонбектин эки жигити чаап келишти. Аттан түшпөй турушуп:

— Токтогул барбы? — дешип сурашты. Осмонбек чакыртканын Токтогул сезди да:

— Жок деп айт, жок — дегин деп, үйдөгү келинге шыбырады.

Келин жооп бергиче болбой эле тыштан бирөө:

— Токтогул ошол үйдө — деп, кыйкырды.

— Саат болду го, кантем, кандай айла кылам — деп, акын ичинен капаланды.

— Токтогул чык, сага эмне болду?

Токтогул үйдөн чыкканда, аттары ак көбүктөп тердеген Осмонбектин эки жигити жарыша сүйлөштү.

— Эмне бекинип жүрөсүң? — дешти.

— Бекингендей мен бирөөнүн малын уурдадым беле?

— Бекинбесең атыңды току, болуш чакыртып жатат.

— Мен бүгүн Кетментөбөгө кетем.

— Кетесиңби, жокпу, аныңда биздин ишибиз жок. Болуштун буйругун аткарабыз.

— Жок, бара албаймын.

— Сен кандай ырчысың, болуш чакырса барбаган?-деп, бирөө ачууланып, бетинен түгү чыга түштү.

Дагы бирдеме десе кымызга кызыган эмелер ура турган.

«Барса барып, жумага чейин келип калбаймынбы. Ушул көпкөн эмелер менен урушмак белем» — деп ойлоду акын. Атын токунуп жөнөдү. Токтогул айылдан узап кылчайса, Алымкан үйгө жөлөнүп карап турган экен.

* * *

Осмонбектин айылына бешимде келишти.

— Сууга салдырып коюп сабатайынбы, тилиңди кесейинби? — деп, Осмонбек бир кыйла оолукту.

— «Атын куйрук-жалын кыркып коё бергиле, согумга союп жейм» — деп, жигиттерине буюрду.

— Аларыңыз бир ат болсо, жаман айтпай эле албайсызбы,— деп, акын кумсарды да, башка эч нерсе айткан жок.

* * *

Жума жакындап келе жатат. Токтогул уйку көрө элек. Көзү илинсе түшүнө Алымкан кирет.

Осмонбекке сырын айтайын дейт, чочунат. Анткени — Осмонбек болуш, Кудайберди бий. Атынан айрылды. Башка ат кармап минүүгө акындын колу барбайт...

Осмонбек Токтогулду кайтаргандай барган жерине ээрчите барат, күндүр-түндүр ырдатат.

Акындын ичи тызылдайт. Болуштан бошоп кете албай жума өтүп кетти. Акындын башына түн түшкөндөй кайгы батты.

— Бир күнү Осмонбек жигиттери менен Токтогулду ээрчитип жөнөп калды.

— Кайда барабыз,— деп, Токтогул бир жигиттен сурады.

— Тойго.

— Дагы кармалат экенмин да, ай заман ай, кордук, кордук — деди акын.

Жок, башка жерге эмес, Алымкандардын айылына бара тургандарын жолдун ортосуна барганда билди. Бетине кызыл кирип сүйүндү. Кайгы-капасы тарап, жүзүнөн нур чачырады.

Ана Алымкандардын айылы көрүндү.

— «Үйгө жөлөнүп карап турса» — деген ой акынды ээликтирди.

Айылда калдайган топ. Алымкандардын үйүнүн жанында байланып турган көп аттар.

Токтогулдар айылга келишти. Обочороок тигилген ак үйгө болушту түшүрүштү.

Токтогул Алымкандан кабар алууга шашты. Болуштарга табак тартылганда, Токтогул жылып чыгып туура Алымкандардын үйүн көздөй басты. Үйгө кирсе көшөгөнүн ичи толгон кыз-келин. Ырчы келди, ырчы келди дешип калышты. Алымкан көшөгөнүн ичинде отургандыр, келгенимди билдирип ырдайын — деди да, төр жакка отуруп «Жаш кыял» күүсүнө салып ырдады:

…«Бетегелүү майданым,
Пейли жакшы жайдарым,
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым».

Аңгыча болбой Алымкандын жеңеси акындын жанына отура калды да:

— Кара ташыңа ырдайсыңбы, кыздын кайындары келишти,— деп, шыбырады. Келиндин Токтогулга катуу таарынгандыгын анын ак саргыл бети кумсаргандыгынан билинди.

Колунан комузу түшүп кетти. Көзү түн түшкөндөй караңгылап, эмне экенин сезбеди. Суук кабар акындын ырын бузду. Сыр билгизмексен болуп комузун кайра алды да, туура көшөгөнүн ичине кирди.

Алымкан кыздардын ортосунда тизесине башын коюп ыйлап отурган экен. Аны көрүп акындын мүлдө мууну бошоду.

— Ушинтмек белең Алымкан,— деп, калтыраган үн менен сурады.

— Менде айып жок, кантейин,— деди да көзүнүн жашын көйнөгүнүн жеңи менен сүрттү.

Үн жок, сөз жок. Акын кыймылсыз турду да калды.

Кыздар бирин-бири караштьі. Алымкандын жашы мөлт-мөлт кетти.

* * *

Алымкандын кайыны келгенине төрт күн болуптур.

Түндө күйөөсүнө жаткырышыптыр. Бүгүн кызды аттандыра турган күнү экен.

Акын көшөгөдөн, үйдөн кандай чыкканын билбейт, айылдын четине барып муздак шиберге көмкөрөсүнөн жатып, көпкө чейин шолоктоп ыйлады.

Эл дүрбөп, келин-кыздар эшикке чыгышты.

Аттар тартылды. Кудалар жөнөп калышты. Ыйлаган үн чыкты. Бул үн Алымкандыкы. Алымканга элечек ороп, саамайларын бириктирип аркасына өрүп, бетине үлпүнчөк жаап эшикке алып чыгышты.

Алымкандын энеси, бир жеңеси атка миништи. Кыз-келиндер Алымканды да атка мингизишти.

Акын кайратына келди. Ыргып турду да, жүгүрүп барып атына минип ырдап чыкты:

«Кызыл оңбос болсочу.
Кыз бурулбас болсочу,
Көгөргөнү чын болсо,
Гүлдөр солбос болсочу».

Токтогул ырдап, Алымканды жандады. Алымкан үлпүнчөгүн ачып акынга жашка толгон нурдуу көзү менен жалооруп карады. Башындагы элечек, бетиндеги үлбүрчөк Алымкандын өңүн өзгөрткөн...

— Кантейин, деп, Алымкан ыйлактаган үнү менен шыбырап айтты да, жашын төгүп-төгүп жиберди.

Акынга чагылган тийгендей, жүрөгү сыздай түштү.

...«Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу.
Кызыл жүзү бурулуп,
Кыз кубарбас болсочу».

Акын катуу өкүндү да, атын моюнга чаап, эч кимге карабай, туулган жерине жүрүп кетти.

Кетментөбөгө келип, Тотуя деген кызга үйлөндү. Бир жылдан кийин Тотуя төрөдү. Баласынын атын Топчубай коюшту.

## УЛУУ КОМУЗЧУ

Токтогул улуу акын гана болбостон, улуу композитор да болгон.

Токтогул жүздөгөн жаңы күүлөр чыгарып кыргыз эл музыкасын байытты.

Токтогулдун замандаштарынын айтууна караганда, Токтогул ар бир ырдаган ырына жаңы күү чыгарган. Ал убакта нотага жазуу болбогондуктан, жаңы чыгарылган күүлөр унутулуп кала берген. Ошондой болсо да, Токтогулдун: «Кербез», «Жаш кыял», «Тогуз кайрык», «Кыз ойготор», «Миң кыял», «Мырза кербез», жана башка толуп жаткан классикалык музыкалары кыргыз элинин гана эмес, бүт өлкөбүздүн маданиятынын кенчине кирип отурат.

Токтогул өзү комуз жасаган. «Токтогулдун жасаган комузу шамалга койсо ырдап турат» — дешип эл сөз кылышар эле.

Токтогулдун күүлөрү кулакка жагымдуу, угуучуну толкута турган күүлөр.

Токтогул комузду сонун черткен. Комуз чертkende колдорун түрлүүчө ойнотуп, комузду түрлүүчө тилге келтирген.

Кыргыздын ушул күндөгү Атайга окшогон комузчулары Токтогулдун анык шакирти болуп эсептелишет.

Кыргызстандын кайсы бурчунда болсо да комузчулар Токтогулдун күүлөрүн чертишет. Токтогул орустун ыры болсун, өзбектин ыры болсун бир укканда үйрөнүп алып, так өзүндөй кылып ырдаган. Ушул күндөгү эмгек баатыры — Өзбекстандын эл артисти, ордендүү Молдо Тойчунун күүлөрүн, ырларын Токтогул бир укканда эле үйрөнүп алган. Молдо Тойчу менен өнөр салыштырган.

Токтогулдун ыры, күүсүнөн башка артисттик номурлары бар болучу. Маселен: «Ак кууну атуу», «Чымчыкты арбаган жылан» жана башкалар. Токтогул бул номурларын эң чеберчилик, эң усталык менен аткаруучу. Токтогул өтө куудул (комик), өтө күлдүргүч болгон. Токтогулдун чыгарган күүлөрүнүн бардыгы дээрлик шайыр күүлөр. Токтогул турмушка шаттуу караган. Акындын негизги касиетинин бири ушул.

## АНЫК ЭЛДИК АКЫН

Токтогул элдин арасынан чыгып, элдин арасында өстү. Мына ошондуктан акындын сонун ырлары, угумдуу күүлөрү элдик болуп чыккан. Токтогулдун чыгармалары бардык тамырлары менен элге байланышкан.

Токтогул эл үчүн ырдап, эл үчүн иштеген:

«Өнөрүң болсо өргө чап,
Кор кылбай асыл жанды бак,
Эрдин көркү эл менен
Эмгегиң менен элге жак».

— «Элсиз эр болбойт, элге кызмат кылбаган киши эр эмес»,— деп, акын ар качан айтып жүргөн.

Бардык өнөрүңдү, эрдигиңди эл үчүн жумша, эл аркылуу атагың чыксын деген.

«Жаман адам белгиси
Өз камы үчүн жүгүрөт,
Жакшы адамдын белгиси
Эл камы үчүн күйүнөт».

Токтогулдун бул ыры чын акылмандык менен айтылган.

Акындын бул ырлары өчпөй турган, өлбөй турган ырлар. Анткени — эл өлбөйт, эл өчпөйт. Элге арналган, эл үчүн ырдалган ыр да өлүп-өчпөйт.

«Кылычтын көркү курчунда.
Кундуздун көркү сыртында.
Алышкан душман жоо келсе
Азамат көркү журтунда».

Токтогул өзүнүн бул ырларында эр бол, азамат бол, баатыр бол, элге кызмат кыла бил — дейт. «Азаматтын көркү элинде, журтунда» — деп, элди бардыгынан жогору коёт. Башка ырчылардын көбү болсо манапты мактап, ал манапты элдин үстүнөн караган, өзүнчө жаратылган «шер» дешип ырдашкан. Токтогулдан биз муну көрбөйбүз.

Токтогулдун эл үчүн ырдаганы биздин жеткинчектерибизге үлгү болуп кала бермек.

Жаштарды өз Ата мекенин, өз элин сүйүүгө, өз эли үчүн күрөшкө даяр болууга тарбиялоодо улуу акындын ырлары айрыкча мааниге ээ болот.

* * *

Токтогул элдин муңун муңдап, элдин ырын ырдады.

Падышачылык жана жергиликтүү болуш, бийлер, бай-манаптар элди аябай эзишкен. Элге, калың эмгекчилерге кордук көрсөтүшкөн. Мына бул кордукту көрүп туруп, акын тим жаткан жок. Манаптарга каршы үн чыгарып, ырдап чыкты.

Ошол кезде Кетментөбөнү тегеретип турган Ырыскулбектин балдары: Дыйканбай, Акмат, Атакан, Миңбай жана Мырзакан деген беш манап болгон.

Ырыскулбектин балдары элде күлүк тайган, алгыр куш, күлүк ат болсо тартып алышкан.

Дыйканбайдын айылына баруу үчүн, эл аттарын үч чакырым жерге байлап коюшуп, тебетейлерин колуна кармашып, жүгүнүп барышкан.

Эгер муну иштебегендерге тогуздап айып салып, соку жанчтырып кыйнаган.

Жумшаган көп малайларынын акыларын беришпей, акы доолагандарынын жонунан кайыш алышкан.

Дыйканбай каарына алган кишилерине айып салган. Айып салууда энеси Сайкал үчүн бир төө, калган бүлөбашы сайын бир асыйдан салган. Дыйканбайдын бүлөсү канча? Көп кишилер өмүрүнчө Дыйканбайдан кутула алышпай зарлашкан.

Ырыскулбектин башка балдары мындай турсун, жалаң Дыйканбайдын согуму үчүн элден эсепсиз чыгымдар жыйналган. Семиз мал болсо Дыйканбайдын эшигине барып союлган.

Атактуу акынды ырдатып угайын деген ой менен күндөрдүн биринде Дыйканбай Токтогулду чакырткан. Токтогул Дыйканбайга бармак гана түгүл, кайра калың топко ага каршы ырдап, манаптар менен кайнаса каны кошулбай тургандыгын билдирген. Манаптардын алдамчы, зулум, эл жегич, элдин душмандары экенин акын тайманбай ырдаган:

...«Акмат, Дыйкан алдамчы,
Атакан, Миңбай жалганчы,
Эгемберди, Бактыяр*
Эл жегенге жардамчы».

Токтогулдан жеңилген Арзымат ырчы Дыйканбайдын колтугуна кирип алып Токтогулдун үстүнөн түрдүү ушактарды жүргүзгө баштады. Токтогулду эптеп жок кылууга Дыйканбай аябай киришти. Дагы чакыртты, алдап колго түшүрүүгө тырышты.

Токтогул манаптарга каршы элди үндөдү. Эл дагы манаптардын кордугуна чыдап тура алышкан жок. Төрт миң үйлүү Сарттар, Багыш Ырыскулбектин балдарына каршы көтөрүлүштү. Ырыскулбектин балдары жана башка манаптар бир атадан тарагандыктан, алар «Бир ата» деген атка конушту. Буларга каршы чыккандар көпчүлүк эл, калың букара, ар жактан кошулгандар болгондуктан, »Жети ата» деген атка конушту.

Ошентип, «Бир ата», «Жети ата» болушуп жоолашты.

---

* Эгемберди, Бактыяр — дегендер да чоң манаптар болгон.

Элдин манаптарга каршы көтөрүлүп чыккандыгына акын кубанды.

Ырыскулбектин балдары кол курашып, «Жети атаны» чаап алабыз — деп, жатышканын угуп мындай ырдады:

«Кол курашты беш каман,
Мурункудай чапмакка,
Короодогу кой турмак,
Коргоол бербейт «Жети ата».
Керимбай менен Мырзакан,
Келсең кардың жарылды —
Төрт миң үйлүү «Жети ата»,
Төкпөй койбойт каныңды,
Жедирмек тургай «Жети ата»,
Аралатпайт Арымды».

Эл куралса, эл бириксе эч кандай күч каршы чыгып, тең келе албай тургандыгын акын көпчүлүккө ыры, күүсү менен түшүндүргөн.

Манаптар, болуштар жардынын жалгыз атына чейин тартып алгандыктарын, малы көп байлар үчүн кызмат кылып, байларды жакшы көрбөгөндүктөрүн акын ырдады:

...«Чыгым салып эл жедиң.
Чыркыратып жардыны —
Жалгыз атын сен жедиң»,

деп Токтогул Дыйканбайдын зулумдугун өзүнүн курч ыры менен элдин көзүнө көрсөттү.

— «Эл бирикти. Эмгекчилер силерге каршы көтөрүлүп чыгышты. Эми айлаңарды таба албайсыңар» — деп, акын манаптарды табалады:

«Жакын көрдүң байларды,
Жам букара* бириксе,
Табалбайсың айлаңды».

Манаптар бей-бечараларды айыпка жыгып, элдин акысын жеп өмүр өткөргөндүгүн Токтогул таамай ырдады:

«Он асыйга бир жыктың,
Орозаалы карыны,
Бүтүн элдин акысы
Өмүрүңдүн жарымы».

---

* Букара — көпчүлүк эл, эмгекчилер деген мааниде.

Азууларын кайрап, киши өлтүрсө куну жок, камандай күркүрөп турган Ырыскулбектин балдарынан Токтогул чочунбастан, жалтанбастан каршы ырдады:

«Жетим менен алсызга
Карабадың беш каман.
Жетилсин — деп жардыны
Санабадың беш каман.
Жеп-ичкенден башканы,
Каалабадың беш каман».

Токтогулдун бул ырлары элге кайрат байлап, манаптарды элге жек көрсөттү.

— «Токтогулдай да жүрөктүү ырчы болобу, Дыйканбайга, Ырыскулбектин балдарына каршы ырдады» — деген сөздөр эл арасына тарады. Эл улуу ырчынын кайратына, жүрөгүнө, эрдигине алкыш айтышты.

Токтогулдун кадыры эл арасына дагы көтөрүлдү.

Токтогул элди, көпчүлүк букараны эзүүчүлөргө, кан тырмактуу бай-манаптарга каршы үндөөчү күч болду. Манаптардын элге көрсөткөн зордук-зомбулуктарын айкын-ачык ырдады. Ырыскулбектин балдары элди талашып жакырчылыкка айландырганын акын мындай сыпаттады:

Көрө албайсың жардынын
Жакшы ат таап мингенин,
Акмат, Дыйкан, Атакан,
Көркоолугуң бул сенин.
Талап алып тентиттиң.
Боромбайдын Сарысын,
Күндө жейсиң айыптап
Бүтүн журттун баарысын.

Жыгып алдың Атакан,
Тойаалынын чалышын,
Токтотту далай бечара
Той менен ашка барышын,
Жетим менен жесирдин
Тыңшабадың арызын.
Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын!

Калың букара Ырыскулбектин балдарына-манаптарга каршы чыгышкандан бери той-тамаша тыйылды. Аш-тойго баргандарды манаптар кармап алышып кордук көрсөтүшөт, манчаларын ташка чагышат, көздөрүн чукушат.

Арым эли Ырыскулбектин балдарына чыгым беришпей

коюшту, союлуна союл сүйрөп чыгышты. Далай чабыштар болду. Баш жарылып, көз чыгуу мындай гана турсун, эр өлүүлөр, бала жетим, катын жесир калуулар көбөйдү.

Жаны ачынган эл манаптарга кесерип каршы турушту.

Бир жолку болгон урушта көпчүлүк таш бараңга алышып, манаптарды куушту. Ошондо акын:

Жети атанын таш бараң,
Таш бараңга батпаган,
Чаап, талап жеп жүрүп,
Букарадан айрылган
Ырыскулбектин беш каман! —

деп ырдады.

Элдин көтөрүлүп чыгышына Токтогул себепчи, Токтогулдун ырлары себепчи болгондугун манаптар түшүнүштү.

Токтогулду кандай болсо да колго түшүрүп, өч алууга кекеништи. Арзымат ырчы болсо күндүр-түндүр дебей ушак айтып, Токтогулга суук тилин агытты.

Токтогул манаптардын «өлтүрөм, соём» дегендеринен корккон жок, кайра күчөп ырдады.

...«Өчөшсөң Миңбай, Атакан
Мени да жыгып аларсың.
Токтогул деп кекетсең.
Тогуз айып саларсың,
Адатыңды карматсаң
Үй оокатым таларсың.
Канкордугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жаларсың»...

* * *

Манаптар «Жети атаны» чаап алабыз — дешип, бир канча жолу кол курап келишти. Бирок калың элдин күчү алардын мылтыгына, найзасына, кылычына — чоюнбаш, союл, ташбараң менен жооп беришти.

Комузун коё коюп, көк союл менен Токтогул өзү эчен жолу урушка кирди.

Токтогул орто бойлуу, чымыр, бүркүт кабак, карылуу, кайраттуу киши болгон. Ат үстүнөн да, жөө да балбанга түшүп жүргөн. Токтогул өз колу менен далай манаптардын башынан кан агызган.

Токтогул сонун ыры, сонун күүсү менен гана элди эзүүчүлөргө каршы үндөнбөстөн, өзүнүн баатырдыгы, кайраты, уруштан кайра тартпаган эрдиги аркасында да элге үлгү болуп, элди манаптарга каршы сүрөгөн.

«Токтогул бизди жамандап ырдаганын койсун, келсин, жарашалы, күнөөсүн кечебиз» — дешип Дыйканбайлар бир күнү Токтогулга киши жиберишет.

Токтогул муну угуп, манаптардын абийирсиздигине, корккондугуна каткырып күлдү да, келген кишиге:

— Мен дүйнөгө эки келмек белем, манаптарга барып жалынып, намысымды кетирбейм, өлтүрсө өлүмдөн коркпойм, мына ушуну манаптарыңа айта бар — деп, жооп кайтарды.

Манаптар Токтогулдан өч алууга, Токтогулду өлтүрүүгө аңдышты. Бирок, элге таянган, эл сүйгөн, эл арасында жүргөн Токтогулду оңой колго түшүрө алышкан жок.

Ырыскулбектин балдары колдорунан келсе: биринчи окту Токтогулга атууга, биринчи кылычты Токтогулга чабууга, биринчи кордукту Токтогулга көрсөтүүгө кекенип жүрүштү.

## КАРМАЛУУ

1898-жылдын жайы. Ырыскулбектин балдары өлтүрүүгө аңдышканынан Токтогул өз жайлоосу Арымга чыкпастан, Узун Акмат суусунун аркы өйүзүндөгү Ийри суу деген жайлоого чыккан.

Кетментөбөнү жазалоо отряды ашканда эле Ырыскулбектин балдары жана башка манаптар алдынан тосуп чыгышты. Өзүлөрүнө каршы болуп жүргөн «Жети аталыктарды» карматууга киришти.

Токтогулду кармоо үчүн Керимбай манап солдаттарды баштап Ийри суу жайлоосуна жөнөдү.

Айсыз караңгы. Узун Акматтын суусу көпүрөдөн ашып кирип жаткан кез экен.

Солдаттар суудан коркушуп: «Бүгүн мында жаталы, эртең менен барарбыз»— дешип, аттарынан түшүштү.

— «Түндө барбасак Токтогул качып кетет, мен суудан силерди көтөрүп өтөйүн»— деп, Керимбай офицерге жалбарды.

Манаптар акынга ушунчалык өчөшкөн!

Таң атарда Токтогул жаткан айылды солдаттар курчап калышты.

Токтогулдун колуна кишен салышты. Атагы чыккан Сары устаны дагы кармашты. Керимбайдын көрсөтүүсү боюнча алтымыш эки кишини туткунга алышты.

Керимбай Токтогулду кекетип:

— «Тилиңдин азабын тарттыңбы?» — деп, үнүн көтөрө сүйлөдү.

Акындын өңү кубарды да:

— «Тилегиңе жеттиң, менин каным дары болсо ичпейсиңби» — деди.

Колуна кишен салынып, солдаттардын курчоосунда туруп, акын чогулган элди карап ырдады:

«Жамандыгын ырдайм деп,
Жазыктуу болдум манапка.
Жазыгы жок эченди
Манаптар чапты канатка».

Токтогулду айдап жөнөгөндө аял, эркек, кыз-келиндер көпкө чейин ээрчишип, солдаттардын кылыч менен тап берип кууганына болбостон сүйүктүү акын менен коштошту.

Акындын карыган энесинин ыйы уккан элдин муунун бошотту. Токтогулдун аялы Тотуя төрт жашар баласы Топчубайды көтөрүп буркурап ыйлап турду. Эл ыйлашты, эл кейишти.

Коштошууга келген элге акын өзүнүн айдоого кеткендеги акыркы ырын ырдады:

...«Калың эл келдиң калбастан.
Керимбай балаа болду го.
Кедейлерге жармашкан,
Ушундай кордук болобу
Эч бир кылган күнөөм жок
Эрксиз мени айдашкан».

Токтогулдун бул ырын угуп Керимбай ачуулу үн менен кыйкырды:

— «Күнөөм жок дейсиң, сенден да көп күнөө кылган киши барбы? Хан Дыйканбайга кыянат айтып ырдаганың, күнөө эмес бекен?

— «Ал күнөө эмес, актык иш, силердей элди какшатып, жетим-жесирди жеген мен эмесмин» — деп, акын дагы ырдап коё берди:

«Каршы чыгып айдатып,
Кара көзүм жайнатып...
Жибермек болду өзүмдү,
Канчалык зарлап айтсам да,
Укпады менин сөзүмдү.
Аман келсем айланып,
Алармын сенден өчүмдү».

* * *

Күн ысык. Токтогулдун колунда кишен, атка бутун таңып айдап алышты.

Кетментободон Анжиянга жети күндө жетишти. Аскалуу капчыгай, таштак жол, ысык күндө акындын жаны кыйналды. Кишен колун өйкөп, билектеринен кан акты.

Полевой суд акынды жыйырма беш жыл кесип, Сибирге Турухан крайына айдап жиберди.

## ТУТКУНДА

Токтогулдун колунан кишен алынбай алыскы жерге айдалса да кайратынан жазган жок. Турухан крайына жетержеткиче Токтогул туткундарга кайрат айтып, ыр ырдап, көңүлдөрүн ачып берди.

Айдалып бара жатканда туткундагылар адам баласы чыдагысыз кордуктарды көрүштү. Ачтан, суuктан далайлары жолдо өлүштү.

Конвойдун начальниги мас болуп алып, кишини коёндой атып салган күндөрү да болгон.

Колдору кишенге кесилип, алсырап, өлгөндөрдүн сөөктөрү көмүлбөй кала берген.

Айдаган солдаттар туткундарды аябай уруп, тепкилеп өлтүрүшкөн.

«Кайран эрлер өлгөндө
Кандай эме өлдү деп,
Кабакка сүйрөп койду окшойт,
Карга, кузгун, ит, куштар
Тарпын талап тойду окшойт,
Катуу турмуш курусун
Как ушундай болду окшойт»,

деп, акын курбуларынын өлүгү талаада калганын кейип ырдаган.

Акындын эң жакын досу Кадыраалы деген балбан болгон. Кадыраалы өзүнүн эрдиги, күчү аркасында элге таанылып, букарага каршы болгон манаптардын далайынын башын кандаган. Кадыраалы эч нерседен жалтанбаган, туура сүйлөгөн баатыр киши эле.

Токтогулду кармаганда Кадыраалыны да кошо кармашкан.

Сибирге айдалып бара жатканда бир солдат колуна кишен салынган Кадыраалыны тепкилеп урат. Бул солдат туткундагылардын баарын урган, көзүнөн заары чыккан зулум болгон.

Арстандан кайра тартпаган балбандын жанына батат. Чынжырлуу кол менен алкымынан бир апчуу менен солдатты өлтүрөт.

Конвойдун начальниги турган жеринде Кадыраалыны атып жиберет.

Токтогул айдоодон качып келгенде атактуу Эшмамбет ырчы Кадыраалыны сураганда акын мындай деп жооп кайтарган:

«Бекеттерден айланган,
Бекилип колу байланган.
Сен сурадың Эшмамбет
Баратаалы, Салбанды,
Көңүлгө алып сурадың,
Көмүлбөй жерде калганды.
Бир солдатты өлтүрсө

Атып ийген болучу
Кадыраалы балбанды.
Кызыл өрттөй залимден,
Кыбыларга ал барбы?».

Сибирге көп айда жетишти. Кар оор. Күн суук. Курсагы ачка туткундарды урушат. Кордукту көргөн акын тепкиде жатып ырдап жиберди:

...«Жез кишен бутта шылдырап,
Желкеге коёт балдырап,
Жети муштап, бир тепсе.
Кала берем туралбай,
Жетимиш мүчөм дабдырап».

Токтогулду туткундагылар эң жакшы көрүшүп ардакташат, Токтогулдун айтканынан чыгышпайт. Колунда комузу жок болсо да Токтогул күн баткыча, таң аткыча ырдап жолдошторунун көңүлүн ачат, куудул сөздөр айтып күлдүрөт.

Токтогулдар жаткан баракка орус революционерлери да келишип, Токтогулдун ырын тыңшап, тааныш болуп кетишти.

Орус жолдоштордун жардамы аркасында Токтогул балта менен сомдоп карагайдан комуз жасап алды. Комуз жасалды, кылын кайдан табуу керек? Дагы бир орус жолдош үч зым таап келип берди.

Комуз колуна тийгенде Токтогулдун өнөрү төгүлүп, туткундагыларга күндүр-түндүр эрмек болду.

«Комузду алып ырдасам
Ыйлатамын муңдууну,
Кыйноодо жүрүп картайды,
Кыргыздын мендей булбулу».

Токтогулдун мындай сонун ырлары, сонун күүлөрү туткундагылардын көңүлүн көтөрбөй койгон жок!

Жылдар өтө берди. Кара мурут агарып, туткундагылар картайып кетишти.

Токтогул орус тилин жакшы билип алды. Орус жолдоштор менен ынак болуп, аларга орусча күү чертип, орусча ырдап берүүнү үйрөндү.

— «Кезек келер, кайгырбагыла» — деп, туткундагыларга кайрат айтып, аларды үмүткө, келечекке үндөдү.

Канчалык азап тартып жүрсө да, карыптык башына түшүп, өмүрү кайгыда картайып бара жатса да акын келечекти тилеп, өзүнүн бошонор күнүн күткөн.

...«Жыйырма беш жылга кесилип,
Чынжырга бутум тешилип,
Жыгыламын баса албай
Жыңайлак таман кесилип.
Аман кайтар бекемин
Азаттык күнгө кезигип».

Падыша өкмөтү элдердин канын соруучу ажыдаар экенин, далай сонун адамдар түрмөдө саргайып жаткандыгын акын мындай деп ырдаган:

...«Колго түштүм күнөөсүз,
Кубардың кандуу кызыл жүз,
Ташка тийип кетилди.
Далай болот өткүр миз».

Мусапыр менен мундуудан
Миллион жатат түрмөдө.
Бүткөн боюн талатып
Кандала менен бүргөгө...

Токтогулдун таасири камактагылардын ортосунда күчтүү экенин билип, түрмөчүлөр акынды аябай кыйноого салышкан, өзүн жалгыз суук камерага камап, керели кечке оор жумуш кылдырган.

«Кишен салган атка окшоп
Чынжыр менен жөө басып,
Кыдыртып айдап күнүгө.
Кыйналдым кызыл өң азып.

Чымындай жаным кыйналдым
Чым оодарып, жер казып,
Эзилип кайгы, шор тарттым,
Эл-журтумдан адашып»...

* * *

Токтогулдун темирдей чың денеси бошоп, күндөн-күнгө карый баштады.

Бир күнү туткундагылар көңүл ачуу үчүн күрөш башташат. Бир жигит күрөшкө түшкөндөрдүн баарын жыгат.

— «Токтогулду салгыла, Токтогул түшсүн балбанга»— деген үндөр чыгат.

— «Кайгыда карып кеттим, баштагыдай күчүм жок, антсе да сурап калдыңар, түшсө түшөйүн» — деп, Токтогул жигит менен күрөшө кетет.

— «Токтогул, торой чал»— деген кыйкырыктар угулат. Токтогулдун чалганына карабастан жаш жигит көтөрүп чабат. Токтогул чаңга аралашып туруп келе жатып:

...«Торой, торой чал дейсиң,
Токтогулду сал дейсиң,
Тоотпойт экен чалганды,
Кайдан таптың балбанды?

Күрөшсөм дагы болгон жок,
Күчтүү нерсе койгон жок.
Алышсам дагы болгон жок,
Алдуу нерсе койгон жок»,

деп, ырдап жибергенде туткундар каткырышып көпкө күлүштү.

Туткундарды таң заардан айдап чыгып, жердин түбүндө кен каздырып иштетет, кечинде суук түрмөгө камайт. Кен казып жатканда жер көчүп, таш куланып далайлар жердин түбүндө калышкан.

Ай балтаны көтөрүп
Алтын кен казып турганда,
Аяктай таштар куланып,
Ар ким өлдү зынданда.

деп, улам акын аларды кошуп ырдаган.

Токтогул болгон жерде күлкү болгон. Токтогул куудул сөзү, сонун ыры менен туткундардын көңүлүн ачып жүргөн.

Бир күнү алтын кенин каздырып жүргөн капиталисттин инисинин кызы келип калат. Токтогулдардын жанынан эри менен өтүп бара жатканда Токтогул комузун алып, мындай деп ырдап жиберет:

«Улуктун кызы барышня,
Уялам сага барышка,
Уруксат кылсаң болбойбу
Балалайка чалышка».

Орус, кыргыз дебей Токтогулдун бул ырына көздөрүнөн жаш чыкканча күлүштү.

Кыштын оор түндөрүндө, бүлбүлдөп жанган шамдын жарыгында туткундар укташпай, санаа тартып отурушар эле.

Токтогул комузун алып камактагыларды жашытып, өзүнүн армандуу ырларынан ырдап отурчу:

«Мурутум, чачым алынбай,
Мусапыр болдум момундай,
Муңайып жүрөм Сибирде,
Бошонор күнүм табылбай»...

* * *

Айлар чубап, жылдар зымырап өтө берди. Токтогул менен айдалып баргандардын көбү өлүштү. Алыскы жер, каардуу түрмө, оор жумуш акынды алсыратты. Тиштери цынга деген ооруга учурап, кыйрап түштү. Сакал, чачы аппак болуп карыды. Алы кетти, кубаттан тайыды.

Булбул элем наалыдым,
Буудан элем талыдым,
Мусапыр болуп өткөрдүм
Мырзалык жаштын жарымын.
Муңдуу күндө көп жүрүп,
Буурул болуп карыдым — деди.

Токтогулдун жолдоштору, көбүнчө орус жолдоштору акындын карып, күч-кубаты кетип бара жатканына күйүнүштү.

— «Токтогул элине барса көп пайда келтирет. Эзүүчүлөргө каршы Токтогулдун чагылгандай үнүн эл дагы уксун, эптеп акынды качыралы» — дешип, кеңеш кылышты.

Токтогулду качыруу оңойлук менен боло койгон жок. Бир жылча аракет кылып жүрүшүп паспорт табышты.

Асманды кара булут каптаган, чыкыроон суук. Кап-караңгы түн. Курбулары менен кучакташып коштошуп, калың токойду аркалап түрмөдө жатканына он жыл толгондо акын туткундан качып чыкты.

## АЗАПТУУ ЖОЛ

Токтогулдун качып чыкканына көп болду. Күндөр өтүп жатты. Түрмөдө он жыл бирге жаткан тилектеш курбулары менен коштошкон түн — акындын көңүлүнөн кетпеди. Азапты бирге көрүп, кайгыны бирге тарткан жолдошторун таштап кетүү Токтогул үчүн эң оор болгон. Бирок, кантсин! Элге ырдоо керек, сагынган элди көрүү керек! «Токтогулду качы-

руу керек» — деп, бир жыл аракет кылган жолдошторунун тилин алуу керек!

Качып чыккан түнү калың токойдун арасына отуруп, туткунда калган курбуларын бирден көз алдынан өткөрүп чыкты да:

— О, курбулук, дүйнөдө сенден ширин бар экен? — деди.

Акын көзүнө жаш алып, апаппак болгон мурутун имерди. Туулган жери Кетментөбөгө жетер-жеткиче акын арабага түшүп, же атка минген жок. Жөө жүрдү. Эчен-эчен чер токойлорду, таштуу жолдорду, баткактуу жерлерди жөө артты.

Токтогул качып чыкканда кеч күз эле. Мына кыш түштү... Сибирдин оор карын малтап, жука боз кенеп чепкен, бутуна тартынган жөкөдөн токуган чарык менен тууган жерин көксөп келе жатат.

Жолдо кыштактарга кайрылып кайыр сурайт. Качып чыкканда карагай комузун таштаган эмес.

— «Ме, Токо, комузуңду таштаба, бул сага нан табар болот» — деп, бир жолдошу өңү кубарып шашкан акынга сунган.

Ырас эле, комуздун көп пайдасы тийди.

Комузду чертип кайыр сурайт. Кыштакка же кыштактагы базарга келип орусча бий күүсүн чертет. Арабанын жанында турган кыздар, жаштар бийлей кетишет.

«Балта менен сомдогон
Комузум оор карагай,
Ал карагай комузум.
Оокатыма жарады ай»...

деп, акын кайыр суроо менен жан багып келе берди.

Жол арбыбады. Чарыгы тешилип, чулгоолору көрүнө баштады. Кайраттуу акындын күч-кубатын мусапырчылык кетирди.

Кыш бою тынбай жол жүрдү. Жаз чыга Омский шаарына жетти. Омскийдин базарында акын казактарды учуратты.

Токтогулдун муңдуу ырын угуп, казактар чогулуп калышты. Кеч курун бир абышка акынды төөгө учкаштырып өз айлына алып кетти.

Казак айылына келгенде акын өз үйүнө келгендей сүйүндү. Тигилген боз үйлөрдү, короодогу малды көрүп, көңүлү толкуду. Кыштын алты ай жөө басып, арып-чарчаганына карабастан комуз чертип, түн жарымына чейин уктаган жок.

Казак айлында Токтогул эки күн туруп калды. Он жылдан бери ичпеген өзүнө тааныш оокаттарын ичти. Эки-үч үй сүр салышып да чакырышты.

— «Карып-арып калыптырсың, тыныгып кет» — дешти. Бирок, жерин сагынган акын көнгөн жок. Баягы төөгө учкаштырып келген абышка Токтогулга уулунун чокоюн чечтирип кийгизди. Жарым чанач актаган таруу, койдун жарты куйругун берди.

Күн чачырап айылга нурун төккөндө абышкага алкыш айтып, коштошуп Токтогул жүрүп кетти.

Дагы алыскы жол. Абышканын белеги акынды көп күнгө чейин кайыр сураткан жок.

Токтогул шаарларга, кыштактарга келгенде өзүнүн жайын айтпайт.

— «Баласыз, ботосуз бир мусаапырмын» — деп гана коёт.

Жаз кетип, жай келди. Жай кетип күз келди. Күндүн көзү көрүнбөй асманды сур булуттар каптады.

Тууган эли, өскөн жери көзүнөн учкан акын, тыным албай жол жүрүп келе берди. Өшөрлөп жааган жамгырда айдың талаада жатып калган күндөрү көп болду. Заардуу түрмөдө жатып колу-бутун кишен жеген акындын кадамы арбыбайт. Илкип, араң гана басат.

Ушунчалык азаптуу жол болсо да, акын күткөн үмүтүнөн, адамды эриткен ырынан тайган жок. Айлананы караңгылык каптап, терезелерден бүлбүлдөп жанган шамдардын оттору көрүндү.

Кыштакта узун кеткен чоң көчөнүн башынан түшүп, аягына чейин ар үйдүн терезесинин түбүндө комуз чертип ырдап чыкты. Эч ким үйдөн чыгып бир сындырым нан берген жок. Бир үйдөн бирөө баш бакты да, кайра эшигин катуу жаап койду.

Кабаган дөбөттөр акынды этектен алышат.

Суук... Калтырак басып, ырдайын десе эрди камтууга келбей калды. Көзү ымыр-чымыр болуп, жыгылып кете жаздады.

— Эми айлам не болот? Киндик кесип, кир жууган жериме жетпей көчөдө өлөмбү? Деген ой акындын мусапыр башын ого бетер кайгыга салды.

...«Калаанын баарын кыдырдым,
Кондурбай эч ким үйүнө.
Туулган карып экенмин
Кайгылуу күндүн түнүндө.

Бир күнү жатар жер таппай,
Пааналап тамдын түбүндө
Кардым ачка, каруу жок,
Калабы жаным тирүүдө»...

деди да, көзүнөн жашын төгүп-төгүп жиберди.

Айдалып бара жатканда карыган энеси, жаш баласы чырылдап ыйлаганда да көзүнө жаш алган эмес. Кыштын суугунда калтырап көчөдө туруп: «Өлөр күнүм ушулбу?» — деп, өлүм элестеп көзүнө жаш алганына акын өзү да таң калды.

«Карып болдум кайран баш,
Качан токтойт аккан жаш?
Кайраты бар жан элем
Кабыландан жалтанбас».

Бул ырды ырдады да, көзүнөн агып, сакалынан тамчылаган жашын таар чепкенинин муздак этеги менен сүрттү.

Дагы бир үйдөн кайыр суроону ойлоду. Бирок, буту шилтелбеди. Канчалык каруу кетип, суукка тоңсо да ырын токтоткон жок.

Башымды ушунчалык азапка салган бай-манаптардан өчүмдү кантип аламын? деп суукка үшүп, ачка титиреп турганда ырдады:

Ачкадан өлсөм көчөдө,
Ала карга чокуйбу
Алтындай менин башымды
Азапка салып сенделтти
Анык булбул асылды.
Кардым ачка, каруум жок
Каршы кылдың өлүмдү.
Кайта көрбөйт экенмин,
Кадыркеч курдаш теңимди,
Кайгы менен өткөрдүм,
Кайран жаштык өмүрдү.
Кашаты ак кар Алатоо
Калың кыргыз элимди.
Каргадай болгон Топчубай
Кайта көрбөйт экемин,
Карегим сенин өңүңдү.
Кармап берген залимден,
Кантип алам кегимди?!

* * *

Оор азапта, кайгы-муңда жүрсө да залимдерден кек алуусу, максатына жетүүнү оюнан чыгарбаган. Келер күндөн үмүтүн үзгөн эмес.

— «Адамдын жаны бек болот. Адам бардыгына чыдайт, ошол каардуу суук түндө өлбөй эртең менен темселеп дагы кайыр сурадым» — деп Токтогул үшкүрүп койчу эле.

Акын ушунчалык кыйын-кыстоого эптеп чыдады.

Ажалдуу кышты өткөрүп, жаздын толук убагында Таласка келди. Элдин четине келгенде Токтогулду эч ким тааныган жок. Анткени акындын сакалы агарып, баштагы өңүнөн адашкан эле. Таласта Берендер деген уруу болот. Токтогул айдоого кете электе Берендерге көп келип жүрүүчү.

Берендердин айылынын четине барып:

«Айылыма жетсем деп
Эңсеп кетип барамын,
Кетментөбө жеримди
Беттеп кетип барамын.
Керимбайдын кылганын
Кектеп кетип барамын.
Жетим, жесир калганды
Эстеп кетип барамын.
Элге барып өлсөм деп
Тилеп кетип барамын,
Кызыл тилим сайратып,
Бүлөп кетип барамын,
Өңчөй карып элдерге
Түнөп кетип барамын,
Алып учуп денемди
Сүрөп кетип барамын».

— Ырчы ырдап жатат,— деген бир келиндин үнү угулду.

— Тобо-ой, Токтогулдун үнүнө окшойт,— деген бир карыянын үнү чыкты.

Токтогул ырдап, күү черте берди. Эл чогулуп калышты. Бирөө Токтогулду тааный койду да, үнсүз-сөзсүз акынды кучактай жыгылды. Бул «Токтогулдун үнү окшойт» деген абышка эле.

— Өңүң кетсе да, үнүң кетпептир, аман-эсен келдиңби?— деп абышка ыйлай баштады.

«Токтогул» деген кабар чагылгандай тарады. Бул айылдагылар гана эмес, коңшулаш айылдагылардын бардыгы келишти.

* * *

Токтогул айдоого кеткени, көргөн кордуктарын ырдаганда көзүнө жаш албаган жан калган жок.

Берендер Токтогулдун үстүнө кийим, астына ат беришип, Бешташтын ашуусун ашырып коюшту.

Бешташка чыкканда агарып аккан Узун Акматтын суусу, акындын туулган жерлери, тааныш кырлары көрүндү.

— Кана, Токо, тээтиги көрүнгөн жондорду таанийсызбы? — деди Берендерден бирөө.

Токтогул жерин көрүп, өңүнө кызыл жүгүрүп ырдап жиберди:

«Түнөрүңкү көрүнгөн
Тууган жерим карааны,
Эңсеп барам көрсөм деп,
Эрмегим жалгыз баланы.

Кош ийри суу биздин жер,
Кой семирчүү Семизбел,
Жаткан экен аркамда,
Аманым тилеп калың эл».

## ЭНЕСИ МЕНЕН КӨРҮШҮҮ

Токтогул Бешташ ашуусун улуу шашкеде ашкан. Туйлап аккан тунук булактар, жайкалган көк шибер, миң түркүн гүлдөр, сайраган куштар акындын канча жылкы кайгы-черин жазды. Эки жагын карайт. Сүйүнөт... Баласын, энесин, айылын көрүүгө шашат. Атын кара терге түшүрүп, катуу жүрүп келатат... Жаздын күнүнүн нуру, капчыгайда жалгыз келе жаткан акынды эркелетет.

Капчыгайдын оозуна чыгып, Ултаң камыш деген жерге келди. Жашы он алтыларга келген бала учурады.

— Токтогул ырчыны билесиңби?— деп сурады Токтогул.

— Көргөн эмесмин, айдалып кеткенде мен төрт жашар элем, бирок, угуп жүрөм — деп, бала жооп кайтарды.

— Айылы кай жерде?

— Кучу суулуктар жогорулап кетишкен. Токтогулдун энеси кыштоосунда калса керек,— деди бала.

— Ой, аксакал, сиз ким болосуз, кайдан келе жатасыз?- деген баланын суроосуна жооп бербестен акын атына камчы урду.

Күн тоодон ашкан мезгил эле.

Ултаң камыштан Акчий базарына чейин созулган чоң кашка жол менен катуу-катуу теминип келе жатты. Сибирден эки жыл жөө басканынан да алыс көрүндү. Каш карайды. Көпкөк асмандан жылдыздар күйө баштады.

Чолпонатага келгенде тууган жери Сасыкжийдеге бурулду. Жүрөгү алып-учуп, сүйүнгөнүнөн, толкуганынан кыйкыргысы келет...

Мына Сасыкжийде... Мына акындын туулган жери, атасы-энеси өскөн жер. Эч дабышы жок.

Үргөн иттин үнү угулбайт.

— Эл менен илээшип, жайлоого көчүп кетишкен экен го- деп ойлоду.

Бир кичинекей үймөк чөп турат. Жок, чөп эмес үйдөй... Аңгыча болбой от көрүндү. Токтогул ыргып түштү. Атына да караган жок, үйгө кандай жеткенин билбейт...

Үйгө кирсе тып-тынч... Эки жараканын башын отко салып коюп бир кемпир отурат.

— Апа, апа,— деди толкундаган, каргылдаган үн менен.

Кемпир шашкан да жок, өөдө карап да койгон жок.

— Апа-апа, ушинтип эле менден күдөрүңдү үздүң беле?...- деди.

— Ай... деди кемпир.

Токтогул энесин кучактап жыгылды. Кемпирдин оозунан ак көбүк чыгып, эсине келалбай жатты.

— «Апаке, айланайын апаке, мен Токтогул, мен кулунуң» — деп, энесин өөп-жыттады да, минтип ырдап жиберди:

«Айланып келдим алыстан
Актоого ак сүт карзыңды,
Алдейлеп мени чоңойткон,
Апакем, аман барсыңбы?

Кемпир эсине келди... «Өңүмбү?.. Же түшүмбү?.. Чын эле сен уулумсуңбу?..» деп, Токтогулдун сакалын сылап, колун, бутун, башын жыттап жатты.

Энеке, ыйлаба, сенин ак сүтүң алып келди. Тотуя менен Топчубай кайда?— деди.

— Кемпир Токтогулдун мойнунан кучактап турган колун бошотту да:

— Аялың эрге тийип кеткен, Топчубай болсо...

«Топчубай болсо» деген сөздү калтырап араң айтты да, буркурап ыйлап жиберди.

— Карыган энемдин муунун бошотпоюн, болор иш болуптур, энеме кайрат берейин,— деп, ойлоду.

— Энеке, менин аман келгениме кубан, бала деген табылат, эрге тийген катын жерге тийсин,— деп, бир түрлүү кайрат менен сүйлөдү.

Энесинен эл-журттун, курбу-курдаштарынын амандыгын сурап таң атканча кирпик каккан жок.

Эртеси беде сугарабыз деп келген жигиттер Токтогулдун келгенин элге кабар кылышты.

«Токтогул келди» деген сүйүнчү кабар бүтүн Кетментөбө элине куюндай тарады. Токтогулдун келгенин той болуп жаткан жердегилер да угушту.

Тойду таштап, тартып жаткан улагын таштап, алкымдагы элдин баары Сасыкжийдеге чаап келишти.

Токтогулдун келиши эл үчүн турмушундагы болбогон окуяга айланды.

Келгендердин бардыгы акын менен кучакташып көрүштү, сүйүнгөнүнөн шолоктоп бакырып ыйлагандар көп болду.

Кетментөбөнүн ал бурчу менен бул бурчунан эл дарыядай агылып келип, сүйүктүү акын менен учурашып жатышты.

Атына минди да чогулган калың элге акын мындай деп ырдады:

...Эңсеген элим аманбы?
Ээгимде сакалым,
Элсизде жүрүп агарды.
Булбулуң элем сайраган.
Муңканып айтам саламды.
Азабын тарттым баланын.
Көрбөдүм алтын жамалын.
Башкага тийип кетиптир.
Башында сүйүп алганым.
Азапта башым кор болуп,
Арылбады арманым.

Токтогулдун бул ырын укканда элдин баары жашып, баштарын жерге салышты.

Кайгымды айтып элди көп эле кейите бербейин деди да:

«Эңсеп жүргөн ажырап
Элим, аман барсыңбы?
Ээрчип өскөн жашымдан
Теңим, аман барсыңбы?
Кызыл кыргак тартынган
Келин, аман барсыңбы?
Мен кеткенде аркамдан,
Чыккан, аман барсыңбы?
Кулак салып ырымды
Уккан, аман барсыңбы?

Канча жылы көрбөгөн,
Калкым, аман барсыңбы?
Токтогул деп кайгырган
Жалпың, аман барсыңбы?»

* * *

Чогулган элди бай-манаптарга жана падышачылыкка каршы үндөө үчүн биринчи учурашкан ырында эзүүчүлөрдү элге жек көрсөтүп ырдады:

«Каршылык менен кармалып,
Калкымдан кеттим зарланып,
Калың кыргыз элиме.
Кайтадан келдим айланып.

Душманга кеттим байланып,
Тууганым көрбөй зарланып,
Тушалуу тулпар өңдөнүп,
Жүргөмүн анда саргайып.

Элдин аягы үч күнгө чейин үзүлгөн жок.

Баласы жана жалгыз иниси өлүп, аялы башкага тийип кетиши — акындын башына кайгы салды. Бирок —

«Кейибейин кеткенге,
Өкүнбөйүн өлгөнгө.
Мен ыраазы боломун
Эл-журтумду көргөнгө»,—

деп, өзүнө кайрат айтты. Элди аман көргөнүн эч нерсеге теңебеди.

Үч айдан кийин Зейдимканга үйлөндү.

## ЭКИНЧИ АЙДАЛУУ

Токтогулдун келгенин манаптар көрө алышпады.

-Акталып келген кагазыңды көрсөткүн,— дешип Токтогулга жасоолдорун жиберишти.

Манаптар болуштук талашып: «Токтогулду ак падышага кыянат кылган кишини багып жүрөт дешип» Ыса дегендин үстүнөн арызды жаадыра башташты. Ошол кездеги Арым болушуна караштуу Добулбек, Ажыкан, Кайназар деген манаптар Токтогулду кармоого аракет кылышты.

Иттин үнү угулса
Эшикке чыга жүгүрөм
Илгерки жорук келет деп,
Ичи бузук бир душман
Имерип кармап берет деп.

Токтогул бекинип жүрүп, акыры Таласка качып кетти.

Таластан кайра келсе, манаптардын дуусу дагы эле басыла элек.

— Бекинип жүрбөйүн, арзымды элге айтайын, өлсөм да эл менен өлөйүн — деп, ойлоду акын.

Арым жайлоосунда Тойаалы бий дегендин ашына Кетментөбөлүктөр бүт чогулушту. Кагыраган манаптар, бийлер келишти. Өгүз менен кедейлер, жөө жүргөн жалчылар келишти.

Күркүрөп аккан суунун боюндагы көк тектирге кумурскадай кайнаган эл чогулду.

— Элге барайын — деп, Токтогул атына минип жөнөдү.

Токтогул келгенде эл жарыла берди. Эми кармайбыз го,— дешип манаптар камданып турушту.

Акын элдин ортосуна туруп кадимки булбул үнү менен ырдап коё берди:

«Салам бердим сагынып,
Санаадар жүрөм жабыгып,
Сары ооруган эмедей,
Санаа тарттым камыгып.

Жашынамын күндүздө,
Жаңы келген келиндей,
Жарк этип көпкө көрүндүм,
Жазгы келген келгиндей.
Калың журт сага көрүндүм,
Качып жүрөт дедирбей.

— Токо, бали, Токо! — Ыракмат — деген калың үндөр угулду. Кармайбыз деп турган манаптардын баштары жерге кире түштү. Эл Токтогулду абдан сүйөөрүн, эгер Токтогулду кармайбыз десе, эл манаптарды ортого алып сабап жибереерин куу манаптар туюна түшүштү. Атчан, өгүзчөн, жөө кишилер ырдап турган акынды бузулбас коргондой тыгыз курчап алышты.

Бутумда кишен салынган
Мусапыр элем жөө баскан,
Муунумду сары суу алып,
Бурулуп кызыл өң азган,
Колдо зоолу чынжырчан
Шалдыратып, жер казган.

Эл-журтум сага чоң намыс
Эми да кайта адашсам.
Элирчүү күлүк мен элем
Эки тердеп таң ашсам,
Эсен калар бекемин
Эл-журтум мага карашсаң!

Курчаган калың элим сен,
Куткарат деп кишенден,
Кор кылбайт го эми деп,
Кургуруң Токоң ишенген.
Толкун суудай көпчүлүк
Толкусаң тоого күчүң тең.

Кайгыга башың түшкөндө
Кадырыңды эл билет.
Калың элге арзымды
Айтып турам белгилеп...

Булбулу элем өөнү жок,
Кулаалы кууган чымчыктай
Корголоп жүрөр жөнүм жок,
Кайра торго чалынбай,
Капканга бутум чабылбай,
Кутулам деп көөнүм ток.

— Ырас, Токо, биз турганда кадырың жам болсуң,— деп жөө турган абышка күлүмсүрөп келип, Токтогулга чакчасын сунду.

— Биз өлбөй турсак Токоңду кантип кор кылалы — деп дагы бирөө топтун ичинен үнүн катуу чыгарды.

Эл толкуп турганда, эл Токтогулду жылуу жүз менен курчап турганда колдорунан эч нерсе келбей турганын манаптар сезишти: «Токтогулдай ырчы барбы?» — дешип ырсалактап күлүштү.

Элдин кубанычтуу тосконуна Токтогулдун көөнү көтөрүлүп, шаңкылдап дагы ырдады.

Манаптар Токтогулду кармоодон элден коркушту.

Бай-манаптар Токтогулду кас санаган, кайнаса каны кошулбаган душманы катарында таанышкан. Алардын зулумдугун, абийирсиздигин ачып ырдаган Токтогулдун ырынан кандай болсо да кутулууга тырышышкан. «Ак падышанын душманы Токтогул ырчы Сибирден качып келип, дагы падышага каршы, падышанын кишилерине каршы ырдап жүрөт» дешип манаптар чогулушуп найыпка (приставга) билдиришкен. Кагаз менен гана эмес, ат арытып жасоолдорун чаптырышып, Токтогулду тез кармоону талап кылышкан.

Жайды Токтогул тынч өткөрдү. Айыл-айылга ырдап, элдин көңүлүн ачты.

Эл жайлоодон кайра тартты. Жай кетип, күз жетти.

Күзүндө Токтогул өзүнүн кыштоосуна келип конду. Ит абалап, аттардын дүбүртү угулду. Токтогул ордунан ыргып турганча, үч жолу тапанчанын үнү угулду.

— Элге кабар жеткир — деп, Зейдимканга шыбырады.

— Токтогул, барсыңбы?

— А, бармын.

— Чык!

Чапанын желбегей жамынып жыңайлак эшикке чыкса, аттарын солутуп, шаптай болгон он чакты киши үйдү курчап турушкан экен. Байланган кылыч, асынган мылтыктары бар.

— «Мени чоң кол жиберди, сени айдап кетем»— деди бирөө. Чоң кол деген найып болгон. Кишилерди уруу аркасында Чоң кол аталган. Чоң колдун зулумдугун Токтогул угуп жүргөн.

Эл келгенче эптеп алаксытайын деп ойлоп:

— Түшкүлө, балдар, тамак астырайын. Мен качмак белем,— деди Токтогул.

— Тамагыңды иче турган биз эмес, аттан! — дешип шаштырышты.

Эл туюп калса Токтогулду бошотуп аларын, чоң жаңжал чыгарын билишип, эки-үч полицейскийлер бар экен, кылычтарын суурушту.

Зейдимкан элге кабар айткыча жайдак атка мингизип акынды айдап жөнөштү.

Колдоруна келтек алып, курчап келишкен бир топ жигиттер акындын ордун сыйпалап таппай калышты.

Чыңырып ыйлаган Зейдимкандын үнү караңгы түндүн тынчтыгын бузду.

Аттын тизгинин жыйбай чаап жүрүп отурушту. Узун Акмат суусун кечип, Кабак капчыгайына киргенде таң атты.

Айдагандарды Токтогул тегерете карады. Үч полицейскийлер, калгандары кыргыздар экен. Көк боз ат минген семиз кара жигитти Токтогул тааныды. Бул Осмонбек болуштун уулу Жуманаалы болучу.

— Найыпка жакшы көрүнөйүн дегенсип да, мени кармап бербесеңер деле силерди найып жакшы көрөт ко, атаң Осмонбек падышадан чин албады беле — деп, Токтогул какшыктады.

— Падышанын каарына калган сени кармабагандачы — деп, Жуманаалы атына камчы басты.

Кабактын капчыгайына кире бериште, Шалпылдак деген көк тиреген бийик зоо бар. Бул зоонун боорундагы бир таман жолдон чубап өтүүгө туура келди. Аттын туягы, адамдын буту тайып кетсе, урган таштай күүлөнүп барып сууга түшөт да жок болот.

Мына ушул Шалпылдак зоосуна келгенде:

— Токтогулдун эки бутун атка таңып, колун аркасына байлагыла,— деди Жуманаалы.

Полицейскийлер атчан өтүүдөн коркушуп жөө өтмөкчү болушту. Жуманаалы дагы атынан түшүп алды.

Менин колу-бутумду эмне таңасыңар, балдар, качмак белем — деп, акын муңайды.

— Жаны күйгөн эме зоодон боюн таштап жиберет — деп жатабыз, деди бир жигит.

Токтогул жылмайып күлдү да:

— Өлүмгө өзүн жиберүүчү мен эмес. Эл-журтум, жаңы алган жарым калды. Бала көрүп, өмүр сүргүм келет,— деди.

Ушул күнү Токтобек деген кыштакка келип конушту.— Токтогулду уй камаган тамга киргизип, эки кароолчу кайтарып турушту.

Калың эл чубап келип, тамдын тешигинен Токтогулду көрүп жатышты.

— «Кайран киши, кор болду да» — дешип, кайгырышты.

— Атаң болуш, көргөнүң жакшы, Токтогул качпайт, биз кепилге алалы, тамга камалбай үйгө эле отурсун да, дешип, эл Жуманаалыдан тиленишти. Дөөлөтүнө көпкөн Жуманаалы элдин суроосун тыңшабады.

Ошондо Коргоол ырчы жаңыдан ырдап жүргөн бала кези. Коргоол дагы тешиктен Токтогулду карады. Коргоолдун колундагы комузун көрүп:

— Ой, балам, комузуңду бери сун,— деди.

Коргоол комузун тешиктен узатаарда:

— Жогол мындан! — деген кароолчунун ачуулу үнү чыкты. Коргоол комузун кайра тартып алды.

Токтогул тешиктен чогулган элге: «Эл-журт, болуштун баласына айтсаңар, коркпой эле койсун, комуз менен чапкан киши өлбөйт» деп, күлүмсүрөдү.

— Токомдуку чын, комуз менен кароолчуну чаап өлтүрмөк беле, дешип эл чурулдашты.

Жуманаалыга жалбарып жатышып комузду Токтогулга сунушту. Бирөө Токтогулга соку алып келди. Бирөө эки көмөч киргизди.

Токтогул сокунун үстүнө олтуруп алып, өзүнүн атактуу «Кербезин» чертти.

Толгоп тарткан кыл аркан
Тор кашка аттын кермеси,
Топ жыйында сайраткан
Токтогулдун кербези.
Толкун жашың өткөн соң
Толгонуп кайра келбеспи.

Таң атканча эл Токтогул камалган тамды тегеректешип сүйкүмдүү акындын миң кубултуп ырдаган ырын, чебер кайырган күүсүн угушту.

Эртең менен Токтогулду дагы айдап жөнөштү. Эл чубап, ээрчип жүрүп отурушту.

Токтогул элди жашытып, өзүнүн эки жолу айдалганын, азапта жүрүп картайганын ырдады.

...Азапка эки барганым
Арамдар түндөп кармадың,
Кол-бутум байлап алыска,
Көркоолор мени айдадың.

Зыркырап ыйлап сен калдың,
Зейдимкандай алганым.
Манаптар мага кас болуп
Падышанын түштүм торуна,
Байкуштук тартып алтын баш
Байландым азап жолуна,
Жандарма, төрө залимдер,
Жаралган менин шорума.

Канаты түшкөн шумкардай
Уча албадым Токтогул.
Каргашалуу душмандан,
Өч албадым Токтогул
Туткундан жаным бошонуп
Кете албадым Токтогул,
Залимден кармап кегимди
Ала албадым Токтогул.
Зар заманда жайчылык
Таба албадым Токтогул.

Айдалып жүрүп туткунда
Алсырап кетти каруум,
Аргымактай жүгүргөн.
Асыл элем талыдым.
Алмадай болгон кайран баш
Азапты тартып карыдым.

Токтогулду айдап барып Наманген түрмөсүнө камашты.

Эл өз акынын туткундан бошотууга мал-жанын аяшкан жок.

Ошол кезде жаңыдан ырдап жүргөн Калык ырчы өзүнүн устатын бошотууга аянбай киришти. Айыл-айылды, жыйын-жыйынды кыдырып, Токтогулду бошотуу жөнүндө ырдады.

Элдин күчү менен акын төрт айдан кийин кутулуп келди.

## УЛУУ ПАТРИОТ, УЛУУ ГУМАНИСТ

Токтогулда адамдын эң жакшы сапаттарынын баары болгон. Патриотизм, гуманизм, чындыкты сүйлөө, акыйкатты сүйүү — улуу акындын кебелбес сапаты эле.

Токтогул жаш кезинде эле жапакеч*, шайыр, кишинин көөнүн калтыруудан жазганган, адамга жаман сүйлөбөгөн бала болгон. Ошол сапаты өлөр-өлгөнчө сакталды.

---

* Кичипейил, адамгерчиликтүү деген мааниде.

Токтогул өзүнүн жерин, өзүнүн элин сүйгөн улуу патриот болгон...

Элге жетүү, элдин арасында жүрүүнү акын чоң таалайым деп, эсептеген. Элиме учуп жетүүгө канатым болсо деп кыялданган:

«Канатым болсо учканга
Калкымды көздөй сызууга,
Кара темир коргонду
Каруум болсо бузууга».

Камалып жаткан темир коргонду бузуп, карчыгадай учсам деген ой акындын көңүлүнөн кеткен эмес.

Өз жерин, өз ата конушун акын эч нерсеге теңебеген. Туулган жерин сүйгөн, «Сөөгүм туулуп өскөн жеримде калса экен» деп тилеген. Он жыл сүргүндө жүрүп, кайра келгенден кийин да манаптар экинчи жолу карматышарын билип, Токтогул элге мындай деп ырдаган:

...«Калың эл кылып жардамды
Калтырсаңар жаныңда,
Карыган кезде тентитпей
Калса экен сөөгүм Арымда».

Өз жеринен, өз элинен ажыроо акын үчүн оор кайгы болгон.

Колу-буту кишенделип түрмөдө жатса да, азапты тартып картайса да бир минутка жерин, элин эсинен чыгарган эмес.

...«Калың кыргыз элиме,
Канатым барбы учарга»

деп, ар ырында, ар сөзүндө айтып жүрдү.

Сүйгөн жеринен, тууган элинен ажыраткан бай-манаптарга, падыша бийлигине наалаттар айтты:

«Сары дарак жеримди,
Сагындым кыргыз элимди,
Сагынган менен бошотпой
Залимдер кести демимди.

Кара дарак жеримди,
Кайрылып көрсөм элимди,
Кайгырсам да бошотпой,
Кара жүрөк залимдер
Кайыштай кести демимди».

Падыша заманы эл үчүн, Токтогулга окшогон элдин ыр-

чылары, элдин баатырлары үчүн шумдуктуу, заардуу экенин акын тайманбай ырдаган:

Элим мында, мен анда,
Биздин шумдук заманда,
Калкым мында, мен анда,
Кайгырдым шумдук заманда.

Бай-манаптардын зулумдугун, алардын киши жегичтигин, бай-манаптар элдин жоосу экендигин акын жазганбай ырдаган.

...«Бай курусун титирейт,
Малайдын акын бүт бербейт,
Манаптын алкы бузулду
Мал ордуна киши жейт,

Манап менен байларга
Мындан көөнүм ишенбейт,
Букарадан тың чыкса
Буту-колун кишендейт» —

деп, өмүр бою бай-манаптарга көөнү ишенбегендигин, аларды жек көргөндүгүн акын айкын-ачык айта жүрдү.

Элге ишенүү, элдин күчүнө ишенүү — Токтогулдун негизги касиети. Элге, элдин күчүнө эч кандай кара күч теңеле албагандыгын, элдин күчү аскар тоодой чың экендигин адилдик менен ырдаган.

«Толкун суудай көпчүлүк
Толкусаң тоого күчүң тең».

Токтогулдун бул ыры эл жөнүндө айтылган дүйнөдөгү эң сонун акын, жазуучулардын ырларынын катарына кирет.

— «Эл үчүн эмгек сиңирүүдөн, эл үчүн курман болуудан артык эч нерсе жок» — деп акын ар качан ырдачу:

«Эмгек этип жашыңда,
Элге жаксак ал кызык» —

деп, Токтогул элге эмгек сиңирүүгө үндөгөн.

Экинчи жолу камактан бошоп келгенде, тосуп чыккан көп элди көрүп, акын кубанып ырдады:

...«Күлүк элем талыбай
Күрпөң-күрпөң жүгүргөн,
Күкүктөй болгон кайран баш

Көрбөйм деп элден түңүлгөн,
Бак-таалайым бар экен
Баарыңды көрдүм бүгүн мен».

Элди канчалык сүйгөндүгү, акын элди таалайым, багым деп тааныгандыгы жогорку ырында ачык көрүнөт.

Улуу акын-патриот Токтогулдун өз өлкөсүн, тууган элди, жерди сүйгөндүгү жаш муундарга үлгү болуп түбөлүккө калат.

Токтогул бай-манаптарды, төрөлөрдү жек көргөн. Аларды «киши жегич», «көркоо» деп, ырдаган.

Эл үчүн, эмгекчи эл үчүн Токтогул улуу гуманист болгон.

Токтогулдун адамды сүйгөндүгү, боорукердиги эң бийик турган.

Токтогулдун улуу гуманист экендигине, ушул темада ырдалган анын толуп жаткан сонун ырлары далил болушат. Акын «Өмүр» деген ырында мындай деп ырдайт:

«Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр этпөс болсочу,
Жаш ка ажал келбес болсочу.
Жак ны адам өлбөс болсочу».

Токтогул өмүрг › кандай кең карагандыгын, адам баласына узун өмүр тиле: ендигине, бул күбө боло алат.

Токтогул алг: сермелген, келечекти кең ойлогон, келечектен шексиз үмүт кылган, тилектүү, ойлуу, прогрессивдүү акын экендигин төмөнкү ыры көрсөтөт:

«Картаң өмүр жыйырма беш,
Жашка барар болсочу,
Кайран жашты кол менен
Жасап алар болсочу».

«Адамдардын өмүрү узун болсо, карыны жашарта турган заман келсе» деп, эң сонун айткан.

Түрмөдө он жыл жатып, эки жыл жөө басып, он эки жыл дегенде үйүнө келсе, жалгыз баласы өлүп калганда:

«Карып атаң келди де п.
Эстетер дүйнө болсоч',
Караңгы көрдөн чыг: рып
Көрсөтөр дүйнө болсочу» —

деп, муңайып ырдады.

«Ай өлүм, сага да кезек келер» — деп өкүндү.

«Адамдын көөнүн калтырба, курдашыңдын кадырын бил», — деп элди гуманизмге, кишини сүйүүгө үндөгөн:

«Бирди тапсаң кийип өт,
Бирди тапсаң минип өт,
Жаш күнүңдүн ыраатын
Жалтанбастан сүрүп өт.
Кубанышып бир жүрүп,
Курдаштын көөнүн билип өт!

Жабдыктын көркү жоргодо.
Жаназа, дороон молдодо,
Жаман адам чырылдап
Жакын болот олжого,
Жабыгып жүрсө жигитти,
Жакырсың деп кордобо!

Жардылык, байлык кимде жок
Жардысың деп демитпе,
Жамандашып эр жигит
Бириңди-бириң кемитпе!
Кары да бол, жаш да бол
Кадырлашкын тирүүңдө,
Калатко бир күн алтын баш
Казылган көрдүн түбүндө».

Акындын жогоруда келтирген ырлары гуманизмдин чокусунда турат.

Ынтымак болсо гүлдөй тургандыгын, эл бирдиктүү болсо, эч кандай душман жеңе албастыгын мындай ырдаган:

«Ынтымак болсо калкыңда,
Душманыңдан тартынба,
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында.
Күжүрмөн эрдин күчү өтөт
Күмүш менен алтынга,
Күчүң барда, эр жигит
Күмүш өңдүү жалтылда».

* * *

Токтогул элди эмгекке, жакшылыкка үндөгөн, жаш жигиттерге айткан санатында:

«Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит эп сүйлөйт» —

деп, жаштарды тартипке, акылга чакырган.

«Суктанбагын сулууга,
Уят айтпа улууга» —

деп, жигиттерди адамгерчиликке, сыпайылыкка үндөгөн.

«Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач,
Бузук менен муңдашпа,
Уяттуу менен ымдашпа» —

деп, акын элди жаманчылыкка, бузукчулукка, бекерчиликке, жалкоочулукка каршы чакырган.

Токтогул турмушту, анык акыйкатты, чын болгон жана боло турган ишти ырдаган. Мына ошондуктан анын ырлары элге жагымдуу, салмактуу, көркөмдүгү жогору болуп чыккан.

Токтогул өмүрүнүн көбүн кайгыда, муңда өткөрдү. Колубутуна кишен салынып сыздуу, караңгы түрмөлөрдө жатты. Мына ушуга карабастан Токтогул шайыр акын болгон.

Токтогулдун күүлөрүндө, ырларында адамгерчиликтин эң жогорку шайырдыгы (оптимисттиги) окуучуну шаттандырат. Түрмөлөрдө жатып кайгырып ырдаганы, арман айтканы адамды артка (пессимизге) сүйрөбөйт. Токтогулдун арман ырлары эски заманды, бай-манаптарды жек көрүүгө үндөйт.

Боздотуп урат баспасам
Бүткөн бой терге тешилип,
Бошонор күнүм бар бекен,
Боштондук күнгө кезигип! —

деп, азаптуу турмушта жүрсө да келечекти тилеп, келечекке ишенген.

Токтогул өзүнүн карып кеткендигин ошол замандагы муңдуу күндөрдөн, эзүүчүлөрдөн көрөт. Токтогулдун «Арман» ырлары өзүнүн керт башындагы кайгысын айткандык эмес, ошол убактагы булбулдарды муңга салган бай-манаптарды жек көрүп айткандык.

«Канчалык кайгы тартып жүрсөң да күлүп үйрөнгүн» — деп, элди үндөгөн.

«Кайгы адамды өлтүрөт,
Кайгырса адам эскирет»

деп, шаттыкка, шайырдыкка, өмүрдү көңүлдүү өткөрүүгө чакырган.

Токтогулдун санат ырлары, үгүт ырлары, үлгү ырлары биздин жаштарды тарбиялоодо, аларды коомдун сезимдүү кишиси кылууда эбегейсиз пайда келтирет.

Токтогулдун ырлары — поэзиянын тунугу, кыргыз улут адабиятынын эң бийик чокусу.

## ТОКТОГУЛДУН ДИНГЕ КӨЗ КАРАШЫ

Токтогул динсиз болгон эмес. Анын деңгээлинде, заманына караганда да Токтогулдан муну талап кылуу ката болор эле.

Токтогул акыйкатты ырдаган акын болгон.

— «Туура айтпаса акындык бекер»— деп, ар качан чындыкты ырдаган.

Дин аркылуу элди алдаган, арын, намысын дин аркылуу саткан диндин өкүлдөрү — эшендерге, молдолорго, калпаларга каршы үн чыгарып, алардын диндин көшөгөсүндөгү абийирсиз кебетелерин элге көрсөтө ырдаган.

Бир манаптын үйүнө калпаларын ээрчитип эшен келет.

Токтогул эшендин үстүнө барат. Манап Токтогулду ырдоого буйрат.

Токтогул эшен менен бай-манаптар тилектеш экендигин, эшендин башындагы ак селде — элдин көзүн боёчу нерсе экендигин — эшен дагы бай-манаптарга элди талай турган киши экендигин тартынбастан мындай деп ырдаган:

Эл ичинде кыдырган
Эшен болот дечү эле,
Элден алдап албаса
Кесел болот дечү эле.

Эшен менен энчилеш
Калпа болот дечү эле,
Аркасында асынган
Калта болот дечү эле,
Ажалга бербей байларды
Калка болот дечү эле.

Арабызда азгырган
Алдамчы бар дечү эле,
Туура сөздү билбеген
Жалганчы бар дечү эле.

Акыретти сүйлөгөн
Акылмандар ушубу?
Байгамбарлар баш ийип,
Чакыргандар ушубу?

Кара оокатка калп айтып,
Сатылгандар ушубу?
«Балакеттер кайда» деп
Бакыргандар ушубу?

Эпчилдик менен эшендер
Элден алып жейт экен.
Жалган сөзду апыртып,
«Баарын билем» дейт экен.

Ак элечек оронгон
Алдамчынын шерти экен...

Токтогулдун жогорку ыры эшенди элдин көзүнө жек көрсөтүп, дин кызматкерлеринин бетин ачкан.

Кузгунча куркулдап, аш берген, той берген, өлгөн, туулган жерди улап дүнүйө жыйнап жүргөн эшен, молдолордун үстүнөн акын күлгөн:

...«Эшендин көөнү зикирде,
Уруунун көөнү пикирде,
Орозодо молдолор
Обдулашат битирге».

Диндин өкүлдөрүн Токтогул желмогуздай көргөн. Акындын турмушунда болгон бир кызык окуяны келтирели:

Кетментөбөнүн Торукен деген жеринде Жайлообай деген той берет. Бул тойго Токтогул менен Эшмамбет барышат. Папы деген калпа дагы барат. Папы калпа өзүнүн митаамчылыгы, калптыгы менен өзүн «олуямын», деп жар салып жүргөн. Өзүнүн балиттиги аркасында котон жара менен ооруп, мурду маңка болгон.

Келиндерге, жаш балдарга дем салам деп, алардын оозуна түкүрүп, далай кишилерге өзүнүн оорусун жугузган. Мына ушул Папы калпа ырчыларга укмуштуу ушак жүргүзгөн.

— «Ырчы шайтандын канаты, ырчыга бергениңер акыретте өзүңөрдү жылаан болуп чагат, берсеңер: калпа, молдолорго бергиле» деп элди ырчылардан жат кылууга тырышкан. Калпаны манаптар, бийлер кубатташкан. Калпанын айтып жаткан ушагын Токтогул менен Эшмамбет угуп турушат. Калпа сөзүн бүткөндө эки ырчы тыштан ырдап коё беришет:

Эшмамбет — Ээси бар киши калпамай,
Токтогул — Элдин малын кызганган
Этексиз чирик маңкамай...

Калың эл дуулдап күлүштү. — «Койгула, калпага шек келтирбегиле» — деп, Эшмамбетти бирөө жетелеп кетти. Токтогул күчөп ырдай берди:

Тескейде теке тарпыны
Теңирим кушка жем кылган,

Теңирейтип мурдуңду,
Теңтушуңдан кем кылган.

Курбуда теке тарпыны
Кулаалы кушка жем кылган,
Курт түгөтүп мурдуңду
Курдашыңдан кем кылган.

Чымчууга келбейт мурунуң,
Чымын-чиркей таласа
Чыңырып ыйлап курудуң.

— «Ой, Токтогул жарыба, тукумуң экөө болбосун» — деп калпа курун мойнуна салып тетири бата берди.

— «Олуя болсоң мурдуңду айыктырып алсаң» — деди Токтогул. Акындын бул ырында: диндин шерменде өкүлдөрүн заардай көрүп, аларга кезенгендиги көрүнөт.

## ТОКТОГУЛДУН ОКУУЧУЛАРЫ

Токтогул өз өнөрүн балдарга үйрөтүүнү эч качан көңүлүнөн чыгарган эмес. Ырас эле бул маселеде улуу акын жаңылган эмес экен. Токтогулдун бүтүн кыргыз элине атагы чыккан ондогон окуучулары бар. Алар Токтогулдун ырларын, күүлөрүн өзү айткандай, өзү черткендей кылып аткарышат...

...Токтогулдун алгачкы окуучуларынын бири — атактуу Калык. Токтогул айдоодон келгенде ал жаңы ырдап жүргөн бала болот. Токтогулду экинчи камактан бошотууда Калык аянбай киришкен.

«Балада болсо багым тең,
Жашта болсом жаным тең.
Жанаша жүрүп Токтогул
Жакшылап алсам үлгүңдөн» —

деп, Калык, Токтогул менен бирге ырдап, бирге жүргөн.

Улуу акын Токтогулдун анык шекирти Калык ырчы Токтогулдун ырларын эчен жыл бою унутпай сактап жүргөн. Токтогулдун ырларын ырдап, улуу акындын эмгектерин жыйноодо Калыктын эмгеги чоң. Калык Токтогулдун шекирти жана курбусу болгон.

Кыргыз элинин белгилүү акыны Алымкул дагы Токтогулдун шекирти.

— Бул өнөрдү ала кетмек белем, үйрөнүп калгыла балдар — деп, ар качан айтып жүргөн. Ырга ыктуу, комузга шыктуу балдар болсо ээрчитип жүрүп ыр, комуз үйрөткөн.

— «Токтогулдун ыры, Токтогулдун күүсү» — деп, жүрсөңөр болду — деп, айтып калуучу эле.

Алымкул биринчи жолу Токтогулду көргөндө сүрдөп, үйгө кире албай турганда Алымкулдун чоң акын болорун билип, Токтогул мындай деп ырдаган:

«Учурашып көрбөстөн
Уялып мынча сүрдөдүң,
Балдарга калса бул өнөр,
Башынан ушул тилегим!»

Бардык билгенин жаштарга үйрөтүүнү — Токтогул өтө терең касиеттүү милдет катарында караган.

— «Өлүп калсам өнөрүм кошо кетет. Андан көрөкчө алтын өнөрдү артыма, балдарга калтырайын» — деп, күндүр-түндүр шыктуу жигиттерге комуз, ыр үйрөткөн.

Алымкул менен учурашканда «өнөрүмдү толук үйрөнүп кал» — деп, жаш ырчынын көөнүн көтөргөн:

Уяты болот жаштын да,
Учурашпай качтың да.
Уялгандан пайда жок
Узатпай ордум баскын да!
Жаныма отур бөбөгүм,
Жаңшачы, жөнүң көрөйүн,
Жаш болсо кетти эскирип,
Жаш балам сага берейин.
Акылың болсо билээрсиң,
Айтканым түгөл илээрсиң,
«Акын Током сөзү» деп,
Айтып ырдап жүрөрсүң.
Комузга колум ойногон
Улардай сайрап отурсам,
Уккандар сөзгө тойбогон.

Таасын күлүк жан элем
Ташыркап бутум жойбогон.
Талаптуу жаштар алса деп,
Тилегим ушул ойлогон.

Күзгүдөй бетти чаң алып,
Күн тийбеген чукурда
Күнөөсүз жаттым камалып.
Күйүт менен көп өттү,
Күлүүчү-жаштык-балалык.
Туулган шордуу жан экем
Кайгылуу күнгө жаралып,
Ээрчип жүр, балам, алып кал.
Эсилим Током сөзү деп,

Элде калсын таралып,
Кургурдун сөзүн алып кал,
Курсакка кетер камалып.

* * *

Жаңы ырдап чыккан ырчылар, жаңы үйрөнүп жүргөн комузчулар Токтогулдан үлгү алып, Токтогулдун өнөрүн үйрөнүүгө кумар болушкан.

Буга Алымкулдун Токтогулга ырдаган ырын далил кылууга болот:

Күлүгү элең адамдын,
Күлдү кыргыз көп элдин
Күлпөтүнө жаралган,
Күнөөсүз элден айдалып
Күйдүң далай камалдан,
Күрдөөлүү кыргыз эл көрдүң
Күйүтү чыгар санааңдан,
Улардай сайрап отурсаң
Уккандын чери таралган,
Жүрөгүм эңсеп сагынып
Жүргөнсүң чыкпай санаамдан,
Тартип көрсөм дечү элем,
Таңшыган сиздей адамдан.

Кумар элем даңкыңа,
Куштай учуп айланып,
Бир келипсиң калкыма.
Атагың дайын белгилүү
Ак калпак кыргыз жалпыңа,
Элиңе Токо кеткиче
Ээрчийин калбай артыңа.
Адашпай түшөр бекемин,
Акындыктын салтына.

Кол ойнотуп күү чертсең,
Комузга, Током, устасың.
Алып жүрүп көрсөткүн
Акындыктын нускасын.
Токтолбой ырдап жүрөмүн,
Токтогул болсо устатым...

Акындан нуска албаса,
Айтканымды ким билди.
Алсам деген тилек бар,
Акын Токо, үлгүңдү.

Алымкулдун ырын угуп, анын келечеги кең экендигин сезип картаң акын кубанып ырдады:

«Өнөрүм калса дечү элем,
Өзүңө окшош жаштарда,
«Акын Током сөзү» деп,
Айтып жүр сөздү баштарда».

* * *

Токтогулдун шекиртинин бири Кыргыз комузчуларынан Атайды бөтөнчө айтып кетүүбүз тийиш. Атай өзүнүн шыктуулугу, таланттуулугу аркасында карт комузчунун күүлөрүн үйрөнүп, өзүнүн өнөрүн арттырган.

Комуз жагынан Токтогулдан үлгү алгандардын бири Атай. Атай Токтогул менен бирге көп жүргөн. Токтогулдун күүлөрүнүн көбүн үйрөнүп калган.

Кетментөбөдөгү Коргоол ырчы да Токтогулдун ырларын, күүлөрүнүн көбүн үйрөнүп калган.

Булардан башка да Токтогулдан үйрөнгөндөр толуп жатышат.

Токтогул өз өнөрүн башкарларга үйрөтүүнү, жаш муундарга калтырууну милдет деп билген. Токтогул жалаң гана улуу акын, композитор болбостон, улуу окутуучу да болгон. Кыргыз элине сонун ырларын, сонун күүлөрүн гана калтырбастан, ондогон таланттуу акын, комузчуларды тарбиялап берип кетти. Токтогулдун шакирттери Кыргызстандын маданиятынын гүлдөрү болуп эсептелишет. Улуу акындын бул эмгеги да баа жеткис эмгек.

## ЛЕНИН ЖӨНҮНДӨ ЫР

Биздин өлкөдө пролетариаттын Улуу революциясы жеңгенин Токтогул өтө кубанычтык менен ырдады. Карылыгы жетип, баштагыдай үнү чыкпай, комузга муундары бошоп калса да өзүнүн эң сонун ырын Совет бийлигине, кедейлердин жеңгенине арнап ырдады.

Өзүнүн «Жашагын кеңеш өкмөт» деген ырында мындай дейт:

...«Боздоп ыйлап түрмөдө
Жаткан болчу Токтогул,
Боз тоголок бүргө этин
Чаккан болчу Токтогул,
Бозоруп жүрүп кыргызды
Тапкан болчу Токтогул.

Кайгыргамын бир кезде
Капалуу коргон турмушка,
Канча жыл жүрүп талаада
Кайтып келген кыргызга.

Айдалып жүрдүм Сибирде
Азаптуу жаман турмушта,
Ажалым жок өлбөстөн,
Аман келгем кыргызга.
Жашагын кеңеш өкмөт,
Жалаа кылган бузукту,
Жатканынан тургузба,
Эркүү эмгек, жаңы журт,
Эргисин багың жылдызга,
Эскирип кеттим кошулбай,
Эмки сонун турмушка».

«Мага жалаа жаап айдаткан бузуктардын да кезеги келди. Сонун заман курулду. Бирок, карып кеттим, өлүмүм жакын» — деп жаркыраган жаңы турмушта жаш болуп калбагандыгына өкүндү.

Өзүнүн «Замана» деген ырында да эски замандын каардуулугун, зулумдугун ырдайт. Ырынын эң акырында заманың, жыргаар заманың келди деп кедейлерди үндөйт:

...«Далайларды кор кылып
Зарлантканcың замана.
Кедейлерге шор болуп
Кармашкансың замана».

Мына ушинтип эски заманды, бай-манаптардын заманын акын жек көрүп ырдады. Жаңы заманды куттуктады.

Талбаган булбул мен элем
Сайрайын тынбай калкыма,
Заманың келди айланып
Жаркылда, кедей, жаркылда!

Ушундай сонун заман орноткон, элге таалай берген Ленинди Токтогул чоң урматтап, «Кандай аял тууду экен Ленидей уулду» деп дүйнө пролетариаттарынын жана эзилген элдердин жол башчысы Ленин жөнүндө кыргыздан Токтогул биринчи ырдады:

«Түпкү атабыз кыргыздан,
Запкыны көрдүк турмуштан,
Айтканда сөзүм жап-жарык
Асманда күйгөн жылдыздан.

Он жетинчи жылында
Николай тактан жылбышкан.
Кеңешти куруп Ленин,
Кедейге устун тургузган».

Кыргыз эли эчен жылдар бою эски турмуштан запкыны көрүп, эзилип келди. Мына ошол эзилген элге Ленин устун тургузду, таалай берди, нур чачты деп акын шаттанып үнүн чыгарды.

Басып жеген калкымды
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары
Артындан шоруң жуулду.
Николай напын жегендер
Амалын таппай муунду.
Панардай жанып боштондук
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен,
Лениндей уулду!

Акын бул ырын чын жүрөк менен ырдаган. Лениндей уул тапкан аял кандай болду экен? Деген сөзү акындын канынан, жүрөгүнөн кайнап чыккан.

Боштондук берген, элди азаптан, тозоктон куткарган жыргалдуу заман курган Ленинге урмат айтабыз деп, кубанычтуу сайрады:

Термеден айттым кебимди,
Кубантып балдар көңүлдү,
Салпактап учкан кулаалы,
Таптаган куштан жеңилди.

Ноктоодон башын куткарды,
Тозокто жаткан элимди,
Куп ыракмат айтабыз,
Куттуктап асыл Ленинди!

* * *

Ленин эл үчүн, элдин таалайы үчүн күрөшкөндүгүн акын тап-так ырдайт:

Өмүрүнүн барлыгын
Кедей үчүн сарп кылган,
Эзилген калың калкты
Эркелетип барк кылган,
Паанайын элдин ачууга
Башынан Ленин ант кылган.

Жетигиң Ленин куткарды,
Жезиттин жаккан отунан,
Жетилип кедей кутулдуң
Желмогуздун оозунан,
Желпинтип тууну көтөрдүң,
Жергелүү кыргыз тоосунан!

Токтогул эл үчүн ырдап, эл үчүн айдоого, камакта азап чеккен. Элге эркиндик берип, элди туткундан бошоткон Лениндин өмүрүн тилеп, урмат айтып ырдады:

Теңчилик доор чыкканда
Териме батпай семирдим,
Тушалган темир чидерден,
Бошоткон бутун элимдин,
Атаңдай баккан алдейлеп,
Аманын тиле Лениндин!..

Ленин жөнүндө ырдаган Токтогулдун ыры улуу жол башчыга арналып ырдалган дүйнөдөгү эң сонун ырлардын катарына кирет.

Кыргыз элинин заардуу душмандары — буржуазиячыл-улутчулдар улуу акын Токтогулду көрө алышкан эмес, көз көрүнөө басып келишкен. Муну далилдөө үчүн төмөнкүлөрдү келтирели:

Кыргыз акындарынын чыгармаларын жана кыргыз элинин фолькулорун жыйноо үчүн совет өкмөтү эчен каражаттар берген. Эл агартуу комиссариатында, илим изилдөө институтунда уялап алышкан улутчулдар бул каражаттарды өздөрүнүн душмандык иштери үчүн жумшашкан. Кыргыз элинин атактуу акыны Токтогулдун ырларын жыйнашкан эмес. Токтогулдун ырлары алардын душмандык иштерине чагылгандай сокку берерин билишип, улуу акындын ырларын жыйноодон баш тартышкан.

Орус элинин атактуу композитору Затеевичтин далаалаты боюнча 1928-жылы күз айларында Токтогул Фрунзе шаарына келген. Токтогулдун бул келишин улутчулдар көрө алышпай, «Сен карып калыптырсың, кете бер» дешип буйрук кылышкан. Ыраматылык Затеевичтин активдүүлүгү, улуу акындын баркына жетүү аркасында Токтогулдун кээ бир күүлөрү нотага жазылып калган...

...Буржуазиячыл-улутчулдар адабият, искусство орундарына отуруп алышып, Токтогулдун ырларынын тарап кетишине ар качан тоскоолдук кылып келишкен.

Кыргыз эли заардуу душмандары болгон улутчулдарды талкалагандан кийин гана Токтогулдун ырлары жарыкка чыгып, өзүнүн гүлдүү өмүрүн сүрө баштады.

* * *

Токтогул 1933-жылы өзүнүн туулган жеринде дүйнөдөн кайтты. Колхозчулар чогулуп барышып улуу акын менен коштошушту. Акындын сөөгү Чолпонатадагы бейитке коюлду.

Кыргыз элинин улуу акыны жана композитору Токтогулдун ырлары, күүлөрү кыргыз маданиятынын жана бүткүл Совет элдеринин маданиятынын түгөнбас кенчи. Токтогул аркасына маданияттын баа жеткис мүлкүн таштады.

Элге үлгү боло турган, келечек жаш муундарга үлгү боло турган сонун ырларды бизге калтырды.

Токтогулга окшогон мурунку заманда азапта, кордукта жүргөн ырчылар бүгүн элдин көзүнө жаркырап көрүнүп, ардак менен даңка ээ болушту. Бу да болсо улуу Лениндин улут саясатынын жеңгендигинин жемиши!

*1939-жыл.*

## КОМУЗ КҮҮСҮ

Боз кыроо... Атакандын айылы күндөгүдөн бүгүн жандуу. Обочорок үч ак өргөө тигилген, чоң үйдүн жанына катарынан кемегелер казылган. Атакандын эки малайы төө комдошуп, таң заардан эле токойго отунга кетишкен. Байлануу турган аттар жок, бирок айылда эл көп. Ал айылдан да, бул айылдан да кыз-келиндер Атакандын айылына чубап келип жатышты.

«Ата даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы менен бөз өтөт» деген ушу да деди орто бойлуу ак жуумал келин. «Рас эле, болбосо Мөөркан ушул бара жатканыбыздын кимибизден артык»,— деп, кара сур келин кубаттады. Кыз, келиндер айылга жете бererде маңдай жактагы боз секиден жалгыз аттуу караан көрүндү. Бул караан бара-бара жакындай берди.

Ал-кештесине кызыл манат кармаган ак калпакты баса кийген, аты ак көбүктөп тердеген, көзү тирүү, сары чийкил, ыманы ысык жаш жигит экен.

— Той кайсы айылда?— деп сурады келиндерден.

— Кайсы дайны жок тойду сурайсың? — деди бир келин.

— Тойду жалгыз жечүдөй болуп, атыңды мынча тердеттиң, деп дагы бир келин жигитке тийишти.

— Атчан мен түгүл, жөө силер деле шашып бара жаткан турбайсыңарбы, тойду ким эле жаман көрсүн, Атакандын айылы кайсы, акы алсаңар да айтсаңар! — деп, жигит келиндердин астын торой бастырды.

— Атыңды түшүп бер, анан айтабыз, болбосо кийимиңди тоноп алабыз,— деп баягы кара сур келин каткырып күлдү.

— Жеңе, шылдыңчыл көрүнөсүз, жолдун жөнүн айтып, кадырга жетсеңиз сизден ат, тон качып кутулабы! — деди жигит.

— Дегеле оозу март эме экен, кайсы жактан келе жатасың? Кимдин элинен болосуң?

Аңгыча болбой бир топ аттуулар Атакандын айылына келип түштү.

«Той ошол айылда экен го» деген ой менен атын камчылап келиндерден узап кетти.

Жигит айылга жетсе: келген меймандардын атын алып, үйлөргө килем, төшөк салышып, айыл дүрбөп жаткан экен. Бул келгендер алыстан келген сыяктуу... Аттарынын ичи жарап, өздөрүнүн эриндери кеберсиңкиреп калган. Эч ким атын алып назарга салбаса да, жигит атын өзү байлап, бат эле элге аралашып кетти. Үйгө жөлөнүп олтурган сер сакал абышканын жанына келип:

— Булар кимдер? — деп сурады.

— Булар жумгалдыктар. Кара суусар кийген Мөөркандын күйөөсү Чойбек деген болот.

— Майлыбай келдиби?

— Майлыбайың ким балам?

— Комузчу, алдагы Жумгал жактан, Атакандыкына келет, деп уктум эле.

— Комузчу, ырчы келгендей болгон жок.

— Эңсеп келген Майлыбайым келген эмес экен го, убара болгон экенмин да, деп жигит ичинен ойлонду да, айылдын төмөн жагындагы даракты көздөй атын жетелеп кетти. Атакандын айылына эл толуп чыкты. Күн кылкылдап тоодон ашып бара жатат. Жер кемегелер түтөп, ар кайсы кемегенин жанында кой союлуп жатат. Үй-үйгө толгон кыз-келиндердин, көбүнчө күйөө жандаган кыз-келиндердин каткырыгы катуу угулат. Төмөн жактан калдайган топ көрүндү. Топ жакындай бергенде:

— Тоялылар окшойт, тосуп чыккыла, деген үн угулду. Тоялы букарадан тың чыккан бир урууну бийлеген киши. Жигит ошол Тоялынын айлынан болот, »Бизден мурун эмне кетип келдиң» деген сөз тийбесин, деп жигит үйдүн далдаасына жашынды. Тоялылар үйгө кирип чай ичүүгө киришкенде гана салам айтып жигит кирип барды.

— Сен кайда жүрдүң?

— Аркаңардан чаап эле жетпей койдум.

— Антип жалгыз жүрчү эмес, төргө өтүп отур, деп Тоя-

лы жигитке жылуу сүйлөдү. Каш карайып, күүгүм кирди. Күйөөлөр отурган үйдөн комуздун күүсү угулгансыйт... Жигит ордунан атып турду да, өргөөнүн эшигине келип шыкаалап карады. Үйдүн ичи кыз-келиндер, боз балдар менен жык толгон. Улгайып калган киши төрдө отуруп комуз чертип жатат. Колун ойнотту, күүсүн кайруусу жигит көрүп жүргөн Кетментөбөлүк комузчуларга окшобойт. Кандайдыр башка жерден келген сыяктуу... жигит комуздун күүсүн көпкө угуп турду. Анда-санда шыкаалап комузчунун колунан көзүн айрыбай тиктейт. Комузчу көпкө чертти. «А, Майлы, Майлыке!» деген үндөр чыкты. Мына, издегеним Майлыбай ушул турбайбы, деп жигит ичинен кымыңдады. «Кантип таанышсам экен, эмне деп айтсам» деп бир аз ойлоно түштү. Жок, буга тийише сүйлөйүн, андан кийин бирдеңке болор деди да:

...«Майлыбайдын шалкы күү
Мааниси жок таркы күү»

деп ырдап коё берди. Бул ким? — деген катуу үн чыкты. Комузчу күүсүн токтотуп, элеңдеп эшик жакты карады. Эки бала эшикке жүгүрүп чыкты.

— Ал ким экен?

— Мен эле деп, бир жигит эшиктен баш бакты. Майлыбайдын көзү жигиттен өтүп кетти.

— Рас бала көрүнөт, кирсин, кирсин — деди бирөө.

— Үйдөн орун жок, уйдун кулагындай болгон неме экенсиң, ошол жерге олтура кал, деп Майлыбай күлүмсүрөп жигитке тийишти. Капшыт жактагы узун бойлуу киши жигитке карап:

— Сен ким болосуң? — деди.

— Токтогул деген мен болом.

— Ээ, Токтогул деген бала сенсиңби? Жөн, жөн кабарыңды угуп жүргөнбүз.

— Ушунда бирдеме бар окшойт, ал балам муну, деп Майлыбай улагада отурган Токтогулга комузун сунду.

— Майлыке сизден келсин...

Майлыбай комузун кайра тартып алды да:

«Оң кулаганың менен бир ук,
Сол кулагың менен бир ук.
Мындан кийин менден
Коно жатып күү ук» —

деп комузун күүлөп өзүнүн күүсүн эки-үч кайрыды, кезек Токтогулга келди. Токтогул комузду алып, кулагын толгоп күүлөгөндө эле «Баң-баң» эттирип, Майлыбайдын күүсүн туурап күүлөдү. Комузду күүлөп бүтүп, Майлыбайдын күүсүн так-так кайрып чертти. Үйдөгүлөр дем чыгарбай Токтогул-

дун колун караштты. Майлыбай кубанганынанбы, ыза болгонунанбы, агарып калган сакалын салаасы менен бат-бат тарап, бир кызарып, бир кубарды.

— Муну кайдан үйрөнгөнсүң? — деп Майлыбай каргылданган үнү менен сурады.

— Сиздин өзүңүздү көрө электе, күүңүз учуп келип калган болучу — деди Токтогул.

— Деги айтчы балам, менин күүмдү кайдан билесиң?

— Чертип жатканыңызды эшиктен шыкаалап көрүп турбадымбы...

— Бир көргөндө үйрөнгөнүңө бали, деген раазы болгон үндөр чыкты.

Элдин дуулдап кубаттаганына Токтогул эштенип кетти да, Майлыбайдын күүсүнө ыр кошуп чертти.

Баракелде, Майлыбай,
Минтип черткин айныбай,
Майлыбайдын «Шалкы күү»
Мааниси жок таркы күү.

Ырына күүсүн, күүсүнө ырын кошуп, колун ойнотуп чертти...

Үйдөгүлөр дуулдап күлүп калышты. Карыган кишинин ыза боло түшкөнүн Токтогул сезе коюп, комузду дароо токтотту:

«Мына Майлыке, сиздин күүңүздү үйрөнүү үчүн ат арытып келдим эле, «Шалкы күүңүздөн» башкасы болсо да черте отуруңуз» деди.

Токтогулдун бул сөзүнө Майлыбай раазы болуп, бетине кан жүгүрө түштү.

«Күлүктөн-күлүк чыкса, аягы тыпыр-тыпыр» деген балам, «Кедейдин атындай тушап минип жүргөн жалгыз күүм бар эле, аны үйрөнүп алдың» деп Майлыбай карс-карс күлдү.

Майлыбайдын акыркы сөзү куудулдук менен айтылса да, чын сөздөй болуп чыкты.

— Бул каяктан жүргөн бала? Майлыбайдын күүсү эмес, кийим-кечесин да сыйрып алатко, деп бирөө тамашалап күлдү. Токтогул комузду күүлөп жатып:

— Майлыке, биздин күүбүздөн да Жумгалга ала кетиңиз — деди.

— Черт балам, черт.

Токтогул жеңин түрүп коюп, өзүнүн жаңы чыгарган күүсүн черте баштады.

— Күүнүн атын атап черт — дешти.

— «Токтогулдун ботою», өзүмдүн ботоюм деп өз колун серпип-серпип, көзгө илээштирбей ойнотту.

Күүсүн чертип бүтүп, комузду Майлыбайга сунду. Майлыбай комузду алды да, Токтогулду тиктеп туруп:

— Кишинин өзү кошо эрип кетүүчү күү экен, муунум катып калган. Бул күүң өзүңдөй өспүрүмдөргө жарашат, балам, деп Майлыбай Токтогулга комузду кайра сунду.

Ат арытып келген эмгеги бошко кеткен жок. Майлыбай карыянын «Шалкы күү» деген күүсүн үйрөнүп алгандыгы чоң олжо болду. Токтогул комузду тап-так сүйлөтүп бир далайга дейре чертти. Үйдөгүлөр тым-тырс олтурушту. Токтогул комузду токтотткондо:

— Бактың ачылсын балам деп, Майлыбай терең үшкүрдү...

Үч атчан киши, эл жата жолдун боюндагы үстүнө чөп үйүлгөн тамга кайрылышты. Экөө орто жашаган, бирөө чарчы бойлуу, кер мурут жигит. Суук күчтүү, кар аттын омуроосунан. Тондун жакаларына муз турган, аттардын бутуна жармашкан муз келиндин чач мончогундай шылдырайт.

Тамдын эшигине бастырып келишти да:

— Үйдө киши барбы? — дешти.

Үйдөн үн чыккан жок. Бир аздан кийин аялдын шыбыр угулду: ой дейм, ой тур, эшикке чыкчы, киши келди окшойт. Бир маалда боз чепкенин желбегей жамынып, кепичти жалаң кийип бирөө чыгып:

— Ким? — деди.

— Кудайы конокпуз.

— Жакшы болот, үйдө бала-чака да жок эле эй, Каныкул, чык, меймандардын атын ал деди. Өзү келип бир аттын жылоосунан кармады.

Тамдын ичи кап-караңгы суук. Бир бурчта капка тиккен дан жаткансыйт.

— Кокуй, от жагып жибер, меймандар үшүп келишкендир, деп үй ээси чебеленип очок жактагы үйгөн куурайды кемеге жакка таштап жатты. Үйдүн ээсинин аялы отту жакты.

Үй ээси конокторун бир сыйра карап чыкты да, кер мурут жигитти эки-үч тиктеди.

— Сени боолгоп турам — деди...

— Мен сени бая эле таныгам, кантер экен дедим, деп жигит күлүмсүрөдү. Үй ээси жигитке жакындап келди да:

— Сен Токтогул болуп жүрбөгүн?

— Үстүнөн чыктың — деп берки конок күлдү.

— «Токтогул» деп бир катуу кыйкырды да, үй ээси кучагын жайып Токтогулду көздөй боюн таштады. Экөө кучакташып көрүшүштү. Конгон үйү Токтогулдун таанышы чыгып калганына берки эки конок жадырап сүйүнүштү.

— Жол болсун, кайдан чыгып кайда барасың? Чилденин күнүндө жолго чыгып калган экенсиң? — деп, үй ээси Токтогулга суроону үстү-үстүнө берип жатты.

— Жумуш болсо чилде эмне,— өзүң кандайсың?

— Өзүм кандай болмок элем, мына ушул тамды салып алып, өткөн-кеткен жолоочуга чөп сатып оокат кылып отурам.

— Мага да сатасыңбы, бир бооң канча турат, деп Токтогул жылмайды.

— Койчу Токо тамашаңды — деп, үй ээси күлдү. Коноктор отко жылынышып, кенен-кенен тартып отурушту.

— Алыскы жерден кышында чыккан жөнүңдү айтсаң?— деп, үй ээси дагы сурады.

— Ныязалы дегенди издеп чыктым. Мындай жумуштарды кышында бүтүрбөсө, жазында, жайында, күзүндө жармач адамдын колу тийбейт.

— Ныязалыны, кайсы Ныязалыны; комузчу Ныязалы болуп жүрбөсүн.

— Нак ошол комузчу Ныязалыны издеп чыктым, башка Ныязалыда аласам бар дейсиңби!

— Ныязалыны эмне даректеп калдың?

— Керектүү киши.

— Кереги эмнеде?

— Комузду жакшы чертет, он-он беш күүсү бар дейт, ошол күүлөрүн алып кетейин деп келдим.

— Өзүңдүн күүң деле жетишет эле го.

— «Артык дөөлөт баш жарат» дейсиңби досум, өнөр менен окуу үйрөнүү, ийне менен кудук казганга барабар, өзүмдүкү өзүмдө, башканыкын үйрөнүп алсам, андан жакшы.

— Эмесе, издеп келген Ныязалыңа жетпей калдың.

— Кантип?

— Ныязалы эртең Наманганга жөнөмөк.

— Жөнөй электе кантип жетүү керек? — деп Токтогул шашкалактады.

— Түндөп жөнөсөң үйүнөн чыга электе басып калар элең, бирок атың арып, өзүң кайыгып калыптырсың. Ныязалынын күүсү менен Мекеге бармак белең, мында жылуу жатып ал, эртең жетсең жетерсиң, жетпесең текең кетип жатабы?

— Жок досум, чөбүңдөн бер, атты кашектетип алып, түндөп жөнөйүн.

— Түндөп? Ушул суукта түндөп жөнөгөндөй жоо куудубу?

Жолдошторунун жана үй ээлеринин айткандарына көнбөй Токтогул эшикке чыгып, атынын ооздугун чыгарып, тамдын башына ыргып чыгып, бир боо бедени алып түшүп атына салды.

— Чын эле жөнөгөнү жатасыңбы, бирдеме ооз тийсең?

— Качат дейсиңби, кайра келе жатканда конуп кетем.

Үй ээси Абылкасым деген киши эле. Токтогул ата-энеси менен Токтобек деген жерде Казанбек деген байда жүргөндө Абылкасым да байдын койчусу эле. Абылкасым жумушка эптүү, оокатка тыңдыгы аркасында аял алып, беде айдап, ушул тамда күн өткөрүп турган экен.

Асман ачык, жылдыз коюу. Шамал жок болсо да чыкылдаган аяз, бет чымылдатат.

— Силер эртең жете келесиңер,— деди да Токтогул атына минди.

— Токо, кетериңде тийбей өтпө, менин алымды билесиң го, антсе дагы бирөөдөн көтөрмөлөп кой таап коём,— Абылкасым бул сөздү Токтогул узай түшкөндө, артынан кыйкырып айтты. Таң ата Ныязалынын айлына келди. Түндүк тартып жаткан бир аялдан:

— Ныязалынын үйү кайсы деп сурады Токтогул.

— Тетиги токулуу ат байланып турган, түтүн чыгып жаткан үй — деди.

Келсе Ныязалы жөнөгөнү жаткан экен. Токтогул жөнүн айтканда:

— Угуп жүргөм, угуп жүргөм — деп Ныязалы күлүмсүрөдү. Мына ушул күндөн тартып Токтогул менен Ныязалынын достугу башталды. Токтогул Наманганга Ныязалы менен бирге барды. Экөө бири-бирине күүлөрүн үйрөтүштү, эл чогулган жерде күү чертишти. Ушул эле жылы Токтогул Алай жакка барып, атактуу комузчулардан «Алайдын миң толгоо» деген күүнү үйрөндү. Өзүнүн күүлөрүн Анжиян боорундагы кыргыздарга таркатып келди.

* * *

Кайсы жерде кандай комузчу, кандай ырчы бар деп укса, алар менен көрүшүүгө дегдеген, алардан үйрөнгөн жана үйрөткөн. Токтогулдун улуу касиетинин бири ушундай.

Кээ бир ырчы, комузчулардын жөнөкөй ырлары, күүлөрү болсо да аны Токтогул өзү аны оңдоп, уккулуктуу, кызыктуу кылып сонундап ырдап черткен. Бирок чертээрдин, ырдаардын алдында «баланчаныкы» деп унутпастан айта чертип, айта ырдаган.

«Карача байдын байге бербес күлүгүн жолборс алыптыр» деген кабар айыл-айылга шамалдай тарады.

Ат кайтарган жылкычылар бул кабарды Карача байга кантип угузуунун амалын таба алышпады...

Жайдын таңы атып, тоо-тоонун башына күндүн нуру чачырады. Карача бай желбегей салынып, жалаң кепишчен суу жакты көздөй басып келе жатып жон ылдый бастырып келе жаткан жылкычысын көрүп токтоп турду. Жылкычы жакын келерде «ит-куштан мал аманбы?» — деп кыйкырды.

— Карышкырдан аман... деди да жылкычы мукактана түштү. Жылкычы атынан түшүп, байга салам берди, каргылдаган үн менен сөзүн баштады:

— Кирпик какпай эле кайтарып чыктык эле деп жерди тиктеди.— Деги айтчы, эмне болду? деп Карача бай жылкычыны жекире сүйлөдү:

— Карышкыр болсо алдырбайт элек, күлүктү жолборс алды деп жылкычы кетенчиктей түштү. «Жолборс алды» дегенге Карача бир жагы таң калгандай, бир жагы атына ичи ачышып бир далайга чейин үнсүз-сөзсүз турду да «Жолборстун кеткен жагын байкап калдыңарбы?» — деп сурады.

Жолборс айдын жарыгында оттоп турган күлүктү чапчып алып ыргытып жиберип, жалпак арча жакты көздөй кеткендигин айтты жылкычы.

Карача бай күн шашке болгон кезде айылдагыларды жыйнап алып жолборсту издеп чыкты.

Жылкычы айткандай эле жолборс арчанын арасындагы таштын үстүндө комдонуп жаткан экен.

Жолборсту көрүп, Карача мылтыгын дүрмөттөп, өңүп жакын келди да, мылтыгынын милтесин түтөтүп, шыйрагын жерге сайып коюп, кончундагы чакчасына кол сунду.

Аңгыча болбой эл кыйкырып калды, Карача бай мылтыгын алгыча жолборс Карача байды таштан алыс ыргытып жиберди да, арчаны аралап кирип кетти.

«Карача байды жолборс алыптыр» деген кабар Анжиян, Аксы, Аркага таралды. Күзүндө Карача байга чоң аш берилди. Токтогулдар ашка келгенде чоң боз үйдүн ичине толгон элге Айдараалы ырдап отурган экен:

...Айылда болсо кой жакшы,
Аш курусун той жакшы.
Өрүштө болсо кой жакшы,
Өлгөн курусун той жакшы.

Айдараалынын үстүнө Токтогул кирди. Айдараалы Токтогул менен тура калып учурашты да:

— Ырдын ээси эми келди. Током келди — деп адатынча

бир топ куудул сөздөрдү айтты. Бул үйдө отургандардын көбү Токтогулду таанышат.

Токтогулду төргө отургузушту.

Айдараалы дагы ырдап комуз черте баштады.

Айдараалынын күүсүн Токтогул байкап отурду. Айдараалы чертип ырдады. Ал бүткөндөн кийин Токтогул анын күүсүн, ырынын ар сабын айткан сайын «Бали, бали» деген үндөр чыгып турду. Акын ырдап жана ар түрдүү сонун күүлөрүн чертип отурду. Айдараалы Токтогулдун комузда ойноп жаткан колун тиктеп туруп:

«Миң койлуу коюн тескейге жайып чыкса, беш эчкилүү карап отурмак беле, ал дагы эчкилерин күнгөйгө жайып чыгат» деп элди күлдүрүп, күүсүн чертип ырдады:

Битирбоор, Маскөөдөн,
Олуя Ата, Ташкенден,
Алып келген «Көйрөң күү»
Ак куржунга артынып
Салып келген «Көйрөң күү».

Эл дуу күлдү. Токтогул Айдараалыга ыраазы болду.

Мына ушундан кийин Токтогул Айдараалы менен көп жолугушуп жүрдү. Өзү куудул, күлкүлүү күү чыгарса да «Айдакемдин күүсү» деп айта турган.

Айдараалы Таластын көчүк жагында (Азыркы Карабуура районунда) Күркүрөө деген жерден чыккан шайыр, куудул киши болгон.

Токтогул Карача байдын ашына барганда: «Айдакемдин көйрөң күү» деп жаңы күү чертип барган.

* * *

Комуз — кыргыз элинин көңүл ачары. Таланттуу кыргыз элинин сезиминин символу. Бул комуздун күүсү астында да сонун ырлар ырдалды. Бул комуз менен кыргыз элинин өмүрлүккө өчпөс күүлөрү чертилди.

# КҮНДӨЛҮКТӨР

## 1924–1930-жылдарда

Май айынын толуп турган кези. Оолудагы беделер көгөрүп тушардан чыккан. Өрүк түйүлүп, алма гүлүн түшүрүп жаткан. Айланаң адеми сонун көрөр көзгө — жашыл сайма гүлкайыр гүлүндөй түрдөнөт. Мына ушул күндөр биздин Жалаладбадга жөнөөр күнүбүз. Таң азан менен турдум. Ал күнү таңдагы сулуулук мени бир түрдүү толкутту. Оолунун түбүн жирей өткөн арык боюндагы шивердин салкын шүүдүрүмү уйку камагындагы көңүлдү сергитип, жүрөктөн козголгон толкунду көкүткөндөй болду:

Ким эркеси жашыл сайма шивердин?<br>
Таңда сулуу көрсө тойбос ирењдин.<br>
Ирең сулуу — ал сулуулук көркү эмес<br>
Тургун, ава, эмгегиңе ширелгин»,—

деп ырдадым... Ары-бери бастым. Оолуда оттоп жаткан кара кунанды алып келип үйдүн кырчоосуна байладым. Жаман токулгаларды эптеп токуганча күн көтөрүлө берди.

Биз жөнөйбүз. Сапарыбыз үч күндүк жол. Ал үч күнчүлүк жолго минген Кара кунаным жете албасына көзүм жетип туруп, минип жөнөй бердим.

Байкуш энем ай!.. Төшөктөн тура албаган оору болсо да, эшикке чыгып ыйлап турган экен: — «Оо, садагаң балам! Окууга барбай эле кой десем тилимди албадың. Аталуу, агалуу элдин балдарына теңелесиң. Эми менин күнүм не болот? Сенден турпак буйрубас болду. Өз колуң менен койсоң болбойт беле. Он ай көтөрүп, омурткам сыздап багып, чоңойткондогу күтөрүм ушул беле, балам?!» — деди. Өлүм оозундагы бечара энемдин ыйлуу сөздөрү сай-сөөгүмдү сыздатып, жаш жүрөктү эзип түштү... Көзүмдүн жашы толуп турса да төкпөдүм. Ирмебедим. ...анын ыйлаганы мен үчүн оор кайгы, калың муң болду. Мен жүз кадамча жүрүп, кылчайып карасам, эт-бетинен түшүп ыйлап жаткан экен. Кайта кароодон чыдай албадым, ээгимди кесе тиштендим да, жүрүп кеттим.

Мазар суудан чыгып, Алексеевка кыштагына келгенче энем оюмдан кетпеди. Анын ыйлап калганы көз алдыма кайгылуу

элес болуп келе берди. Энем калган жакты карасам жүрөгүм зырылдап, боорум толгой берди.

Бечара энем өзү айткандай, мен кеткенден кийин эле өлүптүр. Өлөрүндө да менин атымды айтып жатып жаны чыгыптыр.

Биз жөнөп ушул күнү Алексеевка кыштагына келдик. Күн ысык. Менин минген кунанымдын чыкыйынан тер агып, ушул күнү гана жүрбөй калды. Менин балалыгым да, кунан менен үч күнчүлүк Жалалабадга жетем деп жүрүптүрмүн…

Күн чак түш болгондо келген элек, бешимге чейин болуштун төр агасын издеп жүрдүк. Байсак уулу Осмонкул деген манаптын баласы болуш боло калган экен, печетти чөнтөгүнө салып алып, бир мужуктун үйүндө самогон (сасык арак) ичип отурган экен, барып калдык. — Болуш аке, биз сизди издеп убара болдук,— дедик.— Кандай жумушуңар бар эле?— деп, ал чиренип угар-укмаксан болду. Ылжыган мас, дандырдай кызарып чыгып кеткен.

— Окууга баралык дедик эле, Күбө-наамага печет басып берсеңиз?! Ак чүпүрөккө оролгон жалпак печетти төш чөнтөгүнөн сууруп чыкты да, жалап-жалап алды.

— Кана, тоскула кагазыңарды,— деди. Бул болуш кат билчи эмес, кагаздын туш келгени жерине печетти басып жатат. Берки үчөөнүкүнө басып бүттү, мен эле калдым. Ал мени ормоёо карады:

— Сен кимдин баласы болосуң? Аты-жөнүмдү айттым.

— Бар, кысталак, мен сени билбейм. Сага окууга суутуп коюптурбу! — сөгүп, тилдеп коё берди. Печетти чөнтөгүнө салып, мадырайа карап турду.

— Агатай, тиги Бердикеникине деле баспадыңызбы? Өкүмөт мага окщогонду жакшы көрөт деген эле го? — дедим.

— Көп калжырап башымды оорутпа, кет дегенде кет… каматтырып коё электе. Мен коркуп, калтырак басып калдым. Беркилер өзүлөрүнүкүнө бастырып алышып, мени менен бир да иши жок мелтиреп карап турушту.

Булар да соо балдар эмес, бири бийдин, бири байдын, бири жоон чарбанын балдары. Болуш буларды көрө сала таанып, кеңештин печетин басып сала берди. «Сай сайга куйат» дегендей, манаптын баласы Осмонкул тигилерди көргөндө печетти аяйсыңбы?

— Печетти куру басуу мүмкүн эмес, печет акысын бересиң,— деди. «Кандай куутумшук баласың, болуш менен айтышасың»,—деп жанымдагылар жемени жаадырып жиберишти. Ал болуш эмеспи, арбап, коркутуп жатып жанымдагы 40 сомдун 20 сомун бөлдүрүп алып, печет басып берди. Кеңеш печети манап балдары үчүн басылып, мен үчүн акылуу бол-

гондугун азыр эстесем каным кайнап, өрт болуп жанып-жанып кетем.

Ушул окуяга ишенбегендер да болор. Бул окуя 1926-жылы болгон. Ошондо Осмонкул Байзак уулу деген манап Арым болушунун төрагасы эле.

Болуштан печет бастырып алдык, бирок мени оңдурган жок. Ичкен арагынын акчасын менден төлөтүп алды. Күн батарга аркан бою калганда Алексеевкадан чыктык. Эки дарыя кечип өттүк. Менин кунанымдын шайманы бош. Үстү-үстүнө камчыласам да балдардан кийин салпактап келем. Күн так батканда Нарын дарыясынын боюна келип жаттык. Суу чамаланып күкүк болуп кирип жаткан экен. Кемечилер кемени четке чыгарып токтотуп салган. Суунун киргендиги ушунчалык, аркан бою жардан ашып жаткан. Ушул түнү мен кирпик какпай ат кайтарып чыктым. «Элдин кичүүсү болгончо, иттин күчүгү бол» деп мени алдап салышып, бырылдап уктап жатышты. Бул түнкү суук шуудуруп мени калтыратып чыкты.

Таңдын атышы дүнүйөгө бергис сулуулукта болду. Токойдон сайраган чымчыктар менин жүрөгүмдү кучактап, эркелетип өзүлөрүнүн комуз, кыяктай үндөрү менен кошо алып жүрдү.

Агылган шаңдуу дайрадан
Аткан таң сулуу жайнаган.
Жүрөктү сүйүп толкутуп
Токойдон куштар сайраган...

Сулуулук курчап жак-жакты, токойду, сууну шаңдатты.
— Тургула! Сапар тарталы, аттар тоюнду. Таң атты...

Эртең менен таң азанда кеме менен дайрадан өттүк. Дайранын аркы четиндеги какыр чөл. Ал чөлдүн ортосунан жарып кеткен чоң кашка жол менен төрт караан бара жаттык. Эң артында мен. Кунаным балактап кара терге түштү. Теминем. Камчыланам. Мен дагы, мингеним дагы болоктоп ысык терге боёлдук. Мени менен эч кимдин иши жок. Ал үчөө айылда жүргөндөгү жыргалдарын, «Көк бөөрү» чаап, аштойлордо жүргөндөрүн, кыз-келиндер менен ойногондорун биринен-сала бири айтып жомоктошуп каткырып күлүшөт. Мингендери мыкты: бириники жорго, бириники багылган ат, бириники Самаркандын айгырынын тукуму. Алар жыргалда ырдашат, күлүшөт... Мен кыйналдым. Кунанымды кулакка чаба турган болдум. Акырында камчыга таянып алдыда, кулак жапырып гана тим болот. Менин камчымды тоотпойт. «Окууга барба, тигилерге теңелбе» деген энемдин акылы эми эсиме келди. Калып калуудан намыс кылдым. «Кой десе болбой жээликти эле, талканын сагынып жарым жолдон кайра

келиптир» деген элдин жемеси болорун билдим. Каныма дагы намыс кирди. Камчыны үсту-үстүнө чаап, теминип жүрүп отурдум. Алар мени эмне болдуң деп сурап (да) коюшпайт. Өзүмдөн-өзүм гана күбүрөп кунанымды урушуп келем.

Кара жоолук күрмөчөң
Каңгырайт үнүң сүйлөсөң.
Каңгырашып, ойношуп
Өтсөкбү деймин дүйнөдөн.

Кызыл жоолук күрмөчөң
Кыңгырайт үнүң сүйлөсөң.
Кыңгырашып, ойношуп
Өтсөкпү деймин дүйнөдөн.

«Мен Түгөлбайдын келини менен ойноп жүргөндө ушинтип ырдачы элем» — деди таңырайган кара муруттуу жоон чарбанын баласы.

Күн ысып кунанымдын шайын ого бетер кетирди. Көп жүрдүк. Жүрүп отуруп алдыбыздагы көрүнгөн ач кайкыга чыктык. Ар жактан карагайлуу аркайган тоолор көрүндү. Мына ушул тоолорду ашып Жалалабадга барабыз. Менин кунаным кантип жетет? «Биз сага каралап жүрөт белек, сени бөөрү жейт беле, барарсың. Биз жолдон калбай кете берели»— деди чийкил сары, жаргак көз бийдин баласы. Үчөө күбүрөшүп макулдаша түштү. Менин көзүмөн жаш тегеренип, аларга жалбардым: — Садага акелер, мен анда өлөм го. Комсомол жачейкеси мени силерге тапшырбады беле»— дедим.— Комсомол жачейкеси Мазарсууда калды, ошого барып арыз айт. Сен деп жолдон калалыбы. — Болуштун ак куба баласы мени жекире-жекире тиктеди. Атка миништи да жүрүп кетишти. Кумдуу каптал жол менен алар ылдам чаап кетишти. Менин кунаным миң чапсам да алардын караанына илешпеди. Алардын кайда кеткенин да билбей калдым. Көзүм караңгылап ыйлоого түштүм. Тизгин колумда эмес, кунаным башын жерге салып жол боюнан оттоп турду, мен жаңыдан гана атам өлгөн эмедей боздоп ыйлай бердим. Балалыгым да. Ээн жерде бирөө соортчудай ыйлаптырмын.

Ушул күнү алды жактагы гана суунун боюуна барып жаттым. Бул түнкү корккондугум ай! Кичине чагымдагы энем айтчу жомоктордогу жезкемпир, азыткы, желмогуз, жан алгычтар — баары эсиме түшүп, көзүмө элестейт. Суудан, таштан чыга калгандай болот. Кулагыма дүбүрт угулат, ый-чый болгондой... Анагы жардын түбүнөн мага карай чуркап келе жатат... Мен кулагымды басып, тумчуланып жатып калам... Кунандын чылбырын белиме эки кайра чырмагам. Кунандын

мойнуна асылам... Таң атканча кирпик какпастан алек болуп чыктым.

Капчыгайдын таңы. Суу. Жашыл чөп, гүлдөгөн ыргай, бүрдөгөн кайың, карагай... Сарымсактын, гүлдөрүн адемий кыттагы мурунду жарат. Кунаным тыңып калган экен, минип алып ирең-бараңда жүрүп кеттим. Мен узай бергенде тоо-тоонун башы алтын сепкендей болуп күн чачырады. Ушул күнү көп жол жүрдүм. Күн бата берген кезде Кеңколдун ашуусун аштым. Ашуунун коркунучтуулугу мени дагы ыйга салды. Көкжалама муз. Бутум тайып кетсе эле капчыгайдагы ташка тийип жок боло турганмын. Зоокадан баса бергенимде кардан чыгып жаткан эки адамдын өлүгүн көрүп, жүрөгүм оозума капталды. Муундарым калтырап, басууга шайманым келбеди. Кара кунанымдын куйругун эки ороп кармадым да, камчылай бердим. Жаныбар Кара кунан туягынын учу менен тырмышып жатып муздан өтүп кеттик.

Ушул кеч жүрүп отуруп Кеңкол капчыгайынын башындагы сарайга жеттим. Сарайда 20 чакты жолоочулар — Жалалабадга кой сатып келе жаткан Саркамыштыктар экен. Мени көрүшүп аң-таң калышты.

— Ой, сен кандай баласың?

— Окууга бара жаткан баламын.

— Олдо бечара-ай! Окуунун сага кереги эмне экен. — Чебеленген сары чал үстүмө түшө калды.

— Улук болом деген неме го, тим кой, көргүлүгүн көрсүн. — Ак калпактуу жоон сары киши мени душманындай көрдү. Бул Серкебай деген чоң соодагер. Мен муну мурун да билчимин. Ичимен тынып тим болдум.

— Жолдо үч бала кезикпедиби? — деп сурадым.

— Кезикти, алар бүгүн Жалалабадга жеткендир, аттары күчтүү турбайбы. Сары чал чебелеңдеп жооп берди. Башка эч кандай сөз урбадым. Алар бабыраңдашып жатышты. Койлорунун пул болгондугун, сарала чыттын баасын сүйлөшүп отурушту. Эки күн удаа уйкудан калган мен көзгө сайса билгисиз болуп уктаптырмын. «Тур, балам! Жолуңан калба,— деген сары чалдын катуу үнү мени ойготту. Алар жүктөрүн артып жөнөп жатышкан. Кунаным да алыс кетпеген экен, басмайылын чыңап тартып, алдымда имериле кеткен узун капчыгайдын башынан кире жөнөдүм...

Бул атактуу Арстанбап тоосунун Кеңкол капчыгайы. Капчыгайдын сулуулугу али көзүмдө элестейт: эки жагы асман менен айгышкан Арстанбап тоосунун тармактары. Карагайлар бири менен бири тирешкен адам өткүсүз калың. Кайың, ыргай, карагай, шилби, четин капчыгайга жык толгон. Андагы эки жактан самсаалап агып жаткан булактар. Капчыгайдын ортосун жарып аккан чоң суу көк иримденип таш-

тан-ташка алдас уруп күүлдөп жатат. Суу четиндеги таш-так, тар жол менен келемин. Кунаным тың. Капчыгайдын алыстыгы (узундугу — О.С.) ушунчалык, бешимге чейин тын-бай жүрүп жарымына жете албаптырмын.

Күн тоодон ашып, көлөкө капчыгайды тегиз каптады. Мага барган сайын коркунуч тууду. Капчыгайдын жаңыры-гы, шуудураган кайың жалбырактарынын үндөрү шар... Кор-кунуч үстүнө коркунуч туудурат. Адамды жээликтирет. Жаш жүрөк мен ээн капчыгайдын кучагында жолдошсуз жападан-жалгыз жүрүп келем. Кара кунан мен үчүн чоң медер, миңге-нимде, корккондо бел байлап, мойнун кучактаганым да ушул. Туягы ташка тийип мүдүрүлүп кетсе, көзүмдөн жаш ыргып кетет. Анткени ээн капчыгайда Кара кунандан башка менин эмнем бар?

Күн так батты. Бирок караңгы түшө элек. Түндүн корку-нучтуу күүгүмү чырымтал болуп, жаңы гана башталып келе жаткан. Кунаным кулагын түрүп, тык тура калды, кошку-руп ормоң-ормоң карады. Ушул учурда жолдун алдында жат-кан үч өлүктү көрүп, чачым тик турду. Жүрөгүм лапылдап согуп көкүрөктү жарып чыккандай болду. «Бул кандай шум-дук?» Алардын чолоосу жок канга боёлгон. Кан каткан... Агып жаткан кандар али тыйылган эмес. Капчыгайдын муз-дуу агыш таштарынын далайы канга боёлуп, кызыл таш болгон. Менин демим өлдү. Кандай кылуу керек? Өлүктүн биреөнөн онтогон, кыңылдаган үзгүлтүү гана үн чыгат. Да-бышты укту белем, башын көтөрөм деп аракет кылса да башы көтөрүлбөдү.

— Келчи-и-и! Көтөрчү-ү-ү! (деген) анын үнү менин жүрөгүмдү чыдатпады. Коркуунy эстен чыгардым. Кунандан ыргып түштүм да өлүктөрдүн жанына жеттим. Чала жан жаткан кош колдоп, ташты тырмалап жаткан экен. Бар-дым, колунан тартып тургузууга аракет кылдым. Көзүн пар-дап-пардап алып: — Суу-у-у! — деди. Менде кайсы идиш бол-сун. Тер жыттанган тери тебетейиме толтуруп суу сузуп кел-дим. Ал бечаранын оозуна кара кан уюган. Тебетейдеги суу-ну бир гана шилтеди. Үстү-үстүнө үшкүрдү. Анын үшкүргөнү-нөн ысык керимселдей дем менин бетиме тийип турду. Аны мен сүйрөп отуруп жолдун четиндеги ташка жөлөдүм. Ташка жөлөгөндөн кийин — Сен комсомолсуңбу? — деди. — Комсо-молмун, окууга бара жатам. Жетиммин,— дедим. — Калам, кагаз бер?— деди. Пактасы чубалган эски чүпүрөк күрмөмдүн чөнтөгүндөгү калам, кагазымды колуна карматтым. Колу калтаңдайт. Бир барак кагаздын жартысын зорго гана жаз-ды. — Муну бер. Эрте кет! Каракчылар... деди да үшкүрө-үшкүрө кала берди. Ушул мезгилде каш карайган, бирин-серин жылдыз чыкты эле.

Капчыгайдын таштак жолу... Оор коркунуч менин теними (дагы) өлтүрдү. Кандай келгеними билбейм, таң ата бererде капчыгайдын оозуна чыктым. Аркамды бир кылчайып караганда жүрөгүм оозума капталып, кайра да бир карооого чыдай албадым. Капчыгайдын ичи мынтыктын оозундай көрүндү. Ушул күнү Жалалабадга жеттим. Шаар көрбөгөн жаным кайда барарымды билбей каңгып калдым. Эл жүрчү чоң көчөдө ары-бери бастырып жүрө бердим. Аңгыча бир жылкы мугалимим учурап, мени ат үстүнөн кучактай жыгылды. — Сени жолдо өлүп калды дешпеди беле, тигил үч бала? Болгон иштин баарын айтып чыктым. Эртеси Конткомолдун кеңсаларына бардык. Документтеримди оодарып жатып баягы өлүм үстүндөгүнүн каты колума тийди. Ал окуяны түндө мугалимге айтсам да, берген каты эсимде жок. Ал катты Канткомолдун катчысына (Абдырайымоп) сундум. Катты окубай туруп эле, «Жапардын колу экен»,— деди. Катты окуй түшө анын өңү куулуп, титирей барды (баштады). Ордунан атып турду. Көздөрү каканактап кылчылдап турду. Ошондой болсо да пардаш кылып менден окуянын жөнүн суроого киришти. Мен бир жерин да калтырган жокмун. Кат мындай жазылган экен: «Комсомолдор! Бизди каракчылар сойду. Кошкула, жолдоштор, силер тапшырган жумуштун аягына чыкпай капчыгайдын ичинде калдык. Алардын ичинде № 59 да бар. Тапкыла! Кошкула, жолдоштор!» Жапар». Жапар Канткомолдун инистүрүктүрү, берки экөө Кетментөбөгө кызматка мобилизоват болгон комсомолдор экен. Ушул түнү шаардагы комсомолдор Канткомолдун кеңсаларына 50 чактысы чогулду. Мен да бар элем. Канткомолдун катчысы баш болуп 20 комсомол ушул түнү капчыгай каракчыларына кетишти.

Эртеси мен Канткомолдо элем, баягы үчөө эшиктен кире бererде эле мага жалпаңдашып кетишти. «Келип калдыңбы? Жакшы болгон тура» — дешип жымырылышты... Каным ичиме тартып, аларды бычактай көрүп отурдум. Мени Көкарт интернатына жибермек болду. Сүйүнүчүм койнума батпагандай болду. Болуштун печети балчая басылган документтерин (үчөө) Канткомолдун АРОсуна сунушту. — Биз кедей балдары, окуу издеп келдик,— дешти.— Силерди техникемге жиберүү керек,— деди АРО. Ордуман учуп тура келдим да: — Булар бай, манап балдары, болуш печетти болуштугунан, манаптыгынан баскан дедим. Алардын жыландай октолуп тиктеген көздөрү менден өттү: — Жалган айтат, бул мытайым бала,— деп жабалакташты. — Бай, манаптар үчүн окуу жок, эшегиңерди жолго айдагыла,— деди АРО. (Ал) ордунан туруп басып кетти (Үчөө) оозунан сөөк алдырган иттей болушту. Жалалабаддын көчөсүндө 5 күн сандалып жүрүп кайра кетишти.

Жалалабаддан чыккан 20 комсомол таң ата Кенкол капчыгайын өрдөштү. Комсомолдордун кайраттары кайнап, бир нерсеге окүнгөндөй көрүнүшөт. Абдраимов: — Жапардын катындагы № 59дун сырын билесиңерби?— деп кылчая карады. — Жок, билбейбиз.— дешти. — Карачолок айыл кеңешиндеги Анаркул байдын баласы, мурун ал комсомол экен, өзүнө № 59 деп ат коюп алып айылды чаңдатып жүргөн. Жапар барып аны комсомолдон чыгарган, ишин сотко берген. Эми ал капчыгай каракчыларына — басмачыларга кошулуп Жапарды өлтүргөн ошол,— деди Абдраимов.— Ай, сени... «Бөрү баласы ит болбойт» деген ушу да — дешип, комсомолдор тиштеништи. Ылдам-ылдам бастыра жүрүштү.

...Күн көтөрүлө бергенде Жапарлардын өлүктөрүнүн үстүнөн чыгышты. Жапар ташка сүйөнгөн боюнча катып калган, канжар орногон жүрөгүнөн аккан кан чор кайнап катып калган. Бир көргөн киши болсо, Жапар экендигин тааный албас эле. Анткени анын бети-башы канжар менен барчалып тилинген эле. Эки кулагы түбүнөн кесилген. Берки экөө көмкөрөсүнөн түшүп жатышкан. Алардын кесилген колдору өзүлөрүнөн аркан бою алыс жаткан экен. Беш комсомол үч өлүктү жүктөшүп, кайра Жалалабадга жөнөштү. Капчыгайдын айбандарына баруугa 15 гана комсомол калышты. Ушул күнү капчыгайдын ичин арытып чыгышты, эч нерседен дарек жок. Басмачылардын конгон орду — от жаккан коломтолору гана кезигет. Күн так батканча эч шарп билинбеди. Түндөп Күмүш жайлоосунун башына чыгышты. Улуусаздын башындагы айылдан эки-үч үйдө балбылдап түндүктөн учкундар учкан отту көрүштү. Абдирамов: — Бириңер барып билип келгиле. Айылдын четиндеги бир үйгө кирип сурагыла,— деди. «Мен барам!» деп айтпаган бир да комсомол калган жок. Төлөн аттан түшө калды да, «Мен барайын!» деди. Анын барууун Абдраимов да макул тапты. Анткени Төлөн эң шамдагай бала. Наганды белине кыстарып жүрүп кетти.

Төлөн айыл четине барды. Үч жерде басмачылардын караолу турат, эшикте эл көп. Ошондой болсо да Төлөн барууга чыгынды. Эч нерсенин кабарын билбей, кайра баруудан көрө өлүм кучагына кеткенин ылайык тапты. Жанындагы жаткан кара өгүздү мурунтугунан тартып тургузуп, алдына, капталына жашынып, өгүздү наган менен түртүп жүрүп отурду. Айылдын четиндеги кара алачыкка өгүздү эптеп жеткирди да, шып этип үйгө кире берди. Төлөндүн бул келишин түн эмес, күндүз да адам туйбас эле. Үйгө кире берди. Эки арчаны отко салып коюп, ийик ийрип бир гана келин отурган.

— Жеңе, менден чочубаңыз. Мен кыргыз баласы,— деди Төлөн.

— Иий, айланайын, басмачылар өлтүрүп койбойбу, кайдан жүргөн баласың? — деп ал келин чебеленди.

— Өлтүрбөсүн десеңиз, унчукпаңыз,— деди Төлөн.

— Жүктүн алдына жата калыңыз. Жаман капты жаап коёюн,— деп келин ордунан тура калды.

— Тим эле коюңуз, мен бекингени келгеним жок,— деп Төлөн күлдү. Келинден сурай баштады:— Бул айылда ким бар?

— Мамат корбашы 50 жигити менен жатат. Сатылган бай конок кылып жатат,— деди келин. Төлөн эмне бардыгын баарын сурап чыкты. Эми Төлөнгө кетүү керек.— Жеңе, мага эшиктеги өгүздү жетелеп келчи! — деди. Төлөн Кара өгүз менен дагы айылдан узап кетти.

Абдраимовдорго шыпылдап жетип барды. Билек саатты караса, Төлөн бир саатта барып келген экен. — Балли! Азамат! — дешти. Төлөнгө алкыштар төгүлдү. Төлөн билип келгенин баарын айтты. Азыр барууга болбойт, себеби түндө көбү качып кетишет,— деди Абдраимов. Эртең менен каракчыларга чабуул коюшмакчы болушту. Бештен-бештен үч бөлүнүшүп, айылдын үч жагына чыгып кетишти.

Таң ирең-бараң болгондо басмачылар аттанышты. Айылдан бут атым узай бергенде комсомолдор үч жактан ок жаадыра чаба жөнөштү. Комсомолдор кыйкырып чаап келүүлөрү, аз болушса да, басмачылар үчүн калың кошуундай көрүндү. Атышты... Бирок туруштук бере алышкан жок, качууга да шаймандары келбеди. Саздын башына чогула түшүштү. Кээси атынан түшө качты. «Мынтыгыңарды таштагыла! Атыңардан түшүп, колуңарды көтөргүлө!» — дешип, комсомолдор кыйкырышты. Басмачылар жарактарын өзүлөрүнөн алыс-алыс ыргытышты. Ушул учурда 50 каракчыны айдап жөнөштү. Шашке болгон убакта Жапарлар өлгөн капчыгайдан каракчыларды чубатып айдап түшүштү.

Жалалабадда Жапарларды жерге коёрдун алдында Абдраимов чыгып, Жапарларды сойгон 50 каракчыны кармап келишкендигин жана мындан ары да комсомолдор Кеңеш душманы каракчылар менен ушундай күрөшө тургандыгын айтты.

# СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА

## 31-июль, 1942-жылы башталды

31/VII 42. Армияга иштегениме мына сегиз айдын жүзү болот. Ленинабаддагы военно-политическое училищени бүтүргөнүмдөн кийин САВо мени Токмок шаарындагы № 107 аттуу дивизияга жиберген. Токмокко келип, өз үйүмө, бала-чакамдын жанына келгендей болдум. Баары тааныш! Кайсыл полкко барсам да мени кадырлашат... «Родина үчүн, алга» деген газета чыгарып турдук. Мында Асанов Колдош, Шопоков Калмат жана мен иштеп турдум. Биздин дивизия мына жөнөйт, ана жөнөйт деп турганда мени тез чакырган САВодон телеграмма келди. 28-июлда Токмоктон жөнодүм. Мени менен политотделде бирге иштеген курбулар. Чукеев Мамыркул, Шадыманов Жумабек, Жунусов Төлөгөн, Токторов Газиз, Ахметов Айдаркан, Асанов Колдош, Амырбек Адамбек, Чотбаев Абдыбектер бир кой союшуп мени кызуу узатышты. Бир турган дивизияда, ойногон күлгөн күжүрмөн курбуларды калтыруу — өтө аянычтуу болду. Кардуу чокулар, Чүйдүн жемиштүү талаасы — мени узатты.

* * *

28-июлда Фрунзеге келдим. «К.К.» редакциясына кирип, Мухамбет менен Мамасаалыга учураштым. Ал экөө «Күндөлүк» жазып жүр деп ушул дептерди жасатып беришти.

* * *

31-июлда Ташкенге чыктым. Жөжөкан менен Токтокан узатышты. Жөжөкан ыйлады. Күн ачык. Кардуу чокулар жаркырай: «Жеңиштүү кел» дегенсийт.

Jamka.97@mail

* * *

Пехотное училищеге барып Жусуп менен учураштым, өбүштүк. Жусуп шыңга бойлуу, адептүү жоокер болуптур.

* * *

Кыялы таңдын курундай
Кыздары кыргыз калкымын,
Көңүлгө кайгы айдабай.
Көзүңдүн жашын аарчыгын!...

? Токтожан, Кулубегимди, Сырганы көрбөй кеттим. Алар убара болуп келе жатышат деп уктум. Кулубектин тили булбулдай болуп чыгып калды, толук уга албадым...

* * *

31/VII. 42. Саат 10до поездке миндим. Эч ким узаткан жок. Вагондор ээн. Мени менен эки-үч жарадар лейтенанттар, бир-эки артистер түшүштү... Чүй талаасына боз түшүп турат. Тоолордун чокулары чаң баскандай көрүнбөй калды... Кулубек Фрунзеде болсо «Папалап» узатпайт беле. Өөп кумарым канбайт беле...»

* * *

Ташкент! Келип калдык. Өңгөлөрдү коюп САВонун политуправлениеси мени атайлап чакырып калышы өтө тынчсыздыкка салды. Поездден түшөр менен колумдагы жүгүмдү камера храненияга тапшырып коюп, САВону көздөй чуркадым. Бюро пропускада военнийлер жык толушкан. Көлдөй-шалдай тердешкен. Пропуска ала албай жатышат. Мен дагы кирдим. Тер куюлуп көйнөктөрүм жамгырда калгандай болду. Телефондун буткасына кирип звонить этсем:

— Сен эмине келдиң? — деди.

— Сиздердин чакырууңуздар боюнча.

— Биз сени чакырган эмесбиз. Кирвоенкомат сени дивизиядан чакырып алып, САВонун резервине сактап турсун дегенбиз. Жөн убара болуп келиптирсиң,—деди.

Кандай тагдыр алдымда күтөт? Кайда жиберер экен? — деп дегдей келгендеги уккан жообум ушул болду.

...Ташкенге мурдагы келгендегимдей убарачылык дагы башталды. Күн ысык. Тер куюлат... Курсак ач... ТППга (Ташкенский пересыльный пункт) барып аз кара нанга кезек күттүм. Кай жер болсо кезек... Кезек... Сууга да, кол койдурууга да... баарына... Жата турган жер таппай шаарды кыдырдым беле! Акыр жүрүп он керебеттүү общежитиеге жеттим. Кеч кирип, жел жүрө баштады. Терим дагы эле агып жатат... Эки-үч күн күт, жоопту кийин беребиз дешти. Эртең эмне болор экен?

I/VIII 42 саат $19^{00}$.

2/VIII 42 . Көчөдө кеңгиреп басып жүрүп суу талашып ичип жаткан Биримбердиев Насирди учураттым. Аны менен бир далай тамашалаштым. Ар-кайсы военный окуу жайларында бир топ кыргыз балдары бар экендиги айтты. Кичине баса түшүп Алчикеев, Елмуратов, Байбулатов, Иманалиев жана Деркембаевди учураттык. Алар менен бир топко сүйлөштүк. Биримбердиев, Алчикеев — үчөбүз трамвайга түшүп эски

шаарга Пушкин багына бардык. Мен аларды чөнтөгүмдүн жука экенидигине карабай конок кылдым. Жанымда отуз кана сомум калды. Ташкендин шартында отуз сом менен калат деген эмне жакшылык? Жокчулукка адам баласы чыдайт экен... САВого келсем, начальник жок, жүрө бер деди.

2—7/VIII 42. Чейин окшош, капалуу күндөрдү өткөрдүм. Күн ысык, курсак ач. Түндө кандала талайт. 6/VIII 42 кечинде начальник келди деп уктум. 7/VIII 42 эрте туруп САВого жөнөдүм.

5/VIII 42. Тенти Фрунзеге келдиби деп Жөжөканга телеграмма берсем, жооп жок, бул дагы мени санаага салды...

7/VIII 42. Саат тогуздан кечки саат жетиге чейин САВонун өзүндө жооп күтүп отурдум. Акырында «эртең кел» менен жөнөтүп жиберишти. Жанымда он беш гана сом калды.

8/VIII 42. Күндөгүдөй күтүү, зарыгуу дагы башталды: Саат ондо САВого келдим. Кандай жооп болор экен? Жооп алдым: «Приходится вам ждать еще пару дней». Көңүлүм суу сепкендей муздай түштү. Согуш убагында ушундай төрөчүлүк болобу?

8/VIII 42. Үй жактан, берген телеграммага жооп келбегендиги менин тынчымды алды. Тигил жерден тигил жоопту алгандан кийин сандалып телеграфга келдим. Жөжөканга телеграмма бердим. Телефон менен сүйлөшүүгө заказ берип күтүп отурам. Жанымда эки гана сом калды. Көрөр күнүм эмне болот?

Дүнүйөдө күтүүдөн, мусапырчылыктан жаман нерсе жок экендигин бүгүн сездим.

«Мусапыр»

Ташкентке үч миң, төрт миң сомдор менен келип, акчаны кайда короторду билбей көрүнгөнгө шампанское алып берген күндөрүм да болгон. Мына, эми, эки сом менен кайырчыдай караманча калып отурам. «Жамандыкты көрбөй туруп, жакшылыктын даамын билбейт» деген чындык дагы бир жолу акыйкатталып отурат. Элүү эле сом болсо жетер эле дейм. Кезегинде элүү сом эмес, жүз сомду официанткага берип кете берчү элем.

* * *

8/VIII 42. $12^{20}$ телефон аркылуу Жөжөкан менен сүйлөштүм. Тенти Фрунзеге Тондон келе элек экен. Көңүлүм тынчып калды. Жаш баласы менен ысыкта убара болгондур деп корктум эле.

* * *

9/VIII 42. Боронов Курманды учураттым. Фрунзе атындагы Военная академиянын алдындагы комиссарлардын кур-

сунда окуп жаткан экен. Бүгүн акчалуу болуп калдым. Дүнүйө деген ушул — кечээги кыйналганым эстен чыгып кетти. Бримбердиев өкөөбүз пиво, вино ичтик.

* * *

10/VIII 42. САВого ст. баткомиссар ж. Косенковко дагы бардым, мен аны, ал мени жадатып жибердик. ПУнун начальниги менен сүйлөшүп, мени Кырг.военкоматтын карамагына жиберди. Кулубек, Сырганы көрүп алайын деп сүйүнүп калдым.

* * *

11/VIII 42. Колума документ бермеги тозок болду. Бир ооз сөзү үчүн беш-алты саат күттүрөт. Зарыктым. Кечке ысыкта жүгүрүп жүрүп, жумшак вагонго миндим. Поезда Муратов Жумакан келе жатыптыр. Вагон ээн, бир күпеде өзүм жалгыз отурдум. Саат 7де Ташкенттен Фрунзеге жөнөп кеттим.

* * *

12/VIII 42. Жумшак вагондо жапа-жалгыз келдим. Саат 8де Фрунзе станциясына түштүм. Үйгө телефон урсам, Токтокан жооп берди. Баласын көтөрүп Түгөлбай жүрүптүр. Мурду баштыктай баласы бар экен. Азамат болот! Шаршендин өлгөндүгүн уктум. Өлүм деген ушул да. Шаршендей кишилер жүз жылда бир гана табылат. Түндөп Кирг.военкоматка барсам эч кимди таппадым.

* * *

13/VIII 42. Эрте турдум. Түндө Кулубек түшүмө кирип, уктай албай чыктым. Таң азанда күн бүркөк болду. Тоолордун башы чаң баскандай көрүнбөй турду. Саат 8де Кир. военкоматка барып Тоңго, Ысыккөлдү көздөй жооп алуум керек. Кулубек менен Сырганы көздөй сызыуум керек...

Саат 9да Кир. военкоматка бардым. Он эки күн отпуска берди. Кетүүнүн айласын таппай эки-жакка жүгүрдүм... Наркомсавхоз Сеитовго келип телмирдим. Көчөдө бир машина турат эле, Ысыккөлдүн тескей жагы менен кете турган машина экен. Мага жага бербей калды. Саат 3-тө кетебиз, күт дешти. Шоферу аял киши экен, кыңырылып кетти. Күтүп отурам. Эгер ал машина мени алса оңгонум, эртең Тондо болом.

Баягы «келем» деген машина дагы эле жок. Үч саат өтүп кетти. Бир сааты бир жылдай болду го. Машинанын үнү чыкса эле, эки жакты элеңдеп карап калам. Келер бекен, же убара болуп жүргөн менин убара кылар бекен?

* * *

Кайран менин жаным ай!.. Күтүүдөн көңүлүм үч көчкөн журттай калды. Баягы «келем» деген машина алиге жок. Алты саат өттү, гана келгени. Муздак цементте, көчөнүн боюнда алты саат күтүп отурам. Курсагым ач. Жөжөкандарга звонить этсем «нан жок» дешти. Балдарым үчүн бара жатамда, болбосо ушул кордук, күтүүдөн көрө түрмөдө жаткан артыктыр.

* * *

Машина келди. Сүйүнгөнүм ай! Көңүлүм жарк дей түштү! Автол жок деп дагы шылтоосу чыга келди.

Машинага түшкөнү жатсам, Жөжөкан тамак көтөрүп жетип келди. Конок ботко аралашкан уйдун каткан боору экен. Мени менен кошо түшкөн кемпир суксуңдай талашып жешти. Машина секиртип, көчүгүн тактайга койгулай бара жатса да бир деме жеп, сууга бал аралаштырып ичип өлүп жатат. Карылыгы жетип, сүйлөдөн калган мастан экен.

* * *

Жөжөкан оокатка тың, эстүү баштуу киши болот. Токтокан маңыроо...

* * *

14/VIII 42. Түндө келип Боом капчыгайынын ичине, Кызыл көпүрөгө келип, автол жетишпей түнөп калдык. Таң атарда тоонун башында өчүп бара жаткан Чолпонду көрдүм!... Үрөң-баранда суунун жээгине барып жуундум. Чүй чалмаланып күүлдөп жаткан экен. Ташкенде күндүр-түндүр тер куюлуп зорго жүрдүм эле, азыр колум тоңуп ушул катты жаза албай отурам.

Кыргызым! Жериң, бир мээримдүү, бир каардуу го!...

Саат 8:30да кыргыз элинин мактанычы, даңкы, көркү, ырысы — Ысыккөл көрүндү. Балыкчыга кире бererде балонубуз жарылып, сүйрөлүп зорго жеттик. Көлдүн боюна келип көк шиберге чаңымды күбүп, көлгө түштүм эле, таптаза сергий түштүм.

Ысыккөл күзгү күндүн нурунда көшүлүп жатат. Тунарып Тоңдун тоолору көрүнөт. Ал тоодо кулунум Кулубек, ардагым Сырга бар!..

* * *

Керели кечке жолдо жүрдүк. Улам машинабыз бузулат. Актерекке келдик да, жатып калдык. Машинанын үстүндө уктадык. Сууктун болгону ай!...

15/VIII 42. Эрте турдум. Баарыбыз калчылдап үшүп калыптырбыз. Тоңдун кардуу чокуларына так саат 6 да күн чачырады. Кулубектер жаткан жайлоонун үстүндө бир үзүм

пахтадай болуп ак тумак жатат. Актеректе дагы эле турабыз. Полдомочумду «Ат таап бер» — деп асылып жатам. Элим ай, качан кишинин баркына жетээр экенсиң?..

* * *

Чыбык кыларга сайган багы жок, анда-санда салынган кыргыздын боз тамдары көңүлдү иренжитет. Келиндер, бойго жеткен кыздар чокой кийишип самтыраган чапанды сүйрөп жүрүшөт... Бул эмине кордук? Эл ушинтип тозуп кетеби? Согуш, тилегиң каткыр согуштун уу шамалынын каары ушул да ... Айылдан муруту керилген жигитти көрбөйсүң. Кемпир чалдар гана үшкүрүшүп басып жүрүшөт.

15/VIII 42. Өч албай кантип калалы!

Саат ондо кадырымды сатып жатып бир арык көк байталга миндим. Кулубекке алып келе жаткан алманы ээрдин артына таңып өчөндөтө желдирип, Тоңду (Кольцовканы) көздөй жөнөдүм. Жүгүм ооп, алмам чачылат, боз байтал терге чөмүлдү. Кескен белге чыкканда Актеректеги дүкөнчүгө асылып жатып отуз сегиз сом кырк тыйынга сатып алган «яблочное» деген таттуу виномду түшүрүп жиберип талкалап алдым. «Кап, ичип эле албай, буйруган эмес экен да» — деп өкүнүп калдым. Аны эртең менен тээ Кескен белде ичпегенимдин себеби: мен эртең менен колхоз башкармасынан ат сурап жатканда «райсполкомуңар ким?» — дедим эле, Байсабаев дешти.

— Кайсы Байсабаев? — дедим.

— Тогузак Байсабаев.

— Баягы сот болуп жүргөн Тогузакпы?

— Так ошол өзү.

— Кокуй, анда мен дароо звонить этейин, ал мени укса өзү эле чаап келет — дедим да, көк байталга мине коюп, почтого чаап барып, звонить эттим:

— Алло, Кольцовка?

— Да.

— Дайте, пожалуйста кабинет председателя райсполкома!

— Готова.

— Бул ким?

— Райсполком.

— Мне надо Т. Байсабаева

— Он говорит.

— Тогузаксыңбы?

— Ооба.

— Мен Жоомартмын. Силерге бара жатып машина сынып калып, Актеректе жатамын. Ат жок, колхоз башкармасына асылсам, бир арык байтал берди. Тогузак менин атым-

ды укканда жаны-маны калбай калды. «Түндө эмине звонить эткен жоксуң? Коштотуп ат чаптырайын, же ошол жерден эле жакшы ат таптырып берейин. Тогузактын жолдоштугу менин көңүлүмдү көтөрдү. Жакшы атына күйбөй, көк байталды миндим да, жүрүп кеттим.

Жанагы винону ушул Тогузак менен бөлүшүп ичмек эмес белем. Экөөбүзгө тең буйруган эмес экен.

Тогузак менен мындай тааныштым эле: 1940-жылдын күз айында Кыргызстандын 15 жылдыгына карата Сталинге кыргыз элинин атынан кат жазгыла деп, мени, Аалыны, Алыкулду, ырчы Алымкулду Чолпонатага жиберишкен. Биздин андагы өткөргөн күндөрүбүз эч унутулгус күндөр болгон... Тогузак Чоңсарыойдо сот экен. Биз менен таанышып калып мергенчиликке, айылга бирге барып, бирге ойноп-күлүп жүрдүк эле. Мурду ителгинин тумшугундай, көзү чоң, ыйманы ысык, жапакеч, мергенчи, сөзмөр жигит эле. Ошол күндөрдөгү достукту унуткан эмес экен, азамат!

* * *

Саат он эки чендерде кескен белди ашып, кашаң байталды камчылап Аксайга түштүм. Ат коштогон бала көрүндү. Тогузак мага жиберген го, деп ойлодум. Рас эле мага жибериптир. Суудa киринип, сергип алдым да, таскактатып отуруп кайнатамдын үйүнө жеттим. Короого желдирип кирсем, кичи кайненем Жумакан чыга калып, өтө сүйүнүчтө болуп, жалынып-жалбарып калды. Кулубектин, Сырганын аманчылыгын угуп көңүлүм тынып калды. Тогузакка барып учурашып, жайлоого чогуу чыгууга ат сурадым. Таап бермек болду, бүгүн жайлоого Күкенге чыгып кетем.

* * *

Ысыккөлдүн боюн август, сентябрь, октябрь айларында көр! Киши тили менен сүрөттөп айткысыз күндөр болот. Күндүн нуру адамдын оюн менен каалаганындай болгонсуп мемиреп, коңуру тартып адамды ысытып да, сергитип да турат. Какыр чөлдө өтө суусаган кишиге муздак кымыз жуткургандай, Ысыккөлдүн боюндагы күндүн нуру адамды өстүрүп, толтуруп, моокум кандырып көшүлтүп турат. Ушул нурду адамдын сезимине жетээрлик кылып сүрөттөөгө качан да болсо тилим жетээр бекен деп?!..

* * *

15/VIII 42. Саат төрттө кайнатам Жунушбай чаап келип, аттан учуп түшүп, өөп, ыйлады.

* * *

15/VIII 42. Саат 7де Кольцовкадан чыгып, тоону көздөй жөнөдүм. Күркүрөп аккан тоонун тентек суусун бойлоп таа-

ныш жол менен келе жаттым, балдарымды көрсөм десем эки көзүм төрт! Желдире, жорттура күн уясына киргенде тоо таяндым. Муздак жел согуп чыйрыктыра баштады. Аттан түшүп мупмуздак тунук булактын суусунан кочуштап ичтим да, шинелди кийип желдире жөнөдүм. Шашкандыгым ай! Жол арбыбай койду. Мага, тоону көздөй чапсам, тоо менден качкансыйт. Күүгүм кирип каш карайды. Айылдардан бүлбүлдөгөн от чыгат. Күүлдөп күкүк болуп кирген суунун дабышы тоо жаңыртып, башка дабыштарды тепсеп, өзүнө багындырат. Айылдын четине келгенде эле, эшигинде куба ит жаткан, биздин үйдү таанып түшө калдым. Балтек «арс« этип бир үрдү да, мени дароо тааный коюп, мойнума асылды. Көрбөгөнү бир жылдан ашты, киймим башка болгон. Ошондой болсо да, Балтек тааный койду. «Иттин көзү ачык» деген ылакап бар го. Үйдөн күбүр-шыбыр үн чыгат. «Сырга мына азыр эки-үч шилтеди, ушинтип турганын Жоомарт көрсө ай» деген кайненем Оңолдун үнү чыкты. Эшиктен шыкаалап «Тенти»— дедим. Тенти көрө коюп өтө чочуп, бакырып жиберди, кубаныч үйдү көтөрдү. Айылдагылар, жеңе-желпилер, балдыздарым, кайнилерим келишип, чуркурашып учурашып жатышты.

«Ак сарбашылың асыр» — деди кайненем. Короодон ак сарбашыл күрөң козуну алып келишип, орундарынан турушуп, кыбыланы каратып бата кылышып, тилек тилешип козуну мууздашты.

Кулубек сыркоо экен. Сырга сонун болуптур, эки бети кызарып басып калыптыр. Түндө Кулубекти кучактап уктадым.

* * *

16/VIII 42. Эрте туруп, муздак сууга жуунуп, жайлоонун мемиреген күнүнө күнөстөп олтурдум. Маңдайымда кардуу чоку жаркырайт. Көк шибер. Суунун үнү!...

17/VII 42. Жайлоонун күнү бүркөлүп, эртең менен кара булут удургуп дабыратып мөндүр жаап кирди... Топон суу каптачудай мал-жанды корголотуп келди да, заматта күн жарк ачылды. Көтөрүлгөн түндүктөр кайра тартылып, айылапа эшикке жадырап чыгышты.

* * *

1) «Ок ажалга тиет».

2) «Октун жолу ичке».

3) «Кырк жыл кыргын болсо, бей ажал чымын өлбөйт» (эл макалдарынан).

18/VIII 42. Эрте турдум. Көк шибер шуудүрүмгө чөмүлгөн. Тоо-тоонун башына кар жаап кетиптир. Күн чачырап чыкты. Короодогу койлор козголуп, төштү көздөй таянышты.

* * *

19/VIII 42. Эрте туруп, жайлоонун муздак суунa жуундум. Таң эртең менен Мукаш менен Кулушай бир козу союп бышырып турушуптур. Бүгүн Кольцовкага түшөбүз. Кулубекти мен өңөрөм, Сырганы Тенти өңөрөт, Зайнапты энем өңөрөт. Кош жайлоо! Сууңдун, чөбүңдүн, тоо-ташыңдын касиетинен айланайын! Кайра дагы көк шибериңе оонап, муздак сууңдан жутканча аман кал!

* * *

22/VIII 42. Тенти, энем Батый, Кулубек, Сырга, мен болуп арабага түшүп Тоңдун пристанына келдик. Пароход келмек эле, жок. Күтүп отурабыз... Мен көлгө түшүп, кайыкта ойнодум. Майда толкун күн нуруна чагылат. Келсек пароходон дайын жок, шашканыбыз ай!.. Бышып турган козунун этин чала жеп, камылганы чала бүтүрүп чыктык эле.

* * *

22/VIII 42. Күткөн пароходдун үнү угулду. Бир аздан кийин боз тумшукту айланып келе жаткан «Киров» теплоходу көрүндү. Аскер кызматына жөнөп жаткан жүзгө жакын боз балдар. Баарынын көңүлү шат, кабактары ачык. Аларды узатып колуктулары, келинчектери, ата-энелери, карындаштыры, ини-агалары келишиптир. Балдар ырдашып коштошуп, каткырып күлкү менен көл үстүн жаңыртышты... мына ушул учурда «көл үстүндө» деген ырды жазууга ойлоп, анын бир далай куплеттерин ырдап жаттап койдум. Түнкү саат экиде Тоңдон чыктык. Мен уктабай айлуу түндөгү көлдүн, тоо-тоонун башындагы ак моңгулордун сулуулуктарына суктанып келе бердим.

23/VIII 42. Жайлоодон атчан, Тоңдон пристанга чейин арабачан, пароход менен, машина менен кыйналып, кысталып «Быстровка» станциясына жеттик.

«Кыялы тамдын нурундай,
Кыздары кыргыз калкынын,
Ыргайдай бирге гүлдөгөн
Ырыска шерик алтыным,
Көңүлгө кайгы так салбай
Көзүңдүн жашын аарчыгын».

*(«Көл үстүндө» деген ырдан)*

24/VIII 42. Бала-чака менен Фрунзеге келип, курбу-курдаш менен көрүшүп, 26/VIII 42 чейин жүрдүм. 26/VIII — эртең менен военкоматка барсам, мени шашылыш чакырган САВонун телеграммасы жатыптыр. Дагы жөнөмөк болдум. Үйгө келсем, Кулубек менен Сырга ооруп калышыптыр.

Көңүлүм чыдабай өтө коркуп кеттим. Мен кетээрде балдарымдын дени соо болсо, көңүлүм тынч кетпейт беле!

* * *

28/VIII 42. Эрте туруп, вокзалга чуркап барып, Ташкенге билет алдым. Түндө Сырга ыйлап чыкты. Кулубек уктап жатат. Эки сааттан кийин жөнөйм.

* * *

Тенти, Жөжөкан, Токтокан Сырганы көтөрүп узатып чыгышты. Мен өтө чыдай албай, Сырганы жыттап-жыттап алып, кыздарга көтөртүп үйгө кетирип жибердим. Тентини да «кете бер» деп узатып койсом Албина келди эле, кайра аны менен келип калыптыр. Поезд жүрөрдө жүгүрүп Түгөлбай келди. Тентинин өңү кумсарып, көзүнөн аккан жашты көрүп зээним кейип, каңырыгым түтөдү.

Күн ачык, күндүн нурунда чагылган мөңгүлүү чокулар мени узаткандай болушат. Кулубек ыйлап калды.

Поездге миндим. Жумшак вагонго көчүп алдым. Тогузторонун на (?). Райзо Андакулов бара жатыптыр. Мал кууруга Наркомземден алып бара жаткан спирти бар экен, аябай ичтик. Меркеден уктап, Ташкенге эки станция калганда ойгондум. Кандай келгендигимди сезбей калдым.

29/VIII 42. Ташкенге түшүп, жүгүмдү тапшырып, баягы тааныш пунктыга барып оокаттандым. Бүткөн боюм оор тартып, ооруп калыптырмын.

30/VIII 42. САВого келсем, ст. батальонный комиссар жок экен. Күтүп отурам.

Эмне деген приказ алар экенмин? Алган приказым ушул болду: Кимиси мени чакыртканын билишпейт. Акырында отдел кадров чакыртыптыр. «Күтө тур, бир жакка жиберебиз» деп жооп берди. Дагы күтүү башталды.

31/VIII 42. Фрунзеге, Тентиге звонить этейин деп переговорныйда күтүп отурам.

«Чакырган жериң жооп бербей койду» деп акчамды кайра берди, Тенти менен сүйлөшө албай калдым.

1–3/IX 42. Зарыгып күткөндүгүмдү, түндө кандала талап кыйналгандыгымды, согуш убагында согуштук уюмдагы кенебестик, шалакылык жана төрөчүлүктү жазбай эле коёюн. САВого күндө келем, ачка зарыгып күтөм. «Эртең кел» деген жоопту күндүн акырында алам да, шалпайып кайра кетем.

3/IX 42. «Балдардын дени соо, өзүң жөнүндө билдир» деген Тентиден телеграмма алдым.

3/IX 42. Саат 16:00.

Тентинин бышырып берген боорсогунун акыркысын жедим. Төш калтанын түбү кагылды. Калтаны жуудум эле, тырмактарым жылтырап май сыгылды. Кыргыздын калтасынан да Ташкендиктер тоё турган май чыгат...

Зноем дышет лето
На лице твоем,
Зимные морозы
В сердце молодом!

* * *

Но настанет время,
На лице, друг мой,
Будет зимный холод,
В сердце летний зной.

15/IX 42. Ташкент. Эртең мененки саат 10до телеграфга келип, Фрунзеге заказ берип, телефон аркалуу Тенти менен сүйлөштүм. Кулубек Тентинин колунан телефондун трубкасын талашып, «Папа, папа» деп кыйкырды. Кулубектин үнүн угуп тердеп кеттим. Мени абдан сагынды дейт. Сырга жүгүрүп калды деди. Балдарымдын саламаттыгын билип өтө кубанып, көңүлүм тынып калды!..

24/IX 42. Ташкент. Саат 12:25 Фрунзеге звонить эттим. Тенти үйдө жок экен, базарга кетиптир. Энем менен сүйлөштүм. «Сырга жүгүрүп калды, Кулубек эшикте ойноп жүрөт» деген сөздү угуп, көлдөй чалкып толкудум. Басынкы көңүлүм толо түштү! Энем бечара, менин майданга кетем дегенимди угуп жалынып-жалбарды.

26/IX 42. Майданга кетем дедим эле, кетпей калдым. Тентинин көңүлү тынсын, майданга кете электигимди айтайын деп, Фрунзе менен сүйлөшүүгө телефон заказ берип күтүп отурам.

* * *

Саат 10дон беш минут өткөн кезде Фрунзе мени чакырды. Кабинага энтигип шашып кирдим. Бир далайдан кийин ыйлаган Тентинин каргылданган үнү угулду. Жүрөгүм оозума капталып, «балдар бир деме болгон экен» деп коркуп кеттим. «Ой, Тенти, ой, Тенти, сен эмне ыйлайсың» деп кайра-кайра бат-бат сурадым.

— Сен кеткени жатпайсыңбы деген Тентинин үнү чыкты.

— Мен азырынча Ташкенде экенимди, Орто Азиянын шаарларынын бирине бара тургандыгымды айттым. Тентинин көңүлү тынып, жай сүйлөй баштады. Кулубек телефондун трубкасын алып, «Папа, папа» деп кыйкырды.

— «Кулубек, садагаң болоюн» деп мен да жалбардым. Үй тынч. Курсактары ток экен. Көңүлүм тынып, эс ала түштүм!...

26/IX 42. Тентиге звонить этип, кайра келсем замполитрук Тарасов: «Бөкөнбаев, будет тебя сегодня предписание, уволен на запас, домой едишь» — деди. Жок, майданга бармак эмес белем дедим. Калпыбы, чынбы, күтүп турам. Кетментөбөдөн келген бир жигитке жолуктум. Сүзмөгө талкан чалып берди. Шамшыкалдын тузун таттым. Эгер Тарасовдуку чын болсо, бүгүн поездке жармашып, балдарымды көздөй сызам го... саат 14:00.

26/IX 42. Тарасовдун айтканы чын болуп чыкты по распоряжению главпуркка мени армиядан бошотуптур. Поезд саат 19:00дө кетет. Документти 18:00де алдым. Шашканым ай!... Писарга жалбарып жатып жол билетти кезексиз жаздырып алып, вокзалды көздөй чуу койдум. Трамвайга асылып, кабымды көтөрүп тердеп, энтигип келип поездге билет алдым. Поездге чыгып бир үшкүрдүм. Эгер шашпасам бүгүн кете алмак эмесмин. Чарчаганым ай!.. Бирок бул чарчагандыгым эмнеликтендир билинбей калды!... Балдарыма бара жаткандыгымданбы!

* * *

29/августан 26/сентябрга чейин Ташкенде — Ташкентский пересыльный пункта болдум. Зарыгуу, эригүү, капа болуу, балдарымды сагынуу заматта унутулуп кетти.

## ЖООМАРТ!

Колуңду катуу кысып, жалындуу салам жиберемин.

Мен түндө жарым түндө тыштап келдим, уккандырсың. Базаркоргон райондук партия тазалоо кемесыйасынын мүчөсү болуп иштеп жатканымды? Иш ушул. Кызмат күчтүү. Чарчап келсем да сенин катыңды окуп алып чоң кубандым. Мен ушинетип Сайасы бөлүм болуп кеткем. Менин бул кызматыма айрым жолдоштор «Бул эмнең, адабият кайда? Таштайсыңбы?» дешет. Бул эмине деген суроосу экен?!

Бирок менин башымдагы жоопкерчилигим канчалык күчөсө, өзүмдүн негиздүү опорум үзгүлтүктө калат деп ойлобойм. Мен муну ар дайым бекитип айтам. Эгер Партия ишенип ишке кошуп тапшырдыбы уклонсуз турмушка ашыруу баарыбыздын милдет эмеспи. Но... они прав и прав... в том смыслу что я ар дайым өз жолумда иштей албай жүргөндүгүм үчүн. А бирок менден үмүтүн үзө сүйлөгөн аңгемеге мен чыдабайм, Жоомартым. Демек, андай үмүтсүздүк пикирге биз чогулуп отпор берүүгө ар дайым даярбыз деп ойлойм. Чынбы?

Эмне иштеп жатам, эсеп берейин. Жиберген материалды окупсуң. Тема толуп жатат, четинен алып жазып жатам. «Сыналгандар турмушунан» деген кызматтын үстүндөмүн.

1935-жылдын башында бүтөм депсиң, кубанам. Куттуктайм. Башка эминени айтайын. Сен жазыпсың «Ырларыңдын жыйынтыгы келген экен, окуп чыктым. Есть хорошие и ценные вещи и но еще и еще вы находитесь в плену схематизма...» депсиң. Это верно, в этом мы болеем... Бирок сен окугандын көбү жазылган. Кечээ сен мени шилилеп жүргөн кезде жазгамын, жаман болсун деп эч ким ойлобойт. Бирок барлык жагынан 100% жазуу оңой иш эмес экен го, баатыр.

Я сознательно учту и буду принять решительные меры к ликвидации недочет мой работы на основ ваш замечание. Дагы эмине дейин, друг?

Өзүң үзбөй кат жазып тургун. Былтыр сенин инсатыбың менен эмгегим тууралуу кезитке странис уюштурулбады беле. Андан бери сен айткандай үнүм жакшы чыкпайт. Үнүм чык-

макка чоң мүмкүндүк деле бар, билбейм , «КК», «СК» журналдарда менин кийинки эмгектерим чыкпайт. «Иштин шарты ушундай болуп жатса керек» деп тим болом. Кош. Кат жаз!

*МОЛДОГАЗЫ ТОКОБАЕВ*
*20-сентябрь, 1934-жыл.*

**ЖООМАРТ!**

Ойун менен күлкү көп
Күүлдөгөн кыргыз элиңен,
Түзүнөн аска, зоосу көп
Алатоо, Алай жериңен.

Курбуң жазды бул катты
Сагынсаң куса бир басчы.

*(«Окуудагы доско кат» деген ырдан)*

Мен көптөн бери жеке гана өзүм себепкер болуу аркасында саа кат жаза албадым. Бүгүн, мына мен жазган поэмамды элге окуп берип отуруп, ар нерсе оюма келип, маган тааныш сен көз алдыма элестедиң. Бул катты жазып отурам, бирок саган эминени жазып, кандай кабар айтууну билбейм. Кана, эминени жазам? Сыйазыбыз тууралуу боло турган болсо, сыйаз өттү. Мен бул сыйаздын кээ бир учурларына макул болбодум. Анан сыйаз негизинен жакшы өттү.

Анан адабиятыбыздагы маселер боло турган болсо, алган багыты туура экендиги ачык. Бирок менин өз пикиримче биздин адабыат кыймылыбызда вождизим, мактанчылык учурлар абдан күч алып бара жатат. Груповщинага шарт туудурган учурлар дагы аз эмес. Уюштуруу, чыгаруу жактарыбызда деле оңбогондой кемчиликтер бар сыяктуу. Дагы эмнени жазам?

Мен өзүм боло турган болсом редактырлыктан арыз берип бошонгомун. Азыр Наркомпростомун. Эч иш кылбайм. Себеби ошондой болуп бошодум. Көпчүлүк убактым жазууга кетүүдө. Жалпы союздук сыйаздан кийин эки ай творчество командировкесине кетүүгө тийишмин. Бирок азыр кайда барууну ойлоно элекмин.

Жоомарт, ушул бир көзгө көрүнөрлүк буюм бербесек болбой калды көрүнөт. Көпчүлүктү ырлардын жыйнагы менен тоюнтуу эми мындан ары мүмкүн эмес болду. Кандай дейсиң?

Кат жаз. Качан келесиң?

Жусуп (Турусбеков).

**Айтмакчы:** Саа тыйынды жиберип турууну мен кеткенден кийин токтотуп коюшуптур. Бул тууралуу тилиграмиңди алганмын. Жазган катыңды «ЛЖнын» адиресине сал.

*Жусуп (Турусбеков)*
*Прунзе. 13-май 1934-жыл.*

## ЖООМАРТ!

«Маданиятсыз» болсо да
Сагынасың элинди.
Билбесе да баркыңды
Көп эстейсиң келинди...

Мындан бир ай мурун жазган катымды салбай жүрүптүрмүн. Оюмда эмгиче жетип калгандыр, эми Жоомарттан кат келет го деп жүрдүм эле. Бүгүн партипелимдин ичинде жүрүптүр.

Ырларыңдын жыйнагын эчак эле басмага жибергемин, азыр терилип жатат. Акчасын алып, салып жиберейин десем пармалистик кылып болбоду. Ошондуктан ушул катты аларың менен договор жасап, акчасын алууга акылуу деп бир давернес жазып берип жибер. Мен алып салып жиберейин, Өктөбүр майрамында майрамда.

Башка эч кандай жок. Аалы боло турган болсо Кочкор районуна тазалоо кемесыйасынын мүчөсү болуп кеткен. Бүгүн кат алдым. Катына караганда капалуу болуп жүрсө керек. Мен кат жаздым. Кыргызстандын 10 жылдыгына даярдаган алманакты басмага жиберүүгө даярдап жатабыз.

Мен өзүм болсом жазып жатам. Башка эмине кабар жазайын?

Кат жаз. Тиги давернести унутпа.

*Жусуп (Турусбеков)*
*21-октобур 1934-жыл.*

## ЖОКЕ!

Саламатсыңбы? Кулубекти, Сырганы өп! Тентиге, кыздарга менден бир туугандык салам айт! Я жив и здоров! Төлөндүн балдарын, менин кызымы барып өөп кой! Төлөндөн көптөн бери кат албай калдым адрестерибиз өзгөрүп кетти. Менин адресимди ага, аныкын мага жиберип кой, Жоке!

Менин кайсы часта турганымды ЦК дагы Өмүралиев Абаз билет. Ушул частын саясы бөлүмүнүн начальниги Гусев деген кишиге Жазуучулар союзунун атынан кат жазгыла (ал киши мени аяйт, үйгө кетирип жиберүүгө повод таба албай жүрөт). Мындай кылбасаңар бул согуштан аман кайтуу оңой жумуш эмес, Жоке!

Эң кур дегенде бир жакшы роман жазып калсам (бул согуш жөнүндө) жакшы болор эле! Тез кат күтөм! Аман тур!

*(28) 16/XI 42 Темиркулун.*

## ЖОКЕ!

Мен аманмын. Лермонтов жазган Дарыял капчыгайынын оозундамын. Ак кар баскан бийик чокусу булут челип Картаң Казбек менин үстү жагымда турат. Көк кашка тунук Терек таштан ташка урунуп Каспини көздөй шашылып агып: «бекем тур, бекем!» деп күү чалат. Немецтердин блиндажынан үч кана киллометр бери, Осетин Кемпирдин үйүндө жаандан корголоп ыр жазып отурам. Дүйшөналиевди жарадар кылып госпиталга жөнөттүк, Сулаймандан үч күндөн бери кабар ала албаймын? Кулубекти, Сырганы, Төлөндүн балдарын өөп кой! Тентиге, кыздарга салам айт!

Жамалды көрүп жүрөсүңбү? Акылдуу! Турмуштары эмне болуп жатат болду экен? Атбашыга көчүп ал десем, Зукеш болбоптур. Кат жазып тур, Жоке! Жазуучуларга салам айт!

*10/XI 42 Салам менен: Темиркул.*

Куке! Чоң жигит болуп жатасыңбы, садагаң кетейин. Сырга, Зайнидин чоңоюшуп жатышабы?

Мен аман-эсен жүрүп жатам. Ден-соолук жакшы.

Папаңа, мамаңа менден салам айт! Эч кимиси мага кат жазбайт деп таарынып жатат де.

Аман-эсен батыраак чоң жигит болушуңду тилеп, сени сагынып кат жазган сенин абаң Темиркул.

*13/IV 1944*
*Башыңдан он беш өбөмүн!*
*Көзүңдөн, кулагыңан өбөмүн.*

Жоке! Мен аман бармын. Саламаттыгым жакшы. Бүгүн «ККнын» 14-апрелдеги санын алдым. «Салам катты» жакшы жазыпсың! Ар кай жерден бир кыргыз таап окуп берип жүрөмүн. Кулатовдун, Ершов деген дагы бирөөнүн макалаларын окудум. Жапардын Илим Академийасы менен да тааныштым.

Жоке! Менин ырларым качан чыга турган. Теги? Сүрсүп кетти го. Көптөн бери эч нерсе чие элекмин — шарт ушундай, анын үстүнө көңүл келбейт. Июль айларынан тартып, эгерде мүмкүндүк болсо, иштей баштаймын го деп ойлонуп жүрөмүн. Майда ырларды жазууну жыйыштырайын деп жүрөмүн.

Бизде болсо жаз эми болду. Советтик Молдавиянын бактарында бизге тааныш Советтик жердин булбулдарынын сайраганы угулат. Уруш өз алынча. Кээде-кээде гана айыгышкан кармашуулар болуп коюп, кайра кезек менен атышууларга өтүп, эки тарап тең окопто турат.

Тентикеге салам айт! Кулубекти, Сырганы, Зайнидинди өп! Аалыкеме, Мукамбетке, Кубанычбекке салам де. Төлөн эмне мага кат жазбайт.

*Салам!*
*Темиркулуң.*
*12.V. 1944-жыл.*

ЖОКО! Саламатсыңбы? Мен аман-эсен бармын. Күн ысып кетти. Чиркей талап жатат. Көптөн бери кат жазбайсың го? Төлөндөн кат алып сүйүнүп калдым! Аман-эсен балдарын барып көргөнү эң жакшы болду.

Жоко! Кечөө күнү Жалалабаттын газетасынан Манас жөнүндө көркөм фильм түзүлүп жатат деп окудум. Иссенариясын (сценариясын.О.С.) жазуу милдетин алганың жакшы болуптур. Биринчи кыргыз көрком фильми деген оңой эмес да. Жеңиштүү иштешиңе тилектешмин! Кулубек чоң башты, Сырганы, Зайнидинди өп! Тентикеге менин бир туугандык саламымды айт!

Жоко! Менин мына бул жаман түшкон сүрөтүмдү үй-бүлө альбомуңарга кошуп койгула.

*Сенин Темиркулуң*
*2 июнь, 1944-жыл.*

## 12/VI 43. ЖООМАРТ!

Кат, телеграмдап жатып сураган китептерди Аалы жибериптир («Алга», «Канга кан», «Кагылайын кайран жер», «Эр күчүн эл сынайт», «Желек»). Аалы менен Кубанычбектикин окуй элекмин. Молдогазы менен сеникин окуп чыктым. Сенин китебиңдин ичинде окуп кумардан чыга турган ырларың бар экен. «Көл үстүндө» дегениңди окуп, кыргыз адабиятынын өсүлөң тартып бараткanын байкайм. Албетте сенин жоргоң жакшы чыгып, бузбай сала турган шарты бар. Эми аны сылап сыйпап, жакшы миниш керек. Айнып кетмең бар, ошону жоюп, тил, көркөмдүк, маңыздуулугуңа күрөшсөң укмуш боло турган. Бул тууpасында менден толук каталасың. Сенин кайниң Эсекеев мага коңушу ротада. Жаңыдан келген жеринен таап сүйлөшүп, оңуп калдым. Аалы, Кув. китептерин ошол окуп жүрөт. Кыргыздан эми экөө болдук. Буда болсо чоң каниет.

Жоомарт! Мен өзүмдүн үй-бүлөм тууpасында кийинки убактарга чейин эчтеме дегеним жок. Өздөрү билер деп тим койгомун. Бирок биздин арабызды сен жакшы билесиң. Анын үстүнө Туканга бир топ эл башкача карайт. Бул иштин кишиликке жатбастыгын жана бул өңдүү кишиликсиздикти колдоп келаткандык бар экенин биз билебиз. Ал эми качанга чейин болмокчу. Эгерде мен куулуп кеткен болсом да эми

жетишет. Мен солдат болуп жүрүп үйгө эчтеме кылалбасым белгилүү. Офицер болуп чыкканда да менин бергеним менен үй-бүлө ток болбойт. Демек дүкөнгө бекитип кийим-кечектик бирдемелердин ордерин балдарга берип турушса көмөк болор эле. Бул туурасында сөз кылса жакыр болуп көчөдө басып калгандай көргөн кишилер бар окшойт. Сен Тукан менен сүйлөш. Мүмкүн болушунча Туканга жакшы кылышсын. Аалыгада жаздым. Кат жаз. Жолдоштук колумду сунуп Узакбай. Союзга барган катты ар ким окуй берчү эле. Үйүңдүн адресин салып жибер.

Кымбаттуу Жоомарт!...

Кыргыздын ардактуу улуу жазуучусунун бири болгон, кыргыздын чыныгы кымбаттуу уулу сизге, мендей иниңиз сагынычтуу жүрөгүнөн толкундай чыккан ысык саламын өзү кол кармашып жетип учураша албагандыктан ак кагазга, көк сыя менен жазып почта аркылуу жиберет!

Ардактуу агай, дениңиз соо, жакшы саламаттыкта өз кызматыңызды аткарып жатасызбы. Өзүңүздүн жигиттериңиз дени сак чоң азамат болуп тарбияланып жатышабы. Жолдошуңуз саламаттыкта турабы?

Жоке, менден Аалыкеме, Кубанычбекке, Саткынга, Түгөлбайга жана башка жазуучулар союзунда иштеген агайларга, эжелерге сагынычтуу ысык салам айтууңузду сураймын.

Жоке... Сиздин 27/V 44. де жазган катыңызды 7/VI де түшкү саат 11 жарымда алып окудум. Сиз менен учурашкандай болуп Фрунзе шаарынын элестери ар кайсы көчөлөрү артыкча Дзержин көчөсү сүрөттөлүп көз алдыма тартылды. Ушунчалык кубанычта болуп катыңызды башынан кирип аягына чыгып кайра да баштадым. Сиздин элесиңиз, бир нерсеге кубанып, бизге ошол кыргыз эли үчүн, болгон жаңылыкты, кубанычтуу иштин жайын чечип түшүндүргөндөй болуп көз алдымда элестеп көрүнүп турдуңуз. Мен көрбөсөм да, көрүнүктүү иштериңиздин, маанисине кыргыздан тарыхта калуучу маданиятын, искусствосун түзгөн сиздей кыргыздын чыныгы уулдарына, жолдошум Ташмамат экөөбүз сиздердин ошончолук эмгегиңиздерде ылайык баалуу кыргыздын сөздөрүнөн сөз таба албагандай болуп кеңири чоң толкунга баткандай болуп көрүндүм.

Сизден — дагы мындан ары үзбөй кат жазып аманчылыгыңыздарды билдирип жазып туруунуздарды сураймын.

Бизге журналдарыңыздардан, казеталарыңыздардын күндөлүк номерлеринен жиберип турууңуздарды сураймын.

Биз болсок Ташмамат экөөбүз бирге бул жердеги окууда окуп жатабыз. Окуубуз жаман эмес, турмушубуз жакшы. Биз,

быйыл отпускага бара албайбыз келерки 45-жылдын жай айларында барабыз. Биз күзгө жетпей, Сумма деген шаарга көчүп барганы жатабыз. Ага чейин үзбөй кат жазып туруунуздарды сурайбыз. Семетей кино картинасын качан бүтөсүздөр? Кош көргүчө аман турууңуздарды тилей иниңиз Дайыр. Ташмаматтын жолбашчылыгы алдында жазылды. (Дайыр Асанов).

*7/VI 1944 ж.*

## ГҮЛ ТУРМУШТУН ЫРЧЫСЫ

Сайран күндүн добулбасы,
Салтанаттуу дүң берет.
Сан-салтанат арасынан,
Сайрап булбул үн берет.
Кулагыма толгой черткен,
Кубулжуган күү келет.
Жүрөгүмдү жаңга бөлөп,
Жүрөгүмө күү берет.

*Мухтар Борбугулов*

## ТАБАР БЕЛЕМ

Кандай укмуш,
Тийип турган күнүм жок?
Кандай шумдук,
Кармап турган гүлүм жок?
Кандай айла,
Жалын болуп ичим чок?
Айткылачы,
Кайда кетти алганым?
Кантип издеп табамын?

*Тенти Адышева*

## ЖООМАРТ ТИРҮҮ

Жалгыз тарткан кайгыбы,
Жабыгып жаным өкүнбө!
Эмгеги калбай элине,
Ардагым кетсе өлүмгө,
Өкүнүч болмок ошондо,
Дарексиз өткөн өмүргө.

Шаңдуу чыгып угулган,
Үнүң калды кыргызда.
Саймадай көркөм көңүлгө
Гүлүң калды кыргызга.

*Тенти Адышева*

## ЖОЛДОШ ЖООМАРТ

*(Эстелиги алдында окулган)*

Сен бир булбул, сайрап оттуң заманды,
Сендей уул бул заманда жаралды!
Жолдош Жоомарт, жүрөгүңдү ач, кабыл ал,
Жолдошторуң сага арнады саламды!
Сени көргөн миң сан жаңы жеткинчек,
Сен болсом деп, сенче кармайт каламды.

## КОШ КУРБУМ

Кош Жоке, курдаш элек бирге өскөн,
Максатка Алатоодой жетсек деген.
Гүл элең жаңы ачылган, булбул элең,
Тилинен бал тамызган, эли сүйгөн.
Чебер тил — сөз толусун берет дешкен
Бел туткан, замандаштар күткөн сенден.
О, чиркин окуптту го, өксүттү го
Колуңдан курч каламың түшүп кеткен.

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

## ЖООМАРТЫМ

Жоо тобуна ок жаадырган пулемёт,
Көзү жалын каны дайра, жүрөгү от.
Улуу майрам, улуу тойдун ичинде
Жан курдашым Жоомартымдын орду жок.

Анын ыры таттуу тилдүү бала эле,
Бул замандын чын сүйүктүү жаны эле.
Жорголугун салыштырып келгенде
Шырдакбектин жоргосундай бар эле.

*Алыкул Осмонов*

## ЖООМАРТКА

Эсинде да сенин мактап жазганың,
Сүйүп карайт жалын жүрөк жаштарың.
Ысыккөлдүн толкунундай көрүнүп

Түрмөктөлүп тармалданса чачтарың.
Мактанышат Пушкини деп кыргыздын
Гүлү эле дейт биздин жыргал турмуштун.
«Гүл турмушту» күндө үч убак ырдашат,
Ушул жаштар сени кантип унутсун.

*Темиркул Үмөталиев*

## КУРДАШЫМДАН АЙРЫЛДЫМ

Балапан кезден жан курбу,
Бирге окудук калаадан.
Эрме чөл бетин гүлдөткөн,
Элибиз кетпей санаадан.

Кокустан келген ажалдан,
Кете бердиң арадан.
Жүрөгүм кантип айыгат,
Жоке, өзүң салган жарадан.

Алатоо гүлүн тандашып
Бирге үзөбүз дечү элек.
Аркырап аккан дайрадан
Бир кечебиз дечү элек.
Кайда кетсек, майданга
Бир кетебиз дечү элек.
Ажыратып өзүмдөн
Шум ажал кетти жетелеп.

*Кубанычбек Маликов*

## ЖООМАРТКА

Таптармал өркөчтөнгөн толкун элең,
Талыкпай жарга тийип октос берген.
Капыстан кайран толкун как жарылып,
Карматпай караан үзүп кеттиң белем.
Жаныма, жүрөгүмө баттың бекем,
Үшкүрттүң, улутунттуң, кантем Жокем?!

*Мидин Алыбаев*

## КОШ ЖООМАРТ!

Терең сыр, кенен көөдөн, ачык маңдай,
Жайнаган кыргызыңдын гүлү элең.
Жар салып кең мекендин жеңиштерин,

Шаңданган өз элиңдин үнү элең,
Чакырдың: «Мекен үчүн алга!» — деп эл,
Элиңдин сен айбаттуу сүрү элең.

*Кубаныч Акаев*

## ЖООМАРТКА ЭСТЕЛИК

Каламың өткүр курчунан,
Кадырың көпкө билинди.
Каргаша өлүм жармашып
Солутту сайма гүлүңдү.

Толкуну элең дайрадай,
Токтолбой бир сөз жазганда.
Кеңитип нуска таштадың,
Келечекте жаштарга.

*Алымкул Үсөнбаев*

## БУЛБУЛГА

Калемиңден тунук сырлар төгүлгөн,
Кыргыз эли эч чыгарбайт көңүлдөн.
Кала албадык ажыратып өзүңдү,
Кыянатчыл каршы келген өлүмдөн.

*Шекербек Шеркулов*

*Аалы Токомбаев*

## ЖООМАРТ

Жоомарт дүйнөгө өз учурунда келди, бирок мезгилсиз кайта кетти.

Жоомартты тарых унутпайт. Ал Советтик Кыргыз адабиятын куруучуларынын бири, анын каламы социализм доорундагы өткүр, күчтүү каламдын бири. Өзү коомдун арабасын сүйрөгөн маданияттуу алдыңкы күчтөрдөн болучу.

Жоомарттын дүйнөдөн кайтышы совет адабияты үчүн чоң жоготуу. Ал кыргыз адабиятынын кең келечегине канат керген маданий кораблдин бири эле, ал мезгилсиз аварияга жолукту. Анын бай фантазиялары, өлчөмсүз үмүттөрү мурас болуп, каламдаш замандаштарына калды.

Анын бүткөн эмгектери жана баштаган иштери, коом ортосунда Жоомарттын өлбөгөндүгүн, дайым биз менен экендигин көрсөтөт, биздин көксөөбүздү ошол гана суутат. Биз ошого гана алымсынабыз. Жоомарттын дабышы биздин үн менен бирге чыгат, бирге жүрөт.

*Темиркул Үмөталиев*

## БАЛАПАН КУШ БОЛОТ

Жоомартты кыргыз жеринин сулуулугун тарткан сүрөтчү дешип замандаштары бекер айтышкан эмес. Бул, албетте, чын.

1946-жылы аскердик кызматтан бошоп келип, Жоомарттын өзүн эмес, анын мүрзөсүнүн үстүнө коюлган эстеликти көрдүм. Менин акын курбум 1944-жылы 1-июлда автомобилдин астында калып мерт болгонун согуш майданында жүрүп уккан элем, өксүп-өксүп ыйлап, көзүмдөн көлдөтүп жаш төккөн элем. Жаш кетти, өзүндөгү ыр кенин толук бербей, канаттарын кере жайып алыска чабыттабай кетти деп арман кылган элем.

Бирок анын «Ажал менен Ар-намыс» аттуу поэмасын окуганда менин көз алдыман 1930-жылдардагы чалгыны жети-

ле элек балапан эмес, асканы айланып чабыт салган бозум түлөк куш учуп өткөндөй болду.

Ооба, балапан куш болот деген туура сөз экен. Жоомарт жетилип куш болгондо, «Алтын кыз», «Токтогул», «Манастын уулу Семетей» аттуу ири драмалык чыгармаларды, толуп жаткан чакан поэмаларды, эң көп ырларды, «Ажал менен Ар-намысты» берип кетти.

Жоомарт Бөкөнбаев менен бирге жүрүп, анын куштай учкул ырларын көңүлгө жаттап, кылтактап кармап калганым үчүн бактылуумун.

Ана! Тээ тигинде жаш сулуу Чынар:

«Жүрөктү мынча козгойсуң,
Сүйгөнүм бозой окшойсуң?
Өзүмдү жоктон тапкансып
Өзгөнү неге кошпойсуң»,—

деп эр көкүрөк курбусу Жапарга сөз таштап, айлуу түндү жаңыртып, жаштык ырын созуп тургансыбайбы?

Кайран Жоомарт! Асыл курбум, таңшыган булбулум! Ырың дагы эле жаңырып турат...

*Кубанычбек Маликов*

## АКЫН ЖООМАРТ

Жоомарт өзү ырында жазгандай, ал өзүнүн каухардай таза, нурдуу ырлары менен өз эли эркелеткен, элинин жүрөгүнөн орун алып, канына сиңген сүйкүмдүү акын эле.

Жоомарттын курч тилин, шурудай тизилген көркөм ырын суктанып окуп, жалындуу ырчынын чебер каламын сыйлабаган ким бар эле?

Мен тарыхчы да эмесмин. Адабиятты илим көзү менен элекке салып жүргөн теориячы да эмесмин. Жоомарт менен бала күндөн бирге окуп, бирге өсүп келе жаткан, кыргыз маданиятынын казанында бирге кайнашкан анын катардагы жолдошторунун гана биримин.

*Ираклий Абашидзе*

## БИЗ МЕНЕН БИР

Кыргыз акындарынын таланттууларынын бири Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүрү жана чыгармачылыгы мезгилсиз токтоду. Ал турмуштан эрте кетти, бирок артында биздин жүрөккө жакын ырлары калды.

Алдымда Ж. Бөкөнбаевдин ырлар жана поэмалар жыйнагы* жатат. Ырас, Бөкөнбаевдин лирикасынын көркөмдүк

* Жоомарт Бөкөнбаев. «Тандалган чыгармалар». Кыргыз Мамлекеттик Басмасы. Фрунзе ш. 1958.

өзгөчөлүктөрү жана ички образдык системасы тууралуу орусча котормосу боюнча пикир айтуу кыйын, бирок Чыгыш акындары бизде өзүбүздүн жалпы «тилибиз» бар. Деги эле, Сергей Есенин айткандай: «Акын акынга дос» эмеспи. Анын сыңары, кыргыз акыны Бөкөнбаев өзүнүн чыгармаларындагы бүткүл совет поэзиясына байланышкан касиети менен бизге кымбат.

*Л. Пасынков*

## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ

Кыргыз опера театрында «Алтын кыз» музыкалуу драмасы ийгиликтүү жүрүп жаткан кез эле. Мен Жоомарт менен ошондо тааныштым. Бир жолугууда ал мага Пушкиндин ырларын орусча окуп берди. Кийинчерээк мен анын өз ырларын орусча окудум. «Пушкин экөөбүз жүрөктөшпүз»,— деп тир ал бир ырында. Орустун улуу акынындагы артык касиетой кыялы оргуштаган жалын мүнөз, кызуу кумардуулук Жоомарттын жүрөгүнө жакын эле.

— Адамдардын ичи-сыртын аңтарып көрө билүүгө Пушкин, Лермонтов экөө менин көзүмдү ачты,— дечү Жоомарт.

Жалалабад областындагы Кетментөбөнүн адамдарын ал кээде Пушкин менен Лермонтовдун геройлору кылып элестетчү. Анткени менен жердештерин ал өзүнчө, Жоомартча сүйчү жана түшүнчү.

*А. Казанский*

## ЖООМАРТТЫН СӨЗҮ

Бул да 1943-жылдын ноябрында болгон эле. Кыргыз элинен жиберилген жети делегат Донбасска барып түштүк. Биз жакында гана немецтик-фашисттик баскынчылардан бошотулган Сталин областынын шахтёрлоруна жана колхозчуларына эшелон менен жиберген кыргыз элинин белектерин жеткирип барганбыз. Донбасстын эмгекчилеринин чакыруулары боюнча биз бир топ шаарлар менен кыштактарда болдук. Марьин районуна караштуу Ленин атындагы колхозго келгенде коңшу артелден чабарман келип, бүгүн алардын колхозунда болобуз деген биздин убадабызды эсибизге салды.

— Эл үч сааттан бери мектепке чогулушуп күтүп жатышат. Таарыныч чоң боло турган,— деди чабарман. — Биз Ленин колхозу менен мелдешкенбиз. Бизге түшпөй өтсөңөр, аябай таарынтып коёсуңар.

Мына эми он чакырымча жол жүрүп, Ильич атындагы колхозго келдик. Кичинекей мектептин имаратына сыгылыша сыйлыгышкан эки жүзгө жакын колхозчулар алыскы

Кыргызстандан келген кымбаттуу меймандарды кубанычтуулук менен тосуп алышты. Колхоздун узун бойлуу, арык чырай председатели жолдош Голущенко мындай деп айтты:

— Бизде төрт ферма бар эле, фашисттер бардыгын жок кылышты. 130 жылкы, 450 уй, 560 кой жана 1200 канаттуу куштарыбыз бар болчу, эчтеме калган жок.

Фашисттер аябай запкы көрсөтүштү. Алар курал менен, камчы, союл менен элди жумушка айдап турушту. Бирок биз багынып берген жокпуз. Партизан болуп кеттик. Жашындык. Бир нече ай бою күн көзүн көрбөй подвалда жаткан кыздарыбыз да болду. Мына бу Пивник Еленаны карагылачы, үч ай бою үйдүн түрмөсүндө жатты. Ал эмес, Германияга алып баратканда вагондон түшө качкандар да болду, мына мисалы, силердин жаныңарда турган Малашко Нина немецтердин аткылаганына болбой, поездден түшө качып кеткен.

Ушинтип фашисттерге багынбай койдук.

Мына эми бощтондукка чыктык. Бул үчүн Кызыл Армияга, орус элине жана бир тууғандык жардам көрсөткөндүгүңөр үчүн силерге ырахмат! — Председателдин жөнөкөй сөзүн биз толкундануу менен уктук. Отурган элдин өңүнөн фашисттердин коркунучтуу эзүүсүнөн жапа чеккендиги, бирок багынып бербегендиги өзгөчө сезим менен билинип турду.

— Мен,— деди четте турган ак куба кыз,— биздин кымбаттуу акын мейманыбыз, өзүнүн ырларынан окуп берүүсүн сурайм. Аны колхозчулардын бардыгы сүрөп кетишти. –Биз баарыбыз өтө суранабыз. Барпайган тармал чачтуу, кызыл жүздүү Жоомарт столдун ары жагынан чыкты да, элдин алдына келип турду.

— Урматтаганыңыздарга ыраазымын,— деди толкундануу менен колун көкүрөгүнө кысып. — Чоң ырахмат! Мен суроонуздарды орундатайын. Менин ырым украин элине жана анын ырчысы Тараска арналган. Алыскы бийик тоолуу Кыргызстандан да улуу ырчыны сүйөт жана жакшы билишет.

Биздин акын Токтогул сыяктуу Шевченко падышачылыктын чынжырында болуп, сүргүндүн оор азаптарын көргөн. Элдин душмандары акынды ырдатпоого аракет кылган. Бирок сөз эркиндигин чынжырлап бекитүүгө болмок беле? Токтогул менен Шевченконун ырлары элдин арасын эркин куштай аралап, боштондук үчүн күрөшкө чакырган.

Жоомарт кыргыз тилинде ыр окуп, анын мазмунун орус тилинде кайра айтып берди.

...Буурул чачтуу карт Днепр алыскы деңизге барып куюп жатат. Бирок анын толкундары зарын айтып күңкүлдөйт. Днепр тынчсызданат. Карт Тарастын жүрөгү да тынчсыздануудa. Ал эл орноткон эстеликтен түшөт да, өзүнүн эң

сүйүктүү дарыясына барат. Анын жээгинде бир жаш жароокер ыйлап отуруптур:

— Сен эмне ыйлайсың, айланайын?— деп сурайт Тарас.

— Мен кантип ыйлабай коёюн, Тарас ата,— деп жооп берет ал.— Днепрди карачы. Анын тунук көк толкуну кайда? Ал кандан кызарып кетти. Ал кан биздин аталарыбыз менен бир туугандарыбыздыкы, күйөөлөрүбүз менен бозойлорубуздуку, биздин эр жүрөк жоокерлерибиздики...

Залда тынчтык өкүм сүрүүдө. Далайынын көзүнөн жаш кылгырып эркектердин жүздөрү каардана түштү...

— Тарас аябай ачууланды.— Менин Днеприм эмне болгон? Анын тунук толкундарын ким ылайлаган.

— Фашисттик ырайымсыз душмандар биздин жерибизге кирип келди,— деп жооп берди кыз.

— Биздин орустар, белорустар, кыргыздар өңдүү боордошторубуздун каны төгүлүп жатат.

Тарас кыжырлана сүйлөдү:

— Ай кыз! Менин сөздөрүмдү элге айтып кой:

— Тургула,

Чынжырды үзүп таштагыла!

Жана ырайымсыз душмандын төгүлгөн каны менен өз эркиңерди чыңдагыла!

Мен өзүмдүн элимди жана боордошторумду душманга аябай кыжырлангыла деп чакырамын! Элдердин жүрөгү душманга карата жек көрүүчүлүк сезимине толсун! Менин айткан насыяттарымды айтып кой: душмандарды кыйраткыла, аларды тууган жерден сүрүп чыгарып, өздөрүнүн үңкүрүнө тыгып жок кылгыла. Силердин жаңы эрдиктерди жасооңорду, жеңиш үчүн дагы салгылашууңарды каалаймын...

Акын унчукпай калды.

Уккандар күрөш менен жеңиш үчүн жаңы күч төрөлүп, ташып төгүлчүдөй болуп жаткансып аста отурушкан. Бир пастан соң, кубанычтуу дүркүрөгөн кол чабуулар тынчтыкты бузуп жиберди. Жоомарттын колун кысышып, кучакташты. Ага карай кыздардын нурдуу көздөрү күлүңдөп, эркектер сабырдуу жана кайраттуу карашты. Бир маалда залдын бурчунан:

— Өлөрүм менен Днепрдин боюна көмгүлө,— деген улуу сөз угулду. Күрөш менен жеңишке үндөгөн ырчынын жалындуу чакырыгынан ант менен жооп кайтаргандай залдагылардын бардыгы Шевченконун «Заповита» деген сөзүн бир маалда катуу айтышты. Жоомарттын сөзү элге жетти.

## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ — ТӨЛ БАШЫЛАРДЫН ЧЫГААНЫ

Кыргыз совет адабиятынын башталышын бир-эки гана жазуучунун ысмына байлап таштоого болбойт. Биздин оюбузча, 1920—30-жылдары чыгармачылык майданда көзгө көрүнүп, бир нече китеп чыгарып, артына өрнөктүү көркөм тексттер калтыргандар түгөл бойдон улуттук кооз адабиятыбызга пайдубал кургандардын катарына кошулат. Эне тилибизде адабият жолун адеп чапкандардын арасында Жоомарт Бөкөнбаевдин жазуучулук аты аттын кашкасындай таасын көрүнөт. Себеп дегенде ал эң оболу ата-энесинен бадырайган акындык «чымын» менен жаралган, төгүлүп-ташып турган өзгөчө көркөм *талантка* ээ болгон жан экен.

Ырас, адабиятыбызды жаратууга катышып, өнүктүрүүгө кошумча кошуп, элге-журтка таанылган акындардын көбүн талант жагынан өксүгөн деп айтыш кыйын. Бирок таланттын да таланты бар эмеспи. Жазма поэзиябыздын кылым арыта элек тарыхын караштырып көрсөк, биз азыр чыгаан акындар деп жүргөндөрдүн жоон тобу чыгармачылык жолун там-тың ыр жазгандан баштап, анан бара-бара гана таскагы чыгып, калеми төшөлүп, кадырece тыңып кеткенин байкайбыз. Маселен, Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев, Алыкул Осмоновдордун эң алгачкы ырлары ыр саптарынын жалпы токулушу, поэзиялык жаңырык чыгарышы, лексикалык каражаттарынын максатка ылайык колдонулушу боюнча аябай жармач болгон. Ошол ырларды өз убагында окуган адам, эгер ал көркөм сөздүн ак-карасын чындап айра тааныган жан болсо, алардын авторлорунан жүрө-жүрө чоң акындар чыгат деп олуялык кыла албайт эле. Ал эми айрым бир кыргыз акындары биринчи эле жарыялаган чыгармалары аркылуу ыр кураштыруу техникасы, сөз айкалыштарын кынашы, ойлорду туюндурушу жагынан тың экенин билдирип койгон. Буга мисал катары Касым Тыныстанов, Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, Мидин Алыбаев, Байдылда Сарногоевдерди көрсөтө алабыз.

Мунун түпкү себептерин териштире келип, биз мамындай бир божомолго такалдык. Чү деген эле жерден чыйрак жазып чыккан акындар бала чагынан элдик оозеки поэзия көп жаңырыктап турган, күчтүү өнүккөн, аздектелген чөйрөдө өнүп-өсүп, элдик көркөм мурастарды жан дүйнөсүнө нары терең, нары арбын чөгөрүп, жашында эле оозеки ыр токуганга талпынып, машыгып, атүгүл төкмө ырчылыкка багыт алып калган жандар окшобойбу. Ошондой «кесиптик камылгалар» алардын адеп жазган ырларынын салыштырмалуу дурус жаралышын шарттаган сыяктуу.

Кантсе да Жоомарт Бөкөнбаев 1920-жылдардын аяк ченинде, жаңыдан көз жарып келаткан адабиятыбызда, жарк этип көрүнүп, дароо келечектүү жаш акын катары адабий чөйрөгө таанылып, атайын орто окуу жайын бүткөнчө эле өзү теңдүү калемдештеринин арасынан алдыга суурулуп чыккан. Ошондон көзү өткөнчө адабияттын ар кайсы жанрларында, айрыкча поэзия менен драматургияда тыным билбей аракеттенип, чыгармачылык тажрыйбасын арттырып, жазуучулук шооратын күчөтүп отурган; китеп чыгарган жагынан бир да кыргыз калемгерин астына өткөргөн эмес. Мындай жаратмандык мөмөчүлдүктүн бир себеби Жомарттын адабият ишине аябай берилгендигинде, жалаң көркөм сөздүн мүдөөсү менен жашагандыгында, кажыбаган мээнеткечтигинде жаткан эле.

Орошон акындык дээр менен туулган Жоомарттын көркөм ойлому көбүнчө фольклордун таасиринде тарбияланып, орус, казак, татар тилдериндеги нускалуу жазма салттардан саал азыраак азыктанган. Демек, анын европалык даражадагы бийик билими, жакшы адабий таалим-тарбиясы, өнүп-өөрчүгөн адабияттар аркылуу калыпка салынган назик көркөм табити жок болгон. Мындай духовный өксүктөр Жоомарттын акындык ойломунун жаңы сапатка көтөрүлүшүнө мүмкүнчүлүк берген эмес. Ошондуктан Жоомарттын поэзиялык өнөрү башка замандаш калемдештериникиндей эле элдик оозеки поэзиянын алкагынан аздыр-көптүр суурулуп чыккан, бирок өркөнү өскөн профессионалдык поэзиянын деңгээлине жетпей, өзүнчө бир өткөөл адабий көрүнүш абалында калган. Өзүнүн да, өз кесиптештеринин да ушундай арабөк ал-жайын жаш акын бир кыйла эрте туюнуп, 1935-жылы ыр тилинде кадыресе чынчылдык менен таамай айткан:

Ырас, курбум, акын болдуң жашыңдан,
Ырас, курбум, акындыгың ашынган.
Бирок, курбум, ал талантың уялчаак
Алатоонун аскасына жашынган.

Көп ырдадык, көк шиберди мактадык,
Чалкыган көл — чар тарабын каптадык.
Мезгил өтүп, өнөр бойго жетсе да
Калың кенчтин капкактарын ачпадык.
Жер дүйнөгө атактары жайылган,
Ай-жылдыздай миң-миллион тайынган
Байрон, Пушкин, Лермонтовдон эмнең кем,
Бирок, курбум, чыга албадың айылдан...

Туңгуч кыргыз калемгерлери үчүн элдик оозеки тилге таянуу менен улуттук жазма поэзиянын маалымдоо, сүрөттөө,

таасирлендирүү каражаттарын иштеп чыгуу, кадыресе профессионалдашкан адабияттын үлгүсүндөгү тексттер жаратканга үйрөнүү, өз алдынча ой сүрүү өнөрүн өздөштүрүү маселелери эле өтө оор жумуштар болучу. Бу качып кутулбас табигый кыйынчылыктардын үстүнө коомдук өнүгүштүн ашкере катаал мүнөз алышы кошумчаланган. Биздин адабияттын телчигиши доору сталинизм зулумчулугунун арааны жүрүп, жалпы коомдук ой-пикирдин (айрыкча көркөмсөздүн) эркин нук менен өсүшүнө катуу кысым жасалып, марксизм-ленинизмге негизделген идеологиялык мифтер жумурай журтка таңууланып турган мезгилге дал келген. Натыйжада биздин алгачкы жазуучулар, асыресе акындар бурмаланган социалисттик идеологиянын барабанчылары, күндөлүк саясий үгүт-насааттын жарчылары болууга мажбурланган. Эчтемеден тайманбай азат ойлоо, көз менен көрүп турганын түз айтуу, билген-түйганын жар салуу, өтүп жаткан жандуу турмушка, саясатка, коомдук өзгөрүштөргө сын көз менен кароо, партиялык-мамлекеттик бийлик органдарынын айткан-дегендери менен кылган-эткендерин күнөм санап териштирүү биздин жазуучулардын үч уктаса түшүнө кирген жок. Атүгүл алар жекече көз караштарын, кайгы-капасын, ич кайрыктарын ырга кошуу зарылчылыгын да капарга анча алган эмес.

Жоомарт Бөкөнбаев бу жагынан өз калемдештеринен айырмаланган жок. Үстөмдүк кылып турган бийлик эмнени талап кылса, ошону ырдады. Өз чыгармаларында, асыресе ырлары менен дастандарында өткөн заманда жалпы кыргыздын караңгыда боздоп жатканын, элдин көбү бечаралык күнүн өткөргөнүн, бай-манаптардан кордук тартканын, кедей-кембагалдардын, жетим-жесирлердин азап ичинде кыйналганын эстеп каңырык түтөткөн; азыр «саясий төңкөрүш» деп мүнөздөлгөн Октябрь революциясы кыргыздын бак-таалайын ачканын, аны болочоктуу социалдык өнүгүш жолуна салганын, алдыңкы калктардын катарына теңелүүгө мүмкүнчүлүк бергенин жетине албай кубанып куттуктаган; кыргыз жергесинде чарбачылыктын жаңы түрлөрү жайылып, жолдор курулуп, завод-фабрикалар салынып, илим-билим өөрчүй баштаганын, айрыкча кыргыз жаштарынын билим алууга, техниканы өздөштүрүүгө, жаңыча жашоого умтулганын маашыркапып ырга кошкон. Жаңы замандын реалдуу жана потенциялуу артыкчылыктарын өткөн замандын жаман көрүнүштөрүнө каршы коюп сөз кылуу Жоомарттын акындык өнөрүнүн бирден бир ыкмасы болгон.

Дагы бир белгилей турган нерсе: Жоомарт Бөкөнбаев башка калемдештери сыяктуу эле ырлары менен поэмаларын көбүнчө көңүлү элеп-желеп өрөпкүп, шыгы ээ-жаа бербей шыкактап туруп алгандыктан эмес, мезгилдүү басма сөздүн

күндөлүк муктаждыктарын алымсындыруу максатында жазган, жазганда ой азабын, сөз азабын анча көп тартпай, төкмөлүк жолу менен апыл-тапыл жазган. Поэзиялык текстти жаратуунун мындай ыгы тууурасында акындын курдашы К. Маликовдун бир маанилүү эскермеси бар:

«1931-жылдан баштап (Жоомарт экөөбүз) бир жагынан азыраак окуп, бир жагынан иштемек болуп «Кызыл Кыргызстан» газетасынын аппаратына алынып, экөөбүз эки бөлүмдү башкарып калдык. Гезит сайын макалаларды шарт-шурт жазып таштайбыз. Бизди «кой-ай» деген киши жок, ырды канча кааласак, ошончо жазып, газетага канча болсо, ошончо басып жатабыз. Аялдардын майрамы 8-март жакындап калды. Кызмат убактысында сүйлөшө калдык. Ал ыр жазмак болду, мен аңгеме жазмак болдум. Качан бүтөрүбүздү айтышканыбыз жок. Эртеси эртең менен кызматка келгенде, акырын портфелин ачып туруп: «Жибек саамай»— деп колдур этип койду. Көрсө, ошо түнү эки саатча отуруп, «Жибек саамай» деген поэма жазып салган экен. Бир жазган бойдон эч түзөтүүсүз бизге окуп берди. Ошо бойдон «Жибек саамай» басмага чыгып кетти».

Албетте, акындык жумушка ушундай жеңил-желпи мамиле жасагандан улам Жоомарттын калеминен чыккандардын бир далайы ырдык калыпка түшүрүлгөн утурумдук саясий ураандарга айланып, информациялык жүгү, эмоциялык таасири боюнча жөнөкөй газеталык кабарлардан айырмаланбай, ой-сезимге анча жукпаган желдирме жамак ырлардан өйдө көтөрүлө албай калган.

Ырас, Ж. Бөкөнбаев календардлык даталарга ыр менен жооп берип жүрсө да, өкмөттүк үгүт-насааттын эл акыл-эсин тумандатууга багытталган мифтерин, жалган түшүнүктөрүн, жасалма элестерин жар салса да, ошолордун баарына чындап ынанып, жан-дили менен эргип ырга кошкон. Ошон үчүн анын толкуган көңүлүнөн кээде саясий даталарга карата деле накта поэзиялык касиеттери бар саптар, атургай бүкүлү ырлар да атылып чыккан.

Чын-чынын айтканда, Ж. Бөкөнбаевдин лирикасы көбүнөсө саясий өгөттөр тариздеги, календардык багыттагы ырлардан куралган. Алар азыр, балким, өз доорунун акыл-эс абалынан, социалдык психологиясынан, идеологиялык агымынан, дагы башка духовный өзгөчөлүктөрүнөн маалыматтар берген тарыхый документтер сыпатында гана мааниге ээдир. Бирок Жоомарттын акындык мурасында анын жекече өмүрлүк тажрыйбасынан, турмуштук таасирлеринен, менчик ой-сезимдеринен өнүп чыккан ырлар да аздыр-көптүр бар. Буга «Туулган жерди көргөндө» деген ырды мисал катары көрсөтө алабыз.

Жоомарт табият көрүнүштөрүн нукура акынчасынан сезимтал кабыл алып, ой-сезиминен өткөрүп, ыр тили менен кадыресе туюмдуу сүрөттөп бергенге жарамдуу болгон. Буга анын «Кышкы тоо», «Жайдын бир күнү», «Жайкы кеч», «Көк менен» деген мыкты туундулары айкын мисал.

Жоомарт Бөконбаев кыска чыгармачылык өмүрүндө бир канча поэмалардын автору болгон. Алардын айрымдары, айталык, «Кызылкыя», «Сүлүктү» кандайдыр бир бүкүлү окуялары жок газеталык репортаждар сыяктуу. Алар өз маалында өнөр жай (индустрия) темасын иштөө зарыл деген «социалдык заказ» боюнча жаралып, поэзиябыздагы жаңылык деп жогору бааланган. Албетте, азыр алардын баары эскирип калды. Акындын кээ бир дастандары («Маяковский Америкада», «Чептен эрдин күчү бек» ж. б.) китептик даяр сюжеттердин негизинде жазылган, көркөмдүк жактан ортосаар. «Жибек саамай», «Алтын кыз» дегендеринде оригиналдуу окуялык өзөктөр, эсте кала турган элестер, таамай тартылган сүрөттөр жок. Алардын азыр тек адабият тарыхы үчүн гана мааниси бар. Жоомарттын дастанчылык өнөрүнүн чокусу деп, жалпы эле кыргыз поэмаларынын мыктыларынан деп «Ажал менен Ар-Намысты» айта алабыз. Ал эң оболу кадыресе кесиптик тажрыйба жыйнаган калемден, анан да чындап күйүп-жанган жан-дилден чыккан. Анда биздин өзгөчө жөндөмдүү акындын сүрөткердик кудурети, чеберчилиги, шык-деми таасын чагылган, ошондой эле анын көркөм ойлонунун өксүк жактары да айкын көрүнгөн.

Жоомарт Бөконбаев драматургияда да күч сынап, «Алтын кыз», «Каргаша», «Токтогул», «Семетей» пьесаларын жазган, ошондой эле «Айчүрөк» операсынын либреттосуна авторлош (кээ бир карыя жазуучулардын айтышынча — негизги автор) болгон. Бул чыгармалар өз убагындагы башка драмалык туундулардан бир кыйла өйдөчүлүк кылып, зор ийгилик менен профессионалдык жана өз демилгелүү сахналарда ойнолгон, айрымдары музыкалуу драмага же операга айланган. Албетте, кадыресе адабий тексттер катары Жоомарттын пьесалары азыр өз маалындагыдай маашыркануу менен кабыл алынбайт. Бир гана «Каргашада» жандуу образдары, нукура драмалык белгилери бар кээ бир сценалар учурайт.

Жоомарт Бөконбаев прозада да анча-мынча иштеп, көп кырдуу таланты бар экенин көрсөткөн. Анын «Токтогулдун өмүрү» деген кара сөз китеби ушу бүгүн деле бир топ кызыгуу менен окулат. Баса, Токтогул ырчынын поэзиялык мурасын ар кимдердин оозунан жаздырып, ар кандай пыр-сырынан ажыратып, учурдун идеологиялык талаптарына ылайык редакциялап жарыялаган да Жоомарт деп айтышчу аксакал

калемгерлер. Бир жолу Темиркул Үмөталиев эл кашына чыгып сүйлөп, мындай деген: «Токтогулду адабиятыбыз үчүн кайра тирилдирген, улуттук сыймык даражасына көкөлөтүп көтөргөн — Жоомарт. Чын-чынына келгенде, Жоомарттын эң мыкты чыгармасы — Токтогул, Токтогулдун мурасы».

Жоомарт Бөкөнбаев өзгөчө бир сүрөткердик жөндөм менен жаралып, бирок улуттук адабияттын жаңыдан түптөлүш доорунда, акыл-ойго кысым жасалган катаал тарыхый тилкеде, провинциалдык (элеттик) чөйрөдө жашап, көбүнчө саясий коньюнктурага (утурумдук талаптарга) ылайык чыгармалар жазып, өзүндө уюп жаткан жаратмандык мүмкүнчүлүктөрдүн жарым-жартылайын да тышка чыгара албай кеткен. Тунук акылы барынан, өзүнө сынчыл көз караш менен кароого даремети жетиштүү болгондон ал өмүрүнүн акыркы жылдарында көркөм адабий чыгармалар деп көп эле жалган дөөлөттөрдү жаратып салганын, нукура көркөм сөз эмне экенин түшүнбөй эле кагаз каралай бергенин өткүр түюнуп, арман кыла баштаган экен.

«Жоомарт дүйнөдөн кайтар жылы, күндөрдүн биринде, мурунку жазылган кол жазмаларын (архивин) аңтарып, тартипке келтирип жатты,— деп эскерген акындын жары Тенти Жунушбаевна. — Бир оокумда ордунан шарт туруп барып, терезеден көчө жакка карап, ойлуу туруп калды. Аздан соң кайра отура кетти да:

— Мен мурун адабиятка көп түшүнбөй эле жазып жүргөн окшойм,— деди. Бу сөзү мага өзү менен сүйлөшүп жаткандай сезилди. Унчукканым жок. Жоомарт дагы сөзүн улантты:

— Бир жагынан жазгандай деле убакыт кеңири болбоптур. Эсептеп көрсөм, үч-төрт жылым техникумда окуу менен өтүптүр. Андан соң төрт жылча Москвада окудум, дагы төрт жыл чамасында Токтогулдун ырларын жыйнап, басмага даярдап чыгартып, анын 75 жашка толушуна байланыштуу юбилейлик тоюна көрүлгөн камылгага жумшадым. Эми болсо каары күчтүү кандуу согуш... Армия катарына алынып, Токмок, Фергана, Ташкенде жүрүп, канча убакыт кетти. Мына ушулардын аралыгында бардыгы болуп төрт-беш жыл чамасы гана такай иштеген экемин. Чынында кандай жазышты эми гана түшүнүп жүрөм».

Өмүрүнүн соңку жылдары Жоомарттын өз адабий иш-аракетине ыраазы болбой, адабияттын ак-карасын жакшы ажырата билбеген түрүндө жаза бергенине арман кылып, чыгармачылыгында кескин бурулуш жасоого ниеттенип, бел байлап жүргөнүн калемдеши Түгөлбай Сыдыкбековдун маркум акындын арбагын эскерүү жыйындарында дайыма айтып жүргөн.

Адабий сындан анча катуу жапа чекпеген, калемдештеринен жакшылап жаза албай жатканы үчүн ачуу сөз эшитпеген, көбүнчө мактоого маарып жүргөн Жоомарт Бөкөнбаевдин өз бетинче эле ойдогудай тыянактарга келиши, өзүн өзү катуу соттой билиши анын аң-сезиминин жетиктигин, өткүрлүгүн, талапчылдыгын айгинелеп турбайбы. Анан ушундай жаратман инсандын отуз беш жашка жетпей жайрап калышы биздин нары жаш, нары таланттуу калемгерлерге кедей адабиятыбыз үчүн өтө оор кырсык болгон.

Кыргыз эли өзүнүн өзгөчө бир бүткөн кулуну Жоомарттын арбагын жакшы эле сыйлады белем. Анын ысмы бир келечектүү кыштакка, бир нече көчө менен мектепке коюлду. Эстелиги баш калаабыздын эл көп каттаган гүлзар жерине тургузулду. Китептери кайра-кайра басылып чыгып турду, башка тилдерге, эң оболу орусчага которулду. Чыгармалары мектептерде жана атайын окуу жайларында окутулуп жатат. Айтор, Жоомарт Бөкөнбаев өзү менен бир катар же удаалаш чыккан бир далай калемдештери сыңары унутулуп калган жок.

Бирок кийинки чейрек кылымда Жоомарттын жеке өмүрү, жаратмандык иш-аракети тууралуу олуттуу бир илимий макалалар, эскермелер, монографиялар жарыяланган жок. Ал эми анын өмүр жолундагы уруттуу фактыларын иликтеп таап, кең-кесири баяндап берүү, адабий мурасын тарыхый (историзм) принцибинин негизинде, өткөндөгү азаптуу коомдук өнүгүшүбүз жөнүндөгү жаңыча билимибиздин жарыгында, илимий акыйкаттын бийик талаптарына ылайык изилдеп чыгуу зарылчылыгы бар.

Жоомарттын чыгармаларынын накта илимий негизде басмага даярдалган толук жыйнактары алигиче жарык көрө элек. Мурда эки сапар басылган томдуктарынын курашрылышы элементтардык илимий эрежелерге жооп бербейт. Себеп дегенде алардын ичине кирген ырларда, поэмаларда, драмаларда, прозалык тексттерде ойгелди кыскартуулар, конъюнктуралык түзөтүүлөр, басмалык каталар, дагы башка чоң-чоң өксүктөр көп. Демек, атактуу акыныбыздын калеминен эмне чыкса, ошонун баарын терип жыйнап, машинага сабаттуу таза бастырып, адеп жазылган же жарыяланган түрүнө келтирип, комментариялап, варианттарын кошо берип, бир жолу мыктап чыгаруу керек. Бул жумушу жасалбаса Жоомарттын чыгармачылыгын да, кыргыз адабиятынын тарыхын да ойдогудай изилдеш мүмкүн эмес.

Жоомарт Бөкөнбаевдин бардык жанрда жараткандарынан, айрыкча поэзиясынан эмдигиче идеялык-көркөмдүк таасирин жоготпогондорун, көп жагынан дурус чыккандарын катуу эстетикалык өлчөмдөргө салып тандап-ылгап, алардан

улам-улам басылып тура турган бир чакан китеп курастыруу өтө кажет. Акындын жазгандарын эч иргебей, буга чейинкидей жакшы менен жармачын ажыратпай, түгөл баарын аралаштырып, чаташтырып, чар учкандай кылып жарыялай берсек, анын жазуучулук кадыр-баркын кетирип алабыз, арбагын сыйлабаган болобуз, «экинчи өмүрүн» эрксизден кыскартып таштайбыз.

Көзү өткөн жазуучуларыбыздын аты-жөнүн өчүрбөө үчүн юбилейлик салтанаттуу жыйындар, желбаш сөздүү макалалар гана кызмат кылбайт. Алардын чыгармаларын эски китептерден айрып чаптап, кызылын саман-топонунан ажыратпай чаңызгытып бастыра бергендин пайдасынан да зыяны көп. Баарынан өйдөсү ушул: калемгер маркумдарыбыздын мурастарынан көркөмдүк күчү барларын, болочок муундарга рухий азык болчуларын, окурмандардын өз алдынча ойлоо жөндөмүн ойготконго жарамдууларын гана сууруп алып, кайра-кайра бастырып туруубуз керек. Аларга мындан артык ызат көрсөтө албайбыз.

Мына, Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармаларынан куралган дагы бир томдук жарыкка чыгып жатат. Бул томдук акындын бүткүл адабий мурастарын камтыган жыйнак эмес. Анын өз убагындагы саясий компанияларга, советтик майрамдарга, арзыбаган коомдук окуяларга карата жазылган, маани-шаанисиз газеталык кабарлардан өйдө көтөрүлбөгөн жеңилбаа ырлары, сын макалалары, котормолору, кол жазма калыбында архивде сакталуу пьесалары, күндөлүктөрү, дагы башка чоң-кичине тексттери китептен тышкары калды. Эмгиче жарыялана элек ушул чыгармалары илимий эрежелердин алкагына салынып, аз тираж да болсо да, чыгарылууга муктаж. Мындай китеп келечекте адабиятыбыздын тарыхын, асыресе Жоомарттын адабий мурастарын изилдөөчүлөр үчүн өтө керек.

Экинчиден, томдукка кирген тексттердин мурдагы басылыштарында кыскартылган, саясий себептерден улам түзөтүлгөн жерлери акындын көзү тирүүсүндө жарык көргөн китептериндеги калыбына кайрадан келтирилди. Мисалы, «Ажал менен Ар-Намыс» поэмасынын баш каарманы биринчи басылышында Күмөн атын алып жүрсө, экинчи басылышында өз учурунун расмий саясатынан жалтактап сактануудан улам ал ат Жапар деп өзгөртүлгөн. Натыйжада «Күмөндү — жиберди» дегендей уйкаштар «Жапарды — жиберди» дегендей теңирден тетири түр алып калган. Бу сапар поэмада Күмөн ысмы кайра өз ордуна кайтарылды. Ошондой эле томдуктагы тексттердин биринчи жана соңку басылыштарында автор, редактор, корректор, терүүчүлөр байкабай кетирген каталар оңдолду, тексттердеги сөздөрдүн жазылы-

шы, тыныш белгилердин коюулушу азыркы улуттук орфография, пунктуация эрежелерине ылайыкташтырылды.

Бул жыйнактын дагы бир өзгөчөлүгү бар. Жоомарт Бөкөнбаевдин адабий мурастарынан, айрыкча поэзиясынан эмдигиче эскирбелектери, таасир-күчүн али жоготпогондору, улуттук көрком сөз казынасында узак замандар кала тургандыгы дурус эле катуу эстетикалык өлчөмдөрдөн өткөрүлүү менен тандалып алынды да, томдуктун баш жагына өзүнчө бөлүнүп берилди. Булар жыйнактын редакциялык тобу (коллегиясы) тарабынан болочок муундарга таберик катары сунулууга жана кайра-кайра басылып турууга арзыган, окурмандардын көрком табитин тарбиялоого үлүш катууга жараган адабий тексттер деп табылды. Дал ушул атайын иргелген чыгармалардан мектептик окуу программаларына жана хрестоматияларына, кыргыз поэзиясынын келечекте курапттырыла турган антологияларына, дагы башка жыйнактарга киргизиш үчүн тексттер терилип алынса деп тилек кылабыз.

*Салижан Жигитов*

## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ ЖАНА КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН «АЛТЫН ДООРУ»

Адабиятка байланыштуу, сыртынан караганда өтө эле жөнөкөй, ал турсун примитивдүү да көрүнгөн бир суроо таштап көрөлү. Ал, мисалы, мындай суроо: жазуучулар эмне үчүн жана ким үчүн жазышат, жазганда кандай максаттарды көздөшөт ж. б.?

Мындай эзелтен кулакка жат болуп бүткөн суроолорго практика жүзүндө да, теория жүзүндө да ар башка деңгээлдеги берилген, берилип келе жаткан жооптор учурдагы, же түбөлүктүү чыгармачылык проблемалардын айрым бир кырларын, жактарын, нюанстарын чечмелөөгө, түшүндүрүүгө, илимий жактан аныктоого, тактоого түрткү болорун, шарт түзөрүн көрком процесс байыртан эле далилдеп келет. Айрыкча адабий теориянын бул иштеги ролу чечүүчү мааниге ээ. Албетте, суроонун да суроосу бар демекчи андай суроолорго ар мезгил, ар заман өзүнүн жообун берип келген, мындан ары да бере бермекчи.

Бирок, жогоруда коюлган суроолорго тиешелүү жоопторду берүү менен, же аталган максаттарды орундоо менен эле

образдуу ойлоонун түпкүлүктүү, көмүскөдө көлбүп жаткан сырлары алаканга салгандай ачылат, жазгы гүлдөй жайнап чыга келет деп айтууга батынбай турабыз. Бул өңдүү коопто-нуу сезимибизди ырастай, бекемдей алган фактылар адам баласынын көркөм тарыхынан миң сандап табылары түшүнүктүү да.

Ал эми мындай учурларда китеп сүйүүчүлөргө, адабий теоретиктерге, сынчыларга жардамга келер дагы бир чыгармачылык күч, кырдаал бар экенин айталы. Ал — көркөм сүрөтчүнүн чыгармачылык лабораториясына кирип-чыгып жүргөн, көркөм иш процессинин жандуу күбөсү болгон, жазуучунун ысык-суугуна чыдаган, аралашкан адамдын болушу. Андай киши белгилүү көркөм ишмердин секретарлык, жардамчылык ж. б. милдетин аткарган. Гетенин — Эккерман, Лев Толстойдун — Кузминская Т. деген катчы, же жардамчынын милдетин аткарган кишилердин ролу чоң болгон эмеспи.

Ж. Бөкөнбаевдин да ошондой сүрөөнчүсү, шыктандыруучусу, чыгармачылык сырдашы болгон. Ал — Кыргызстандын белгилүү акыны, Жоомарттын өмүрлүк жары, турмуштун татаал түйүндөрүн аны менен бирге чечишкен, жашоонун бирде тунук, бирде киргил дайрасын бирге кечишкен Адышева Тенти Жунушбаевна. Бул пикирдин тууралыгын Т. Адышеванын «Кылы үзүлгөн комузум» аттуу документалдык баяны, же болбосо эскермелери кадиксиз ырастай алат.

Ушул жерде кичинекей чегинүү жасоо керектиги пайда болду. 1980-жылы Жоомарт Бөкөнбаевдин «Тандалмалар» деген ат менен ырлар жана поэмалар жыйнагы жарык көргөн. Ошол эмгектин бирин Тенти эже «Акын агаңдын ушул китебин белек этем» деген автограф менен мага берген эле. Ал эми жакында «Кылы үзүлгөн комузум» эскерме баянын (1987-жылы жарыяланган) шашпай, толук окуп чыкканымда Тенти Жунушбаеванын мага берген белеги менин оюмда, жаңы мазмунга, ал турсун жаңы символикалык мааниге ээ болгонсуду. Анткени азыр заман башка, саясий-коомдук абал башка, анан мына ушундай шартта өткөндүн көркөм-руханий мурасына кайрылуу бүгүн тарыхый окуялардын кээ бирлерин кайрадан электен өткөрүп, алардын чыныгы баасын аныктоого түрткү берет, же болбосо ошол башка заман, башка коомдук-саясий атмосферага ылайык мурдагынын таанымал элестерине, картиналарына керектүү түзөтүүлөрдү, коррективдерди киргизүү муктаждыгын жаратат. Жоомарт Бөкөнбаев

жөнүндөгү ушул макаланы даярдоо иши ошол биз эске салып жаткан идеялык-көркөмдүк кырдаал менен аныкталды, шартталды.

Баса, Тенти Адышеванын ошол «агаңдын» деген сөзү Жоомарттын жалпы чыгармачылыгына дагы бир ирет үңүлө карап, анын айрым жактарына кайрадан көз салууга бизди түртмөктөдү. Чынында эле акын Бөкөнбаев агам эмес беле. Эгерде мурда мындай сөздөргө, фактыларга өтө эле этияттык, сактык, кылдаттык менен мамиле жасалып келсе, азыр кудайга шүгүр, толеранттуулук деген түшүнүк бар эмеспи. Бизди бүгүн агасын жазып жатат, агасын мактап атат деп, кылдан кыптык таба койчулар чыга койбос.

Антсе да бирөө болбосо бирөө «акын агасын» Аскаров эми эле тааный койгон, азыр эле көрө койгон экен деген сыяктуу жеңил ойго жеңдирбесе экен деп ойлойм. Биринчиден, Бөкөнбаев агалык-инилик түшүнүктүн гана тар алкагына сыя турган жан эмес эле, сүрөткер эмес эле. Анын аранын баягы «боз атка минген 30 жаш» (Алыкул) курагында эле ачылган болучу, атагы алыска кеткен болучу, кыргыз адабиятынын ошол кездеги чайыттай ачык асманында көктөн түшкөн метеордой жаркылдап, «куйруктуу жылдыздай» зуулдап учкан болчу. Экинчиден, солто-бугу, саяк-сарбагыш деген сыяктуу байыркы инстинкттерди козгой берүүчү түшүнүктөрдү анчалык сиркем суу көтөрбөй кабылдаган адаммын. Турган турушум менен бир элдин ичиндеги, же улуттар арасындагы достукту, интернационалдык сезимдерди, мамилелерди азыр да көчкү тосор, сел токтотор, жер жүзүнө түн түшүрчү алааматты да жер менен жексен кылар улуу күч деп эсептегенден калбайм. Үчүнчүдөн, ойго келбегендей чоң жол кырсыгына кабылып, Жоомарттын жарык дүйнө менен кош айтышы биринчи жолу Тенти Жунушбаеванын дайыма бакты-таалайды көздөп, жалыны күчтүү сүйүүнү эңсеп соккон жүрөгүндө акындык шыктын ойгонушуна жол ачкан экен. Муну билүү биз үчүн жекече да, коомдук да мааниси бар кызык адабий факт болду. Анткени Тенти Адышеванын «Кылы үзүлгөн комузум» мемуарында элибиздин даркан уулу Жоомарт Бөкөнбаевдин миң кубулган кыялы, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, акырында анын көлдөй толкуган талантты алаканга салгандай даана көрсөтүлгөн.

Эң негизгиси — Жоомарт өз доорунун художниги, өз заманынын чарчабас да, чаалыкпас сүрөтчүсү. Муну көңүлүбүздө дайыма кармашыбыз керек. Ал өз заманынын кубаттуу үнүнө

үн кошуп, так ошол доордун күүсүн чертип («Кимдин күүсүн ким чертет?» ырын эске салалы), ошол доордун ыргагы, шаңы менен шайма-шай өмүр сүрдү, ал мезгилдин саясий-социалдык жактан чиеленишкен, таптык-драмалык таймашууларга шыкалган шарты, атмосферасы менен камырдай жууруулушуп, кынтыксыз, ашык-кеми жок гармонияда жашады. Андыктан ал калкынын кадырман атуулу, башына бак буйруган сүрөтчүсү катары эл эсинде жүрөт. Арадан жарым кылым өтсө да эч качан басаңдабай улам күүгө толуп, жаңырып турган добушу, урпактарга үлгү болорлук өмүрү, жамандыкка алдырбас жаркын көңүлү, болмуштун өйдө-төмөнүн майышпай кабыл алып, беттегенин бербеген эрки менен эсте калды.

Жоомарт — романтик акын. Турмуштун жөнөкөй эле кубулуштары жөнүндө жазабы, же илим менен техниканын керемет ачылыштарын даңазалайбы — бардык учурда анын калеми окуялардын адаттан тыш кырдаалдарда өтүшүн, колдонулган образдык каражаттардын, боектордун күнгө чагылышкан учурдагысындай жаркыраган, көздү уялткан абалдарын, түстөрүн кагазга түшүрөт. Кээде андай кырдаал, боёктор турмушта көп кездеше бербесе да, акындын фантазиясы, учкул кыялы бизди, китеп окуучуларын, романтик акын оп-оңой эле ишендирип коёт. Образдуу ой жүгүртүүнүн сыйкырдуу күчү ушунда эмеспи. Бул жагынан айрыкча айырмаланып турган көркөм жаратмасы — «Кыздын канаты» поэмасы. Чыгарманы окуган киши мезгилдин айтып бералгыс, кайталангыс атмосферасына чулганат, алга, эртеңкиге умтулуунун, шашуунун илебине урунат... Алыскы Алатоонун боорундагы жайлоодо абышка-кемпир оокат кылышкан болот. Күндөрдүн биринде абышканын байбичеси катуу ооруга чалдыгып калат. Айылдагы дарыгерлерден эч айла болбогон соң, борборго кабар жөнөтүлөт. Жергиликтүү шартты жакшы билген, учкучтар мектебин бүткөн Сырга деген кыз өтө жооптуу милдетти мойнуна алып, сапарга аттанат. Штурвалда, албетте, кыздын өзү.

Дүйнөнү романтикалык планда кабылдоонун канондоруна ылайык биринчи кыргыз учкуч кызы учуп бара жатканда «көчкөндө жүктөр кулаган кыяны», «көгүчкөн салган уяны», «жашынмак ойноп бекинген таштарды» жазбай таанып жүрүп отурат. Анан ошол эле чындыкты романтикалык түстө сүрөттөө закону менен шайкеш аракеттенген Сырга самолетун эч кандай аэродромсуз эле түптүз келип, тоо арасына

кондурса, ооруп жаткан кемпир өз энеси болуп чыгат. Албетте, ал кездеги «учма пайыз» менен түз эле шаарга жеткирилген аялдын өмүрүн врачтар сактап калат.

Поэмадагы окуя башынан аягына чейин коодон керген көтөрүңкү демде, ой агымын толкуткан «толгоодо» жүрөк туйлаткан образдык «кайрууларда», көңүлдү көккө эргиткен көркөм сыпаттоолордун ыргагында баяндалган.

Жоомарттын самолетко байланышкан «Көк менен» аттуу дагы бир сонун ыры бар. Бул ырда илим менен техниканын жетишкендиги кылымдар бою адамдын кан-жанына сиңген, аксиомалык мааниге ээ болгон түшүнүктөрдү түп-тамырынан бери өзгөрүүлөргө дуушар кылары сүрөттөлгөн. Чыгарманын көркөмдүк структурасы бирибирине анчалык айкалышпагандай куралма бөлүкчөлөрдөн кураштырылгансыйт, тургузулгансыйт. Бирок ыр буга карабастан бир бүтүндүктү, гармониялык айкалышты көрсөтүп турат.

«...Күзгүдөй тегиз талааны
Гүүлдөп добуш каптады.
Жайкалган көп-көк шиберди
Жапырып шамал таштады.
Туруптур бир топ самолет,
Туурда куштай таптагы.

* * *

Ыргыдым, миндим бирине
«Ылайык ушул» дегендей,
Ыраакы жолго жөнөдү,
Ызылдап жайкы көгөндөй.
Асмандап сызып бараттым,
Абалкы чүрөк жеңемдей.

* * *

Көк асман даңгыр жолго окшойт,
Сур булут чыккан чаңга окшойт,
Үңкүргө дайра киргендей,
Уюлгуп шамал, жел боздойт...

* * *

Ийрилип аккан чоң өзөн,
Ийнеде учук жипке окшойт,
Чытырман токой калың бак.
Чырымтал бетте түккө окшойт...

Бул ырдагы парадоксалдуу бир көрүнүштү ортого салалы. Самолет — техникалык доордун туундусу жана бир аймактан экинчи жерге которулуунун, жетүүнүн куралы, каражаты. Муну автор жакшы билет да. Бирок ойду күчөтүш үчүн, кырдаалдын адаттан тыш көрүнүш экендигин белгилеш үчүн акын бири-бирине окшоогон турмуштук, ситуациялык жагдайларды, элементтерди тайманбай өз ара айкаштыра берген. Натыйжада образдык каражаттардын бири-бирине анчалык ыкташпай, ык салбай тургандыктарына карабастан, эски менен жаңынын ортосунда суктанарлык биримдик жаралган. Башкача айтканда, чындыкты салттык көркөм ыңгайында таанып билүү формалары, ыкмалары чыгармачылык аракеттердин инновациялык түрлөрү менен биригип, жаңы көркөмдүк-эстетикалык кошунду жаралган. Карап көрөлү. Акын «чу» деген жерден эле самолетту «туурда» турган «куштай» деп сүрөттөйт, элестетет. Андан ары лирикалык каарман самолетко көпчүлүккө окшоп шатыга, же тепкич менен түшпөйт (ал кезде азыркыдай трап жок да), атка кандай минип жүрсө, так ошондой эле самолетко да «ыргып минет». Ойду билдирүүнүн ушундай чечкиндүү формасы менен Жоомарт самолетту да өтө ишенимдүү «багындырганын», «жеңгенин» билдиргиси келгенсийт. Түштүктө ушу кезге дейре кээде автомобилди шофер айдабай, аны «жеңди» деп коюшат эмеспи. Ушунун өзүнөн эле байыркы кездеги ой жүгүртүүнүн айрым рудименттери трансформацияланган түрдө бүгүн да жолугуп калары байкалып жатпайбы. Илгери машиналар биринчи жолу кыргыздардын айылдарын аралай баштаганда айрым аңкоо адам типтери мен муну үркүтөм деп, чапанын аңтарасынан жамынып алып, машинанын алдынан чыга калгандыгы жөнүндөгү анекдоттор бекеринен айтылбаса керек.

Жоомарт Бөкөнбаев өз мезгилинин, өз доорунун талантту сүрөтчүсү дебедикпи. Ушул фактыны эсибизден чыгарбасак. Кийинки учурларда мындай социалдык, саясий факторлорду эске албай эле, тигил, же бул адабий ишмердин мурасын абстрактуу, реалдык чындыктан ажыратылып караган, анализге салган учурлар өтө эле көп жолугуп жүрөт. Натыйжада жазуучунун көз караштары, чыгармачылык принциптери тарыхый фактылардан оолактатылып, ал эми акындын, же прозаиктин өзү болсо жасалма дүйнөдө өмүр сүргөн, чыгарма жазган сыяктуу түшүндүрүлүп калып жатат. Алардын аңгеме, повесттери, ырлары жана поэмалары да кон-

креттүүлүктөн айрылган, ойдон чыгарылган турмуштук жагдайларга ылайык анализге салынып, талдоого алынып калып жүрөт. Айталы, Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Темиркул Үмөталиев, Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу сөз устаттары бүткүл өмүрлөрүн, чыгармачылык дараметтерин советтик идеалдарга, максаттарга дал келчү турмуш кубулуштарын жактоого, даңазалоого жумшашпады беле? Ал доорду, ал бийликти көкөлөтө мактап, анын «жүзүнө» чаң жугузбай, ал гана эмес аны идеализациялоого чейин барышпады беле! Бул эмне, алардын кемчилигиби, катачылыкка жол беришкендиктериби? Жок, минтип айтсак чоң жаңылыштыкка эшик ачып, историзм принцибин унутта калтырган болор элек. Жогоруда аталып кеткен таланттуу акындарга коюлган эстеликтер ошол өздөрү жашаган замандын, коомдук түзүлүштүн элестерин эстен чыккыс көркөмдүктө, мазмундук жана идеялык бийиктикке кагазга түшүрүшкөндүктөрү үчүн тургузулуп отурбайбы. Бул фактыны, бул чындыкты, биздин оюбузча, башкача интерпретациялоо, башкача баалоо мүмкүн эмес. Жоомарт Бөкөнбаев «өзү жашаган заманга, социализм идеясына жан оту менен берилген, аны даңктап ырдаган»— деп, Өмүрбек Тиллебаев туура айткан (Ө. Тиллебаев. Өрнөктүү өмүр, өчпөс талант // «Эркин Тоо», 23-май, 2003-ж.

Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков,, Алыкул Осмонов ж. б. сыяктуу эле Жоомарт Бөкөнбаев да кыргыз маданиятынын «алтын доорун» жараткандардын бири эмеспи. Мына ушул туура аныктаманы, туура сөздү («Кыргыз маданиятынын алтын доору») Аалы Токомбаевдин опера жана балет театрынын алдына тургузулган эстелигинин ачылыш салтанатына арналган жыйында Кыргызстандын президенти Аскар Акаев айткан эле («Эркин Тоо». 1997. № 14). Бул адилеттүү аныктама, акыйкат сөз. Чыңгыз Айтматов болсо, мисалы, ошол «алтын доордун» алтын боосун өз колуна алып, жарым кылымдан бери эстафетаны улантып келет.

Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгы 20-жылдардын аягында башталып, 30—40-жылдарда жетилүүнүн, дайыма өргө көтөрүлүүнүн жолунда болду. Демек, өзү жашаган мезгил оргуштаган кубаттуу талантынын, художниктик шыгынын булагы, ички кыймылдаткыч күчү болуп кызмат кылган. Муну «Мен жаңынын эркеси», «Улуу курулуш», «Мен өзгөрөм», «Октябрь», Гүл турмуш», «Адамзаттын жылдызы», «Октябрдын түнүндө» аттуу ырлардын, «Кызылкыя»,

«Кыздын канаты», «Ажал менен Ар-Намыс» сыяктуу поэмалардын мисалында далилдеп берсе болот. Өзгөчө «Ажал менен Ар-Намыс» поэмасы бир дем менен жазылган чыгарма. Анда кыргыз жоокерлеринин улуу Ата Мекендик согушта жасаган эрдиктери чоң эпикалык арым, масштабдык жалпылоо менен чагылтылган. Жоомарттын таланты мына ушул көлөмдүү чыгармадан бөтөнчө жаркырап көрүнгөн.

Жалпысынан алганда, Жоомарт Бөкөнбаевдин согуш темасына арналып жазылган ырлары, поэмалары анын чыгармачылык өмүрүндөгү өтө жемиштүү, натыйжалуу этапты түзгөн. Дегеле күндөлүк өтүп жаткан окуяларга, процесстерге чукул кайрылып, аларга ыкчам отклик жасай билүү жөндөмү Жоомарттын чыгармачылыгынын эн тамгасы, тубаса белгиси деп айтар элек.

«Эн тамгасы» демекчи, акындын поэтикалык дүйнөсү жөнүндө сөз кылып жатканда адабий-эстетикалык мааниге ээ болгон бир маанилүү чыгармачылык, ошондой эле этикалык маселени эскере кеткенибиз оң. Ал чыгармачылык маселе Жоомарттын инсандык, художниктик дүйнөсүнүн анын чыгармаларында чагылып көрүнүш өзгөчөлүктөрүнөн баамдалат, өзүнүн жүрүш-турушунан, жашоо образынан байкалат. Ушул жерде Аалы Токомбаевдин «Сыртым кашаң, ичке берип канатты, тагдыр мени так ошондой жаратты» деген эки сап ырына көңүл буралы. Бул эки сапты Аалыкенин автопортретине сүртүлгөн боёк, чийилген штрих деп койсо болот. Чынында эле Аалы Токомбаевичтин жүрүш-турушу, басканы, сүйлөгөнү дайыма жай-баракат, салмактуу, салабаттуу көрүнөр эле, кармалар эле. Ал турсун бирөө менен «кызыл чеке» болуп, айтыша, жаакташа кеткен ситуацияларда да ошол бир калыбынан жазчу эмес. Маалката кеп курганы, эмоцияга алдырбай пикир айтканы, бардык учурларда олимпиалык токтоолук менен кармана билген кыял жоругу ж. б. Аалыкенин «кашаң сыртына» төп келип, жарашып тургансычу...

Бул жерде биз мүнөздөрдүн, кыялдардын мындайы, же тигиндей жакшы деп айтып жаткан жерибиз жок. Мисалы, Жоомарт Бөкөнбаевич ушул типтеги адамдардан алда канчалык айырмаланып турчу экен. Аалыке эскерген «канатты» табият Жокемдин «ичине» да, «сыртына» да бирдей эле берген окшобойбу. Муну Тенти Адышева эң сонун баян кылат. Ошондой эле Жоомарт Бөкөнбаевдин бир кездеги калемдеш жолдошторунун айтып бергендерин көп уктук. Буга далил бир фактыны келтирели.

1939-жылы кыргыз совет адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн декадасында Жоомарттын «Алтын кыз» музыкалык драмасын Сталин баш болгон политбюро мүчөлөрү келип көрүшөт. Өкмөттүк ложанын артында отурган Сталин ордунан туруп, кол чапкан калыбында алдына өтөт. Муну менен ал спектаклдин абдан жагып калганын билдирген экен.

Ж. Бөкөнбаев кубанычы койнуна батпай танапис убагында Кыргыз өкмөтүнүн өкүлүнө жолугуп калат да, адатынча ага тийиштире айтат: «Көрдүңөрбү, менин спектаклимди жолбашчылардын баары келип көрүп жатат. Мага мындан бийик сыйлык жок. Вагов экөөңөр билип койгула». (Вагов — Кыргызстан Компартиясынын БКнин 1-секретары. 1939-жылы декадага даярдануу учурунда Жоомартты чакыртып алып, баланча-түкүнчөлөр менен байланышыңыз жок беле — деп, үч тамганын көзөмөлүндө турган эки-үч белгилүү илимий, маданий ишмердин фамилиясын атайт. Жокемдин берген жообу тигил партиялык ишмерди канааттандырбаса керек). Театрдын фойесинде жолуккан өкмөттүн өкүлү акындын сөзүн толук бойдон Ваговго жеткирет. Натыйжада Жоомарт сыйлыкка илинбей калат. (Адышева Тенти. Чыгармалар жыйнагынын I томдугу. Ф.: 1987. 296-бет). Мунун негизги себеби баягы эле Жоомарттын «ачык оздугу», бетке чапмайлыгы, ала куштун атынан чакырмайлыгы, фактыны көзгө сайып көрсөтмөй адаты болуптур.

Тенти Адышеванын күбөлөгөнүнө караганда Жоомарт Бөкөнбаев мүнөзүнүн курчтугу, өткүрлүгү, чапчаңдыгы менен, бетке айтмай, бетке чапмай кыялы менен кээде ЦКнын секретарлары, өкмөттүн жооптуу кызматкерлери гана эмес, ал турсун калемдеш жолдошторунун айрымдарынын да көңүлүн кирдеткенге чейин барган белем. «Ар адамда бар кыял, ал кыялды ким тыяр» деген макалды эстеп койсок орундуу көрүнөр. Бирок, ал кыял, бир жагынан Жоомарттын өзүнүн адамдык, генетикалык табиятынан келип чыкса жана ошол канынан, «жанынан» ээ-жаа бербей кайнап чыгып жатса, экинчи жагынан, акынды жаңы замандын шаңы, элдин, адамдардын тагдырларын ай чапчыган күч менен калчаган доордун сүрү, көптү үмүттөндүргөн жана ар кандай тоскоолдуктарды селдей каптап, калкка жол ачкан маршы, жүрүшү шык бергендиктен го? Кызык жери — «Мен өзгөрөм» деген ырында акын «кыялды» «өмүр туусу» деп баалайт. Бул ыр Москвага жөнөп жатканда жазылыптыр: өзүнүн «тентек» кыялын «өнөр менен кайра жасап келер-

мин», «Оройлугун» да мойнуна алып, аны да «Эскилик» менен кошо таштаарын убада кылат.

Өз кезегинде жазуучу жолдошторуу да Жоомарттын шоктугуна, чектен аша чапкан тамашакөйлүгүнө кечиримдүү мамиле жасашчу экен. Эмнеликтен? Биздин оюбузча, акындын жаркын талантына, жүрөгүндө карасы жок ак ниеттүүлүгүнө, пейилинин кеңдигине жана тазалыгына, жайдары, куунак мүнөзүнө моюн сунушкан, баш ийишкен го?

Жоомарт Бөкөнбаевдин кээ бир сөздөргө өзгөчө симпатия кылып, көп кайталаганы анын адамдык, акындык турпатына көрк кошуп турчу экен. Мисалы, «жыргап» деген сөз. «Жыргап отуралы», «жыргап эс алалы», «жыргап сүйлөшөлү», «жыргап тамак жейли» ж. б. Бул сөздү жөн гана ооз учунда айтып койбостон, ошого жараша жашоого умтулган, аракеттенген. Бул пейил ырларында да жакшы орун тапкан:

Сайрандап көңүл дууласын,
Толтура куйгун кесени.
Бир тамчысын калтырбай
Бир жуталы дешели.

Биз айтар элек: Жоомарт кыргыз адабиятында болмушту эпикуреизм көз карашында, ыңгайында, эпикурдук маанайда ырга салган, куунак турмушту элине идеал катары каалаган сүрөткер болуптур. Ошол багытка ыктаган, бой таштап ой жүгүрткөн, «жыргал» чыгармачылык пафосун журтчулукка сунуштаган, ага талбай жол ачууга далалаттанган художник экен. Ошол эле 30-чу, анан согуш жылдары элибиздин турмушу жакырлыктын, жокчулуктун кыйноосунда калып, тамак-аштын да, кийим-кечектин да тартыш болгон жылдары эмес беле. Андыктан Жокемдин жыргап ичип-жейли ж. б. деген «чакырыктары», «үндөөлөрү» дегеле ашынган гурмандын дайымкы ой-санаасын, каалоолорун, ички дүйнөсүн туюнтуп аткан жери жок. Бул сөздөрдө бүгүн болбосо эртең элдин жашоосу оңолот, бакубат турмуш башталат деген сыяктуу кыйыр түрдөгү каалоо, билдирүү катылган эле. Ан үчүн жанды үрөп иштөө керектигин тастыктаган жышаан, импульсивдүү умтулуунун белгиси ачык айтылбаса да айкын билинип турган. «Ким иштебесе, ал тиштебейт» деген девиз да ошол жылдары күн тартибине катуу коюлган учур болгон. Турмуштун кыйынчылыктарын жайдары маанай менен жеңе билүү керектиги — бул деле көркөм өнөрчүлөрдүн алдына коюлган социалдык заказдын бир түрү эле да.

Жоомарт көп кырдуу талант. Поэзиядан тышкары ал драма жанрында ийгиликтүү иштеди. Кинофильмдерге сценарий жазды, операнын либреттосун иштеди. Жакшынакай котормолордун автору болду. Бир өкүнүчтүү жери Абайдын ырларынан бир жыйнактык котормосу дайынсыз жоголуп кеткен. Токтогул жөнүндөгү очерки, изилдөөсү улуу акындын мурасын илимий талдоого алууда методологиялык жолдомонун милдетин аткарды десек жаңылышпайбыз. Акындын жасаганынан жасай элеги көп болгон экен. Мисалы, Курманжан датка жөнүндө ыр менен роман жазууну көздөптүр. Чыгарманын жалпы ой түптөмү, схемасы, композициясы ж. б. акындын акыл-эсинде далай ирет «чайкалып», «жумурулапып» кагазга түшүрүү стадиясы гана калган экен.

Мына ушуга окшогон иштердин жөнөкөй эле аталышы, эсепке алынышы акындын чыгармачылык лабораториясы, устаканасы зор шыктануу жана чымыркануу менен иш жүргүзгөндүгүн айгинелейт. Тилекке каршы, Жоомарттын сүрөтчүлүк потенциалы эми гана ар тараптан ачыла баштаганда трагедиялык кырсык анын кырчындай жашын, өмүрүн кыйып кетти. «Алатоонун аскасынан ашалык» деген программалык мааниси бар ырында билдирилген ойду жүзөгө биргелешип ашырсак деген улуу максат аткарылбай калды:

Рас,
Курбум, акын болдуң жашыңдан,
Рас,
Курбум, акындыгың ашынган.
Бирок,
Курбум, ал талантың уялчаак
Алатоонун аскасына жашынган...
Көп ырдадык —
Көп шиберди мактадык
Чалкыган көл,
Чар тарабын каттадык.
Мезгил өтүп,
Өнөр бойго жетсе да,
Калың кенчтин
Капкактарын ачпадык.
Жер дүйнөгө
Атактары жайылган,
Ай, жылдыздай
Байрон, Пушкин, Лермонтовдон

Эмнең кем? —
Бирок,
Курбум, чыгалбадың айылдан.
Кана, курбум,
Калам — тулпар
Биз минип
Жар салалы,
Европага шам кармап!

Бирок да Жоомарт Бөкөнбаевдин «арбагы» ыраазы боло турган кырдаал бар, иштин жайы, жөнү бар. Анткени, акындын жекече тилеги аткарылбаганы менен, анын калемдештери ошол кыялды, ошол максатты жүзөгө ашырыш үчүн, чындыкка айландыруу үчүн иштешти, аракеттеништи.

Жоомарттын ушул ырын шарттуу түрдө ошол кездеги али жаш кыргыз акындарынын поэтикалык манифести деп атап коюунун ыгы, жөнү бардай. Жусуп Турусбеков «Ук, жер жүзү» деген ыры менен, ал эми Мукай Элебаев «Зарыгам» деген бүтүндөй муундун ой-санаасын туюнткан ыры менен ошол манифесттик мазмунга үн кошушкан, аны толуктоочу маани беришкен, анын граждандык пафосун артырышкан, күчөтүшкөн. Натыйжада «уялчаак» жөндөмү, таланты бар кыргыз акындары бат эле көк тиреген Алатоонун «аскаларынан» ашып түшүштү, эчак эле «айылдан» алыстап, Европанын, дүйнөнүн көркөм аренасынан орун табышты жана ал жерден туруп, башкалар менен тең катар эле дүйнө, адам, рух ж. б. жөнүндө үн салышып, ой козгошуп, ой бөлүштү, бөлүшүп келе жатышат. Эгерде Жусуп Турусбеков, Мукай Элебаев, Жоомарт Бөкөнбаев өмүрлөрүнө өмүр кошулуп, жок дегенде 20—30 жыл жашашканда кыргыз адабиятынын 50—60—70—80-жылдарында басып өткөн жолу алда канча байсалдуу болмок, мазмундук жана көркөмдүк жагынан жетишилген ийгиликтери андан бетер салмактуу да, андан бетер таасирдүү да чыкмак; жалпы эле кыргыз сөз чеберлеринин көркөм жаратмаларынан түзүлгөн хордун кубаты, добушу жана обондук гармониясы кулак курчун кандырган бийиктикке, кооздукка жетмек деп ойлойбуз.

Бирок, колдо бар алтындын баркы жок деген макалды эстей бербей, ушуга да ыраазы бололу. Элибиздин жаңы доордогу көптөгөн символдору улуу акыныбыздын аты менен байланышкан. Бекер жерден улуттук поэзиянын мүмкүнчүлүктөрүн, каада-салттарын дүйнөлүк адабияттын чен-

өлчөмү менен баалаган, салмактаган жана карай келгенде алардын ортосунда кандайдыр бир «кытай дубалы» жок экендигин иш жүзүндө далай ирет далилдеген жана далилдеп келе жаткан бүгүнкү күндөгү улуу акыныбыз Сүйүнбай Эралиев Жоомарт жөнүндөгү «Жоомарт» деген ырында:

Жоомарт жүргөн жерде болуп жакында,
Жөнөп жатып, жалт бурулсам, артымда —
Кеч күүгүмдөн тармал кийип алышкан
Тоолор тиктейт кудум окшоп акынга, — деп жазат.

Жоомарт бул жарык дүйнөдө бар болгону 34 жыл гана жашады. Бирок ушул көз ачып, жумгуча өтүп кеткен аз убакыттын ичинде анын жасап кеткендери кыргыз адабиятынын казынасын алда канча байытты, анын горизонторун көздүн курчу жетпеген чектерге дээрлик кеңейтти. Кыргыз сөз өнөрчүлүгүнүн коомдогу кадыр-баркын көтөрдү. Ырды кооз, уккулуктуу, гармониялуу кубулушка айландыра билүү ар бир сөз устатынын башкы максаты экендигин оңүндө да, түшүндө да эсинен чыгарбай айтып келди.

Жоомарт Бөкөнбаевге байланыштуу ушул сыяктуу пикирлерди жазып жатканда, башыбызга мындай бир ой келди: эмне, акындын чыгармаларынын баары эле кем-кетиксиз, телегейи-тегиз, ашык-кеми жок көркөм жаратмаларбы?

Албетте, антип айтканда чындыктан алыстап кетүүгө жол ачылып калар эле. «Как делать стихи» деп, Маяковский айткандай, ырды кантип жазуу эмес, кантип «Жасоо» керек деген сыяктуу нукура «технологиялык» процессти эске салган маселелерди ал кезде али жаш кыргыз акындары анчейин деле кызуу, курч коюша элек болучу. Чеберчиликке байланышкан мындай проблемаларды ар тараптуу жана толук баамдоого, анан ошого жараша чыгарма жаратууну Жоомарт да, калган кыргыз акындары да ал кезде али жеткилең баа берише элек эле. Бөкөнбаевдин чыгармачылыктагы кемчиликтерин, мүчүлүштөрүн жалпы эле ал кездеги кыргыз сөз искусствосунун, ошонун ичинде поэзиясынын фонунда кароо ылайык. Мына ошондо гана акындын айрым чыгармачылык жетишпегендиктерин туура белгилөөгө шарт түзүлмөкчү.

Андыктан, биз бул жерде көбүнчө типтүү көрүнүштөргө көңүл бурдук, өзгөчө бөлүнүп, айырмаланып турган ырларды, поэмаларды бөлүп алдык да, ошолордун негизинде айрым жалпылоочу ой бүтүмдөрүн жасоого аракеттендик. Оңтерс фактыларды майда-чүйдөсүнө чейин чубап, «эзип» отур-

ган жокпуз. Бул макаладагы бир колдонгон методологиянын маңызы ушундай.

Мына ушулардын бардыгын акын элине, жерине мураска калтырды. Ал акындык осуят өчпөйт да, оңбойт да, калкы менен кошо жаңыланып, жаңырып, руханий баалуулуктардын топтоло беришине көмөк көрсөтөт.

Жоомарт Бөкөнбаевич ошондой эле артына Кулубек, Сырга, Зайнидин сыяктуу таланттуу мураскерлерин калтырды. Алар атактуу атасынын тоо булагындай таза, тунук көркөм талантын бүгүн башка формада, башка түрдө жана башка деңгээлде улантып келишет. Алар атанын баласы, атанын кызы деген ыйык сөздү, ыйык наамды туу катары бийик көтөрүп, «ген» деген нерсе физиология-биологиялык жактан да, акыл, интеллект жактан да муундардын бири-бирине өтүшмө, жөндөмдөрдүн бири-бирине жалгашма, биринен бири уланма кубулуш экендигин иш жүзүндө далилдеп келишет.

Акындын улуу баласы Кулубек Жоомартович Бөкөнбаев — геолого-минералогиялык илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти. Кулубектин мүнөзүндө атасынын кээ бир сапаттары бар сыяктуу. Мисалы, чечкиндүүлүгү, өйдө-төмөнгө көп кылчактабай ким болсо да бетине тик айтып, маселе чечүүгө аракеттенүүсү ж. б. Кулубек өкмөттүн составында министрлик кызматты да аткарды. Кайсы жумушта болбосун иштин «тилин» жакшы өздөштүрүп, ишти ошого ылайык алып баруу керектигин эсинен чыгарбаган инсан.

Анан негизги кесиби геолог болгондуктан, ал Кыргызстандын кайсы булуң-бурчу кандай пайдалуу кендерге бай экендигин беш колундай билген адис. Ата менен баланы жакындаткан дагы бир белгини айта кетели. Акын да, геолог да сөздүн жана жер катмарларынын асылдарын, сейрек кездешүүчү заттарын, кендерин издеп табуунун үстүндө алпурушушат. Маяковский айткандай, жалгыз сөздүн ыраати үчүн миңдеген тонна сөз кендерин иштетип чыгыш керек.

Кулубек Бөкөнбаев ошондой эле эл оозунда Кыргызстандын башкы экологу деген сыймыктуу атакка, наамга да ээ болгон. Ошондой эле Барскоон кырсыгынан кийин Ысык-Көлдүн тазалыгы үчүн күрөштү, чыныгы эрдик көрсөттү.

Кулубек журналисттер Союзунун мүчөсү, дайыма турмуштун актуалдуу маселелерин козгогон макалаларды республиканын басма сөз органдарына жарыялап келет. Мисалы, Чынгыз Айтматов жөнүндө 10дон ашык макалаларды жаз-

ды. Алардын жакшы жазылганын Чыңгыз Торокулович өзү айтып, ыраазы болгондугун билдирген.

Өзүнүн көркөм чыгармачылыгына шыктуу экенин далилдеп, аңгемелерди, эссе, киносценарийлерди да жазды.

Жоомарт Бөкөнбаевич да керектүү ойду билдириш үчүн, кулакка жагымдуу уйкашты табуу үчүн түн уйкусун үч бөлүп, жанын үроп иштечү экен. Изилдоочүлөр туура белгилегендей, Жоомартка импровизатордук шык мүнөздүү болуптур. Андыктан, мүмкүн, Маяковский айткандай керектүү рифманы «Венецуэлага» чейин барып, издеп убара болгон эместир? Башкасын айтпай эле коёлу, биздин төкмө акындар уйкаштарды отурган жеринде эле чубуртуп, жиппе тизгендей кылып берип жүрүшпөйбү. Геолог Кулубек деле чыгармачылык процесстин бир түрүн — табияттын сырларын ачуунун «чыгармачылык» табиятын (тавтологиябыз үчүн кечирим сурайбыз) ача, көрсөтө билген илимпоздордун бири. Мына ошондуктан ал атасы Жоомарттын акындык өнөрүн кеп издөөчүлүк кесип менен толуктады. Акыл, шык атадан балага өтөт деген ушу да.

Ал эми Жоомарт Бөкөнбаевичтин кызы Сырга да ошол эле аталык жакшы сапаттарды өз боюна сиңирип алгандай. Жазуучу бейтапты образдуу сөздүн күчү менен дарылайт дешет. Сырга кесиби, билими боюнча врач, педиатр. Илимдин доктору, медицинанын теория менен практикасын айкалыштырып, бир колдо кармап келет. Эгер «жазуучулар адам жанынын инженерлери» болушса, Сырга жаш балдардын ден соолугунун, алардын жанынын «инженери». Жүздөгөн, миңдеген бөбөктөрдүн саламаттыгын сактап, аларды түрдүү оорусыркоолордон айыктырып, келечектеги Жоомарт Бөкөнбаев, Тенти Адышева сыяктуу эл сыймыгы боло турган таланттардын, ошондой эртеңки күнү коомдун материалдык жана руханий «жүгүн» көтөрө турган окумуштуулардын, маданий ишмерлердин, саясатчылардын, ишкерлердин ж. б. өмүрлөрүнө даба таап, ден-соолуктарын бекемдеп келет. Жоомарттын чыгармаларындагы адамдын жаркын оюн ойготкон, сезимдердин булак суусундай тазасын козгогон, массаны эпкин эмгекке үндөгөн жана сүрөгөн сүйүктүү персонаждардын биринин аты Сырга. Ал кезде, албетте, өзүнүн кызы Сырганын али жаш, жеткинчек кези да. Бирок өз кызынын Сырга деген атын алып, аны тракторчу кыз Сыргага ыйгарат да, аны мезгилдин типтүү, жаңы каарманына айландырат, ал аркылуу кайнаган турмуштун, кужурмөн эмгектин маңызын ачып берет, эмгек талаасын поэтизациялайт:

Сүйкүм көзүң бал-бал жанар
Сүйкүм көзүң нурданар.
Таң көркөмү миңге тартар
Таң кырчыны ыргалар.
Акын агаң шондо канар,
Акын агаң күү чалар.
Сырга жандын жыргал таңы,
Жыргал таңы ырдалар.

Ошол адабий каарман Сырга жандын, биздин оюбузча, прототиби болгон Бөкөнбаева Сырга жетилип, өсүп-өнүп, отуруп, бүгүн Умай эненин жолун жолдоочу дарыгер. Көркөм каарман Сырга жандын сын-сыпаттары трансформацияланып отуруп, бүгүнкү Сырга Бөкөнбаеванын адамдык, аялдык сапаттарынан табылып отурса, муну кайсыл адабий түшүнүктөр менен чечмелеп бере алабыз? Адабий каармандын эволюциясы, анын прототиптери деген сыяктуу маселелер Жоомарт үчүн орусча айтканда «пустой звук» болгон эмес. Көркөм образды түзүүчү элементтерди акын реалдуу чөйрөдөн алган да, андан көз менен көрүп, кол менен сезип, туюп турарлыктай адабий кейипкерди «сомдоп», зергерче чегип, анан аны кайрадан руханий дүйнөгө кайтара берген. Көркөм образ менен чындыктын диалектикасы деген түшүнүктүн бир сыры ушунда да. Жоомарт бул процесстин ошол сырын кээ бир жандар биле алышпастай деңгээлде көрсөтө, ача билген, таржымалдаган. Ошондуктан «Сырга жан» сыяктуу ырлары бүгүн да аң-сезимге, жүрөккө жазбай таасир берүүчү күчүн сактап калып олтурат.

Акырында дагы бир маанилүү маселеге көңүл бурсак. Жоомарт Бөкөнбаевдин мурасчылары, бала-бакыра, неберелери, жалпы эле урпактары деген түшүнүктүн тегерегинде сөз жүргүзүп жатпайбызбы. Бул түшүнүк өзүнүн ичине акындын небелерине өмүр берген Ишенгүл Садыковна Болжурова сыяктуу аялзатын да камтыйт деп ойлойбуз. Кийинки кезде басма сөз беттеринде Ишенгүл Болжурованын мектепте, андан соң вузда кантип окугандыгы жөнүндө сүймөнчүлүк менен жазылган кызык материалдар жарыяланды. Ал публикацияларда кичинекей Ишенгүлдүн тырышчаактыгы, зээндүүлүгү, алдына койгон максатка жетмейинче тынч ала албагандыгы ж. б. тууурасында түрдүү маалыматтар берилди. Мектепти алтын медаль, вузду кызыл диплом менен бүткөндүгү табият берген жөндөмдүн натыйжасы катары баалангандыгы закончененемдүү көрүнүш да.

Ишенгүл Болжурованын уюштургуч, маселе чече билген

жакшынакай сапаттары айрыкча Бишкек Гуманитардык университетинин ректору болуп турганда даана байкалды. Бул жылдары университет Кыргызстандын алдыңкы вуздарынын бирине айланбадыбы. Мында ректордун жеке салымы чоң болгондугу түшүнүктүү. Андан соң Ишенгүл Болжурова иши көп, бир далай татаал мекемелердин бири — Билим берүү жана маданият министрлигине жетекчи болуп дайындалды. Азыркы учурда министрлик билим берүүнүн сапатын көтөрүүнү камсыз кылуу боюнча чараларды иштеп чыгуунун үстүндө эмгектенүүдө. Мун үчүн жоопкерчиликти катуу коюу, күчөтүү керектиги дайыма күн тартибинде кала берет. Мектепте, же жогорку окуу жайларында, мисалы, кыргыз тилин жана адабиятын окутуу маселеси актуалдуу маселе. Айталы, кыргыз адабиятынын Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Жоомарт Бөкөнбаев, Мукай Элебаев, Алыкул Осмонов, Кубанычбек Маликов, Темиркул Үметалиев ж. б. сыяктуу классиктеринин чыгармаларын мектеп жана жогорку окуу жайларынын жаштарына, ошондой эле массага кеңири таратуу, пропагандалоо иши министрликтин көңүл борборунда. Министр, профессор Болжурова Ишенгүл Садыковна Жоомарт Бөкөнбаевдин үй-бүлөсү, анын мураскерлери жана урпактары деген маселеге, түшүнүккө өзүнүн түздөн-түз тиешеси бар экендигин дайыма ырастап келет.

Ошентип, улуу акындын кооноорбос, жаркын талантынын жарыгы Ишенгүл Болжурованын да руханий дүйнөсүнө, ишине асылдандыруучу таасирин тийгизбей, нурларын сеппей, чачыратпай койгон жок деп айтсак, аша чапкандыкка жатпас.

...Бир кездеги Дзержинский бульварынын баш жагында Жоомарт Бөкөнбаевичтин бюсту турчу эле. Азыр Жокемдин үй-бүлөсүнүн, өкмөттүн, коомчулуктун камы менен бюсттун ордуна акындын скульптурасын тургузуу маселеси чечилип, бул боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлүп жатат. «Мен өзүмө кол менен жасалбаган эстелик тургуздум, ага элдин чыйыр жолун чөп баспайт» деп, Пушкин айткандай, Жоомарттын монументалдуу эстелигине да калктын жолун чөп баспай, дайыма кенен, даңгыр, тапталган бойдон тура беперинде шек жок.

Мына ушул кыскача мүнөздөмөнү Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Тилектеш Ишемкуловдун «Такшалган ишмер, таланттуу уюштургуч: таанымал илимпоз» деген материалына шилтеме жасоо менен аяктагыбыз келет. Ал макалада мурда белдүү партиялык, совет-

тик кызматкер болгон, тажрыйбалуу, таланттуу журналист Тилектеш Ишемкулович Ишенгүл Садык кызынын жакшынакай жетекчилик жана илимий портретин тартып, ага бардык жагынан азыркы күндүн талабына жооп берерлик деңгээлде жазылган макаласын арнаган[1].

*Теңдик Аскаров*

[1] Т. Ишемкулов. Такшалган ишмер, таланттуу уюштургуч, таанымал илимпоз // Өрнөктүү өмүр, өчпөс талант. Б.: — 2003. — 48-бет.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН ЖЫЙНАКТАРЫ

Бөкөнбаев Ж. Чыгармалар 1–2-т. Ф. – Казан, 1950, 1954.

1-т.–1950.–343 б. портр.

2-т. 1954.–272 б.

Бөкөнбаев Ж. Тандалган чыгармаларынын эки томдугу.– Ф.: Кыргызстан, 1973. –

1-т. ырлар. 1973.–322 б.

2-т. поэмалар, котормолор, сахналык чыгармалар жана прозалар. – 1973. 582 б.

Бөкөнбаев Ж. Тандалмалар: Ырлар жана поэмалар / түз. Т. Адышева.– 6 бас.– Ф.: Кыргызстан, 1980–327 б.

Бөкөнбаев Ж. Бир томдук чыгармалар.– Ф.: Кыргызмамбас, 1960.–319 б.

Бөкөнбаев Ж. Ажал менен Ар-Намыс: поэма. Ф.: Мектеп, 1979.– 40 б. – (Окуучунун китеп текчесинде). Кыргызмамбас, 1958.—76 б.

Бөкөнбаев Ж. Алтын кыз: Драма.– Ф.: Мектеп, 1975.– 46 б. (Окуучунун китеп текчесинде) 1939.– 58 б.

Бөкөнбаев Ж. Алтын кыз.– Ф.,– Казан: Кыргызмамбас, 1938.–79 б. Тексти латынча.

Бөкөнбаев Ж. Ак алтын менен кара алтын: III китеп.– Ф.: Кыргызмамбас, 1934.– 60 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Балдар үчүн ырлар.– Ф. Казан, Кыргызмамбас, 1939.– 24 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Бүркүт шаңшыды.– Ф.– Казан: Кыргызмамбас, 1941.– 65 б.

Бөкөнбаев Ж. Добулбас. Ырлар.– Ф.: Кыргызмамбас, 1935.– 4 китеп.– 80 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Жоомарттын ырлары.– Ф.: Кыргызмамбас, 1936.– 178 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Кагылайын тууган жер. – Ф.: Кыргызмамбас, 1943.–74 б.

Бөкөнбаев Ж. Каргаша: Драма.– Ф.: Казан: Кыргызмамбас, 1939.–31 бет. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Комуз: Ырлар жыйнагы.– Ф.: Казан: Кыргызмамбас, 1938.–142 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Кыргыздын Алатоосу: ырлар жыйнагы түз. А. Иманбаев.– Ф.: Мектеп, 1968.–74 б.

Бөкөнбаев Ж. Өмүр: Ырлар.– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1960.–135 б.

Бөкөнбаев Ж. Токтогул: Драма.– Ф.– Казан: Кыргызмамбас, 1939.–52 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Токтогулдун өмүрү. – Ф.: Кыргызмамбас, 1939.–78 б. Текст латынча.

Бөкөнбаев Ж. Торгой менен жагалмай: Тамсилдер/Сүрөт. А. Турумбеков.– Ф.: Мектеп, 1983.–32 б.

Бөкөнбаев Ж. Чабуул: Ырлар.– Ф.: Кыргызмамбас, 1944.–31 б.

Бөкөнбаев Ж. Чептен эрдин күчү бек: Ырлар. Тамсилдер жана поэмалар / Түз. Т. Жунушбаева.– Ф.: Кыргызокуупедмамбас, 1959.–91 б.

Бөкөнбаев Ж. Шумкар ыры. – Ф.: Кыргызмамбас, 1942.–51 б.

Бөкөнбаев Ж. Ырлар.– Ф.: Кыргызмамбас, 1939.–212 б.

Бөкөнбаев Ж. Ырлар жана поэмалар жыйнагы.– Ф.: Кыргызмамбас, 1946.–354 б.

Бөкөнбаев Ж. Турусбеков Ж. Айчүрөк: Либретто. –Ф., 1939.

## ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР

### 1. Коомдук саясий лирика

*Эмгек* — 1929-жылы 29-сентябрда жазылган. «Эмгек төлү» (Ф., Кырмамбас, 1933) аттуу китептен текшерилди. 33-бет.

*Толкунга минсем* — 1931-жылы 5-апрелде жазылган. Инв. № 1201ª менен текшерилди. 84—85-б.

*Алгыла алтын билимди* — 1931-жылы 15-январда Түптө жазылган. Инв. № 1201ª, 24-б.

*Мингеним учкул буудан ат* — 1931-жылы, 16-январда жазылган. Инв. № 1201ª, 30—31-б.

*Мен өзгөрөм* — 1933-жылы 2-сентябрда жазылган. Инв. № 1474. «Алтын кыз» (Ф., Кырмамбас, 1938), 74—79-б.

*Кыялым бир күн чын болор* — «Ырлар» (Ф., Кырмамбас, 1939) жыйнагынан текшерилди. 16—18-б.

*Эгерде элим толкуса* (Ч.Ч. Кга) — 1941-жылы 10-майда жазылган. «Шумкар ыры» (Ф., Кырмамбас, 1942) деген китептен текшерилди. 3—5-б.

*Саламы ушул Сайраның* — 1941-жылы 28-июлда жазылган. «Шумкар ыры» китебинен текшерилди. 5—6-б.

*Кош Ала-Тоо, уулуң кетти майданга* — 1942-жылы жазылган. «Шумкар ыры» китебинен текшерилди. 42—49-б.

*Тапшырдың калкым туунду* (боецтин айтканы) — 1942-жылы июнь айында жазылган. «Кагылайын тууган жер» (Ф., Кырмамбас, 1943) китебинен текшерилди. 10-бет.

*Кылыгын эстейм жарымдын* — 1943-жылы жазылган. «Чабуул» (Ф., Кырмамбас, 1944) китебинен текшерилди. 10—11-б.

### 2. Жеке өмүр мотивдери

*Өмүр* — 1935-жылы 5-октябрда жазылган. «Өмүр» (Ф.,— Казан, Кырмамбас, 1940) аттуу китептен текшерилди. 42-б.

*Эртең* — 1935-жылы 31-декабрда жазылган. «Өмүр» аттуу китептен текшерилди. 43-б.

*Энемдин мүрзөсү* — 1938-ж. жазылган. «Бүркүт шаң-

шыды» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1941) китебинен текшерилди. 44-б.

*Туулган жерди көргөндө* — 1938-ж. жазылган. «Бүркүт шаңшыды» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1941) китебинен текшерилди.

*Бир кезде* — Чыгармалар. 1960-ж. 1-том, 59-б.

### 3. Ар кыл темадагы ырлар:

*Ак куунун учушу* — 1939-жылы жазылган. «Өмүр» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1940) аттуу китептен текшерилди. 33—35-б.

*Бүркүттүн канаты* — 1939-жылы 2-июлда Тоң жайлоосунда жазылган. «Өмүр» аттуу китептен текшерилди. 32—33-беттерде.

*Өңүмдө көргөн түш* — 1942-жылы 26-июлда жазылган. «Кагылайын тууган жер» (Ф., Кырмамбас, 1943) китебинен текшерилди. 16—18-б.

*Жер кепе* — Чыгармалар (Ф., Кырмамбас, 1973) акыркы бетинен алынды.

### 4. Акындык өнөр жөнүндө

*Уккула ырын каламдын* — 1930-жылы жазылган. «Эмгек төлү» (Ф., Кырмамбас, 1933) китебинен текшерилди. 13—14-б.

*Эмгек төлүнө* — 1931-жылы 23-январда жазылган. «Эмгек төлү» китебинен текшерилди, 5-б.

*Калемге* — 1931-жылы 26-январда жазылган. Инв. № 1201$^{а}$дан текшерилди. 36-б.

*Алатоонун аскасынан ашалы* — 1933-жылы 10-октябрда Маскөөдө жазылган. Инв. № 1201ден текшерилди. 96—97-б.

*Толкундар арасында* — 1935-жылы жазылган. «Ырлар» (Ф., Кырмамбас, 1939) деген китептен текшерилди. 15-бет.

*Жүрөгүм менин добулбас* — 1935-жылы 5-октябрда жазылган. «Комуз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 14-бет.

*Курбум* — 1936-жылы 7-декабрда жазылган. «Комуз» аттуу китептен текшерилди. 19—20-б.

### 5. Ашыглык лирикасы

..... *га* — 1935-жылы 24-декабрда жазылган. «Комуз» китебинен текшерилди. 17-б.

*Коштошордо* — 1935-жылы 7-сентябрда жазылган. «Комуз» жыйнагынан текшерилди. 9-б.

*Айлуу түндө көл бою* — 1935-жылы жазылган. «Комуз» жыйнагынан текшерилди. 16-б.

*Сен узатып чыкканда* — 1935-жылы 9-октябрда жазылган.

«Өмүр» (Ф. — Казан, Кырмамбас, 1940) аттуу жыйнактан текшерилди. 43—45-б.

*Окунбо* — 1936-жылы 23-сентябрда жазылган. «Өмүр» жыйнагынан текшерилди. 13—14-б.

*Өткөндү кайра эскербес* — 1936-жылы 2-июнда жазылган. «Өмүр» жыйнагынан текшерилди. 41—42-б.

*Кезигишүү* — 1938-жылы жазылган. «Өмүр» аттуу китептен текшерилди. 46—48-б.

## 6. Табият сүроттору

*Жазгы суу* — 1929-жылы 13-апрелде жазылган. «Эмгек төлү» (Ф., Кырмамбас, 1933) ырлар жыйнагынан текшерилди. 99-б.

*Жазгы таң* — 1929-жылы 15-апрелде жазылган. «Эмгек төлү» жыйнагынан текшерилди. 95-б.

*Жазгы тоо* — 1929-жылы 12-апрелде жазылган. «Эмгек төлү» китебинен текшерилди. 99-б.

*Кышкы тоо* — 1929-жылы жазылган. «Эмгек төлү» жыйнагынан текшерилди. 21—22-б.

*Алай* — 1930-жылы 15-февралда жазылган. «Эмгек төлү» китебинен алынды. 104—106-б.

*Көңүл толкуп* — 1934—35-жылдары жазылган. «Комуз» (Ф.,—Казан, Кырмамбас, 1938) ырлар жыйнагынан текшерилди. 10—12-б.

*Жайдын бир күнү* — 1939-жылы жазылган. «Өмүр» (Ф.,—Казан, Кырмамбас, 1940) аттуу китептен текшерилди. 35—36-б.

*Жайдын кечи* — 1939-жылы жазылган. «Өмүр» китебинен текшерилди. 36-б.

## 7. Тамсилдер жана балдар үчүн ырлар

*Күзгү көполок* — 1929-жылы 11-октябрда жазылган. «Эмгек төлү» (Ф.,—Казан, Кырмамбас, 1933) китебинен текшерилди. 28—29-б.

*Түлкү менен бодоно* — 1929-жылы жазылган. «Балдар үчүн ырлар» (Ф.,—Казан, Кырмамбас, 1939) жыйнагынан текшерилди. 7—10-б.

*Торгой менен жагалмай* — 1931-жылы жазылган. «Балдар үчүн ырлар» китебинен текшерилди. 3—6-б.

*Арстан менен түлкү* — Качан жазылганы көрсөтүлбөгөн. «Алтын кыз» (Ф.,—Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 43—44-б.

*Жылан менен бака* — 1937-жылы 11-апрелдин түнүндө жазылган. «Балдар үчүн ырлар» китебинен текшерилди. 17—20-б.

*Мышык менен май* — качан жазылганы көрсөтүлбөгөн. «Алтын кыз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 51-б.

*Булбул менен гүл* — 1937-жылы 19-апрелдин түнүндө жазылган. «Балдар үчүн ырлар» китебинен текшерилди. 24-б.

*Кыргыздын Алатоосу* — 1937-жылы 8-мартта жазылган. «Балдар үчүн ырлар» жыйнагынан текшерилди. 11—14-б.

*Майдан ыры* — 1937-жылы 29-апрелде жазылган. «Өмүр» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1940) аттуу китептен текшерилди. 10—11-б.

*Мугалим* — жазылган датасы көрсөтүлбөгөн. «Алтын кыз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 60-б.

*Гүл турмуш* (Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун декадасында ырдалган) — 1939-жылы жазылган. «Өмүр» аттуу жыйнактан текшерилди. 9—10-б.

*Кулалы (тамсил)* — 1941-жылы 3-августта жазылган. «Шумкар ыры» (Ф., Кырмамбас, 1942) китебинен текшерилди. 9—10-б.

*Чептен эрдин күчү бек* — 1943-жылы 31-июнда жазылган. «Кагылайын тууган жер» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1943) китебинен текшерилди. 12—15-б.

*Тилегим (Балдар ыры)* — 1943-жылы жазылган. «Чабуул» (Ф., Кырмамбас, 1944) китебинен текшерилди. 9-б.

*«Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт» (тамсил)* 1943-жылы жазылган. 7—8-б. Инв. № 1474 текшерилди.

### 8. Өз заманынын жаңырыктары

*Жер алган кедейлерге* — 1927-жылы Ошто жазылган. «Эмгек төлү» (Ф., Кырмамбас, 1933) китебинен текшерилди. 6-б.

*Жаз* — 1928-жылы 3-мартта жазылган. «Эмгек төлү» китебинен текшерилди. 11-б.

*Жаз койнунда эмгекчи* — 1929-жылы 14-октябрда жазылган. «Эмгек төлү» китебинен текшерилди. 102-б.

*Күмүш күбөк* (пахта көрүнүшүндө) — 1929-жылы жазылды. «Эмгек төлү» китебинен текшерилди. 10-б. Инв. № 1473.

*Жай* — 1929-жылы жазылган. Чыгармалардын эки томдугунун 1-томунда.

*Жар ташта* — 1929-жылы 12-апрелде жазылган. «Эмгек төлү» жыйнагынан текшерилди. 7—8-б.

*Коончу* — 30-жылы 21-июлда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 42—45-б.

*Арым* — 1930-жылы 27-июнда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 37-б.

*Темир туяк тулпар ат* — 1930-жылы 22-майда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 12—13-б.

*Эмгекке жүрөк толкуду* — 1930-ж. Кыла кыштагында жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди.

*Чүй талаасы* — 1930-жылы Токмокто жазган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 72—75-б.

*Силкинди* — 1930-жылы 28-январда жазылган. 98—99-б. Инв. 1473 — текшерилди.

*Турксиб* — 1930-жылы 14-майда поездде жазган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 149—151-б.

*Эрик кызы* — 1930-жылы 23-декабрда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 27—28-б.

*Менин ырым* — 1930-жылы 24-майда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 45—46-б.

*Курбуларыма* (Темиркул менен Жаныбекке) — 1930-жылы 20-декабрда жазылган. «Эмгек төлүнөн» алынды. 20-б.

*Курбум Кубанычбек* — 1930-жылы жазылган. Чыгармалардын 2 томдугунан алынды.

*Алдымда буудан ат болсо* — 1931-жылы 5-апрелде жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 112—113-б.

*Айылдагы жаңылык* — 1930-жылы май айында Ошто жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 76—77-б.

*Жүрөк* — 1931-жылы 20-январда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 45-б.

*Көргүм келет айылды* — 1931-жылы Ошто жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 76-б.

*Жапан чөл бүгүн жашыл жер* — 1931-жылы майда Ошто жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 151—153-б.

*Кыштагымда* — 1931-жылы 29-мартта жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 111—112-б.

*Фарганамда* (Паровоз маршына) — 1931-жылы 23-декабрда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 147—149-б.

*Фарганамда гиганттар* — 1931-жылы 23-декабрда жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 149-б.

*Тоо башында паровоз* — 1931-жылы жазылган. «Ырлар» (Ф., Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 148-б.

*Асылкан* — 1932-жылы 23-сентябрда жазылган. «Ырлар» китебинен тешерилди. 31—33-б.

*Ырдашалы* (Жусупка) — 1932-жылы 10-декабрдын түнүндө жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 153—154-б.

*Айдоо майданы* — 1932-жылы 2-апрелде жазылган. «Ырлар» китебинен текшерилди. 155—157-б.

*Түштүк* — 1932-жылы 6-апрелде Орозбекаватта жазылган. «Эмгек төлүнөн» текшерилди. 119—122-б.

*Камчы тагы* — 1932-жылы 16-декабрда жазылган. «Ырлар» китебинен текшерилди. 19—20-б.

*Алтын кыз (поэма)* — 1932-жылы 16-декабрда жазылган.

«Алтын кыз» (Ф., Кырмамбас, 1933) китебинен текшерилди. 3—29-б.

*Забойщик* — 1932-жылы 10-апрелде жазылган. Инв. № 1203төн алынды.

*Талаа таңы* — 1933-жылы 6-майда жазылган. «Добулбас» (Ф., Кырмамбас, 1935) китебинен текшерилди. 26—27-б.

*Сыргажан* — 1933-жылы 30-апрелде Карабалтада жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 32—35-б.

*Кимдин күүсүн чертет?* — 1933-жылы 24-майда жазылган. «Добулбас» китебинен алынды, 16—24-б.

*Ак келин* (турмуш поэмасы) — 1933-жылы жазылган. «Комуз» китебинен текшерилди. 89—94-б.

*Эми чыкты мүчөлүм* — 1933-жылы 3-майда жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 36—38-б.

*Көккө көтөр туунду* — 1934-жылы 28-августта жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 72—77-б.

*Акын менен келинчек* — 1934-жылы Москвада жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 62—66-б.

*Шаң-күлкү майрамда* — 1934-жылы 29-августта жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 78—80-б.

*Жаңы селки* — 1934-жылы Москвада жазылган. «Добулбастан» текшерилди. 67—71-б.

*Адамзаттын жылдызы* — 1936-жылы июнь айында жазылган. «Комуз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 21—22-б.

*Кыйал* — 1937-жылы 31-майда жазылган. «Алтын кыз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) китебинен текшерилди. 53—56-б.

*Өлбөс булбул* (Шота Руставелиге) — жазылган датасы көрсөтүлбөгөн. «Ырлар» (Ф., Кырмамбас, 1939) жыйнагынан текшерилди. 21-б.

*Жаштык кез* — 1937-жылы жазылган. «Өмүр» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1940) жыйнагынан текшерилди. 15—16-б.

*Абайга* — 1937-жылы 1-апрелде жазылган. «Комуздан» текшерилди. 138-б.

*Узун болсун өмүрүң* (Москвада өткөн Кыргыз искусствосунун декадасында ырдалган) — 1939-жылы жазылган. «Өмүр» жыйнагынан алынды. 5-бет.

*Булбулга* (Токтогулдун эстелигине) — 1938-жылы Арым жайлоосунда жазылган. «Өмүр» жыйнагынан текшерилди. 16—19-б.

*Жеткен тилек* (Т...) — жазылган датасы көрсөтүлбөгөн. «Өмүр» китебинен текшерилди. 49-б.

*Бир кайың* — 1938-жылы 29-майда жазылган. «Өмүр» жыйнагынан текшерилди. 37-б.

*Аккан суу* (Эл ырчысы Жеңижокту туурап) — 1938-жылы

16-июлда Арым жайлоосунда жазылган. «Өмүр» жыйнагынан текшерилди. 29—30-б.

*Туптунук аккан дайрадай* (жаңы жылда) — 1939-жылы 30-декабрда жазылган жогорку китебинен текшерилди. 39—40-б.

*Булбул* — 1940-жылы май айында жазылган. «Бүркүт шаңшыды» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1941) жыйнагынан текшерилди. 3—4-б.

*Карыянын сөзү* — 1940-жылы 19-январда Түптө жазылган. «Өмүр» китебинен текшерилди. 39—40-б.

*Кыздын канаты (поэмадан үзүндү)* — 1940-жылы жазылган. «Кагылайын туулган жер» (Ф., Кырмамбас, 1943) жыйнагынан текшерилди. 36—43-б.

*Желпинет туу, желпинет* — 1940-жылы ноябрда жазылган. «Бүркүт шаңшыды» жыйнагынан текшерилди. 31—34-б.

*Эркелетип энеси* (Жаңы жылдын ыры) — 1940-жылы 31-декабрда жазылган. «Бүркүт шаңшыды» жыйнагынан текшерилди. 35—36-б.

*Шаңшыгын бүркүт, шаңшыгын* — 1941-жылы жазылган. «Бүркүт шаңшыды» китебинен текшерилди. 44-б.

*Атаңдан* — 1941-жылы 29-июлда жазылган. «Шумкар ыры» (Ф., Кырмамбас, 1942) жыйнагынан алынды. 7—8-б.

*Балаңар жазат алыстан* — 1941-жылы 13-сентябрда жазылган. «Шумкар ырынан» текшерилди. 16—20-б.

*Шумкар ыры* — 1941-жылы 8-августта жазылган. «Шумкар ыры» жыйнагынан текшерилди. 11—12-б.

*Биздин дос* — 1941-жылы 25-сентябрда жазылган. «Шумкар ырынан» текшерилди. 29—32-б.

*Айтамын алкыш кыргызга* — 1941-жылы январда жазылган. «Бүркүт шаңшыды» китебинен текшерилди. 41—42-б.

*Салтанат, сайран өлкөсү* (Кыргызстандын 15 жылдыгына арналган) — 1941-жылы жазылган. «Бүркүт шаңшыды» китебинен текшерилди. 46—59-б.

*Антым* (боецтин ыры) — 1942-жылы 29-апрелде жазылган. «Шумкар ыры» китебинен текшерилди. 38—41-б.

*Ата журт үчүн майданга* — 1942-жылы 22-апрелде «Н-ская дивизияда» жазылган. «Шумкар ыры» жыйнагынан текшерилди. 36—37-б.

*Белоруссия багында* — 1942-жылы июнда жазылган. «Кагылайын туулган жер» (Ф., Кырмамбас, 1943) жыйнагынан текшерилди. 9-б.

*Жүрөгүм менин — Кызыл туу* — 1942-жылы октябрда жазылган. «Кагылайын туулган жер» китебинен текшерилди. 44—47-б.

*Акыркы саатта* — 1942-жылы жазылган. «Чабуул» (Ф., Кырмамбас, 1944) жыйнагынан текшерилди. 3—6-б.

*Көл үстүндө* — 1942-жылы 22-августта жазылган. «Кагылайын тууган жер» китебинен текшерилди. 28—33-б.

*Шумкарга айткан саламым* (Фронттогу кыргыз балдары менен учурашканда ырдалган ыр) — 1943-жылы жазылган. «Чабуул» жыйнагынан текшерилди. 23—25-б.

*Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асанов менен Ташмамат Жумабаевге* — 1943-жылы жазылган. «Чабуул» жыйнагынан текшерилди. 30—31-б.

*Айрөк-айрөк* — 1943-жылы жазылган. «Чабуул» жыйнагынан текшерилди. 12—13-б.

*Сайран күү* — 1944-жылы жазылган. Инв. № 1206дан текшерилди. 141—142-б.

**9. Ажал менен Ар-Намыс (поэма)** — Кол жазмалар фондусундагы материалдар машинкага басылган түрүндө, кол тамгада жазылганы жок. 1218 деген папканын 19—43-беттеринде үзүндүсү бар. 1208- папкадагы текст толук боюнча «Ажал менен Ар-Намыс», машинкага басылган түрүндө 60 бет. Ж. Бөкөнбаевдин чыгармаларынын эки томдугунан машинкаланган текст жогоруда белгиленген № 1208, № 1218-инвентарларда сакталган тексттерге салыштырылып такталды. Мында «1943-жылы жазылган» деп турган менен фондудагы машинкаланган тексттерде жазылган датасы көрсөтүлгөн эмес. Кол тамгадагы текстти кайда экени белгисиз.

## 10. Котормолор

*Жел кайык* (Лермонтовдон) — которулган чыгармалардын жазылган жылы көрсөтүлбөгөн, качан которулганы да белгисиз. Ошондуктан жазылган даталары көрсөтүлгөн жок. Инв. № 1215. Машинкага басылган барактардын 1-бетинде.

*Эмнеликтен* (М. Ю. Лермонтовдон) — «Комуз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) Ырлар жыйнагынан алынды. 18-бетте.

*Караңгы түндө тоо калкып* (Л. В. Гетеден) — Чыгармалардын эки томдугунун 1-томунан алынды.

*Карга* (И. А. Крыловдон) — 1937-жылы 11-апрелде которулган. «Алтын кыз» (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1938) жыйнагынан алынды. 50-б.

*Эшек менен булбул* (И. А. Крылов менен Абайдан) — «Алтын кыз» жыйнагынан алынды. 45—46-б.

*Жаш туугандар* (үзүндү А. Бартодон. Авторлошуп которгон) — А. Барто, Б. Жоомарт. Жаш туугандар. (Ф., — Казан, Кырмамбас, 1937) деген китептен алынды. 4, 5, 6-б.

*Жамгыр алдында* (Некрасовдон) — «Өмүр» (Ф., Кырмамбас, 1940) ырлар жыйнагынан алынды. 31-б.

*Нестан Даражандын сүйгөнүнө жазган биринчи каты.* (Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынан) — «Ырлар» (Ф., Кырмамбас, 1939) китебинен алынды. 9—10-б.

*Тариэлдин сүйгөнүнө жазган биринчи каты.* Жогоруда аталган китептин («Ырлар») 11—12-беттеринде.

## 11. Жоомарт «Жолборс терисин жамынган баатыр» жөнүндө

*Руставелинин дастаны өз боордошунукундай кыргыз поэзиясына кирет.* — «Советская Киргизия», № 297, 26-декабрь, 1937-жыл. Ушул эле макаланын мектеп окуучуларына ылайыкталган түрү. «Кыргызстан пионери» (№ 101, 26-декабрь, 1937-ж.) газетасына «Дүйнөгө атагы чыккан акын деген аталыш менен басылган.

## 12. Драмалык тексттер

*Каргаша* (колхоз курулушу жаңы башталгандагы окуядан алынып жазылган, 2 көшөгөлүү, 4 сүрөттүү драма). 1939-жылы өзүнчө китеп болуп басылып чыккан. Жоомарт Бөкөнбаев «Тандалган чыгармаларынын эки томдугу» деген китептин 2-томунун 202—220-беттеринен алынды. (Фрунзе, 1973).

*Семетей* (Кыргыз эпосу «Семетейдин» негизинде) — 1940-жылы «Өмүр» жыйнагында басылып чыккан. Жоомарт Бөкөнбаев «Тандалган чыгармаларынын эки томдугу» деген китептин 2-томунун 221—245-б. алынды. (Фрунзе, 1973).

*Алтын кыз* — 1936-жылы жазылган. 27/IV-1937-ж. баштап сахнада жүрө баштаган. 1939-ж. өзүнчө китеп болуп чыккан. Жоомарт Бөкөнбаев «Тандалган чыгармаларынын эки томдугу» деген китептин 2-томунун 246—283-б. алынды (Фрунзе, 1973).

*Токтогул* (үч актылуу музыкалуу драма) — 1937—1938-ж. жазылган. 1939-жылдан баштап Каракол театрынын сахнасында коюлуп жүргөн. Ошол эле жылы китеп болуп чыккан. Жогорку китептин 286—309-б. алынды.

*Айчүрөк* (либретто) — Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков, К. Маликов биргелешип «Семетей» эпосунун мотивинен алып жазышкан. 1939-жылдан баштап сахнада коюлуп келе жатат. Жогорку китептин 310—332-беттеринен алынды.

## 13. Прозалык тексттер

*Токтогулдун өмүрү* — 1939-жылы жазылган. Жогоруда аталган китептин 2-томунун 421—497-беттеринен алынды.

### 14. Күндөлүктөр

*1924—1930-жылдарда.* Бул колжазмалар фондусундагы 1472-номурлуу инвентардан алынды. Ал «Капчыгай каракчылары» деп да аталат. Мында Жоомарттын Кетментөбөдөн Жалалабадга баргандагы жол окуялары жана комсомолдордун эрдиги туурасында сөз болот.

*Согуш жылдарында* — Жоомарттын 1942-жылы 31-июлда баштаган бул күндөлүгү 1471-номурлуу инвентардан алынды.

### 15. Каттар

Академиянын Кол жазмалар фондусундагы № 1220-папкадан алынды.

### 16. Жоомарт Бөкөнбаевди эскерүүлөр

Ж. Бөкөнбаевдин туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата Тенти Адышева түзгөн «Гүлдесте» жыйнагынан алынды. Фрунзе, 1960.

## МАЗМУНУ

*Эралиев С.* Жалын жүрөк акын . . . 5

КООМДУК–САЯСИЙ ЛИРИКА

Эмгек . . . 9
Толкунга минсем . . . 9
Алгыла алтын билимди . . . 10
Мингеним учкул буудан ат . . . 10
Мен өзгөрөм . . . 11
Кыялым бир күн чын болор . . . 15
Эгерде элим толкуса . . . 17
Саламы ушул Сайранын . . . 18
Кош, Алатоо уулуң кетти майданга! . . . 18
Тапшырды калкым, туунду . . . 21
Кылыгын эстейм жарымдын . . . 22

ЖЕКЕ ӨМҮР МОТИВДЕРИ

Өмүр . . . 24
Эртең . . . 24
Энемдин мүрзөсү . . . 24
Туулган жерди көргөндө . . . 25
Бир кезде . . . 25

АР КЫЛ ТЕМАЛАРДАГЫ ЫРЛАР

Аккуунун учушу . . . 27

Бүркүттүн канаты . . . 28
Өңүмдө көргөн түш . . . 30
Жер кепе . . . 39

АКЫНДЫК ӨНӨР ЖӨНҮНДӨ

Уккула ырын каламдын . . . 40
«Эмгек төлүнө» . . . 40
Калемге . . . 41
Алатоонун аскасынан ашалы . . . 41
Толкундар арасында . . . 42
Жүрөгүм менин добулбас . . . 42
Курбум . . . 43

АШЫГЛЫК ЛИРИКАСЫ

...га . . . 44
Коштошордо . . . 44
Айлуу түндө көл бою . . . 44
Сен узатып чыкканда . . . 45
Өкүнбө . . . 46
Өткөндү кайра эскербес . . . 47
Кезигишүү . . . 48

ТАБИЯТ СҮРӨТТӨРҮ

Жазгы суу . . . 50
Жазгы таң . . . 50
Жазгы тоо . . . 50
Кышкы тоо . . . 51
Күз жетти . . . 52
Алай . . . 52
Тоолору . . . 53
Аскалары . . . 54
Көңүл толкуп . . . 54
Жайдын бир күнү . . . 55

Жайдын кечи . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 56
Көк менен . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 56

ТАМСИЛДЕР ЖАНА БАЛДАР ҮЧҮН ЫРЛАР

Күзгү көпөлөк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Түлкү менен бөдөнө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 59
Торгой менен жагалмай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 61
Арстан менен түлкү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 63
Жылан менен бака . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 64
Мышык менен май . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 66
Булбул менен гүл . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 66
Кыргыздын Алатоосу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67
Майдан ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 69
Мугалим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 70
Гүл турмуш . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 71
Кулаалы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 71
Чептен эрдин күчү бек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 72
Тилегим . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 75
«Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлот» . . . . . . . . 75

ӨЗ ЗАМАНЫНЫН ЖАҢЫРЫКТАРЫ

Жер алган кедейлерге . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 77
Жаз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 78
Жаз койнунда эмгекчи . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 79
Күмүш күбөк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80
Кырманда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 80
Жай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81
Жар ташта . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81
Коончу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 82
Арым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 83
Темир туяк тулпар ат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 85
Эмгекке жүрөк толкуду . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 86
Чүй талаасы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 87

Силкинди . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91
Турксиб . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 92
Эрик кызы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 94
Менин ырым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95
Курбуларыма . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95
Курбум Кубанычбек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95
Алдымда буудан ат болсо . . . . . . . . . . . . . . . . . . 95
Айылдагы жаңылык . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 96
Жүрөк. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Көргүм келет айылды . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 97
Жапан чөл бүгүн жашыл жер . . . . . . . . . . . . . . . 98
Кыштагымда. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 99
Фарганамда. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 99
Фарганада гиганттар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 101
Тоо башында паровоз. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 101
Асылкан. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 102
Ырдашалы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Айдоо майданы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 105
Түштүк. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 107
Камчы тагы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 109
Алтын кыз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 110
Забойщиктер . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 127
Талаа таңы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 127
Сыргажан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 129
Кимдин күүсүн ким чертет . . . . . . . . . . . . . . . . 132
Ак келин . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 138
Сүлүктү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 142
Эми чыкты мүчөлүм . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 147
Көккө көтөр туунду . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 149
Акын менен келинчек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 153
Шаң күлкүнү майрамда . . . . . . . . . . . . . . . . . . 156
Жаңы селки . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 157
Адамзаттын жылдызы . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 160

Кыял . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 161
Баатырлар . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 162
Өлбөс булбул . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 163
Узун болсун өмүрүң . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 163
Жаштык кез . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 164
Абайга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 164
Булбулга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 165
Жаш бурак . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 166
Жеткен тилек . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 167
Бир кайың . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 167
Аккан суу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 168
Туптунук аккан дайрадай . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 169
Булбул . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 171
Карыянын сөзү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Кыздын канаты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 172
Желпинет туу, желпинет . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 178
Эркелетип энеси . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 180
Шаңшыгын бүркүт, шаңшыгын . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 181
Атаңдан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Балаңар жазат алыстан . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 182
Шумкар ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 184
Эки кат . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 185
Биздин дос . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 186
Айтамын алкыш кыргызга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 187
Салтанат сайран өлкөсү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 188
«Ыракмат» деген кур сөз го . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 197
Антым . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 198
Атажурт үчүн майданга . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 199
Белоруссия багында . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 200
Жүрөгүм менин — кызыл туу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 200
Акыркы саатта . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 203
Көл үстүндө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 205
Кыздын ыры . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 206

Жигит ыры . . . . . 208
Шумкарларга айткан саламым . . . . . 209
Советтер Союзунун Баатырлары Дайыр Асанов,
Ташмамат Жумабаевге . . . . . 211
Айрөк, айрөк . . . . . 212
Сайран күү . . . . . 213
Ажал менен Ар-Намыс (*поэма*) . . . . . 215

КОТОРМОЛОР

Жел кайык . . . . . 270
Эмнеликтен . . . . . 270
Караңгы түндө тоо калкып . . . . . 270
Карга . . . . . 271
Эшек менен булбул . . . . . 271
Жаш туугандар . . . . . 272
Жамгыр алдында . . . . . 273
Нестан-Даражандын сүйгөнүнө жазган биринчи каты . . . . . 273
Тариэлдин сүйгөнүнө жазган биринчи каты . . . . . 274
Жоомарт «Жолборс терисин жамынган баатыр» жөнүндө . . . . . 275

ДРАМАЛЫК ТЕКСТТЕР

Каргаша . . . . . 278
Семетей . . . . . 294
Алтын кыз . . . . . 315
Токтогул . . . . . 350
Айчүрөк . . . . . 372

ПРОЗАЛЫК ТЕКСТТЕР

Токтогулдун өмүрү . . . . . 392
Комуз күүсү . . . . . 453

КҮНДӨЛҮКТӨР

1924—1930-жылдарда . . . . . 462

СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА . . . . . 471

КАТТАР . . . . . 483

ЭСКЕРҮҮЛӨР . . . . . 490

*Жигитов С.* Жоомарт Бөкөнбаев — тол башылардын чыгааны . . . . . 499

*Аскаров Т.* Жоомарт Бөкөнбаев жана Кыргыз маданиятынын «алтын доору» . . . . . 507

Пайдаланылган жыйнактары . . . . . 525

ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР . . . . . 527

**БӨКӨНБАЕВ Ж.**

ТАНДАЛГАН ЧЫГАРМАЛАР

Редакторлору: *С. Ишенов, О. Сооронов.*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *Р. Сакелова*

Терүүгө 20.05.2003-ж. берилди. Басууга 15.09.2003-ж. кол коюлду.
Форматы 84x108$^{1}/_{32}$. Көлөмү 34,0 басма табак. Нускасы 1700.
Заказ № 52.

«Сүрөт-Басма-Салону» ЖЧК. Бишкек ш., тел. 66-67-81